www.bizdin.kg

ДЖЕК ЛОНДОН

МАРТИН ИДЕН

РОМАН
Которгон: Жоробек Султаналиев

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ — 1977

И (Амер)
Л 76

Лондон Джек
Л 76 Мартин Иден. Роман. Которгон Ж. Султаналиев. Ф., «Кыргызстан» 1977 ©
468. бет.

Америкалык белгилүү жазуучу Джек Лондондун бул чыгармасы социалдык-психологиялык мүнөздөгү роман. Жазуучу мында капиталисттик коомдогу карама-каршылыктарды жана адамдын кайгы-муңун чагылдырат.

И (Амер)

Л $\frac{734—169}{М\ 451\ (17)\text{-}77}$ 230—76

©Издательство «Кыргызстан», 1977 г.

www.bizdin.kg

I ГЛАВА

Заңгыраган чоң имаратка келишкен эки жигиттин астыңкысы француз ачкычы менен эшикти ачып, босогодон үйгө аттай бергенде, артындагы жигит коомайлана түшүп, шапкесин колуна олдоксон ала койду. Ал деңиз жыттанган жупуну, одуракай кийимчен эле. Жасалгалуу кең бөлмөнүн ичинде ал бир аз сүрдөй түштү. Кала берсе колундагы шапкесин да кайда коёрун билбей кайсактап, акырында аны чөнтөгүнө тыкшыра салайып дегенче болбой, тиги жолдош аны сезе коюп, ал таңыркай түшкөндөй ыкчамдык менен анын колунан алып, босогодогу илгичке кыстара салды. Анын мындай таң каларлык кичи пейил, элпек мамилесине кологой жигит өтө ыраазы боло түшүп: «И, түшүнүктүү жигит көрүнөт. Сыягы, абийиримди төкпөйт окшойт», — деп ойлонду ичинен.

Ал кадамдарын кере таштап, жолдошунун артынан удаа баратты. Ага үйдүн тактайлары кадимки эле деңиз толкунундагыдай болуп көрүнүп, бирде төмөн чайпа- лып, бирде жогору көтөрүлгөнсүп кетти жана бул кенен бөлмө анын теңселип басышына эмнегедир ыксыз тар сезилип, ошон үчүнбү, айтор ал-ийиндерим менен кокустан каалгага урунуп, болбосо жеңдерим менен мештин үстүндө жайнап турган бирдемелерди серпип кетпегей элем дегендей бушаймандуу апкаарык ойдо баратты. Ал, бул түрдүү түркүн буюмдардын араларынан өтө сактанып, аябай этияттык менен кылдат өтүүгө аракеттенип баратты. Роял менен үстүндө китептер үңүлүп турган столдун ортосунан катары менен алты киши кең-кесири өтүп кетиши мүмкүн эле, бирок ал, бул жер- ден да өзүнүн тартынчактыгын билгизип, шыдыр өтүүдөн тартынып, демин ичине алып акырын эптеп-септеп, кысталып жатып аранда зорго дегенде өттү. Сөөктүү колдорунун эпсиз бултакташынан анын өзү дагы уялып кетип, эмне кыларын билбей башы маң боло түштү. Аңгыча тигил столдун үстүндөгү жаткан китептерге колу тийип кетип, аларды жерге түшүрүп жиберерине көзү ачык жеткен кезде, ал үрккөн аттай четке жалт бурула берди эле, аз жерден роялдын жанында турган тапиреткени кулатып ала жаздады. Ал астындагы тыкан жана ишенимдүү кадам шилтеп бараткан жолдошунун кыймылдарына көз кырын чаптырып көрдү, ошол замат ал өмүрүндө алгачкы ирет өз басыгынын абдан эле олдоксон экендигин жана башка адамдардын басыгына салыштырып көргөндө аныкы таптакыр алардыкына окшошууга чендебей тургандыгы жөнүндө өкүнүчтүү кусалык менен ой жүгүрттү. Ушул ойдон анын аябай ичи күйүп, намысы катуу тутанып барып токтоду.

Чекесинен уяттын муздак тери чыпылдап чыга түшкөндүктөн, ал токтоло калып, бет аарчысы менен кара сур тарткан жүздөрүн аарчыды.

— Артур дос, бир аз сабыр эте туруңузчу, — деди ал тамашага чаптырып, өз үйүн кысылып тургандыгын шектентпеске тырышып, — адегендеги элеки сиздин бул өтө жылуу мамилеңиз мага саал ыңгайсызыраак сезилип турат. Эсимди жыйып алууга азыраак мүмкүнчүлүк берсеңиз дейм. Келбей эле коёюн десем өзүңүз болбодуңуз, экинчиден сиздин үйдөгүлөрүңүз мени көрүүгө анчалык деле куштар эмес чыгар.

— Болбогон кеп! — деди көңүл жубатып, — биздин үйдөгүлөрдөн сиз чочуркабай эле коюңуз. Биз деле жөнөкөй эле адамдардан болобуз... Эх-ээ! Тетигил эмне- ой? Мага кат келип калса керек!

Артур конокту оюн жыйып алууга эркин коюп, өзү столдун жанына келип катты ачып окуй баштады. Конок да буга түшүнүп, ичинен ыраазы болуп жымыңдай түштү. Ал табыйгатынан эле өтө сергек жана сезгич жигит боло

турган, ошондуктан. өзүнүн жанакы сырткы апкаарыгандыгына карабастан ал өзүн тыкан кармап, жаңы шартка улам барган сайын тезирээк көнүгүп баратты. Ал тер чыга түшкөн маңдайын бет аарчысы менен сүртүп алды да, көздөрүндө капканга түшүп калуудан катуу чочулап турган жырткыч айбандын көздөрүндөгүдөй коркунучтар али да болсо жанып турганы менен, үйдүн ичине эми мурдагыга караганда кадимкидей токтоо да, сабырдуу да көз жүгүртүп чыкты. Ал чоочун үйгө келип калгандыгына өзгөчө бушайманданып, кандайдыр бир кокустук болуп кете тургансып шектүү опкоолжуп, эмне кылар айласын таппай кетти. Анын минтип сүрдөп, апкаарып турушу анын кадам шилтешинен жана ыксыз жандоолорунан гана эмес, бардык башка кылык жоруктарынан дагы айкын- ачык, дапдаана байкалып турду. Ал жогоруда айтылгандай адамдан бөтөнчө сезгич жана жеткен намыскөй жигит боло турган. Ошондуктан окуп жаткан катынын үстүнөн ашыра караган Артурдун арамза көз карашы ага кадимки канжар менен ургандай тийди. Ал көптү көрүп, көптү сезип жана баарыдан да тартипке үйрөнүп калгандыктан Артурдун бул көз карашын байкамаксан болуп тим болду. Ошондой болсо да канжардын бул соккусу анын жигиттик абийирин жаралады. Өзүнүн бул жерге эмнеге гана келип калганын түшүнө албай ирээнжип, ошондуктан эриндерин кесе тиштенип, ичинен өзүнө өзү аябай нааразы болуп олтурду. Бирок ал кайра ойлоно түшүп, эми мынча келгенден кийин эмнеси болсо да акырына чейин чыдап көрөйүн деп чечти. Заматтын ортосунда кайрадан анын өңү-түсү бузула түшүп, эки көзүнөн от чагылгансып кетти. Ал өзүн курчап турган бул көрүнүштөргө мурдагыдан ишеничтүүлүк, ынтызарын койгондук менен карап чыгып, көргөндөрүнүн бардыгын эсине бекем тутуп калууга аракеттенди. Ал үйдүн ичине тигиле көз чаптырып, ийне жибине чейин эч нерсесин калтырбай карап чыкты. Кооз, көркөмдүү жана сонун бул буюмдарга өтө кызыгып, берилип кеткендиктен, анын көздөрүндөгү жанагы жек көрүүнүн оту эми акырындык менен барып жагымдуу нурданууга айланды. Кооздукка ал кумардануу менен бериле турган, бул жерде болсо, андай кооздуктар жетишерлик эле.

Анын көзү дубалдын боорунда илинип турган майлуу боёктор менен тартылган кооз сүрөткө чалдыга түштү. Суудан көтөрүлүп турган борчук таштарга күчтүү толкун келип урунуп, чагылгандуу булуттар асманды бүтүн , каптап алган, батып бара жаткан күндүн кызгылт нурларына алтындай болуп жаркырап, күчтүү толкундардын үстүндө оодарылып кете тургансып кыйшая түшкөн кичинекей кайыкчанын палубасынын бардык жери көрүнүп турат. Бул аябагандай сулуу көрүнүш эле, ал эми сулуулук болсо аны чексиз өзүнө тартып, азгырып кетүүчү. Ал өзүнүн жанагы теңселген басышын унутуп коюп, илинип турган ошол сүрөткө такай жакындап келди. Эми ага бул сүрөт эч кандай деле кооздугу жок, одуракай сүртүлгөн бир боёк болуп көрүндү. Андан кийин ал саал артын көздөй кетенчиктеди. Ошол замат сүрөт кайра мурдагысынан беш бетер бөтөнчө сулуу жана көркөмдүү болуп чыга келди. «Сыйкырдуу сүрөт», — деди ал артын көздөй бурула берип, жакшынакай таасир калтырып жаткан жаңы көрүнүштөрдүн ичинен ушунчалык сулуулуктун бүткүл касиетинин болбогон бир сыйкырдуулук үчүн жоготулушуна кыжыры да келип кетти. Анын живопись жөнүндө эч бир түшүнүгү болгон эмес. Буга чейин ал жакын менен алыстан бип-бирдей, теп-тегиз болуп даана көрүнүүчү жалаң гана хромолитографияларды көрүп жүргөн. Чындыгында ал магазиндердин текчелеринен боёк менен тартылган кооз сүрөттөрдү да көргөн эле, бирок аларды жакшылап байкап кароого сыртындагы айнектери дайыма тоскоолдук жасоочу.

www.bizdin.kg

Ал катты окуп жаткан досун көздөй көз чаптыра бергенде, столдун үстүндө жаткан китептерди байкап калды. Анын көздөрү куду эле ачка киши тамакты көргөндөгүдөй болуп жандана түштү. Анан мурдагысындай эле теңселе басып, столго жакын келди да, толкунануу менен анын үстүндөгү жаткан китептерди ирети менен карай баштады. Ал китептердин авторлоруна жана аттарына көз жиберип, тексттен алардын кээ бир сөздөрүн окуп жана бул китептерди көздөрү менен да, колдору менен да эркелетип чыккандай болду. Аңгыча болбой, бул китептердин арасынан ал өзү жакында эле окуган бир китебин жолуктурду. Бирок, ушул жалгыз китептен бөлөгүнүн бардыгы ага алардын авторлору сыяктуу эле, чоочун китептер болучу. Ал колуна тийген Суинберндин томун жүздөрү нурдана түшүп, өзүнүн кайда тургандыгын унутуп окуй баштады. Китептин окуп жаткан бетине сөөмөйүн коюп, эки жолу жаап, анын авторуна көз чуркатып чыкты. Суинберн! Ал бул атты эч качан унутпайт... Бул Суинберндин калыбы, кооздук менен сулуулукту даана көрө билген көздөрү курч киши көрүнөт. Бирок ал ким болду экен? Же ал көп акындар сыяктуу эле мындан жүз жыл мурда көз жумду бекен? Же болбосо дагы эле тирүү болуп, жазып жатат болду бекен? Ал китептин биринчи, башкы барагын ачты. Ооба, ал бир гана бул эмес, дагы бир топ китептерди жазган экен. Макул эмесе, ал эртең эртең менен эле калк китепкана- сына барат да, андан Суинберндин чыгармаларынын кайсынысын гана болбосун, бирин таап алып окуйт.

Ал китепке берилип кетип, бөлмөгө бир жаш селкинин кирип келгендигин байкабай да калды. Анын оюн Артурдун добушу бөлүп жиберди:

— Руфь! Бул мистер Иден!

Мартиндин колундагы китеби эрксизден жабыла түшүп, мурда угуп көрбөгөн бул сөздөн бүткөн бою дүркүрөп, артына бурулуп карай албай калды. Бул өзгөрүлүү бөлмөгө кирип келген жаш селкинин таасиринен болбостон, анын бир тууганынын азыркы айткан сөзүнөн эле. Ушундан улам анын булчуңдуу чың денесин дүүлүккөн сезим бийлеп алды. Сырткы жагымсыз нерселердин кичинекей эле таасири анын ойлорун жана сезимдерин кадимки чагылган тийгендей алоолонтуп жиберүүчү. Ал өтө сезгич жана боорукер жигит болгондуктан, анын кызуу кыялданып кетүүчү адаты жакшы менен жаманды даана ажырата билүүчү. Ошондуктан «Мистер Иден» деген сөз анын бүткөн боюн дүркүрөтүп жиберди. Себеп дегенде, өмүрүндө аны эч ким «мистер Иден» деп атаган эмес эле, атаса дагы «Иден» же «Мартин Иден» деп гана, же болбосо жөн эле — «Мартин» деп коюшчу. Демек, бул бир нерсени түшүндүрүү керек» деп — ойлоду ал. Анын ойлору баш аламан болуп чаташа сокту. Көз алдынан кадимки жипке тизилгендей өмүрүнүн ар түрдүү картиналары чексиз чубап өтүп жатты; кочегаркалар, трюмдар, доктор, пристандар, түрмөлөр жана аракканадагыдан, ооруканалар жана ыплас үйлөр — мына ушулардын бардыгы анын бирөөлөр менен мамиле кылуудагы көнүп калган көнүмүштөрүнүн тизмектеринин катарына тизилди.

Ал артына кайрылып кызды көрдү. Ушул замат, ал көз алдынан жанагы көп элестердин кайда кеткендигин билбей калды. Бул кыз кол тийгизбестей назик, ак жуумал, ойноктогон көгүлтүр бакыраң көз, коюу алтын чачтуу, көргөн адамдын көңүлү суктангандай эң эле татынакай кыз эле. Мартин анын кийген кийимдерин жакшылап да байкаган жок, бирок анын өзү кандай сонун болсо, ага анын кийиминин жарашыгы дагы дал ошондой сонун болуп көрүнгөнсүдү. Ал кыялында бул кызды ичке сабактагы алтын түстүү сары гүлгө салыштырып көрдү. Жок, бул салыштыруу да туура эмес эле. Ал адамдын кызы эмес эле бир

www.bizdin.kg

перизаттын кызы. Анын сулуулугундай сулуулук... Чындыгында жер жүзүндө болууга мүмкүн эмес. Же чындыгында эле коомдун башка, жогорку катмарында бул сыяктуу кыздар көп деп китептерде баяндалгандар туурабы? О, эгерде ушул кызды Суинберн ырга кошуп жазса кандай сонун болор эле? А, мүмкүн тиги столдо жаткан китептеги Изольданы сүрөттөп жазган учурда дал ушул кызга окшогон башка бир кызды көз алдына элестеткен чыгар? Мына ушул сезимдердин, ойлордун жана көрүнүштөрдүн бардыгы көз ирмемдей гана кыска убакытка созулду... Сырткы окуялар өзүнүн ирети менен токтолбостон өтүп жатты. Руфь ага колун сунуп, экөө кадимки эркектерче бекем кол алышкан учурда анын жылдыздай жанган көздөрү көзүнө кадалып турганын байкады. Башка аялдар Мартиндин колун минтип бекем кысып учурашчу эмес эле. Алар кээде гана салкын кол алышып учурашуучу. Ушул учурда ага ар түрдүү аялдар менен өзүнүн кантип таанышкандыгы жөнүндөгү элестери кадимки күңүрт картина сыяктуу болуп көрүнүп, аны өз кучагына эрксизден тартып кетти. Бирок, ал мунун бардыгын тез эле четке кагып, маңдайындагы Руфту суктануу менен карап турду. Ал мындай сулуу кызды өмүрүндө эч качан көргөн эмес. Ал мурда билген аялдары менен бир заматтын ичинде Руфту салыштырып көрдү. Айрыма — асман менен жердей болуп чыкты. Ал ушул кыяматтай болуп сезилген бир секунданын ичинде Руфь ортосунда турган сүрөттүк галереянын борборуна өзүн коюп алып, тегерегиндеги бардык аялдарга сын көз караштарын жиберип, ар бирине баа берип жана аларды Руфка дагы бир жолу салыштырып чыккандай болду. Ал фабрикаларда иштөөчү аялдардын чийдей арык колдорун, ооруган кишиникиндей куп-куу жүздөрүн жана шаардын четиндеги шайыр кыздарды көрдү; жана ал чоң бастырмалардан -саанчы, мал кайтаруучу аялдарды; Эски Мексиканы мекен кылган кара тору келген, өнөкөттө сигара тартышчу аялдарды көз алдына алып келди. Андан кийин жыгач тамандуу кепичтерин кийинишип тыпылдай басышкан, куурчакка окшогон япондук аялдар; жүздөрүнө бузулуунун белгилери кире баштаган чап жаактуу Евразиянын аялдары; анын артынан бүткөн бойлорун гүлдөр менен кооздоп алышкан Улуу океандын аралдарынын кара түстүү семиз аялдары чыга келди, жана эң акырында мунун бардыгын сүрүп чыгарып, анын көз алдына качкан-бозгон, долу, — Уайтчэпелдин тротуарларында көрүнгөн эркектер менен жүрүшүп аялдарга араң эле окшоп калышкан бокочодой кир, мээлери ууланган, этегинен бузулган, кеме токтоочу жерлерде күн сайын суучулдардын жолун тосуп, аларды бакмалап кайтарып турушкан — бул порттордун таштандысы, адамзат казанынын чий көбүгү болгон аялдардын топурандылары жанагындай жипке тизилгендей болуп, биринин артынан бири чубап өттү.

— Отуруңуз, Мистер Иден, — деди кыз. — Бизге Ар- тур айткан нерселерден кийин менин сиз менен өтө таанышкым келди. Сиздин аныңыз чоң эрдик болгон экен.

Ал жок дегендей башын тескери чайкады да, мунун бардыгы болбогон нерсе, эгерде өзүнүн ордунда башка бирөө болгон болсо, ал деле дал ошентмек, — деп колдурады. Руфь анын сунган колунан жаңы эле айыгып келе жаткан бир жаратты байкап калды, экинчи колуна көз жиберди эле андан дагы ошондой эле жаратты учуратты. Андан кийин Руфь өзүнүн сын көз караштарын анын башын көздөй жиберип, анын жаагындагы жана маңдай чачынын түбүндөгү тырыгын жана крахмалдаткан жакасынын далдасынан бирде көрүнө калып, бирде жок болуп кетип турган дагы бир тырыкты байкады. Руфь анын жакасы өйкөй койгон тотуккан мойнунан кичинекей бир кызыл тилкени көрө коюп күлүп жибере

www.bizdin.kg

жаздап барып арап токтоду. Ал жака тагынып жүрүүгө көнгөн эмес окшойт. Руфтун көздөрү анын кемсел-шымынын эң эле одоно, каптай көлпөктөтүлүп бычылышын жана ийининдеги бүгүштү, ичинен зор булчуңдары байкалып турган жеңдериндеги бүктөлмөлөрдү белгилен өттү.

Мартин өзүнүн жасаган аракетинде эч кандай бөтөнчөлүктүн, кыйын-кыйынчылыктын жок экендигин кайталады да, Руфтан кечирим сурап креслону көздөй басты. Ушул учурда ал, Руфтун денесин эркин кармап сымбат-туу келип диванга олтурушун көрүп, эрксизден суктана түшүп, бирок өзүнүн мүчөсүнүн көрүкүп турган одонолугун көзүнө элестетип кайра ого бетер катуу уялып кетти. Мунун бардыгы ал үчүн чоң жаңылык болду. Ал кологой жигитпи же болбосо, шамдагайбы, мындай суроону өзүнө эч качан мурун берген эмес. Дал ушинтип, ал эч качан өзүнө-өзү сын берген эмес. Ал дагы эле колдорун кайда катарын билбей, этияттык менен келип креслонун четине олтурду. Канчалык чеберденсе дагы, колдору ага тоскоолдук кылып туруп алды, анан калса, Артурдун дагы сыртка чыгып кеткенин карачы. Мартин Иден өтө капа боло түштү. Эми Мартин бөлмөнүн ичин- де аппак болгон аял кейпин кийген пери менен жалгыз өзү калып, сүрдөгөндүгүнөн өзүн-өзү таптакыр жоготуп жибере жаздады. Тегеректе вино сатуучу дүкөнчө да, же болбосо пивого чуркатып жибере турган балдар-салдар да жок эле. Себеби — бул шараптардын жардамы менен аңгемелешүүгө өтүүгө кандайдыр бир ыңгайлуу болучу.

— Сиздин мойнуңуздун тырыгы бар экен да мистер Иден, бул эмнеден болду эле? — деди кыз, — мүмкүн бул кандайдыр бир зор окуядан келип чыккандыр?!

— Мексикалык бир жигит мени бычак менен уруп калды, мисс, — деди жооп берип, тили менен эрдин жалап, тамагын жасап, — ал экөөбүз катуу мушташып калдык. Мен анын колунан бычагын жулуп алганымда, ал менин мурдумду тиштеп ала жаздады.

Ал, бул сөздөрдү жөн гана, толкунданбастан туруп түшүндүрүп чыкты, ушул замат анын көз алдына Салина-Круңтагы караңгы, жылдыздуу үп түндүн жагымсыз сүрөттөрү; жээктин ак тилкелери, кант жүктөлгөн кемелердин оттору; мас болгон суучулдардын бакылдаган үндөрү, топураган жүк ташуучулар, өң-түстөн кетип, туталанган мексикалык жигиттин жылдыздын жарыгында, кадимки жырткыч айбандыкындай жанган кара көздөрү, мойнуна кадала түшкөн бычактын муздактыгы; түтөктөгөн кан, дүрбөлөңдөгөн адамдардын чуру-чуу, гү-рү-гүү дабыштары, өзүнүн мексикалык жигит менен кумда кармашып, тоголонуп бара жатканы жана кандайдыр бир алыстан угулган гитардын мукамдуу үндөрү да тартыла түштү. Мына ушундай элестөөлөрдөн кийин, ал күтүлбөгөн жерден ушулардын бардыгын комнатадагы илинип турган сүрөттү тарткан адам келиштирип тарта алар беле же жок беле? — деген ойго кетти. Аппак жээк, жылдыздар, жүк ташуучу кемелердин оттору — сүрөттө
жакшы чыкмак; ал эми булардын ортосуна кумдун үстүндө күрөшүп жаткандарды тегеректеп турушкан адамдарды, жылдыздын нурунда жаркыратып болот бычак- ты да кошо тартын койсо, эн сонун болмок!

Бирок ал өз аңгемесинде бул жөнүндө ооз ачкан да жок.

— Ооба, ал менин мурдумду тиштеп алгысы келди, — деди ал.

— О! — деп кыз таң кала түштү, анын үнүнөн, жүздөрүнөн катуу уялгандыктын белгисин байкоого мүмкүн эле. Мартин эмнегедир өзү дагы уялып кетти, ошондуктан анын күнгө күйгөн жаактары кадимки кызыл боёк сүйкөлгөндөй боло түштү. Бул уялуунун боёгу түбүнө от жагылган казандын жанында бир сааттан ашык олтурган адамдын бетиндей болуп кызара түшкөн

www.bizdin.kg

эле. Бычак салышуу жөнүндөгү жагымсыз окуяны бир дагы ак сөөк аял уккусу келбес. Китептерде анын чөйрөсүнө кошулуучу адамдар бул сыяктуу окуялар жөнүндө эч качан сүйлөшчү эмес, мүмкүн алар ал жөнүндө калыбы билишпесе да керек.

Мартин Руфка карата жаңы эле ооз ачканда мукактана түшсө, Руфь анын жаагындагы тырыгы жөнүндө дагы сурап калса болобу. Мартин Руфтун мынчалык өтө эле кызыгып сурап калгандыгынан анын өзү жөнүндөгү окуяларга көңүл койгондугун байкады, ага толук жооп берип, андан кийин аңгеменин темасын эптеп Руфтун өзүнө жакыныраак маселелерге көчүрүүгө аракеттенди.

— Мунун себеби, — деп баштады ал, жаагын сыйпалап, — бир күнү түн Ичинде аябаган чоң толкун келип мачтанын төмөнкү парусун бардык шаймандары менен жулуп кетти. Зым аркан кадимки жылаандай ийрилип мачтаны айланып жатты. Вахтадагылардын бардыгы аны кармоого умтулушту. Мен болсом токтолуп турбастан секирип кармадым да, арканды тез эле өз казыгына байлап бекиттим, ушул учурда жаагыма тыз дей түштү эле.

— О! — деп, Руфь боору ачыгандай таң кала түштү жана ал үчүн «гроттор», «тросттор» деген сөздөр тим эле, аны менен бирөө грек тилинде сүйлөшүп жаткандай түшүнүксүз болучу.

— Бул... Свайнберн, — деди ал жанагы планын орундатууга аракеттенип, жана бул сөздүн айтылышынан одоно ката кетирип.

— Ким?

— Свайнберн, — деди Мартин кайталап, — акын.

— Суинберн, — деди Руфь аны түзөтүп.

— Ооба, дал өзү, — деди ал, кайра дагы кызара түшүп, — эчак өлгөн бекен?

— Өлгөн деп укканым жок, — Руфь ага таң кала тик- теп, — ал киши менен каерден тааныштыңыз эле?

— Жо-ок, мен ал кишинин караанын да көргөн эмес- мин. Сиздин келериңиздин астында тетиги столдун үстүндөгү жаткан китептерден мен анын кээ бир ырларын гана окудум. Анын ырлары сизге жагабы?

Мартиндин кызыккан ар бир суроолору жөнүндө ал жеңил жана эркин сүйлөп жатты. Мартин болсо өзүн эркин сезип, креслого дагы тереңирээк ныгырылып олтурду жана кресло анын алдынан жылып кетип, жерге шалак дей түшө тургандай сезип, анын туткасынан бекем кармап олтурду. Ал Руфтун жүрөгүнө жакын теманы тапканына өтө кубанып жана анын татынакай башына ушунчалык көп билимдин батканына таңыркоо менен көңүлүн коюп жүрөктү элжиреткен назик денесине кыялдануу менен тиктеп, кумарланып олтурду. Ал уккан сөздөрүн жакшылап түшүнүүгө аракеттенип жатты. Бирок Руфтун оозунан чыккан түшүнүксүз сөздөр аны айран-таң калтырып жиберди, себеби Руфтун ой жүгүртүүлөрү ал үчүн чындыгында таптакыр түшүнүксүз жана жат болуп сезилди. Ошенткени менен бул окуя анын оюн ыкчам иштетүүгө түрткү болду. Мына акылдын кени, — деп ойлоду ал, — мына жаркыраган жана укмуштуу сулуулук! Ал ушундай сулуулуктун бул дүйнөдө бар экендигине эч качан шек санаган эмес эле. Ал айланасындагынын бардыгын унутуп, жалындаган көз караштарын Руфтан көпкө чейин албай турду. Ушул минутада ал, бул турмушта эмне учун жашап. эмне-үчүн умтулуп, эмне учун күрөшүп жана эмне үчүн өлүү керек экендигин түшүндү. Эми китептердеги айтылгандар туура болуп чыкты. Турмушта бул сыяктуу аялдар бар экен. Мынакей анын бири. Руфь анын кыялына канат бергендей сезилип, анын көз алдына жаркыраган зор картиналар пайда боло түштү. Бул картиналардын ичинде, романтикалык сырдуу образдар, ак куба

www.bizdin.kg

келген ушул алтын түстүү аял үчүн көрсөтүлө турган сүйүүнүн жана баатырдыктын эрдиктеринин элестери катылып жаткан эле. Сыйкырдуу закым аркылуу карагандай, мына ушул делебени козгогон, бирок көпкө созулбаган көрүнүш аркылуу ал өзүнө искусство жана адабият жөнүндө билгичтик менен баяндап берип жаткан ушул жалындуу аялды карап турду. Ал өзүнүн бардык ички кубаттуу дүйнөсүнүн мазмуну өткүр көз караштарынан чачырап, жайнап тургандыгын жана Руфка телмире тиктегенин сезбестен, аны бериле тыңшап жана карап олтура берди. Эркектер жана турмуш жөнүндө көп билбеген Руфь Мартиндин бул жалындуу көз карашын аялдык сезим менен байкай коюп, күтүлбөгөн жерден сактана түштү. Ушул убакка чейин бир дагы эркек аны ушунчалык берилген көз караш менен тиктеген эмес эле жана бул көз караш аны өтө апкаарытып жибергендей сезилди.» Ал мукактанып барып кайра унчукпай калды. Ал оюнан адаша түшкөндөй болду. Мартинден ал чочуп да жана ошол учурда анын минтип тиктеп турушу эмнегедир жагымдуу сезилип да турду. Руфтун алган тарбиясы бул сыяктуу коркунучтукка жана сырдуу, алдамчы жагымдуулуктун күчүнө каршы сактанууга үйрөткөн; бирок табигый сезим аны эмнегедир толкутуп, өзүнүн чыккан тегин, коомдогу ордун унуткарып жана бул башка дүйнөнүн коногуна карай катуу умтулууну, жарадар колдуу, мойну кызарган кологой жигитке — өзүн курчап турган орой турмушту беш колундай билген жигитке чексиз берилүүнү талап кылып туруп алды. Ал өзүнүн назиктигинен өзү да уялып кеткенсиди: буга анын биринчиден ургаачылык касиети, экинчиден аялдын укмуштуудай таң каларлык табийгаты жөнүндө жаңыдан гана ой жүргүзө баштагандыгы себепкер болду.

— Мен эмне деп айттым эле... Мен эмне дедим эле? — деди Руфь сөзүн бөлө, таң кала түшүп, кайра көңүлдүү жарк этип.

— Сиз айтпадыңызбы, ошол Суинберн деген улуу акын болбой калгандыгынын себеби... Ооба... Сиз дал ушул сөзгө келип токтогонсуз, мисс...

Мартин бул сөздү айтып, кадимки ачкалыктан башы айланган киши сыяктуу эмне экенин билбей, башы эңгир-деңгир боло түштү. Руфтун күлкүсүнөн анын бүткөн бою чымырап кетти. Чиркин, үнүнүн тазалыгын карачы, кадимки күмүштүн дабышындай, — деп ойлоду ал, — кадимки күмүш коңгуроо тим эле... Жана ал кыялында көз ачып жумгандын ичинде өзүн кандайдыр бир алыскы өлкөгө алып баргансып, гүлдөп турган алчанын
түбүндө олтуруп алып, чылымдан соруп коюп, буттарына камыш сандал кийишкен кудайга сыйынуучуларды чокунууга чакырып, жер-сууну жаңыртып жаткан бут- кананын коңгуроолорунун үндөрүн угуп жаткан сыяктуу сезди.

— Ооба, ооба... Сизге рахмат. — Суинберндин улуу акын болбой калышынын себеби — анын кээ бирде одонолук жагы бар. Анын кээ бир ырларын кишинин окугусу да келбейт. Чыныгы акындын ырларынын ар бир сабы терең ойго бай келип, адамды өзүнө өтө тартып, аны эң сонун, эң жогорку нерселерге чакырып турат эмеспи. Улуу акындын бир сабын дагы жараксыз деп ыргытып жиберүүгө мүмкүн эмес. Бул болсо дүйнө үчүн зор жо- готууга барабар болор эле.

— Мага болсо эмнегедир мына бул окуган жерим жаккансыды, — деди ал чечкинсиз. Бирок анын сөз айткандай ушунчалык келжирек, кур кыйкырык акын экендиги менин башыма келген да эмес эле. Мүмкүн анын мындай келжиректиги башка чыгармаларына да таасирин тийгизген чыгар.

— Жанагы сиз окуган китебинде анын башка чыгармаларына эч кандай зыян келтирбестен туруп, чийип таштай турган бир топ саптары бар, — деди Руфь үнүн бекем жана ишенимдүү чыгарып.

www.bizdin.kg

— Мен аларын окуганым жок, — деди ал, — бирок мен окуган ырлары кандайдыр эң эле сонун көрүнгөнсүдү. Кандайдыр бир нур, күндүн же прожектордун нуру келип тийип жүрөгүмдү жылытып тургансыды. Мага ушундай сезилди мисс, бирок мен чындыгында ыр жөнүндө эч нерсе билбеймин.

Ошол замат ал өзүнүн кекечтенгендигин ойлонуп кайгылана түшүп, бир аз унчукпай калды. Азыр эле окуган ырларынан ал боорукерликти жана турмуштун зор экендигин сезген эле, бирок анын бардыгын толук түшүндүрүп берүүгө анын сөздөрү жетишкен жок. Ал өзүнө өзү караңгы түндө чоочун жабдуулардын арасында адашып жүргөн башка бирөөнүн кемесиндеги суучул сыяктуу болуп көрүндү. Карап тур сени, — деди ал чечкиндүү, — демек кандай гана болбосун бул түшүнүксүз нерселер мага түшүнүктүү болууга тийиш. Ал эч качан өзүнүн каалаган нерсесине жетпей койгон эмес, мына азыр ал, Руфга өзүнүн сезимдери менен ойлорун туура түшүндүрүп айта алгыдай болууга тийишмин деп өтө бекем чечти. Руфь болсо асманынын баарын караңгылатып салды.

— Мына, мисалы Лонгфелло...— деди Руфь.

— Ооба, ооба. Мен окугам аны, — деди Мартин жандуу, Руфтун сөзүн бөлүп, өзүнүн адабият жөнүндөгү азыраак болсо дагы билимин, тезирээк көрсөтүүгө ашыгып. Ал өзүн тап-такыр эле эч нерсе билбеген наадан эмес экендигин Руфга далилдегиси келди.

— Мен «Турмуш ырларын», «Эксцельсиорду» окудум... Окугандарым ушулар гана болсо керек.

Руфь күлүп, жакшы эле окуптурсуз дегендей башын ылдам ийкеп жиберди, бирок Мартин анын бул күлкүсүнөн кечиримдүүлүктү, капалуу кечиримдүүлүктү сезип калды. Ал өзүнүн арзыбаган билгендери менен мактанам деп бекер уят болуп калды. Калыбы, Лонгфелло деген акын сан жетпеген китептерди жазса керек.

— Кечирип коюңуз, мени мисс, мен келжиректигим менен сиздин башыңызды айландырып жибердим окшойт, — чынымды айтсам, мен мындай нерселер жөнүндө аз билем. Буга менин башым жетпейт... Бирок — буга башымды жете тургандай кылам. Мен айтканымды жасай алам.

Анын акыркы сөздөрү кекеткендей угулду. Үнү титиреп, көздөрү оттой жанып, ууртары кыймылдай түштү. Руфка анын жаак сөөктөрү чыга түшкөндөй көрүндү. Жүздөрү сурданып, кабагы бүркөлүп кетти. Ошону менен бирге андан тарап турган кайраттуулуктун зор толкуну Руфту өзүнө тартып жана багындырып да турган эле.

Мен ишенемин, сиз буга... буга башыңызды жеткире аласыз, — деди ал күлүп, үмүттөнгөндүгүн билдире, — себеби сиздин эркиңиз ушунчалык күчтүү!

Руфтун көз карашы бир паска толуп турган Мартиндин жоон, буканыкындай күчтүү, күнгө күйгөн шилисине тигилди. Мартин бул учурда аябай уялып жана апкаарып олтурса дагы, Руфь ага эмнегедир катуу берилип кетти. Эгерде Руфь анын ушул жоон мойнунан кучактай турган болсо, анын бардык күч-кубаты өзүнө өтүп кете тургансып кетти. Бул оюнан ал уялып кетти. Күтүлбөгөн жерден ал өзүнүн кандайдыр бир кемчилигин билдирип койгонсуду. Ушул убакка чейин Руфка күчтүү адамдар олдоксон, орой жана маданиятсыз сыяктуу болуп сезилип келген эле. Анын самаган жигити мындай эмес, назик жана сулуу, болууга тийиш эле. Бирок, эмнегедир таң каларлык сезим ушул замат анын жаш жүрөгүн бүтүндөй бийлеп алды. Ал эмне үчүн анын ушул күнгө күйгөн мойнунан ушунчалык кучактагысы келгендигин тап-такыр түшүнө албады. Анткени менен бардыгы жөпжөнөкөй болучу. Ал табийгатынан күчсүз, назик жаралгандыктан

www.bizdin.kg

анын денеси, жаш акылы албетте өтө күчтүүлүктү самачу. Ал муну мойнуна алгысы келбеди, бирок анын бир билгени, — туура сүйлөй албаган сөздөрү кулагына жагымсыз угулса да, бир дагы эркек тана аны ушул күнгө чейин өзүнө азыркыдай күчтүү тартып алалган эмес.

Ооба, чынымды айтсам менин саламаттыгым буканы- кындай таза! — деди ал, — эгер керек болсо, дат баскан темирди да сиңире алам. Бирок, мен агы|) бир нерсени сиңире албагансып турам. Кайсыл десеңиз, сиз айткан нерселердин көпчүлүгүн сиңире ала тургандай эмесмин... Көрдүңүзбү, мени эч ким, эч качан сиз билгендей сонун нерселерге үйрөткөн эмес. Мен китеп окуганды, ыр жазганды абдан жакшы көрөмүн, убакыт табылары менен эле дароо китеп окууга киришем. Бирок, окуган китеп- терим жөнүндө мен эч качан сиз сыяктуу терең ой жүгүртө албаймын. Сиз ушуну билип коюңуз. Мага ошондуктан китептер жөнүндө туура пикир айтуу кыйын. Ишенсеңиз бул иште өзүмдү бөтөн деңизде картасыз, компассыз калган суучулдай сезип турамын. Бирок, мен бир нерсени түшүнгүм келет. Мүмкүн сиз кичи пейилдик кылып мага бир жардам берерсиз? Сиз кантип мынчалык көптү билип алдыңыз?

— Мен мунун бардыгын мектептен окуп үйрөнгөм, — деп жооп берди Руфь.

— Кичине кезимде мен дагы мектептен окуган элем, — деди Мартин Руфтун жообуна ынанбай.

— Мунуңуз чын, мен болсом орто мектепти бүтүрүп, андан кийин университетке лекцияларга барып турчумун...

— Сиз университетте окугансызбы? — деди ал кай- талай сурап, өзүнүн таң кала түшкөндүгүн жашырбастан. Ушул учурда ал экөөнүн ортосундагы айырма асман менен жердей боло түштү.

— Азыр дагы университетте окуймун. Мен англис филологиясы боюнча атайын курс угуп жатам. Мартин «филология» деген эмне экендигин түшүнө албай, өзүнүн караңгылыгын дагы бир жолу далилдеп мындай деп сурады:

— Эгерде мен университетке киргим келсе, дагы канча окушум керек?

Руфь анын бул билимге умтулгандыгын кубаттагысы келди.

— Сиздин мурда канча окугандыгыңызга жараша болот. Сиз орто мектепте такыр окуган жоксузбу? Ал- бетте, албетте, окуган жоксуз, билем... Бирок, башталгыч мектепти бүтүрдүңүз беле?

— Башталгыч мектепти бүтүрөрүмө эки гана жыл калганда, аны окубай таштап кеткем, — деп, жооп берди ал. Бирок, окуп жүргөнүмдө мен дайыма жакшы окуп, ар качан баалуу сыйлыктар менен сыйланчумун.

Ушул замат ал мактанып жибергендиги үчүн ичинен өзүнө өзү кыжыры келип, креслонун туткасына колдору карышканынан манжалары сыздай түштү. Аңгыча бол- бой, үйгө кандайдыр бир аял кирип келди. Руфь ордунан тура калып, анын алдынан утурлады. Алар кучакташып, өбүшүп көрүштү да, ошол кучакташкан калып- тарында Мартинди көздөй басышты. Мартин бул Руфтун энеси болсо керек деп ойлоду. Бул узун бойлуу, ак саргыл чач, сымбаттуу, сулууча келген аял ушундай үйдүн ээси деп ойлой тургандай өтө келишимдүү кийинген киши эле. Анын көйнөгүнүн кооз жолдору көздү кубандырып турат. Мартиндин көзүнө бир кезде сахнадан көргөн бир топ аялдары элестей түштү. Жана да ал бул сыяктуу кадыр-барктуу, белгилүү жана дал ушундай келишимдүү кийинишкен аялдарды лондондук театрлардын вестибюлдарынан көрүп, алардан өзүнүн кумарланган көз карашын полицейский аны көчөгө кууп жибергенге дейре ным албастан тешиле тиктеп тура берүчү.

Мунун артынан анын көз алдына Иокогамдын Гранд- Отелясынан алыстан көрүүгө туура келген аялдары келе түштү. Мындан башка дагы Иокогандын, түркүн шаарлардын жана гавандардын жүздөгөн көрүнүштөрү чубап өттү. Ал ойлорун тез алмаштырууга өзүн мажбурлап, бардык көңүлүн азыркы окуяга топтоого умтулду.

Ал өйдө тура калып, учурашуусу керек экенин түшүндү, бирок шымынын тизе туштары обу жок көлбөктөп турганын сезип, креслодон араң жатып турду. Анысы аз келгенсип азыр сындап өтө тургандыгын да ойлонуп, колдору шалдайып, өзү деңгиреп, жүздөрү кумсарып кетти.

II ГЛАВА

Тамак иче турган бөлмөгө жетүү да ал үчүн тозоктун ишиндей кыйын болду. Жолундагы буюмдарга кокус урунун алын, уят боломбу деген коркунучтуу ой-сезим эсин оодарды. Ал кантсе да бул ойлорду эптеп жеңди, мына азыр болсо, Руфтун жанында олтурат. Тамак жей турган бычак менен айрылардын көптүгүнөн анын башы айлана түштү. Анын чекеси бырыша түшүп, бул жаркыраган күмүш бычактар менен айрыларды көздөрү талганча тиктеп турду да, эрксизден өзүнүн суучул жолдош- тору менен кубрикте кантип тамак жешкендиктерин эси- не түшүрдү; алар, бардыгы чогулуп алышып, сүрсүгөн этти бир табактан макилери менен талаша кескилешип жеп, же болбосо, колдору менен жулмалаша киришип, саптары ийилген кашыктары менен коюу буурчак сорпону бир мискейден кадимки торопойлорчо шалпылдатышып ичишээр эле. Анын мурдуна көңсүгөн эттин жыты келип, кулагына шаймандардын качыраган үндөрүнүн коштогону да угулгансып кетти. Алар тамакты дал ушундай жешчү. Мына эми, азыр ал өзүнө-өзү өтө этият болбосо болбойт. Ал тамакты дабыш чыгарбай жешке өзүн- өзү мажбурлайт.

Ал столдун тегерегинде олтургандарга көз чаптырды. Бет маңдайында Артур, анын бир тууганы Норман олтурган. Бул экөө Руфтун бир туугандары экендигине көзү жетип, эми аларга бөтөнчө урматтоо менен мамиле кыла баштады. Карачы, буларды, бири-бирин кандай кадыр тутушат! Ага ушул замат Руфь апасын кантип тосуп алгандыгы, кантип өбүшүп жана кантип кучакташып, аны көздөй басышкандыктары элестеп кетти. Ал эми буга окшогон мамилелер жупуну турмушта жашашкан ата-энелер менен балдарынын ортосунда жокко эсе боло турган. Бул ага кала берсе, кандайдыр бир жаңы ачылыш сыяктуу болуп сезилип кетти; экинчиден бул — жогорку таптар жетишкен жогорку сезимдердин айкын-ачык далили болду. Бул болсо ал өзү көрүп, сезип турган бул сыяктуу жаңы дүйнөдөгү эң сонун нерселердин сонуну эле. Ал бул көрүнүшкө өтө суктана түшүп, жүрөгүндө назиктиктин жана тилектештиктин оту жалындана сого баштады. Ал сүйүүнү бүткүл өмүрү бою издеп жүрдү. Анын жаратылышы сүйүүнү эңсеген кези эле. Анткени сүйүү — жашоонун закону да. Бирок, ал ушул күнгө чейин эмнегедир сүйүүсүз, махабатсыз жашап келди, анын көңүлү күндөн күнгө төмөн чөгүп, жалгыздыктан өтө жабыр тартты. Бирок муну ал эч качан мойнуна алчу эмес. Жада калса азыр дагы мойнуна албай олтурат. Анын көз алдына назик сүйүүнүн элестери келип, алар ага ушунчалык баа жеткис асыл, кол жеткис бийик, укмуштай сонун болуп көрүндү.

Бактысына жараша азыр мистер Морздун жоктугуна сүйүндү. Ал болгондо, ага мындан да кыйыныраак болмок беле? Мистер Морз менен деле таанышса таанышып коюуга болот болучу, бирок Руфь, анын апасы жана бир тууганы — Норман менен таанышып чыкты, ушул жетишет. Артурду болсо анча-мынча

www.bizdin.kg

билип калды. Ойлоп көрүңүзчү, мунун үстүнө анын атасы менен дагы таанышса эмне деген жорук болмок? Жок, жок, жетишет! Ал өмүрүндө эч качан азыркыдай кыйналып, кысталган эмес. Бул окуя менен салыштыра келгенде, ага дүйнөдөгү эң кыйын жана татаал иштер жөн эле бир баланын оюнчугундай нерсе болуп көрүндү. Мурда көнүмүш болбогон ушунча көп маселелерди чечүү кыйынчылыгынан анын чекесинде тердин майда мончоктору пайда болуп, көйнөгү суу болуп чыкты. Ал азыр тамакты мурдагы адатындай лапылдатып сугунбастан, адептүү жана маданияттуу адамдай жеөөгө тийиш, ал ушуну түшүнүп, алды менен столдун үстүндөгү башы айлана тургандай сансыз көп буюмдарды кандайча пайдаланып, тамакты туура жешти алды менен мыкты билбесе дагы, көз кыры менен тигилерге улам байкоо жүргүзүп үйрөнө салып, адептүүлүк, билгичтик менен алдындагы тамагын жей баштады. Ал экинчи ирет эч качан эсинен чыгарбастай кылып тамак жештин туура эрежесин эсине бекем тутуп алды да, жүрөгүн жаралап; ага чок салган Руфту көздөй улам-улам элжирей тиктеп жана чоң бакытка кантип жетүүнүн жолун кыйналуу менен издеп, ой толгоолорго чөктү. Ал бет маңдайында олтурган Норман менен башкаларды көздөй байкатпастан, алдыртадан кез чаптырып, бычак, айрылардын кайсынысын кандай учурда колдонуш керек экендигин мурдагысындай эле, жакшылап байкап олтурду. Ошол эле учурда ал, олтургандардын ар биринин мүнөзүнө, жорук-жосунуна көңүл бөлүп жана Нормандын Руфка карата мамилеси кандай экендигин билүүгө көңүл койду. Мындан башка дагы ал, тигилер сүйлөшүп жатканда алардын сөздөрүнө кулак түрүп, кезеги келгенде аларга жооп да кайтарып жана ээн сүйлөп калган тили, кокус бирдеме деп артыкбаш тантырап кетпешине тыюу салып, кылдаттык менен сактанып олтурду. Бирок ушунун баарын аткарыш ага оңой- олтоң боло койгон жок, кала берсе коркунучтуу да болду. Анткени ага кандайдыр бир ушул үйдүн кызматчысы шекилдүү болуп сезилген, көз боочуга окшоп көрүнгөн бир караан үнсүз, сөзсүз, дабышсыз анын желкесине такай келип, андан токтоосуз жооп берүүнү талап кылып, бир канча чиеленишкен табышмактарды айтып жатты. Ага колдун баштарын чайкай турган чөйчөк жөнүндөгү ой таза тынчтык бербей койду. Алар кандай чөйчөктөр болду экен, эми качан алып келет, санаалар аны биротоло бийлеп алып, аябагандай бүкүтүкүгө салды. Ушул күнгө чейин ал бул чөйчөктөр тууралу элден укканы менен, өз көзү менен аларды көргөн эмес, мына эми, азыр ал бир же эки мүнөт өткөндөн кийин аны көрөт, — анткени ал, колдорунун учтарын тамактан кийин дайыма чайкап көнүшкөн жогорку таптын адамдары — ак сөөктөр менен бирге олтурат. Аны өзү дагы, ооба өзү дагы алар сыяктуу эле, азыр тамактан кийин колдорун чайкайт. Макул, анысы ал болсун. Эми ал өзүн кандай алып олтурушу керек? Булардын жанында ал өзүн кандай кармоого тийиш? Мына ушул ойлор анын тынчын кетирди. Ал чымырканып ойлонуп ушул маселени чечмек болду. Кээде анын башына мындан көрөкчө өзүмдүн ким экендигимди билдирбей, жөн эле жашырып, жойпуланып кетсем эмне болмок эле дегендей да ой түшө калды, бирок аны башка бир өтө коркунучтуу санаа жеңип кетти: ал анте албайт болучу, андай куйтулук кылып калп айтууга башынан көнгөн эмес, эгер ошенте турган болсо, анда аны уят, ар намыс өлтүрүп салмак.

Мына ушундай ойлор менен алп урушуп олтуруп, Мартин тамактын биринчи жарымысын өтө сабырдуулук менен өткөрдү. Бирок ал өзүнүн ушул мүнөзү менен Артурдун үйүндөгүлөрүнө: мен тамак берүүгө бир жапайы адамды ээрчитип келемин, бирок силер андан тап-такыр чочубагыла, анткени ал, жапайы болгону менен өтө кызык киши, — деп мурдатан эле кабардап койгон анын

www.bizdin.kg

кастык сөзүн жалгандыкка чыгарып салгандыгын өзү билген жок. Руфтун бир тууганы ушундай эки жүздүү жандими экендиги Мартиндин оюна эч качан келген эмес. Кала берсе ал аны төпөштөөдөн куткарып калбады беле. Мына, ал өзүн азыр жеткен бир шордуудай сезип, айлана-чөйрөсүндөгүлөрдүн бардыгынан көңүлү сууп, каңырыгы түтөп столдо өзүн араң эле кармап олтурду.

Тамак жалаң гана курсакты тойгузуш үчүн гана керек эместигин ал алгачкы ирет түшүндү. Мурун тамак жегенде эч нерсени элес алчу эмес. Ал ага тамак гана болуп сезилчү. Эми болсо, таптакыр башкача, тамак ичүү анын эң сонун сезимдерин козгоп, эстетикалык функциянын ролун аткарды жана сезимди гана козгоп тим болбостон, акыл-эсти да өөрчүтүүчү курал сыяктуу болуп көрүндү. Анын башы катуу иштей баштады. Столдо олтургандар мааниси жагынан ага түшүнүксүз жана китептерден гана кездешүүчү сөздөрдү айтып жатышты. Буларды ал жашаган чөйрөдөгү адамдардын бири дагы билмек тургай, тилдери келип айталышчу эмес. Руфтун жакындары мындай татаал сөздөрдү эч кандай буйдалышпастан жеңил гана айтып жатышкандарына таң кала түшкөндүгүнөн муундары титиреп, денесин калтырак басты. Ал мурда китептерден окуган өтө кызыктуу, таң каларлык сонун нерселер эми калетсиз чындык болуп чыкты. Ошентип ал азыр максаты күтүлбөгөн жерден ордунан чыккан кишидей болуп, бир азга рахаттана да түштү.

Турмуштун мындай бийиктигине ал эч качан көтөрүлгөн эмес эле.

Көпчүлүктүн оюн өзүнө көп алаксытпаска аракет кылып, кулак салып угуп олтурган сөздөрүнө бир беткей гана: эгерде Руфь кайрылса «ооба, мисс», же «жок, мисс», же болбосо, анын апасы кайрылса; «ооба, мэм» же «жок, мэм» деп гана кыскача жооп берип жатты. Ал «суучулдук» көнүмүш боюнча Руфтун бир тууганынын берген суроосуна «ооба, сэр», деп аз жерден жооп берип жибере жаздап, өзүн-өзү кайра кармап калды. Эгерде ушинтип жибере турган болсо, анда ал өзүн-өзү булардын астында кемсинтип, уяткарып алып, өзү эңсеп отурган Руфка жакпай калмак. Буга анын ар-намысы да жол бербеди. Кудай урсун, — деп ойлоду ал, — мен булардын эч кимисинен кемим жок жана эгер алар мен билбеген өтө көп нерселерди билише турган болсо эмнеси бар экен, мен дагы адаммын, алардын бардыгын билип алууга кудуретим жетишет. Бирок, кез-кези менен Руфтун же анын апасынын аны көздөп «мистер Иден» деп кайрылып калышынан анын жанагы көңдөйлүгү унутулуп, оозу аңырдай ачылып, беттери кызара түшүп да жатты. Ал азыр өзүн кадимки маданияттуу адамдай сезип, мурда китептерден гана кездештирген адамдардын чөйрөсүндө сый көрүп, тамактанууда. Ал кыялында ошол китептердин ичине түшүп алып, мукабалары кооз томдордун барактары аркылуу саякат жүргүзгөнсүдү.

Ал Артур айткандай киши кийикке окшош эмес, койдон жоош болуп эле, адамча столдо тынч гана олтуруп, бир гана буларга эми кандай мамиле жасасам дегендей ойлор менен алпурушуп жатты. Жок, ал чындыгында койдон жоош эмес эле, бул жөн гана сырткы түр көрсөтүүсү болучу, анын намыскөйлүгү тим эле эр өлтүрүүдөн да кайра тарттырчу эмес. Ал ыгы келген кезде гана сүйлөп коюп олтурду, бирок, сөздөрү улам бир жеринен мүдүрүлгөнсүп кетип жатты. Ал өзүнүн көп тилдер аралашкан сөз байлыгынын кенчинен керек- түү сөздү таап сүйлөөгө өтө аракеттенип көрдү, бирок, ал тапкан сөздөрүн тили келип туура айта албачудай коркту. Ал эми, өзүнө түшүнүктүү жеңил сөздөр болсо, ага кандайдыр бир айтууга одоно, түшүнүксүз болуп туруп алды.

Сөз тизмегинин начардыгынан ал эмнени сезип, эмнени ойлоп тургандыгын түшүндүрө албагандыгына өзүнө-өзү ичинен наалат айтып, бушайман болду.

www.bizdin.kg

Крахмалдуу жака анын мойнун кандайча кысып, муундуруп жиберген болсо, эрксиз буйдалуу анын бүткүл эркин, көңүлүн да ошондой эле кысып, муундуруп жиберди. Мартин минтип олтуруп көпкө туруштук бере албаймын го деп да өтө чочуду. Кыжырды кайнаткан сезимдер менен ойлордон Мартин буркан-шаркан түшүп кеткиси да келди; ушул учурда ал өзүнүн кайда отургандыгын сезбей калып, көкүрөгүнө жат кандайдыр бир көнүмүш сөз оозунан шоп этип ыргып кетсе болобу...

Мартин, баятан бери желкесинен кетпей турган үй кызматкеринин аны көздөй сунган ашынан ооз тийгиси да келбей кыскача жана так гана мындай деди:

— Пау.

Столдо олтургандардын баары айран таң калуу менен Мартинди тиктешип калышты. Үй кызматчысы шылдыңдуу жылмаюусун араң эле токтотту, Мартин болсо, чочуп кеткендигинен катуу селдейе түштү. Бирок ал тез эле эсине келип:

— Бул, кечиресиздер, канак сөзү болот, — деп жиберди, — бул сөздүн мааниси «тойдум», «жетишет» дегенди түшүндүрөт. Бул сөз кокусунан айтылып кетти. Ал өзүнүн колдоруна тигиле караган Руфтун ыңтызаарлуу көз карашын байкай коюп, үнсүз, сөзсүз берилген бул суроого дароо жооп кайтарып мындай деди:

— Тынч океандык почта линиясынын кемелеринин бирине түшүп, жаны эле портко сүзүп келген элем. Кеме кечигип калгандыктан портто белсенип жүк жүктөп калдык. Мына ошондо колумдун терисин кокустан айрытып алдым эле.

— Жок, мен таптакыр ал жериңизди карап жаткан жокмун, — деди Руфь шашкалактап, — сиздин колуңуз мүчөңүзгө караганда кичинерээк экен, ошону эле каран жатам.

Бирөөлөр ага дагы бир кемчилигин көрсөткөндөй Мартин кызара түштү.

— Ооба, менин муштумдарым күчсүзүрөөк, туура айтасыз. Бирок, каруу булчуңдарым ишенсеңиз, качырдыкынан күчтүү, урган кишимди сулатам. Кокус бирөөнү тишке койсом колумду канжалатып алам.

Мартин бул сөздү айтарын айтып алып, кайра өзү уялып кетти. Анан болбогон бир кептерди ойлонбой айтып салгандыгына кыжыры кайнады.

— Артурду тепкиден бошотуп калгандыгыңыз сиз тарабынан көрсөтүлгөн зор азаматтык, кала берсе Артурду мурда билген да жигит эмессиз, — деди Руфь Мартиндин саал сүрдөнө түшкөндүгүн сезе коюп, бирок, себебине толук түшүнө бербей.

Мартин анын адептүүлүгүн баалап жана ага жакшы түшүнүп турса дагы, алкыштоого эрип, толкундай түшүн дагы мындай деди:

— Болбогон нерсе. Менин ордумда ким гана болбосун дал мен сыяктуу иштемек. Бирок, бир оңбогурлардын шайкасы өздөрүнөн өздөрү эле келип тийишишип, урушкулары келди. Артурду ур-токмокко алышарда мен аларды качырып кирдим. Ошентип, алардын сазайын колдоруна жакшы эле бергендей болдум. Рас, бул учурда менин колумдун сыртынын бир аз жери сыйрылып кеткендей болду, бирок алардын кээ бирөөлөрү тиштерин күбүтүп алышты. Өздөрү тийишкендердин дал ушундай болгондугуна мен чындыгында эле кубанам. Ал эми мен мындай окуяларды көргөнүмдө...

Ушул замат ал өзүнүн келесоолугун сезип, оозун ачын жалдырап туруп калды. Кала берсе, ал өзүн Руфь менен бир абадан дем алууга да татыктуу эместей сезип кетти. Артур да жөн турбай, бир нече жолу сөздү бөлүп, салда болгон бул окуяны кайра-кайра жыйырма чакты кайталап, ага кандайдыр бир мас хулигандардын асылгандыктарын жана Мартин Иден ага болушуп, аларды кантип

www.bizdin.kg

талкалагандыгын бежиреп баяндай берди. Бул учурда окуянын каарманы Мартин өзүн бекер баатыр көрсөтүп, ыксыз мактанып жибергендигин ойлонуп, кабагын капалуу чытып алды да, кайра кой эми, болор иш болду, эми мындан ары булардын чөйрөсүндө өзүмдү токтоо жана адептүүрөөк кармап жүрөйүн, болбосо бекер уятка калып калат экенмин деп чечти. Бирок анын тыянагынан эч нерсе чыкпады. Себеби ал алардын тукумунан эмес эле, ошондуктан алардын тили менен анын сүйлөгөнү балта менен чөп чапкандай иш эле. Мунун бардыгы калетсиз чындык. Же аларды тууроо керекпи? Бирок бул далбасасы ордунан чыкпай тургандай сезилди, анткени анткорлук кылууну өтө жаман көрө турган. Ал бала күнүнөн алдамчылык, арамзалык дегенди тап- такыр билчү эмес. Бул сезимдер ага башынан жат. Эмне болсо дагы ал өзүнүн турган турпатында, кулк-мүнөзүндө мурда кандай болсо, азыр да дал ошондой бойдон кала берүүнү туура тапты. Ага көшөкөрлөнүүнүн жана жасалмалуулуктун кереги жок. Азыр баары бир алардын тили менен сүйлөй албайт, бирок бара-бара сөзсүз сүйлөп кетиши мүмкүн, ал буга ишенет. Ал эми азырынча болсо да, унчукпай калууга жарабайт да! Ал азыр өз тили менен аларды уялтпагандай жана түшүнүктүү болгудай кылып, одоного чаптырбай, жатык сүйлөйт. Эртеден беркидей тилин тиштенип, дымын чыгар- бай, тымпыйып олтура берсе, чынында эле эч нерсе түшүнбөгөн дөдөй экен деп ойлошуп калышы да ыкты- мал.

Мына ошондуктан азыркы эле чыгарган жыйынтыгын ишке ашырып, баятан бери Норман менен Артур университеттик иштер жөнүндө сүйлөп жатышып, бир нече ирет кайталап өтүшкөн «триг» деген сөздү Мартин Иден уялбастан эле:

— «Триг» деген эмне? — деп, сурап калды.

— «Тригонометрия», — деди Норман. — Жогорку «матиканын» бир бөлүгү.

— А, «матика» деген эмне? — деп дагы сурап калды ал: Бул суроо Нормандын кытмыр жылмаюусун туудуруп өттү

— Математика, арифметика — деди жооп берип ал.

Мартин түшүндүм дегендей башын ийкеп койду. Ал акылмандыктын алгачкы учу — кыйрысыз тереңдигине көз жиберип көрдү. Ал жөнүндө ойлонуп, терең козголо түштү. Анын элестетүүсүнүн күчтүүлүгү абстрактуу түшүнүктөрдү ачык-айкын образдарга айландырып жиберди. Тригонометрия, математика жана билимдин башка бардык тармактары анын мээсинин алхимиялык аспабына символ болуп аттын кашкасындай дапдаана чийиле түштү. Ал көз алдынан кадимки сүрөттөгүдөй жашыл жалбырактарды, күндүн алтын нуруна бирде жаркырап, бирде жалбырактардын арасынан түшкөн алтын шоолага көкүрөгүн тештирген карагайдын таңын көрдү. Алыстан анын бардыгы кара кочкул түстөгү коюу туман менен капталып тургансыйт. Мына ушул тумандын ары жагында сырдуу жана романтикалуу укмуштуу бир өлкө бар экендигинен ал түк да шек санаган жок. Ушулардын бардыгы аны эрксизден не бир сонун таттуу кыялдарга тартып кетти. Ал жерде болсо эрдикти көрсөтүү үчүн бардык шарт, эркин ой жүгүртүү менен талыкпай иштеш үчүн кең мейкиндик, мемиреген тынч- тык жана башкалардын бардыгы бар эле, бирок аңгыча болбой, анын жүрөгүнүн тереңинен кандайдыр бир ой, өзүнөн-өзү сызылып чыга келди: өзүнүн бет маңдайында олтурган лилия гүлүндөй аппак назик, сулуу кыз үчүн кандайдыр бир зор эрдик көрсөтүүнү эңсеп кетти.

Жаркыраган бул элес Артурдун Мартинден жапайы одонолуктун ачыгыраак байкалышы үчүн жасаган аракеттеринин таасиринен бир пастын ортосунда көздөн кайым боло түштү.

www.bizdin.kg

Мартин Идендин жанагы чечими дагы эле оюнда. Жанагыга караганда ал азыр өзүн-өзү кадимкидей башкарып, турмушту кандай түшүнсө, аны ошондой мазмун- да баяндайын деген аракетинде адегенде бир аз кыйналса да, бара-бара эргүү менен чыгармачылыктын кубанычына уламдан-улам тереңдеп тартылып баратты.

Бажыканалык катер контрабандалык «Хальцнон» аттуу кайыкчаны кармаган кезде ал ушул кайыкчада суучул болуп жүргөн. Мартин башкалар сыяктуу эле турмушта жашоону, аны сүйүүнү өтө эңсөөчү жана өзүнүн башынан өткөрүп көргөн-билгендери жөнүндө эң кызыктуу кылып айтып да бере ала турган. Ал көбүк чачкан деңиздер, кемелер жана команданын кишилери тууралу татынакай чебердик менен төкпөй-чачпай сүрөттөп берүүдө өзүнүн элестүү кыялдары менен угуп олтургандарды биротоло уютуп таштоочу. Ал азыр дагы чыныгы сүрөтчүлүк сезгичтиги менен окуялардын арасынан эң орчундууларын, эң кызыктууларын иргеп, тандап алып, андан айкын-ачык элестүү жана жандуу картиналарды түзүп, угуп олтургандарды сөзмөрдүгү жана эргүүсү менен өзүнө тартып турду. Сүрөттөөлөрүнүн кээ бирде гана өтө майдаланып кеткендиги, сөздөрүнүн айрым бир жерлери угуучуларды уялдырып жиберип жатканы болбосо-, анын аңгемесиндеги айрым одонолуктар мезгилинде сылыктык менен, ал эми кайгылуу жерлери болсо шат күлкү менен алмашылып жатты. Бул болсо, айрыкча өзү өңдүү суучулдарга тиешелүү шайырдык сапат эле.

Мартин Иден сүйлөп бүткүчөктү Руфь анын жүздөрүнөн жалындаган көз карашын албай олтурду. Анын жүрөгүнүн жалыны Руфтун бүт денесин аралап өткөндөй болду. Руфь азыр өзүнүн мурунку өткөн жылдарын эмне үчүн жалгыз өткөргөндүгүн түшүнө албай кетти. Руфь, бул күчү, саламаттыгы вулкандай болуп ташып турган жалындуу жигиттин мойнуна асылгысы келип, аны бекем-бекем сыга кучактап, ага жалынып, жалбаргысы келип кетти. Анын бул каалоосу ушунчалык күчтүү болгондуктан ал өзүн-өзү араңдан зорго токтотуп кармап турду. Бирок, ошол замат Руфту Мартинден эмнегедир бир тоскоолдук четтетип туруп алды. Алар болсо оор эмгектен жана начар жашоо шарттарынан кетпес так калган Мартиндин одуракай жана жарадар колдору менен козунун үйлөнгөн табарсыгындай болгон булчуңдары, жакасы өйкөп кызартып жиберген буканыкындай жоон моюну эле. Анын олдоксондугу да Руфту чочутпай койгон жок. Ал эми анын орой чалыш чыккан ар бир сөзү Руфтун кулагына октой тийип, ошондой эле өмүр жолунун ар бир олдоксон үзүндүсү да кабыргасын кайыштырып, жанын кашайтып жатты. Бирок ошенткени менен Руфка аны көздөй кандайдыр бир шайтан азгырып тургансыды. Анын мурдагы шек саноолору эми эмнегедир олку-солку болуп бошоңдой берди. Романтикалык кыялдануу менен укмуштуу окуяларга толгон. Мартиндин өмүрү анын көнүмүш болуп калган бардык божомолдуу элестөөлөрүн четке какты. Мартиндин жагымдуу күлкүсүн, коркунучтуу окуялар жөнүндөгү анын шайыр баяндаган аңгемелерин угуп олтуруп, Руфь турмушту мурдагыдай кандайдыр бир олуттуу жана коркунучтуу нерсе катары эсептегиси келбеди: турмуш ага каалаган жагын көздөй айлантып ойносо кызыктуу, бирок бирөөгө берсе кенедей да өкүндүрбөй турган оюнчук сыяктуу сезиле баштады. «Мына, эми сен дагы ойногун, — деди ага канаттуу кыялы, — эгер кааласаң Мартинди эркелетип, мойнунан кучактап, беттеринен чопулдатып өп!». Кайра ал бул жеңилдиги үчүн өзүн-өзү жаман көрүп күнөөлөгүсү келди, бирок, бардык кылган аракеттеринен натыйжа чыкпады. Чыныгы сүйүү эч нерсеге карабайт эмеспи, көп болсо Мартинден ал тазалыгы, маданияттуулугу менен айырмаланар, башка эмне айырмасы бар? Руфь бир аз

www.bizdin.kg

токтоло түшүп, айланасына көз чаптырды; башкалар дагы Мартиндин аңгемесин кунт коюп угуп олтурушкан эле, бирок апасынын көзүнөн өзү корккондой эле коркунучту, — бир чети кубанычтуу болгон менен баары бир коркунучтуулукту байкады. Бул болсо ага кайра дем бере түшкөндөй болду. Ооба, караңгылыктан келген бул адам азапты туудурат эмеспи. Жанагы апасынын ичи тартыла түшкөн себеби да ушул. Демек бул — танылгыс чындык. Апасынын көз карашын туура эмес деп эсептеген күнү эч качан болгон эмес. Руфь бул саам дагы аны жан-дили менен колдоп олтурат. Мартиндин жүрөгүнүн жалыны Руфту жанагыдай козгомок түгүл, анын кайра кыжырын келтирип, жек көрүүсүн туудуруп, бардык эрдиктери бир тыйынга татыбай калды.

Тамактан кийин жашыруун сыр, жалган каалоо менен ага роял ойноп бериши — ал экөөнүн ортосундагы мурдагы түпсүз караңгы тереңдикти ого бетер көбөйтүп жибергенсиди. Анын музыкасынан Мартин таңданып, аны бирөө башка салып калгандай деңгирей түштү. Кала берсе бул анын эсин эки кылып, намысына бычак салды. Бирок ошол замат эмнегедир анын делебеси козголо түшкөнсүдү. Ал Руфка кумарлуу көз карашын дагы жиберди. Ошентип ортолорундагы айырмачылыктардын барган сайын күчөп бара жатышын экөө тең сезип, айырмачылык канчалык көбөйгөн сайын Мартиндин Руфтан ошончолук бардык жагынан ашып түшкүсү келди. Мартин өтө сезгичтик жана сезимге тез берилүүчүлүк менен бүткүл кеч бою экөөнү бөлүп турган бул туңгуюк жөнүндө жай баракат байкоо жүргүзүп унчукпай отурду. Анын бул кыялдануусу музыканын жаңырыгында өзгөчө толкундантты. Ага музыка жүрөктүн дарысы боло турган. Музыканын үнү аны кадимки күч- түү шарап сыяктуу жаркыраган ойлорго түртүп, зор аракеттерге шыктандырып, кыялын толкундатып, аны булуттан жогорку бийиктикке алып уча турган. Мына ошондуктан анын денесине канат бүтө түшкөнсүп, эң сонун жана укмуштуу нерселерге кездеше калгандай, ырайымсыз мурдагы көрүнүштөр болсо көз алдынан жоголо баштагансып кетти. Бирок ал, Руфтун эмнени ойноп жатканына түшүнбөдү. Ошондой болсо да, бул өзү угуп жаткан музыка суучулардын оюн-шоок кечелерин- деги сынык пианинонун күлдүрөгөн дабышына же болбосо духовой оркестрдеги жездин үнүнө таптакыр окшошпойт. Жок, таптакыр окшош эмес эле... Ал китеп- терден дал ушундай музыка жөнүндө көп окуган, бирок ал Руфтун пианинодо бул ойношунан мурдагы кулакка жагымдуу, жөнөкөй жана так ритмдерди сезе албады. Кээде ал ритмдүү сүрөттөрдү тапкансый түшүп, көз алдына образдардын тизмегин келтирүүгө аракеттенди, бирок ушул замат башаламан үндөрдүн арасында жанагы ритмдүү сүрөттөр кайда кеткени билинбей, анын көкөлөгөн кыялы канатынан ажыраган куштай болуп, бийиктиктен жерди көздөй кулап келатты.

Ушул арада ал, Руфь мени кокус шылдыңдап жатпасын деген ойго дагы келе калды. Руфтун роялда ойношунан ал кандайдыр бир кастыкты сезгенсип, клавишаларды койгулап, лыпылдап ойноп жаткан анын чыбыктай ичке колдору эмне жөнүндө баяндап жаткандыгын ачыгыраак билүүгө ынтызарланды.

Бирок, ал бул жараксыз ойду тез эле четке кагып, кайрадан музыкага эркин берилгиси келип кетти. Анын мурдагы суктануулары эми кайрадан жандана түшкөнсүдү. Анын денеси жерден бөлүнүп, асманга сызгандай көңүлү куунап, укмуштуу жаркыраган кандайдыр бир нур анын көз алдында жанып тургансыды. Анын айланасындагынын бардыгы кайда кеткени белгисиз боло түшүп, өзү болсо башка бир чоочун, кооз дүйнөдө жүргөнсүп кетти. Бул татынакай, эң сонун көрүнүштөрдүн ичинде тааныш нерселер менен тааныш эмес нерселер

www.bizdin.kg

бири-бири менен камырдай жуурулушуп, аралаша түшкөндөй болду. Өзү ысык өлкөлөрдүн белгисиз портторун көрүп, эл жүргөн аянттарда, мурда эч ким көрбөгөн уруулардын арасында адашып жүргөнсүдү. Ага бир кездеги жылуу түндөрдө деңизде сүзүп жүргөн кезинде дем алып көнгөн өзүнүн тааныш аралынын атыр жыттуу абасынын илеби да келе баштагансып жана кайра Улуу океан боюнча, бирде көк мейкиндиктин үстүндө пайда боло калып, бирде жок боло түшкөн укмуштуу нальмалар менен курчалган шурулуу аралдардын арасында саякат куруп жүргөндөй сезилди. Көрүнүштөр кадимки жандуу караан сыяктуу тез пайда боло калын, кайра тез жок болуп кетип жатты. Ал бирде какшыган кумдуу чөл менен тулпар минип зымырап бараткандай сезсе, дагы бир көз ачып жумгандын ичинде ысык абанын көк жашыл асман желеси аркылуу Ажал Өрөөнүнүн ак күмбөзүнө көз жиберип же күн нуруна чагылышып жаткан зор аралдары бар Муз Океанынын толкундарынын үстүндө кайык минип сүзүп бараткансыды. Кээде шурулуу аралдагы кокос пальмасынын түбүндө жатып, деңиз толкундарынын шыбырагансып чыккан үндөрүнө кулак төшөп тыңшагансыйт. Кыйроого учураган эски кеменин тулку көгүлтүр тартып жалбырттап күйө баштап, бул сырдуу жарыкта гавайдык гитардын үнү жана гүрү-гүү түшкөн там-тамдын тарсылдаган дабыштары менен ырчылардын озондогон коштоосу алдында бийчилер «пила» бийин бийлешет. Айланада терең тынчтык, көшүгөн тропикалык түн жана алыскы-алыскы жылдыздуу асмандын бетинде вулкандын сөлөкөтү тартылгансыйт. Төбөдөн болсо, күмүш табактай болуп акырындык менен ай калкып бара жатат; анын төмөн жагында болсо үч Аркардын жылдыздары жерге нурун чачат.

Мартин эол арфасына окшоп кетти. Анын өмүрүндөгү көргөндөрү менен башынан өткөргөндөрү эолдун ичке кылдары болуп, ал эми музыка болсо, анын кыялдары менен тилектерин козгоп, ушул кыялдарды терметип күүгө келтирип турган шамал сыяктуу болду. Ал жөн гана сезген жок. Анын ар бир сезгендери өзүнүн формасы жана кооздугу жагынан айырмаланып, кандайдыр бир укмуштуу жана сырдуу жолдор менен образдарга айланып жатты. Анын башынан өткөн, өтүп жаткан жана өтө турган окуялары бири-бири менен аралашып кеткендей болду; ал өтө кең, өтө жылуу жана эң сулуу дүйнөгө баргандай, ал жерден Руфка жагуу үчүн чоң эрдиктерди көрсөтүп жүргөнсүдү. Мына, кала берсе ал Руфка да кошулуп, анын жүрөгүн чексиз бийлеп, өз кучагына бекем тартып, кыялынын кызыктуу дүйнөсүн көздөй ээрчитип кеткенсиди.

Руфь Мартиндин өзүнө тигилип, анын эмне ойлоп, эмне сезип тургандыгын байкоого аракеттенди. Мартиндин өңү ага өзүнө окшобогон башкача өңгө окшоду жана от жанып турган эки көзү жомоктогудай сырдуу болуп сезилип жандуу турмуш менен фантазиянын зор элестерин бергенсип кетти. Руфтун жүрөгү козголо түштү. Жанагы одоно, кологой жигит эми башка түргө өттү. Анын ыксыз тигилген кемсели, жарадар колу, күнгө күйгөн жүздөрү ага мурдагыдай эле болуп көрүнсө дагы, — азыр анын бардыгы өзүн толкундаткан сезимдерди түшүндүрүүгө сөзү жетпегендей таасир этип, кең пейил, бирок алсыз, тилсиз акылман адам камалып жаткан түрмөнүн эшигиндеги темир тордой гана болуп сезилди. Бул көрүнүш өтө тез пайда болуп, кайра тез эле көздөн кайым боло түштү; кологой жигит кайра анын көз алдына тартыла түштү. Руфь өзүнүн укмуштай фантазиясына өзү күлүп жиберди. Ошенткени менен бул көз ирмемге созулган элестер анын көңүлүнө өзүнүн изин калтырбай койгон жок. Мартин эми кетүүгө камынып, Руфь менен коштошкусу келди, Руфь ага мээримдүү жылмайып, Суинберндин жана англия адабиятынын курсунан өзү окуп жаткан

www.bizdin.kg

Броунингдин бир томун ага эстеликке сунду. Руфка рахмат айткан сөзүнөн Мартин ага жаш бала сыяктуу болуп көрүнүп, ошондуктан Руфь аны энелик мээрим менен эрксизден жакшы көрүп жана өтө боору ачыгандай катуу аяп кетти. Руфь эми жанагы одоно жигитти, сырткы түрү кадимки мусапырдыкына окшогон бечара жигитти, сүрдүү жана ошол эле учурда сүйкүмдүү көз караштуу жигитти унутуп таштады. Руфь көз алдынан дагы эле тажрыйбасыз жаш баланы көрүп тургансыды, бирок бул жаш бала өзүнүн калактай болгон күчтүү колдору менен Руфтун колун бекем кысып, мукактана мындай деди;

— Сиздер менен кездешүү — бул менин өмүрүмдүн эң сонун минуталары болуп саналат. Көрдүңүзбү? — деди таң калгандай айланасына көз чаптырып, — мен бул көрүнүштөрдү, мындай маданияттуу адамдарды жана
эң жасалгалуу жайды өмүрүмдө эч качан көргөн эмесмин... Мунун баары мен үчүн чоң жаңылык жана мага бөтөнчө жагат.

— Дагы келерсиз деп ойлойм, — деди Руфь, Мартин анын бир туугандары менен коштошуп жатканда.

Ал колундагы шапкесин керип туруп башына кийди да, босогодон мүдүрүлө аттап, эшикти көздөй жөнөдү.

— Кандай, бул жигит сага жактыбы? — деп сурады Артур.

—Өтө кызыктуу жигит көрүнөт. Тим эле таза аба дем ала түшкөндөй болдум... Мага өтө жакты, — деп жооп кайтарды Руфь.

— Канча жашта болду экен?

— Жыйырмадамын дедиби, же жыйырма бирдемин дедиби, айтоор жаш эле. Бирок, өз жашынан улуураактай көрүнгөнсүдү менин көзүмө.

«Демек, мен андан үч жашка улуу турбаймынбы» — деп ойлоду да Руфь, бир туугандарынын беттеринен өөп коштошуп, аларга жакшы жатып, жай турууларын каалап, өз бөлмөсүнө кирип кетти.

III ГЛАВА

Мартин Иден тепкичтен түшүп баратып чөнтөгүнөн бир чымчым мексика тамекисин алып чыгып, жука күрөң күрүч кагазга тамеки орой кетти. Ал кумары таркаганча тамекинин түтүнүн удаа-удаа соруп, андан кийин жай гана жогору көздөй үйлөп жатты.

— Кызыгың түшкүрдүкү десе! — деди ал жыргалдана түшкөндөй таң калуу менен. — Кызыгың түшкүрдүкү десе! — деди ал кайталап, бир аз унчукпай калып, андан кийин дагы бир жолу: — Кызыгың түшкүрдүкү десе! — деди. Андан кийин ал жакасын чечип чөнтөгүнө тыкшырып салды. Эшикте жамгыр карга айланып, шыбактатып жаап жаткан экен, бирок Мартин айланасындагы эч нерсеге көңүл бурбастан, жылаңбаш, кемселинин боору ачык басып келе жатты. Ал күндүн жаап жатканын тоотуп да койгон жок. Ал өзүн-өзү унутуп жибергендей боло түшүп, түшүндөгүсүн өңүндө көрүп жаткандай болуп, башынан өткөргөндөрүнүн бардыгын көз алдынан күңүрт элестетип чыкты.

Мына, ал өзү мурдатан бери элжиреп, эңсеп жүргөн кызына эми жолукту, жолукканда да күтүлбөгөн жерден жолукса болобу? Бирок ал эмнегедир аялдар жөнүндө көп ойлонуучу эмес эле: ошондой болсо да, ал качандыр бир кезде эңсегеним жолумдан өзү кездешип калышы да мүмкүн деген күңүрт, үмүткөр ойлордо болуп жүргөн болучу. Эми ал, — ошол күткөн кызы менен бир столдо олтуруп, бирге тамак ичип, колунан бекем кыса кармап, жылдыздай жайнаган көздөрүнө эркинче тигиле карап олтурат. Бул минутада анын көздөрүнөн ал чексиз сулуулук менен боорукерликти көрүп кумарданды. Руфтун денеси Мартин

үчүн жөн эле дене болбостон, кандайдыр бир бөтөнчө, асыл дене болуп сезилди. Башка аялдардын денеси жөнүндө болсо ал мындай жогорку түшүнүккө эч качан келген эмес эле. Кала берсе Руфтун денеси ага кол тийгиздей жана табийгаттын эч кандай кырсыктарына дуушар болууга тийиш эместей көрүндү. Анын денеси жалаң гана мөлтүр булактай таза жүрөгүнүн жайы болбостон, асылдардын асылынан жаралган жанынын, наристедей таптаза жана сүрөттөп айтып бере алгыс сулуулуктун кудайынын денесиндей эле. Бул сонун элес Мартинди таң калтырып, анын эргиген кыялдарын бир пастын ичинде терең ойлонууга түшүрдү. Ушул убакка чейин кудай жөнүндө бир дагы сөз, бир дагы кеңеш алуу, бир дагы ишаара кылуу анын оюна да келип койгон эмес. Ал кудайга эч качан ишенбей турган. Ал дайыма динсиз адам болуп, попторду жана жандын өлбөстүгү жөнүндө жазылган келжирек чыгармаларды мазактап келген. Ал өзүн-өзү «тигил дүйнөдө» эч кандай жашоо жок жана болууга да мүмкүн эмес; бардык жашоо, турмуш, кыймыл ушул гана жарык дүйнөдө, ал эми «тигил дүйнө» деген нерсе болсо, барып турган келжирек сөз, — ал бар болгону түбөлүк караңгылык гана болуп саналат, — деп дайыма кайталап, өзүн-өзү ынандырып жүрүүчү. Бирок анын азыр Руфтун карегинен көрүп турган нерселери — бул чындыгында эле өлбөстүктүн дал өзү. Ал мурда өзү билген эркектер менен аялдардын бири дагы анын көңүлүндө өлбөстүк жөнүндөгү азыркыдай ойду жарата алган эмес. Ал эми Руфь болсо андай ойду жаратты! Ооба, ал жаратты! Мартин ага бир караганда эле бул жөнүндө сезген. Руфтун жүздөрү азыр дагы анын көз алдында ак куба тартып, токтоо, сүйкүмдүү жана делебени козгой жанып кадим периштелер сыяктуу өтө назик, сырдуу жылмайгансыды! Анын сулуулугу Мартинди айран таң калтырып, жүрөгүн чексиз козгоп, элжиретип жиберди. Ал дүйнөдө жакшылык менен жамандыктын дайыма катар жүрө тургандыгын жакшы билчү, бирок бул жандуу турмуш кубулушунун бир белгиси болгон дал ушундай азистик жөнүндөгү ой анын башына эч качан келбеген. Азыр болсо, ал Руфтан бардыгын өзүнө бириктирип турган түбөлүк өмүрдүн өзү болуп саналган азистикти, боорукерлик менен адептүүлүктүн эн жогорку даражасын көрүп тургансыды.

Ушул замат атак даңк болуп, өлбөстүккө жетишүүнү каалаган сезим кучагына тартып кетти. Ал гана эмес, ал өзүн бул кыздын кулу болууга да татыктуу эместей элестетип, ал эми, аны менен кечке дейре олтуруп аңгемелешкенин болсо, күтүлбөгөн жана фантастикалык ийгилик деп санады. Албетте, бул чындыгында кокустук гана эле. Экинчиден бул үчүн анын эч кандай деле кызматы да өткөн эмес. Кала берсе, ал мындай бактыга татыктуу да эмес эле. Диндик көз караш менен жөрөлгө ушул замат анын бүткүл аң-сезимин өзүнө тартып, азгырып, бийлеп алгансыды. Ал бир заматтын ортосунда жарык дүйнөнүн жыргалынан баш тартып, жанынан кечип салгап кишиге окшошо калды. Мындай учурда күнөөкөр адам өзүнүн жаңылыштыгын мойнуна алып, кемчилигине өкүнүп, кечирип коюуну далбас уруп суранат эмеспи. Анын да айыбы аябай ашкереленип турган. Ал өзүнүн кылган күнөөсүнө өзү катуу өкүнүп жана жалынып, жалбарып кечирим сураган күнөөкөр сыяктуу сезип, ошол эле учурда келечектеги бактысы Руфка жетүүнү көз алдына ачык-айкын элестетип, өтө кубана түштү. Бирок, бул таттуу тилек жөнүндөгү анын ойлору тумандана түшүп, мурдагы ушул сыяктуу ойлоруна таптакыр окшой бербеди.»Даңктуу болсом деген жаркыраган тилек ага канат бергенсип, ааламдын чексиз тереңинде Руфь менен бирге канат сермеп, кайкып учуп жүргөндөй, чырайлуу жана эң сонун кооз нерселерге бирге суктанышкандай, аны менен бирге жүрөк сырларын чечишкендей боло түштү. Бул кыялдануу, бардык одоно, орой нерселерден

www.bizdin.kg

тазаланган көңүлдүн кандайдыр бир өтө бийик көтөрүлүшү жана ой жеткис жаш кыялдардын өз эрктери менен бирге кошулушу эле. Ал оюнун акырына чыгууга аракеттенген да жок. Ал деги эч нерсе жөнүндө ойлонбоду. Анын акыл-эсин жана жүрөгүн мурда эч качан болуп көрбөгөн кандайдыр бир күчтүү сезимдер бийлеп, бул толкун аны чыныгы турмуштун чегинен сыртка чыгарып, алда кайда алыс алып кеткендей болду. Ал кадимки мас кишидей темтеңдей түшүп, өзүнчө акырын кобурап баратты:

— Кара баскырдыкы! О, кара баскырдыкы десе!

Бурчта бакмалап турган полицейский ага шектүү көз карашын кайра-кайра жиберип, басышынан анын суучул экенин байкады да:

— Ой, мынчалык кайдан ичтиң? — деп сурап калды.

Асманда кайкыган Мартин жерге кайра келди. Ал
башынан эле сырткы чөйрөгө жараша тез өзгөрүлүп кетүүгө ийкемдүү жигит эле. Ошондуктан полицейский- дин үнүн угар замат, эсине келе түштү.

— Шумдугуң кургурдуку! — деди күлүп жиберип, — мен өзүм менен өзүм сүйлөшүп келе жатканымды билбей калган турбаймынбы.

—- Дагы бир аздан кийин, ырдап жиберсиң го деймин? — деди полицейский анын абалын аныктап.

— Жо-ок, андай болбойт. Андан көрө, ширеңкеңиз болсо, руксат этип коюңузчу, чылымды күйгүзүп алып, тезирээк трамвайга түшүп үйдү көздөй көздөн кайым болоюн.

Ал чылымын күйгүзүп алып, полицейскийге түнкү күзөтүнүн бейпил болушун тилеп, андан ары жүрүп кетти.

— Кандай дейсиң, ыя? — деди ал өзүнө-өзү болдурап, — бул кеңкелес, мени мас деп ойлосо керек? — ал күлүмсүрөп койду да, мындай деп ойлоду: «Айтмакчы, мен чындыгында эле мас экенмин; ургаачынын сулуулугунан ушунчалык мас боломун деп ойлогон эмес элем да, капырай».

Телеграф — авенюнун жанынан ал Берклини көздөй бара жаткан трамвайга секирип түштү. Вагондун ичи студенттик ырды созолонткон жаштарга жык толтура экен. Ал аларга кызыгуу менен карай баштады. Бул ырдап бара жаткан жаштар университеттин угуучулары боло турган. Булар да Руфь катышкан эле лекцияларга катышып, Руфь чыккан чөйрөдөн чыгышкан жана аны менен каалашса качан болсо да таанышып, качан болсо да көрүшө турган жаштар. Бирок, муну алар каалашпай тургандыгын, Руфь менен аңгемелешүүнүн, ага суктанып жана урматтоо менен берилүүнүн ордуна, көрүнгөн жерде максатсыз шалакташып жүрүүнү артык көрүшөрүн көрүп, таңыркап кетти. Эрди салаңдаган жапкак көз бир студентке анын көзү түшө калды. Бул жүүнү бош бир сөлпүк окшойт, — деп ойлоду ал. Эгерде кемеде болсо суу жүрөк, токмоктон башы кутулбаган бир шордуу жана жеткен ушакчы сөрөй болмок экен. Ал өзүнүн ушул мадыра баштан алда канча өйдө турганын түшүнүп, аябай сыймыктанды. Бул ой аны Руфка жакындата түшкөндөй да болду. Жана ал өзүн ушул студенттер менен салыштырып көрдү. Ал өзүнүн булчуңдуу дене түзүлүшүн эсине түшүрүп, күч жагынан келгенде булардын кимисиң кана болбосун бир койгондон чыгарбай тургандыгын билди. Бирок, бир гана нерсе, булардын баштары билим менен сугарылган эмеспи, ошондуктан алардын бир артыкчылыгы Руфь менен маданияттуу сүйлөшө алышат. Бул ой Мартиндин көңүлүн төмөн чөгөрүп жиберди. Бирок ошол замат ал, баш мага бекеринен берилген эместир деп ойлоду. Алар билгенди мен эмне биле албаймынбы? Биле алам! Ал турмуштун катаалдыгын башынан өткөрүп, аны менен алп урушуп жүргөн кезде, тигилер

www.bizdin.kg

турмушту жаңыдан гана китеп- терден үйрөнө башташкан эмес беле. Анын башы дагы билим менен байыган баш, бирок ал билим саал башкачараак билим. Кана, алардын кимиси парусту кере, рулду башкара, вахтага тура алат? Эч кимиси. Анын коркунучтарга толгон, эрдик менен ач-арыктыкка туруштук берген мээнеткеч өмүрүнүн жылдары көз алды- нан каркырадай тизилип өттү. Окуп жүргөн мезгилдеги башынан өткөргөн окуяларынан бардыгы азыр эсине түштү. Бирок, ал дагы эле болсо, али намысын алдыра элек. Качандыр бир кезде аларга да чыныгы турмуш менен кездешүүгө, Мартин көргөндөрдүн бардыгын көрүүгө туура келмек. Демек, эң сонун. Өзү башынан өткөрүп, көрүп билгендерди тигилер көрө баштаганда, ал китептер дүйнөсүнө саякат жүргүзүп, турмуштун илимий жактары менен таанышат.

Трамвай Окленд менен Берклинин ортосундагы кээ бир жеринен курулуштар көзгө чалдыга түшкөн, анча кең эмес мейкиндик менен келе жатты. Мартин Иден эшигинин үстүндө «Хиггинботамдын чекене дүкөнү» деген жазуусу бар үйдүн тушуна трамвайдын тез келип жетишин зарыгуу менен күттү. Акыры трамвай үйдүн жанына тушма-туш келе бергенде, ал андан секирип түшүп, жазууга бир мүнөтчө кез жүгүртүп токтоп калды. Мартин бул жазуудан анын маанисине гана эмес, андан дагы көптөгөн нерселерге түшүндү. Жеткен өзүмчүл, митайым жана кунарсыз, көпкөлөң, адам экени анын Хиггинботам деген атынан тамгасынан эле көрүнүп тургансыды. Ал эми бул Бернард Хиггинботам болсо Мартиндин эжесин алган киши да, мына ошондуктан Мартин анын сырын беш колундай билет. Мартин ачкычы менен эшикти ачып, үйдүн экинчи кабатына көтөрүлдү. Бул жерде анын жездеси турат. Дүкөн үйдүн алдыңкы кабатында орношкону менен андан келген чириген жашылчалардын сасык жыты экинчи кабатты каптап турат. Ал караңгы оозгу үйдө баратып, жээндеринин биринин жыйнабай унутуп койгон оюнчук арабасына чалынып кетип, эшиктин каалгасына тарс этип урунуп алды. «Акмак битир, — деп ойлоду ал ичинен, — мындагы жашаган адамдар чалынып жыгылып бети баштарын айрытып, албас үчүн газга эки цент ашыгыраак төлөп коюуну да аянат».

Ал сыйпалап жатып, эшиктин туткасын арап таап, аны ачты да, эжеси менен Хиггинботам олтурган жарык бөлмөгө кирип келди. Эжеси күйөөсүнүн дамбалын жамап олтурган экен. Хиггинботам болсо күрөктөй болгон буттарына апкыты майрыйта басылып, кепшири кеткен тапичкесин илип алып, эки стулга жайыла төшөлгөн газетти окуп олтурган эле. Ал колундагы газетинен ашыра Мартинди көздөй жутуп жибере тургансыган митаам көз карашын тигилтип калды. Мартин Бернардды башынан эле итатайындай жек көрө турган. Мындай акмактын эжесине эмнеси жакканын ал түшүнө албады. Ал Мартинге жүзүкара адамдай көрүнүп, кыжыры кайнап, эки чайнап бир жутуп, көздөрүндө огу болсо аны атып жибергиси келип кетти. «Шашпа сени, акыры бир күнү тумшугуңду гана талкалаармын» деп ал ичинен ойлонду. бул ой ага өзүн сооротууга жардам бергенсиди. Тигинин каардуу, жырткыч айбандыкындай көз карашы Мартинди көздөй тигиле калды.

— Эмне болуп кетти? — деп сурады Мартин.

— Каалганы өткөн жумада эле сырдаттык эле, — деди мистер Хиггинботам же кыңкыстаганы, же каарданганы билинбей, — сен билесиңби, союздар азыр кандай көп акы алышарын? Этият болсоң болбойбу.

Мартин бул сөзгө келиштирип жооп бермек эле, бирок, баары бир анысынан эч натыйжа чыкпасын жакшы түшүнүп, өзүн өзү кайрадан кармап калды. Бул жагымсыз окуядан көңүлүн алагды кылыш үчүн ал дубалдагы илинип турган

www.bizdin.kg

хромолитографияга көз чаптырды. Ушул замат ал айран таң кала түштү Ал тургай аны биринчи жолу көргөндөй өз көзүнө өзү да ишенбей кеткенсиди.

Себеби бул сүрөт ага мурда өтө жагуучу эле, ал эми азыр болсо, ушул кепедеги башка буюмдарга окшогон эле кунарсыз бир нерсе болуп көрүндү Анын көз алдына өзү азыр эле келген үйү элестей түшүп, бул элестерден ал алды менен дубалдагы илинип турган татынакай сүрөттөрдү, анын соңунан коштошкондо жагымдуу жылмайып колун кыскан Руфту көрдү. Ал ушул минутада өзүнүн кайда турганын сезбей, Бернард Хиггинботамдын дүйнөдө жашап жатканын же жатпаганын унутуп, качан гана ушул аты аталган жентельмен:

— Көзүңө эмне, арбактар көрүнүп жатабы? — деп, тумшугунан бир тийгенге чейин сүрөттөн көздөрүн албай карап тура берди.

Мартин ары-бери эсине келе түшүп, тигинин ачуулуу жана митаам көздөрүнө бир карап алды да, бул көздөр ээси дүкөнүндө «мал» өткөрүп жатканда суктуу, жагынычтуу, бөйпөңчүл жана кулдукундай баамчыл, кошоматчыл болуп кетери көз алдына тартыла түштү.

— Ооба, — деп жооп берди Мартин, — мен арбактар менен сүйлөшүп жатамын. Жакшы жатып жай туруңуз! Жакшы жатып жай туруңуз, Гертруда!

— Ал эшикти көздөй баратканда килемге дагы чалынып кетип, аз жерден жерге күп дей түшө жаздады.

— Эшикти катуу жаппа, — деди эскертип, мистер Хиггинботам.

Мартиндин куйкасы куруша түшүп, бирок сабыр кылды да, эшикти тиги каалагандай акырын жаап, бөлмөсүнө кирип кетти.

Мистер Хиггинботам аялына табалуу карады да: — Мас көрүнөт, — деди үндөрү киркирей түшүп, — мунуң ичип кетет деп мурда эле айтпадым беле!

Аялы байкуш жазакерлүү баш ийкеп: — Чын эле, көздөрү коюуланып тургансыйт. Мойнундагы жакасы да жок, үйдөн тагынып кеткен эле. Мүмкүн ал анчалык деле көп ичкен эместир.

— Кантип көп ичкен жок?! Көрбөйсүңбү, сокурсуңбу? Эми эле жыгылып кете жаздабадыбы?! Дүлөй болбосок, оозгу үйдөн тарс этип чалынып кеткенин уккан жоксуңбу? Ия?! — деди күйөөсү ачуусун төгүп каарданып.

— Караңгыда көрбөй Алисиндин арабасына чалынып жыгылып кете жаздаса, кете жаздагандыр, анын эмнеси бар экен? — деп жооп берди ал титиреген үн менен.

Мистер Хиггинботамдын ачуусу ого бетер келип, күрсүлдөп кирди. Анын кечке дейре ойлогон ою күн тез эле батса, сатып алуучулардан тез эле кутулсам да, үйгө келип, эркимче өзүм менен өзүм болсом, деген гана максат боло турган.

— Мен сага айтпадымбы, сенин теңдеши жок бир тууганың мас!

Ал бул сөздү албууттанып, заарын төгүп ташка тамга баскандай айтты. Аялы унчукпастан кайгыга чөмүлдү. Бул семиз жана борпоң, тыкан кийине албаган, өз салмагынан өзү жүдөгөн, оор иштин түйшүгүнөн жана күйөөсүнүн такай көрсөткөн запкысынан эси эңгиреп, шайы ооп калган бир шордуу аял эле.

— Мунуңдун бул аракечтиги анын атасынан калган мурасы, — деди тиги үнүн тергөөчүнүкүндөй чыгарып, — атасы түшкөн жолдон мунуң эми өлсө дагы артка чегинбейт. Ушуну билип койгун!

Гертруда туура дегендей дагы башын ийкеп, үшкүрүнүп алды да, колундагысын кайра тиге баштады. Мына ушинтип, ал экөө тең Мартинди өтө мас деген тыянакка келип токтолушту. Бул экөө тең турмуш жыргалчылыгын билишпеген сезимдери сокур кишилер болучу, болбосо бул жалындаган көз

www.bizdin.kg

караш, нурданган жүздөн, балалык махабаттын алгачкы чагылышын сезишип жана түшүнүшөт эле го?;

— Эми мунун жаман үлгүсү, балдарды бузуп балээ кылат! — деп дагы күтүлбөгөн жерден бакырып жиберди Хиггинботам, аялынын дың дебей олтурганына жини келип. Кээде ал аялынын көбүрөөк каршылык көрсөтүп турушуң каалоочу эле. — Эгерде бул дагы экинчи жолу кайталана турган болсо, бул үйдөн караанын көрсөтпөй жоголсун. Билдиңби? Мен күнөөсүз жаш балдар мунун мас кебетесин көрүп, алар дагы бузулуп кетишин каалабаймын! — Мистер Хиггинботам көп учурда газеттен окуган сөздөрүн пайдалана коюучу. — Ооба, бузулуп кетишин. Башкача эмне деп айтмаксың?

Аялы байкуш мурдагыдай эле үшкүрүнүп, башын ийкеп, тигүүсүн уланта берди. Мистер Хиггинботам газетин колуна кайра алды.

— Өткөн жума үчүн акча төлөдү беле? — деп сурады күтүлбөгөн жерден окуган кезитин саал токтото коюп, мистер Хиггинботам.

Аялы ооба дегендей башын ийкеди.

— Анын азырынча акчасы бар.

— Ал саякатына кайра жакында кетет бекен?

— Акчасы түгөнөрү менен эле жөнөшү керек, — деп жооп берди Гертруда, — ал кечээ эле Сан-Франциского барып, пайдасы түзүк кеме издеп келди. Анын колунда азыраак акчасы бар. Ошондуктан ал көрүнгөн эле кеме менен сүйлөшүүгө барбайт. Ал абдан кылдат.

— Дагы эмне дейсиң? Кемелердин малайы көпкөндүгүн койбоду го! — Мистер Хиггинботам анткор жылмайып койду, — Тандаганды билет! Өтө кылдат! Карасаң дегеле!

— Ал катылган байлыкты издеп алыс жакка бара турган бир кайыкча жөнүндө сөз кылганын уккам. Эгер аны күтүүгө акчасы жетишсе, ал ошону менен кетүүсү мүмкүн.

Эгерде ал бул жерден бирдекеге орношкусу келсе, мен өзүмө кирээчи кылыпделе алар элем, - деди күйөөсү күнк этип, териси жыйрыла түшүп. — Том кеткени жатат.

Аялы ага чоочулагандай суроолу көз карашын жиберди.

— Бошоп кетти. Ал Каррузеристерге которулганы жатат. Ал жерде биздикине караганда көбүрөөк акы төлөйт. Мен алардай көп төлөй албайм.

— Мына, көрдүңбү! — деди Гертруда кыйкырып, — мен сага анын иштеген ишине караганда акыны аз төлөп жатасың деп айтпады белем.

— Билип кой эми кемпир, — деди Хиггинботам каардануу менен жооп берип, — мен сага башка бирөөнүн ишине киришпегин деп канча ирет айттым? Кеминде миң жолу айттым окшойт. Эми айтсам майнеке болоюн.

— Эмне кылсаң, эми өзүң бил, — деди аялы үмүтүн үзгөндөй улутунуп, — бирок, Том жакшы жигит болучу.

Күйөөсү ага каардуу тикирейе түштү. Бул көз караш анын аялына ок менен аткандай тийди.

— Эгерде сенин бир тууганың жалкоо болбогондо, ал кирээчи деле болуп иштеп кетмек.

— Ал ичкен оокаты менен жаткан үй акысын тыкандык менен эле төлөп келе жатат, — деди аялы кесе сүйлөп. — Ал менин бир тууганым жана күңк-мүңк дей турганыңдай ал сага эч нерсе деле карыз эмес. Мен да адаммын го, жети жыл сени менен бекерге жашаптырмынбы?

www.bizdin.kg

— Сен ага, эгерде түнкүсүн китеп окуй турган болсо, газ үчүн акы төлөй тургандыгын эскерттиң белең же жок белең?! — деп дагы корс этип сурап калды ал.

Миссис Хиггинботам үн каткан жок. Анан соң анын ачуусу бир аз тарап, чарчаган денесине кайрат-күч кайрадан кире баштагансыды. Ал эми күйөөсүнүн табасы кангансып кубанганын айтпа. Чечекейи чеч, көңүлү чамгарактанат. Анын чекирейген көздөрүнөн кайрадан каардануу жана түштү. Ал аялын кыңк эттирбей баш ийдирип, текке салып алганына өтө корстон, эмне десе лепилдеп баарын аткарып турат. Ал эми мурда болгондо балээни минтмек эмес. Анда бала бастынын түйшүгүнө алдыра, жеме сөздөрдөн басына элек мезгили болучу.

— Болуптур анда, бүгүн айтпасаң эртең айтарсың, — деди ал, — Баса, унутуп кала элегимде эсиңе салып коёюн, эртең Мэриенди чакырат, балдарды багып берсин бир күнгө. Мен болсом баягыдай Том жок, «малга» өзүм барууга туура келет, сен болсоң менин ордума дүкөн кармайсың.

— Эртең кир жууй турган күнүм менин, — деди Гертруда олку-солкулуу.

— Анда, эртең эртерээк тур, баарына жетишесиң... Мен саат ондон эрте келе албайм.

Ал ачуусу келүү менен газеттин экинчи барагын шарт оодарды да, аны кайрадан окууга киришти.

IV ГЛАВА

Мартин Иден караңгы оозгу үй аркылуу өзүнүн бир керебет, бет жуугуч жана бир тапиретке гана араң сыярлык тар бөлмөсүнө келатканда да, жездеси менен болгон кагылышуунун таасири анын көңүлүнөн кетпей, кулагын жагымсыз жаңыртып турду. Мистер Хиггинботамдын өлчөөсүз сараңдыгы ушул, аялынын анча-мынча ишке жарамдуулугуна таянып, кызматчы аял жалдап алуу оюна да келип койбоду. Анын үстүнө бир эле кишилик бош бөлмөгө эки адамды киргизип койгон. Мартин Суинберн менен Броунингди тапиреткенин үстүнө койду да, кемселин чечип керебетине көчүк басты. Денесинин оордугунан керебеттин зымдары кычырап, ийиле түшкөнүнө ал көңүл да буруп койгон жок. Бутун чечмекке ал төмөн эңкейе бергенде, бет маңдайындагы дубалдын боорунан төмөн көздөй куюлуп түшкөн тамчынын изин көрө коюп сестейе түштү. Мына ушул булганган дубалдын аппак бетинде анын көз алдына ар түрдүү элестер келе калып, кайра тез жок болуп кетип жатты. Ал бутун чечүүнү унутуп, көпкө чейин мына ушул дубал боорунан көзүн албай карап турду да, анан эриндерин бүлк эттире «Руфь!» деп акырын шыбырап жиберди.

«Руфь!» «Жөнөкөй тыбыштын ушунчалык уккулуктуу болорун Мартин эч качан ойлоп да койгон эмес эле. Бул тыбыш ага сүйкүмдүү угулуп, кумарлануу менен бир нече жолу «Руфь, Руфь» деп кайталап да жиберди. Ал анын атын ушинтип утуру кайталаган сайын, Руфтун элеси кез алдына даана келип, анын ачык жүзү тигил тамчынын изи калган дубалдын боорун сыйкырдуу тумардай нурдантып тургансыды. Бирок, бул нурдануу дубал бетинде көпкө турбады, ал ошол замат чексиз тереңдикке житип көздөн кайым боло түштү, эми ал ошол чексиз мейкиндиктен кыз жүрөгүн издегенсип, рахатка чөмүлүп, ал гана эмес, Руфь жөнүндө ойлоонун өзү эле аны куштарлантып, жогорку-жогорку бийиктиктерге үндөп, болгон ички жакшы сапаттарын сыртына ташкындатып чыгарып, азыркыдан да жүз, миң эсе жакшы болууга чакырып жаткансыды. Бул анын өмүрүндөгү кандайдыр бир жаңылыктай сезилди. Ушуга чейин Мартин мурдагыдан да өзүн мыкты болууга мынчалык таасирленткен аял затын эч качан

www.bizdin.kg

жана эч жерден кездештирген эмес. Тескерисинче, ага жолуккан аялдар аны жапайы айбан сыяктантып жиберишкен да болучу. Бирок, алардын көпчүлүгү кедей болушса да ал байкуштар өздөрүнүн бар болгон кымбат нерселерин андан эч бир аяшчу эмес. Бирок алардын бул жакшы сапаттарын Мартин сезип жана ага баа берип коюучу эмес. Мартин аялдардын жүрөгүн куштарлантууга кандайдыр бир өзүнүн бөтөнчө жөндөмдүүлүгү бар экенин билчү да жана ал турмак аялдардын көпчүлүгү анын артынан өздөрү чуркашкандыгынын себептери эмнеде экендигине кызыгып да коючу эмес. Дагы анын аялдарга өзү көз кыспаганын мындай коёлук, тескерисинче ага аялдар жогоруда айтылгандай өздөрү жабышып, алдынан тороп турушчу. Кээлеринин анын алдында өздөрүн ушундай бир жакшы кармап, жагууга аракеттенишип турганын көрүп турган ар бир адам таң калбай коймок эмес. Ал эми Мартин болсо мунун бардыгына кош көңүл гана мамиле жасап, көңүл бурбай өтүп кете берүүчү. Мунун себеби тигил аялдар өз чөйрөлөрүнө жараша баш аламан жана өтө ыплас жашаша турган. Бул Мартинге түк жакчу эмес жана жийиркеничтүү таасир эте турган. Мартинди да алар өздөрү менен кошо бузуп жибере жаздашканы али эсинен чыга элек. Бирок, ошондой болсо да бул жерде Мартиндин аларга да, өзүнө да жасаган мамилеси акый- каттуу эмес мамиле эле. Бирок ал бул кемчиликтерин түшүнө элек эле, анткени ал мындай татаал нерселер жөнүндө али терең кыялданып, ой жүгүртүп көрүүгө толук үлгүрө элек кези эле жана ал өзүнүн жакындагы эле бир бузулуп кеткендиги жөнүндө эсине кылт дей түшүп, денеси чымырап, жүздөрү кызарып да кетти.

Мартин ушул замат кол жуугучтун үстүндөгү илинип турган күүгүм тарткан күзгүгө жүзүн бурду. Ал күзгүнүн бетин сүлгү менен тазалап аарчып, андан өзүн көпкө чейин жакшылап карап чыкты. Чындыгында ал өзүн дал мына ушинтип биринчи жолу гана карашы эле. Анын көздөрү чындыгында көрүү үчүн жаралган болсо да, ушул убакка чейин дүйнөнүн тынымсыз өзгөрүлүп турган тышкы түрүнө гана көз чаптырып, ал эми өзүн- өзү жакшылап карап алууга анын убактысы жетишкен эмес экен. Ал азыр өзүнүн көз алдынан жыйырма жаштагы жаш жигиттин өңү-түсүн көрүп, бирок бул өң сулуубу же жокпу ачык айта албады, анткени минтип айтууга ачык негиз анда жок эле. Ал өзүнүн кашкайган кең маңдайынын үстүнөн барпайган кара коңур тармал чачтарына кылдат көз чаптырды. Бул тармал чач аялдарга абдан жагуучу жана алар аны сылаганды, бириндетип иргегенди жакшы көрүшө турган, бирок ал Руфь үчүн бул чач кымындай да маániге ээ болбойт деп түшүнүп, чачтарына тигилген көз карашын, эми бардык ынтаасы менен маңдайына жиберди. Бул эмнеге жөндөмдүү маңдай болду экен жана мунун ар жагында эм- нелер жашырынып жатат болду экен? — дегендей кыялдарга чөгө түшүп: — Бул кандай мээ болду экен? Бул мээден эмнени күтүүгө болот? Аны кандай тагдырга туш кылат? — деп кайталап сурап жиберди.

Ал аны Руфка жеткиреби?

Ал дагы өзүнөн-өзү: бул бозомтук-көгүлтүр, кээде күн нуруна чагылышкан деңиздин кадимки көк-жашыл бетиндей кубулган көздөрүмөн жүрөгүмдүн жалыны көрүнөбү деп сурады. Ал көзүм Руфка жагар бекен деп ойлонду. Ал өзүнүн көзүнө Руфь кантип карай тургандай кылып кароого аракет кылып көрдү, бирок бул аракетинен эч нерсе чыкпады.»Демейде ал башка адамдардын ой-пикирин оңой-олтоң эле билип алуучу, бирок бул адамдардын турмушу ага беш колдой абдан жакшы белгилүү эле да. Ал эми Руфтун турмушу болсо ага чытырман токой эле. Руфь ага табышмак да, укмуш да жан эле, анан кантип,

www.bizdin.kg

кайдан ал анын оюн таба алмак? Ошенткени менен, — деп чечти ал акырында, — бул жылдыздай нур чачкан көздөрдө бир жакшы жери — арамдык да, кара ниеттик да жок. Өзүнүн кара торулугу аны таң калтырып жиберди: ал эч качан өзүн ушундай кара тору болуп калам деп ойлогон эмес эле. Ал көйнөгүнүн жеңин өйдө түрүп, чыканагынын жогору жагындагы колунун агын бетинин үстүнө салыштырып көрдү. Чынын айтканда өңү агыраак болуп чыкты. Анткени анын колдорунун териси да күнгө күйгөн болучу. Мындан кийин ал чыканагын бүктөп, кары булчуңун жыйып, күнгө күйбөгөн этинин ак жерин издөөгө аракеттенди. Анын колунун күн көрбөгөн бул жери абдан апапак эле. Ал күзгүдөгү бозомук тарткан өңү качандыр бир кезде апапак болгондугун ойлонуп, кубангандыгынан күлүп жиберди. Ал ушул өзүнүн күнгө күйбөгөн эти сыяктуу ак денеси менен мактана турган аялдар дүйнөдө анчалык деле көп эмес экендиги жөнүндө ойлонуп да койгон жок.

Эгерде ал ачууланган кезде көнүмүш адаты боюнча жука эриндерин өңүнө каардуулуктун, кала берсе турмуштан безгендиктин белгисин бергендей кылып жыйрыбаган болсо, анда анын оозу кадимки пайгамбардыкындай болуп көрүнмөк эле. Бул тим эле жоокер менен ашык жигиттин эринининин өзү болучу. Бул эриндер кумардан чыкканча турмуш менен жыргалдана жана кези келсе аны бийлеп да алышчу. Анын ээги жана саал ылдый салаңдаган төмөнкү жаагы анын жүзүнө үстөмдүк кылуунун белгисин берип турат. Ал өтө сезгич жигит. Мына ошондуктан ал чыныгы кооздукту сүйүп, шаңдуу жүрүүнү жактыруучу... Ал эми, жылмая караганда эч качан ооруп, тиш доктуруна кайрылууну билбеген анын күмүштөй тиштери жаркырай түшөт. Ал күзгүдөн жакшылап карап отуруп, алардын апапак, бекем жана тегиз экендигин байкады. Бирок ошол замат ал эмнегедир уялып кетти. Ал аңгыча болбой, кээ бир адамдардын тиштерин күн сайын тазалай тургандыгын эсине түшүрдү. Ал адамдар жогорку таптын, Руфь таандык болгон таптын адамдары. Балким Руфь дагы күн сайын өзүнүн тиштерин тазалап, жууп турса керек. Эгерде Руфь анын өмүр бою тиштерин бир да жолу тазалабагандыгын билсе, эмне деп ойлойт? Ал эртең эле тиш щетка сатып алып, аны менен тиштерин дайыма тазалап жүрүүнү оюна тутуп койду. Жалгыз гана эрдиктер менен Руфту жеңип ала албайсың. Ал тишин тазалоодон тартып, ага тагынуу дайыма кандайдыр бир эркин басындыргандай жагымсыз сезилсе дагы крахмалдуу жаканы тагынууга чейин оңолуп, бардык жагынан өзгөрүлүүгө тийиш.

Мартин колун өйдө көтөрүп сөөмөйү менен алаканынын чорун чукуду да жана анын арасына кирип кеткен, щетка менен тазаласаң да кетпей турган топурактын издерине көз жиберди. Ал эми Руфтун алаканы кандай сулуу! Кала берсе аны эстөө да кандай жагымдуу. Кадимки роза гүлүнүн таажысындай назик; кардай жеңил жана салкын. Мартин аял колу дал мына ушундай жум- шак жана назик болору жөнүндө эч качан шек санаган да эмес. Ал ушундай колдун эркелетиши адамга кандай кубанычты алып келерин ойлонуп, беттери кызарып өзү катуу уялып кетти. Руфка карата болгон өзүнүн бул ою ага одоно жана Руфтун ички дүйнөсүнүн сулуулугун кемсинткендей сезилип кетти. Анткени, Руфь өтө назик жана жерден эң алыс, — ай-ааламдын кайсы бир бурчунда кайкып-сызып жүргөн пери сыяктуу жан. Ошенткени менен ал Руфтун жумшак алаканы жөнүндөгү элести кез алдынан кетире албады. Ал үй жумуштарынын түйшүгүнөн шайы кетишкен фабрикалык кыздар менен аялдардын оор жумуштун таасиринен пайда болгон катуу жана одоно колдоруна жакын болуп, өзүнчө көнүп да калган эле. Ооба, ал эмне үчүн алардын колдору одоно болгондугунун

www.bizdin.kg

себебин жакшы түшүнүүчү. Руфтун колдорунун жумшак жана назик болгондугунун себеби — ага кара жумуш деген жат, чоочун. Ал кээ бир адамдарга жашоо үчүн, көрсө, иштөөнүн да зарылдыгы жок экендигин ойлонуп, мына ошондуктан Руфка өзүнүн тең келе албастыгын сезип, эмнегедир каңырыгы түтөгөнсүй түштү. Ушул замат анын көз алдына ак сөөктөрдүн образы, жумуш деген эмне экендигин билишпеген адамдардын образы келе калды. Кирдүү дубалдын боорундагы бул образ ага кадимки колдон жасалган мүчө сыяктуу менменсинип, өзүнө эч кимди теңсинбегендей да, сүрдүү да болуп көрүндү. Мартин эс тарта баштагандан тартып эле, өз алдынча иштей баштаган, анын үйүндөгүлөрүнүн бардыгы тең адал эмгек, маңдай тер менен жан сакташып келишкен. Мисалы, анын эжеси Гертруда да эмгек менен чоңойгон. Анын кир жуудан талыган колдору шишип, кызарып чыга түшчү. Же анын башка бир эжеси Мэриненди алсак ал дагы ошондой, консерва заводунда иштеп жүрүп, анын кичинекей назик колдорунда помидор туураган бычак менен кесилген жери сансыз эле. Мындан башка дагы ал өткөн кышта картонаждык фабрикада иштеп жүргөнүндө, машинеге колунун эки манжасын алдырып алган. Анын көз алдына энесинин табытта кайчылашып жаткан одоно колдору элестеди. Атасы дагы өзүнүн бүткүл өмүрүн эмгек менен өткөргөн киши болгон. Мына ошондуктан анын алаканынын чорунун калыңдыгы беш эли болгон. Руфтун колдору, жалаң гана анын колдору эмес, анын апасынын жана анын бир туугандарынын колдору да өтө назик колдор. Эң акырында, аны бөтөнчө айран-таң калтырган нерсе — ал экөөнүн ортосун асман менен жердей бөлүп турган кара таман кедейлик менен кол тийгис ак сөөктүк даражада болду.

Мартин кайгылуу күлүмсүрөө менен керебетке олтурду да, акырында бутун чечти. Ал акылынан адашкансып, — аял жүзүнөн, анын назик колдорунан кадимкидей мас боло түшкөнсүдү. Аңгыча болбой, анын көз алдына жаңы көрүнүштөр пайда болду. Ага лондондук Ист-Энддеги чоң эски тамдын жанында, түн ичинде он беш жашар жумушчу кыз Марджи ага бирдемелерди сүйлөп берип жатканы элестеди. Мартин аны дайыма серүүндөй кийин ушинтип үйүнө жеткирип коюучу. Ал кыз ушул атканадай болгон ыплас жаман тамда жашай турган. Коштошуп жатып Мартин ага колун сунду. Кыз буга жооп кылып өбүүгө ага оозун тосту эле, бирок Мартиндин аны өпкүсү келбеди. Эмнегедир аны бир нерсе ирээнжитип тургансыды. Марджинин шагы сына түшүп, жаш жүрөгү кемсингендей согуп, мына ошондуктан ал Мартиндин колун эмнегедир катуу кысып жибергенин өзү дагы билбей калды. Мартин анын кичинекей алакандарынан катуу чорду байкады да, күтүлбөгөн жерден эмнегедир ага аябай боору ачый түштү. Ал анын жалдыраган көздөрүн, жаш баланыкы сыяктуу назик жана чыныгы аялдык инстинкт жаны гана ойгоно баштаган денесине көз жиберди. Аңгыча болбой боору ачып кетип, анын белинен сыга кучактап туруп, оозунан бекем соруп алды. Мартин анын кубанычтуу чыккан үнүн укту жана колтугуна мышыктай болуп кынала түшкөнүн сезди. Кичинекей байкуш макулук! Ушул көрүнүштөн улам Мартин эчаккы өткөндөгү бир окуясын көз алдына келтирген эле. Ушул замат анын бүткөн бою дүр дей түшүп, дал ошол минутадагыдай болуп азыр да ошол кызы анын колтугуна жабыша калгансыды... Анын жүрөгү капалануудан таштай түйүлүп кетти. Бул болсо күңүрт элес эле: ал кезде асман да бүркөлүп, майда жамгыр таш төшөлгөн ылайлуу көчөгө себелеп турган. Аңгыча болбой, көздү уялткан жарык шоола үйдүн дубалын нурдантып, анын көз алдындагы бардык азыркы көрүнүштөрүн жана элестерин таратып

www.bizdin.kg

жиберип, анын көз алдында алтын чачтан тажы кийген Руфтун ак жуумал жүздөрү, кайрадан кадимки кол жеткис жылдыз сыяктуу болуп жана баштады.

Ал үстөлдүн үстүнөн Суинберн менен Броунингдин томун колуна алып, туруп, эки үч жолу өөп жиберди. Эмне болсо да менин келип кетүүмдү суранбадыбы деп ойлоду ал. Андан кийин ал өзүн кайрадан күзгүдөн каранып, үнүн бийик жана салтанаттуу чыгарып мындай деди:

— Мартин Иден, сенин эртең менен кыла турган ишиң бул, — биринчиден акы албай турган китепканага барасың да, жакшы адептүүлүк жөнүндө бир нерсе таап окуйсуң. Түшүндүңбү?

Мына ушундан кийин ал газды өчүрүп, керебетине кулап түштү, дененин оор салмагынан керебеттин темир пружиналары солкулдап, чоюлуп барып араң токтоду.

— Ал эми, сен үчүн эң башкысы Мартин Иден, бирдеме деп артыкбаш келжиреп жибербегин. Уктуңбу абышка! Муну тезирээк жоюуга аракеттен!

Ал өзүнө-өзү мына ушундай деп буйрук берип, анан терең уйкуга кетти. Анын уйкусунун алптыгын жана укмуштуулугун нашаачы адамдын кыялдануусу менен гана салыштырууга мүмкүн эле.

V ГЛАВА

Эртеси эртең менен ал уйкудан ойгоноору менен анын мурдуна кир кийимдердин жана самындын жыты келип жатканын сезип, ушундан улам, түндө көргөн таттуу түштөрүн да унутун койду. Анын кулагына жаңы эле тиричилик баштаган адамдардын жаакташып, тилдешкен үндөрү угулду. Ал бөлмөсүнөн сыртка чыгып баратып, эжесинин балдарынын кимдир бирөөнө жини келип ачуулданган үнүн жана бир нерсенин карс этип сынып кеткен дабышын угуп калды. Баланын кокуйлап чыңырган үнүнөн анын кулагынын калдырканы жарылып кетчүдөй болду. Бул жердегинин бардыгы, кала берсе ал өзү дем алып турган аба да ага жийиркеничтүү сезилип, көңүлүн караңгылатып, жиберди. Мунун бири дагы Руфь жашаган үйдөгү өкүм сүргөн тынчтыкка, шайкештикке окшобойт! Ал жерде бардыгы тең көркөмдүү адамдын ички дүйнөсүн байытып, көңүлүн бийик көтөрүп турат; мында болсо оройлук, ач көздүк, дүнүйө- кордук бийлик кылып турат.

— Беркелчи, Альфред, — деди ыйлап жаткан баланы көздөй унчугуп, акчалуу чөнтөгүнө колун сала. Ал эч качан акчанын көзүнө карачу эмес, бул анын кең пейилдик адаты эле. Ал балага бир күмүш тыйын берип, аны колуна көтөрүп соорото баштады.

— Кана эми, буга чуркап барып набат алып жей гой. Көпкө чейин эрибей турган катуусунан ал. Анан бир туугандарыңа да, эжелериңе да бериш.

Маргиндин эжеси кир жууп жаткан тепшисинин жанында өйдө тура калып ага карап калды.

— Бир пенси берсең эле болбойт беле? — деди ал, — сен деги акчанын баркын билбейсиң. Анын үстүнө балага таттууну көп жешке болбойт да.

— Эч нерсе эмес, — деди Мартин жылмая жооп кайтарып, — менин тыйындарымдын баркы мындан кемибейт. Амансызбы эжеке, эгерде сенин колуң бош болгондо, ишенсеңиз, тим эле кучактап туруп өөп жиберет элем.

Ал эжесин эркелетип, ага жакшы мамиле жасагысы келди, эжеси да боорукер адам эле, ал дагы аны (муну ал билүүчү) өз алдынча өтө жакшы көрө турган. Бирок ал жыл өткөн сайын, өзүнүн мурдагы калыбынан тайып, улам көбүрөөк урушчаак жана ачуулуу болуп баратты. Мартин эжесинин мүнөзүнүн бул

www.bizdin.kg

өзгөрүүлөрүнүн себебин — оор эмгектен, көп бала-чакалуулуктан жана эринин ыксыз тескери кыялдарынан көрдү. Ага эжеси ушул убакка чейин чириген жашылчалардын жана жуула элек кир кийимдердин сасык жыттары менен, жана дүкөнчөнүн жанында туруп алып санаган көп пайдалануудан жукара түшкөн жез тыйындар менен гана тамактанып келгендей сезиле түштү.

— Үйгө кирип, андан көрө тамак ичип ал, — деди эжеси, сыртынан сүр көрсөткөнү менен ичинен ыраазы боло түшүп. Жер жүзүн кыдырып, саякаттап жүрүшкөн бир туугандарынын ичинен Мартин ал үчүн эң сүйкүмдүүсү эле.

— Кана, бери келчи Мени көздөй, сени бир өөп коёюн, — деди эжеси Мартинге, күтүлбөгөн жерден бир туугандыктын сезимине элжирей түшүп.

Ал алды менен бир колунун, андан кийин экинчи колунун билектерине чейинки жабышкан самындын көбүгүн шыпырды. Мартин анын салмактуу денесинен кучактап, жумшак, нымданышкан эриндеринен өптү. Эжесинин көздөрүнө жаш келе түштү. Бул көз жаш жалаң гана кубанычтуу сезимдин таасиринен гана эмес, денесин көбүрөөк майыштырган оор жумуштун түйшүгүнөн жана суй жыгылып, өлчөөсүз чарчоодон да пайда болгон көз жашы эле. Ал Мартинди өзүнөн саал алыстатып, көз жашын андан жашыргысы келди эле, бирок Мартин аны баары бир байкай салды.

— Тамак мештин үстүндө турат, — деди ал кошумчалап, Джим эмгиче тургандыр. Мен бүгүн кир жубамын деп таң азандан тургам. Бар эми, тезирээк барып тамагыңды ичип, үйдөн чыгып кет, биздин бүгүн жумушубуз көп. Том болсо кетип калыптыр, эми кирени Бернард өзү тартууга тийиш.

Мартин оор капалуу ашкананы көздөй бет алды. Ушул тапта эжесинин чоктой кызарган жүздөрү, жүдөгөн кебетеси анын көңүлүнөн кетпей туруп алды. Ал эжемдин колу саал бошураак болгондо, мени дагы жакшылап эркелетмек беле дегендей ойго да кетти. Оор жумушту көп иштеп, байкуштун отуз омурткасы ооруп, кырк кабыргасы сыздап бүткөн. Аны ушунчалык мүңкүрөтүп, оор жумуш иштеттирген Бернард Хиггинботам нагыз айбандын өзү. Ошол эле учурда эжесинин аны жакшы көргөнүндө жана өбүшүндө эч кандай деле сонун нерсе жок экендигин Мартин терең сезип турду.

Чындыгында анын бул өбүшү өз алдынча алып каралганда, ага бөтөнчөрөөк болуп туюлду. Себеби көп жылдар бою эжеси аны саякатка узатар алдында гана, же болбосо, ал үйгө кайгып келгенде анын алдынан тосуп чыккан учурда гана өбө турган. Бул өбүштөн анын оозуна самындын көбүгүнүн даамы келип, эжесинин эриндеринин балбырап калгандыгын сезди. Мына ошондуктан эжеси аны кадала түшүп, кадимкидей кубантып өбө албады, жана бул өбүү аябай чарчап, чаалыккандыктан кандай өбүү керек экендигин такыр унутуп калган аялдын өбүүсү эле. Мартин эрксизден бир кездеги, эжесинин күйөөгө чыга элек учурун эсине түшүрдү, анда ал кечкете иштеген оор жумушунан кийин таң атканча, кала берсе таңдын кандай атканын сезбей бийлеп, андан кийин эч нерсе болбогондой эле, кайра өзүнүн кир жуугучканасын көздөй шашылчу. Мартин ушул замат кайрадан Руфь жөнүндө ойлонду жана ал анын эриндери, анын дал өзү сыяктуу эле назик экендигин элестетти. Ал адамга көз карашын кандай жиберген болсо, колдон кысып кандай учурашкан болсо, дал ошондой эле бекем жана чын жүрөктөн өбүүгө тийиш деп ой жорутту. Ал кала берсе Руфтун эриндери өзүнүн эриндерине жакындап келе жаткансыгандай сезип жана бул өтө жандуу элестетүүлөрдөн анын кубанычы ашып-ташып, бактылуулуктан башы айлана түштү.

www.bizdin.kg

Ал өзүн кадимки роза гүлүнүн таажыларынан пайда болгон сыяктуу жыты аңкып, кереметтүү булуттардын арасында акырын, жайма-жай сүзүп жүргөндөй сезип кетти.

Ал ашканадан сулу боткону шашпай жеп, айланага аңкоо, суз көз карашын жиберип коюп олтурган дагы бир, ушул үйдө туруучу Джимди көрдү. Ал темир устанын шакирти эле, бирок анын эринчээк мүнөзү, эркинин бошоңдугу жана дагы ага кошумча акыл-эс жактан чолоктугу, келесоо чалыш көрүнүшү — жашоо үчүн күрөштө ага чеке жылытарлык кымындай дагы ийгиликти тартуулай албады.

— Сен эмне үчүн жебейсиң? — деди ал Мартиндин сулу боткосун көңүлсүз аралаштырып олтурганын көрүп, — Сен кечээ дагы ичип келдиңби?

Мартин кечээ ичкеним жок дегендей башын тескери чайкады. Ал өзүн курчап турган чөйрөнүн ушунчалык жупунулугунан басынып, ачуусу келип турду. Руфь Морз эми ага ого бетер кол жеткистей алыс көрүнүп кетти.

— Ал эми мен болсом ичкем, — деди Джим куйкумдуу кыткылыктап, ичкенде да ордумдан турбай калыптырмын. Эх, кандай сонун кыз дейсиң! Билл мени үйүмө араңдан зорго жеткирип келиптир.

Мартин угуп жатам дегенсип башын ийкеп олтурду, — бул анын кимге гана карата болбосун сүйлөшүп жаткан учурдагы көнүмүш адаты эле. Андан кийин ал чала жылымтык кофеден бир чашка куюп, өз алдына жылдырып койду.

— Сен бүгүн «Лотоско» бийлегени барасыңбы? — деп сурады Джим. — Пиво болот. А эгерде Темескалык бейбаштар келсе иш бүттү, чатак чыкпай койбойт. А, мага болсо баары бир. Кызымды болсо деги ээрчитип барам. Тфу!.. Оозумдун ичи эмне даамданып кетти, ия? Шайтандыкы десе!

Ал бети башын бырыштырып, кофе менен оозун тез- тез чайкап жиберүүгө ашыкты.

— Сен Джулияны билесиңби?

Мартин башын тескери чайкады.

— Азыр ал мени менен жүрөт, — деп түшүндүрдү Джим. — Кыз эмес эле бир таттуу момпосуй. Мен сени аны менен таанышстырар элем, бирок тартып аласыңбы деп коркомун. Деги эмне үчүн кыздар сага өзүнөн өзү ушунчалык асылышаарын, кудай урсун, тап-такыр түшүнө албайм. Кандай гана кыз болбосун бирпастын ортосунда эле өзүңө имерип аласың да коёсуң, аныңды көргөндө чынымды айтайын, тим эле кыжырым кайнап, ачуум келе түшөт.

— Ушу убакка чейин сенин бир кызыңды да тартып алган жокмун го? — деди Мартин кош көңүл гана, тамактын аягын чатакка айландырып жибербеске аракеттенип.

— Кантип? — деди туталанып берки, — а, Мэггичи?

— Бирок биздин ортобузда эч нерсе деле болгон эмес. Ошондон кийин мен аны менен бийлегеним да жок.

— Мына, мына, дал ушул себептен, — деди кыйкырып Джим, — сен аны менен бир гана жолу бийлеп, ага бир-эки жолу гана көзүңдүн кырын салып койгонуңдан кийин иштин баары бүткөн. Сен мүмкүн эч нерсе деле ойлогон эместирсиң. Ал эми кыз болсо, ошондон кийин билсең, мени көрөйүн деген көзү жок болуп калды...

Кайра-кайра эле сен жөнүндө сурайт. Эгерде сен саал көңүлдөнгөн болсоң, анда ал сага ошол замат эле жолугушууга макулдугун бермек.

— Бирок мен каалаган жокмун да.

www.bizdin.kg

— Кеп эмес. Баары бир мен андан кол үздүм, — Джим Мартинге Суктануу менен көз чаптырды. — Сен мындай ийгиликке деги кантип жетишесиң, Мартин?

— Мен алар жөнүндө аз ойлоймун, мына ушул гана, — деди ал.

— Менимче, сен аларга теңиңе албагансып мамиле жасайсың го дейм? — деп Джим дагы тактап сурап калды.

— Мартин бир аз ойлоно түштү.

— Болсо болор, бирок мен чындыгында алар жөнүндө эч бир ойлонбоймун. Сен дагы ошондой түр көрсөтүп көрсөң, мүмкүн бирдеме чыгып калар.

— Ка-ап, кечээ сенин Райлиде болбой калганыңчы, — деди Джим күтүлбөгөн жерден, анда Батыш Оклендeн келген «Келемиш» деп аталган бир тапан жигит болду. Ой, мушташуу жагынан ашкан айлакер неме экен! Биз- дин балдардын бири дагы аны көтөрүп чаба албады. Сенин жоктугуң ай! Бардыгыбыз өкүндүк! Сен кече кай- да куюндап жүрдүң?

— Оклендде эле, — деди Мартин.

— Театрда болдуңбу?

Мартин табагын четке жылдырып коюп, эшикти көздөй бурулду.

— Ай, анда бүгүн ошентип бийлейбизби? — деди Джим Мартиндин аркасынан кыйкырып.

— Жок, ким билет, — деди Мартин.

Ал тепкичтен түшүп, сыртка чуркап чыгып, таза абадан бир нече жолу терең-терең дем алып жебирди. Анткени бул үйдүн абасында анын деми кысылып, ал эми Джим менен болгон жагымсыз аңгемеден кыжыры кайнай түшкөн эле. Аңгеменин учурунда ордунан тура калып, табактагы боткого Джимдин башын матыра койгусу келген. Джим канчалык бирдемелерди көп бежиреген сайын, Мартинден Руфь ошончолук алыстай баштагансыган. Ал ушундай айбандардын арасында жашап жүрүп, качандыр бир кезде Руфка тең боло алмакпы? Алдындагы турган ушул сыяктуу чиеленишкен оор маселелер- ден улам анын үмүтү үзүлүп, жумушчу табынан чыккан өзүнүн абалы жөнүндө ойлогондо, айласы кетип, денеси
шалдырай түштү жана чөйрөсүндөгүлөрдүн бардыгы: анын үйү жана үй-бүлөсү, слесарь Джим, — мына ушул өзү өсүп-өнгөн жана жашоосунун өзөгү болуп калгандардын бардыгы тең аны кандайдыр бир оор жүктөй болуп жонунан басып, ага козголууга мүмкүндүк бербегенсип турду. Турмуш ал үчүн өз кызыкчылыгын жоготконсуду. Ушул убакка чейин ал турмушту кандай болсо аны дал ошондой түшүнө турган. Бир гана, китеп окуган кезде болбосо, ал эч качан өз алдынча турмуш жакшыбы же жаманбы деп ойлонуп, же суроо берип көргөн да эмес. Бирок алар болсо, турмушта болбой турган нерселер жөнүндө кооздолуп гана жазылган китептер эле. Ал эми, азыр болсо, ал ошол турмушта жок нерселер дүйнөнүн чындыгында бар экендигин жана Руфь аттуу кыздын гүлү ошол дүйнөнүн дал борборунда турарын терең туюнду. Ага жетүүм керек деген үмүттүн убайымына өтө түшүп алып, мына ушундан баштап ал турмуштун сары санаанын жана айласыздыктын ачуу уусун жутту.

Мартин көпкө чейин кайда барарын билбей ойлонду: Берклейдик көпчүлүк окуу залына же Оклендик китепканага барсамбы деп туруп, акыры Оклендик окуу залына токтолду. Айтмакчы! Бул окуу залы Руфтун эң бир жакшы көргөн жана дайыма келип туруучу жери эмеспи, жана анын Руфту ушул жерден жолуктуруп калышы да толук ыктымал. Анын бөлүмдөрдүн иреттери менен ным таанышты- гы болбогон соң, француз кызына окшогон арык чырай келген бир кыз ага маалымат берүүчү китепкана үстүндө деп, түшүнүк бергенге чейин сан

www.bizdin.kg

жеткис беллетристикалык китептер коюлган бийик-бийик текчелердин арасында ал көпкө чейин өзүнчө эле буйдалып жүрө берди. Ал сол жактагы столдо отурган кишиге кайрылуу керек экенин байкабай, экинчи бөлмөгө кирип келди эле, бул комната философия бөлүмү болуп чыкты. Ал философиялык китептердин бар экендигин уккан, ал тургай бул илим жөнүндө ушунчалык көп нерселер жазылгандыгынан да эч бир шек санаган эмес. Калың-калың томдорго жык толгон бийик шкафтар анын санаасын чөгөрүп жана ошол эле учурда аны делөөрүтүп да жиберди. Бул жер акылды сугаруунун чыныгы булагы эле. Математика бөлүмүнөн ал тригонометрия боюнча бир нече китептерди таап алып, эч максатсыз эле бир нерседей болуп көрүнгөн формулаларды жана чиймелерди көпкө чейин тигилип карап турду. Ал
англис тилиндеги бир сөздү окуп, бирок анын маанисине түшүнө алган жок. Бул тил ага кандайдыр бир бөтөнчө башкача тил болуп көрүндү. Норман менен Артур бул тилди билишчү. Алардын бул тилде сүйлөшкөнүн ал ук- кан. Ал экөө Руфтун бир туугандары. Философия бөлүмүнөн Мартин бардык үмүтүнөн ажырагандай сезим менен чыгып кетти. Китептер аны басып кала тургансып, туш-туш жактан аны көздөй жылып келе жаткансыды. Ал адам баласынын билиминин ушунчалык зор экендигин башынан эле билген. Анын денеси калтырай түштү: ушунун бардыгын өздөштүрө алабы? Ал ушул замат булардын бардыгын өздөштүргөн адамдар болгондугун жана алардын саны аз эместигин эсине түшүрдү. Ал өзүнө өзү чечкиндүү турду: — башкалар жетиш- кен ийгиликтерге мен дагы сөзсүз жетишемин, — деп ант берди.

Мына ушинтип ал өкүнүүдөн таң калууга өтүп, акылмандуулуктун казынасы жыйылган текчелердин арасында адашып жүрдү. Ал жалпы бөлүмдөн Норринин «Кыскача багытын» таап алды. Аны урматтоо менен барак- тап чыкты. Бул китептен өзүнө ал түшүнүктүү жана жок дегенде бир нерсени, жүрөгүнө өтө жакын бир топ нерселерди таба ала тургандай. Көрсө анын автору өзү сыяктуу суучул экен. Андан кийин анын колуна кабында «Боудич» деген чоң жазуусу бар китеп жана Лекки менен Маршалдын бирге жазган чыгармалары урунду. Мына кызык десең. Ал азыр навигацияны үйрөнүүнү баштайт. Ичкиликти таштап, чымырканып иштеп, акырында капитан болот. Ушул замат Руфь ага өтө жакын боло түшкөнсүдү. Ал Руфка, эгер Руфь аны кааласа капитан болгондон кийин үйлөнөт. Ал эми каалабай койсочу, анда кантмекчи эле, анын жакшынакай таасирлеринен ал дурус, татыктуу өмүр сүрүүгө үйрөнөт, ал эми ичкиликти болсо таштабай койбойт. Андан кийин ал кеменин ээси менен камсыздандыруучусу жөнүндө эсине түшүрдү, бул эки кожоюн менен капитандардын башынан эле пикирлери келише берчү эмес. Мына ошондуктан кайра көңүлү бузулуп, акыры ушул экөө менин түбүмө жетип жүрүшпөсүн деп ойлонду Мартин. Ал бөлмөнүн ичине дагы бир жолу карады эле, өзүн магниттей тартып алган он миңдеген томдордон көзү талыганынан жумула түштү. Болду, деңиз сен эми кош бол! Бул сан жеткис китептердин ичинде зор күч бар, эгерде ал улуу иштерди аткарууну каалай турган болсо, ал аны деңизден эмес, дал ушул кургак жерден иш жүзүнө ашырууга тийиш! Анын үстүнө, капитандарга өздөрүнүн аялдарын алыска сүзүүгө кошо ала кетүүгө руксат берилбейт да эмеспи.

Күн чак түш мезгил. Арадан дагы бир топ убакыт өттү. Мартин тамактанууну унутуп, ак сөөктөрдүн өз ара мамилелеринин эрежесин баяндаган китепчени издеп, колуна урунган китептердин аттарына көз чуркатып жатты. Анын башы азыр мансап жөнүндөгү ойдон башка дагы бир төмөндөгүдөй жөнөкөй маселе менен катуу алек болду: эгерде сени менен бир перизат коштошуп жатып,

www.bizdin.kg

кайрылып келишиңди өтүнсө, анда кантип аны тезирээк орундатууга болот? Бирок ал, жанагы керек- түү китебин тапканы менен, андан издеген жообун таба албады. Анын ак сөөктөрдүн мамилелеринин формаларынын татаалдыгынан жана көп түрдүүлүгүнөн башы тегеренип, алардын чөйрөсүндө кабыл алынган өз ара чакыруу баракчалардын алмашуу тартиби жөнүндөгү насият китепчелердин көптүгүнөн ойлору баш аламан болуп, чаташып кетти. Ал ушул замат капалуу артка кетенчиктеп, чегине түштү. Ал издегенин таппады, бирок кичи пейилдүүлүктүн бардык формаларын сактоону үйрөнүп чыгууга өтө көп убакыт талап кылына тургандыгын өтө жакшы түшүндү, ал турмак ушул эрежелердин бардыгын кадимкидей өздөштүрүп чыгуу үчүн болсо, дагы бир жолу кайрадан жашоо керектей көрүндү.

— Кана, керектүү китебиңизди таптыңызбы? — деп андан столдо олтурган киши сурап калды.

Ооба, сэр, сиздердин китепканаңыздар эң мыкты экен, — деп жооп кайтарды Мартин.

Тиги ыраазы болгондой башын ийкеп койду.

— Китепканага тез-тез келип туруңуз. Сиз суучул эмессизби?

— Ооба, сэр. Дагы келип турармын.

«Менин суучул экендигимди ал кайдан билди? — деп, суроо берди ал өзүнө өзү, тепкичтен төмөн түшүп баратып.

Ал көчөгө чыгып, олдоксон теңселип баспастан какая түшүп, кадам шилтөөгө аракеттенди. Ал мындай түз басыгынан терең ойго чумуп кеткенче гана жазган жок. Андан кийин болсо, кадамын демейдегисиндей шилтеп кете берди.

VI ГЛАВА

Кадимки ачкалыктын азабына окшоп тынч алдырбаган кыйналуу Мартиндин бүт денесин бийлеп алды. Ал, назик колдору күтүлбөгөн жерден анын бүткүл өмүрүн өз кучагына тартып алгансыган бул кызды кайра- дан көрсөм деген каалоонун өртү менен тутанып жана кусалык менен санаага батып, самандай өңү саргайып да кетти. Ал ага азыр эле барып, бетме-бет жолуккусу келди да, бирок кайрадан эмнегедир айбыккансыды. Ал, бул аракетим мүмкүн өтө эле чапчаңдык кылбасын жана ушунун өзү менен этикет деп аталган каардуу эрежелердин ыйык тартибин бузуп албайын деп коркту. Ал өзүнүн көп убакыттарын, өз атына гана эмес, Гертруддун, Мэриендин жана кала берсе пиво менен мыктылап туруп сыйлагандан кийин макул болгон Джимдин да аттарына жазылган Окленд менен Берклейдик китепканаларда олтуруп өткөрдү. Ал ушул төрт абонементке тең китеп алып, өзүнүн кичинекей тар бөлмөсүндө таң атканча газды өчүрбөй окуп отура берер эле. Жана бул газ үчүн мистер Хиггинботамга жумасына элүү центтен да ашык акы төлөй турган.

Окуган китептери анын чочулоолорун гана күчөттү. Жаңы китептин ар бир барагы ага билим багына кирүүчү жылчык сыяктуу болуп көрүндү. Бул китептерди окуудан анын каалоолору ого бетер күч алгансыды. Анын үстүнө, ал азыр эмнеден баштарын да билбей кетти жана албетте, ал өзүнүн даярдыгынын жоктугуна да өкүнбөй койгон жок. Ал кала берсе, китепти колуна кармаган ар бир адамдын билүүсү шексиз болгон эң жөнөкөй нерселерди да билбейт экен. Мартин өзү укмуштай берилип окуган поэзия жөнүндө да, дал ушунун эле өзүн айтууга мүмкүн эле. Суинбернден ал Руфь берген томдогу ырларын гана окубастан, анын «Долорессин» да окуп чыгып, эң сонун түшүндү. Руфь бул чыгарманы балким туура түшүнө албаса керек, деп ойлоду ал. Ушундай жыргалдуу турмушта жашап

жатып, кайдан түшүнө алсын? Андан кийин анын колуна Киплингдин ырлары урунуп, ал өзүнө өтө тааныш нерселер жөнүндө баяндаган анын ырларынын музыкалуулугуна, уйкаштыктарына, сапаттарынын сырдуу элестүүлүгүнө өтө суктанды. Аны Киплингдин бардык ырларынан көрүнгөн турмушка болгон терең сүйүүсү жана анын психологиялык жактан бөтөнчө чебердиги таң калтырды. «Психология» деген сөз Мартин Идендин сөз байлыгындагы жаңы табылга болучу. Ал өзүнө сөздүк сатып аламын деп, акчасы азайып, ошондуктан деңизге чыгуу мөөнөтүн да тездетүүгө аргасыз болду, мындан тышкары, бул акчаларды сөздүккө коротончо жашаган бөлмөсү үчүн төлөсө жакшы болот эле, деп жанталашкан мистер Хиггинботамды да каардантып алды.

Күндүз ал Руфтун үйүнө жакын келмек түгүл, анын четине жолой алучу эмес, бирок кечкисин болсо кадимки ууру адам сыяктуу болуп жашырынып Морздордун үйүн тегеренип, анын айланасында акмалап жүрө турган жана алардын жарык болуп турган терезелерине жашырын көз чаптырып, ушул терезелерди курчап турган дубалдарга назиктик менен кароочу. Бир нече жолу ал байкабай Руфтун агалары менен сүзүшүп да кала жаздаган, ал эми бир күнү, жарык көчө менен бара жаткан мистер Морздун жүзүн таанып алуу үчүн, акмалап көпкө чейин жүрүп олтурду жана ал ичинен, ушул кадырлуу жентельмен күтүлбөгөн жерден өлүм коркунучуна туш келсе, анан аны бул коркунучтан мен куткарып калсам ээ деп аябай тиледи. Дагы бир жолу Мартин кокусунан экинчи кабаттын терезесинен Руфту көрүп калды. Анын башы, ийини жана колдору көрүнүп турду. Колдорунун кыймылдарынан ал аны чачын таранып жатат деп божомолдоду. Бул көрүнүш көз ачып жумганча гана созулду, бирок ошондой болсо да, анын делебесин козгоп, жаш жүрөгүн элжиретип, кыялга мас кылып жиберүү үчүн жетишерлик мезгил болду. Руфь ошол замат эле терезенин пардасын түшүрүп жиберди, бирок Мартин анын бөлмөсү кайсыл экендигин байкап, мына ошондон кийин ал анын каршысындагы тротуардын боюндагы бактын түбүндө чылым үстүнө чылым тартып сааттарды өткөзүп тура берчү. Бир күнү ал казынадан чыгып келе жаткан Руфтун апасын көрүп, өзү менен анын ортосундагы айырмачылыктын асман менен жердей экендигин дагы бир жолу өкүнүү менен сезген.

Тигил аял болсо акчасын казынада кармаган адамдардын катмарына кирүүчү. Ал өзү болсо, ушунча жашап, өмүрүндө бир жолу дагы казынага кирген эмес эле жана буга окшогон мекемеге эң бай жана өтө кубаттуу гана адамдар келе тургандыгын жакшы түшүндү.

Ал өзүнөн моралдык жактан бир топ өзгөрүлүүнү сезип турду. Руфтун тазалыгынын жана бузулбагандыгынын таасиринен ал дагы кандай гана болбосун өзүн таза кармоону чечти. Эгерде ал ушул аял менен бир абадан дем алууга татыктуу болгусу келсе, ал алды менен таза болууга тийиш. Ал тишин тазалап жана магазиндин терезесинен тырмак тазалагыч кичинекей щеткачаны көргөнчө жана анын пайдаланышын билгенге чейин, колун ашкана щеткасы менен кызарта кырып, жышып, жууп жүрдү. Дүкөнчү анын тырмактарына көз жиберип, ага тырмак тазалагычты сунуш кылды, мына ошентип, анын тазалык буюмдарынын саны дагы бир буюмга көбөйдү. Ал китепканадан адамдын жеке тазалыгы жөнүндөгү китепти алып, андан күн сайын эртең менен муздак сууга сөзсүз жуунуп туруу керек экендигин окуду. Бул болсо Джимдин суктануусун туудуруп, ал эми мистер Хиггинботамдын болсо өтө ыңгайсыздана түшүшүн пайда кылды жана ал бул сыяктуу укмуштуу сонун көрүнүштү колдомок түгүл, кайра Мартинден суу үчүн бөтөнчө акы алуу жөнүндөгү маселени алдына коё

баштады. Мартин үчүн алга өсүүнүн экинчи кадамы болуп, шымынын фасону жөнүндөгү анын кам көргөндүгү эсептелди. Бул маселеге кызыга баштап, Мартин каптай көлбөктөгөн жумушчулардын дамбалдары менен жогорку таптын адамдары кийишкен бычактын мизиндей кырдуу шымдын ортосундагы айырманы бат эле байкады. Мунун сыры эмнеде экендигине түшүнгөн соң, Мартин эжесинин ашканасына үтүк менен кийим үтүктөй турган тактайды издеп кирди; бирок анын биринчи аракети ордунан чыкпай, ал шымын күйгүзүп . алып, кайра жаңы шым сатып алууга аргасыз болду. Бул сүзүүгө аттануу мөөнөтүн ого бетер тездетүүгө алып келди.

Бирок сырткы өзгөрүлүшү менен гана бардыгы бүтүп калган жок. Ал тамекини али таштабаганы менен, ичкиликти тап-такыр коюп койду. Ал ушул күнгө чейин мастыкты эркектер үчүн барып турган сонун иш катары эсептөөчү жана кала берсе ал мен ичкиликке бекеммин, бөтөлкөлөш жолдошторум мас болушуп, столдун алдында кулап калган учурда да, мен мас болбостон иче беремин деп өтө сыймыктана турган. Сан-францискодо анын мурдагы сүзүүлөрү боюнча жолдоштору болучу, жолуккан сайын ал аларды мурдагыдай эле марттык менен вино алып берип сыйлоочу, өзүнө болсо, бир кружка гана пиво же жеңил эльден [1] азыраак гана алып, жолдошторунун бардык тамаша сөздөрүнө таарынбай, кайра ал сөздөрдү кең пейилдүүлүк менен көтөрүп уга турган. Ал жолдошторунун ичип олтуруп, акырындык менен мас болушуп, ооздоруна эмне келсе, ошону оттошо баштагандыгын кызыгуу менен байкап жана өзүнүн бул абалга али жетпегендигине кубанчу. Алардын ар биринин өзүнчө кайгысы, капасы боло турган, вино болсо аларга бул кайгы капаларын унуттурууга жана аларды таттуу кыялдардын жана элестердин өлкөсүнө алып келип салууга жардам берүүчү. Бирок Мартинге азыр ичкиликтин эч кандай деле кереги жок. Ал арак менен вино ичкенден да күчтүүрөөк мастык абалында болуучу — себеби ал өзүн жаңы жаркыраган турмушту көздөй үндөгөн Руфка, мурда сезип көрбөгөн сансыз каалоолорду козгогон китептерге мас болучу. Мурдагыга караганда саламаттыкты толугураак сезип жана жарык дүйнөдө жашоо кубанычы анын бүткүл денесин чымыратып жиберди, ал мына ушуларга, жана акырында өзүнүн жеке тазалыгы жөнүндөгү ойлорго мас эле.

Бир күнү Мартин Руфту көрөмбү деген күңүрт ой менен театрды көздөй жөнөдү жана чындыгында эле ал театрдын экинчи ярусунун балконунда отуруп Руфту байкап калды. Ал Артурдун жана кандайдыр бир чоочун, көз айнекчен, чачын тикчийтип кыска алдырган бир жигиттин узатуусунда партер менен өтүп бара жатты. Ошол замат бул көрүнүш Мартиндин жүрөгүндө аябай тынчсыздануу жана кызгануу сезимин туудурду. Руфь биринчи катарга келип отурду, Мартин оюн бүткөнчө аралыктын таасиринен Руфтун келишимдүү ийиндери менен алтындай сары чачтарынан башка эч нерсесин даана көрө албады. Ал бир-эки жолу бурулуп, эки жагына көз жиберди жана ал өзүнөн бир нече орунга алысыраак отурган эки кызды байкады, кыздар ага жылмайышып, көз ойнотушту. Ал мындай учурда дайыма кичи пейилдик менен тааныша турган жана бул сыяктуу көңүл бурууну жоопсуз калтыруу анын мүнөзүндө жок эле. Эгерде саал мурдараак болгондо, ал буларга сөзсүз жооп кайтарып, жылмайып күлөт эле да, андан ары мамилесин тереңдетип жибермек. Бирок азыр бардыгы башкача болуп өзгөрүлүп кетти. Ооба, ал чындыгында тигилерди көздөй карап, бир жолу жылмаюу менен жооп кайтарып коюп, ошол замат кайра бурулду да,

[1] Эль — арпанын угутунан жасалган тунук жана коюу келген англиялыктардын күчтүү пивосу.

www.bizdin.kg

экинчи ирет алар жакты көздөй карабаска аракеттенди. Ошондой болсо да, убактылуу бул кыздар жөнүндө унутуп койгон Мартин андан кийин бир эмес, бир нече жолу күтүлбөгөн жерден тигилердин жагымдуу жылмаюусуна көздөрү чагылыша түштү. Адамдын бир күндүн ичинде эле өзгөрүлүп кетиши өтө кыйын, анын үстүнө ал табийгатынан эле жумшак, кичи пейил, сылык болучу, мына ошондуктан ал тигил кыздарга жооп кайтарып эрксизден жылмайып жиберди жана бул жылмаюу жөнөкөй гана жолдоштук иретиндеги жылмаюу эле. Мунун бардыгы ага дүйнө сыяктуу эле эң эски болуп көрүндү. Тигилер болсо аялдык кылыктарын жасап тийиштик кылып жаткандыгын түшүндү. Бирок ал үчүн азыр бардыгы башкача болуп көрүндү. Тигил алды жактагы биринчи катарда, Мартиндин өзүнүн табына тиешелүү бул эки кызга тап-такыр окшобогон дүйнөдөгү ал үчүн бирден бир сүйүктүү кызы Руфь олтурган эле. Ал тигилерге боору ачыгандан башка эч кандай жылуу мамиле жасай албады. Мартин ичинен: — эх, чиркин, ушул эки кыз эч болбогондо Руфтун периштедей сулуулугунун учкундарынчалык чырайлуу болушса болмок экен, — деп аларды аяп кетти. Ал эч качан, эмне үчүн бул кыздар мени менен эле тамашалашкылары келип жатышат деп күнөөлөгүсү жана каккысы келбеди. Бирок бул көз караш аны азгыра албады: эгерде, — деп ойлоду Мартин, — бул кыздар менин Руфту сүйөрүмдү жана анын чөйрөсүнө жакын экенимди билишкен болсо, анда алар мени менен минтип тамашалашып ойношкусу келбейт эле. Мартин алардын ар бир көз караштарынан өз чөйрөсүнүн илгичтей узун ичке, колдору аны көздөй туш-туш жактан созулуп, караңгылыкты көздөй тартып кете жаздап тургандыгын сезип турду.

Мартин акыры көшөгө бүтөрүнө аз калганда ордунан туруп, Руфь чыкканда жок дегенде аны бир жолу көрүп калайын деп сыртка эртелеп чыкты. Сан жетпеген ачык ооздор дайыма театрдын кире беришинде жол беришпей тополошуп турушуучу эле, эгерде сен шапкеңди чекеңе баса кийип, кимдир бирөөнүн аркасында калсаң, анда сени дегеле эч ким байкабай турган. Ал элден мурун сыртка чыгып, жөөлөшкөн адамдардын арасынан Руфту акмалай турган орун тапкан кезде, күтүлбөгөн жерден баягы эки кыз көзүнө чалдыга түшсө болобу? Бул кыздар анык өзүн издеп жүргөндүгүн сезип, ошол замат аялдарды эмнегедир өзүнө тартып турган бул касиетине наалат айтып жиберди. Алды менен алар калп эле аны байкамаксан болуп калышты, бирок бул көрүнүш амалдануу экендигин Мартин жакшы түшүнүп турду. Алар Мартинге жакындаганда жай басышты да, бир маалда кыздын бирөө билмексен болуп, Мартиндин жанынан өтүп баратып ийини менен коюп кетип, аны эми гана тааныгандай карап калды. Бул мүчөсү келишкен, кара чач, кара көз, амалкөй кыз болучу. (Бул эки кыз Мартинге дагы бир жолу жылмайышты эле, Мартин дагы өз ирээтинде аларга ошондой эле жооп кайтарды,

— Хелло, — деди ал.

Бул сөздү ал көнүмүш катары, ушунчалык тез кай- талап жиберди. Бирок, анын табигый боорукердиги жана кичи пейилдүүлүгү ага мындан башка мамиле кылууга мүмкүндүк бермек эмес. Кара көз кыз көңүлдүү жана жалбарыңкы жылмайып, жолдош кызын колдон алып, токтойтур дегендей белги берди; курдашы токтосо токтоп турайын дегенсип, каткырып күлүп жиберди. Күтүлбөгөн жерден Мартиндин жүрөгү эмнегедир зырп эте түштү: мүмкүн Руфь өтүп бара жатып анын бул кыздар менен сүйлөшүп тургандыгын көрүп коюшу да ыктымал. Ушундан кийин ал кара көз кызды көздөй бурулуп, анын катарында жөн эле бир бара жаткан кишидей болуп басымыш болуп калды. Азыр анын

www.bizdin.kg

сүйлөгөн сөздөрү жана кыймыл-аракеттери эч кандай ыңгайсызданууну туудургандай болгон жок. Бул жерде ал өзүн кадимки үйүндөгүдөй эркин сезип, өткүр сөздөрдөн кээде жиберип коюп жана дагы жасалма сөздөрдөн чалдыра сүйлөп, каткырып, тамашалап-какшыктап, айтор өз оюнча болуп келе жатты. Мына ушинтип жүрүп олтуруп, көчөнүн бурчуна жеткен кезде, алдыга умтулган элден арткараак калып кыска көчөнү көздөй бурулгусу келди. Бирок кара көз кыз жолдош кызынын кармаган колун коё бербей туруп, Мартиндин чыканагынан кармап булкуп алып, кыйкырып жиберди:

— Токтой тур Билл. Кайда мынчалык шашасың? Же бизден тезирээк качкың келип жатабы?

Мартин токтой калып күлүп, жүзүн кыздарды көздөй бурду. Алардын арт жагында күндүзгүдөй жарык көчө менен адамдар чубап келе жатышкан эле. Алар сүйлөшүп турган жер бир топ караңгы болгондуктан, эгерде ушул жерден Руфь өтүп бара жатса ага өзүн байкатпай көрүп калышка болот эле. Ал эми Руфь ушул жерден сөзсүз өтүүгө тийиш эле, анткени бул жол Руфту үйүнө алып баруучу жол боло турган.

— Жолдошуңуздун аты ким болот? — деди Мартин кара көз кызды көздөй көрсөтө, анын жанагы кыткылыктап күлгөн жолдошунан сурап.

— Анын өзүнөн сураңыз, — деди ал каткырып.

— Ким болот? — деди ал, эми кара көз кызга бурулуп.

— Сиз мага өз атыңызды айтып койдуңуз беле? — деди ал каршылык көрсөтүп.

— Сиз менин атымды сураганыңыз жок да, — деди Мартин жылмайып, — бирок менин атымды билет тур- байсызбы. Менин атым чындыгында. эле Билл. Туура айттыңыз, туура айттыңыз!

— Токтоңузчу! — кара көз кыз жалынданып, жоодураган көз караштарын Мартинден көпкө чейин албай. — Сиз, чын эле айтып жатасызбы? — деп, ал Мартинди дагы бир жолу карады. Көп кылымдар өтсө дагы эч бир өзгөрүлбөгөн аялдардын байыртан берки бардык мазмууну азыр анын көздөрүндө чагылышып турду. Азыр кандай өзгөрүү болоорун Мартин шексиз билди: бул кыз ага акырындык менен ийилип, бара-бара ага жоошуй баштарын, эгерде Мартин кокус өзгөрүлүп кетсе, же ага карата болгон кызыгуусунун жалыны өчө баштай турган болсо, анда ал Мартинди эч качан аябастыгын сезип турду. Кантсе да эркек тана болгондуктан, Мартин ага эрксизден бериле баштады жана ал кыздын жалооругандай көз караштары Мартинди козгоп жиберди. О, ал бул кыздарды эң жакшы биле турган, билгенде да, беш колундай билүүчү! Оор жумуш менен жан сактоого туура келген ушул таптын эң мыкты деген даңктуу кыздары эле ушулар. Оюн-күлкү тамашасын сатууга өздөрүнүн адамгерчилик — уяттары жол бербеген бул кыздар ынтызарларын койгондук менен күндөлүк турмуш- тан жок дегенде кенедей бакытты болсо да, көргүлөрү келишкен эле, ал эми алардын алдында болсо келечек деп аталган чексиз караңгы түпкүр жаткан, бул жерде болсо аларды чексиз оор жумуштар же болбосо, башка бир жакшыраак төлөнүүчү, бирок укмуштай кыйын тур- муш жолу күтүп турган эле.

— Билл, — деп ал кайра жооп берди. — Кудай урсун! Билл Пит, дал ушундай.

— Тамашалап жатпаңыз? — деп кайталап сурап калды кара көз кыз.

— Тан-такыр Билл эмес, — деп күңк этти экинчи кыз.

— А, сиз кайдан билесиз? Сиз мени эч качан «өргөн эмессиз да.

— Көрбөсө эмне экен! Алдап жатканыңызды түшүнүп турамын!

— Кандай? Айтсаңыз эми, чын эле Биллби? — деди биринчи кыз.

www.bizdin.kg

— Мейли Билл болсо, Билл болсун, — деп тамашалап жылмайып койду Мартин.

Кара көз кыз анын ийининен алып туруп, тамашалап далыга акырын чаап койду.

— Сиздин алдап жатканыңызды билгем. Анткениңиз менен сиз жаман жигит эмессиз.

Мартин анын тамашалап жаткан колдорун бекем кысып туруп алды да жана анын алакандарынан өзүнө тааныш быдырлуу кесиктер менен айрыктарды сезди.

— Консерва заводунан эчак эле кеттиңиз беле? — деп сурады ал.

— Сиз кайдан билесиз аны? Же сиз эмне көрөр көз, угар кулаксызбы? — деп эки кыз тең таңкалыша сурап калышты. Мына ушинтип ал, бул кыздар менен тамашалуу сөздөрдү сүйлөшүп жатып, күтүлбөгөн жерден көз алдына кылымдардын акылмандыктарын өз ичине сактаган китепкананын зор томдорун элестетти. Ал бул ыңгайсыз сезилген көрүнүшкө саал капалуу жылмайды да, бирок ошол замат кайра бул ойдун кучагына тартылып кетти. Ал ушул ойлордун жана сөздөрдүн таасиринен көчөдөгү адамдардын кыймылдарына көңүл бурбай да коюшу мүмкүн эле, бирок бул көрүнүштү да эмнегедир көз алдынан жаздым өткөзүп жиберген жок. Мынакей! Лампалардын күндүзгүдөй жарыгынан Руфту көрдү; ал бир тууганы менен жанагы көз айнекчен чоочун жигиттин ортосунда келе жатат. Анын жүрөгү токтой түшкөнсүдү. Ушул учурду ал көптөн бери күтүп турган. Ал Руфтун жүздөрүнөн кандайдыр бир назик нурданууну, чексиз сулуулукту жана чыбыктай ийилген белдеринин караанын, басыш кыймылынын сулуулугун байкап жана көчөдөн туура өтүп бара жатып юбкасын чебердик менен бир аз көтөрүп алганын көрдү. Мына эми Руфь да өтүп кетти, ал болсо эки жумушчу кыздын жанында калып, алардын эски болсо да айла жоктон эптеп жарашыктуу кылып кийүүгө тырышкан көйнөктөрүнө, алардын арзан батинкелерине, салынган арзан шакекчелерине, арзан ленталарына көз жүгүрттү. Ким- дир бирөө аны чыканакка түртүп жиберип, мындай дегендей болду:

— Көзүңдү ач, Билл. Сизге эмне болду?

— Сиз эмне дедиңиз? — деп, кайталап сурады Мартин.

— Жөн эле, эч нерсе деле эмес анчалык, — деди кара көз кыз башын чайкап, — мен жөн гана ойлодум эле...

— Эмнени?

— Эгерде сиз менин бул жолдош кызыма, жакшы бир жигит таап берсеңиз, — деди ал жолдош кызын көрсөтүп, — анда биз төртөөбүз бир жерге барып кофе ичип, морожный жейт элек.

Ал күтүлбөгөн жерден эмнегедир көңүлүнүн ирээнжий түшкөндүгүн сезди. Себеби Руфтан кийин булар менен мамиле кылуу, ага өтө одоно шекилдүү болуп көрүндү. Бул кыздын жалооруган көз карашы менен катар Мартин күтүлбөгөн жерден тазалыктын кол жеткис бийиктигинен өзүн көздөй жанып турган жылдыздай нур чачкан Руфтун туп-тунук жана эң ыйык көз караштарын көргөндөй болду. Ал өзүнөн кандайдыр бир улуу күчтү сезгендей сыймыктана түштү. Ал өзүн азыр бул жердегинин бардыгынан жогору сезди. Морожный менен жигиттер жөнүндө гана кыялданышкан бул эки кыз менен салыштырганда, турмуш ал үчүн андан да мазмуундуураак, маанилүүрөөк болуп көрүндү. Ал мурда да ички сырын эч кимге айтпай жүрөгүнө бекем сактап жүргөн кездерин эсине түшүрдү. Ал кээде бул сезимдерин башкаларга ишенгендик менен

айткысы кел- ген эле, бирок, ушул күнгө чейин анын оюн түшүнгөн бир дагы аял, кала берсе бир дагы эркек чыккан эмес. Эгерде ал өз оюн башкаларга сүйлөп берсе, уккандар аны таң калуу менен карап калыша турган. Албетте эгерде анын оюна башкалардын түшүнүшү кыйын болсо, демек ал өзү дагы тигилерден шексиз жогору турат. Ал жүрөгүнөн кандайдыр бир зор күчтү сезип, анын муштумдары эмнегедир түйүлө түштү. Эгерде турмуш ага кандайдыр бир зор нерсе сыяктуу сезилген болсо, ал андан чоң нерсени талап кылууга акылуу, бирок бул жерден эмес, бул кыздар менен жасаган мамиледен эмес. Бул кара көз аны эч кандай бийик максаттарга шыктандыра албайт эле. Мартин алардын көз караштарынан — морожный жана дагы көп нерселердин чагылышып тургандыгын байкады. Ал эми Руфтун перизаттыкындай көз караштары болсо, ал умтулган нерселердин бардыгы — жада калса, андан да чексиз көп нерселерди тартуу кылууну ишендирип турган эле. Бул көз караш ага: китептерди, сүрөттөрдү, сулуулукту жана бейкапардыкты, жогорку даражалуулуктун жана назик- тиктин кооз турмушун мына эмнелерди тартуу кылмак. Кара көз кыз терең ойго чөгүп кеткенсиди. Мартинге бул толук түшүнүктүү боло турган. Бул ага кандайдыр бир сааттын механизми сыяктуу болуп көрүндү. Ал анын ар бир кичинекей бурамаларына чейин дааналап байкап тура ала турган. Бул көз караштар акырында түпсүз караңгы көр күтүп турган алдамчы жыргалды көздөй чакырып турган эле. Ал эми перизаттын көз карашындай Руфтун көз караштары болсо, түбөлүк жашоонун кереметин, ачылгысыз сырларды түшүнүүнү көздөй чакырып турган эле. Мындан ал өзүнүн да, Руф- тун да ички дүйнөсүн көрүп турду.

— Программада бир катачылык, — деди ал үнүн бийик чыгарып, — мен бүгүн бош эмесмин.

Кыздардын жүздөрү бузула түшүп, бир минутага эч нерсе түшүнө алышпады.

— Оору досуңузду көргөнү бармак белеңиз? — деп, кара көз кыз какшыктап калды.

— Жок, эмне үчүн... — деп ал мукактана түштү, — бир кыз менен жолугушууга белгилештим эле.

— Калп айтып жаткан жоксузбу? — деди кыз кескин түрдө.

Мартин анын кара көздөрүнөн көзүн албай туруп мындай деди:

— Эмне дебеңиз, чын айтам. Бирок, биз башка бир күнү жолугуша алабыз. Сиздин атыңыз ким? Каерде турасыз?

— Менин атым Лиззи, — деди ал, анын колун бекем кысып, бүткүл денеси менен аны көздөй ыкталып, — Лиззи Колонлли. Мен базардын жанындагы Бешинчи көчөдө турамын.

Алар дагы бир беш минут сүйлөшүп турушуп, анан коштошушту. Мартин түз эле үйүнө кайткысы келбеди.

Ал өзүнө тааныш бакты көздөй бурулуп, Руфтун терезесннин тушунан толкундануу менен мындай деди:

— Руфь, менин жолуга турган кызым сен. Башка жолугушууну мен каалабаймын.

VII ГЛАВА

Мартиндин Руфь менен таанышканынан бери бир жума болуп калды, бирок ал алиге чейин ага барып жолугуудан эмнегедир тартынды. Кээде ага баргысы келип аракеттенүүчү, бирок дагы эле кайра анын уялчаактыгы жана сүрдөнгөндүгү жеңип кетүүчү. Канча убакыттан кийин, жолугушууну кайталасак

ылайык боло турганын ал жакшы биле албады, анын үстүнө бул учурда ага түшүндүрүп кеңеш бере турган эч ким да болгон жок, ал эми өзү болсо, кокустан түзөтүлгүс жаңылыштык жиберип койбогой элем деп катуу чочуду. Ал мурдагы бардык жолдошторунан четтеп, баштагы кылык-жоруктарынан кол үздү, анын жаңы жолдоштору жок эле. Мына ошондуктан, ал бир гана китеп окуу менен убакытты өткөрүүнү чечти. Ал окуганда да жөнөкөй адамдын көздөрү мындай окууга эчак туруштук бере албай тургандай эң эле көп окуду. Бирок анын көздөрү курч, саламаттыгы бекем жана чың болучу. Мындан бөлөк, ал ушул убакка чейин китептик бүдөмүк ойлордон четте жашап жана анын мээси кандайдыр бир тукум себүү үчүн эң сонун топуракты түзгөн, ал чети оюла элек кара топурактуу дың жер сыяктуу эле, Ал илим менен иштеп чарчаган эмес, ошондуктан китепке моокуму канбаган кишиче асылып, андагы терең көсөмдүктү бүткүл ынтаасын коюу менен үйрөнүүгө киришти.

Жуманын акырынын келиши Мартинге ал бир, жүз жыл күткөндөй көрүнүп кетти. Мурдагы турмуш менен дүйнөгө кылган мамилеси ушунчалык алыс калгандай сезилди. Бирок, ага даярдыгынын жетишпегендиги дайыма тоскоолдук кылды. Ал көп жылдар бою атайы үйрөнүүнү талап кылган китептерди да алып окуду. Бүгүн ал Грек-Рим дүйнөсүнө жана маданиятына байланыштуу китептерден жана эртең болсо жаңы философиядан окуду, мына ушинтип, анын башында түрдүү идеялар бири менен бири чаташып кетип жатты. Экономикалык илим боюнча да дал ушунун өзү болду. Китепкананын бир эле текчесинен ал Карл Марксты, Рикардону, Адам Смитти жана Миллди таап алды жана ага түшүнүксүз формулалардын бири экинчисинин аныктамасын төгүндүккө чыгарып жатты. Ал өзү аябай сүрдөгөнсүп да кетти жана ошентсе да ал бардыгын билгиси келип, бир эле мезгилдин ичинде экономика, индустрия жана саясат жөнүндө өтө кызыгып окуй баштады. Бир күнү ал Сити-Холл багын аралап өтүп бара жатып, беш-алты кишини ортого алып, тегеректешип турган бир топ кишини көргөн. Алардын бардык көрүнүштөрүнө караганда кандайдыр бир маселени кызуу талашып жаткандай көрүнгөн. Ал аларга жакын келип, биринчи жолу эл философдорунун ага чоочун сүйлөгөн сөздөрүн укту. Анын бирөө селсаяк, экинчиси — профсоюздун үгүтчүсү, үчүнчүсү — университеттин студенти ал эми калгандары болсо, талаш-тартышты сүйгөн жумушчулардан болуучу. Биринчи жолу ал анархизм, социализм, бирдиктүү салык жөнүндө жана социалдык философиянын бири-бирине кас системасы бар экендигине түшүндү. Ал өзүнүн маалыматтарды жыйноонун жупуну тизмесине али кире элек илимдердин тармактары боюнча жаңы жүздөгөн. терминдерди укту. Мына ушул себептен ал талашып-тартышуунун өнүгүшүн кылдаттык менен байкай албады, бирок сезгичтик менен бул таң каларлык сөздөрдүн ичинде жаткан идеяларды ойлоп тапкандай болду. Талашып тартышып жаткандардын арасында теософ-ресторанынан келген кара көз малай, нан бышыруучулар профсоюзунун мүчөсү — агонистик, бардык жаратылыш бул чындык, деп аныктоого негизделген өзүнүн укмуштай философиясы менен бардыгын айран-таң калтырган чал жана экинчи бир ай-аалам, атом-ата жана атом-эне жөнүндө узакка талкуулаган дагы бир кары киши бар эле.

Бардык бул ой жүгүртүүчүлөрдөн Мартиндин башы катып кеткендей болду, Мына ошондуктан. ал азыркы уккан жана эсинде сакталып калган он чакты сөздүн түпкү маанисин билүү үчүн китепкананы көздөй шашып жөнөдү. Ал китепканадан үйүнө Блаватская айымдын төрт томун алып келди. Алар: «Доктринанын сыры», «Өөрчүү жана жакырдык», «Социализмдин

www.bizdin.kg

квинтэссенциясы», «Илим менен диндин согушу» деген томдор эле. Тилекке каршы окууну ал «Доктринанын сырынан» баштады. Бул китептин сөздөрүнүн ар бир сабы ал түшүнбөгөн эң татаал сөздөргө жык толгон болучу. Ал керебетте олтуруп, китепке караганда сөздүккө көбүрөөк көз жүгүртүп, үңүлүп жатты. Ага ушунчалык көп сөздөрдү жаттоого туура келгендиктен бир сөзүн эстесе, экинчи бир сөзүн унутуп калып жатты, мына ошентип ага абдан убараланууга сөздүктөн улам кайрадан кайталап кароого, издөөгө туура келди. Ал бул сөздөрдү башка бир өзүнчө дептерге түшүрүп, аз убакыттын ичинде эле анын жыйырмадай бетин толтуруп салды. Бирок, ошенткени менен ал эч нерсе түшүнө албады. Ал түнкү саат үчкө чейин окуп олтурду; анын башы тегеренип, тап-такыр иштебей калгансыды, ушинтип убара болгону менен да ал китептеги сөздөрдүн бирине да жакшылап түшүнө албады. Башын көтөрүп бөлмөнүн ичине кез жиберди эле ага үйдүн таманы деңиздеги толкун мезгилиндеги кемедей болуп ары-бери чайпалып тургансып көрүндү. Ушундан кийин анын ачуусу келип, сөгүндү да, колундагы «Доктринанын сырын» ыргытып жиберип, газды өчүрүп уктоого баш койду. Берки үч китеп менен да иш оңунан чыкпады. Мунун бардыгы анын башынын начар иштегендигинен эмес, жөн гана сөз байлыгынын жана машыгуусунун аздыгынан болуп жаткан эле; антпегенде бул ойлордун бардыгын оңой эле өздөштүрүп, ал турсун эң сонун жаттап алмак. Ал муну акырында түшүнүп, бир топко чейин өзүнө түшүнүксүз сөздөрдүн бардыгын жаттап билип алганга чейин бир гана сөздүктүн өзүн окууну чечип, ага бардык дилгирдик менен киришти.

Мартин үчүн бирден бир көңүл ачуучу нерсе бул поэзия эле: ал өзүнө ар бир сабы ачык-айкын түшүнүктүү болгон жөнөкөй акындардын ырларын толкундануу жана суктануу менен окуп чыкты. Ал сулуулукту сүйүү- чү, ал эми бул жерде болсо, андай сулуулуктар жетишээрлик түрдө бар эле. Поэзия ага кадимки музыка сыяктуу күчтүү таасир этип, кандайдыр бир билинбеген жол менен анын акыл эркин келечектеги мындан да кыйын иштерге даярдачу. Анын зээнинин баракчалары али кадимки актай барак сыяктуу болучу, ошондуктан ал эч кыйналуусуз эле, бир сабак ырдын артынан экинчисин эсине тез эле тутуп жатты. Көп убакыт өтпөй эле бул жаттаган ырларынын бардыгын тең жатка айтып китептин саптарынын тилге кирген ыргактарынын жаңырыгына рахаттанчу. Бир күнү ал кокусунан Гэйлинин «Классикалык мифтерин» жана Бельфинчтин «Жомоктор кылымын» кездештирип калды. Күтүлбөгөн жерден кадимки күндүн жарык нуру анын караңгы нааданчылыгын жарып өткөндөй жана аны поэзияны көздөй мурдагыдан да көбүрөөк умтулдуруп жибергендей болду.

Столдо олтурган адам Мартинди мурдатан эле таанучу, Мартин китепканага келген кезде кадимки эски таанышы катары ал Мартинге жылуу жүз менен башын ийкер эле. Мына ошондуктан, бир күнү Мартин бир нече китеп алып жатып, китепканачы анын карточкасына белги коюп жаткан учурда тобокелге салып, мындай деп калды:

— А, сизден бир нерсе суроого болор бекен?

Китепканачы жылмайып күлдү да, анан болот дегендей башын ийкеди.

— Эгерде сиз бир жаш кыз менен таанышып, анан ал сиздин келип турушуңузду суранган болсо... Кыскасы... Качан жолугууга болот?

Мартин уялганынан чыга түшкөн теринен жонуна көйнөгү жабышып калгандыгын сезди.

www.bizdin.kg

— Менимче, качан болсо деле жолугууга болот, — деди жооп берип китепканачы.

— Жок, сиз түшүнбөй жатасыз, — деди Мартин тактагысы келип. — Ал... билесизби кеп эмнеде, үйүндө болбой да калышы мүмкүн. Ал университетте окуйт.

— Эч нерсе эмес, башка күнү да жолугууга болот.

— Чындыгында кеп мында деле эмес, — деди Мартин акырында чечилип, тобокелдикке салып, — көрүп турасыз го, мен жөнөкөй эле бир суучулмун, анын чөйрөсү менен анчалык коошум жок. Бул кыз тап-такыр мендей эмес, мен тап-такыр андай эмесмин... Бирок сиз мени тамашалап жатат деп ойлобонуз, — деди өз сөзүн өзү бөлүп.

— Жок, жок, эч нерсе эмес, — деди китепканачы, шашып калып, — албетте, маалыматтарды берүүчү бөлүмгө сиздин талабыңыздын тиешеси жок, бирок ошондой болсо да, мен сизге колумдан келишинче жан-дилим менен жардам берүүгө даярмын.

Мартин аны таң калып карап калды.

— Эх, эгерде мен дагы ушундай шыпылдак болсом, анда иш башкача болор эле, — деп жиберди ал.

— Кечиресиз...

Эгерде мен да дал сиз сыяктуу келиштирип жана маданияттуу сүйлөй билген болсом, анда кандай жакшы болор эле деп, айткым келип турат.

— А! — деди китепканачы, Мартинге боору ачыгандай түр менен.

— Айтыңызчы, качан барса болот? Күндүзбү? Бирок түшкү тамактын үстүнөн чыгып калсам жаман го? Же кечинде барсамбы? А, мүмкүн, жекшемби күнү барсам кандай болот?

— Билесизби, мен сизге бир кеңеш берейин, — деди жылмайып китепканачы — сиз ага телефон чалып, сурап көрүңүз.

— Абдан туура айтасыз! — деп, Мартин сүйүнүп, китептерин жыйнап эшикти көздөй шашты.

Босогого келгенде кайрыла калып:

— Сиз жаш кыз менен, мисалы айталы мисс Лиззи Смит деген кыз менен сүйлөшүп калсаңыз, эмне деп айтаар элеңиз: мисс Лиззи деппи же мисс Смит деппи?

— «Мисс Смит» деп атаңыз — деди китепканачы салмактуу үнү менен, — аны менен өзүңүз абдан жакындап таанышканыңызча «мис Смит» деп атасаңыз туура болот.

Мына ушинтип маселе чечилди.

— Качан кааласаңыз ошондо келе бериңиз. Мен дайыма түштөн кийин өйдө боломун, — деди Руфь телефондон Мартиндин сизден алган китептеримди кайра качан алып келип берсем болор экен деген чоочулагандай суроосуна жооп кайтарып.

Мартинди Руфь эшигинин алдынан өзү тосуп алды. Анын сынчыл көз карашы Мартиндин үтүктөлгөн шымынын кырын, сырткы кебетесинин өзгөрүлө түшкөндүгүн байкады. Бардыгынан да таң каларлык нерсе анын өңүнүн кадыресе болуп калганы эле. Анын саламаттыгы ташкындап тургандай сезилип, толкундуу илеби Руфту өз кучагына тартып кеткендей болду. Руфь дагы ага ыктагысы келип, анын денесинин ысык илебин сезүүнү каалады жана Мартинди көрөр замат ага бериле түшкөнүнө кайра таң кала түштү. Руфь кебездей жумшак колун сунганда Мартиндин делебеси козголуп, жыргалданып, рахатка баткансып

www.bizdin.kg

кетти. Экөөнүн ортосуңдагы бир гана айырма Руфтун ички толкунданууусун сыртка билдирбегендигинде, ал эми Мартиндин болсо, тескерисинче чачынын түптөрүнө чейин кызарып кеткендигинде болду.

Мартин дагы эле мурдагыдай олокосуз термеле басып, Руфтун артынан ээрчиди. Алар конок үйүнө келип олтурушкан кезде Мартин өзүн эми саал эркин кармагансыды. Руфь анын ого бетер өзүн эркин сезип олтурушун каалап, ар түрдүү аракеттерди жасады жана бул аракеттердин бардыгын ал ушунчалык сыпайылык жана кылдаттык менен аткаргандыктан, Мартиндин көзүнө ал мурдагыдан жүз эсе сүйкүмдүү көрүнүп кетти. Алды менен алар окуган китептери жөнүндө, Мартинди тан калтырган Суинберн жөнүндө жана ал үчүн түшүнүксүз болгон Броунинг жөнүндө кеп кылышты. Руфь аңгемени багыттап олтурганы менен эки оюнун бири, Мартинге кантип жардам көрсөтсөм дегенде болду. Ал Мартинге кандай гана болбосун жардам көрсөтүүнү самады. Мартинди жакшы көрүп жана боору ачып аяды, бирок бул боор ачууда анткордук жок эле. Бул болсо ал үчүн мурда эч качан сезип, башынан өткөрүп көрбөгөн, кала берсе, энелик назик, таза сезим болучу. Бирок Мартиндин ага жакын мамилеси Руфтун жаш жүрөгүн толкундатып, аны таң каларлык ой-сезимдерге салды, барган сайын жаштык оту эки жашты чексиз жакындаштырды, дал мына ушундай учурда Руфтун, жанагы Руфтун ага карата боор ачыгандыгы жөнөкөй, демейдегидей жупуну боор ачуу боло алышы мүмкүн беле? Жок, мүмкүн эмес, эле! Руфтун кайра дагы анын мойнунан кучактагысы, ага эркелеп, колун ийнине койгусу келе түштү. Бул каалоо аны мурдагыдай эле уялдыргансып жиберди, бирок Руфь ага эми үйрөнүп калды. Жаңыдан пайда болгон сүйүү жаш сезимди ушунчалык козгойт деп анын оюна эч качан келген эмес эле, кала берсе ал, өзүн бийлеген бул сезимдин сүйүү экендигин да билген жок. Руфка Мартин зор мүмкүнчүлүктөрү ачылбай жаткан бөтөнчө адам болгондуктан гана кызыктыргандай сезилчү жана аны өзүнө тартып жетектеген сезимдер бул жөн гана адамгерчилик кылып жардам көрсөтүүнүн сезими деп түшүндү.

Ал Мартинди кааларын өзү да билген жок; ал эми Мартин менен болсо иш тап-такыр башкача болду. Мартин Руфту катуу сүйөрүн билүүчү; сүйгөндө да ал өмүрүндө болуп көрбөгөн күчтүү сезим менен сүйүп турган эле. Ал бардык сонун нерселерди сүйгөн суяктуу эле, поэзияны мурда эле берилип сүйүүчү, ал эми Руфь менен кездешкен күндөн тартып болсо, ага сүйүү лирикасынын кең дүйнөсүн көздөй зор дарбаза ачылгандай болду. Руфь аны Бельфинч менен Гэйлиге караганда көп нерселерге үмүттөндүрүп турган эле. Бир жума мындан мурун ал төмөндөгүдөй саптар жөнүндө ойлонуп да койбос эле: «Бечара жигит, сүйүүгө бек, бир өпсө да, анан өлсө да арманы жок», бирок бул сөз анын башынан кетпеди. Ал буга эң улуу ачылышка таң калгандай таң калды; ал Руфка карап турду да анан: ооба бир өпсөм да, анан өлсөм арман жок — деп ойлоду. Мына ушундан кийин өзүн «сүйүүгө бек, бечара жигит» деп сезип буга сыймыктанып турду; эгер аны бирөө рыцардык даражага көтөрсө дагы ал азыркыдай сыймыктанууну сезбес эле. Ал акырында турмуштун мазмунуна жана өзүнүн бул дүйнөдө эмне үчүн жашап жаткандыгынын максатына түшүндү.

Мартин Руфтун сөзүн угуп жана анын жылдыздай жанган көздөрүнө суктана тигилип турганда көңүлү көтөрүлүп, кыялы асманга учкансып кетти. Ага бир кездеги Руфту колунан кыскандагы сезген рахаты көз алдына элестеп, азыр дагы ал сезимдердин кайталанышын кайрадан самап кетти. Кээде ал жалынданган суктануу менен Руфтун эриндеринен көзүн албады. Бирок, бул жалынданууда жана берилүүдө эч кандай одонолук же табыйгаттан тышкары көрүнүш жок эле.

www.bizdin.kg

Ал дагы эле тигилген көз караштарын сүйлөп жаткан Руфтун назик эриндеринен алган жок. Ал Руфтун эриндеринин ар бир кыймылынан сөз менен айтып түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон жыргалдануну сезип турду; бул эрин кадимки башка бардык аялдар менен эркектердин эриндериндей эмес, бөтөнчө эрин болучу. Анын эриндери кадимки перизаттыкындай көрүнүп, аны өбүүнү каалагандык башка аялдар козгогон сезимге тап-такыр окшош эмес эле. Ал зор каалоо менен анын бул назик эриндерине кенедей чап жабышкысы келди, бирок мындай кылуу баары бир алда талаага жакындаганга барабар эле. Ал өзүнүн жүрөгүндөгү болуп жаткан өзгөрүштөргө терең баа бере албай кеткенсиди жана Руфту караганда сүйүүнү эңсеген бардык эркектердин көз карашынын жалынындай эле, анын көзү да жалындап турганына түшүнө албады. Ал өзүнүн жалындуу жана курч көз караштары менен Руфтун бүткүл денесин бийлеп алгандай болду. Руфтун жаңы ачылган гүлдөй назиктиги жана тазалыгы анын бардык сезимдерин асылдандырып, көңүлүн жылдызга учургансыды. Ал өзүнүн көз караштарынан тараган кандайдыр бир сырдуу жылуулук Руфтун бүткүл денесин аралап жана ал жерден ага кайра жооп кайтаруу жалынын пайда кылгандыгын сезсе ушунчалык таң калат эле. Анын тынчсызданган көз караштарынан сүрдөп жана толкундана түшкөн Руфь бир нече жолу сүйлөй албай мукактана калып жана араңдан зорго дегенде өзүнүн чаташып кеткен ойлорун тартипке келтирүүгө үлгүрдү. Демейде ал адамдар менен сүйлөшкөндө эч кандай тоскоолдукту сезбестен, эркин сүйлөшө турган, азыр болсо ал өз абалын Мартиндин күчтүү таасири менен түшүндүрдү. Ал ар түрдүү көрүнүштөргө өтө сезгичтик менен мамиле кыла турган жана акыры-аягы бул башка дүйнөдөн келген саламчынын өзүн чексиз толкундатып жибергендигине таң каларлык деле эч нерсе жок эле.

Ал Мартинге кандайча жол менен бир жардам берсем деп ойлонуп, аңгемесинин негизги багытын ошол жакты көздөй бурган учурда Мартин андан өзү жардам сурап кайрылып калды:

— Мен сизден кээ бир кеңештерди сурай алар бекемин? — деп сурады да, Руфтун ага жооп кайтарып, колумдан келген кеңештеримди мен сизден эч качан аябаймын деген сөзүнө кубанганынан жүрөгү аз жер- ден жарылып кете жаздады.

— Билесизби, мен китептер жөнүндө жана ар түрдүү ушул сыяктуу нерселер жөнүндө бирөө менен талашып-тартыша, талкуулаша албаймын, бул жагынан менин жөндөмүм жок деп, сизге мурда бир айтты элем, Мына ошондон бери мен абдан көп ойлондум. Китеп- канага барып, андан ар түрдүү китептерди алуучу болдум, бирок ал китептердин бардыгы менин күчүм жете турган китептерден эмес экен. Же мүмкүн бардыгын кайра башынан башташ керекпи? Мен эч качан чындап киришип окуп көргөн эмесмин. Жаш кезимден тартып иштей баштоого аргасыз болдум, мына азыр гана китеп- канага барып жүрөмүн, түрдүү китептерди таап окудум, мурда болсо мен, чынымды айтайын, эч бир пайдасыз китептерди окуп жүрүптүрмүн. Билесизби, сиз- дин үйүңүздөгүдөй китептерди башка фермалардан же болбосо, кемелердин бөлмөлөрүнөн эч качан таба албайсың. Ал жерде, китеп окуу да тап-такыр башкача, мен дал ошондой окушка аябай көнүп алыптырмын. Бирок мен сизге мактанбай эле айтайын, андагы өзүмдүн кирген ийримимдегилерге мен түк окшошчу эмесмин. Бул албетте мен өзүмдү башка суучулардан же болбосо уйчуман менен койчумандардан, кала берсе мен өзүм дагы уйчуман болгонмун, — артыкмын деп эсептеп жаткандыктан эмес, — бирок өзүңүз эле сын бериңизчи, мен китептерди ар качан сүйүүчүмүн жана колума кандай гана китеп тийбесин аны суктанып окуп

www.bizdin.kg

чыкчумун, өзүмө өз башым жолдошторумдукуна караганда тап-такыр башкача иштей турган баштай сезилчү. Бирок кеп мында да эмес. Мен өмүрүмдө эч качан сиздикиндей сонун үйдө болгон эмесмин. Мурдагы жумада мен сиздикинде болгонумда сизди, сиздин апаңызды жана бир туугандарыңызды көрүп, аябай кубандым, сиздердин баарыңыздар мага бөтөнчө жактыңыздар. Мен мурун мындай сонун ынтымактуу үй-бүлөлөр жөнүндө китептен гана окугам, көрсө чындыгында эле турмушта андай үй-бүлөлөр бар болуп чыкты, китеп калп жазган эмес экен. Мага чындыгында эле сиздердин үйүңүздөр өтө жакты, эрксизден менин да ушундай үйүм болсо деп ойлодум жана азыр да ойлонуп турамын. Мен дагы сиздердин үйүңүздөрдөгүдөй абадан дем алсам, туш-тушумдун- бардыгы китептер, сүрөттөр жана ар түрдүү кооз буюмдар болсо, үйдө жашагандар болсо акырын жана салмак менен гана сүйлөшсө, алардын кийимдери жана ойлору да таза болсо дегендей кыял- дарга чөгөмүн. Ал эми мен өмүр бою дем алган аба болсочу, жүзү курусун, мага алар кир ашкана, ичкилик, тилдеп-сөгүнүү жана жатакананын акысы үчүн чыр- чатактуу талаштар гана жыттанат. Сиз ордуңуздан өйдө болуп, өз апаңызды өбөйүн деген учуруңуз мага ушунчалык кооз болуп көрүндү, — чындыгында мындай сулуулукту мен өмүрүмдүн ичинде көргөн эмес элем. Бирок мен өмүрүмдүн ичинде далайды көрдүм, кала берсе башкалардын бардыгынан да көбүрөөк көрдүм. Мен көптү көрүүнү каалаймын жана дагы көптү көрсөм экен деп тынымсыз умтуламын.

Бирок, кептин бардыгы ушунда гана эмес. Эң башкысы мына бул: мен сиздин ушул жашап турган үйүңүздөй турмуш деңгээлине жетүүнү каалар элем. Турмуш — бул бир гана мас болуу, мушташ жана оор жумуш эмес да. Эми, мына мындай бир суроо: мындай деңгээлге кантип жетиш керек? Эмнеден башташым керек? Иштештен мен коркпоймун; эгерде бул жөнүндө сөз козгой турган болсом, анда мен иште ким менен гана болбосун ат салышкан болсом озуп кете алар элем. Мага бир жолу гана баштап алышым кыйын, андан кийин тим эле, күнү-түнү менен талбай иштээр элем. Мүмкүн сиз менин бул сөздөрүмө күлөрсүз? Мүмкүн мен сизге бекер жеринен кайрылып жаткан чыгармын, мүмкүн эч кандай кажат чыкпас, бирок чынын айтсам менин сизден башка кайрылар эч кимим жок, же Артурга кайрылыңыз дейсизби? Мүмкүн менин ага кайрылышым керек эледир? Эгерде мен...

Ал күтүлбөгөн жерден токтоло түштү. Чындыгында эле Артурдан сураш керек эле, ай иттикай, бир акмак болуптурмун да, деген ойду ойлоно түшкөндүгүнөн анын бардык планы бузулуп кетти. Руфь тез жооп кайтарган жок. Анын бардык ою Мартиндин байланышсыз түшүндүргөн сөздөрү менен жөнөкөй ойлоруна, анын көзүнөн окулуп турган чыныгы ойлор менен бирге байланыштырууга катуу аракеттенүүсүнө бурулган эле. Ал эч качан мындай жеңилбес күч жанып турган көздөрдү учураткан эмес. Бул адамдын колунан бардыгы келет — мына анын көз караштары эмнелерди айтып тургансыйт, бул анын тил байлыгынын кедейлигинен сөз жүзүндө толук баяндалбай гана турат. Анын үстүнө Руфтун акылы ушунчалык жеткилең жана татаал болгондуктан, ал чыныгы жөнөкөйлүк менен ак ниеттүүлүккө чындап туура баа бере албады. Кала берсе, Мартиндин бул кекечтенген ойлорунан да кандайдыр бир зор күч сезилип турган. Мартин Руфка колундагы чынжырын үзүп таштоого мелдешкен алп сыяктуу болуп көрүндү. Анын көздөрү демейдегиден башкача нурдана түшүп Мартинге:

— Сиз өзүңүзгө эмне жетишпегендигин өзүңүз билесиз, — сизге маалыматтуулук жетишпейт. Сиз кайра башынан баштасаңыз болор эле. Эң алды

www.bizdin.kg

мектепти бүтүрүп, андан кийин — университеттин курсуна өтсөңүз жакшы болор эле.

— Ал үчүн акча керек да, — деп Мартин сөзүн бөлүп кетти.

— О, туура айтасыз! — деди таң кала түшүп Руфь, — мен ал жөнүндө ойлонгон эмес экенмин! Бирок, сиздин жакындарыңыздын эч кими сизге жардам көрсөтө алышпайбы?

Ал жок дегендей башын тескери чайкады.

— Менин ага-энем өлүп калышкан. Менин бир эжем, бир карындашым бар: бирөө күйөөгө чыккан, экинчиси күйөөгө калыбы, жакында чыгыш керек. Эр-кектен бир топ барбыз, мен эң кичүүсүмүн, бирок алар эч кимге, эч качан жардам беришкен эмес. Ар кимиси өзүнчө бакыт издеп төгөрөктүн төрт бурчуна кыдырып кетишкен. Эң улуу агам Индиядан өлгөн. Экөө азыр Түштүк Африкада — бирөө кит улоочу кемеде, ал эми экинчиси болсо көчмө цирк менен кыдырып элге оюн көрсөтүп жүрөт. Ал трапецияда акробат болуп иштейт. Мына мен дагы ошолордоймун. Апам өлгөндөн бери он бир жашымдан тартып өзүмдү-өзүм жан сактатып келе жатамын. Мына ушинтип, бардык нерсеге мен өз күчүм менен гана жетишим керек. Бир гана эмнеден башташ керек экендигин билгим келет.

— Сиз биринчиден тилди үйрөнүшүңүз керек. Сиз кээ бир учурларда оюңузду (ал «өтө орой» деп айткысы келди эле, бирок карманып калды) анчалык туура эмес баяндайсыз.

Мартиндин чеке тери чыга түштү.

— Ооба, кээде мен сизге түшүнүксүз сөздөрдөн да айтып жиберип жатам. Бирок мен ушул сөздөрдүн кандай айтылышын билемин. Эсимде китептен үйрөнгөн кээ бир сөздөр бар, бирок мен алардын кандайча айтылышын билбеймин, ошондуктан аларды пайдалангым келбейт.

— Кеп бул жерде жалаң гана сөздө эмес, жалпы сүйлөм тизмегинде. Сизге ачык эле айтайынбы? Сиз мага таарынбайсызбы?

— Жок, жок! — деди таң кала түшүп, ичинен кең пейилдигине рахмат айткандай. — Аябаңыз! Мындай сынды башкалардан уккандан көрө, сизден укканым жакшыраак!

— Эми угуп туруңуз. Эмне керек болсо сиз анын бардыгын грамматикадан табасыз. Мен сиздин сүйлөгөн сөздөрүңүздөн бир далайын белгилеп койдум, аларды экинчи жолу кайталабаска аракет кылуу керек. Мен сизге азыр грамматиканы алып келип берем.

Руфь ордунан туруп өйдө болгондо, Мартиндин оюна китептен жаттаган этикет жөнүндө бир эреже эсине түшө калып, ал да эпсиз козголуп, ордунан кошо тура калды жана ошол замат Руфь кокус кеткени жатабы деп ойлобосун деп чочуй да түштү.

Руфь грамматиканы алып келип, өзүнүн стулун Мартинге жакын жылдырып койду, бирок Мартин ушул жерден да өзүнүн этиятсыздыкты кетиргендигине өкүнүп, кап стулду жылдырып кичи пейилдик көрсөтсөм болмок экен деп калды. Руфь китепти ачын экөөнүн башы жакындаша түштү. Бул жакындашуу Мартинди ушунчалык толкундатып жибергендиктен, Руфтун түшүндүрүп жаткандарынын артынан ой жүгүртүп отуруу өтө кыйын болду. Бирок Руфь жактоонун сырын түшүндүрө баштаганда, Мартин дүйнөдөгүнүн бардыгын унутуп жибергенсиди. Ал эч качан жактоо жөнүндө уккан эмес жана сөздүн сырдуу закону менен бул биринчи жолку таанышкандагы аны аябай таң калтырды. Ал китепти көздөй эңкейгенде Руфтун чачтары күтүлбөгөн жерден анын бетине тийип кеткендей болду.

Мартин өмүрүндө эс-учун бир жолу гана жоготкон болучу, азыр болсо ал дагы экинчи жолу кайталанат го деген ойго кетти. Анын деми кыстыгып, жүрөгү кабынан чыгып кетчүдөй болуп катуу сого баштады. Эч качан ага Руфь азыркыдай, кадимки өз колунда тургандагыдай сезилген эмес. Алардын ортосун бөлүп турган асман менен жердей аралыкты көз ирмемге бириктире салган кандайдыр бир көпүрө пайда боло түшкөнсүдү. Бирок Мартиндин толкунданган сезими мындан басаңдаган жок. Руфь бул тепкич менен Мартинди көздөй ылдый түшүп келбеди. Мартин булуттан бийик көтөрүлүп, Руфка өзү жакын барды. Анын сүйүүсү мурункудай эле диний урматтоолорго жык толгон болучу. Ага качанкы бир чиркөөнүн ыйык олуя-бүбүсүнө кирип баргандай жана кокус бир жериңе тийип кетсе, кадимки электр зарядындай таасир этишинен сактануу үчүн башын акырын бир аз артка алыстатты. Бирок, Руфь эч нерсени байкаган жок.

VIII ГЛАВА

Арадан көп жумалар өтүп, Мартин Иден грамматиканы окуп, сылык сүйлөө боюнча көрсөтмөлөргө көз жүгүртүп жана аны өзүнө тартып кызыктырган ар бир китепке берилгендик менен көңүл буруп чыкты. Ал өзүнүн мурдагы чөйрөсүнөн тап-такыр алыстап кетти. Мына ошондуктан «Лотостогу» жашоочу кыздар Мартинге эмне болгонун билишпей, Джимди чарчатып. андан ал жөнүндө кайта-кайта сурай беришти, ал эми кээ бир балдар болсо, Мартиндин Райлиге мелдешке келбей калгандыгына жакшы болду дешип өтө кубанышты. Ал китепкананын казынасынан дагы бир кымбат баалуу табылганы ачты. Грамматика ага тилдин негизин ачып бергендей, бул жаңы китеп дагы ага поэзиянын негизги эрежелерин түшүндүрдү. Ал метрди, форманы жана ырдын түзүлүш закондорун окуп, өзүн ушунчалык толкундаткан сулуулук кантип түзүлгөндүгүн туюнду. Китептеги эң жаңы бир көз караш, поэзияны сүрөт тартуу өнөрү менен катар салыштырып, андагы теориялары адабияттык эң мыкты үлгүлөргө таянуу менен бекемделип көрсөтүлгөн. Мартин бир дагы романды мынчалык кызыгып окуп чыккан эмес. Илимди каалоо менен азгырылган анын. жаш жана толук акылы, бардыгын катардагы студенттерге караганда зор активдүүлүк жана тездик менен өздөштүрө баштады.

Мартин өзүнө ачык белгилүү дүйнөгө — алыскы өлкөлөр, деңиздер, кемелер, суучулдар жана эркектерге окшогон аялдар дүйнөсүнө көз жибергенде, — бул дүйнө ага өтө тар болуп көрүндү; ал эми кандайдыр бир таасир менен Мартин өзүнүн бет алдынан жаңыдан ачылган кең дүйнө менен кездешкендей боло түштү. Анын ой-санаа менен акылы ар качан бирдиктүүлүккө жана ынтымакты көздөй умтулуучу; бирок алды менен бул эки дүйнөнүн ортосундагы байланышты жакындаштырып келгенде, эмнегедир таң кала түштү. Ал китептен үйрөнгөн өзүнүн жогорку сезимдери жана ойлорунун таасири менен эски дүйнөнү бийиктиктен карай баштады. Ал азыр Руфь, анын ата-энеси жана бир туугандары, жогорку чөйрөгө таандык болгон бардык башка аялдар жана бардык эркектер бул жогорулаган ойлордун образын өз ара бөлүшөрүнө жана алардын өздөрү да бул образ менен бирге жашай тургандыктарына терең ишенди. Бул убакка чейин ал кандайдыр бир баткак сазда жашап келген жана азыр андан тазаланып, жогорку чөйрөгө көтөрүлгүсү келди. Алда качан анын жаш чагында эле аны кандайдыр бир бүдөмүк сезимдер бирде капалантып, бирде кубантып жиберүүчү, бирок, ал Руфка жолукканга чейин бул сезим эмне деген сезим экендигин такыр билген эмес. Азыр болсо анын кайгысы андан да ашынып жана

www.bizdin.kg

жанды кейитип турду. Эми ал мунун себеби — терең акылдуулукту, сулуулукту жана сүйүүнү эңсегендигинде экендигине ачык түшүндү.

Өткөн жумалардын ичинде ал Руфь менен алты жолу жолугушту жана бул ар бир жолугушуу анын көңүлүн бийик көтөрбөй койгон жок. Руфь Мартиндин тилин жана сөздөрдү туура эмес айтышын оңдоп, ага арифметиканы да үйрөтө баштады. Бирок алардын аңгемелери бир гана окуу китептери менен чектелип калган жок. Мартин турмуштан көптү көргөндүктөн, анын акылы өтө такшалып калган эле, ошондуктан бөлчөктөрдү бөлүү чарчы тамырларды чыгаруу, сүйлөмдөрдү баш мүчөлөргө ажыратуу жана этиштин жакталыштарын гана билүү аны канааттандыра албады. Кээде алардын аңгемелери тап-такыр башка темага да келип такала турган, — алар Мартиндин азыр эле окуп чыккан ырлары жөнүндө жана Руфь өзү окуп, үйрөнүп жаткан акыны жөнүндө аңгемелешишти. Руфь ага өзүнүн сүйгөн ырларынын саптарынан Мартинге окуп бергенде, ал чексиз жыргалдануу сезгендей болду. Ал эч качан мындай назик үндү уккан эмес. Руфтун сөзүнүн ар бир тамгасынан анын жаш сүйүүсүнүн гүлү ачылгандай ар бир сөзү анын делебесин козгоп жибергендей болду; Бул үндө токтоолук да жана музыкалуулук да, — маданияттын улуу, бай жемиш жана көңүлдүн эң жогорку жыргалдануусу да бар эле. Руфтун үнүн тыңшап олтуруп, эрксизден ал жапайы тукумдан чыккан орой, порттордогу бузулган аялдарды жана фабрикадагы жумушчу аялдардын кыйкырып, уятсыз шалпыган сөздөрүн эсине түшүрдү. Мына ушул замат анын көз алдынан бул аялдардын зор тизмеги чубап өтүп жана алар менен салыштырганда сулуулук менен тазалыкка чексиз бөлүнгөн. Руфтун айланасы дагы ого бетер көздүн курчун алгандай кооздук менен жана баштагансыды. Ал жалаң гана Руфтун үнүн угууга гана куштар болуп тим болбостон, Руфтун өзү окуп жаткандарын жакшы билгендигине жана ойдун поэзиялык мазмунуна жандуу мамиле кыла тургандыгына өтө чексиз кубана турган. Руфь ага «Хан кызынан» бир канча жолу окуп берип, өзү дагы көз жашын кармай албай ыйлап жиберүчү. Бул анын сулуулукту ушунчалык назик кабыл алган кыз экендигин айкындап турду. Бул минутада Мартин өзүн дүйнөнүн эн бийик чокусуна чыгып, бүткүл дүйнө анын алаканында тургандай сезди жана Руфтун жүзүнө көз жиберип, назик үнүн угуп тургандыктан, анын бардык жашырын сырларын толук туюнгансыды. Мартин бул зор бийиктикке жетип жана мунун сүйүү экендигин түү- шүнө баштады, ал эми сүйүү болсо дүйнөдөгү эн улуу сезим болучу. Мына азыр анын көз алдынан качандыр бир кезде сезген бардык кубанычтары чубап өткөнсүдү: — мас болуу, аялдардын эркелеткендери, оюн-тамашалар, күчтүүлүктүн кайраты, — бирок, мына ушунун бардыгы тең, азыр ал сезип турган сезимдер менен салыштырганда арсыз, чексиз одоно жана олокосуз боло түштү. Руфь бул окуяларга эч көңүл бурган жок. Анын сүйүү жагынан тажрыйбасы али жок болучу. Билген- деринин көпчүлүгү көбүнчө күндөлүк турмушту кооздоп, ашындырып көрсөткөн анын окуган китебинен алынган жана ал жөнөкөй суучул жаш жүрөгүн чексиз бийлеп, делебесин козгоп, бүткүл кыялын өзүнө багындырып алат деп эч качан ойлогон да эмес эле. Ал чындыгында сүйүү жалыны кандай экендигин да билген эмес. Анын бардык элестөөлөрү баштан аяк теориялык негизде түзүлгөн «сүйүү» деген сөз ага асман жылдызынын кыска убакытка нурданышын, деңиздин тынч бетиндеги майда толкундарды жана жайдын жум- шак таңындагы шүүдүрүмдөрдү баяндап тура турган. Сүйүү ага эми адамдардын ортосундагы эң назик байланыш, сүйгөн адамына чексиз кызмат кылуу, жыт аңкыган гүл бакчада сүйгөнү менен ээн олтуруп чын жүрөктөн сыр чечишүү болуп сезилди. Ал сүйүүнүн вулкан сыяктуу

www.bizdin.kg

күчүн да жана кээде анын жүрөктү өрттөп, ысык жалынга матырган азаптуу жактарын да сезип турду. Ал жалаң дүйнөдөгү эмес — өзүнүн жаш денесинде катылып жаткан зор күч жөнүндө да эч нерсе биле элек; ал эми турмуштун ички сырлары анын таттуу кыялдарынын күңүрт көлөкөсүнүн аркасында жоголуп жаткансыды. Ал үчүн өз атасы менен энесинин никелик жакындыгы — сүйүшкөн адамдардын кошулуусунун идеялык болучу жана ал эч кандай камырабастык менен келечектин кайсы бир күнү бул сыяктуу никелүү жакындык — сүйгөн адамы менен анын турмушуна да эч кандай толкунануусуз жана коркунучсуз эле боло тургандыгын күттү.

Мына ушинтип, ал Мартин Иденди — кандайдыр бир таң каларлык жаңылыкка, өзгөчө укмуштуу жандыкка карагансып тиктеп турду да, анан эртеден берки делебесин козгоп жаткан күчтүү сезимдер ушунун эле таасири деп жоруп койду. Бул табийгый нерсе эле. Мындай сезимди ал айбанканадан жапайы айбандарды көрүп жаткан кезде да жана бороон болуп, чагылгандын жарк эткенин көргөндө да сезген. Бул болсо, албетте, ааламдагы кубулуштардын эле бири, ал эми ушундай эле ааламдык нерсе Мартинден да сезилип турат. Ал ага деңиздин салкын абасын, жер шарынын көз жеткис зор мейкиндиктерин тартуу кылгандай болду. Анын жүздөрүндө тропикалык ысык күндүн нурунун белгиси, ал эми чоюндай бек булчуңдарында болсо, адепки коомдогу адамдардын күчү элестеп турду. Анын тулку-боюнда Руфь өмүрүндө укпаган чоочун өлкөнүн таш боор жана аябаган ээн баш адамдары менен мушташа кетүүдөн пайда болгон тырыктары даана көрүнүп турат. Бул жигит Руфь үчүн али үйрөтүлө элек көк торпок сыяктуу болуп көрүндү жана ушул жигит өзүн чексиз сүйүп калгандыгын өтө жактырды. Ал бул тентек жигитти тарбияга көндүргүсү келди. Руфь мыктылыктын үлгүсүн көрсөткөн адам деп эсептеген, дал өзүнүн атасындай кылып бул баланы тарбиялоону өтө каалагандыгы көңүлүнө эрксизден уюй түштү. Ал өзүнүн түшүнбөстүгүнөн, жүрөгүндөгү Мартин козгогон ааламды кыдырткан сезимдердин чыныгы сүйүү экендигин түшүнгөн да жок, бул жеңүүгө мүмкүн болбогон сезим болсо, эркек менен аялды нечен тоскоолдуктар аркылуу, бири-бирин көздөй умтулдурат, бугуларды жүгүргөн кезинде бири-бирин жара сүздүрөт жана бардык жандуу нерселерге кошулууну эңсетет эмеспи.

Мартиндин тез өсүшү аны аябай таң калтырып жана көңүлүн бурду. Ал башынан эле болжоп жүргөн Мартиндин ички сапаттарынын мыкты жактарын азыр ачык- айкын көргөндөй болду жана ал сапаттар күндөн-күнгө ыңгайлуу шартта өскөн гүл сыңары көркүн ача баштады. Руфь ага үнүн чыгарып, Броунингди окуп берип жана түшүнүксүз жерлери учурай калганда, анын билгендик менен талкуулагандыгына кээде таң кала түшүп жатты. Ал, Мартиндин турмушту жана адамдарды жакшы билгендикке негизделген талкуулары көпчүлүк учурларда аныкынан бир кыйла туурараак болуп жаткандыгын түшүнгөн жок. Кээде аны Мартиндин жылдыздан ары учкан кыялынын эргиши кызыктырганы менен, кээде анын талкуулоолору ага аңкоо сыяктуу көрүнүп, жакпай да жатты. Андан кийин Руфь ага музыка ойноп берди, музыканын назик үндөрү Мартиндин бүткүл ички дүйнөсүн аралап өткөнсүдү, Руфь муну баалай да албады. Мартин музыканын үнүн уккан сайын кадимки гүлдөр күндүн нуруна ачыла баштаган сыяктуу көңүлү жашарып, жаш кыялы эргигендей болду, мурдагы майда ритмдерди жана джаздар музыкасынын кулакты тундурган жагымсыз үндөрүн тез эле унутуп, Руфтун сүйгөн классикалык репертуарын баалай баштады. Ал Вагнерге карата кандайдыр бир жакшы сезимде болду жана «Тангейзерге» увертюра, айрыкча Руфь ал жөнүндө

www.bizdin.kg

айтып түшүндүргөндөн кийин ага ого бетер күчтүү жакты. Бул увертюра ага өзү жөнүндө жазылгандай сезилип кетти. Анын өткөн күндөрү ага Венериндин үңкүр жөнүндөгү темасында айкын-ачык берилген эле, а Руфту болсо ал ажылардын хору менен байланыштырды; мына ушинтип вагнердик обондор анын кыялын жакшылык менен жамандык түбөлүк күрөш жүргүзүп жаткан ай-ааламдын асманына көтөрүп кеткенсиди.

Мартин ага татаал суроолорду жаадыргандыктан, кээде ал музыканы туура эмес түшүнөт окшойм дегендей да ойлорго келе калып жатты. Бирок ал ырдаган кезде, Мартин ага эч нерсе деп суроо берген жок. Мартин андан кулагын албай, телмире тиктеп угуп олтурду жана кайрадан анын көз алдына фабрикалык кыздардын чыйылдаган ачуу үндөрү, порттордогу аракканаларда ажаандуу мас аялдардын үндөрү чыкпаса да чуулдашкандары элестей түшүп жатты. Руфь ага роялда ойноп жана ырдап бергенди жакшы көрдү. Ал биринчи жолу ушундай тыкан, ийкемдүү адам менен мамиле кылгандыгына кубанып жана бул адамды тарбия жолуна салууну колуна алгандыгына өтө сүйүндү. Ал бул ишти колуна өзү алынгандыгына дагы ыраазы болуп, аны аткарууга бөтөнчө дилгирдик менен кирише баштады. Баарынан да ал Мартиндин жанында тургандыгына ажары аябай ачылып турду. Мартинден ал чочулабады. Алды менен ал чындыгында эле анын тынчы жок жүрөгүнө саал коркунуч туудурган болучу, ал эми азыр болсо, ал коркунуч тарап кеткенсиди. Ал эмнегедир эрксизден өзүн ага жакын сезе баштады. Башка жагынан да Мартин Руфка жандуу таасир көрсөтпөй койгон жок. Руфь университетте сабакты көп окучу, ошондуктан ага кээде китептин чаңын жутуудан эс алып, Мартиндин өзү менен кошо ала келген деңизинин салкын абасынан дем алып туруу да ага пайдалуу болду. Күч! Ооба, ага күч керек болчу жана Мартин өзүнүн күчүнөн ага бөлүштүрүүнү аяган жок. Жок, ал эч качан аямак эмес. Мартин менен бир бөлмөдө бирге олтуруу, аны эшиктин алдынан тосуп алуу, мына ушунун баары көп нерсени түшүндүрүп турган. Мартин кетери менен Руфь сабагын даярдоого эки эселенген күч менен кирише баштады.

Руфь Броунингди өтө жакшы биле турган, ошондой болсо да, адамдын ички сыры менен ойноо өтө коркунучтуу экендигин ал эч качан ойлогон эмес. Ал Мартинге канчалык кызыккан сайын, ошончолук ал анын турмушун өзгөртүүнү каалады.

— Мына мистер Бэтлерди алып көрүңүз, — деди бир күнү Руфь грамматика, арифметика жана поэзия жөнүндөгү аңгемени аяктап жатып, — эң алды менен бул адам да далай тоскоолдуктарга учураган. Анын атасы казынанын кассири болуп иштеп, бир нече жыл бою ооруп, акырында кургак учуктан Аризондо каза тапкан, мына ошентип, мистер Бэтлер, — анын аты Чарльз Бэтлер — тап-такыр жалгыз калган. Анын атасынын чыккан теги австриялык, бирок анын Калифорнияда жакын туугандары жок эле. Басмаканага кирип иштеп, — бул жөнүндө ал мага өзү бир нече жолу айтып берген, — алгачкы учурларда жумасына үч доллардан иштеп тапкан. Ал эми азыр болсо, ал жылына отуз миңге чейин иштеп табат. Ал кантип буга жетишти? Ал — ак ниет- түү, күжүрмөн, жыйнак-тернектүү бүйрө жигит боло турган. Жаштар аябай кызыга турган оюн-шоок, тамаша сайрандоолордон ал баш тартып койгон. Ал өзүнө өзү катуу шерт кылып, эреже катарында жума сайын жок дегенде азыраактан болсо дагы, акчасынан чогултуп жүрүүнү чечкен. Албетте, көп узабай эле ал үч доллардан ашык иштеп таба баштады жана кирешеси көбөйгөн сайын анын жыйган акчасы да көбөйө берди. Ал күндүз иштеп, жумуштан кийин кечки мектепке барып жүрдү. Келечек жөнүндө абдан көп ойлоно турган. Андан кийин ал кечки курска

www.bizdin.kg

да катыша баштады. Он жети жашында тамга терүүчү болуп иштеп, жакшы эле иштеп таба турган болду, бирок ал атак-даңкты өтө сүйө турган. Өз келечегин түбөлүк жалан гана нан менен эмес, мансап менен да камсыз кылууну эңсеп, ал бул үчүн кандай гана кыйынчылыктар болбосун каршы барууга да даяр эле. Ал адвокат болууну каалап, ойлоп көрүңүзчү, жумасына төрт доллар акыга макул болуп, менин атамдын мекемесине кагаз ташыгыч болуп кирди.

Бүйрөлүккө абдан машыккандай үйрөнүп, төрт долларынан да арттырып, жыйып жүргөн акчасынын үстүнө кошуп коюп жүрдү.

Руфь бир аз эс алгандай токтоло түшүп, өзүнүн аңгемесин Мартин кандай кабыл алып жаткандыгын байкады. Анын жүзү мистер Бэтлердин тагдырына кызыккандай нурданганы менен кабагы саал жыйрылгансып көрүндү.

— Чын эле, оор болуптур ага, — деди ал, — жумасына төрт доллар деген эмне! Курсагына да жеткен эместир. Мына мен жатаканам менен тамагым үчүн жумасына беш доллардан төлөп турамын, ошондо да турмуш абалым жакшы эмес. Ал байкуштун көргөн күнү түшүнүктүү. Ичкен тамагы балким, иттикинен да жаман болгон чыгаар...

— Ал керосинкада өзүнө өзү тамак даярдап ишчү, — деп Руфь анын сөзүн бөлүп кетти.

— Менимче, ал балык улоочу кемедеги суучулдардан да жаман тамактанса керек, эгерде ошондой болсо, иши таза бүткөн экен шордуунун...

— Бирок ойлоп көрүңүзчү, ал азыр кандай турмушка жетишти дейсиз! — деп Руфь толкунданганынан кыйкырып жиберди. — Ал азыр жаш кездериндеги көргөн бардык азаптарын эки эселеп жандыра алат!

Мартин Руфту көздөй сурдангандай карады.

— Сиз, мен сизге эмне деп айткым келип тургандыгын билесизби, — деди Мартин каршы болуп, — кантип эле сиздин мистер Бэтлериңиз азыр сонун турмушта жашап жаткандыр дейсиз. Ал өткөн бардык мурдагы жылдарда жакшы тамак ичпей, өтө начар тамактанып келген болсо, демек анын ашказаны азыр эч нерсеге жарабай, бузулуп калгандыр деп ойлоого да болот.

Руфь Мартиндин көз карашына тигилип карай албай, көздөрүн башка жакка буруп кетти.

— Мелдешип коёюн, эгерде анын катар оорусу жок болсо...

— Бар, — деди Руфь сөзүн тез бөлүп, — бирок...

— А мүмкүн, — деди Мартин сөзүн улантып, — ал азыр картаң үкүдөй көңүлсүз жана ачуулудур, ага бул отуз миңден эч кандай кубаныч жоктур. Мүмкүн айланасындагылардын көңүл ачып, оюн-шоок кургандыгын ал жактырбас. Ушундайбы же мындай эмеспи?

Руфь ошондой дегендей башын ийкеп жана мындай деп түшүндүргүсү келди:

— Бирок ага оюн-шооктун кереги жок. Анын башы- нан бери эле мүнөзү ошондой түнт жана туюк. Ал ар дайым ушундай болуп жүрөт.

— Антип жүрбөгөндө, кантип жүрмөк эле! — деди Мартин, — алганы жумасына үч-төрт доллар болсо! Анан калса ал, акчасынан эптеп-септеп арттырып, чогултуп, да жүрөт экен. Күндүз иштеп, кечкисин окуса, окуу менен иштен башка, эч бир көңүл ачуу дегенди билбесе, кандай деген оокат, турмуш аныкы! Эх-э! Ал бул отуз миңге өтө кеч жеткен экен.

Мартиндин өтө ийкемдүү элестетүүсү ушул замат бүйрө жана камкор жигиттин бүткүл өмүрүн ийне-жибине чейин жана акырында жылдык кирешеси аны отуз миңге алып келген турмуштун ичке жана тар жолун көз алдына

www.bizdin.kg

айкын-ачык сүрөттөп турду. Чарльз Бэтлердин бардык ою жана аракети Мартинге телескоп аркылуу карап тургандай даана көрүндү.

— Сиз билесизби, — деди ал, — менин мистер Бэтлерге боорум ачып турат. Ал башта жаш болуп, билбестик менен өз өмүрүн өзү кыйыптыр, мына эми, отуз миңге жеткени менен, бакытка жетти бекен? Азыр ал бул отуз миңге, мурда бала кезинде он центке сатып ала турган нерсесин да сатып ала албастыр, — айталык, кандайдыр бир набат, момпосуйду же жаңгакты же болбосо театрдын билетин!

Бул сыяктуу талкуулоо Руфту, албетте таң калтыр- бай койгон жок. Бул Руфь үчүн жалаң гана тап-такыр жаңы нерсе, — анын көз караштарына туура келбеген гана нерсе болбостон, ал ушунун өзүнөн дүйнөгө карата болгон өз көз карашын түп-тамырынан бери өзгөртүүнү талап кыла турган коркунучтуу чындыктын бүдөмүк учкундарын сезип да турду. Эгерде ал азыр жыйырма төрттө болбой он төрттө болгон болсо, анда
мүмкүн Мартиндин таасиринен өзүнүн көз карашын өзгөртмөк. Бирок ал азыр жыйырма төрттө, ага дагы кошумча ал эски көз карашчыл, ал эми, анын алган тарбиясы болсо, анын өсүп чоңойгон чөйрөсүнүн турмушу менен жаны бир. (Чындыгында кээде, Мартиндин таң каларлык ой жүгүртүүлөрү сүйлөшүп жаткан учурларда Руфту ыңгайсыздандырып да жибере турган, бирок Руфь муну анын жеке мүнөзүнө жана тагдырына таандык деп түшүнүп жана аны тезирээк унутууга аракет кыла турган. Ошентип Руфь аны менен ичинен макул болгону менен, сыртынан анын сүйлөп жаткандагы сөздөрүнүн ишендирүү күчүнө, көздөрүнүн нурданышына жана жүздөрүнүн олуттуулугуна магниттей тартылып турду. Анын үстүнө Руфь, бул өзүнүн чөйрөсүнөн тыш жактан келген адам кээде ушунчалык терең жана барып турган акыл-эстүү ойду айта алат деп тап-такыр ойлогон да эмес эле. Руфь өз акыл-эсинин азыркы чегин — жеткен чек деп эсептеген; бирок кыска ойлуу адам гана башкаларды чолок ойлойт деп эсептөөгө жөндөмдүү эмеспи. Мына ушинтип, Руфь өзүнүн акыл-эсин, дүйнөгө көз карашын эң терең көз караш деп саноочу жана Мартин экөөнүн ортосундагы идеялык пикир узатышпоолор — дал ушундан келип чыкты деп түшүнүп, Мартиндин дүйнөгө көз карашын, мамилесин дал өзүнүкүндөй кылууга, анын сезимин дал өзүнүкүндөй деңгээлге жеткирүүгө кумардануу менен ашыкты.

— Мен али өзүмдүн аңгемемди аягына чейин айтып бүтүрө элекмин, — деди Руфь. — Ал атамдын айтуусуна караганда, чанда кишилердин иштегениндей зор шыктануу жана умтулуу менен иштеген адам. Мистер Бэтлер ар дайым эмгекке чоң жөндөмдүүлүгү менен айырмалануучу. Ал кызматка эч качан кечикчү да эмес жана ал турсун ишке дайым эртерээк да келе турган. Ошондой болсо да, ал куулук кылып убактысын үнөмдөй билүүгө көнүккөн. Бош мезгилин дайыма окууга жумшачу. Ал бухгалтерлик менен машинкада басканды үйрөнүп, стенография боюнча сабак алып жүрдү жана ага төлөө үчүн тажрыйба жактан муктаж соттун бир репортёруна жалданып иштеп, түнкүсүн кагаздарын үн чыгарып окуп берүүгө чейин макул болгон. Ал тез эле кат ташуучудан контордо иштөөгө өтүп, өз алдынча эч ким менен алмаштырылгыс кызматчы болуп чыга келди. Атам аны толук жактырып, анын зор келе- чектүү адам экендигине чоң баа берген. Ал менин атамдын кеңеши боюнча юридикалык мектепке кирип, аны жакшы бүтүрүп чыгып, адвокат деген кесипке ээ болуп, атамдын мекемесине кайра келип анын кенже шериги болуп иштеп калды. Ал өтө көрүнүктүү адам боло турган. Бир нече жолу Кошмо Штаттардын сенатындагы алар сунуш кылган орундардан да баш тарткан, эгер антпеген болсо, эмгиче ал азыр жогорку соттун мүчөсү да болуп калмак. Мындай турмуш биздин бардыгыбызды шыктандырууга

www.bizdin.kg

тийиш. Мунун өзү эрктүү жана чыдамдуу адам турмуштагы бардык сонун нерселерге жетиши мүмкүн экендигин ашыкча далилдеп олтурат!

— Туура, чындыгында эле ал көрүнүктүү адам экен, — деп чын жүрөгүнөн Мартин макул болду.

Ошондой болсо да, бул аңгемеде Мартиндин сулуулук жана турмуш жөнүндөгү түшүнүгүнө кошпогон көп жерлери болуп кеткенсиди. Ал мистер Бэтлер эмненин айынан башынан мындай бардык азап-тозокторду өткөрүп жүргөнүн толук түшүнө албады. Эгерде ал булардын бардыгын кызды сүйгөндүктөн, ага чексиз берилгендиктен же болбосо, кооздукка суктангандыктан жасаган болсо, анда Мартинге түшүнүктүү болот эле. Эгерде сүйүүгө берилген жаш жигит болсо, жылына отуз миң үчүн жанын кыйбастан, куштарланган кызын бир сүйүп, анан өлсө арманы жок болбойт беле? Мартин мистер Бэтлердин мансабынан өкүнүчтүү бир нерсени сезгендей, ага толкуган да, суктанган да жок. Отуз миң доллар бул албетте жаман эмес дечи, бирок анын аш казанынын бузулуп жана турмушка болгон кубанычын жоготуп койгондон кийин анын ага эмне кереги бар?

Мартин бул өз оюнун көпчүлүгүн Руфка баяндап жана ошонун өзү менен Руфтун, аны кайра тарбиялоо керек деген пикирин ого бетер курчутту. Руфь болсо, өзүнүн чөйрөсүнө таандык бардык адамдардай эле, өздөрүнүн гана расасы, дини жана саясий көз караштары жакшы жана туура, ал эми дүйнөнүн бардык булуң-бурчунда жашап жаткан калган башка адамзат боло турган болсо, бизден кем жана төмөн турат дегендей сандырак ой жүргүзө турган. Бул болсо, байыркы замандагы еврей сыяктуу өзүн аял кылып жаратпагандыгы
үчүн кудайга рахмат айткан жана азыр миссионерлерди бүткүл дүйнөгө жиберип, өз кудайына болгон ишенимин башкаларга таратууга аракеттенген чолок ойлуулуктун өзү болучу. Ушул чолок ой, Руфту дагы эле, бул турмуштун тап-такыр башка шартында өскөн адамдарды кандай гана болбосун колго алып, аны дал өз чөйрөсүндөгү адамдардай кылып, кайрадан тарбиялоону катуу саматтырып жана эңсеттирип жатты.

IX ГЛАВА

Руфту аябай сагынып калган Мартин Иден сүзүүдөн кайтары менен Калифорнияны көздөй шашып жөнөдү. Ал мындан сегиз ай мурун бардык акчасы зарп болгондон кийин, Соломондордун аралдарынын бир жерине көмүлгөн казынаны издөөгө жолго чыккан кемеге жалданып жөнөп кеткен. Көп аракеттер жумшаган менен, натыйжасыз болуп чыккандан кийин, акырында бул казынаны издөө токтотулган. Экспедиция суучулдар менен Австралияда эсеп-кысабын бүтүргөндөн кийин, Мартин тез эле Сан-Франциского жөнөөчү кемеге дагы жалданып түшкөн. Бул сегиз айдын ичинде ал кургактыкта көпкө чейин кармалууга жеткидей көп акча гана иштеп таппастан, ал өзүнүн ишин улантууга да убакыт табууга үлгүрө алды.

Мартиндин зээндүүлүгү менен табийгатынан аракетчилдиги жана Руфту берилип сүйгөндүгү, анын алга жылып өсүшүнө түрткү берип жүрдү. Грамматиканы үйрөнүүнү алдына максат кылып улам кайталап окуу менен, акырында аны кадимкидей толук өздөштүрүп алды. Ал азыр суучулдардын сүйлөгөн сөздөрүндөгү каталыктарды сезип жана кыялында алардын одоно жана туура эмес сүйлөгөн сөздөрүн түзөткөндөй болду. Кала берсе ал өзүнүн угуу сезиминин да өөрчүп бара жатканын жана ошондой эле грамматикалык кандайдыр бир жаңы сезгичтиктин пайда боло баштагандыгын өтө кубануу

www.bizdin.kg

менен туюнду. Сөздөрдүн ар кандай туура эмес айтылышы же сүйлөнүшү ага өтө жагымсыз, жат сезиле баштады, бирок ошондой болсо да, өзүнүн көнүмүш адаты таасирин тийгизип, кээде оозунан ката, туура эмес сөздөр чыгып кеткендигин өзү да таамай байкап калуучу. Албетте мындай кемчиликтерден таптакыр кол үзүү үчүн көп-көп убакыттар талап кылынары шексиз.

Ал грамматиканы үйрөнүп салып, эми сөздүккө киришти жана өзүнүн сөз байлыгына ал күнүнө жыйырмадан сөз кошуп турууну алдына максат кылып койду. Бул болсо, чындыгында жеңил иш эмес эле, ал вахтада же рулдук дөңгөлөкчөдө туруп, үйрөнгөн сөздөрүн кайталап, ар бир сөздү даана, так кылып айтууга өтө тырышып жатты. Ал Руфтун бардык айткан кеп-кеңеш, акыл-насааттарын эсине түшүрүп жана тез эле аранын ичинде өзүнүн кемедеги офицерлерден жана тобокелчил адамдардын бардыгынан — финансылап жүрүшкөн каютадагы жентельмендерден англисче тазараак жана туурараак сүйлөй баштагандыгына өзү дагы таң калып кетти.

Норвегиялык балык көздүү капитандын жыйган китептеринин арасынан кокусунан Шекспирдин чыгармаларынын толук жыйнагы табылып калды, ал калыбы, анын барактарын ачып окубаса да керек. Мартин бул китептердин ээсинин кир кийимдерин жууп берүүгө макул болуп жатып, араң дегенде кымбат баалуу бул китептерди пайдаланып турууга руксат алды. Трагедиянын кээ бир жерлери ага ушунчалык күчтүү жаккандыктан эч бир кыйналуусуз эле аларды эсине тутуп алып жатты жана бир топко чейин, бүт дүйнө ага елизаветиндик театрдын образындай жана формасындай элестеп, ал эми анын ойлору болсо, өзүнөн-өзү кадимки ак ырларга айланып кетип жатты. Бул болсо анын угуу сезими үчүн пайдасы бар такшалуу болуп калды жана анын тилине эскирген жана чанда колдонулуучу көп сөз айкалыштарын киргизгени менен аны англис тилинин асылдыгын таасын баалоого үйрөттү.

Мартин бул сегиз ай убакытты жакшы эле көңүлдүү өткөрдү. Ал туура ойлоого жана сүйлөөгө үйрөнүп, өзүн-өзү дагы мыктап биле баштады. Биринчиден ал өзүнүн нааданчылык жактарын салкын кандуулук менен түшүнүп, экинчиден өзүндө улуу күч жатканын сезип да турду. Ал өзү менен жолдошторунун ортосунда зор айырмачылык бар экендигин сезди, бирок бул азыркы эле эмес, келечекте көбүрөөк болушу мүмкүн болгон айырмачылык экендигин ал толук түшүнө албады. Ал иштегенди анын жолдоштору деле иштей алышат, бирок анын жүрөгүндө кандайдыр бир күч, сен көбүрөөк нерсеге жөндөмдүүсүн дегенсип турган эле. Мартин дүйнөнүн кооздугуна өтө таң калуучу жана ал, Руфь дагы өзү менен бирге бул кооздукка суктанса, берилсе деп самоочу. Ал Руфка Тынч океандын зордугун баяндап, жазып көрсөткүсү келди. Бул ой анын чыгармачылык эргүүсүн катуу козгоп, ал дүйнөнүн кооздугун жалгыз Руфь үчүн гана эмес, бүткүл адамзат үчүн да баяндап бергиси келди. Бул укмуштуудай жалынданууунун соңунан улуу идея пайда боло түштү: ал жазат; бүт дүйнө жүзү көзү менен көрүп, кулагы менен угуп, кастарлаган адамдардын бири болот. Ал бардыгын: Шекспир сыяктуу поэзияны да, кара сөздү да, очерктерди жана пьесаны да жазат. Бул чыныгы мансап, экинчиден мунун өзү — Руфтун жүрөгүн багындыруунун накта илээси эмеспи. Ал эми жазуучулар болсо — дүйнөнүн зор алптарынын өзү да, аларга мистер Бэтлер сыяктуу жылына отуз миң алган жана кааласа, жогорку соттун мүчөсү боло ала турган кемпайлар жетмекке кайда?

Бул идея анын бүткүл аң-сезимин чексиз бийлеп алды жана анын Сан-Франциского кайра келүүчү сая- каты ага тим эле кадимки түш сыяктуу болуп көрүндү. Ал өз күчүн сезгендиктен жана бардыгы колунан келе ала

www.bizdin.kg

тургандыгын туюнгандыктан мас боло түшкөнсүдү. Кайнаган турмуштан обочолонуп Улуу океанда сүзүп жүрүүсү ага зор пайда болду. Бул жерден ал адамдар, турмуш жөнүндө туура жана так ой жүгүртүп, алар жөнүндө эң таамай, таасын корутундуга келди. Бул жерден ал биринчи ирет Руфту жана ал жашаган чөйрөнү айкын-ачык көз алдына элестетти, жана бул көрүнүш анын акылынан да орун алып, аны өз колу менен кармап, аралаштырып, кала берсе тегереңдирип көргөндөй болду. Бул дүйнөдө көп түшүнбөгөндүктөр жана тумандуу бүдөмүктөшкөн нерселер көп эле, ал дүйнөнүн айрым бөлүкчөлөрүнө гана көз жибербестен, анын бардыгына тегиз көз чаптырып чыгып жана ошол эле убактын ичинде мына, ушунун бардыгын багындыруунун амалдарын ачык көрүп турду. Жазуу керек! Бул ой аны оттой жандырып жиберди. Ал сүзүүдөн кайтып келери менен эле токтоосуз жазууга киришет. Эң алгач ал казына издегенге барган экспедиция жөнүндө жазат. Ал бул аңгемени Руфка билдирбестен туруп, Сан-Франциско нун кайсы бир журналына жөнөтөт жана Руфь анын атын басмадан кокусунан көрүп алып, аябай таң
калып толкунданат. Ал бир эле мезгилдин ичинде жазат да, окуйт да. Бирок, бир суткада жыйырма төрт эле саат бар эмеспи. Ал эч качан жеңилбейт, себеби ал эмгектене алат жана анын бет алдындагы бардык чепгер эрксизден кулап түшөт. Ал андан кийин деңизде жөнөкөй суучул болуп сүзүп жүрбөйт, ал аңгычакты таттуу кыялдарга чөмүлүп кетип, көз алдынан өзүнүн менчиктүү кичинекей жел кайыгын көрө калды. «Айтмакчы, өздөрүнүн менчиктүү кайыктары бар жазуучулар жокпу? Албетте, бар», — деп ал өзүн-өзү жооткотту. Албетте, ийгилик тез эле келе койбойт, азырынча ал өзүнүн жазгандары менен окуусун улантууга жеткендей таап турса да жаман эмес... Ал эми, кийинчерээк болсо, канча убакыт экенин азыр ачык айтуу кыйын — ал окуп үйрөнүп, даярдыкка ээ болгондон кийин, улуу чыгармаларды да жаза баштайт жана анын аты ооздон-оозго таралат. Бирок, мындан да маанилүү, бардык маанилүү нерселерден да чексиз маанилүү нерсе, акырында ал — Руфка татыктуу болот. Даңк, өзүнөн-өзү жакшы нерсе дечи, бирок, анын оюндагы бул максаттар жана тилектер анын даңкка жетсем дегендигинен эмес, Руфка жетсем дегендигинен пайда болуп олтурат.

Чөнтөгү толгон акча менен Мартин Оклендге келип, баягы Бернард Хиггинботамдын үйүндөгү кичинекей тар бурчтан орун алды да, жазууга киришти. Ал өзүнүн келгендиги жөнүндө Руфка билдирген жок. Ал ага казына изилдөөчүлөр жөнүндөгү очеркин жазып бүтүрүп туруп, анан баргысы келди. Ал бул тилегин эч кандай кыйналуусуз эле иш жүзүнө ашырды — себеби — ал өзүн бүт бойдон чыгармачылык кумарланууга арнап жиберген. Кала берсе, анын жазган ар бир сабы аны Руфка улам жакындаткансып турду. Ал аңгеменин көлөмү канча болорун ачык тактаган жок, бирок ал өткөн жумадагы «Сан-Франциско нун баяндоочусунун» тиркемесиндеги эки жөөктү ээлеген очеркти көрүп, көлөмүн дал ошого чакандап жазууну чечти. Үч күн такай отуруп, Мартин өзүнүн очеркин жазып бүтүрдү, ал аны окууга жеңил болсун үчүн бадырайган тамгалар менен күзгүдөй кылып, таза көчүрүп чыкты да жана ошол замат китепканадан алган көркөм сөз окуу китебинен абзаңтар менен тырмакчалар боло тургандыгын билип ала койду. Ал булар жөнүндө мурун ойлобогонун карасаң! Мартин окуу китебин улам карап коюп, очеркин кайрадан көчүрүүгө киришти, ал бир эле күндүн ичинде жат жазуунун толук эрежелерин, жөнөкөй мектеп окуучусу бир жылда да өздөштүрө албай турган дагы көптөгөн маалыматтарды үйрөнүп ала салды. Ал очеркин экинчи жолу көчүрүп чыгып, тыкандык менен жакшылап түтүкчө кылып ороп койду эле, аңгыча болбой, бир

www.bizdin.kg

газетадан жаңы жазып жүргөн авторлорго карата айтылган — кол жазманы түтүкчө кылып оробош керек жана жазганда да ар бир барактын бир жак гана бетине жазуу керек деп жазылган эрежени окуп калды. Ал бул закондун эки пунктун тең бузду, жана дагы ал, эң мыкты журнал сөздүн ар бир жөөгүнө он доллардан кем төлөбөйт деген сөздү да окуду. Мартин очеркин үчүнчү жолу көчүрүп чыгып, сөзүнүн жөөктөрүн он долларга кайра-кайра көбөйтө берүү менен өзүн бир топ эле соороткондой болду. Натыйжада, улам эсептегени менен баары бир жүз доллардан ашпады, ошенткени менен бул суучулдун кызматынан алда канча пайдалуу экендигин түшүндү. Эгерде ал эки жолу кол шилтеп, жалкоолонуп койбогондо, үч күндүн ичинде дагы бир аңгеме жазылып бүтмөк. Үч күндүн ичинде жүз доллар! Демейде мындай суммадагы акчаны табыш үчүн ага үч ай бою деңиз кесип кетүүгө туура келмек. Эгерде жазганыңдан бир нерсе чыгарсаң, кемеде сүзүп жүрүп эмне, акмаксыңбы? Ошондой болсо да, Мартин үчүн акча өзүнөн-өзү анчалык деле, бөтөнчө баалуулукту түзө албады. Анын баалуулугу жана чыныгы мааниси жалаң гана анын көңүл ачуусуна, жарашыктуу кемсел-шым сатып алуусуна гана мүмкүндүк бергендигинде болучу, ал эми мунун баардыгы биригип келип, анын бүткүл турмушун өзгөртүп, өмүрүн алга шыктандырууга себепчи боло турган, арык чырай, ак жуумал, сымбаты келишкен сулуу кызга жакындатууга тийиш эле.

Мартин кол жазмасын чоң конвертке салып, желим- деп бекитип туруп, «Сан-Франциско нун баяндоочусунун» редакторунун атына жөнөтүп жиберди. Ал редакцияга жибергендеринин бардыгы тең, жетери менен эле, токтолбостон басылып чыгат го деп ойлогон, ошондуктан очеркин жума күнү жиберип, анын жарыкка чыгышын жекшемби күнү күткөн. Мына, дал ошол жекшемби күнү, ал Руфка барат. Ошону менен бирге, ал укмуштуу сонун, анчалык оор эмес, туура жана пайдалуу дагы бир идеяны ойлоп таап, анын артынан түшмөк болду; балдар үчүн укмуштуу окуялуу аңгеме жазып, «Өспүрүмдөрдүн жолдошуна» жиберүүнү чечти. Ал окуу залына барып, «Өспүрүмдөрдүн жолдошунун» бир нече даанасын алып окуп көрдү. Көрсө, чоң аңгемелер жана повесттер бул жума сайын чыгуучу журналга үзүндү- үзүндү болуп, ар бир санга үч миң сөздөн кем эмес сөз басылып чыгат экен. Ар бир повесть беш санга чейин, ал эми кээ бир повесттер болсо жети санга чейин созулат экен, ал дагы дал үшул эсеп боюнча аракет кылмак болду.

Мартин бир жолу Түндүк Муз океанында кит уулоо- чу кемеде суучул болуп жүргөн эле; сүзүү үч жылга чегерилген, бирок кеме капыстан кыйроого учурап, сүзүү жарым жылга созулду. Анын көркөмдүк элеси күчтүү болсо дагы, фантазиясы көбүнчө чындыкты сүйө турган, мына ошондуктан ал, өзүнө эң жакшы белгилүү гана нерселер жөнүндө жазгысы келди. Ал кит уулоочулук өндүрүштү да эң мыкты биле турган, ошондуктан болгон окуяга негиздеп туруп, эки баланын ойдон чыгарылган укмуштуу окуялары жөнүндө чоң повесть жазмак болду. Бул анчалык -кыйынчылыкты туудурган жок, ал ишемби күнү кечинде үч миң сөздөн турган повесттин биринчи бөлүмүн жазып бүтүрүп, Джимди өтө кубандырып, Хиггинботамдын болсо, өзүнө көздөй багытталган: «а, жазуучу сөрөй... андан көрө, кагаз булгагычмын десеңчи...» деген сыяктуу бир катар шылдыңдуу, жийиркеничтүү сөздөрүн туудурду. Мартин унчуккан жок, бирок, ичинен көтөрүлүү менен «Баяндоочунун» жекшембидеги санынан казына изилдөөчүлөр жөнүндөгү очеркимди көрүп окуганда мыш болуп, кандайча таң калганыңды көрөрмүн деп ойлонду. Жекшемби күнү ал эртең менен эрте туруп, көчөдөн газетанын качан сатыларын күтүп турду.

www.bizdin.kg

Газетанын санын бир нече жолу этияттык менен карап чыкты да, анан бүктөп туруп, кайра ордуна коюп койду, жакшы жери ал өзүнүн бул далбасы жөнүндө эч кимге эч нерсе деп жарыялабагандыгын ойлонуп, өтө кубанып кетти. Ушундан кийин ал өзүнүн мыкты деген аңгемелеринин басмадан буйдамга келбей тез эле чыгып кетет го деген ою туура эмес, жаңылыш ой экендигин өкүнүү менен түшүндү. Анын үстүнө, анын очеркинде күндөлүк турмуштун окуясы баяндалган эмес эле, мүмкүн редактор алдын ала өзүнүн пикирин түшүндүрүп жооп жазып жиберер.

Эртең мененки тамактан кийин ал повестине дагы кириштн. Сөздүк менен көркөм сөз окуу китебине тез-тез үңүлүү менен алагды болгондугуна карабастан, анын башына сөздөр кудай жалгап өзүнөн-өзү эле куюлушуп келип жатты. Кээде ал, ушундай токтоло түшкөн учурларда жазган повестин бир эмес, бир нече жолу кайрадан окуп чыгып жана өзүн-өзү чыгармачылык улуу иштен көңүлүмдү саал алагды кылганым менен, жат жазуунун эрежелерин билүүгө жана өз оюмду так түшүндүрүп айта билүүгө үйрөнөмүн да деп тынчтангансый түштү. Ал кичинекей бөлмөсүндө олтуруп, кеч киргенче жазып, андан кийин окуу залына келип, жума сайын жана ай сайын чыгып туруучу журналдарды аңтарып окуп, кечки саат онго чейин, башкача айтканда окуу залы жабылганга чейин олтурду. Анын бул жума үчүн да планы дал ушундай болду. Ал күн сайын үч миң сөздөн жазып жана күн сайын кечинде окуу залында олтуруп, журналдарды барактап жана журналды басып чыгаруучуларга кандай ырлар, повесттер, аңгемелер жага тургандыгын түшүнүүгө аракеттенди. Ал бир нерсенин шексиз экендигин түшүнүп турду; бул журналдардагы сансыз жазуучулардын жазгандарынын бардыгын ал да жаза алат, аны үчүн ага убакыт гана керек, ал кала берсе булар жаза алышпай турган көп-көп нерселерди да жазып салууга дилгир. Ал «Китеп бюлльетенинен» гонорар жөнүндөгү макаланы окуп, өтө кубанып кетти, анткени мында Киплингдей жазуучулар бир сөзүнө бир доллардан алышат экен, ал эми аны өтө кызыктырган, жаңы баштап жазып жүргөн жазуучулар болсо эң эле аз дегенде бир сөзүнө өлчөмү — биринчи класстык журналдарда эки центтен алышат деп жазыптыр. «Өспүрүмдөрдүн жолдошу» болсо, шексиз биринчи класстык журналдардан боло турпан, мына ушинтип, ал күнүнө жазган ар бир үч миң сөзү үчүн алтымыш доллардан алууга тийиш — бул болсо, сүзүүдө жүрүп тапкан эки айлык акчасына барабар болуп чыгат.

Дүйшөмбү күнү кечинде ал өзүнүн повестин жазып бүтүрдү. Анын көлөмү туура жыйырма бир миң сөз болду. Ар бир сөзү эки центтен болгондо да, ага бул чыгармасы үчүн төрт жүз жыйырма доллар тийиш керек. Бир жумалык эмгек үчүн бул тим эле бир бекер акча да. Ал өмүрүндө эч качан мындай көп акчалуу болуп көргөн да эмес. Ал мунун бардыгын эмнеге жумшоо керек экендигин өзү да билбей калды. Бул болсо алтындын кени эмеспи! Бул кенден керек болсо, ал канча каалашынча сузуп алмак. Анын жакшы кийингиси, газет менен журналдарга жазылгысы жана мындан ары китепканага чуркап жүрбөстөн керектүү «Маалыматтар китебин» сатып алгысы келди. Ошентсе дагы, бул төрт жүз жыйырма доллардан дагы итапканы артып калып олтурат, ал муну кайда жумшаш керектигин ойлонуп башын катырып, акырында Гертруда үчүн үй кызматчысын жалдап берип, анын баласы Мэриенге болсо, велосипед сатып бермек болду.

Мартин «Өспүрүмдөрдүн жолдошуна» көлөмдүү кол жазмасын жөнөтүп жиберип, ишемби күнү кечинде бермет кармоо жөнүндөгү очеркинин планын ойлонуштуруп коюп, Руфка жөнөдү. Ал алды менен телефон ар- кылуу сүйлөшүп

www.bizdin.kg

койгон эле, мына ошондуктан Руфь аны эшигинин алдында өзү тосуп алды. Анын карылуулугуна жана чың ден соолугуна карата болгон мурда- тан берки сезимдери Руфтун бүткүл денесин дагы чымыратып, делебесин козгоп жиберди. Бул күч Руфтун бүткүл дене-тамырларына тарап, аны толкутуп, оттой жандырып жибергенсиди. Кокусунан анын колу Руфтун колуна тийип кетип, уялып кызара түштү да, анан кайра анын көгүлтүр көздөрүнө жоодурай тиктеди, сегиз ай бою деңизде жүрүп күнгө күйгөн Мартиндин жүздөрүнөн Руфь аны байкаган жок. Бирок, жакасы өйкөп, күнгө күйгөн моюнунун кызара түшкөндүгү дапдаана көрүнүп турду, Руфь муну сезип, бырс этип күлүп да жибере жаздап барып, араң токтоду. Кала берсе, ал Мартиндин кемсел-шымынын тигиштерине чейин көз чуркатып чыкты да, анан өзүнүн күлкүсүнүн кайда кеткенин билбей калгансыды. Мартиндин кийген шымы өзүнө жарашып турган эле, — бул болсо анын заказ берип тиктирген биринчи кемсел-шымы. Бул кийими менен Мартин келбеттүү жана ичке болуп көрүндү. Дагы ал өзүнүн көлөктөгөн шапкесин жумшак, жакшынакай калпак менен алмаштырып да алган болучу, Руфь аны кийип көрүшүн өтүнүп, анын сырткы сымбатынын түзөлө түшкөнүн мактап жиберди жана мындан мурун эч качан болуп көрбөгөндөй кандайдыр бир өзүн бактылуу сезе түштү. Анткени, Мартиндин мындай өзгөрүшү түздөн-түз анын таасиринен боло турган жана Руфь бул өзгөрүүгө сыймыктанып, мындан ары дагы кандай жакшы жолго салсам деген таттуу кыялдар менен алпурушуп жатты.

Айрыкча аны бир нерсе бөтөнчө кубандыргандай болду — ал Мартиндин сүйлөшүндөгү өзгөрүлүш болучу. Ал азыр туура гана сүйлөбөстөн, буйдалбай да сүйлөп калган жана анын сөз байлыгы да арбыган. Чындыгында, анын сөз байлыгы арткан сайын, анын кээ бир сөздөрүн ал унута баштап, кайрадан жасалма сөзгө ©түп кетчү жана кээде ал жаңыдан эле үйрөнгөн сөзүн кайталаймын деп жатып мукактана да калучу. Бирок анын сөздөрүнүн сырткы гана түрү эмес, ички мазмуну да өзгөргөн эле. Анын сөздөрүнүн ачык-айкындыгы жана курчтугу Руфту чексиз кубандырууга алып келди. Ушундай эле анын табийгый шайырдыгы, күлдүргүчтүгү аны жолдошторунун алдында чоң кадыр-баркка ээ кылып, соболосун көтөргөн. Бирок ал мурда Руфка бул шыгын көрсөтө албаган себеби, Руфтун тили жана сөз байлыгы башкачараак эле. Ал азыр акырындап бул чөйрөгө да ык ала баштап, эми мурдагыдай болуп өзүн жат кишидей кармабай калды. Ошенткени менен аңгемелешүүгө келгенде өзүн өтө эле сак кармачу болду. Ал Руфка жандуу аңгеме баштоого мүмкүндүк берип, ан- дан калышпоого кээде ниеттенсе дагы, өзүн бекем кармап озунуп алды менен сүйлөөнү каалабады.

Ал Руфка өзүнүн жазып жаткандары жөнүндө баяндап жана акча табыш үчүн кандай жазуу керек экендигинин планын айтты. Мына ушундай жол менен ал окууга да мүмкүнчүлүк түзө тургандыгын таамай сүрөттөдү. Бирок, ал күтүлбөгөн жерден катуу ирээнжий түштү: Руфь анын бул планына анча баа бербей, эмнегедир бир шек санагансыйт.

— Билесизби, — деди Руфь ачык эле, — адабият деле башка кесиптер сыяктуу кесип. Мен албетте, бул жагынан атайын адис эмессиң, бирок ошондой болсо да, баарыга маалым тууралыкты айтып жатамын. Алды менен жок дегенде бир үч жыл же болбосо, бир беш жыл үйрөнбөй туруп, кантип темир уста болот? Бирок, жазуучулар темир устага караганда көп табышат, мына ошондуктан өтө көп адамдар жазуучу болууну каалашып өздөрүнүн күчүн сынап көрүүгө аракеттенишет.

www.bizdin.kg

—Эмне үчүн сиз менин бул ишке жөндөмдүүлүгүм бар экендигин белгилегиңиз келбейт? — деп, сурап калды Мартин жана өзүнүн туура суроо бергендигине кубангандай. Ушул замат анын көз алдына азыр Руфь экөө сүйлөшүп олтурган конок үйүнүн ичинен өткөндөгү турмушунун одоно жана жийиркеничтүү жүздөгөн элестери көрүнгөнсүп кетти.

Бирок, бул көз ирмемге созулган түрдүү көрүнүш анын оюнун жүрүшүн токтото, аңгемелешүүнүн кызыктуулугун басаңдата албады. Мартин өзүнүн кыял экранынан жасалгалуу китептер менен сүрөттөргө толгон бир бөлмөнүн ичинде англис тилинде сүйлөшүп олтур- ган бул жайдары жана назик кыз менен өзүн көрдү. Мына ушунун бардыгы жаркыраган алтын нур менен себилгенсип турган эле.

Бирок, бул экрандын тегерегинен тап-такыр башка көрүнүштөр пайда болуп жана кайра жок болуп кетип жатты. Ал кадимки көрүүчү сыяктуу бул картинанын кайсынысын жактырса, ошонусун эркин көрө алмак. Ал мунун бардыгын тең, азыр эле ачык кызыл нур жарып өткөн тумандын мунарыгы аркылуу көрүп тургансыды. Ал дагы көз алдынан аракканадагы көңүлдөрүн көтөрүүчү ичкиликтен ичип олтурган уйчуман менен койчумандарды көрдү, алардын айланасынан уят менен аралашкан орой сөздөр угулат, ал өзү болсо ашынган баш кесерлердин ортосунда олтуруп, алар менен кошо шарап ичип, кыйкырып, сөгүнөт же болбосо алар менен дагы, лампа май жыттанган чырак күйүп турган столдо олтуруп, картаны өткөрүп жатып, фишкаларын шалдыра- тып коёт. Андан кийин ал белине чейин чечинип алып, муштумун түйүп, «Сасквеганна» палубасында бир сарбыштак жел өпкө менен чоң кармашуу алдында турган кезин элестетти; андан кийин козголоң чыккан күнкү — булуттуу күнү эртең менен канга боёлгон «Джон Роджерс» палубасын, өлүм алдында кыйналып, тырышып жаткан старший жардамчыны, колунда тапанчасы бар капитанды, атылып чыккан ок менен түтүндү жана буларды тегеректешип, үрөйлөрү учкан суучулдарды көрдү; кайрадан көз карашын жарык нур менен боёлуп турган тынч жана мемиреген борбордук көрүнүшкө жиберип, китептердин жана сүрөттөрдүн арасынан өзү менен жагымдуу аңгемелешип олтурган Руфту байкады; Руфь ага кийинчерээк ойноп бере турган чоң роялга көзү түштү; өзүнүн туура түзүлгөн жана айтылган: «Эмне үчүн менин бул ишке жөндөмдүүлүгүм бар экендигин белгилегиңиз келбейт?» деген суроосун укту.

— Эгерде, адамдын темир усталыкка шыгы болгон күндө дагы, — деди Руфь каршы чыга жылмайып, — бул али жетишсиз. Мен, эң алды үйрөнбөй туруп, темир уста болуп кеткен эч кимди уккан эмесмин.

— Эми, сиз мага эмне деп кеңеш бересиз? — деп, сурады Мартин акырында, — Бирок, билип коюңуз, мен жаза ала тургандыгымды чындыгында эле сезип турамын. Муну түшүндүрүү кыйын, бирок чындыгында ушундай.

— Сизден жазуучу чыгабы же чыкпайбы, бирок ага карабастан, сиздин окушуңуз керек, — деди жооп кайтарып. — Маалыматтуулук сиз кайсы гана кесипти тандап албаңыз, сөзсүз керек жана ал маалыматтуулукка жетишүү үзгүлтүк менен болбостон, системалуу түрдө болууга тийиш. Сиз мектепке барышыңыз керек.

— Туура айтасыз, — дегенче болбой, Руфь анын сөзүн бөлүп жиберди:

— Сиз ал учурда деле жазууңузду уланта бере аласыз.

— Эрксизден улантам, — деп жооп берди Мартин саал ойлоно түшүп.

— Эмне үчүн мындай деп жатасыз?

www.bizdin.kg

Руфь ага жактырбагандык менен карады: ага тигинин тырышкандык менен өз оюн бербегендиги жаккан жок.

— Себеби, жазбасам окуй да албаймын. Анткени мага окуш үчүн тамак, китеп жана кийим керек.

— Мен аны унутуп койгон турбаймынбы, — деди Руфь күлүп. — Эмне үчүн сиз, даяр кирешеңиз менен төрөлгөн жоксуз!

— Мен баш аман болуп, ден соолук болсо, адамга. Дүнүйө табылат деп ойлоймун. Мен көп иштерди иштээр элем...— ал «сиз үчүн» деп айтып жибере жаздады, — ... башка бир нерселер үчүн.

— «Иштер» деп, айтпаңыз! — деди Руфь чочугандай тамашалуулук менен — бул бөтөнчө жасалма сөз болот.

Мартин уяла түштү.

— Сиз туура айтасыз, — деди Мартин. — Мени түзөтө бериңиз, өз эркиңизче, ар качан...

— Мен... мен чын жүрөгүмдөн макулмун, — деди Руфь ишеничсиз жооп берип. — Сиздин көп жакшы жактарыңыз бар экен, мен сиздин ушул жакшы жактарыңыз дагы сонун болсо экен деп ойлоймун.

Мартин ушул замат Руфтун колундагы чопого айланып кеткендей болду жана ал, Руфь эми менден эмнени жууруса, ошону жуурусун, деп ойлоду. Ал эми Руфь болсо, жалынданyy менен андан өзү адамдын идеалы деп эсептеген образ боюнча эркекти жууруп чыгаргысы келди. Руфь ага, орто мектепке кирүү сыноосу дүйшөмбү күнү башталат деди, Мартин андай болсо, тобокел кыларын түшүндүрдү.

Мындан кийин Руфь роялга отуруп Мартинге көпкө чейин ойноп жана ырдап берди, Мартин суктанган көздөрүн андан далайга чейин албай, таң калуу менен карап турду да, анан ал, — эмне үчүн бул келишкен кыздын жанында өзүнө окшоп, жүздөгөн ашык жигиттер чарк имерилишип, сыйлашып, кадырлашып, кайгырышып, сагынышып, тегеренишип турушпайт деп, түшүнө албай да кетти.

X ГЛАВА

Бул күнү кечинде Мартин Морздордукуна конок болуп кетмек болду, ал Руфтун атасына жагымдуу таасир кглтыргандыгы үчүн Руфь аябай кубанып кетти. Аңгеме — суучулдук кесип жөнүндө козголду, ал эми бул кесип Мартинге өзүнүн беш колундай белгилүү жана өтө жакын болучу: кийинчерээк мистер Морз ал жөнүндө жакшы ойдо болуп, акыл-эстүү жана мыкты жигит катары оозунан түшүрбөй айта жүрчү болду. Мартин орой жана ыксыз сөздөрдөн сактанууга тырышып, өзүн адептүү конок катары кармап, шашпастан жайыраак сүйлөп, оюн так түшүндүрө баштады. Ал түшкү тамактын алдында өзүн баягы мындан бир жыл мурункудай кысынып-кымтынып кармабастан, бир канча эркинирээк сезип олтурду, мунун өзү, — мурда эле Мартиндеги пайда болгон бурулушка жагымдуу таңыркап олтурган миссис Морзго да бөтөнчө жакты.

— Бул Руфтун көңүлүнө жаккан биринчи жигит, — деги ал күйөөсүнө. — Кызым, билбейм, жигиттерге эч качан көңүл да буруп койчу эмес эле, анын бул кылыгынан мен чочугансып да жатам.

Мистер Морз аны көздөй таң калгандай жылмайып койду.

— Сен, ушул суучул жигит, кызыңдын күйөөсү болсо деп турасыңбы? — деп сурады.

www.bizdin.kg

— Мен анын кара далы болуп, күйөөгө чыкпай, дүйнөдөн так өтүшүн каалабаймын. Эгерде Иден Руфтун жалпы эркектерге болгон кызыкчылыгын козгой алса, анда бул өтө баалуу нерсе деп ойлоймун.

— Өтө баалуу нерсе! — деп кайталады мистер Морз. — Мм! Бирок жоромолдоп көрөлүчү кемпирим, ал эми кээде, жоромолдоп көрүү да керек, мисалы жоромолдоп айтканда, ал Руфтун кызыкчылыгын жалпы эле эркектерге туудурбастан, өзүнүн керт башынын кызыкчылыгына туудуруп койсо, анда эмне болмокчу? Анда кантесиң? Кемпир?

— Мындай болууга мүмкүн эмес, — деди миссис Морз күлүп, — Руфь андан үч жаш улуу, экинчиден мындай болууга такыр мүмкүн эмес! Жок, жок эч кандай чекилик иш болбойт. Мага ишенип коюңуз.

Мына ушинтип Мартин Идендин ролу так аныкталды. Ошондой болсо да, Артур менен Норманга кызыгып, аларга жакындашкысы келип жүргөн Мартин бир укмуш көңүл ачуу сейили жөнүндөгү тигилердин сөздөрүнөн терең ой жүгүртүп калды, эгерде Руфь кошо барбаган болсо, аны мындай сейилдөө кызыктырбайт да болучу. Ырас, Руфь бара турган болгондон кийин маселе чечилди, ал дагы кошо барат. Сейилдөө келерки жекшемби күнү шаардын сыртында велосипед тебүү менен өткөрүлмөк болду. Бирок ал, эч качан велосипед тээп көргөн эмес, ошентсе да Руфь велосипед тепкен соң, ал да, кандай гана болбосун тез аранын ичинде сөзсүз велосипед тебүүгө үйрөнүшү керек. Мына ошондуктан, ал үйүн көздөй келе жатып, жолдон дүкөнгө кирип, кырк долларга бир велосипед сатып алды. Бул сумманы ал эң оор жумуш кылып, бир айдын ичинде да таба албас. эле жана ал кезде мынча акчаны зарп кылуу ага эң оор абалды алып келбей койбойт эле. Ал өзүнүн «Баяндоочудан» алууга тийиш болгон жүз долларына «Өспүрүмдүн жолдошу» ага төлөөгө тийиш болгон төрт жүз жыйырма долларга кошуп, бул акчалардын бир аз бөлүгүн эстүүлүк менен зарп кылгандыгына өзү да кубанып кетти. Анын велосипед тебүүнү үйрөнөмүн деп жасаган биринчи аракети оңунан чыкпай, жыгылып калып, шымы менен кемселин айрытып алгандыгы аны капаланта албады. Ал, ошол эле замат Хиггинботамдын дүкөнүнөн кийим тигүүчүгө телефон чалып, жаңы костюм тигүүгө заказ берди. Андан кийин ал сырткы тар тепкич аркылуу велосипедин көтөрүп өзүнүн кичинекей тар бөлмөсүнө келди да, дубалга такай коюлган керебетин саал бери жылдырып велосипедин койду эле, комнатанын ичинде көчүк буруларга жер калбады.

Жекшемби күнү кирүү экзаменине даирданмак болду эле, бирок, акак кармоо жөнүндөгү аңгемеси катуу тынчын алып, аны эрксизден өзүнө тартып кетти. Ал керээли кечке өзүнүн бөлмөсүнөн сыртка чыкпай, берилүү менен аңгеменин үстүндө иштеп олтурду. Бул жекшембиде да «Баяндоочу» анын казына изилдөөчүлөр жөнүндөгү аңгемесин жарыялашкан жок, бирок бул аны эч канчалык деле кападар кыла албады. Ал кыялы менен кошо алыс сызып кетип, эки жолу тамак ич деп чакырган үндү да укпады. Ал мистер Хиггинботамдын дайыма жекшембини белгилеш үчүн атайын жасатуучу түшкү тамагынан да ооз тийбестен эшикке чыгып кетти. Мистер Хиггинботам үчүн мындай тамактар анын өзүнүн турмуштук ийгилигинин чыныгы далили катары эсептелип жана ал дайыма мындай тамактарды америкалык турмуш тартибинин акылмандыгы деп жүрүчү, жана бул тартиптин адамдарга бай мүмкүнчүлүктөргө жол ачаарына купуя ишенчү, жана коргой да билүүчү; мисалы, — дечү кээде ал бул сөздү баса сүйлөп, — жашылча дүкөнүнүн сатуучусунан анын ээсине чейин көтөрүлө алат.

www.bizdin.kg

Дүйшөмбү күнү эртең менен Мартин өзүнүн бүтпөгөн бермет кармоо жөнүндөгү очеркине бир аз көз жүгүртүп алды да, оклендик мектепти көздөй жөнөдү. Бир нече күндөн кийин тапшырган сыноонун жыйынтыгын билүү үчүн келип, грамматикадан башка бардык сабак- тардан кулап калгандыгын укту.

— Сиздин грамматика боюнча тааныштыгыңыз, өтө терең көрүнөт, — деди профессор Хилтон, калың көз айнеги аркылуу Мартинге тигиле карап, — бирок, башка сабактар боюнча сиз эч нерсе билбейт экенсиз, чындыгында тап-такыр эч нерсе билбейт окшойсуз, сиздин Кошмо Штаттардын тарыхы боюнча берген жоопторуңуз Тоң кала тургандай тескери жана туура эмес; дагы эмне деп айтарымды өзүм да билбеймин. — Таң кала тургандай жоопторуңуз туура эмес. Мен сизге мына ошондук- тан бир кеңеш берер элем...

Профессор Хилтон токтоло калып Мартинди көздөй кадимки өзүнүн лабораториялык айнек түтүктөрүнүн бирине көз жибергендей, жагымсыз жана кош көңүл карап калды. Ал өзү физика боюнча профессор, көп бүлөсү бар, азыраак алган маянасы үй-бүлөсүн багууга жетишчү эмес, бирок анын билиминин запасы укмуштуудай чоң эле, ал физиканын закондорунун эрежелерин тоту куштай жатка билүүчү.

— Ошондойбу, сэр? — деди Мартин токтоо гана, бул минутада өзү менен профессор Хилтон эмес, маалыматтар бөлүмүндөгү китепканачы сүйлөшүп жатпаганына өкүндү.

— Мен сизге, дагы бир-эки жылча башталгыч мектепте окусаңыз жакшы болор эле деп, кеңеш берер элем. Саламат болуңуз!

Бул окуя, алды менен Мартинди анча деле козгогон эмес, бирок, профессор Хилтондун пикирин ал Руфка билдирип келгенде, анын аябай капалана түшкөндүгүнө өзү да таң кала түштү. Руфтун капалангандыгы калыбы Мартиндин сыноодон кулап калышынан болсо керек. Мартин бул кулап калгандыгына өзү үчүн эмес, Руфь үчүн көбүрөөк капага чөктү.

— Мына, көрдүңүзбү, — деди ал, — мен сизге туура айтканмын. Сиз кээ бир студентке караганда чындыгында көбүрөөк билесиз, бирок, карачы, сыноодон да өтө албай минтип кулап олтурасыз. Мунун себеби, сиз дайыма үзгүлтүк менен окуп келгенсиз. Сиз белгилүү система боюнча окушуңуз керек, бул үчүн жакшы мугалим керек. Билим негиздүү болууга тийиш. Профессор Хилтон туура айтат, эгерде мен сиздин ордуңузда болгон болсом, — кечки башталгыч мектепке кирип окуйт элем. Бир жарым жылдын ичинде сиз курсту бүтөсүз, ар жакта алты ай ашып калып жатат. Мындан башка, күндүз жазууңузга жана эгерде жазууңуздан эч нерсе чыкпай баратса, андан башка иш иштөөңүзгө да убактыңыз болот.

«Макул, эгерде мен күндүз иштесем, кечкисин мектепке барсам, анан сиз менен качан жолугушмакмын?» — деген, Мартиндин айтуудан чочуган биринчи ою болду. Мунун ордуна ал төмөнкүнү гана айтты:

— Кечки мектепке барып окуу — бул мен үчүн, өтө эле жаш балдардын ишиндей көрүнүп жатат. Бирок, мен мындан пайда чыга турган болсо, ага деле карабас элем. Менимче, мындан эч бир пайда жок! Мен мектептин мугалимдеринен окугандан көрө өзүмчө окусам бир кыйла тезирээк үйрөнөмүн жана бул — убакытты бошко кетирүү менен барабар (ал Руфь жөнүндө ойлоп, ага жетүү жөнүндөгү өзүнүн тилегин эсине түшүрдү), ал эми мен болсом, убакытты такыр жоготкум келбейт! Менин жогото турган убактым жок!

— Бирок, сиз ушунчалык көп нерселерди иштешиңиз керек.

Ал Мартинди көздөй жагымдуу тигилди. Мартин ага бекер каршы чыккандыгы үчүн өзүн ичинен көк мээ торпоксуң деп атады.

www.bizdin.kg

Физика же химия үчүн лаборатория керек, — деди Руфь. Алгебра менен геометрияны сиз эч качан өз алдыңызча түшүнө албайсыз. Сизге сөзсүз жетекчи, тажрыйбалуу адис мугалимдер керек.

Мартин кантип ага жакшылап жооп берсем дегендей бир мүнөткө ой жүгүртүп, токтоп калды.

— Мени мактанып жатат деп, ойлобосоңуз экен, — деди ал, — кеп тап-такыр мында эмес. Бирок, менин сезимим күчтүү, эмнени болсо да жеп-жеңил гана үйрөнөмүн. Мен өзүм эле бардыгына үйрөнө аламын. Каз сууну көздөй кандай умтулса, мен да билимди көздөй дал ошондой умтуламын. Мен грамматиканы кандай өздөштүргөндүгүмдү сиз көрдүңүз го. Мен мындан башка дагы көп нерселерди окуп үйрөндүм; эгерде сизге анын баарын айтсам, сиз көз алдыңызга элестете албайсыз, ушунчалык көп деңиз... Бирок дагы мен, жаңы гана үйрөнө баштадым да. Мага бир гана...— деп ал токтоло түшүп, андан кийин: — саал түрткү жетишпейт, — деди. Мен азыр гана туура жолго түшүп келе жатам.

— Түз жолго түшүү деген эмне? — деп, Руфь анын сөзүн бөлүп кетти.

— Эмне десем, эмненин эмнеге кереги бар экендигин талдап билгендик болот, туура жолго түшкөндүк, — деди ал.

— Бул сөз эч нерсени түшүндүрбөйт, — деди кайра ага Руфь.

Мартин оюн башкача кылып түшүндүрүүгө аракеттенди:

— Мен азыр гана өзүмдүн туура багытка түшкөндүгүмдү түшүнүп турамын.

Руфь бул жолу боору ооругандай, унчукпай калды. Мартин сөзүн улантып:

— Илим мен үчүн деңиз карталары катылып коюлган кадимки штурмандын бөлмөсү сыяктуу көрүнөт. Китепканага барган сайын мен дайыма ушул жөнүндө ойлоймун. Мугалимдин милдети өзүнүн окуучусун бардык карталар менен бирден тааныштырып чыгуу гана болот. Болду ушуну менен бүттү. Ал — бир өткөргүч сыяктуу. Ал өзү эч нерсени ойлоп чыгара албайт. Жаңы эч нерсени жарата да албайт. Ал эми картада бардыгы ачык көрсөтүлгөн, мугалим болсо окуучулар жаңылбас үчүн эмненин кайсы жерде жаткандыгын көрсөтүп гана коёт. Мен болсом, жаңылбаймын. Мен жерлердин жана аралдардын аттарын да билемин. Жана көбүнчө, эмнени иштөө керек экендигин түшүнөм... Дагы бирдемеси туура эмеспи?

— «Эмнени иштөө» эмес, «Эмне иштөөдө» — деди Руфь.

— Туура айтасыз, эмне иштөө, — деп Мартин ыраазычылыгын билдиргендей кайталады. — Мен эмне айтып жатамын? Ооба, деңиз карталары жөнүндө. Демек,- эмесе мына мындай: кээ бир адамдарга...

— Адамдарга, — деп Руфь дагы түзөттү.

— Кээ бир адамдарга түшүндүргүч, баяндамачы адамдар керек. Бул дал ушундай. Ал эми мен болсом, калыбы аларсыз эле, алга жылат окшоймун. Мен мындай картинанын тегерегинде абдан көп жүргөнмүн жана мага кайсыл жээк керек, кайсыл жээкти мен изилдөөгө тийиш экендигимди да жакшы билемин. Мен кала берсе, багытты өзүмө өзүм тезирээк тандап аламын. Флоттун ылдамдыгы ар качан эң жай жүрүүчү кеменин ылдамдыгы менен ченелет. Мектеп дагы ушунун өзүндөй. Мугалимдер сабактан эң жетишпеген окуучулардын катарына теңелүүлөрү керек. Ал эми мен болсом, жалгыз өзүм тезирээк алга жыла аламын.)

«Бирок мен, өзүм жалгыз эмес, сиз менен бирге алга барууну эңсээр элем» — деп, айтып жибергиси келди. Анын көз алдына ай-ааламдын зор картинасы, күн нуру менен нурданган чексиз кенен мейкиндик жана Руфтун агыш саргыч, алтын түстүү чачтары шамалга сеңселип, Мартиндин бетине тийип, экөө бекем кол

www.bizdin.kg

кармашып, жылдыздар жолунда зымырашып сызып бара жаткансып көрүндү, жана ушул замат аны бирөө муундуруп жиберген сыяктуу, сүйлөй албай токтолуп калды. Эх, атаганат! Эгерде ал, бардык өзүнүн көргөндөрү жөнүндө Руфь да көрүп тургандай кылып, элестүү түшүндүрө алган болсочу! Аны, күтүлбөгөн жерден өз оюнун тереңинде пайда болгон бул зор көрүнүштөрдү Руфка тезирээк сүрөттөп айтып берүүнү каалагандык сезими кыйнап жибергенсиди. Мына, ал азыр күтүлбөгөн жерден бир нерсени түшүнгөндөй болду! Мына, сырдын кулпусу ачылды! Эмне дегенде бул ишти бир гана улуу устаттар — акындар менен жазуучулар гана иш жүзүнө ашыра алышмак! Алардын улуулугунун сыры да, дал мына ушунда турат. Алар бардык көргөндөрүн, ойлогондорун жана сезгендерин сөз менен толук баяндап бере алышат. Күнөстөп уктап жаткан ит, көпчүлүк учурларда уктап жатып, кээде үрүп да жиберет, бирок ал, түшүндө эмнеге каңкылдап жана эмнени көрүп үргөндүгүн айтып, түшүндүрүп бере албайт. Мына ал өзүн азыр ошол күнөстө уктап жаткан иттен артык сезбеди: анткени ал дагы уктап жатып, жомоктогу окуядай укмуш сонун түш көрөт, бирок аларды баяндап Руфка түшүндүрө албайт: Азыр болсо, уйкудан көздү ачуу керек. Ал эми көзү ачылып, өзүнүн көргөндөрүнүн жомоктогудай кооздугун көркөм сөз менен Руфка баяндоого жетишкенге чейин, талыкпастан окуйт да, иштейт. Кала берсе, ойду түшүндүрүүнүн бөтөнчө сырына ээ болгон жана сөздөрдү өзүнө, кадимки кул сыяктуу багындыра билген, аларды таң каларлыктай эң сонун айкалыштыра алган адамдар да бар эмеспи. Ага күтүлбөгөн жерден, өзүн мурда кыйнап жүргөн терең сырдын түйүнү чечиле түшкөндөй болуп, аябай таң калын кетти жана анын көз алдынан күн нуруна бөлөнгөн ааламдын жашыл мейкиндиктери көрүнгөндөй да болду. Айланасындагы мемиреген тынчтыкка таң кала түшүп акырында ал эсине келди да, өзүн карап жылуу жылмайып турган Руфту көрдү.

— Мен терең кыялга түшүп кетиптирмин, кечиресиз, — деди Мартин, толкундана түшүп.

Ал бул сөздү кантип тапты? Бул сөздөр анын олестеринин таасиринен пайда болгон аңгемелешүүдөгү бир аз тыныгуунун себебин туура айкындап турган эле. Бул чындыгында укмуш! Ал эч качан минтип, өзүнүн сонун ойлорун сөз жүзүндө баяндап бере алчу эмес, экинчиден, ал баяндоого аракеттенип да көргөн эмес. Албетте, деңизчи. Азыр бардыгы түшүнүктүү болду. Ал аракеттенип көрбөптүр. Суинберн, Теннисон, Киплинг жана башка улуу акындар аракет кылып көрүшкөн жана аракеттери ишке ашкан. Анын эсине өзүнүн жазган «Акак кармоочулары» түштү. Ал жогоруда айтылгандай, эч качан сөз менен жүрөгүндөгү жаткан кооздукту сүрөттөп көрсөтүүгө аракет кылган эмес. Эгерде ал башынан ушундай аракет жасап жүргөн болсо, мүмкүн анын аңгемеси тап-такыр башкача көркөмдүктү түзмөк эле. Ал эгерде чын эле ошондой иштеген болсом, канчалык сонун нерселерди жазмак элем деп ойлонуп, өкүнүчкө бата түштү, анын кыялы алда кайда алыска жетелеп кеткендей бөлүп, ойго батты. Эмне үчүн ал өзүн толкундантканбардык кооздуктарды ыр менен, жагымдуу назик ыр менен улуу акындар сыяктуу берүүгө аракет кылып көрбөйт? Кур дегенде, ал өзүнүн Руфка карата сүйүүсүн жана бул сүйүүнүн сырдуу жыргалын, көңүлдү асманга көтөргөн анын бийиктигин баяндап көрсөтпөйбү? Эмне үчүн ал акындар иштеген нерсени иштей албайт? Алар сүйүү жөнүндө ырдашат. Ал дагы сүйүү жөнүндө ырдайт!

— Кара баскырдыкы!

Бул өңдүү таң калуунун үнү анын кулагына кадимки күн күркүрөгөн сыяктуу болуп катуу угулду. Кыялга терең берилип кетип, ал бул сөздү үнүн чыгарып

www.bizdin.kg

айтып жиберди. Анын бети албырып, күнгө күйгөн бозомук күрөң чачтарынын түптөрүнө чейин кызарып кетти.

— Мен... мен... кечирип коюңузду сурайм, — деди ал, — мен ойго түшүн кетиптирмин...

— Сиз муну кээ бирөөлөр өңдүү: «мен чокундум» дегендей кылып айттыңыз, — деп, Руфь өткөрө тамаша кылып жиберип, кайра ичинен уялып кетти.

Өмүрүндө биринчи жолу Руфь өзүнө тааныш адамдын оозунан ушундай каргышты угуп, катуу ирээнжий түштү, бул ирээнжүү азыркы сөздүн кулагына октой тийгендигинен жана үрп-адатты сактоо сезимине шек келтиргендиктен гана болбостон, — анын бала болуп эс тартканы бейпилдикке бөлөнүп турганын гана билген жылуу очогунда денени дүркүрөткөн суук шамалдын пайда болушунун катуу чочутуп жибергендигинен да болду.

Руфь аны кечирди да жана өзүнүн ырайымдуулугуна таң калып да кетти. Аны кечирүү эмнегедир оңой болуп көрүндү. Себеби ага турмуш шарттары башка адамдар сыяктуу болууга мүмкүндүк бербеген, бирок ал бул кыйынчылыкты жеңүүгө аракет кылып, бир топ ийгиликтерге да ээ болуп олтурат. Руфь өзүнүн ырайымдуулугун түшүндүрүүчү дагы башка жөнөкөй себептер бар экендигин билген да жок. Руфь Мартинге чын жүрөгүнөн берилип, бирок бул берилгендик сезиминин эмне экендигине ал өзү да түшүнгөн эмес. Ооба ал түшүнө да албайт эле. Ал өзүнүн жыйырма төрт жыл өмүрүн тынч, бир жолу дагы сүйүүнүн жеңил-желпи кызыгуу- сун башынан өткөрбөстөн жашап жана сүйүүнүн жалындуу сезимдери жөнүндө түшүнүгү болбогондуктан өзүнүн сезимдерин өзү таасын ажырата да алчу эмес. Ал азыр дагы сүйүүнүн ысык жалыны анын жүрөгүн жылытып тургандыгын түшүнгөндөй болгон жок.

XI ГЛАВА

Мартин өзүнүн «Акак кармоочуларын» жазууга кайрадан кириштi, бирок анын көңүлүн ыр жазууну каалагандык сезими өзүнө кумардантып кетпеген болсо, балким аны тез эле аранын ичинде бүтүрүп коймок беле... Бул болсо Руфь шыктандырган махабат жөнүндөгү ырлар эле. Бирок ал бир дагы ырын толук аягына чейин чыгара жазып бүтүрө албады.; Кыска убакыттын ичин- де поэзиянын укмуштуу сырларына ээ болууга мүмкүн эмес экен. Ритм, метр, ырдын жалпы эле түзүлүшү өз алдынча чоң кыйындыктарды туудуруп жана мындан тышкары ал улуу акындардын ырларынан дагы бир акыл менен ой жеткис кандайдыр бир укмуш касиеттерди учуратып, бирок ал, бул сыяктуу касиеттерди өзүнүн ырларына тап-такыр киргизе албады. Бул болсо, берүүгө анын кубаты жетпеген поэзиянын ой жеткис бийик чокусу боло турган. Мартинге бул, жакындап келип, бирок кайра атырылган бойдон алыс кеткен кандайдыр бир удургуган оттуу тумандын нурдануусундай элестелип, ал ага умтулуп, канчалык аракет кылганы менен тумандын эң майда бөлүкчөлөрүнөн башка колуна эч нерсе илинбегенсиди, ушундан да ал кулагына кадимки музыка сыяктуу угулган же көз алдына кандайдыр бир сулуу көрүнүштү элестеткен кээ бир кооз саптарды гана түзгөндөй болду. Бул иш ага барган сайын оор болуп баратты. Сонун сезимдер өзүн так түшүндүрүүнү талап кылды, бирок бул сезимдер кагаз бетине супсак, жалынсыз, жөнөкөй кара сөздөрдөй болуп түшүп жатты. Мартин өз ырын өзү үнүн чыгарып окуду. Ырдын өлчөмү, уйкаштыгы жана куюлуштугу түзүк болгону менен, анда жалындуу таасирлер, көңүлдү толкундатуучу улуу күч жок эле. Мунун эмне себептен ушундай болуп жатканына ал такыр түшүнбөдү. Кээде

www.bizdin.kg

капага чөмүлө түшүп, кайра өзүнүн аңгемесин жазууга киришет. Кара сөз болсо ал үчүн күүгө жакшыраак келүүчү аспап сыяктуу сезилди.

«Акакты кармоочулар» жөнүндөгү очеркти жазуу менен бирге, Мартин дагы башка, — деңиз кызматы, таш бакаларды кармоо, ысык өлкөлөрдө болуучу түндүк- чыгыш кургак шамалы жөнүндө да очерктерди жаза баштады. Андан кийин ал тажрыйба иретинде мазмуну кызыктуу кичинекей аңгеме жазууга олтурду да, бир аңгеме жазуунун ордуна, ал кызыгып кетип, алты аңгеме жазып, аларын ар түрдүү журналга жөнөтүп жиберди. Ал жазганын китепканага же Руфка барыш үчүн болгон үч саатка гана токтотпосо, калган башка бардык убакыттардын ичинде ал эртең менен кечке чейин, кала берсе, түнкүсүн түн ортосуна дейре ордунан козголбой такай олтуруп, жемиштүү жана чыдамдуулук менен иштечү. Мартин бул күндөрү өзүн чексиз бактылуу сезип, чыгармачылык жалыйдануу болсо бүткүл аң-сезимин ээлеп алды. Ал мурда кудайлардын гана колунан келет го деп ойлогон жаратуунун кубанычы азыр анын өз бийлигинде турду. Аны мурда курчап турган бардык чөйрө: чириген жашылчалар менен самындуу суунун жыттары, эжесинин адамдын боору ачый тургандай аянычтуу мүчөсү жана мистер Хиггинботамдын күлкүнү келтирүүчү кебете-кепшири — мына ушунун бардыгы ага азыр кандайдыр бир түш сыяктуу болуп көрүндү. Чыныгы дүйнө анын элесинде гана жашап, ал эми жазган аңгемелери болсо, ушул дүйнөнүн майда чачырандысындай болуп көрүндү.

Күндөр болсо өтө кыска болуп сезилип, окуй турган илимдеринин тармактары болсо ушунчалык көп эле. Ал уйкунун убактысын беш саатка кыскартуу менен толук эс алууга мүмкүн деп чечти. Бул мөөнөттү ал дагы төрт жарым саатка чейин кыскартып көрдү эле, бирок бул аракетинен эч нерсе чыкпады, кайра мурдагы беш сааттык уйку тартибине түшүүгө мажбур болду. Калган башка бардык убакыттарын ал берилгендик менен өзүнүн чыгармачылык иштерине жумшап, кээде илимдерди окуш үчүн гана араңдан зорго жазуусун токтото турган, илим үчүн, — китепканага барыш үчүн токтотуучу; ал илимдердин штурмандык рубкасы жана кандайдыр бир жол менен өздөрүнүн чыгармаларын орноштуруу мүмкүнчүлүгүнө жетишкен сырдуу жазуучулардын аңгемелери басылган толгон журналдар менен араң дегенде, аргасыз коштошо турган. Мартин Руфтун үйүнө жолугууга тез келип жана кайра тез кетүүчү. Ал кетерде жүрөгүнүн жарымы Руфтун үйүндө калгандай болучу, ошентсе да ал сыр билдирбей сыртка чыгып, караңгы көчө менен убакытты жоготпос үчүн шашып-бушуп китептерин көздөй чуркап жөнөөчү. Мына ушулардын бардыгынан кыйыны — Мартин үчүн алгебра же физика китебин жаап, калем сап менен тетраддарын жыйнаштырып жаткан кезде, чарчаган көздөрүнүн эрксизден жумулуп кеткендиги болучу. Ушунчалык кыска убакытка уйкунун саякатына кетсе дагы, ага бул өтө оор сезилди, бирок туура беш сааттан кийин аны будильник кайра ойготоорун түшүнүп, ал өзүн-өзү соороттту. «Ал беш гана саат убактысын жоготот, андан кийин аны будильниктин кулакты тундурган ачуу үнү ойготуп, кайрадан он тогуз саат пайда болот.

Мына ушинтип, убакыттар өтүп жатты. Мартиндин болсо акчасы түгөнүп, күткөн гонорарлары али келбеди, Бир айдан кийин ал «Өспүрүмдөрдүн жолдошуна» жиберген өзүнүн кол жазмасын кайра алды. Пайдалануудан баш тартылгандыгы жөнүндө келген бул жооп өтө кылдаттык жана кичи пейилдик менен жазылгандыктан Мартинде бул басма сөз кызматкерлерине карата кыжырдануу мамилеси эмес, кайра тескерисинче, кадырлоо сезими пайда боло түштү. Бирок «Сан-Франциконун баяндоочусу» жөнүндө кеп тап-такыр башкача

www.bizdin.kg

болду. Мартин эки жума жооп күтүп, келбегенден кийин кат жазып жиберген, дагы бир жумадан кийин ал дагы бир жолу кат жазып жиберди. Эң акырында ал, редакцияга өзү келип, редактор менен бетме-бет жолугушууну каалады. Бирок, эшикти кайтарып турган сары баш, кара мүртөс бир жаш жигит, аны бөтөнчө урматтуу редактор аял менен жолугушууга, анын жүзүн көрүүгө киргизбей койду. Бешинчи жуманын акырында анын кол жазмасы эч кандай түшүндүрүүсүз кайра кайтарылып келди. Же баш тартылганы жөнүндө жооп жазбайт, же бир түшүнүк каты жок, эч нерсе жазбаптыр. Мына ушундай эле, анын Сан-Франциско нун чоң журналдарына жиберген башка аңгемелери да тез арада эле кайтып келди. Ушундан кийин Мартин өзүнүн очерк- терин чыгыш штаттарынын газеталарына жөнөтүп, бирок бул очерктер редакцияларга жетери менен, тезинен кайра эле: чыкпай калды, жок деген жооптор келди.

Ушундай эле тагдыр анын аңгемелерине да туш болду: Мартин өзүнүн аңгемелерин бир нече жолу кайра-кайра окуп чыгып, аңгемелери өзүнө ушунчалык жаккандыктан, редакторлордун аны пайдалануудан эмне үчүн мынчалык чечкиндүү баш тарткандыгынын себебин, ал, кол жазмалар сөзсүз машинкага басылган болуш керек, деген сөздү бир кезиттен окуганга чейин, өзүнө-өзү түшүндүрө албады. Бардыгы эми түшүнүктүү. Анын түшүнүксүз кол жазмаларын талдап олтурууга редакторлордун албетте, убактылары жок болуш керек. Мартин акысын төлөп, убактылуу пайдалануу үчүн бир жазгыч машинканы тапты да, аны үйрөнүүгө керели-кечке аракеттенди. күнүнкү жазганын күнүн басып бүтүрүп, андан кийин акырындык менен өзүнүн мурдагы жазган бардык чыгармаларын баса баштады. Машинкага басып туруп жиберген аңгемелеринин да кайтарылып келиши Мартинди канчалык айран-таң калтыргандыгын түшүндүрүү кыйын эле. Мартиндин өңдөрү кубарып, жаак сөөктөрү бери чыга түштү, ал ого бетер тажабаган өжөрдүк менен улам жаңы адрестер боюнча өзүнүн кол жазмаларын кайрадан жөнөтө баштады.

Акырында ал өз чыгармасына адамдын өзүнүн баа бериши өтө кыйын экендигин түшүндү. Мына ошондук- тан ал өзүнүн кээ бир аңгемелерин сынатып көрүүгө Гертрудга окуп берүүнү чечти. Анын көздөрү жалындай түшүп, Мартинди көздөй сыймыктануу менен карады да мындай деди:

— Сенин бул жазгандарың укмуш!

— Ооба, ооба, — деди Мартин шашкан түрдө. — Бирок сага жагабы же, жакпайбы — ошону айтчы.

— Кудай урсун! — деди ал, толкундана түшүп, — жакпагандачы! Чындыгында менин көңүлүмө ушунчалык жагып, жүрөгүмдү чексиз толкундатып жибергендигин эч сөз менен айтып, түшүндүрө да албаймын!

Бирок, Мартин аңгемесинин бардыгы эле эжесине түшүнүктүү боло бербегендигин сезди. Анын ырайымдуу жүздөрүнөн кандайдыр бир таң калгандыктын белгиси көрүнүп турган эле. Мартин ойлонуп токтоп калды.

— Булардын акыры эмне менен бүтөт, айтсаң Март — деди эжеси бир топко чейин унчукпай тургандан кийин, айтсаң Март, ия? Жанагы тили булбулдай сайраган жигит эмне болду, берки кызга үйлөндүбү же үйлөнгөн жокпу?

Мартин ага, көркөмдүк жактан жетилди деп өзү эсептеген аңгемесинин аягын түшүндүргөндөн кийин ал эрксизден:

— Мынакей, десе, мен дагы дал ушундай деп ойлогом. Эмне үчүн сен түз эле ушундай деп жазган жоксуң?

Гертрудга онго жакын аңгемесин окуп берип, ал ага аягы кубанычтуу окуя менен бүткөн аңгемелер жага тургандыгын түшүндү:

www.bizdin.kg

— Бул аңгемең, абдан жакшы жазылыптыр, — деди ал тепшиден өйдө боло берип, үшкүрүнүп жана бууга кызарып кеткен колдору менен чекесин сүртүп коюп, бир гана жери, мени эрксизден капага түшүрдү. Ыйлап да жибергим келди. Ансыз деле өзүмдүн кайгым аз эмес эле. Жакшынакай көңүлдүү нерселер жөнүндө уксам, кайгы-капам жеңилдей түшкөнсүйт. Эгерде ал жигит ошол кызга үйлөнгөн болгон болсо... Мени жаман көрбөйсүңбү, Март, — деди ал тынчсыздана түшүп. — Мүмкүн мен жаңылып жаткандырмын, анын үстүнө өзүм да аябай чарчадым. Ал эми аңгеменин өзү тим эле укмуш, эң сонун. Эми, мунуңу кайда жиберейин деп ойлойсуң?

— Бул башка кеп, — деп күлүмсүрөп койду ал.

— Эгерде бир жерге чыгарып калсаң, ушуга канча акча алар элең?

— О, анда кеминде жүз доллар алар элем.

— О-о! Эгерде чыгарып калсаң, жакшы болмок экен ээ!

— Аз акча эмес, туурабы эжеке? — Ал сыймыктануу менен дагы кошумчалап: — Билип коюңуз, мен муну эки гана күндүн ичинде жазып бүтүргөм. Ошондо күнүнө элүү доллардан тапкан болом!

Мартин өзүнүн аңгемелерин Руфка ушунчалык окуп бергиси келди да, бирок кайра сүрдөнгөндөй токтоп калды. Ал бир нерсеси жарыкка чыкканга чейин күтүп турууну чечти, — мына ошондо Руфь жок дегенде, анын чыгармачылыкка болгон умтулуусун жакшыраак баалар. Ошол эле учурда ал окуусун да уланта берди. Ага баштан өткөргөн мурдагы саякаттарынын бири дагы, азыркыдай — адамдын акылынын али жол салынбаган чытырман түнт токоюн көздөй жасаган саякатындай кызыктуу көрүнө албады. Ал физика менен химия окуу китебин сатып алды да, алгебра менен катар физикалык закондорду, анын далилдөөлөрүн үйрөнө баштады. Лабораториялык тажрыйбаларды ага кыялында жасоого туура келди, анын элестөөлөрүнүн күчтүүлүгү, ага химиялык ар кандай реакциялардын жүрүп жаткандыгын кадимки өз көзү менен көрүп жаткандай түшүнүүгө жардам берди жана ал, тажрыйба жасоого катышып жүрүшкөн студенттердин кимисинен болсо да, реакциянын формуласын жакшы биле турган. Окуган китептеринин барактарынан Мартин акырындык менен дүйнөнүн сырын биле баштады. Ал мурда дүйнөнү өзгөрүлбөгөндөй жана бирөө жараткан сыяктуу кабыл алган эле, мына эми, азыр болсо ал — дүйнөнүн түзүлүшүн, кубулушун, күчтөрдүн катыштарын, жаратылыштын түзүлүш закондорун түшүндү. Ал азыр, өзүнө мурда өтө тааныш нерселердин ички сырын түшүнүүгө аракеттенди. Таанычтар менен чыгырыктар анын эсине деңизде жүргөн кезиндеги оор жүк көтөргүч машиналар менен крандарды түшүрдү. Ачык деңизде жүргөн кезде жолдон адаштырбаска мүмкүндүк берүүчү кеме башкаруу илиминин теориясы азыр ага жөп-жөнөкөй жана түшүнүктүү боло түштү. Ал бороон, жамгыр жана суу ташкындарынын сырына түшүнүп, ысык өлкөлөрдөгү кургак шамалдардын пайда болуу себептерин билди, кала берсе ал, ысык өлкөнүн түштүк-чыгышты көздөй согуучу кургак шамалы жөнүндөгү өзүнүн очеркин өтө эрте жазып койдумбу деп да бүшүркөндү. Жок дегенде ал ошол очеркти азыр жазган болсо, мурдагыга караганда жакшыраак жана тереңирээк жаза тургандыгын сезип турду. Бир күнү ал Артур менен бирге университетке келип, толкунданганды- гын билдирбестен кадимки диний ардак- тоо сезими менен лабораториядагы болуп жаткан тажрыйбаларга көз жүгүртүп жана студенттерге окуп жат- кан профессордун лекциясын да угуп олтурду.

Бирок, Мартин өзүнүн чыгармачылык иштерин таштап салган жок. Майда аңгемелер мурдагыдай эле, анын калем алдынан жаралып жатты жана мындан

www.bizdin.kg

башка дагы ал журналдарга чыгып жүргөн ырлар сыяктуу бир топ ырларды жазууга да убакыт тапты; андан кийин ал күтүлбөгөн жерден эргип кетип, эки жуманын ичинде ак ырлар менен жазып бүтүргөн бир трагедиясын тилекке каршы, басма кызматкерлеринин көпчүлүгү жараксыз деп табышты. Бир күнү ал Гэнлини абдан окуп, анын «Ооруп төшөктө жаткан кезде жазылган поэмаларынын» үлгүсү боюнча деңиз жөнүндөгү ырлардын өзүнчө бир тизмегин жазып салды. Бул ыр болсо жөнөкөй, жаркыраган жана көркөмдүү, каармандык менен кыялдануларга толгон ырлар болучу. Мартин аны «Деңиз ырлары» деп атап жана өзүнүн чыгармаларынын эң мыктысы катары эсептеди. Бул ырлардын тизмегине отуз ыр кирген эле: ал күн сайын өзүнүн негизги иши болгон карл сөз жазуусун бүтүргөндөн кийин, бирден ыр жазуучу — эгерде модалуу жазуучу болгон болсо, ал бул үчүн толук бир жума убактысын жоготор эле. Бирок, Мартин үчүн эмгек өзүнөн-өзү эч кандай маниге ээ болбогон сыяктуу сезилди. Ал сүйлөө жөндөмдүүлүгүнө ээ боло түшүп, көп жылдар бою өзүнүн санаасында үнсүз-сөз-сүз катылып келген көркөмдүк жөнүндөгү бардык ою жана тилеги жөнүндө күтүлбөгөн жерден зор толкундануу менен баяндап жиберди.

Мартин өзүнүн «Деңиз ырларын» эч кимге көрсөткөн да, эч кайда жөнөткөн да жок. Себеби ал редакторлорго карата болгон ишеничин жоготуп койгон. Бирок, бул жолу ал өзүнүн чыгармасын жөнөтүүдөн ишенбегендиктен токтоп калган эмес. Ага өзүнүн бул чыгармасы ушунчалык көркөмдүк менен жазылгандай көрүнүп, мына ошондуктан ал, эгерде убактылуу мүмкүнчүлүк келип калса жалгыз гана Руфь менен пикир бөлүштүрүүнү каалады. Ал дал ушуга чейинки чыгармасын эч кимге айтпай, өзүнчө кайра-кайра окуп чыгып, акырында жаттап ала турган да болду.

Ал ар бир минута сайын толкундануу менен жашап жана бул толкундануу анын түшүндө да улантыла берди, анын акыл-эси мажбурланган беш сааттык аракетсиздикке каршы чыгып, өңүндөгү көргөн жана ойлогон окуяларын түшүндө да улантып, укмуштуудай жана ык- сыз кыялдарды туудуруп жатты. Мына ошентип, ал такыр эс алган жок, эгерде анын ордунда башка бир денеси бош, саламаттыгы начарыраак жигит болсо, эчак эле ооруп, жаздыкка кулап түшмөк. Эми анын Руфь
менен болгон жолугушуусу улам барган сайын суйдаңдап, чанда болуп бара жатты: мына Руфтун университетке экзамен тапшырып, диплом ала турган мезгили — июнь айынын баш чени да жакындап калды. Искусствонун даанышманы! Мартин бул наам жөнүндө ойлогон кезде, Руфь ал үчүн кол жеткис бийиктикти көздөй сызып бара жаткансыйт.

Жумасына бир күн убактысын Руфь Мартин үчүн жумшоочу, бул күнү Мартин Морздордукунан түштөнүп, андан кийкн музыка укчу. Бул анын салтанаттуу күндөрү эле. Морздордун үйүнүн бардык атмосферасы, Мартин жашаган ыплас шарттарга тап-такыр окшобой турган, анын Руфь менен жакындашы — көңүлүн көтөрүп, кыялын асманга учуруп жибергендей болду, мына ошондуктан, ал кээде эрксизден өзүнө-өзү: — ушул бийиктикке кандай гана болбосун мен дагы сөзсүз жетишим керек, — деп, ант берген күндөрү да болгон. Чыгармачылыктын оту өчпөгөн кумарына жана аны саматкан сулуулукка ушунчалык берилгендигине карабастан, ал акыр аягында мунун бардыгы, бардык аракетим жалаң гана сүйүү үчүн болгон күрөш деп, дагы бир жолу түшүндү. Ал баарынан мурун сүйүүнү терең баалап, калгандардын бардыгын ошол сүйүүгө багындырган эле. Ага ашыктыктын изденүүсү бардык башка изденүүлөргө караганда маанилүүрөөк болуп көрүндү. Дүйнө ага кандайдыр бир сырдуу закон боюнча өз ара таасир

www.bizdin.kg

этүүчү молекулалар менен атомдордон тургандыктан эмес, ушул дүйнөдө Руфь жашап жаткандыктан таң каларлык болуп көрүндү. Руфь ага мурда эч качан билбеген, кыялданбаган, кала берсе ойлоп да койбогон укмуштуу керемет сыяктуу сезилди.

Бирок, ал экөөнүн ортосундагы аралыктын таасири Мартинди кээде терең кайгыга чөктүрүп жибере турган. Руфь андан кол жеткис чексиз алыстыкта турду, ага жакындоо үчүн эмне кылуу керек экендигин ойлой берип анын акылы айран болду. Ал өз табынын кыздары менен аялдарына өтө кадырлуу болучу. Бирок, аларды сүйчү эмес, ал эми Руфту болсо, терең сүйүп калган. Кеп бул жерде, Руфтун башка тапка таандык экендигинде эмес эле. Анын жүрөгүндөгү сүйүүсү Руфту бардык таптардан жогору көтөрүп кеткендей болду. Ал бөтөнчө жан эле, болгондо да Мартиндин оозунан сөзүн түшүрүп, жүрөгүн жаралаган сүйүүсү менен ага кандай мамиле кыларын билгизбей, сүрдөткөн жан эле. Албетте, Мартин өзүнүн акыл-эс, кез карашын кеңитип жана туура сүйлөөгө үйрөнүп Руфка жакындай баштады, ал экөөнүн ортосунда жалпы тил, жалпы тема, каалоолор жана кызыкчылыктар пайда болду, бирок сүйүүнүн умтулуусу ушулар менен гана канааттанып калган жок. Анын назик кыялы Руфту ушунчалык ыйык жана кол тийгизгис таза кылып сездирип, ошондуктан аны менен дене жактан жакындашуу жөнүндөгү ойлорду башынан алыс качырды. Сүйүүнүн өзү андан Руфту алыстатып жибергендей, кол жетпес бийик аскадай анын ортосун ажыратып салгандай сезилди. Ал турмак сүйүү Мартиндин ушунчалык эңсеген жылдызы — Руфтун өзүнөн бөлүп кеткендей да болду.

Мына, бир күнү, күтүлбөгөн жерден алардын орто- сун бөлүп турган чексиз аралыкка көпүрө салына калгандай, ал экөөнүн ортосу көз ирмемге жакын боло түштү жана мурдагы чексиз аралык азыр анчалык деле алыс болуп көрүнбөдү. Алар жанаша олтурушуп, ширеси ачуу винону элестеткен, чоң-чоң кара алчалардан жеп олтурушту. Руфь ага «Кан кызын» окуй баштаганда, Мартин анын назик эриндеринен кызыл боёк сыяктуу алчанын жугун байкады. Көз ирмемдин ичинде Руфтун мурдагы кол тийгис ыйыктыгы өз маанисин жоготуп жибергендей болду. Ал да адам заттын баласындай, анын денеси да, бардык эле адамдардын денесиндей бир гана законго баш ийгендей болуп көрүндү. Анын эрин- дери деле өзүнүкүндөй жана алчанын анын эриндериндеги калтырган жугу да өзүнүкүнө окшош болуп турду. Эгерде анын эриндери ушундай болгондон кийин, демек, сөзсүз анын баркы бардык табийгаты да, дал ушундай болууга тийиш. Ал аял болучу; башка бардык эле аялдар сыяктуу аял эле. Бул ой Мартинди үстүнөн аска кулап түшкөндөй чочутуп жиберди. Ал үчүн бул кандайдыр бир жаңы ачылыш болду. Ал өзүн бул минутада асмандан түшүп келе жаткан күндү көргөндөй же дин кудайларын шылдыңдап маскаралоого катышкандай сезип кетти. Мартин бул ачылыштын мазмунуна терең түшүнүп, бул перизаттын эмес эле, эриндерине алчанын кара кочкул боёгу сүртүлгөн адамзаттын эле кызы болгон Руфтун сүйүүсүнө жетсем дегендей кумарданууга берилип, жүрөгү туйлай түштү. Ал, бул жат ойлордон катуу чочуп кеткендей да болду, бирок анын акыл-эси жана жүрөгү аны шаттандырып изден тайбастыкка чакырып турган эле. Руфь анын бул күтүлбөгөн жерден болгон өзгөрүлүшүн сезип калгандай окшоду, себеби, — ал окуп жаткан китебин токтото коюп, Мартинди көздөй бурулду да, бырс этип күлүп жиберди. Мартиндин жалындаган көз карашы Руфтун көгүлтүр көздөрүнөн, алчанын кичинекей жугу тийип калган эриндерине түштү, бул сезимден ал эс учунан тангансып кетти. Мартиндин колдору чаржайыт турмушту башынан өткөрүп жүргөн мезгилдеги башка

аялдарга сунулган сыяктуу азыр Руфту көздөй сунулду. Руфь кандайдыр Мартиндин оюн түшүнгөндөй, аны көздөй саал ыктай түшүп, аны күткөнсүдү, Мартин бул минутада бардык эркин жыйып, өзүн- өзү араңдан зорго токтотуп турду]

— Сиз бир дагы сөзүн уккан жоксуз го дейм, — деди Руфь таарынгансый түшүп.

Ушул эле замат ал Мартиндин уялып тургандыгын байкап, кубанычтуу жылмайып койду. Мартиндин көз карашы Руфтун жылдыздай жанган көздөрүнө чагылыша түшкөндө, ал өзүнүн жүрөгүндө кандай өзгөрүү боло түшкөндүгүн Руфтун али толук сезбегендигин түшүнүп, өтө чаап кеткендей болду. Ал Руфтан башка өзүн түшүнбөгөн бир дагы аялды учураткан эмес эле. Руфь болсо аны чындыгында эле. түшүнө алган жок. Дал мына ушул жерде, ал экөөнүн ортосундагы терең айырмачылык жаткан эле! Руфь болсо тап-такыр башка кыз боло турган! Мартин өзүнүн одонолугунан жана Руфтун аны жаман көргөндүгүнөн төмөн чөгө түшүп, ал экөөнүн ортосундагы чексиз алыс аралыкты кошуп турган жанагы көпүрө кулап түшкөнсүдү.!

Ошентсе да, бул окуя аны Руфка саал жакындаткандай болду. Санаасынан кетпеген бул окуя жөнүндөгү ой анын кайгы капасын басаңдаткандай жана ага кээде шык берип, алга ээрчиткендей таасир этти. Алардын ортосундагы чексиз аралык эми кайра мурдагыдай анчалык деле алыс болуп көрүнбөдү. Ал чындыгында искусствонун даанышманы деген наамды алуу үчүн басып өтүлүүчү жолдон да узак жана кыйын жолду басып өттү. Ал эми Руфь болсо, ушунчалык таза, таза болгондо да, мындай тазалыктын дүйнөдө бар экендигин мурда ал эч качан уккан да, көргөн да эмес. Бирок анын эрин- Деринде алчанын кара кочкул темгилдери алиге турат.

Экинчиден ал дүйнөдөгү бардык жан-жаныбарлар сыяктуу эле физикалык закондорго баш ийип, алардай эле жан сакташ үчүн, тамактанууга жана кала берсе, суукка тийип ноокастап калышы да мүмкүн. Бирок, кеп мында эмес эле. Кеп, ал дагы ачкалыкты жана эңсөөнү сезгендигинде, суук менен күндүн аптап ысыгынан зааркана тургандыгында, демек акырында, сүйүүнү сезишинде — эркектерге карата болгон сүйүүнү, назиктикти сезишинде жаткан эле. Ал эми Мартин болсо, эркек да! Эмне үчүн, мындай болгондон кийин ал Руфтун сүйгөн кишиси боло албайт? Мен бакытка жетемин, — деди ал, намыстана түшүп, үнүн титирете шыбырап. Мен анын сүйгөн кишиси боло аламын! Мен бакытка жетемин!

XII ГЛАВА

Бир күнү кечинде Мартин оюнда жыйылып жүргөн эң сонун образдардын тумандуу болгондугуна карабай сонет жазамын деп кыйналып отурганында аны телефонго чакырып калышты.

— Аялдын үнү окшойт. Өтө жагымдуу угулгансыйт дегеле, — деди аны чакырып жатып, мыскылдагандай мистер Хиггинботам.

Мартин бөлмөнүн бурчунда турган телефонго келип, андан Руфтун тааныш үнүн угуп, бүткөн бою чымырап, жүздөрү тамылжый түштү. Сонет жазам деп алышып жатып, ал Руфтун дүйнөдө жашап жаткандыгын да унутуп жибериптир, бирок азыр ал Руфтун тааныш үнүн укканда, чыныгы сүйүү кайрадан жаңы күч менен, кадимки чагылгандын огундай кыйраткыч зор күч менен аны өз кучагына тартып кетти. Бул кандай үн дейсиң! Кадимки алыстан угулган музыка сыяктуу назик жана жагымдуу, күмүштөн жасалган коңгуроолордун шыңгыраган үнүндөй

www.bizdin.kg

ачык жана каухар таштай таза үн! Жок! Док урунган жөнөкөй аялдардын үнү мындай болууга мүмкүн эмес. Бул үндө кандайдыр бир зор бөтөнчөлүк, башкаларда жок айырмачылык бар эле. Сезимдердин толкунуна эрксизден термеле түшүп, ал Руфтун арып жаткан сөздөрүн арандан зорго туюнгандай болду. Бул учурда ал мистер Хиггинботамдын чычкандыкындай тикчийген көздөрү өзүнөн өтүп тургандыгын байкап, мына ошондуктан ал өзүнүн сырткы көрүнүшүн ток- тоо кармоого аракеттенди.

Руфь бөтөнчө деле эч нерсе айткандай болгон жок: ал бүгүн кечинде Норман менен каалоочулар үчүн уюштурулган лекцияга барууга даярданган эле, бирок кырсык болуп Нормандын шакыйы кармап, төшөккө жатып калды! — белет болсо сатылып алынган, мына ошондуктан, Руфь эгерде Мартин колу бош болсо, өзү менен бирге лекцияга барбас бекен, ошону билейин деген эле.

Эгерде, колу бош болсо! Мартин кубангандыгынан калтырай түшкөн үнүн билдирбеске аракеттенди. Ал өзүнүн кулагына өзү ишенбей жатты. Ушул убакытка чейин ал, Руфь менен анын үйүндө гана жолугушуп, бирок аны эч качан бир жакка чакырууга даай алган эмес! Мына эми, ал колуна телефондун трубкасын кармап туруп, күтүлбөгөн жерден Руфка чексиз берилүүгө, ал үчүн керек болсо, жанын да аябаска даяр турду. Анын көз алдына баатырдык образдар, сүйүшкөн түгөйлөрдүн бири үчүн бири жанын кыйышкандыктары айкын-ачык элестеп кетти. Ал аны ушунчалык күчтүү, терең кызганыч менен сүйүп жана бул сүйүүгө жетээрине өзү ишенбей да турду. Бул минутада ал, Руфь өзү менен, ооба, өзү — Мартин Иден менен бирге лекцияга бара тургандыгын ойлонуп, чексиз кубанычтын таасиринен өзүн кандай кармаарын да билбей калды. Бул минутада, анын башына бир гана Руфь үчүн жанын берүүгө даяр экендигинен башка эч бир ой келбеди. Бул болсо, анын чексиз жана чыныгы сүйүүсүнүн бирден бир далили болучу. Бул болсо, чыныгы махабатты башынан өткөргөн ар бир адамга түшүнүктүү болгон, — сүйгөнү үчүн жанын кыюунун улуу толкуну болуучу. Бул толкундануу сезими кургак чөпкө кокусунан жабыша калган жалындын баш бербеген учкундарындай тездик менен шатырап анын бүткүл денесин каптап өткөндөй болду. Руфь үчүн өлүү — деп ойлоду ал, — демек бул чыныгы сүйүү жана жашоо дегендикке жатат. Ал азыр жыйырма бир жашта, Руфь болсо анын биринчи гана сүйүүсү!

Мартин калтыраган колундагы трубканы ордуна илип, эстен тана шалдырай түшкөн денесин арап эле кармап тургансыды Анын көздөрү кадимки периштеникиндей чачырап, жүзү таптакыр башкача болуп өзгөрүлүп, жер шарындагы болгон бардык арамдыктардан тазаланып, ары ыйык, ары наристедей азис болуп турду.

— Эми жашырын жолугуша турган болдуңарбы? — деп, кер какшыгын салып, кышылдады жездеси. — Мунун акыры эмне менен аяктаарын билесиңби? Балакайым, арт жагынды байкап жүр, полиция сотунун колуна түшүп калып жүрбөгүн.

Бирок Мартин тез эле бул пикирди кабыл ала койгон жок. Кала берсе, жездесинин бул орой сөзү аны ирээнжите албады. Ал бардык жек көрүү менен ыксыз туталануудан тышкаары турду. Ал азыр укмуштай кооз көрүнүштөргө арбалып, жана кадимки кудай сыяктуу пейлиң кенен таштап, бул жүргөн бир караанга боору ачыгандан башка эч бир көңүл буруп койгон да жок. Мартин андан бетер өзүн көздөй тешиле тиктеп турган бул Хиггинботамды байкагысы да келбеди жана кадимки түшүндөгүдөй жай кадам шилтеп, кийинүүгө аркы бөлмөсүнө кирип кетти. Кийимдерин алмаштырып кийип бүтүп, галстугун

байланып жаткан учурда, кулагын жарган кандайдыр бир ачуу дабыш аны селт эттирип жиберди. Көрсө, бул анын кулагына ага азыр эле угулуп жаткандай сезилген, эчак сиңип калган Бернард Хиггинботамдын жиндиникиндей каткырган күлкүсү экен.

Алардын артынан Морздордун эшиги жабылганда гана Мартин Руфь менен бирге басып бара жаткандыгына араң ишенди, ал күтүлбөгөн жерден баш аламан ойлорго, уйгу-туйгу бүшүркөөлөргө кириптер боло түштү. Бул сейилдин кубанычы күтүлбөгөн жерден эртең мененки тумандай тарап жок боло түштү. Себеби ал өзүн кандай кармашты билбей кетти. Ал Руфтун чөйрөсүндөгү адамдар көчөгө чыгышканда аялдарын колтуктап алышаарын бир нече жолу көргөн. Бирок, алар дайыма эле минтип жүрүшчү эмес, ал колтукташып жүрүү мүмкүн кечкисин гана колдонулар, же болбосо, аялдары менен күйөөлөрү, же бир туугандары менен карындаштары колтукташып жүрө тургандыгын да анчалык жакшы түшүнбөдү.

Руфь менен тепкич аркылуу түшүп келе жатып, Мартин Минни жөнүндө эсине түшүрдү. Ал өтө кооздонуп кийүүнү сүйгөн кыз эле. Мартин менен экинчи жолу жолугушкандан кийин эле, ал ага жентельмендер сыяктуу, кыз менен сейилдикте бара жатканда, тротуардын ичи менен жүрбөй, сырты менен жүрбөйсүңбү деп катуу эскертүү берген жана дагы ал, Мартин экөө көчө менен бара жатып, аны туура кесип өтөөрдө Мартинге жолдун сырт жагы менен жүрүүнү унутпагын деп эскертип, анын бутун басып коймой адат пайда кылган эле. Бирок Мартин анын бул сыяктуу эрежелерди кайдан таап алгандыгын жана жогорку таптардын чөйрөсүндө ушундай эреже барбы же жокпу, жана аны сактоо керекпи же керек эмеспи анысын толук түшүнө албады.

Акырында Мартин мындан эч кандай кырсык болуп кетпегендигин түшүнүп, көчөгө чыгары менен Руфту алга жиберип, өзү анын катарына тротуардын сырт жагы менен жүрүп олтурду. Бирок, ушул замат экинчи бир суроо пайда боло түштү: өзүн колтуктоону ага сунуш кылыш керекпи, же? Бул убакка чейин ал, эч качан өзүнүн жанында бара жаткан кызга өзүн мени колтук- тап алыңызчы деп сунуш кылган эмес эле. Аны менен жүргөн кыздар эч качан жигиттер менен колтукташып басышчу эмес. Алгачкы таанышкан учурларда алар жигиттер менен жөнөкөй гана катар басышчу да, андан кийин бара-бара терең таанышкандан кийин алар мүмкүн болушунча караңгы көчөгө салып, анан баштарын өздөрүнүн жигиттеринин ийиндерине жөлөп, өздөрү алардын белдеринен кучактап басышчу. Бирок бул жерде иш башкача эле. Руфь башка чөйрөнүн кызы. Мына ушинтип, Мартин эмне кылар айласын таппай. башы катты.

Аңгыча болбой анын башына бир ой келе калды. Ал оң колун саал өйдө көтөрүп көнүмүш иретинде кокусунан жасангансып акырын ийип койду эле, укмуш окуя боло түштү. Мартин Руфтун назик колдору өзүнүн билегинин үстүнө кандайча шып этип келип, коюла калгандыгын билбей да калды. Анын делебеси козголо түшүп, бир топко чейин ал жер менен баспастан, денесине канат бүткөндөй, асманга көтөрүлө түшкөнсүп кетти. Бирок, жаңыдан пайда болгон татаал ойлор анын башын тегеретип жибергенсиди. Алар көчөнү туура кесип өтүшүп, эми тротуардын сырт жагынан ич жагына түшүштү. Эмне кылуу керек эми? Руфтун колун коё берип, жолдун экинчи жагына чыгыш керекпи? Эгерде, көчөнү алар экинчи жолу кесип өтүүгө туура келсе, ан- Да эмне болот? Эгерде үчүнчү жолу кесип өтүшсөчү? Бул жерде бир нерсе эмнегедир түшүнүксүз, Мартин өзүнүн одонолугун токтотуп, тартипти сактоого аракеттенди.

www.bizdin.kg

Бул аракет дагы аны толук канааттандыра албады, эми ал жолдун ички жагы менен бара жатып, бат-бат жана кызуулап сүйлөй баштады, ушинтсем жолдун сырт жагы менен басууну унутуп калгандай түр көрсөткөн болом. Бул бир жакшы илээ деп ойлоду ал. Мүмкүн анын бул «жаңылыштыгын» Руфь дагы сөзгө кызыгуунун таасиринен деп түшүнөр...

Бродведе аны жаңы сыноолор күтүп турган эле. Көчө фонарларынын жарыгынан ал күтүлбөгөн жерден Лиззи Коноллини жана анын күлкүчүл жолдош кызын көрүп калды. Мартин бир аз ыңгайсыздана, олку-солку боло түштү да, анан калпагын алып ыклас көрсөтүп, башын ийкеп койду: Лиззи Конолли аны көздөй жооп кайтарып, Руфтун назик жана токтоо көз карашына такыр окшобогон жайдары жана келе-келүү көз карашын жиберип, ал дагы башын ийкегенсип койду. Ал андан кийин көз карашын Руфту көздөй жиберип, анан анын сырткы түзүлүшүнө — көйнөгүнө сын берип өтүп, коомдук абалына да түшүнгөндөй болду. Өз кезегинде Руфь дагы ал кызга жагымдуу көз карашын чаптырып, анын укмуштуу шляпасына таң кала түшкөнүн жана арзан кездемеден жасалгаланып кийинүүнү аябай жактырышкан жумушчулар табынын кыздарына окшош экендигин сезгендигин Мартин дароо эле байкай койду.

— Кандай сулуу кыз, — деди Руфь бир мүнөтчөдөн кийин.

Мартин ага бул сөзү үчүн чексиз рахмат айтайын деп ойлоп, бирок, кайра мындай деди:

— Ким билет. Ар кимдин ою ар түрдүү: мен бул кыздан эч кандай деле сулуулукту көрүп турган жерим жок.

— Жок антпеңиз! Мындай татынакай келишкен сулуу кыз миңден бирөө гана чыгат. Чырайы тим эле акак- тай экен. Ал эми көздөрүн карачы!

— Сиз чын эле ушундай деп жатасызбы? — деди Мартин таң кала түшүп, себеби ал үчүн дүйнөдө бир гана сулуу кыз бар болучу, ал болсо өзү менен бирге кол кармашып, катар басып келе жаткан Руфь эле.

— Ишенип коюңуз, эгерде ушул кызды жакшынакай кылып кийиндирип жана өзүн-өзү кандай алып жүрүүгө үйрөтсө, бардык жигиттердин: алардын ичинде сиздин дагы жүрөгүңүздү, Мартин Иден, сөзсүз бийлерине мен ишенип турамын.

— Ал, эң алды, түзүк сүйлөөгө эле үйрөнүп алса кандай, — деп жооп берди Мартин, — анткени анын сүйлөгөн сөздөрүнө көпчүлүк жигиттер түшүнүшпөйт. Эгерде ал сиз менен көнүмүш өнөкөтүнчө сүйлөшө турган болсо, сиз анын сөздөрүнүн жарымысына да түшүнбөй тургандыгыңызды айтып эле коёюн.

— Келжиректик. Сиз бир нерсени далилдөөгө келгенде, өз оюңузду бербеген кадим эле Артурдай экенсиз.

— Сиз, экөөбүз биринчи жолу жолуккан кездеги менин кандай сүйлөгөндүгүмдү унутуп калган жоксузбу? Азыр мен тап-такыр башкача сүйлөп жатам. Анда мен дал ушул кыздай тилимди чайнап сүйлөчүмүн. Бул убакыттын ичинде мен сиздердин тилиңиздерге толук үйрөнгөндөй эле болдум, мына ошондуктан мен сизге өзүңүздүн түшүнүктүү тилиңиз менен сиз анын сөздөрүнүн бирине дагы түшүнө албайсыз, эч качан, деп айткым келет. Сиз, эмне үчүн ал өзүн мындай алып жүрөрүн билесизби? Мен азыр гана, мурда башыма таптакыр келбеген нерселер жөнүндө терең ой жүгүртүп, көп нерселерге түшүнө баштадым.

— Сиз, эмне үчүн, ал өзүн мындай алып жүрөт дейсиз?

— Билесизби, ал бир нече жылдан бери фабрикада иштеп келе жатат. Анын жаш денеси кадимки сагыз сыяктуу чоюлчаак келип, оор жумуштун шартына жараша ар түрдүү формага тез эле өтүп кетүүгө ийкемдүү. Мен тааныбасам дагы,

көчөдөн кандай гана жумушчуну жолуктурбайын, бир көз караштан эле, анын кандай кесипте иштей тургандыгын так аныктай аламын. Мени байкап көрүңүзчү, эмне үчүн мен басып бара жатканымда теңселгенсип жүрөмүн? Билсеңиз, анткени мен жалган айтпасам, бүткүл өмүр бою деңизде жүргөнмүн. Эгерде мен суучул болбостон, кандайдыр бир касапчы боло турган болсом, анда мен минтип термеле баспайт элем, бирок менин буттарым семиз, жоон болот эле. Мына, ушул кыз да, дал ошондой. Эгерде одоно деп эсептебесеңиз, сиз анын каардуу көз караштарын байкадыңызбы? Себеби — бул бечара, эч качан бирөөнүн аркасы менен жан-сактаган эмес. Ага ар качан өзү жөнүндө өзү гана ойлоого, өзү гана кам көрүүгө туура келүүчү, ал эми, жаш кызга өзү жөнүндө өзү ойлоп кам көрүүгө туура келген учурда, анын көз караштары мисалы... мисалы сиздикиндей назик жана токтоо болушу мүмкүн эмес.

— Сиз, балким, туура айтып жаткандырсыз, — деди жай гана Руфь. — Кандай өкүнүчтүү! Карачы, кандай сулуу кыз өзү...

Мартин Руфту көздөй бурулуп, анын көздөрүнөн капалануунун белгилерин байкады. Ушул замат өзү аны канчалык сүйөөрүн жана бактысына жараша экөө колтукташып, лекцияга бирге бара жаткандыктын чексиз зор бактысы туура келгендиги жөнүндө терең ойлоно түштү.

«Мартин Иден, сен кимсиң өзүң? — деп сурады ал ошол күнү кечинде үйүнө келип, күзгүнүн алдында олтуруп, өзүнөн-өзү. Ал күзгүдөн өзүн-өзү көпкө чейин кызыгуу менен карап. — Сен кимсиң жана сенин колуңан эмне келет? Сенин, турмушта ээлей турган ордуң кайда жана кайсыл? Сенин ордуң Лиззи Конолли сыяктуу кыздардын жанында. Сенин ордуң баштан аяк бардыгы олдоксон, одоно, орой адамдардын топурандыларынын арасында эмеспи. Сенин ордуң жумушчу малдардын, ыплас жана икир-чикир булганчтардын арасында. Сенин бет алдында жашылчалардын акыр-чикир таштандылары, картөшкөлөр чирип жатат. Тур иттин баласы, ошол чирикти барып жакшылап жыттагын. Бол, тез! Сен болсоң, китеп тиктеп, кооз музыка уккуң, сүрөттөргө берилгиң, өз тилиң жөнүндө кам көргүң жана өзүңдүн жолдошторуңдун бири дагы ойлобогон ойду ойлогуң, Лиззи Коноллиге кол шилтеп, өзүңдөн миллион эсе жогору турган жылдыздардын арасында жашаган кызды гана сүйгүң келет, ээ! Сен кимсиң? Деги айтчы, сен өзүң кимсиң, ия? Ушул жоргуң сени жакшылыкка алып келет деп ойлойсуңбу?»...

Ал күзгүдөн өзүнө өзү муштумун түйүп, анан керебеттин четине келип олтурду да, телмире тиктеген көздөрүн терезе жактан албады. Бир аздан кийин ал, жаздыктын алдынан дептерин, алгебра окуу китебин алып чыгып чарчы теңдеменин үстүндө ойлоно баштады. Сааттар жылып, жылдыздар өчүп, терезеден жаңыдан кылая баштаган таңдын мунарык шооласы сезиле баштады.

XIII ГЛАВА

Жайдын ысык бир күнү, Сити-Холл — багында чогулган жумушчулар табынан чыккан сөзгө шыктуу социалисттер менен философтордун маеги күтүлбөгөн жерден Мартинди бир улуу ачылышка түрткөндөй болду. Велосипед тээп, парк менен китепкананы көздөй бара жатканда, айына бир-эки жолу түшө калып, алардын кызуу талкуусуна кулак салып тыңшап калуучу, жана алардан тез эле бурулуп кетүү ал үчүн жеңил иш эмес эле. Булардын талкуулары жалпы мүнөзү жагынан мистер Морздун талкуусунан бир кыйла айырмаланып туручу. Бул талашуулар анчалык деле көрүнүктүү жана татыктуу талашуулар эмес боло турган. Алар өз эркинче талашып-тартышып жана бирин-бири шылдыңдуу ат

www.bizdin.kg

менен аташып, богооз сөздөр менен тилдешип, уулуу как- шыктарды жаадырышып жатышты. Бир эки жолу алар кызыл чеке болушуп салгылашууга чейин да барышкан. Ошондой болсо да, эмне себептен экендигин Мартин өзү да жеткире аңдабай, бул талашып-тартышуулардан кандайдыр бир жандуу негизди сезгендей болучу: сыртынан олуттуу сыяктуу көрүнгөнсүгөн, бирок, артта калган мистер Морздун көз карашына караганда ага бул талаштар пайдалууракак болуп сезилди. Англис тилин ыксыз бурмалашып, кээде жинди адамдарга, бири-бирине өз ойлорун жаңдоо менен түшүндүрүшкөн, жана өздөрүнүн пикир жактан келишпеген душмандарына кадимки алгачкы коомдордогу адамдардай аяндуу, айкыруу менен келип бир тийген бул адамдар, ага мистер Морз менен анын досу мистер Бэтлерге караганда турмушту алда канча көбүрөөк түшүнүшкөн жана билишкен адамдар сыяктуу болуп көрүндү.

Мартин бактагы чогулуштан бир нече жолу Герберт Спенсер деген атты уккан болучу, мына, бир күнү ушул жыйналышка анын бир окуучусу келип калды, ал бечаранын кийими да жок, бир байкуш сел-саяк, көйнөгүнүн жоктугун билгизбеске аракет кылып, үстүндөгү жупуну күрмөсүнүн бүчүлөрүн тыкыз кылып топчулап алыптыр. Чексиз көп тартылган тамекинин түтүнү, какырык менен түкүрүндүлөргө карабай дагы бир кармашуу, талаш башталды, бирок ушул кармашууда жанагы селсаяк өтө билгичтик менен бардык соккуларга жооп кайтарып жатты, кала берсе келекелеп: «Түшүнбөстүктөн башка кудай деген жок, Герберт Спенсер болсо, анын байгамбары!» — деп жумушчу-социалисттердин бирөөбү кыйкырып чыкканда да, келиштирип жооп кайтарганга жараган. Мартин талаштын эмне жөнүндө болуп жаткандыгына түшүнө албай, бирок ал Герберт Спенсерге бөтөнчө кызыгып, китепканадан анын «Негизги башталыштарын» сурады, себеби бул чыгарма жөнүндө жанагы селсаяк талашып-тартышууда ушунчалык көп сөз кылып өткөн эле.

Ага бул улуу ачылыштын башталышы болду. Мартин бир күнү Спенсерди окууга аракеттенип, бирок ал аны окубай «Психологиянын негиздерин» окуйм деп, кадимки айым Блаватскаяны окуймун дегендей эле, аракети текке кетти. Бул китептен ал эч нерсени түшүнө албады, жана окубастан китепканага кайра өткөрүп берди. Бул күнү кечинде ал алгебра менен физиканы окуп бүтүп, көпкө чейин кармашып ыр жазуудан кийин, керебетине келип жатты да, «Негизги башталыштарды» ачып окууга киришти. Китептин барагын жаппастан ал танды да атырды. Ал уктай албады. Бул күнү ал калем сапты да колуна кармап койгон жок. Ал кабыргалары ооруп кеткенге чейин, кырынан түшүп жатын окуган абалынан козголбоду, андан кийин ал керебеттен түшүп как жерге чалкасынан жатып, китепти төбөсүнө кармап, бир колу уюса, экинчи колуна ала коюп окуй берди. Ал аңгеме жазууга киришейин деп ойлоду эле, бирок, кумарануу ушунчалык күчтүү болгондуктан, ал дүйнөдөгүнүн бардыгын унутуп, жана кала берсе, кечинде Руфь менен жолугууга макулдашкандыгын да эсинен чыгарып жиберип, кайрадан китеп окууга киришти. Ал качан гана Бернард Хиггинботам эшикти ачып кирип келип, сеп эмне биздин үйдө ресторан орношкон деп ойлойсуңбу? — деп сураганда гана эсине келди.

Мартин ар дайым өзүнүн бир нерсеге аябай талаптануучулугу менен айырмалана турган. Ал бардыгын билгиси келүүчү, бир чети мына ошондуктан ал, жер шарын кыдыруучу суучулдук — селсаяктык кесипке кызыгып кеткен. Азыр ал Спенсерди окуп, ал өзүнүн али эч нерсе билбей тургандыгын түшүндү жана канчалык деңиз кыдырганы менен эч нерсе биле алмак эместигин түшүндү. Ал өзүн курчап турган нерселерге үстүртөн гана көз жиберип, чачыранды

кубулуштардан кээде айрым корутундуларды чыгарын жүргөн — бирок ал мунун бардыгын, өзүнө кесепеттүү кокустуктардан чиркелишкендей сезилген жаратылыш кубулуштарын бир системага келтирип, анын өз ара байланышын аныктоого эч кандай аракеттенбей иштеген эле. Ал учуп жүргөн канаттууларга көз жиберип, алардын учуу механизми жөнүндө көп ой жүгүртүүчү; бирок ал эч качан учуу механизми жөнүндө жана канаттууларды учууга чейин алып келген өзгөрүү, өнүгүү процесси жөнүндө ойлоп да койгон жок. Кала берсе, ал мындай процесстин болуп өткөндүгүн аңдаган эмес. Канаттуулар «пайда болушу мүмкүн» деген ой анын башына келген да жок, ал үчүн канаттуулар башынан эле «дал ушундай болушкан» жана таралышкандай гана түшүнгөн.

Дал ушул чымчыктар жөнүндө анын ою кандай болсо, башка бардык нерселер жөнүндө да анын ою ошондой эле. Анын билиминин жана ой жүгүртүү машыгуусунун жоктугунан анын бардык философиялык корутундулары натыйжасыздыкка дуушар болду. Канттын орто кылымдык метафизикасы ага өз акыл күчүнө ишенбестикке түрткөндөн башка, эч кандай пайда келтирген жок. Ал ушундай эле натыйжасыздыкты эволюция теориясын Роменстин өтө татаал китеби боюнча үйрөнө баштаганда да учуратты. Бул окуудан тапкан бир гана пайдасы — бул тантыраган тил менен баяндоого аракет кылган кээ бир ашкере чеберсинген адамдардын эч кандай негизи жок ойлоп чыгарган теориясы деп аталып келген эволюция жөнүндөгү түшүнүк болучу. Азыр болсо, ал бул теория чындыгында тап-такыр жылаңач теория эмес, жалпыга маалим өнүгүүнүн закону экендигин сезип турду. Эгерде бул маселе боюнча окумуштуулардын ортосунда дагы талаш жүрө турган болсо, эволюциянын түрлөрүнүн жекече маселелери боюнча болушу мүмкүн деп ойлоду ал.

Мына, эми, — Спенсер деген окумуштуу чыгып, мунун бардыгын бириктирип бир системага келтирип, корутундулар чыгарып, жана бул айкын-ачык тартипке келтирилген дүйнө Мартинди таң калтырып, анын көз алдына кадимки суучулдардын өздөрү кооз кылып жасап, суу куюлган айнек банканын ичине салып сатышкан кеменин кичинекей модели сыяктуу айкын-ачык элестегендей боло түштү. Бул жерде эч кандай күтүлбөгөн жана кокустук нерселер жок эле. Бардыгы табигый закондун негизинде болучу. Ушул законго баш ийүү менен чымчыктар асманга учуп чыгышуучу, ушул эле законго баш ийүү менен формасы суюк кан кыймылга келип, чоюлуп олтуруп дене пайда болуп, жана бул денеге канат бүтүп, акырында келип, бүткүл канаттуулар пайда болгон эле.

ндии акыл-эси барган сайын такшалып олтуруп, мына эми азыр, эн жогорку бийиктигине жеткенсиди. Ал күтүлбөгөн жерден заттардын сырдуу мазмуунуна түшүнүп, жана табийгаттын сырына түшүнгөндүдүгү аны мас кылып да жиберди. Ал түшүндө зор окуялар менен аралаш кудайларды да көргөндөй болду. Күндүз болсо, ал кадимки элирме тийген адамдай болуп, өзүнүн бүдөмүктөшкөн көз алдынан Спенсер ачкан гана дүйнөнү көргөндөй басып жүрдү. Тамак ичип олтурган мезгилде да, ал өзүнүн көз алдындагы бардык нерселердин себептүү байланыштарын табуу менен алпурушуп, жашоо турмуштун ар түрдүү майда маселелери жөнүндөгү бакылдаган сүйлөшүүлөр менен талашууларга көңүл бурбады. Ал столдогу жайпак табакта турган этке түшкөн күндүн нурларына көз чаптырып, жана алардын бардык кубулушу, өзгөрүлүүсү аркылуу чыккан миллиондогон миль алыс калган булагына чейин ой жүгүртүп, ошол эле замат анын ою өзүнүн колдорунун булчуңдарын кыймылга келтирип, аны эт кесүүгө мажбур кылган күч жана бул булчуңдарга буйрук берип турган өзүнүн мээси жөнүндө жана акырында кайрадан күндүн энергиясы жөнүндөгү ойго келип

www.bizdin.kg

такалганга чейин кыялга чумуй берди. Ал терең ойго ушунчалык түшүп кеткендиктен Джимдин: «Жигит акылдан айныды» деген сөзүн уккан жок, эжесинин корккондой көз караштарын да байкабады, Бернард Хиггинботамдын «Мээ дегенден ыпым жок» деп, маңдайын чукуп көрсөткөн сөөмөйүнө да көңүл бурган жок.

Мартинди бардыгынан күчтүү таң калтырган нерсе, бул илимдердин өз ара байланыштуулугу, кала берсе, бардык илимдердин өз ара байланыштуулугу болду. Ал билимге ушунчалык умтулчаак жигит болучу, бирок анын мурдагы билгендери анын эсинин айрым клеткаларына бөлөк жайгашкандай туюлчу. Мынакей, анын эсинин бир клеткасына деңизде сүзүү боюнча бир канча үзүндүлүү маалыматтар топтолгон. Экинчи клеткасында — аялдар жөнүндөгү маалыматтар. Бирок, бул эки клетка ал үчүн эч качан бири менен бири катнаша албаган. Андыктан аялдардын долулугу менен бороондуу күндөгү кеменин чайпалышынын ортосундагы байланыш бар деш Мартин үчүн эч качан мүмкүн болбой турган жана жеткен сандырактык корутунду болуп көрүндү. Бирок, Герберт Спенсер мындай ойдо эч кандай сандырактык жок экендигин гана эмес, кала берсе, тескерисинче, бул эки кубулуштун ортосунда байланыш болбой коюуга мүмкүн эмес деп далилдеген; Дүйнөдөгүнүн бардыгы, алыскы асман тереңдигинде орношкон жылдыздардан тартып, адамдын таман алдында жаткан кумдардын эң майда бөлүкчөлөрүнө чейин бири-бири менен тыгыз байланыштуу.

Бул Мартинди дайыма таң калтыруучу күч болуп, ал ушу планетадагы жана башка планеталардагы заттар менен кубулуштардын ортосундагы байланышты издеп табууга аракеттенүү менен дайыма алек болду. Ал өзүнчө ар түрдүү нерселердин бир канча тизмесин түзүп, алардын ортосундагы байланыштарды тактап, аныктаганга чейин. — тынч ала албады. Мына, ошентип, ал сүйүүнүн, поэзиянын, жер титирөөнүн, оттун, ок жылаандын, асман желесинин, асыл таштардын, майыптыктын, күндүн батышынын, арстандын айкырышынын, күйүүчү газдын, райымсыздыктын, сулуулуктун, баш кесерлердин, ойноштордун, таянычтардын, тирөөч чекиттердин жана тамекинин ортосундагы өз ара байланышты түздү. Азыр анын көз алдына бүткүл ай-аалам бирдиктүү бир нерсе болуп көрүнүп, ал анын, булуң-буйткалары, сырдуу чытырман токой туюктары менен, мурда эч ким иш жүзүнө ашыра албаган максаттарды көздөй өжөрлүккө салып бара жатып, адашкан жолоочу сыяктуу болбостон, эч нерсени көз жаздымында калтырбастан, байкагандарынын бардыгын картага тыкандык менен түшүрүп бара жаткан байкоочу — саякатчы сыяктуу болуп сапар чегип жүрдү. Ал канчалык көп билген сайын, ошончолук бул дүйнөгө жана бул дүйнөдө жашап жаткан өзүнүн өмүрүнө суктанды.

— Эх, аңкоо! — деди ал өзүнүн күзгүдөгү сүрөтүнө кыйкырып, — сенин жазгың келди жана жаздың, ал эми сенин жаза турган эч нерсең жок болучу! Макул эмне жөнүндө жазмакчы элең? Түшүнүктөрүң маанисиз, сезимдериң тайкы, сулуулук жөнүндө түшүнүгүң бүдөмүк — наадандыктын уюткусу, жүрөгүң болсо махабаттан жарылып кетүүгө даяр, өзүмчүлдүгүң сүйүүңдөй эле күчтүү, наадандыгыңдай эле натыйжасыз. Анан дагы жазгың келет, ээ? Бирок, сен азыр гана эмнелер жөнүндө жазуу керек экендигин билип келе жатасың. Сенин сулуулук жөнүндө жазгың келет, бирок, өзүңдүн сулуулуктун табийгаты жөнүндө түшүнүгүң барбы? Жок. Турмуш жөнүндө жазгың келет, бирок анын мазмунуна түшүнөсүңбү? Сенин дүйнө жөнүндө жазгың келди, ал эми дүйнө болсо сен үчүн кадимки кытайдын баш катырмасы сыяктуу түшүнүксүз. Сен эмне жөнүндө гана

www.bizdin.kg

жазбагын, анын бардыгы баштан аяк өзүңдүн наадандыгыңды өзүң дагы бир жолу ашкерелеп, көрсөткөндүгүң болуп эсептелет. Бирок капа болуп, төмөн чөкпөгүн, менин эркебайым, Мартин! Сен али көп жазасың. Сен азыр бир нерсеге жаңыдан гана түшүнүп келе жатасың, албетте, азырынча өтө аз, бирок сен туура жолго эми түштүң, бара-бара абдан көптү билесиң. Эгерде сенин бак- тың ачылса, качандыр бир кезде, адам билгендин бардыгын сен дагы билесиң. Мына, дал ошондо сен жазасың!

Өзүнүн кубанычын жана таң калуусун бөлүштүрүүнү ойлонуп, ал Руфка өзүнүн улуу ачылышы жөнүндө билдирди. Бирок Руфтун буга өтө токтоолук менен мамиле кылгандыгына караганда, ал, калыбы мунун бардыгын мурда эле билсе керек. Руфтун мындай мамилеси — аны таң калтырган жок, мунун себеби — бардыгы Руфь үчүн, анын өзүнө сезилгендей жаңылык эмес экендигин жакшы түшүндү. Ал эми Артур менен Норман болсо, анын билимине караганда, экөө тең эволюциялык теориянын жактоочулары жана анчалык зор таасир көрсөтпөсө дагы Герберт Спенсерди окушкан көрүнөт, ал эми көз айнекчен жигит Вилли Ольнэй болсо Спенсер деген атты укканда, жагымсыз гана жылмайып койду да, Мартин баштан угуп жүргөн: «Түшүнбөгөндүктөн башка кудай деген жок, ал эми Герберт Спенсер болсо, анын байгамбары» деген кескин-кескин айтылган пикирди кайталады.

Бирок Мартин бул Ольнэй менен Руфтун ортосунда эч кандай жакындык жок экендигин сезгенден кийин, анын жанагы келекелүү күлкүсүнө анчалык маани берген жок! Анын угушуна караганда, Ольнэй Руфь менен жакындык мамилеси жок түгүл, кайра ал Руфь менен от менен суудай экен. Мартин буга түшүнө албады. Бул, ааламдын башкы кубулуштары менен байланыштырууга, түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон, бөтөнчө бир өзүнчө кубулуш боло турган. Ал гана эмес, Мартин Руфтун ушунчалык сулуулугу менен жароокерлигине табигый бир кемчилигинин себебиненби Ольнэйдин баа бере албагандыгына боору да ачып кетти. Алар жекшемби күндөрү көпчүлүк учурларда бардыгы чогулушуп алып, велосипед тебише турган, бул сейилдикте жүргөндө Мартин Руфь менен Ольнэйдин кайнаса каны кошулушпай тургандыгына анык көзү жетти. Руфь, Артур жана Мартиндин маегине көп аралашпай, Ольнэй Норман менен жакындашып кеткендигине Мартин өтө ыраазы болду.

Бул жекшемби Мартин үчүн тим эле, эки эсе майрамдай салтанаттуу болуп көрүндү, анткени — бул жекшембиде Руфь менен сейил курса, бир жагынан Руфтун чөйрөсүндөгү жаштар менен таанышып аралашты. Бул жаштар үзгүлтүксүз окуп билимге ээ болушса дагы, Мартин өзүн акыл жагынан булардан кем калышнай тургандыгын сезди; алар менен аңгемелешүү ал үчүн туура сүйлөөнүн практикасы болду. Ал өзүнүн байкагычтыгына ишенип, жүрүш-туруш эрежелеринин көрсөтмө китебин окубагандыгына көп болгон. Ал кээ бир гана учурларда бөлөк нерсеге алагды болуп кетип, байкабай эле калбаса, дайыма кылдаттык менен өзүнүн жолдошторунун бардык кылык-жорук, кыймылдарына, сүйлөгөн сөздөрүнө чейин көңүл буруп, алардын бири-бирине кылган мамилелерин ийне-жибине чейин калтырбай эсине сактап калууга аракеттенди.

Спенсерди элдин аз окугандыгы Мартинди таң калтырып жиберди — себеби — маалыматтар бөлүмүндөгү китепканачы бир күнү ага кайрылып, — о, Герберт Спенсер — бул улуу акылдуу адам эмеспи. — Калыбы, ушул китепканачынын өзү дагы бул улуу акылдуу Спенсердин жараткан чыгармаларын эң аз билсе керек. Бир күнү Морздордун үйүндө, түшкү тамактын мезгилинде, Мартин мистер Бэтлердин көзүнчө Герберт Спенсер жөнүндө кеп кылып калды. Мистер Морз бул

www.bizdin.kg

англиялык философдун идеалисттик теориясы менен көз карашын катуу сынга алды да, экинчиден анын «Негизги башталыштарын» окубагандыгын эскерте кетти, ал эми мистер Бэтлер болсо, Спенсердин чыгармалары аны зериктирип жибере тургандыгын жана анын бир дагы барагын акырына чейин окуй албай тургандыгын, анын чыгармасысыз эле жан сактай тургандыгын баяндады. Мартиндин башына олку-солку ойлор келе түштү, эгерде анын бекем жеке көз карашы болбогондо, анда ал көпчүлүктүн пикирине кошулуп кетип, мындан ары Спенсердин эмгектерин окууну токтотуп салмак эле. Бирок Спенсердин дүйнөгө көз карашы ага талашсыз чындыктай көрүнүп, андан баш тартуу, ага кадимки деңиздеги суучул деңизге картасы менен компасын ыргытып жибергендиги менен барабардан сезилди. Мына ошондуктан, Мартин эволюция теориясын үйрөнүүнү улантып, улам барган сайын аны тереңдеп окуп, жана Спенсердин көз карашын кубаттаган миңдеген башка жазуучулардын чыгармаларын жолуктурду. Ал чыгарманы канчалык тез окуп үйрөнгөн сайын, ошончолук бет алдынан илимдин али изилдениле элек тармактары ачылып жана ар бир суткада жыйырма төрт гана саат бар экендигине аябай өкүнүчтө боло түштү.

Бир күнү ал, күндүн кыскалыгын эсепке алып, алгебра менен геометрияны таштап салды. Тригонометрияны болсо, ал колуна да кармай элек. Андан кийин ал өзүнүн тизмесинен химияны сызып таштап, физиканы гана калтырды.

— Мен адис эмесмин да, — деди ал бир күнү Руфка актангандай, — менин адис болгум да келбейт. Ал эми, илимдердин тармактары болсо, ушунчалык көп, анын бардыгын үйрөнүп чыгууга адамдын өмүрү да жетишпейт. Мен жалпы билим алгым келет. Эгер мага атайын билимдер керек болсо, мен аларды китептерден окуп үйрөнө аламын.

— Бирок бул, ал билимдерди өз күчүң менен алгандыкка таптакыр жатпайт, — деп каршы чыкты Руфь.

— Эмне үчүн аны өз күчүбүз менен алышыбыз керек? Биз ар дайым адистердин эмгектеринен пайдаланабыз да. Ошондуктан алар адистер да, эгерде андай болбосо, алардын эмне кереги бар? Сиздикине келип, мен V мор тазалагычтардын иштеп жатканын көрдүм. Алар дагы адистер, алар өз иштерин бүтүргөндөн кийин, сиздер, мештин түзүлүшүн билбеген болсоңуздар дагы, тап-таза болуп тазаланган мешти пайдалана баштайсыздар.

— Коюңуз, бул ага байланышы жок кеп!

Руфь ага жактырбагандай көз кырын жиберди эле, Мартин анын карашынан жана үнүнөн зекүүнү байкады. Бирок ал өзүнүн туура айтып жаткандыгына бекем ишенип турган эле.

— Жалпы маселелердин үстүндө иштеген бардык ойчулдар, бардык акылы даана адамдар чындыгында адистердин эмгектеринен пайдаланышкан. Алар көп миңдеген изилдөөчүлөрдүн ачкандарын корутундулашып, жалпылашкан. Жана Герберт Спенсер да ошенткен. Ал жер үстүндөгү бардык окумуштуулардын ачкандарын корутундулап чыкты. Жана бардык нерсенин сырын өзү ачыш үчүн ага миңдеген жыл өмүр да чак келбес эле. Дал ушундай эле окуялар Дарвиндии да башынан өт- көн. Ал багбандар менен малчылардын билгендерин пайдаланган.

— Туура айтасыз, Мартин, — деди Ольнэй, — сиздин максатыңыз бар экен, ал эми Руфта болсо андай белгилүү максат жок. Ал кала берсе, өзүнө эмне керек жана эмне керек эмес экендигин дагы жакшы билбейт окшойт. Ооба, ооба, — деди ал каршы чыгууга Руфка мүмкүндүк бербей сөзүн улантып, — сиз муну жалпы маданияттуулук деп эсептегиңиз келип жатат, билип турамын. Ал эми ушул маданияттуулукка жетишүү — бул изилдеп үйрөнүү да эмеспи? Сиз француз

www.bizdin.kg

тилин үйрөнсөңүз дагы, немец тилин, же болбосо, эл аралык жасалма тилди үйрөнсөңүз дагы — баары бир, «жалпы маданият» деген нерсеге ээ болосуз, туурабы? Же болбосо, колдонууга сизге эч качан туура келбесе дагы грек менен латын тилдерин үйрөнөсүз дейли. Бирок, сиз маданияттуулукка ээ боло аласыз. Мына, "Руфь мындан эки жыл мурун англо-саксондук тилди үйрөнүүгө аракеттенип, кала берсе, жакшы эле үйрөнүп калган болучу, ал эми азыр болсочу «жыпар жыттуу апрель айынын жамгыры кандай сонун» деген бир сүйлөмдөн башка эч нерсени билбейт, унутуп салган. Туура эмеспи, Руфь? Бул болсо, сизге «жалпы маданиятты» берген эле, — деп күлүп жиберди ал Руфка каршы чыгууга мүмкүндүк бербестен. — Билем, билем. Экөөбүз бир курста окубадык беле.

— Сиз маданият эмес, каражат деген сыяктуу сүйлөп жатасыз! — деди жактырбагансый түшүп Руфь. Анын көздөрү жалындап өңдөрү кызара түштү. — Маданият өзүнөн өзү баалуу нерсе. Аны билип коюңуз!

— Бирок Мартинге бул керек эмес да.

— Сиз кайдан билесиз?

— Мартин өзүңүз эле айта коюңузчу. Сизге эмне керек? — деди Ольнэй аны көздөй тез бурулуп.

— Туура айтат Мартин, айта бериңиз сизге эмне керек, — деди Руфь, — Бул биздин талашыбызды чечет.

— Албетте, мага маданият керек, — деди Мартин калдастай түшүп. — Мен сулуулукту сүйөмүн, ал эми маданият болсо, мага бул сулуулукту жакшыраак баалоого жана түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Руфь кубаттагандай түрдө башын ийкеп койду.

— Келжиректик! Сиз муну өзүңүз да жакшы түшүнүп жатасыз, — деди Ольнэй. — Мартин маданиятка эмес, даражага жеткиси келип олтурат. Анын маданиятка ээ болбой туруп мансап, даражага жетмек эмес, бул бир кокусунан тушташ келүү. Эгерде ал химик болгусу келсе, маданияттын ага эч кандай деле кереги жок болор эле. Мартин, билесизби, жазуучу болгусу келет, бирок ал бул жөнүндө айтуудан тартынып тургансыйт, себеби — биздин бул пикир талашыбыздан сиздин утулуп калышыңызды каалабай. Эмне үчүн Мартиндин жазуучу болгусу келет, билесизби? — деп сөзүн улантты ал. — Себеби ал материалдык жактан начар турат. Сиз эмне себептен саксон тилин үйрөнүп «жалпы маданиятка» жетишүүгө аракеттендиңиз? Мунун — себеби сиз келечегиңиз үчүн анчалык деле күйүп-бышып, далбас урбай деле коё аласыз. Ал үчүн сиздин кам көрө турган атаңыз бар. Ал сиз үчүн эмне десеңиз ошону, айталык, көйнөк жана башка кийим-кечектерди сатып берет. Сиз ойлоп көрүңүзчү Артур, Норман жана дагы сиз экөөбүз алган билимден эмне пайда? Биз кекиртегибизге чейин «жалпы маданият менен куралданганбыз» эгерде биз, кокустан эртең эле жакырдана түшсөк, чынымды айтайын, мектептин мугалимдигине да жарабай калар элек. Руфтун бул кездеги өтө эңсеп жүргөн кесиби — бул кыштак мугалими болуу, же болбосо, аялдар жатакана — мектебинде музыка боюнча сабак берүү болуп саналат.

— Сиз эмне кылар элеңиз анда? — деп сурап калды Руфь.

— Эмне кылмак элем. Кара жумуш иштеп, күнүнө бир жарым доллар табат элем, же болбосо, ганлейдик бирикме мекемечесине көрсөтмөчү болуп кирээр элем, — иштээр элем дебей «кирээр элем» деп жаткан себебим, бир жума өткөндөн кийин, балким мени, жарабайсың деп иштен кууп чыгышмак.

Мартин Ольнэйдин пикирине кошулгандай, бир топко чейин унчукпай, аңгемени угуп олтурду да, бирок ичинен анын Руфка карата кылган олутсуз

www.bizdin.kg

мамилесин жактырган жок. Бул аңгеменин жүрүшүндө анын оюнда махабат жөнүндө жаңы көз караштар төрөлгөндөй болду. Акыл-эс сүйүү ишине тоскоолдук кылууга мүмкүн эмес. Сүйгөн кызың бир нерсени туура түшүнөбү же туура түшүнбөйбү кеп анда эмес. Сүйүү акылдан күчтүү. Руфь бул учурда Мартин үчүн мансаптын мынчалык маанилүү экендигин» туюнбаса дагы, мындан анын жылдыздай нурданышы азая түшкөн жок. Руфь чындыгында чүрөктөй сонун кыз, жана анын бул сулуулугуна эмне ойлоп, эмне сезгендигинин эч кандай катышы жок эле.

— Сиз эмне дедиңиз? — деди Мартин өзүнүн оюн күтүлбөгөн жерден бөлүп жиберген Ольнэйге бурулуп.

— Мен, балким, сиз латын тилин үйрөнгүңүз келбейтко деймин.

— Латын тили, — деди Руфь Ольнэйдин сөзүн бөлүп, — маданиятты гана бербестен, акылдын да машыгуусу болуп саналат.

— Демек, кандай дейсиз Мартин, латын тилин үйрөнөсүзбү? — деп такап калды Ольнэй.

Мартин эмне кыларын билбей, өтө ыңгайсыздана түштү. Анын үстүнө Руфь да чыдамсыздык менен жооп күтүп турган эле.

— Менин убактым жетишпейби деп коркомун, — деди Мартин акырында. — Үйрөнөр элем, бирок менин убактым жетишпейт.

— Түшүндүңүзбү эми, Мартинге сиздин «жалпы маданиятыңыздын» кереги жок! — деди Ольнэй. — Ал өзүнө эмне керек экендигин жакшы билет.

— Туура деңизчи, бирок бул акылды такшалтуу жана белгилүү ыкка көнүү эмеспи! Латын тили акылды ийкемге келтирүүгө жардам берет! — бул сөздөрдү айтып, Руфь ой жүгүртүү нугун өзгөртүүнү сурангандай Мартинге тигиле түштү. — Сиз топ ойноочулардын оюн башталардын алдында кандай такшалууларды жүргүзүшө тургандыгын көрдүңүз беле? Латын тили ой жүгүртүүчүлөр үчүн дагы дал ошондой зор такшалуу болуп саналат.

— Кандай келжиректик! — Бул пикир биздин бала чагыбыздан бери башыбызды айландырып келе жатат! Бирок, бир чындыкты бизге убактысында эскертүүнү унутуп калышкан окшойт, — деди Ольнэй, күчтүү толкунданууудан бир аз токтоло калып, анан салтанаттуу түрдө мындай деди: — Латын тилин менимче джентельмен үйрөнүүгө тийиш, бирок ага билүүнүн эч кандай зарылчылыгы жок.

— Бул акыйкатсыздык! — деди Руфь ачуусу келе түшүп. — Мен сиздин бардык аңгемени тамашага айландырып жибереріңизди башынан эле билгем.

— Бирок, менин тамашам куйкумдуу тамашалардан бекен! — деди көтөрүлө түшүп ал, — анын үстүнө бул чындык тамаша, латын тилин билишкен бирден бир адамдар — булар дары саткычтар, адвокаттар жана латын тилинин мугалимдери. Эгерде Мартин ушулардын бири болгусу келсе, анда мен оозумду басайын. Бирок, бул жерде Герберт Спенсердин эмне тиешеси бар? Мартин болсо Спенсерди жаңы эле колуна алары менен айран-таң кала түшкөн имиш. Себеп? Себеби Спенсер ага бирдеме берген окшойт. Ал эми, Спенсер сизге да, мага да эч нерсе бере албайт. Себеби, бизге эч нерсенин кереги да жок. Сиз болсоңуз кудайдын бир сүйгөн күнү күйөөгө чыгып кетесиз, ошону менен ишиңиз бүтөт, ал эми менин болсо, эмне кыларга ишим жок болот, себеби мен үчүн бардык ишти түрдүү агенттер аткарышмак, алар кала берсе, менин атамдан ала турган байлыгым жөнүндө да кам көрүшмөк.

Ольнэй эшикти көздөй чыгып бара жатып босогого токтоло калды да мындай деди:

www.bizdin.kg

— Руфь, Мартиндин тынчын көп ала бербеңизчи эми. Ал өзүнө эмне керек экендигин өзү жакшы билет. Ал гана эмес, кээде мен өзүм уялып калам. Ал азыр жаратылыш, турмуш жана адамдын орду, максаты жөнүндө Артур менен Норманга, сиз менен мага караганда жана биздин бардык латын, француз жана англо-саксониялык тилибиз дегени биздин бардык маданиятыбызга карабастан, алда канча көбүрөөк билет.

— Бирок Руфь менин мугалимим, — деди кайраттуу түрдө Мартин, — мен бардык билгендерим үчүн Руфка милдеттүүмүн.

— Келжиректик! — Ольнэй Руфту көздөй кандайдыр бир жагымсыздык менен бурулду. — Мүмкүн сиз мага Спенсерди да Руфтун кеңеши менен окудум деп айтарсыз. Руфь болсо, чындыгында, Дарвин жана эволюция жөнүндө мен Соломон падышанын алмаз кени жөнүндө канчалык билсем, дал ошончолук гана билет. Эсиңиздеби, бир нече күн мурун сиз бизди Спенсерднн ачык эместик тууралуусуна, байкалбастыкка жана бир жактуулукка карата айтылган пикирин өз түшүнүгүңүз боюнча туура чечмелеп айран-таң калтырдыңыз эле го. Мына ошону азыр Руфка айтып көрүңүзчү, ал сизди түшүнөр бекен, же түшүнбөс бекен? Бул эмне, «маданият» эмес бекен! Ээ-э! Уксаң Мартин, эгерде сиз латын тилин жаттоого кирише турган болсоңуз, анда мен ачык эле айтып коёюн, сизди урматтай албайм.

Бул аңгемени кызыгуу жана көңүл коюу менен угуп олтуруп, Мартин акырында эмнегедир ирээнжий түшкөнсүдү. Аңгеме окуу, сабак, билимдердин негиздери жөнүндө болуп, бирок, бул жаш баланыкындай болгон талаш-тартышуунун мазмуну — Мартинди бардык турмуштук көрүнүштөрдү чебердик менен эсине тутуп калууга түрткү берген, жана өзүнүн ташкындаган күчүн толкундаткан чоң маселелерге теңдеше албады. Ал өзүн кыялында белгисиз бир өлкөнүн жээгине алып барылып ташталган, айлана-чөйрөнүн кооздугуна айран-таң калуу менен караган, бирок ошол жердеги жапайы туземдердин тилинде бул кооздукту ырга кошууга аргасыз болгон акын Менен салыштырды. Дал ушундай окуялар анын өз башынан да өтүп жатпайбы. Ал дүйнөлүк улуу чындыкты түшүнүүгө чексиз умтулганы менен, азыр анын ордуна — латын тилин үйрөнүү керекпи же жокпу деген жаш баланын кыжың-мужуңун угууга туура келди,

— Чындыгында бул латын кимге керек дейсиң! — деди ал ошол күнү кечинде күзгүнүн алдында олтуруп өзүнө өзү. — Жансыз нерселер жансыз бойдон калууга тийиш. Бирок, менин бул жансыз нерселерге кандайча тиешем бар, ия? Ал эми сулуулук болсо, түбөлүк жана ар качан тирүү нерсе. Тилдер пайда болот жана жок болот. Алар — өлүктөрдүн күлү.

Ал өзүнүн оюн туура баяндоого үйрөнгөндүгүн сезип, кубанып кетти да, керебетине чалкасынан түшүп жатып Руфь менен сүйлөшкөндө эмне үчүн бул жөндөмдүүлүгүн өзү жоготуп жиберерин түшүнбөдү. Ал Руфтун жанында турганда өзүн кадимки мектеп окуучусундай кармап, апкаарып, сүйлөөгө тили да бурулбай, буйдалып калуучу.

— Мага убакыт бериңизчи, — деди ал өзүнө өзү үнүн чыгарып. — Мага убакыт гана бериңизчи.

Убакыт! Убакыт! Убакыт! Бул анын чексиз жалынычы эле.

XIV ГЛАВА

Руфту чексиз сүйгөндүгүнө карабастан, Мартин латын тилин үйрөнгөн жок. Ольнэйдин кенеши бул жер- де кеп болбоду. Убакыт ага акча сыяктуу кымбат

www.bizdin.kg

болуп көрүндү, жана латын тилинен алда канча маанилүү бир канча илимдин тармактары анын көңүл бурушун чечкиндүү түрдө талап кылып жатты. Анын үстүнө ал жазууга да тийиш. Ага тыйын табуу да керек. Бирок, тилекке каршы анын аңгемелери эч жерде басылып чыкпады. Кол жазмалары редакцияларды кыдырып, пайдасыз саякаттап жүрдү. Башка жазуучулардыкын анда эмне үчүн басышкан? Ал көп убакытын башкалардын чыгармаларын окуу менен китепканада өткөрүп, жана ал чыгармаларды кылдаттык менен талдап, үйрөнүп, сын көз менен карап чыгып, өзүнүкү менен салыштырып, тигилердин чыгармаларынын жарык көрүшүнүн себебин, алардын жашырын сырларын табууга аракеттенди.

Ал бул чыгармалардын көпчүлүгүндө жандуу турмуштун көрүнбөгөндүгүн сезип, таң калып жатты. Бул аңгемелерде көркөмдүк турмак, кооздук да жок эле.

Бул чыгармаларда турмуштун тамырлары тап-такыр сокпосо дагы, кезиттин жазган кулактандыруусуна караганда, ар бир сөзүнө эки центтен, ал эми ар бир миң сөзгө болсо, жыйырма доллардан төлөнгөн болуш керек. Ал жеңил жана курч (ал муну моюнга албай коё албады), бирок эч кандай тур-муш чындыгы жок жазылган бул көп сандаган аңгемелерди биринин артынан бирин таң калуу менен окуп чыгып, жана кайталап дагы окуду. Ал эми турмуш болсо, ушунчалык таң каларлык укмуш нерсе, мында чечилбеген маселелер, таттуу кыялдар, баатырдык аракеттер канчалык көп, бирок бул аңгемелерде болсо, баштан аяк жалгыз гана күндөлүк турмуштун адамды жадатып жиберүүчү окуялары жөнүндө жазылган. Мартин турмуштун улуулугун, жана анын зор күчүн, шыктандыруучу керемети менен жалындуу касиеттин, анын каардуу тополоңун өзгөчө сезип турду, — мына, эмнелер жөнүндө жазуу керек эле! Ал коркунучтары көздөй көз жумбастан, бет алып барган кайраттуу адамдар, сүйүүгө бек жаш жигиттер, өздөрүнүн болоттой бекем эрктери менен турмушту багындырып, азаптар менен коркунучтардын арасында тайманбай күрөш жүргүзүш- көн зор алптар жөнүндө жазууга кыялдана түштү. Ошону менен бирге басылып чыккан бул аңгемелерде, мистер Бэтлерге окшогон доллардын артынан тоголонгон бечаралар даңазаланып, кунарсыз адамдардын сүйүүлөрүнүн майда түйшүктөрү жөнүндө баяндаган эле. «Мунун себеби — мүмкүн, редакторлордун өздөрү — майда, кунарсыз, киши саны жок адамдардыр? — деп сурады ал өзүнөн өзү. — Же болбосо, бардык эле редакторлор, жазуучулар, жана окуучулар турмуштан жөнү жок эле коркушабы?»

Бардыгынан дагы аны көбүрөөк кысындырган нерсе, анын бул редакторлор. жана жазуучулар менен тааныш болбогондугу болду. Ал бир дагы жазуучуну билмек түгүл, колуна калем алып, жаңыдан жазууга аракеттенгендердин да бирөөн билчү эмес. Эч ким аны менен аңгемелешип, багыт берип, ага жакшы кеңеш айтпаган. Кала берсе, ал редакторлордун жандуу адамдар экендигинен да шек санай баштады. Алар ага машинанын дөңгөлөгү сыяктуу болуп элестелди. Ооба, ооба дал ушундай болуп элестелди. Ал аңгемелеринде, очерктеринде жана поэмаларында жүрөгүндөгү терең ойлорун айкын-ачык кылып баяндап, жана бул баяндоолорун ошол машинанын сотуна тапшырды. Ал өзүнүн кол жазмасын чоң конвертке бекитип, анын ичине жооп каттын маркасын кошо салып туруп, жөнөтүп жиберди. Континент боюнча бир нече күн саякаттап жүрүп акырында, кол жазмасы айланып келип, өз колуна тийди. Башка конвертке салып, баягы каттын ичиндеги марканы сыртына жабыштырып коюптур. Түрүнө караганда, эч кандай жандуу редактор жок сыяктуу, анын ордуна бир конверттеги кол жазманы экинчи конвертке жасалма түрдө оодарыштырып салып, сыртына

марка чаптай коюучу татаал түзүлүштүү машине иштеп жатса керек. Тыйынды соруп алып, жана ошол замат бир тешиктен чайноочу сагызды, же болбосо, шоколадды ыргытып чыгаруучу автомат сыяктуу эле. Бир тешикке тыйынды салып жиберсең, сагыз чыга келип, экинчи тешигине салып жиберсең, шоколад чыга келет! Редакторлук машине дагы, дал мына ушунун өзүндөй. Бир тешиктен сага акчанын чеги ыргып чыгып келсе, экинчи тешиктен, куру жооп ыргып чыгып келип турат. Анын багына болсо, бир гана экинчи тешик туш келип туруп алды.

Бул машакаттуу жооп-каттар алардын машинеге окшоштуктарын ашкере айгинелегенсип турган эле. Булар болсо, сыртына автордун жана аңгеменин аты гана жазылган стандарттуу басма кагазы эле. Мартин мындай ар бири кеминде бир дюжинден турган каттардын жүзүн алды окшойт. Бирок, жок дегенде ушул каттардын ичинде өзүнө карата айтылган бир жандуу сөз болсо да жакшы болор эле. Мартинге бир дагы редактор жандуу адам болуп көрүнбөдү. Мартин акырында, үмүтүн үзгөндөн кийин дүйнөдө редактор деген жок, ал эми бар боло турган болсо, бул жакшы майланып, тартипке эң сонун келтирилип коюлган гана автоматтар болушу мүмкүн деген корутундуга келди.

Кайраттуу жана шамдагай Мартиндин бир нече жылдар бою бул жансыз машиналарды камсыз кылып турууга эрки жетишээр эле. Бирок, ал, убакытка ушун- чалык сараң болгондуктан, маселени ал жылдар менен эмес, жумалар менен чечүүчү. Жаткан жери, ичкен тамагы үчүн жумалык акысын төлөөгө да анын эми кудурети жетишпей калды, анын үстүнө почтого кеткен чыгашасы да бул абалды ого бетер татаалдандырып жиберди. Ал, бул каардуу турмуш кысымдары- нан саал жеңилдеш үчүн майда-чуйдага акчасын коротууну жана китеп сатып алуусун токтотту, бирок баары бир минткени менен да анын оор абалы жеңил- деген жок. Ал кайра карындашы Мэриенге көйнөк белек кыламын деп, беш долларынан да кол жууп, чыр-чатактуу иштин чечилишин дагы бир жумага тездетти.

Мартин мына ушундай караңгылыкта кармашып, эч кимден кеңеш да, жылуу сөз да укпады; ага анын айланасындагынын бардыгы анын эрдигин мокотууга шымаланып киришүүгө даяр тургандай сезилди. Кала берсе Гертруда дагы ага сыртын сала баштады: алды менен кадимки бир боор эжедей, анын балалык кылык-жоруктарына анчалык көңүл бурбаганы менен, акырында, бул жөнүндө бөтөнчө тынчсыздана баштагандыгы ачык сезиле баштады. Ага Мартинднн жаш баланыкындай тетири кылык-жоруктары, күндөн күнгө ашынып бара жаткансыды. Мартин анын жаман көргөн көз караштарын сезип, бул мамиледен ал мистер Хиггинботамдын жанга тийген шылдыңына салыштырганда да көбүрөөк капага чөгө түшкөндөй болду. Канчалык ал өз күчүнө ишенгени менен, жалгыздык аны аябай жадатып таштады. Кала берсе, Руфь дагы анын ишенич үмүттөрүн бөлүштүрбөй калды. Анын адабиятка аябай кызыгуусун Руфь эч качан ачык сынга алчу да, жана ошондой эле аны колдочу да эмес, бирок анын өз бет алдынча окуусун өтө жактыруучу.

Мартин жазгандарынын бирин дагы ага көрсөткөн жок. Себеби, аны кандайдыр бир жүрөгүндөгү үнсүз дабыш токтотуп турган эле, экинчиден ал Руфтун университетке окугандыгынан, анын убактысын алуудан тартынды. Бирок, экзамен тапшырып, даражага жеткенден кийин, Руфь бир күнү андан, жазган чыгармаларынын бирөөң көрсөтүүнү суранды. Мартин кубанып да, жана сүрдөп да кетти. Себеби Руфь анык сын берүүчүнүн бири. Анткени ал искусствонун даанышманы да. Ал адабиятты профессорлордун жетекчилиги

www.bizdin.kg

астында үйрөнгөн. Мүмкүн редакторлор дагы анык сынчылардыр, бирок, Руфь анын чыгармасына башкача мамиле кылат да. Ал ага баш тартылды деген бланканы сунбайт, жана аңгемелериңиздин бардыгы жакшы жазылгандыгына карабастан, тилекке каршы басууга ылайык келбеди деген кыскача жагымсыз кабарды угузбайт. Ал ага өтө сергектик менен мамиле кылып өз оюн айтат жана андан да маанилүү нерсе бул — Мартин Идендин ким экендигин таанып, билет. Жок дегенде, Руфь анын жазган чыгармаларындагы терең ойлорго, улуу максаттарга жана андагы жашырынып жаткан зор күчкө аз да болсо түшүнөт.

Мартин Руфка өзүнүн бир нече кыскача аңгемелерин тандап алып, жана бир аз олку-солку болуудан кийин «Деңиз ырларын» дагы көрсөтүүнү чечти. Июндун ысык күндөрүнүн биринде, Руфь менен Мартин велосипедге минишип, өздөрүнүн сүйүктүү дөңсөөлөрүн көздөй саякаттоого жөнөштү. Бул алардын экинчи жолу өткөрүшкөн сейилдери. Күндүн ысык илебин кай- тарып соккон деңиздин салкын шамалын жиреп велосипедде зыпылдап бара жатып, ал, бул дүйнөдө жашоо жана сүйүү кандай сонун экендигин бүткүл жүрөгү менен терең сезди. Алар велосипеддерин жолдун жээгине коюп коюшуп, өздөрү учтары күн нурунан азыраак саргая баштаган чөптөрдү аралап, алардын буруксуган жыттары менен дем алышып, бозоргон дөңсөөнүн жонун көздөй бет алышты.

— Булар өз милдетин аткарды, — деди Мартин, экөөбү жаңы эле жонго жетип, Руфту өзүнүн куртка- сына олтургузуп, өзү болсо ысык жерге көчүк коёрдо.

Ал, салкын жана адамды мас кылчудай бул атыр жыттуу таза абадан кере-кере дем алып, ошол замат өзүнүн жекече ойлорунан дүйнөлүк маселелер жөнүндөгү ойлорго кантип өтүп кеткенин өзү да сезбей калгансыды.

— Бул байкуш чөптөр өздөрүнүн турмуштук милдеттерин өтөштү, — деп сөзүн кайра улантты ал, саргайыңкы чөптөргө көз чаптырып, — кышкы калың кардын нымы менен сугарылып, жазгы катуу шамалдар менен кармашып, гүл ачып, курт-кумурскаларды жана аарыларды тамактандырып, өзүнүн уруктарын чачып, ал эми азыр болсо, өзүнүн жаратылыштын алдындагы милдетин орундатып бүтүп...

— Сиз эмне үчүн бардыгына ушунчалык терең көз караш менен мамиле кыласыз? — деп, сөзүн бөлүп кетти Руфь.

— Балким мен эволюция теориясын үйрөнүп жаткандыгымдан болсо керек. Чынын айтсам жакындан бери эле менде тап-такыр башкача көз караштар пайда боло баштады.

— Менимче, эгерде сиз, дүйнөгө карата дал ушундай көз карашта болсоңуз эч качан сулуулукту сезе албайсыз го деймин. Сиз жаш балдар көпөлөктүн канатындагы кооз гүлүн өчүрүү менен, акырында анын өзүн да жок кылган сыяктуу, сулуулукту жок кылып аласыз.

Ал андай эмес дегендей башын тескери чайкады:

— Сулуулуктун да өзүнчө мааниси бар дечи, бирок мен, ушул убакка чейин, аны сезе албадым. Мага сулуу нерсе, сулуулугу үчүн гана жага турган.; Мен сулуулук эмне экенин, анын маңызын түшүнө алган эмесмин. Азыр болсо, түшүнүп, туурараак айтканда, түшүнөйүн деп келе жатамын. Бул чөптөрдүн эмне үчүн мындай экендигин жана бул дөбөдө анын өсүп чыгышы үчүн күн, жамгыр жана топурактын химиялык таасири тийгендигин билип тургандыгымдан, азыр бул чөптөр, мага ого бетер сулуу жана кооз болуп көрүнүшкөнсүйт. Ар бир чөптүн тарыхында бир топ романтикалуу окуялар бар эмеспи, алар дагы бир кыйла окуяларды баштарынан өткөрүштү. Ушул ой да мени толкундата алат. Күчтөр менен материянын кубулуштары жана турмуштук улуу күрөштөр жөнүндө ойлоп

www.bizdin.kg

кеткенимде, мен бул чөптөр жөнүндө бир эмес, бир нече поэмаларды жазгым да келип кетет.

— Сиз кандай жакшы сүйлөйсүз, — деди Руфь көңүлүн бир нерсеге токтото албагандай, ошол учурда Мартин Руфтун таң калгансыган, сындагансыган көз карашын байкап калды. Ал дароо териге түшүп, эмне кыларын билбей, алапайын да таппай калды, жүздөрү да кызарып кетти.

— Эх, мен чыны менен эле жакшы сүйлөй алсам — деди ал мукактана, — менде канча ой жатат, аларды бирөөгө айткым келет. Бирок, ал ушунчалык зор, айтып берүүгө ылайыктуу сез да таппай калам. Кээде мага бүткүл дүйнө, бүткүл жан-жаныбар, ар бир тал чөпкө чейин, сен биз үчүн сүйлөгүн дегенсип менден талап кылып жаткандай болот. Мен муну албетте, сезип турамын — канткенде мен айтып бере алам? — оо, бул залкар иш; бирок сүйлөй баштаганымда эле, сөзүм жаш баланын чулдуру болуп калат. Өз оюн жана сезимин угуучу же окуучу түшүнгөндөй кылып сөз мен айтып берүү же кагазга түшүрүү жана окурманда ошол ой, сезим козголгондой кылып баяндоо — бул зор маселе. Ал гана эмес, эч бир нерсе теңдеш келе албаган маселе. Мынакей, карап туруңузчу, мен жүздөмөндөн түшүп чөптөрдү жыттап жатайын бул жагымдуу жыт менин кыялымда миңдеген жаңы ойлорду жана элестерди жараткансыйт. Себеби мен ай-ааламдын жытын жыттап жатпаймынбы? Мен бакыттын ырын, күлкүсүн жана кайгы менен күрөштү, акырында ажалды да көрүп турамын. Менин кыялымда чексиз көрүнүштөр пайда болуп, мен аларды сизге жана бүт жер жүзүнө билдиргим келет! Бирок, мен муну кантип бере алам, кеп ушунда. Сөзгө болсо чоркокмун. Мен сизге атыр жыттуу чөптөрдү жыттап жатып, сезген бардык сезимдеримди сөз менен баяндап, түшүндүргүм келген. Бирок, аракетимден эч нерсе чыккан жок. Бар болгону, мазасыз, маңызсыз сөздөрдү айттым. Же байланышсыз бир нерселерди булдурадым... ал эми жүрөгүмдөгүнү ушунчалык айткым келгеничи. О...— Деди ал терең капалануу менен манжаларын бүктөп, — бул мүмкүн эмес! Түшүндүрүүгө болбойт! Баяндоого мүмкүн эмес!

— Бирок сиз эң эле сонун сүйлөп жатпайсызбы, — деди Руфь, — ушунчалык кыска убакыттын ичинде сиз кантип сөзмөр болуп кеттиңиз, бул таң каларлык. Мистер Бэтлер — көпчүлүккө таанылган чечен Штаттын комитети аны ар дайым шайлоо алдындагы компанияда сөз сүйлөп берүүгө чакырып турат. Баягыдачы, түшкү тамактын учурунда сиз мистер Бэтлерден кем калышкан жоксуз. Бир гана жери ал сизге караганда саал токтороок адам. Сиздин анча-мынча чапчаңдыгыңыз бар, бирок ал бара-бара өзү эле жоюлуп кетет. Сизден сөзгө чебер мыкты оратор чыгышы мүмкүн. Эгерде чын дит койсоңуз... сиз алыска кетер элеңиз... Сизде кандайдыр бир күч бар. Сиз элди өзүңүздүн артыңыздан ээрчите аласыз, буга көзүм жетип турат. Сиз алдыңыздан кездешкен бардык кыйынчылыктарды, кадимки грамматиканы жеңип чыккандай эле жеңип чыга аласыз. Сизге да, мистер Бэтлер жетишкен ийгиликтерге жетишүүгө эч нерсе тоскоолдук кыла албайт. Экинчиден сиз ал сыяктуу ич ооруга чалдыкпастан туруп эле жетише алар элеңиз — деп, ал, жылмаюу менен кошумчалап койду.

Алар аңгемелерин уланта беришти. Руфь сөзсүз окуу керек экендиги жөнүндө, өзүнүн демейдегисиндей эле эркелете, бирок талаптуулук менен сүйлөп жатты жана ал бардык билимдин негизи катары латын тилинин маанисине дагы тийип өттү. Ал Мартинге өзүнүн кыялында, дал ушундай болсо деп самаган, эңсеген адамынын элесин, кылык-жоругун, мүнөзүн сүрөттөп берди. Мындай адамдын образына анын так атасынын өзү жана мистер Бэтлердин анча-мынча кээ бир мүнөздөрү кире турган. Чалкасынан түшүп жаткан Мартин баятан бери сүйлөп

www.bizdin.kg

жаткан Руфтун эриндеринин ар бир кыймылына суктануу менен карап жатты, бирок, анын айтып жаткан сөздөрүнүн бири- не да толкундангандай болгон жок. Руфь сүрөттөп өткөн келечек аны өзүнө кызыктыра албады, сүйүү азабы менен байланышкан жүрөгүндөгү үнсүз кайгы, терең чөгүү, аны биротоло кишендеп тургандай болду. Руфь анын чыгармачылык иштери жөнүндө бир жолу да сөз козгогон жок, мында ала келген кол жазмалары көңүлдөн чыгып чачылып жерде жатты. ,

Акырында ал, бир аз унчукпай токтоло калып, күндүн кайсы убак болгондугуна көз жүгүрттү да, чачылып жаткан кол жазмаларын чогулта баштады.

— Ии, мен унутуп калган турбаймынбы? — деди Руфь шашылгансып — сиздин аңгемелериңизди окутуп угууга ушунчалык ынтызармын!

Мартин ага өзүнүн эң жакшы деген бир аңгемесин окуп берди. Ал аны «Турмуштун шарабы» деп атаган эле; жана бул аңгемени жазып жаткандагы аны мас кылган жыргалдануу сезими аны азыр да, ал , окуп жаткан кезде башын айландырып жибергенсиди., Аңгеменин оригиналдуу идеясында өзүнө тартуучу кызыктуу бөтөнчөлүктөрү бар эле, ал бул бөтөнчөлүктөрдү ачык боёктор жана так сүйлөмдөр менен ого бетер күчөтүп көрсөтүүгө абдан аракеттенген. Бул аңгемени жазып жаткан кездеги пайда болгон жалындаган сезим аны азыр дагы зор берилүү менен окууга көмөкчү болду, кемчилигин сезе албады. Бирок, Руфту анчалык толкундата алган жок. Анын такшалган угуу сезими аңгеменин начар жактарын, аша чапкан жерлерин жаш адабиятчынын ыксыз шаңдуулугун, сүйлөмдөрдүн ритмдик жактан тез-тез бузулушун дароо байкады. Аңгеменин алчылантып көрсөтүлгөн жерлеринен башка бөлүктөрүнөн, ал ритмдүү сөз бурулуштарын учурата албады жана бул ага кандайдыр бир үстүртөн жазылгандай көрүндү. Аңгеме «үстүртөн жазылган» — бул Руфтун эң акыркы чыгарган корутундусу болучу, бирок ал муну ачык айткан жок. Тескерисинче, ал бир аз гана майда эскертүүлөрдү жасоо менен, аңгеме жалпысынан алганда өзүнө өтө жага тургандыгын билдирди.

Бирок, Мартин ирээнжий түштү. Ал өзүнүн чыгармасын Руфка сынатыш үчүн окуп берген эле да, бирок Руфь болсо, майда кемчиликтерине токтолуп, жалпысынан чыгарма жакшы жазылган деп гана тим болду Бул, албетте, аны канааттандыра алган жок. Кеп майда нерседе эмес да. Майда кемчиликтин жарасы жеңил. Эртеби, кечпи, ал майда кемчиликтерди өзү деле сезип, оңдоп жана андан биротоло кол үзүп кетиши деле мүмкүн болучу. Бирок ал, бул аңгемеде жандуу турмуштун зор келкисин көрсөтүүгө аракеттенген. Ал Руфка да аралары чекит жана үтүрлөр менен бөлүнгөн катар сүйлөмдөрдү эмес, жандуу турмушту көрсөткүсү келген. Ал өз көзү менен көрүп, жүрөгү менен сезген турмуштун зор жана маанилүү окуяларын бул кыска саптардан Руфь сезе алса деп каалаган. Бирок, мындай болуп чыккан жок. Мүмкүн редакторлор чындыгында туура айтышаар. Ал турмуштун зор жана маанилүү окуялардын көрө турганы менен, аларды сөз жүзүндө түшүндүрүп бере албастыр. Мартин өзүнүн ирээнжигендигин билдирбей, Руфтун сын пикирлерине тез эле макул болду, Руфь болсо Мартиндин жүрөгүндө келишпестик сезим тургандыгын сезген да жок.

— Мен бул аңгеменин атын «Казан» деп атадым, — деди Мартин экинчи бир кол жазмасын барактап жатып, — бул аңгемени төртпү, бешпи журнал жаратпай салышты, бирок аңгеме өзүмө өтө жагат. Албетте, кнши өзүнүн аңгемесине өзү сын берүү өтө кыйын, бирок, ошондой болсо да, менимче бул аңгемеде анча-

www.bizdin.kg

мынча дурус нерселер бар. Мүмкүн, бул аңгеме сизди мени толкундаткандай толкундатпас чыгар, экинчиден аңгеме, кыска жазылган. Бардыгы болуп эки гана миң сөз.

— Кандай катаалдык! — деди Руфь, таң кала түшүп, аңгемени Мартин окуп бүтөрү менен. — Бул жүрөктү титиретет!

Мартин ичинен кым дей түшүп, анын кубара түшкөн жүздөрүнө, жайнаган көздөрү менен жумулган колдоруна тигилди. Ал өз максатына эми жетти. Ал акырында, өзүн чексиз бийлеген сезимдер менен ойлорду Руфка жеткире алды. Аңгеме Руфка жакпаса дагы кеп, Руфту өзүнүн аңгемесин өтө терең көңүл коюп угууга, аны чексиз толкундатып жиберүүгө түрткү бергендигинде болду.

— Мында турмуш бар, — деди ал, токтоло түшүп, — ал эми турмуш болсо, жалаң гана шаттыктан турбайт. Мүмкүн, мен жаңылышып жаткандырмын, бирок дагы, мен бул жерден сулуулукту сезип турамын. Кала берсе ал мага...

— Бирок, эмне үчүн жанагы байкуш аял... шыл- дың болуп калды... — деди Руфь анын сөзүн бөлүп жиберип, чексиз аягандык менен. — О! Бул маскарачылык! Жүзү каралык! Өтө жийиркеничтүү!

Мартиндин жүрөгү көз ирмемге токтоло түшкөнсүдү. Жийиркеничтүү! Ал эч качан мындай деп санап, ойлогон да эмес. Бул аңгеме анын көз алдынан кадимки оттой жалындап күйгөнсүп жана анын көздү уялт- кан нурунан, ал эч кандай жийиркеничтүү эч нерсени сезгеи эмес. Мына, анын жүрөгү толкуп кетти.

— Сиз эмне үчүн жакшынакай мазмундуу окуяны алган жоксуз, — деди Руфь. — Дүйнөдө жийиркеничтүү ыпылас көп нерселер бар экендигин билебизго, бирок ошондой болсо да...

Руфь кандайдыр бир каар чачкан сөздөрдү аралаштырып сүйлөгөндөй болду, бирок, Мартин ага кулак түргөн жок. Мартин жаш жүрөгүн элиртип козгогон Руфтун жылдыздын нурундай назик жана тамылжыган жүздөрүнөн көзүн албай суктануу менен карап турду. «Дүйнөдө жийиркеничтүү көп нерселер бар экендигин билебизго». Ал ичинен Руфь эмнени «билет» болду экен деп, ойлоду да, анан бырс этип күлүп жиберди. Көз ирмемдин ичинде анын көз алдынан, өзү ушунчалык жакшы билген жана нечен ирээт ары да, бери да сүзүп өткөн турмуш деңизинин ыпылас жактары элестей түштү жана ак көңүлдүк кылып Руфтун аңгемени түшүнбөгөндүгүн кечирди. Руфь бул турмушту билбегендиги үчүн күнөөлүү эмес эле, кайра Мартин Руфтун бул турмушту көрбөгөндүгү, жийиркеничтүү мындай турмуштан алыс төрөлүп өскөндүгү үчүн кудайга рахмат айтты. Бирок ал, бул турмуштун улуулугун кандай жакшы билген болсо, анын запкыларын да дал ошондой эле жакшы билүүчү, ал үчүн бул турмуш — анын үстүн каптаган бардык ыплас жактарына, жоо чапкырдыкы жана дагы эмнелерге гана карабастан, эң кызыктуу болуп сезиле турган! Ал бул жөнүндө бүткүл жер жүзүнө жарыялайт. Асмандагы кыдырлардын тазалыгы жана ыйыктыгы таң каларлык нерсе эмес. Алар башынан эле ошондой жаралышкан. Ал эми ыпластардын арасындагы таза адамды айт! Мына укмуш! Ушул укмуш үчүн жашоо керек! Адилетсиздиктин ыплас чөйрөсүнөн бийик көтөрүлүп, аракет менен өсүп жетилип, али чаңдан толук тазалана элек көзүң менен сулуулуктун биринчи нурларын көрүп, күчсүздүктөн, бузулуудан жана пастыктан өсүп чыккан чындык менен күчтүн жана көңүлдүн асылданышын, анын кадимки гүлдөй ачылышын байкап туруу, ой-бой, кандай сонун!

Аңгыча болбой анын кулагына Руфтун мындай сөзү шак дей түштү:

www.bizdin.kg

— Айткандарыңыздын бардыгында баштан аяк кандайдыр бир шектүүлүк жаткансыйт! Ал эми «Jn Memoriam»[2]да эстеңизчи, анда кандай сонун жана бийик сезимдер бар.

Мартин Руфтан: «Ал эми Локсли Холлчу?» деп сурайын деди эле, бирок, күтүлбөгөн жерден аны өз кучагына тартып кеткен кыялдануу тоскоолдук кылып жиберди. Ал Руфтан тигилген көздөрүн албай туруп, нечен кылымдар бою кандай татаал жолдор менен турмуштун тепкичтери аркылуу жогору көтөрүлүп, акырында образы Руфка так эле окшош аял түзүлгөндүгү, алардын акактай тунуктугу, акылдуулугу, назиктиги жана өзүн ашык кылып дегдеткендиги тазалыкка умтулгандыгы жөнүндө ойлонуп жана ушул перизаттын жүрөгүн чексиз бийлөө жөнүндө кыялданды. Ал эми, өзү болсо, зор кыйындык менен адепки коомдук турмуштун тереңинен чексиз баш аламан кеткен каталыктар менен жараланууунун чексиз процессиндеги көңүл чөгүүлөрдөн, ушул деңгээлге чейин көтөрүлүп жеткен эле. Мына, романтика, сулуулук жана укмуштуулук деген кайда! Мына, эмнелер жөнүндө жазуу керек: бул үчүн сөз гана жетишпейт! Асмандагы олуя, өзүнүн олуялыгы менен асманда кала берсин. Өзү болсо, жердеги эле адам болот.

— Сизде көп күч бар, — деди Руфь, — бирок бул күч али ийкемге келе элек.

— Идиш-аяк дүкөнчөсүндөгү бегомотко окшош, — деди тамашалап Мартин, ушул замат Руфь жылмайып күлүп койду.

— Сиз теманы туура тандап алыңыз, ойго келгендин баарын жаза берүүгө болбойт. Татым, көркөмдүк сезимди өнүктүрүп, өз стилиңизди табышыңыз керек.

— Мен өзүмдү оорураак ишке салып алган өңдөнөм — деп күңкүлдөдү Мартин.

Руфь аны кубаттагандай жылмайып койду да, анын экинчи аңгемесин угууга ыкластанды.

— Билбейм, сизге жагабы же, — деди Мартин актанган сыяктанып. Бул бир таң каларлык аңгеме! Мүмкүн, мен, бул жерде өтө чаап кеткендирмин, бирок чындыгын айтканда аңгеменин идеясы абдан жакшы. Майда-чүйдөсүнө көңүл бурбай эле коюңуз. Эң башкысы сиз аңгеменин негизги оюн кармап калууга аракеттениңиз. Бул маанилүү жана туура ой, бирок билбейм, түшүнүктүү кылып бере алдымбы же жокпу?

Ал окуп жатып, кез-кез Руфту көздөй көз чаптырып коюп жатты. Акырында ал аңгеменин Руфка жаккандыгын сезди. Руфь анын түзгөн образдарына таң калгандай, демин чыгарбай, тигилген көз караштарын башка жакка бурбастан, былк этпей угуп олтурган эле. Аңгемесин ал «Укмуштуу окуя» деп атаган, бул китептегидей эмес, чынында эле эң укмуштуу окуя болучу. Бул окуяда сыйлоого да жана сыйрып алууга да даяр турган, кырсыкка жана опаасыздыкка кул кылып багындырып тынымсыз эмгектендирген каардуу күч бирде көз уялткан күнөстүү жарык мейкиндикке алып чыкса, бирде каны каткан ачкалыктын азабына дуушар кылат, бирде узак жол бастырып алсыратса, бирде өлүмгө алып келген дартка чалдыктырып, тер агызган, кан төгүлгөн, бөөн-чаяндын уусуна ууктурган дагы далай майда-барат, жагымсыз окуяларга туш кылып барып, акырында салтанаттуу жеңиш менен аяктайт.

Мына ушулар жана башка дагы көп окуялар жөнүндө Мартин өзүнүн аңгемесинде сүрөттөп көрсөткөн. Руфь анын аңгемесин жалынданууу менен угуп,

[2] Jn Memoriam (лат.) — эстер, эске.

www.bizdin.kg

жүздөрү кызара түшүп, акырында Мартинге ал эс-учунан танып бара жаткандай сезилди. Руфь чындыгында эле аябай толкунданып кетти, бирок бул толкунданyy анын аңгемесинин таасиринен болбостон, Мартиндин таасиринен болгон эле. Кеп аңгемеде эмес болучу, кеп анын жаш жүрөгүн чексиз толкундатып жиберген Мартиндин таасиринде болгон. Анын үстүнө кандайдыр бир себептен анын аңгемеси Руфтун жүрөгүндөгү катылып жаткан терең сезимдерди козгоп жиберүүчү сырларга жык толгон эле. Бул Мартин үчүн жүрөгүнүн зор толкунун Руфка жеткирүүнүн бирден бир жолу болгон. Бул аңгеме Мартинди көздөй умтулууга өзүнө көмөк бергендигин сезбеген Руфь, күтүлбөгөн жерден башка бир коркунучтуу, жат, укмуштуу пикирден селт эте түштү. Ал нике жөнүндө ойлоно калып жана тынчтык бербеген кесирдүү бул ой аны чочутуп да жиберди. Ушул убакытка чейин бул ой ага жат, чоочун болгон. Бул өтө ыңгайсыз сыяктанып көрүндү. Аны ушул убакка чейин бул сыяктуу назик сезим козгогон эмес эле, кала берсе, ал Теннисондун ырларында баяндалган жомоктор дүйнөсүндө жашап, акындын падышалар менен вазирлердин ортосундагы чыныгы мамилелерине токтолуп өткөн баяндарына да козголуп койгон эмес. Турмуш аны катуу уктап жаткан жеринен ойготту. Коркунучтун кучагында калган Руфь бардык аракеттер менен качып, жашынууга умтулду, бирок, табыйгаттын закону аны бул чоочун жана ырайымдуу конокко баш ийип, кол сунууга аргасыз кылды.

Мартин толкунданyy менен Руфтун айта турган пикирин күттү. Ал, бул пикирдин кандай боло тургандыгын сезип жана Руфтун: Сонун! — деген сөзүн угуп таң кала түштү.

Руфь бир аз унчукпай туруп, анан жалындана түшкөндөй:

— Эң сонун! — деп кайталап жиберди.

Чындыгында бул аңгеме абдан көркөм жазылган болучу, бирок аңгемеде, көркөмдүктөн да зор маанилүү нерселер бар эле. Мартин дагы эле чалкасынан түшүп көк чөптө жатты: анын башына кайрадан шектенүүнүн кара туманы жылып келе жаткансыды... Дагы ордунан чыкпады. Тил чоркок. Ал дүйнөнүн улуу нерселерин көрүп турат, бирок аны дал ошондой кылып көркөмдөп берүүгө күчү жетишпейт.

— Ал эми сиз аңгеменин...— деди ал, кокустан башка сөздү айтып жибербеске аракеттенип токтоло калып, — сюжети жөнүндө эмне дейсиз?

— Бир аз чаташып кеткен, — деди Руфь жооп берип, менин жалпы пикирим ушундай. Мен аңгеменин негизги багытына ой жүгүртүүгө аракеттендим, бирок да мүмкүн болгон жок. Сиздин суу кошмоңуз арбыныраак экен. Сиз тап-такыр башка бир окуяны киргизүү менен аракеттерди күңүрттөндүрүп жибергенсиз.

— Бирок аңгеменин негизги мазмууну кандай ?— деп тез сурап жиберди да, кайра өзү түшүндүрүп: — Ааламдык жана дүйнөлүк идея. Бул идеяны мен бүткүл аңгемеге сиңиргим келген эле. Бул аңгеме, бул идеянын сырткы кабыкчасы гана болуп саналат. Мен туура жолго түшкөнүм менен маселени аткаруу мага өтө кыйын болуп жатат. Балким, айтайын деген оюмду аңгемеде бере албай калган чыгармын. Мүмкүн мен мындан ары үйрөнөрмүн.

Руфь анын сөзүнө көңүл бурган жок. Руфь кооз искусствонун даанышманы болсо дагы, Мартиндин оюн түшүнө албады. Ал өзүнүн түшүнө албагандыгын Мартиндин жеткиликтүү бере албагандыгы деп билди.

Сизде көп сөздүүлүк бар экен, — деди ал кайталап — бирок, кээ бир жериңиз абдан жакшы.

Бул минутада, Мартин Руфка «Деңиз ырларын» окуп берсемби же бербесемби деп ыргылжың болуп турганда, Руфтун үнү ага кандайдыр бир алыстан

www.bizdin.kg

угулгандай сезилди Мартин капалуу чалкасынан түшүп жатты, Руфь аны көздөй бир көз чаптырып, анан күтүлбөгөн жерден келе калчу жана жанын жай алдырбаган жанагы нике жөнүндөгү ойго түшүп кетти.

— Сиз атак-даңктуу адам болгуңуз келеби? — деп сурап калды Руфь.

— Ооба, туура айтасыз, — деп, жооп берди Мартин, бирок бул эң башкы нерсе эмес. Мени азыр даңк жөнүндөгү ой эмес, ушул даңкка жетүүнүн жолу жөнүндөгү ой бөтөнчө кызыктырат. Кала берсе, даңк мага башка нерсе үчүн керек. Мен бир максат үчүн өтө даңктуу да болгум келет.

Ал: «сиз. үчүн» деп айтып жибере жаздап, кайра Руфь өзүнүн чыгармасын анчалык кубаттабагандыктан, токтоп калды.

Руфь бул минутада анын келечеги жөнүндө терең ойго кетип, ошондуктан, ал эмне жөнүндө ойлоп тургандыгы тууралу сурап да койгон жок. Чыгарма жазуу менен атак-даңкка жетише ала тургандыгына Руфь түк ишенчү эмес. Ал муну үстүртөн жана кунарсыз жазылган чыгармалары менен азыр эле далилдеп олтурат. Ал жакшы сүйлөгөнү менен, адабий стиль жетишпей жаткан эле. Ал аны Теннисон, Броунинг жана өзүнүн сүйүктүү Жазуучулары менен салыштырып көрдү, бул салыштыруу ого бетер эп келишпей турду. Бирок, Руфь өзүнүн бул ойлогондору жөнүндө ата эч нерсе деп айткан жок. Экинчиден Мартинге карата анын таң каларлык кызыгуусу, аны, талапты анчалык катуу койбоско мажбур кылды. Чындыгында Мартиндин жазуучулукка карата болгон ыңтаасы бара-бара жоюлуп кете турган, анчалык деле чоң кемчилик бол- бой турган. Мына ошондуктан ал өз күчүн сөзсүз турмуштун, башка бир олуттуу жактарына жумшайт жана ийгиликке жетишет. Руфь буга ишенди. Ал ушунчалык кайраттуу жигит, мына ошондуктан ал эмнеге болсо дагы жете алат... бирок жазганын эле эртерээк таштаса болду.

— Мен сизден жазгандарыңыздын бардыгын мага окуп беришиңизди каалаймын, — деди Руфь.

Мартин кубангандыгынан көзүнөн жаш да ыргып кете жаздады. Руфь анын чыгармаларына кызыгып калгандыгы анык. Чындыгында Руфь анын чыгармаларын тап-такыр жараксыз деген жок да. Кала берсе ал, биринчи жолу анын чыгармаларынын кээ бир жерлери эң сонун деп таппадыбы.

— Жарайт, — деди ал, жалындана түшүп, — эми менин сизге айта турган, көңүлдөгү чыныгы пикирим мисс Морз, мен келечекте сөзсүз мыкты жазуучу боломун. Ишениңиз, мен өзүмдүн алыс жактан келгендигимди жакшы түшүнөмүн жана менин алдымда али узак жолдор жатат, бирок мен эмгектенүүгө туура келсе дагы, бул жолдорду басып өтүүгө тийишмин. — Ал Руфка аңгемелердин таңгагын сунуп:

— Бул «Деңиз ырлары» деди.

Мен муну сизге үйүңүзгө берейин, убактыңыз болгондо окуп чыгыңыз. Бирок анан, өз пикириңизди жашырбастан айтасыз. Мага сын ушунчалык керек! Мен сизден, мени аябастан туруп, чындыкты айтууңузду сураймын!

— Мен эч нерсени жашырбаймын, — деди Руфь, чын көңүлдөн толук ачылып сүйлөшүп жатканын сезип жана мындан ары да чечилип сүйлөшө аларына же албасына толук көзү жетпей.

XV ГЛАВА

— Биринчи кармашуу болуп өттү, — деди Мартин он күн өткөндөн кийин күзгүдөн өзүнө өзү, — бирок эми экинчи, үчүнчү, төртүнчү кармашуу жатат, ушинтип олтуруп...

www.bizdin.kg

Ал сөзүн бүтпөстөн, өзүнүн аянычтуу бөлмөсүнө көз жиберди, анын кейиштүү көз карашы бурчта чачылып жаткан узун-узун конверттерге өзүнүн кол жазмаларына түштү. Мунун бардыгын адрестер боюнча салып жиберүүгө анын акчасы түгөнүп, бир жуманын ичиндеги кайтарылып келген кол жазмалардан болсо өзүнчө бир додо пайда болуп калды. Мындай кол жазмалар эртең да, бүрсүгүнү да, анын аркы күнү да, айтор Жибергендеринин бардыгы кайра Мартиндин өз колуна тиймейинче келе бермек. Мына, эми ал азыр кол жазмаларын, жөнөтүүгө кудурети жетишпей олтурат. Ал толук бир айдан бери пайдаланган машинкасынын акысын төлөгөн эмес, мунун себеби, ал жаткан үйү менен ичкен тамагына, жана далдалчы ме- кеменин мүчөлүк акысына бар акчасын төлөп олтуруп калган.

Ал столуна ойлуу көз жиберди. Столдун үстүндөгү жашыл сыянын тагын көрүп, күтүлбөгөн жерден жандана түштү.

— Менин байкуш эски столум, — деди ал, далай бактылуу минуталарымды сенде олтуруп өткөрдүм, сен менин анык чыныгы досум болдуң эле. Сен эч качан мени көкүрөккө түртүп, эч качан ыксыз баш тартуу менен таарындырган эмессиң жана сен иштин оордугуна эч качан даттанган да эмес элең.

Ал колдору менен көздөрүн басты. Көзүнүн жашы анын кирпиктерин нымдап жибергендей болду. Анын көз алдына алты жашар кезиндеги өзүнөн эки жаш улуу бир бала менен мушташа кетип, анын катуу токмогунан ыйлаганына карабай качууга аракеттенбей, өжөрдүк менен акырына чейин кармашканы элестей түштү. Анын көз жашына мурдунан кеткен каны аралашып, жерге жыгылып түшкөн учурда, чуу көтөрө тегеректешип калган балдарды да көргөн сыяктуу болду.

— Байкуш бала чак, — деди ал өзүнө өзү, — мына, сени азыр дагы токмоктоп салышты. Токмоктогондо да ордуңдан турбастай кылып токмоктоп салышты.

Бирок, анын алгачкы салгылашууларынын элестери тарап бүтө электе, анын артынан башка, андан кийин болуп өткөн бардык салгылашуулары көз алды- нан чубап өттү. Жарым жыл өткөндөн кийин Май Тумшук (балдар ушундай деп аташа турган) ага дагы бир жолу кол салды. Бирок бул жолу Мартин анын көзүн көгөртө койду. Эсине гана келгендир! Ал бир салгылашуунун артынан экинчи салгылашууну эси- не түшүрүп жатты. Май Тумшук дайыма үстөмдүк кылуучу. Бирок Мартин бир да жолу качууга бет алган эмес. Ал мунусуна сыймыктануучу. Ал жанчылгандай таяк жеп калса дагы туруктуулук менен акыр аягына чейин салгылашуучу. Май Тумшук жүзү кара душман боло турган, ал эч качан кишини аяп койчу эмес. Бирок, Мартин туруктуулукту көрсөтүүчү. Ал ар качан акыр аягына чейин кармашуучу!

Андан кийин Мартин үстү оюлайын деп жыгачтары көрүнүп калган жаман тамдар турган тар көчөгө келди. Көчөнүн аягынан бир кыштан салынган тамды көрдү, бул тамдан «Кабарчы» деп аталган кезиттин күндүзгү санын басып жаткан машиналардын бир калыпта чыккан жай дабыштары угулду. Мартин анда он бирде, Май Тумшук болсо он үч жашта болучу, ал экөө тең кезит таратышчу. Себеби, экөөсү тең басмакананын дарбазасынын алдында, анын ачылышын күтүп келишчү. Бул учурда Май Тумшук Мартинге тийиштик Кылбай жөн турчу эмес, экөө катуу кармаша кетип, бирок дарбазанын төрткө он беш минута калганда ачылышы ал экөөнүн кармашын токтотуп, топ- толушуп күтүп турган балдар кезитти көздөй чуркашчу.

www.bizdin.kg

— Эртең мурдуңду талкалаймын, — деди Май Тумшук, Мартин болсо, ыйлап калтыраган үнү менен жооп кайтарып, болуптур эртең дал ушул жерде боломун деди.

Эртеси күнү Мартин мектептен уурданып чыгып, кармашуучу жерге Май Тумшукка караганда эки мүнөт эрте келди. Чогулуп турган балдар Мартинди макташып жана кандай кылса ал өз душманын жеңе тургандыгына кеңеш берип жатышты. Бирок, ошол эле балдар Май Тумшукка да, Мартинге берген эле кеңештерди беришти. Бул кармашууга акысыз көрүүчүлөр канчалык ыраазы болушту дейсиң! Мартин ой жүгүртүүсүнүн ушул жерине токтоло калып, ошол кезде балдар кандай кумардан таркашкандыктарын ойлоп, аларга өзү да суктана кетти. Катуу кармашуу басмакананын дарбазасы ачылганга чейин жарым саат убакытка созулду. Мартин улам кайрадан өзүн күн сайын мектептен басмакананын эшигин көздөй шашып чуркап бара жаткан жаш бала сыяктуу элестетип жатты. Ал катуу чуркай алчу эмес. Ал дайыма мушташуудан саал бүкүрөйүп, аксап басуучу. Анын колдору көгөрүп, эттери айрылып жана кээ бир жаралары ириңдеп да кеткен учуру болгон. Анын буттары, колдору, белдери жапа бүткүл денеси сыздап ооручу; башы кадимки коргошунду уютуп туруп куюп койгондой сал- мактанып, көзүнө эч нерсе көрүнчү эмес. Мектепте ал балдар менен алышып ойной албады, кийин окуу- сун да таштап салды. Ал үчүн кечке дейре бир козголбой партада олтура берүү бир азап эле. Мартинге кармашуу башталгандан бери тим эле бир кылым өткөндөй сезилди, өчөшкөндөй убакыт тап-такыр жылбады, алдыда болсо дагы канча жаңы беттешүүлөр күтүп турган эле. «Ушул Май Тумшукту эмне үчүн талкалап салууга болбойт?» деп ойлоду ал. Эгерде ушинте турган болсо, бардык азаптардан, кутула түшмөк эле. Бирок, эч качан, сыр алдырып, Май Тумшук- тун өзүнөн күчтүү экендигине карабастан, ага багынып, моюн сунуп берүүнү каалаган жок.

Мына ушинтип, ал күн сайын жүрөгү үшүп, жанчылган денесине карабастан, өтө туруктуулук жана чыдамдуулук менен өзүн — күтүп турган түбөлүк душманы Май Тумшук менен беттешүүгө бет алуучу. Кала берсе, Май Тумшук дагы бул кармашуудан жадап, шайы ооп калган эле, эгерде бир гана кезит таратуучу балдардын, ал экөөсүн күтүп кайраштыруулары жана булардын көз алдында намысын тарттырып шылдың болуп калууну ойлобосо, ал дагы, бул уруштан азыр эле баш тарткысы келип турду. Ошондой болсо да бир күнү кармашуунун бардык эрежелерин туура сактоо менен (бири-бирин белден ылдыйтан кармабоо, жыгылганга тийбөө) жыйырма мүнөткө созулган катуу, аяшпаган кармашуудан кийин Май Тумшук кармашты тең аякталды деп эсептөөгө сунуш киргизди. Мартин эске түшүрүүнүн ушул кубанычынан азыр дагы козголо түштү: бирок, деми кыстыгып оозунан ак- кан канга чакалып, Мартин Май Тумшукка атырылып тийди да, сүйлөөгө тоскоолдук кылган оозундагы канын түкүрүп таштап, салгылашууну тең бүтүрүүгө ал макул эместигин жарыялап кыйкырып жиберди жана, эгерде Май Тумшуктун шайманы кетсе, багынып беришип талап кылды. Бирок Май Тумшук багынын бергиси келген жок, кармаш улана берди.

Чатак эртеси күнү да жана андан кийинки күндөрдө да кайрадан баштала берди. Ар дайым мушташуу алдында Мартин өзүнүн денесинин туташып катуу ооруганын сезүүчү, бирок, катуу кармашуу башталгандан кийин анын бул ооруганы билинбей, көз алдынан Май Тумшуктун уркуюп чыгып турган жаактарын жана жырткыч айбандыкындай жанган көздөрүн гана көрүп, чексиз аянданyу менен аябай салгылашуучу. Ал өзүнүн бардык көңүлүн ушул Тумшукка

www.bizdin.kg

топтоп, ал үчүн андан башка дүйнөдө эч нерсе жоктой сезилип кетти. Мартин үчүн азыр дүйнөдө ушул Тумшуктан башка, эч нерсе жоктой көрүндү жана ал эми, же анын же өзүнүн бетин, бет эмес эле бир кан жууган кызыл этке айландырып салмайынча кармашууну токтотпой тургандыгын билди. Мына ошондо гана мелдешти аяктоого болот. Бирок, эч кимиси жеңбей тең чыгышка макул болуу ага, Мартинге эч качан мүмкүн эмес болучу!

Бир күнү Мартин белгиленген убакта баягы басмакананын эшигинин алдына келсе, Май Тумшук жок. Мына ошентип, ал келбей калды. Чогулуп турган балдар Май Тумшуктун жеңилгени ошол дешии Мартинди кубатташты. Бирок Мартин окуянын мындай аякталышына ыраазы болгон жок. Чатак чечилбей калды. Кийин дал ошол күнү күтүлбөгөн жерден Май Тумшуктун атасы өлүптүр деген кабар угулду.

Мартин кыялында бир нече жылдарды аттап өтүп, азыр өзүн театрдын жогорку ярусунда олтурганын көрдү. Жашы он жетиде, сүзүүдөн жаңы эле кайтып келген. Көрүүчүлөрдүн арасынан чыр чыга түштү. Кимдир бирөө, бирөөнү түртүп жибериптир. Мартин бул окуяга кошула түшүп жана күтүлбөгөн жерден, көздөрү кадимки оттой жанган өзүнүн эски душманы — Май Тумшукту жолуктуруп калса болобу.

— Оюндан кийин жиниңди кагамын, — деди Мартинге анын душманы.

Мартин жарайт дегендей башын ийкеп койду. Аңгыча болбой, чатак чыккан жерге тартипти жөнгө салуучулар келип калышты.

— Бүткөндөн кийин эшиктен жолугабыз, — деди Мартин сахна жактан көзүн албай туруп.

Тартипке чакыруучулар аларга көз чаптырып артка кетенчиктей түштү.

— Уюштурган балдарың барбы? — деп сурады Мартин оюндун бир көрүнүшү бүтөрү менен Май Тумшуктан.

— Албетте!

— Болуптур анда, мен дагы бирөөлөрдү табайын, — деди Мартин.

Дем алыш убактысында ал эшикке чыгып, сырттан өзүнө тааныш жолдошторун издей баштады: ал мык заводунан тааныш үч жигитти, бир өрт өчүргүчтү, үч суучулду жана базар аянтынын белгилүү шайкелеринен үч азаматты жолуктурду.

Оюн бүтөрү менен бул топ экиге бөлүнүшүп көчөнүн эки капталы менен жүрүп олтурушту. Алар көчөнүн эл жок караңгы четине чыгышып, өз ара согуш кеңешин өткөрүштү.

— Эң ыңгайлуу жер — бул Сегизинчи көчөнүн көпүрөсү, — деди сары быштак жигит Май Тумшуктун тобунан, мынабу ортого, электр жарыгында мушташасыңар, биз болсок, фараондор келе жатканын карап турабыз. Эгерде алар жолдун бир жагынан көрүнүп калышса, биз жолдун экинчи жагына жылт беребиз.

— Болуптур. Жарайт, — деди Мартин өзүнүн жолдоштору менен кеңешип.

Сан-Антонио айрылышына салынган Сегизинчи көчөнүн көпүрөсүнүн узундугу үч жүз метрге барабар болучу. Көпүрөнүн ортосундагы жана эки башындагы электр чырактары күйүп турат. Мына ошондуктан бир дагы полициялык сакчы, байкалбастан келип калышы мүмкүн эмес. Азыр Мартин бул салгылашуу өтө турган ыңгайлуу жердин ийне-жибине чейин көз чуркатып чыкты. Ал ар бир шайка өз жоокеринин жанын- да сурданып эки тарапта карап турганын көрдү. Мартин менен Май Тумшук белдерине чейин чечиништи. Белгиленген сакчылар көпүрөнүн эки башынан өздөрүнүн орундарын алышты.

www.bizdin.kg

Суучулдун бирөө эгерде кокустан полиция келип калса, бир жерге чуркап барып жашына калуу ыңгайлуу болуу үчүн, колуна Мартиндин курткасын, көйнөгүн жана шапкесин чогултуп алды. Мартин салгылашуунун талаасына чуркап чыгып Май Тумшукту көздөй тешиле карап жана муштумун көтөрүп мындай дегени көз алдына келе түштү:

— Сен оюнчук экен деп ойлобо! — Түшүндүңбү? Аяшпастан салгылашабыз! Түшүндүңбү? Тайсалдамай жок. Экөөбүздүн бири-бирибизде эски карыздарыбыз бар, азыр толук кутулушубуз керек! Түшүнүктүүбү?

Мартин Май Тумшуктун олку-солку боло түшкөнүн сезди, бирок Май Тумшук жетишээрлик намыскөй жигит болуучу, мына ошондуктан топ балдардын алдында бети кызарып, шылдың болгусу келбеди.

— Болуптур эмесе, чыксаң чык, — деп кыйкырды ал дагы — эмне келжирейсиң, аяшпастан болсо, аяшпастан.

Алар бири-бирин көздөй муштумдарын түйүп, сурдануу менен, кадимки бирин-бири майып кылууга, жара сүзүүгө качырышкан эки жаш букадай атырылып киришти. Адамзаттын узак убакыттар жана зор кыйынчылыктар менен жетишкен бардык сонун нерселери бир пастын ортосунда көздөн кайым болду. Бир гана электр жарыгы прогресстин өткөн бир учурун элестетип жанып турду. Мартин менен Май Тумшук таш кылымындагы жапайы адамдарды көз алдыга элестетти. Алар барган сайын алгачкы коомдун тартма сазына батышып, кадимки атомдор сыяктуу акыл-эссиз, бирин бири түбөлүккө өздөрүнө тартыша жана четке кагыша кармашып жатышты.

— Кудай сактай көр! Биз эмне деген айбан болгонбуз ия! Эмне деген жырткыч болгонбуз! — деп, Мартин бул кармашууну баштан аяк эсине түшүрүп, катуу үшкүрүнүп жиберди. Ал өзүнүн элестөөсүнүн укмуштай күчтүүлүгүнөн бардык окуяны, көз алдына, кадимки кино көрүп олтургандай дап-даана келтирди. Ал өзүн бир эле учурда киного катышуучу жана көрүүчү катарында сезди. Көп айлар бою окуп ээ болгон анын билими жана маданияты бул жөнүндө ойлонгондо, аны селт эттирип да жиберди, ушул замат анын оюндагы өткөндөгү окуялары жаңы окуяларды сүрүп чыгарып, ал кайрадан мурдагы Мартинге айланып, сүзүүдөн жаңы эле кайтып келип, Сегизинчи көчөнүн көпүрөсүнүн ортосунда Май Тумшук менен салгылашып жатты. Мартин жабыр тартты, кара терге түштү, бети-башы канжалады, бирок өзүнүн муштуму да дал тие түшкөндө кубанып жатты.

Булар кээде адамга да окшобостон, кандайдыр бир бири-бирине учуп келип тийишкен эки куюнга окшоду. Убакыттар өтүп, эки топ тең бул окуядан көздөрүн албай, кайра кумарданышып, демдерин ичине ала, тигилише карап турушту. Алар мындай жин ургандай кармашууну эч качан билишкен эмес. Мына ошондуктан, алар, бул экөөнүн кармашуусунан коркуп да кетишти. Алардын көз алдында өздөрүнөн да жини ашынган эки айбандын баласы качырышып, кармашып, жаткан эле.

Кармашуунун биринчи жолку толкуну басылып, касташкандар эми абайлашып сактык менен урушуп калды. Алардын эч кимиси үстөмдүк кыла алган жок.

— Жеңише алган жоксуңар бүтсүн деген сөздү Мартиндин кулагы чалып калды. Ал кокусунан колун ыксыз сермеп жиберген кезде, сөөгүн сыздаткан катуу соккунун жаагына тарс этип тийгенин сезди. Муштум мынчалык катуу тийиши мүмкүн эмес эле. Мартин кыйкырып чуу сүрөгөн үндөрдү угуп, жаагынан ысый аккан канды сезип турду. Бирок ал сыр берген жок. Ал ошол замат, ким менен салгылашып жаткандыгын жана андан эмнелерди күтүүгө боло

www.bizdin.kg

тургандыгын түшүнүп, чыйрала түштү. Ал өзүнүн душманын кылдаттык менен байкап, анын колунан жаркырай түшкөн темирди көрүп, шамдагайлык менен кыябын таап аны колдон алды.

—Көрсөт колуңду! — деп кыйкырып жиберди ал, — сен мени кастет менен гана урган экенсиң го, ээ!

Эки топ тең бакырып, тилдешүү менен бир-бирин көздөй атырылышты: эми бир аз болгондо, жалпы токмоктошуу башталып, Мартиндин кармашуудан мооку канбай калмак эле. Ал буркан-шаркап түшүп:

— Кана, баарыңар артка! — деди күрүлдөп, — артка! Уккула дейм! Алар тарап кетишти. Бул топ айбан болсо, Мартин алардан беш-бетер ашып түшкөн айбан болучу, мына ошондуктан тигилер Мартиндин каарына калбаш үчүн, анын сөзүн ошол замат угууга арга- сыз болушту:

— Бул менин ишим, эч ким тоскоолдук кылбасын. — Ай, акмак! Кастетти бери бергин.

Май Тумшук күнөөкөрдөй бир азыраак ийменгендей болду да, жашырын пайдаланган куралын Мартинге сунду.

— Ай, буга кастетти сен бердиңби, — саргайган жүзү кара, — деди Мартин кастетти сууну көздөй ыргытып жиберип, — көргөм сени, эмне кыларыңды өзүң билбей, ушул жерде темселеп жүргөнүңдү. Эгерде сен дагы бир жолу шыйпактап көзгө көрүнө турган болсоң, сени жаткыса чабамын. Билдиңби?

Салгылашуу кайрадан башталып, ал экөөнү тегеректешип, өздөрүнүн көз кумарларын кан менен басышкан бул айбандардын үйүрү сезденишип жана урушту токтоткула деп ажыратканга чейин кызыл чеке болуп, суй жыгылышкандыктарына карабастан, бул эки кас душман бири-бирине аябай сокку ура берди. Желмогуздай болуп, адам кебетесинен кеткен Май Тумшуктун шайманы оой түшүп, кол-буттары шалдырап, араң эле дем алып, эмне кыларын билбей, токтоло калды, бирок Мартин карап турбастан шак эткизе муштум менен тумшукка удаа-удаа берип алды...

Алар бир кылым убакыт кармашкандай болушту. Акырында Май Тумшук багынып бергени калганда, Мартиндин он колу карысынан карс дей түштү. Колунун сөөгү туурасынан сынып кетиптир. Муну бардыгы көрүштү, буга бардыгы ишеништи. Май Тумшук эми, кадимки жолборс сыяктуу атырылып тийди. Мартинднн жолдоштору карап турсунбу, жардамга умтулушту. Сол колу менен соккуга жооп кайтарып жатып, өз жолдошторуна Мартин бурулуп: силер аралашпагыла, өзүм эле жетишем деп кыйкырып жиберди да, аябай каардануу жана ызырынуу менен жалгыз колу менен болсо да, тарсылдатып кирди. Алды менен ал кандайдыр бир алыстан чыккан чочугандай шыбыроону сезип, андан кийин, кимдир бирөөнүн титиреген үн менен мындай деп айткан сөзүн укту: «Балдар, бул уруш эмес! Бул киши өлтүрүү! Буларды ажыратыш керек!».

Бирок, алардын бири дагы бул экөөнө жакындай алышкан жок, Мартнн сол колу менен адамдын жүзүнө окшобогон кызыл кан жууган Май Тумшуктун коркунучтуу беттерине былчылдата койгулай берди, ошондо да ал багынып бербеске аракеттенип, кыймылдагандай болуп жатты. Мартин ага да болбой үстөккө- босток салгылай берди бирок, улам барган сайын акырындап-акырындап олтуруп аягында урууга да дарманы келбей калды, ал өзүн кылымдар бою, жүз миңдеген жылдар бою, уруп жаткандай сезип, акырында формасын жоготуп, канга жуулган масса көпүрөнүн тактайына кулап түшкөнгө чейин ура берди. Мына ошондо, ал аны ичке тээп туруп, муундары калтырай,

www.bizdin.kg

кадимки мас кишидей колдорун абадан таяныч издегендей тарбаңдата жогору көтөрүп, каардуу үн менен:

Дагы каалайсыңбы? Айт... Дагыбы? — деп кайта- кайта кайталап сурай баштады.

Ал туруктуулук менен жооп беришин талап кылып, жанагы суроосун кайталан берди, ал аңгыча өзүнүн жолдоштору аны колтукташып, сүйрөшүп, ага көйнөгүн кийгизүүгө аракеттенишип жатканын сезди да, күтүлбөгөн жерден эсинен тана түштү.

Столдогу будильник шыңгырап, бирок Мартин аны укпастан жүздөрүн колдору менен баскан бойдон былк этпей олтура берди. Ал эч нерсе ойлогом да жок. Ал өткөндөгүнүн бардыгын ушунчалык терең элестетип, көз алдына келтиргендиктен, кадимки Сегизинчи көчөдөгү түндөгү болгон кармашуудагы сыяктуу эс-учунан тана түштү. Бир нече минутага чейин ал эч нерсе көрүнбөгөн караңгылыктын кучагында кала түшкөндөй болду. Андан кийин ал тириле түшкөн өлүктөй, ордунан ыргып турду да, чекесине чачтарын силкип, көздөрүн бакырайта ачып:

— Эмне кылсам, дагы мен сени, Май Тумшук, сулатып түшүрдүм! — деп, кыйкырып жиберди ал. — Ушул үчүн мен туура он бир жыл убара болуп жүрдүм, бирок, акыры багындырдым!

Анын башы айланып, буттары калтырап, мүдүрүлүп кете жаздап керебетке келип олтурду.. Ал али өткөндөрдүн элесинин кучагында болду. Ал эч нерсе түшүнбөй кеткендей бөлмөнүн ичине элеңдегендей көз жүгүртүп карап, бурчтагы үйүлүп жаткан кол жазманы көргөнчө ал өзүнүн кайда тургандыгын түшүнгөн жок. Мына, ушул кезде анын учкул ою мурдагыдан тезирээк чабыттап дагы төрт жылдын катары сабалап өткөндөй болду, ал китептер жөнүндө жана бул китептен ачкан дүйнө жөнүндө элестеп, өзүнүн толкунданган кыялдары жана назик, жана жароокер, ак жуумал кызга өзүнүн терең сүйүүсү жөнүндө ойлонду. О, эгерде ушул Мартиндин башынан өткөргөн турмуш ыпластарын жок дегенде, көз ачып-жумганча көрсө, эгерде ушул кыз, Мартиндин азыр эле эсине түшүргөндөрүнө да күбө болгон болсо, о, анда, анын коркунучтан жүрөгү жарылып кетпес беле!

Ал ордунан туруп, күзгүдөн өзүн дагы бир жолу карады.

— Сен азыр, Мартин, ал ыпластан кол үзгөнсүң, — деди ал салтанаттуу түрдө өзүнө өзү, жылдызга канат сермеп, көңүлдүү турмуш өткөрүп, жогорку тап ээ болгон кылымдардын баалуу мурастарын жеңип алдың. Мартин кылдаттык менен өзүнө көз жүгүртүп чыкты да анан күлүп жиберди.

— Сенде азыраак туталануу менен, асан-кайгылык калган го дейм? Эч нерсе эмес! Бул анчалык деле маанилүү нерсе эмес. Сен качандыр бир кезде, Май Тумшукту жеңип чыккандай эле, азыр деле сен басма кызматкерлерин дагы жеңип чыгасың, бул үчүн сага үч эсе көп убакыт зарп кылынууга туура келсе дагы, сен буга даяр болушуң керек! Бирок, сен, токтолуп калам деп ойлобогун! Ага умтул. Күрөшкөндө да, акыр аягына чейин күрөшүүгө тийишсиң!

XVI ГЛАВА

Сааттын чырылдаган үнү Мартинди катуу чочутуп, ойготуп жиберди, эгерде Мартинге караганда жүүнү саал бошураак башка бирөө болгондо, мүмкүн, бул сыяктуу катуу чочуп ойгонуудун баш оорууга чалдыгып калышы да ыктымал эле. Ал терең уйкусунан кадимки бүргөдөй секирип турду да, уйкуга чегерилген беш сааттын өтүп кеткендигине өтө кубана түштү. Ал уйкуну жек көрүүчү.

www.bizdin.kg

Ушунчалык көп нерселерди иштөө жана ушунчалык көп нерселерди баштан өткөрүү керек эле. Ал уйкуга тарттырган ар бир мүнөтү үчүн катуу өкүнүчтүү боло түштү: мына ошондуктан, ал сааттын үнү басылып бүткөнчө, чылапчындагы муздак сууга башын салып жууна баштады.

Бирок бул күндү ал, өзүнүн демейдегидей эрежеси боюнча баштабады. Өзүнүн аякталышын күткөн жаңы жазыла баштаган аңгемеси да, кагазга түшүшүн туруктуулук менен талап кылган анын башында аңгеменин жаңы темасы да жок эле. Ал акыркы күндөрү өзүнүн окушун өтө кеч бүтө турган болду, мына азыр болсо, убакыт эртең мененки тамакка жакындап калган эле. Ал Фисктен бир нече бөлүмдөрдү окуп көрүүгө аракеттенди, бирок анын мээси чарчап, башы жакшы иштебей калгандыктан окууну токтотуп, китепти жаап коюуга туура келди. Аны бүгүн дагы турмуш менен жаңыча кармашуу тагдыры күтүп турган, мына ошондуктан ал өзүнүн жазууларын бир нече убакытка токтотуп коюуну чечти. Ал өзүнүн үйүнөн жана үй-бүлө, бала-чакасынан ажыраган адам сыяктуу эмнегедир өтө капалуу боло түштү. Ал бурчтагы үймөк кол жазмага көз жиберди. Ооба, ал өзүнүн эч ким, эч жерде, баш калкалоого жай бербей, көлөкө болгон бечара жана байкуш балдарын таштап кетүүгө тийиш болду. Ал кол жазмаларына эңкейип, аларды ирээтке келтирип, өзүнө жаккан кээ бир жерлерин кайталап окуй да баштады. Кала берсе, ал өзүнүн «Казаң», «Укмуштуу окуя» деген чыгармаларын үнүн чыгарып окуп жиберди. Айрыкча ал жакында эле жазып жана марканын жоктугунан бурчка ыргытып салган «Кубаныч» деген аңгемесине өтө ыраазы болду.

— Же, мен өзүм түшүнбөй жатсам керек, — деди ал өзүнчө күңгүрөнүп, же балким, редакторлор түшүнбөй жатышат... Аларга мындан артык дагы эмне керек? Кала берсе, алар анын аңгемесине караганда бир кыйла начар аңгемелерди да басып жатышпайбы? Ооба, алар чыгарып жаткан аңгемелердин бардыгы баштан аяк анын аңгемелерине караганда чындыгында эле өтө начар.

Түшкү тамактан кийин ал басуучу машинканы кутусуна салып, Окленге жеткирип берди.

— Мен бир ай үчүн карызмын, — деди ал приказчикке, — азыр жумушка кетип бара жатамын, кожоюнга айтып коюңуз, карызымдан болсо, келгенден кийин кутулам. Бир же жарым айдан кийин келем.

Ал Сан-Франциско догу жумушка кабыл алуучу мекеменин конторун көздөй жөнөдү.

— Кандай иш болсо да, баары бир, — деп, ал сөзүн жаңы эле баштаганда, «жаркыраган турмушта» жашоого ынтаа коюшкан жумушчулар сыяктуу асемденимиш болуп кийинген бир киши кирип келип анын сөзүнө тоскоол болду.

Агент түңүлдүргөндөй башын чайкады.

— Чын эле эч ким жокпу? — деди кирип келген киши кайталап. — Мага бүгүн бир адам ушунча керек эле.

Ал Мартинди көздөй бурулуп, анын жүздөрүнө көз жиберди, Мартин да аны көздөй тигилип, анын сулууча келген, бирок таң атканча уу-дуу менен отурган кишидей бозоруңку жана уйпаланган жүздөрүн байкады.

— Иш издеп жүрөсүңбү? — деп сурады ал Мартинден. — Кандай иштерди иштей аласың?

— Кандай гана кара жумуш болбосун, иштей аламын, деңиз ишин билемин, машинка баса аламын, бирок стенографияны билбеймин, атка минүүгө да шык-туумун, — деги эмне болбосун, баарын кыла аламын.

Берки ыраазы болгондой башын ийкеп койду.

www.bizdin.kg

— Эгер андай болсо, абдан жакшы экен. Менин атым эмесе Даусон, Джо Даусон, мен кир жуугучканада иштөөгө өзүмө жардамчы издеп жүрөм.

— Кир жуугуч үйгөбү? — бул мүнөттө ага аялдардын жука көйнөктөрүн утюгка баса тургандыгы жөнүндөгү ой кызыктуу көрүнүп кетти. Жалдоочу ага эмнегедир жакшы көрүнө түштү да, мына ошондуктан ал кошумчалап, мындай деди: — Мен кир жууганды болсо жакшы билемин. Сүзүүдө жүрүп үйрөнгөм.

Джо Даусон бир мүнөткө ойлоно калды.

— Ой, экөөбүз калыбы, макулдаша алат окшой- буз. Кандай иш жөнүндө сөз козголуп жатканын билгиң келеби?

Мартин келет дегендей башын ийкеп койду.

— «Кайнар булак» деген жердеги курорттук конок үйүнүн алдында кичинекей бир кир жуугучкана бар. Ал жерге бири башчысы, бири жардамчысы болуп иштөөгө эки киши керек. Мен башчысымын. Ар ким өз ишин аткарат, бирок сен мага баш ийүүгө тийишсиң, Кандай дейсиң, макулсуңбу?

Мартин ойлоно түштү. Бул келечегине бирдеме берер да. Бир нече ай иштегенден кийин анын окууга кайрадан убактысы болот. Ал катыра иштөөгө да жана мыкты окууга да жөндөмдүү болуучу.

— Тамак-ашы да жакшы жана өзүнчө бөлөк, атайы жакшынакай жатаканасы да бар, — деди Джо.

Бул маселени чечти. Өзүнчө бөлөк бөлмөсү болсо, ага таң атканча чыракты жандырып олтурууга эч ким тоскоолдук кылбайт.

— Бирок иш тозоктой оор, — деп кошумчалады Джо.

Мартин жеңинин сыртынан байкалып турган булчуңдарын колу менен сылап койду.

— Кара жумушка бышып бүткөнбүз.

— Эмесе сүйлөштүк, ээ!

Джо чекесин сыйпалады.

— Туу шайтандыкы. Алигиче башым тегеренет. Кече анан калса ичкиликти аябай көп ичип койгон экенмин... Демек, иштин шарты мына мындай: эки кишиге жүз доллар жана жатакана берилет. Мен алтымыш, жардамчым кырк доллар алуучу. Бирок ал, иштин жайын мыкты билүүчү — ал эми сен болсоң, жаны үйрөнчүксүң. Алгачкы убактарда мага сен үчүн да иштөөгө туура келет. Мисалы, айталы, сен эң алды отуз доллардан, андан кийин бара-бара кырк доллардан табасың. Мен сени алдабаймын. Качан ишке абдан көнүгүп, кадимкидей иштей баштаганыңдан тартып, өзүңдүн баягы кырк долларыңды ала баштайсың.

— Макул, — деди Мартин Джону көздөй колун сунуп. — Бирок мага секелек берип турсаңыз жакшы болор эле. Себеби жолго жана башка керектөөлөр үчүн акчам жок.

— Кап, баарын зарп кылып койбодумбу, — деди Джо капалуу, чекесин дагы сылап, — кайра кеткендей гана тыйыным калды.

— Мен акыркы центимди жатакана акысы үчүн төлөшүм керек.

— Сен аны жөн эле койгун, — деп кеңеш берди Джо.

— Анте албайм. Себеби бир тууган эжеме карызмын. .

Джо терең ойлоно түшүп, боору ачыгандай жана капалана түшкөндөй, созолонтуп ышкырып жиберди.

— Менин жанымдагы акчам жарым бөтөлкө аракка жетет. Жүр. Мүмкүн бир нерсе ойлонуштурабыз.

Мартин бул сунуштан баш тартты.

— Ичпейсизби? — деди Джо.

www.bizdin.kg

Мартин башын тескери чайкады, ушул замат Джо капалана түшүп мындай деди:

— Мен болсом, ичпей тура албаймын, сеники жакшы экен. Кантесиң, жума бою кадимки эшек сыяктуу кайышып иштейсиң, андан кийин аракканага барбаска да чараң жок. Эгерде мен ичпеген болсом, анда же мекемени өрттөп, же өз кекиртегимди өзүм эчак кыя кесип салган болоор элем. Бирок, мен сенин ичпеген кишилерден экендигиңе өтө кубанамын. Мындан ары да, өзүңдү дал ушундай кармап жүргүн.

(Мартин өзү менен бул адамдын ортосунда кандай зор айырмачылык жаткандыгын сезди да жана бул айырмачылыкты анын билимдүүрөөктүгү жана китепти көп окугандыгы түзүп тургандыгын түшүндү. Бирок, бул айырмачылык ал экөөнүн ортосундагы мамилесине тоскоолдук кыла албады. Себеби — ал өзү өмүр бою жумушчу табынын адамдарынын арасында жашап, эмгектештик, достук сезими анын мүнөзүнүн экинчи
бир сапаты болуп калган эле. Мас болуп, башы эңги-деңги болуп турган Джого караганда Мартин — көчүп келүү маселесин бир кыйла ылдамыраак чечти. Ал чемоданды Джонун билети боюнча багаж менен жиберип, өзү болсо, «Кайнар Булакка» велосипед менен келмек болду. Ал аралыгы жетимиш миль келген «Кайнар Булакка» жекшемби күнү барып жетсе, дүйшөмбү күнү ишке кадимкидей кирише алат. Ал азыр үйүнө барып, буюмдарын иретке келтирет. Анын коштошо турган деги эч кимиси жок болучу. Руфь жана анын үйүндөгүлөрдүн бардыгы бир жайга Сиеррге, Тэхо көлүнө кетишип калган.

Мартин абдан чарчап, бүткөн бою бүтүн чаң болуп, «Кайнар Булакка» жекшемби күнү кечинде келди. Джо аны толкунануу менен тосуп алды. Анын башы нымдуу ак сүлгү менен таңылуу болучу, себеби — ал бүгүн кечкете иштеген.

— Баягы мен сени жалдаганы баргандагычы, — деп, баяндады ал, — өткөн жумадан калган бир топ кирлер бар болучу. Сенин чемоданың аман-эсен келди. Комнатаңа алып барып койдум. Өх, оордугун айтпа тим эле, эмне салып койгонсуң ичине? Же алтындын жумгагын салып койдуңбу?

Мартин чемоданын ачып буюмдарын сыртка алганча, Джо анын керебетинин үстүнө келип отура калды. Бул чындыгын айтканда, чемодан эмес эле, Мартин мистер Хиггинботамга жарым доллар берип алган консерва ящиги боло турган. Жиптен колго кармай тургандай эки боо жасап, аны ящикке бекем кадап, Мартин аны чемоданга окшоштуруп салган. Джо бир нече ич кийимдерден кийин, чемодандын ичинен китеп- тердин, китептердин жана дагы китептердин чыга баштагандыгын таң калуу менен карап турду.

— Эмне! Түбүнө чейин китеппи? — деп сурады ал.

Мартин ооба дегендей башын ийкеп, китептерди
кол жуугуч орнотулган ашкана столунун үстүнө ташый баштады.

— Эмне дейсиң, койчу!

Джо ойлонуп калды жана анын башында кандайдыр бир сырдуу ой пайда боло түштү окшойт. Акырында ал ошол оюн кылтыйтты:

— Айтсаң, сен кыздар жагына кандайсың? Мыктысыңбы?!— деп сурады.

— Жок, — деп жооп берди Мартин, — мурда. мен китепке көп кызыга элегимде анча-мынча жакындай койчу элем. Ал иштин артынан түшүүгө убактым жок.

www.bizdin.kg

— Бирок, бул жерде сенин жаштык ишиң үчүн гана эмес, китеп окууңа да убакыт табылбайт. Кечкете чаалыгып иштейсиң, кечинде болсо, тырп этпей уйкуга киресиң.

Мартин өзүнүн беш сааттык уйкусун ойлонуп, жыл- майып күлүп жиберди. Анын бөлмөсү кир жуугучкананын үстү жагында орношуп, ушул эле имараттын ичинде бөлмөлөргө жарык берип, сууну кысып чыгаруучу жана кир жуугуч бөлмөдөгү машиналарды кыймылга келтирүүчү бир мотор орношкон. Коңшу бөлмөдө туруучу монтёр Мартин менен таанышып алайын деп келип, Мартинге узун проводко электр лампочкасын ыңгайлуу кылып орноштурууга жардам берди. Мунун натыйжасында электр лампочкасын столдон керебетке чейин жылдырууга мүмкүн болуп калды.

Эртеси күнү эртең менен Мартин саат алтыдан он беш мүнөт өткөндө турду — ага эртең мененки тамак саат алтыдан он беш мүнөт өткөндө берилет деп айтышкан. Үйдүн ичинде кызматкерлер үчүн атайын мончосу бар экен, Мартин муздак сууга аябай жуунуп Джону таң калтырды.;

— О, азамат турбайсыңбы, тим эле! — деди Джо Мартин экөө ашканага тамак ичүүгө олтурушканда.

Алар менен бирге тамак ичүүгө монтёр бакчы, анын жардамчысы жана дагы бир эки-үч ат баккыч отурушту. Алар кабактары бүркөө, шашыла, анда-санда сүйлөшүп коюшуп алдыдагы тамактарын жей башташты. Мартин алардын аңгемесине кулак салып олтуруп, өзүнүн бул адамдардан канчалык айырмаланып тургандыгын түшүндү. Алардын түшүнүгүнүн аздыгы Мартиндин чыдамын кетирди, ал мына ошондуктан булар тез эле кетишсе экен деп тилеп турду. Ал суук жана даамсыз боткону тигилер сыяктуу эле шашып-бушуп жеп, таза аба жутуш үчүн сыртка чыкты.

Бул кичинекей киржуугучкана жаңы кир жуугуч машиналары менен жабдылып, көп оор иштер жеңил- дей түшүптүр. Мартин Джодон кыскача насыят алып, тоодой болуп үйүлгөн кирлерди иргей баштады. Джо болсо, бул учурда машинаны ишке киргизип, составы химиялык жегич заттардан турган самынды сууга эзе
баштады. Ал бул заттардын организмге зыяндуу таасирлеринен сактануу үчүн көздөрү менен мурундарын сүлгү менен таңып алып жапа ошол замат мунияга окшоп калды. Кирлерди иргеп бүтүп, Мартин эми жуулган кирлерди сыга баштады. Кирлерди сыгуу секундуна бир нече миң айлануну жасоочу жана борборго умтулуучу күчтүн жардамы менен кирлердин атайын өзүнчө бир машина менен жүргүзүлө турган. Андан кийин Мартин кирлерди кургатуучу машинадан сыгуучу машинага чуркап жана бул эки жумуштун ортосунда да аялдар менен эркектердин байпактарын иргөөгө үлгүрдү. Алар түшкү тамактан кийин үтүктөр ысыганча бул байпактарды топтоого киришти. Андан кийин алар кечки саат алтыга чейин ич кийимдерди үтүктөштү, бирок, бул жерде Джо шектенгендей башын чайкады .

— Балээни да бүтпөйт окшойбуз, — деди ал, — кечки тамактан кийин дагы иштейт экенбиз.

Мына ошентип, алар, кечки тамактан кийин да өтө күчтүү электр жарыгында эң акыркы жуп ич кийим үтүктөлүп бүткөнчө жана таратылып берилүүгө даяр болгончо, — саат онго чейин тынбай иштешти. Сыртта Калифорниянын какшыган ысык түнү өкүм сүрүп турган эле, терезелеринин аңырайтылып ачылып коюлгандыгына карабастан, какшыган үтүктөр менен темир мештерден

www.bizdin.kg

комнатанын ичи адам чыдагыстай үп болуп турду. Белдерине чейин чечинишкен Мартин менен Джо алка-шалка терге чөмүлүшүп, дем ала албай кетишти.

— Тим эле тропикалык порттогу жүк ташуудагыдай эле экен, — деди Мартин, тепкич менен өйдө чыгып бара жатышканда.

— Жарайсың ишке, — деди Джо. — Мыкты иштейт турбайсыңбы. Эгер мындан ары да, дал ушундай иштей турган болсоң, бир айдан кийин эле кырк доллардан алууга өтөсүң. Бирок сенин мурда эч качан үтүк баспагандыгың мүмкүн эмес. Мени жаңылдыра албайсың.

— Кудай урсун, өмүрүмдө эч качан алакандай дагы чүпүрөктү үтүктөгөн эмесмин.

Мартин он төрт саат катары менен тынбай иштегендигин унутуп, өзүнүн чарчап, дарманы кете түшкөндүгүнө таң кала түштү. Мартин будильниктин коңгуроосун алтыга коюп, уйкунун беш саатын эсептеп чыгарыл таштап, саат түнкү бирге чейин китеп окууну чечти. Ал бутун эс алдыруу үчүн тапичкесин чечип, столго олтурду да, тегерете жыйылган китептерге үңүлдү. Ал Фисктин эки күн мурун окуп келип токтотуп койгон жерин атчы. Анын башы эңги-деңги болуп, начар иштегендиктен, китептин бир эле сабын эки үч жолу кайталап окууга туура келди. Аңгыча болбой ал шишиген булчуңдарынын зырылдап катуу оорушунан жана ачык терезеден соккон тоонун муздак желинен үргүлөгөн көздөрү ачыла түшүп жатты. Ал бурулуп саатты карады. Саат туура түнкү эки болуптур. Эми ага төрт гана саат эс алуу калды. Мына ушинтип ойлоп ал чечинип жаңы эле жаздыкка башы тиери менен уйкуга кетти.

Шейшемби дагы, ушундай эле оор жумуштарды аткаруу менен өттү. Джонун иштеп көнгөн тездиги Мартинди эрксизден таң калтырып жиберди. Джо кадимки качыр сыяктуу чарчабастан иштеди. Ал бул узак жумушчу күнүнүн ичинде, бир дагы мүнөтүн талаага кетирбей, өзүнүн бардык көңүлүн кылган ишине топ- топ, анын үстүнө дагы бир жактан ал Мартинге, жол көрсөтүп, беш жолу кыймылдоонун ордуна үч жолу, ал эми үч жолу кыймылдоонун ордуна — эки жолу кыймылдоо мүмкүн экендигин түшүндүрүп да жатты.

Мартин буга көңүл буруп жана андан үлгү алууга аракеттенди. Кала берсе, анын өзү эң сонун шамдагай жана акыл-эстүү кызматкер боло турган, ал көп учурларда өзүнүн иштеш жагынан эч кимди алдына чыгарбай тургандыгына сыймыктануучу. Ал азыр өзүнүн бардык көңүлүн ишке бурууга жана Джонун айткан насыяттарын орундатууну чечти. Ал үтүктөгөн кезде так калып калбас үчүн жеңдин учтары менен жакаларындагы крахмалды эптүүлүк менен ушалап, тазалагандыгы үчүн Джонун мактоосуна татыктуу болду.

Алар эч бир тыныгуусуз иштешти. Джо эч нерсени күтпөстөн жана эч бир ишти кийинкиге калтырбастан, бир ишин бүтүрөр замат экинчи ишти колго алып жатты. Алар эки жүз ак көйнөктү крахмалдашты. Бул көйнөктөрдү крахмалдашканда, сол колдору менен көйнөктүн жакасын, боорун жана жеңдерин ысык сууга матырып, оң колдору менен крахмалга тийгизбес үчүн көйнөктүн башка бөлүктөрүн кармап турушат. Суунун ысыктыгынан алар колдорун улам муздак сууга малып алып жатышты. Бул күнү алар аялдардын бүйүрмөлүү ич кийимдерин крахмалдоо менен кечки он жарымга чейин иштешти.

— Тропикаларда да мындан салкыныраак, — деп Мартин күлүп.

— Бирок мен үчүн эмес, — деди олуттуу Джо, — мен бул кесиптен башка бир дагы кесипти билбеймин.

— Бирок сиз, бул кесипти эң сонун билесиз да.

www.bizdin.kg

— Ананчы, мен Окленде он бир жашыман иштей баштадым. Буу казанын да башкаргам. Ошондон бери он сегиз жыл өттү, бирок мен андан башка эч бир кызмат кылган эмесмин. Ал эми бул сыяктуу өлчөөсүз оор жумушту мен эч качан кездештирген эмесмин. Бул жерде кеминде үч киши иштөөгө тийиш. Эртең түнкүсүн дагы иштейт окшойбуз. Шаршемби күндөрү дайыма түнкүсүн иштөөгө туура келет, түгөнбөгөн жакалар менен жеңдер.

Мартин будильниктин коңгуроосун дагы коюп, стол- го олтуруп, Фискти ачып окуй баштады. Бирок ал китептин беттеринин бир сабын да аягына чейин окуй алган жок. Тамгалар анын көз алдынан бийлеп, столдо үргүлөп олтурду. Ал комнатанын ичинде ары-бери басып, муштумун түйүп, өзүн-өзү башка койгулады. Бирок, бул уйкусун качырууга кылган аракети да текке кетти. Андан кийин ал китепти алдына коюп, кабак- тарын манжалары менен сүйөп, окууга аракеттенди, бирок ошол замат көзү ачылган бойдон уйкуга кетти.

Мына ошондой кийин ал чаалыгуу менен күрөшүүгө күчү жетпегенден кийин эмне кылып жатканын өзү да жакшы сезбей, кийимдерин чечингендей болду да, керебетке кулап түштү. Ал туура жети саат алп уйкусун салып уктады да, сааттын шыңгыраган үнүнөн чочуп ойгонуп, уйкусунун дагы эле канбай калгандыгын сезип турду.

— Көп окудуңбу? — деп сурады андан Джо.

Мартин жок дегендей башын тескери чайкады.

— Эч нерсе эмес! — деди Джо анын көңүлүн көтөргөндөй.

— Биз бүгүн түнү таң атканча иштеп коёбуз, эртең болсо саат алтыда бүтөбүз. Сенин анда, окууга убактың да болот.

Мартин бул күнү жегич самындын эритиндиси толтурулган чоң тепшиге жүндөн жасалган буюмдарды салып чайкады, экинчиден чайкоо жумушу Джо төмөндөгүдөй сыймыктануу менен кайталаган бөтөнчө бир ыңгайлаштырылып жасалган куралдың жардамы менен жүргүзүлө турган.

— Менин ойлоп тапканым. Кир таптоочу токмокту жана колду алмаштырат дагы бери дегенде, жумасына он беш мүнөттү үнөмдөйт! Мындай тозоктун ичинде, жумасына ар бир мүнөт эмне турарын билесиңби!

Жең менен жакаларды таптоочу зор темир аспап дагы анын ойлоп чыгарган аспабы болуучу. Бир күнү Джо мындай деп түшүндүрдү.

Башка кир жуугучканаларда али мындайды ойлоп табыша элек. Мен мунун жардамы менен ишемби күнү жумушту саат үчтө аяктоо мүмкүнчүлүгүнө жетиштим. Бир гана муну — билгичтик менен пайдалануу керек. Бул үчүн бөтөнчө температура, бөтөнчө басым талап кылат — тапталуучу кийимдерди үч жолу басуу керек. Мынакей, карачы.

Ал көйнөктүн жеңинин учун басып көрсөттү.

— Колго мындай таптай албайсың, туурабы?

Бейшемби күнү Джо айран-таң кала түштү: себеби ченинен тышкары крахмалдуу жука ич кийимдердин өзүнчө бир зор таңгагы келтирилиптир.

— Куруп кеткирдики, — деп кыйкырып жиберди ал, — кара баскырдыкы! Ишинин да кереги жок. Мен, качырдай кайышып жума бою тыным албай иштегеним деле жетишет, эптеп өзүмө бир бош убакытты арттырып алайын деп ойлосом, муну карасаң — чегинен тышкары крахмалдуу кирлерди жеткирип салганын карабайсыңбы! Мен эркин өлкөдө жашап жатамын, карап тур, мен кап курсак шайтанга өзүмдүн ал жөнүндө ойлогон оюмду айтамын! Бирок мен, аны менен француз тилинде сүйлөшпөймүн. Кудая шүгүр, али Кошмо Штаттардын

тилинен ага ылайык келүүчү сөздөр табылат. Бүтүндөй таңгакты ченден ашык жиберет! Акмак, ит десе!

— Эми дагы түн бою иштөөгө туура келет, — деди ал бир мүнөттөн кийин, өзүнүн жанагы ачууланганын унутуп жана тагдырына баш ийгендей.

Бул түнү Мартин дагы окуй алган жок. Ал бир жумадан бери газет бетин көргөн да жок жана ал кала берсе, аны көрүүнү каалабагандыгына өзү дагы таң калып кетти. Жаңылыктар аны өзүнө эми кызыктыра албады. Ал аябай суй жыгыла чарчагандыктан анын эч нерсеге көңүлү да келген жок, бирок ошондой болсо да ал ишемби күнү велосипед менен Оклендге барып келүүнү чечти. Жолдун ыраактыгы — барышы жетимиш миль, келиши жетимиш миль — жол жүрүү керек, бул болсо анын таптакыр эс албай жана келерки жума үчүн күч-кубат жыя албай тургандыгын түшүндүрүп турган эле. Эгерде ал велосипед менен барбай, темир жол менен барган болсо, жол акысы эки жарым доллар турмак, бирок Мартин бир тыйынын болсо да коротпой чогултууну бекем чечкен

XVII ГЛАВА

Мартин бир кыйла жаңы билимге ээ болду. Биринчи жумада ал Джо экөө бир гана күнү эки жүз ак көйнөктү жууп, үтүктөп чыгарышты. Джо басымды тартипке келтирип туруучу болот серпилгичке үтүк илинип коюлган машинанын таянычын жылдырып турду. Мына ушинтип ал, көйнөктөрдүн крахмалдуу бөлүгүн үтүктөп туруп, Мартинге ыргытып жатты, ал болсо жалпак доскага жайып алып, калган бөлүктөрүн үтүктөдү.

Бул болсо сааттан саатка эс алуусуз созулган адамды суй жыккан оор жумуш эле. Конок үйүнүн ачык секичесинде ак кийимчен эркектер менен аялдар көңүл ачуу үчүн аркы-терки басышып, кээде столдорго олтурушуп, муздак суусундардан ичишет. Ал эми кир жуугучканада болсо, киши чыдагыс үп болуп турат. Эрип кетчүдөй болуп кызарган плитадан лапылдаган ысыктын илеби келип, нымдуу кирлерди баскан үтүктөрдүн алдынан буу буралып чыгат. Үтүктөр демейдеги аялдар ысытканга караганда бир кыйла өткөрө ысытылуучу. Колду шилемейлеп, ысыктыгын сынап көргөн үтүктөр Мартин менен Джого али ысый электей сезилүүчү. Мына ошондуктан алар үтүктүн ысыктыгын билүү үчүн жаагына жакын бир аз кармап турушуп, кандайдыр бир бөтөнчө сезгичтик менен билише турган. Бул Мартинге таптакыр түшүнүксүз болуп көрүндү. Эгерде үтүк аябай ысып кете турган болсо, аны муздак сууга матырып алышчу. Бул дагы зор шамдагайлыкты жана көнүгүүнү талап кыла турган. Эгерде үтүк белгиленген убактысынан бир эле секунда ашыгыраак муздак сууда кармала турган болсо, ал муздап калууга мүмкүн эле; Мартин өзүнүн бул кыйын аракетин ушунчалык так, кала берсе, автоматтык тактык менен аткаргандыгына өзү дагы таңгалып кетүүчү.

Экинчиден ага минтип тан калууга да убактысы жок эле. Мартиндин бардык ой-санаасы өзүнүн иштеп жаткан ишине бурулган. Ал кадимки-жандуу машина сыяктуу болуп, эч бир тыныгуу албастан колу менен да, башы менен да иштеди жана бул сыяктуу иш анын бүткүл кубатын өзүнө соруп алгандай болду. Анын башындагы дүйнө жана анын табышмактары жөнүндөгү бардык эркин ойлоруна жана кыялдарына кишен салынгансыды. Анын акыл эси кичинекей бир тар бөлмөгө, штурмандык бөлмөгө тыкшырылып жана ал өзүнүн колуна, манжаларына — үтүктү кандай кармап, кымындай да эңкейип койбостон сансыз көп жеңдерди, көйнөктөрдүн этектерин, өңүрлөрүн, капталдарын кандай үтүктөш керек экендигине, үтүктөлгөн көйнөктөрдүн бүктөөсүн жазбастан

www.bizdin.kg

туруп, кантип ыргытып таштоо керек экендигине буйрук берет. Ал бир көйнөк жөнүндө кам көрүүнү аяктар замат экинчи көйнөк жөнүндө кам көрө баштайт. Мына ушинтип, Калифорниянын аптаптуу ысыгынан сырттагы бардык кыймылдар тынчыганга чейин көп сааттар өтүүчү. Бирок, кир жуугучканадагы иш токтолчу эмес. Конок үйүнүн сыланышкан жашоочуларына таза кийимдер дайыма керек болуп туруучу.

Мартиндин тери суудай акты. Ал сууну челектеп ичти. Бирок күндүн ысыктыгы ушунчалык катуу болгондуктан, бүткөн боюнан чыккан терлери ошол замат бууга айланып кетип жатты. Сүзүү мезгилдеринде ага эркин кыялга чөгүүгө эң оор иш дагы тоскоолдук кылган эмес эле. Ал сүзгөн кеменин ээси анын убактысынын гана падышасы болучу, ал эми бул жердеги конок үйүнүн ээси болсо, анын убактысынын да жана кыялдарынын да падышасы болуп калды! Ал денени да, акылды да бирдей мөгдүрөткөн оор жумуштан башкалар жөнүндө ойлой да албады. Анын башка ойлору да жок болучу. Ал азыр өзүнүн Руфту сүйөрүн же сүйбөсүн билген жок. Кээде кана кечинде жатаар алдында же эртең мененки тамактын алдында көз алдынан анча-мынча тумандуу элестеп өткөндөй гана болбосо, оор жумуш өтө чаалыктырган Мартиндин оюна азыр Руфь дагы келбей калды.

— Тозоктон да ары, туурабы? — деп сурады күнү Джо.

Мартин ооба дегендей башын ийкеди да, күтүлбөгөн жерден кыжыры келе түштү. Мунун себеби айтпаса да түшүнүктүү болуучу. Алар эч качан иш үстүндө сүйлөшчү эмес. Мына азыр гана Мартин Джонун суроосуна алаксый түшүп, колундагы үтүктү эки жолу артык баш сүрүп жиберди.

Жума күнү эртең менен алар кир жуучу машинаны ишке киргизишти. Конок үйүнүн дасторкон, кол аарчыгыч жана жаздык кап сыяктуу кирлерин жумасына эки жолу жууга туура келүүчү. Булардын бардыгын жууп бүткөндөн кийин кана, алар ич кийимдерге өтүүчү. Бул болсо, бөтөнчө машакаттуу жана адамды тез чарчатып жиберүүчү жумуш эле. Аны аткаруу үчүн зор кылдаттуулук талап кылына турган. Ушуга байланыштуу Мартиндин иши кашаңдык менен бүтүп жатты; анын үстүнө ал кокустан зыяндуу жаңылыштыкты жиберип коёмбу деп да коркту.

— Көрдүңбү мунобу нерсени? — деди Джо, бүктөп туруп алаканыңа катсаң бата тургандай өтө жука жибек эмчек тарткычты көрсөтүп. — Эгерде күйгүзүп алсаң сенден жыйырма долларды эсептетип туруп гана алып коёт.

Бирок Мартин бактыга жараша бул ич кийимдердин бирин дагы күйгүзгөн жок. Ал күчкө салбай булчуңдарын бир аз бошоңдотуп, бардык көңүлүн салып этияттык менен үтүктөй алучу. Азыр да ушинтип иш- теп жатып, Джонун өздөрү жуубагандыктан кана ушунчалык жука ич кийимдерди кийишкен аялдарга заарданып аябай ачуулангандыгына көңүл салып, колдоо менен тыңшап турду. Бул бөтөнчө жука ич кийимдер Мартин менен Джонун кымбат баалуу убакыттарын уурдап жатты. Алар буга керели кечке убара болушту. Шейшеп менен дасторконду жана кол аарчыгычтарды үтүккө басуу үчүн алар кечки саат жетиде кир жууну токтотушту жана саат ондо мейманканадагылардын бардыгы уктап калган учурда алар кайрадан ич кийимдерди колго алышып, аларды жууп, үтүктөшүп, май терлери чыгып, түн жарымына чейин убара болушту! Алар бул ишти түнкү саат эки жарымда барып, араңдан зорго дегенде бүтүштү!

Ишемби күнү эртең менен дагы итапкан ич кийимдер, дагы майда-чүйда кирлер келди, мына ошентип, акырында күндүзгү саат туура үчтө бир жумалык иш аяктады.

www.bizdin.kg

— Бул жолу мүмкүн Оклендге барбастырсың, деп ойлоймун? — деп сурады Джо, экөө тепкичке келип эс алып олтуруп тамеки тарта кетишкенде.

— Жок, барамын, — деп, жооп берди Мартин.

— Аякты көздөй, эмнеге эле чуркайсың? Кызың барбы, же?

— Жок, мен китепканага барып, китеп алмашышым керек. Эки жарым долларды үнөмдөш үчүн поезд менен барбай, велосипед менен барып жүрөмүн.

— Китепти почта менен эле жибербейсиңби? Көп болсо эмне, чейрек доллар кетет да.

Мартин ойлоно түштү.

— Сен эртең андан көрө жакшылап эс алып албайсыңбы, — деди сөзүн улантып Джо. — Сен сөзсүз эс алышың керек. Мен өзүмдөн улам айтып жатам. Бүткөн боюм кыймылдатпай тим эле жанчылып калыптыр.

Бул чындыгында эле ушундай эле. Секундалар менен мүнөттөрдүн талыкпаган чалгынчысы, кашаңдыктын душманы, тоскоолдуктардын кыйраткычы, кубаттын түгөнгүс булагы, кубаттуулугу чектен ашкан адам мотору, адам эмес шайтан — азыр бир жумалык ишин аяктап, толук ырп этерге дарманы жок абалда турган эле. Ал алсырагандай кабагын катуу бүркөп, унчукпай турду, анын сулуу жүздөрү да арыктап, сөөгү чыгып калган. Ал тамекинин үстөккө-босток тартып жана үнү корулдап, көңүлсүз чыккансыйт. Бирок анда азыр мурдагыдай жалынданууунун да, кубаттуулугунун да белгиси калбады, кала берсе анын өзү татыктуу болгон эс алуунун мүнөттөрү аны кубандыра албады.

— Дүйшөмбүдөн баштап дагы кайра башынан түшөбүз, ээ — деди ачууланyy менен, — айтмакчы, мынчалык жанымды кыйнап мага эмне күч келди! Ия? Мен кээде кайырчыларга суктанамын. Себеби алар иштешпесе дагы, эптеп-септеп күн көрүшөт. Эх, эх! Азыр бир стакан пиво болсо, тартып жиберсем кандай сонун болор эле, бирок ал үчүн кыштакка барыш керек. Койсоңчу ой, жиндиленбей. Андан көрө китепте- Ринд[1]и почта менен жиберип, өзүң биерде кал.

— Биерде калып, кечкете эмне кыламын? — деп сурады Мартин.

— Эс аласың. Сен өзүңдүн канчалык чарчаганыңды билбейт окшойсуң. Мен болсом жекшембиге чейин тим эле ырп этерге алым да калбайт. Жа дегенде, газет окууга да чаркым келбейт. Мен бир жолу келте менен ооруп калдым. Ооруканада эки жарым ай жаттым — бирок бир жолу да кыбыр этип эч нерсе кылган жокмун. Кандай сонун болгон эле дейсиң!

— Ооба, эң сонун болгон эле! — деди ал кыялдана түшүп, бир мүнөттөн кийин.

Мартин мончого түшкөнү кетип, кайра келсе, Джо бир жакка кетип калыптыр. Мартин аны пиво ичкени кетсе керек деп ойлоп, бирок аны издеп кыштакка барууга көңүлү чаппады. Ал үйүнө келип, керебетке бутун чечпестен кыйшайды да, түркүн ойго кетти. Китепти болсо мурдагы бойдон ачкан жок. Ал аябай чаалыккан, мына ошондуктан, ал кечки тамактын мезгилине чейин үнсүз-сөзсүз кадимки чала жан кишидей сулап жатты. Джо али келген жок. Бакчы Мартиндин суроосуна жооп кайтарып: — Джо мүмкүн арак ичкен жеринен чыга албай отургандыр, — деди. Мартин кечки тамактан кийин эле жатып, терең уйкуга кетти, эртеси күнү эртең менен өзүн толук эс алгандай сезип, уйкусунан ойгонду. Джо болсо дагы эле келбеди. Мартин бактын көлөкөсүндө жекшембилик газеттин санын ачып окуп жатты. Ал күн шашкеден кандай өткөнүн билбей калды. Анын газета окушуна эч ким тоскоолдук да кылган жок көзү талып уктап да кеткен жок, бирок ошондой болсо да, газетти акыр аягына чейин окуй албады.

www.bizdin.kg

Түштөн кийин ал кайрадан окууга киришти эле, бирок тез эле газетти жазданып, уктап калды.

Жекшемби мына ушинтип өттү, ал эми дүйшөмбү күнү эртең менен болсо, ал кир ич кийимдерди иргей баштады. Джо болсо, башын сүлгү менен таңып алып, каргыштап сөгүнүү менен самын чылап, кир жуугуч машинаны жүргүздү.

— Эч кандай башка аргам жок, — деп баяндады ал, — ишемби күндөрү мен ичүүгө тийишмин.

Тынымсыз эмгектин дагы бир жумасы өттү, бул жумада дагы электр лампочкасынын күчтүү жарыгында алар түнкүсүн иштешти. Ишемби күнү саат туура үчтө Джо эч кандай кубаныч-шаттыксыз эле көпкө күткөн дем алышын алып, кайгы-капасын унутуу үчүн кыштакка жөнөп кетти. Мартин бул жекшембини да, өткөн жекшембиден эле өткөрдү. Ал бактын көлөкөсүндө жатып, колундагы гезетинин саптарына кезек менен көз чаптырып, кечке дейре эч нерсе кылбастан, эч нерсе ойлонбостон жата берди. Ал аябай чарчагандыктан, ойлоого мээси да иштебей жана ал кандайдыр бир уят жана түзөтүлбөй турган кемчилик кетирген сыяктуу өзүнө өзү катуу жек көрүүнү сезе баштады. Анын бардык жогорку сезимдери төмөн чөгүп, даңкты сүйүүчүлүгү мокоп, кубаты ушунчалык азайгандыктан, ал эч кандай умтулууну сезбеди. Ал азыр тирүүнүн өлүгү болуучу. Анын ындыны да өчө түшкөн эле. Өзүн мал катары, болгондо да жумушка чеккен мал катары сезди. Ал жашыл жалбырактарды аралап өткөн күндүн шоолаларынын кооздугун сезбей, ай-ааламдын чексиз көк-жашыл түсү дагы аны толкундата албады жана ушунчалык себебин билүүнү каалаган, сырдуу табышмактарга жык толгон космос жөнүндө да ой жарата алган жок. Турмуш ага акылсыз жана эч кандай мазмунсуз түзүлгөндөй көрүнүп, мына ошондуктан анын эсинде бир гана өтө жагымсыз көрүнүштөр калган сыяктуу болду! Анын элестерин кандайдыр бир кара булут каптагансып, ал эми кыялы болсо, күн шооласы тийбеген караңгы бурчка камалгандай сезилди.

Мартин дайыма ишемби сайын кыштакка барып, ылжып мас болуп жана ушул максаттын натыйжасында, алдыңкы жумадагы өзүн күтүп турган азаптуу оор жумуш жөнүндө унутуп келүүчү Джого эми суктана баштады.

Күндөр үчүнчү жумага айланып бара жатты. Мартин өзүнө өзү түбөлүк наалат айткансыйт. Аны жеңилүү жөнүндөгү ой, кадимки кара жемедей жей баштады. Анын аңгемесин жараксыз деп, четке каккан редакторлордуку чындыгында туура экен. Ал өзү дагы буга азыр ачык түшүнүп жана өзүнүн жакындагы эле ойлогон кыял максаттарына өзү күлдү. Бул учурда Руфь «Деңиз ырларын» почта аркылуу өзүнө жиберип жиберген эле. Ал Руфтун катын көңүлсүз окуп чыкты. Руфь калыбы, анын ырларына өзүнүн таң калууларын билдирүүгө өтө аракеттенген көрүнөт. Руфь эч качан калп айтчу эмес жана чындыкты өзүнөн өзү жашыруу ага чыккынчылыктай сезилүүчү. Анын ырларынын жакпай калгандыгы Руфтун жазган катынын ар бир сабынан даана сезилип турат. Чындыгында бул туура болуучу, анткени Руфь эмес, анын өзү дагы жазган ырларын окуп алып, андан эч кандай көркөмдүктү жана поэзияны учурата албады жана бул ырларды жазууга аны кандай шайтан түрткөндүгүн ал өзү дагы түшүнө албай кетти. Ырларынын мурдагы тыкан өңдүү айкалыштары ага азыр күлкүнү келтиргендей болуп, салыштыруулары ыксыз жана эч маанисиз, жалпы айтканда ырлары чындыкка туура келбеген ырлар болуп чыкты. Ал өзүнүн «Деңиз ырларын» кыжыры келип, өрттөп салгысы келди, бирок өрттөш үчүн машина бөлүмүнө барып от жагыш керек эле, ал эми бул бөлүмгө барууга убактысы жетишпеди,

www.bizdin.kg

анын бардык убактысы башкалардын кийим-кечектерин жууга кетип, өзүнүн жеке иштерине болсо жетишчү эмес.

Мартин жекшемби күнү чымырканып туруп Руфка бир кат жазып жиберүүнү чечти. Бирок, ишемби күнү кечинде ал жумуш аяктап, мончого түшүп, эмнегедир эрксизден көңүл сергиткиси келди. «Барып Джонун кандай көңүл ачып жатканын билейинчи» — деди ал өзүнө өзү жана ошол замат өзүн алдап жатканын сезди, бирок бул жөнүндө ойлоого, ой жүгүртүүгө анын кубаты жетишпеди, — эгер жетишкен күндө да, ал өзүнүн алдамчылыгынын бетин ачпас эле, анткени анын бардыгынан көбүрөөк каалаганы азыр көңүл алаксытуу болучу. Ал шашпастан жай баракат кадам шилтеп, кыштакты көздөй бет алды жана аракканага жакындап келгенде эрксизден кадамын ылдамдаткандай болду.

— Мен сени, арак ичет экен го деп ойлодум эле! — деп, Джо аны тосуп алды.

Мартин анын сөзүнө жооп кайтарбастан туруп, бир бөтөлкө кызыл вино алды да, өзүнө бир стакан толтура куюп, бөтөлкөнү Джого сунду.

— Тезирээк соктур, — деди Мартин корс этип.

Джо токтолуп, илкий түшкөндөн кийин, Мартин ага карабастан, колундагы стаканды шылк эттирип жиберип, кайра экинчисин куйду.

— Бол, ичип жибер эми. Мен күтүп турайын, — деди Мартин саал кабагын чытый түшүп, — бол эми ыкчам.

Джо көп суратпастан, экөө бирге тартып жиберишти.

— Кабыргабыз кайышкандай эле болду ээ,. тим эле, — деди Джо.

Бирок, Мартиндин бул тема жөнүндө аңгемеге түшкүсү келген жок.

Бул иш эмес эле бир тозок деп, мен сага айтпадым беле, — деди Джо сөзүн улантып. — Чынын айтсам, мен сенин көз карашыңдан тайгандыгыңды жактырганым жок, Март. А, койчу, мунун баары кеп эмес! Кана, ичип жиберели.

Мартин унчукпастан ичип, ал экөө улам жаңы бөтөлкөлөрдү бошото беришти. Мына ушинтип Мартин өздөрү гана ичпестен, дагы бир кызга окшош — көгүлтүр көз, чачы теңге бөлүнүп кайрылган кыштактын жигитин вино менен мас кылып шайын да оодарып салды.

— Адамдарды ушунчалык өгүздөй кылып иштеткендик — бул барып турган эзүүчүлүк, — деди Джо. — Эгерде мен ичпеген болсом, анда бар го, бул мекемени эчак эле өрттөп, күл кылып таштамак элем. Кудай урсун, дал ошентмекмин, менин ичкендигим алардын ырысы болуп олтурат.

Бирок Мартин эч нерсе деп жооп кайтарган жок. Дагы бир эки стакан ичкенден кийин анын башы эңгир-деңгир боло түшүп, жер айлан көчөк тарта баштады. Эх! Өткөн жумалардан бери ал, азыр гана турмуштун кооздугун сезип, ага кубанычтуу карады. Анын мур- дагы жандуу кыялдары эми өзүнө кайтып келгендей болду. Кыялы тумчуктурган караңгы бурчту жарып чыгып, нур чачкан жылдыздарды көздөй сызгансыды. Анын туманданган элестерине да жарык шоола тий- гендей нурданып, кооз көрүнүштөр көз алдынан катарлашып чубап өткөнсүп жатты. Дүйнөдөгү эң сонун жана таңкаларлык нерселер азыр ага жанашкансып, кайрадан бардык нерсени түшүнгөндөй, бардык нерсе колунан келе тургандай сезип турду. Ал мунун бардыгын Джого баяндап бергиси келди. Бирок Джонун өзүнүн жадатма жумуштан кантип кутулам жана өзүм качан бул буулуу чоң киржуугучкананын ээси боломун деген кыялданган максаты бар эле.

— Мына, ушундай Март, эми мен өз балдарымды эч качан мындай ишке иштетпеймин, ишенип кой. Кандай гана кыйынчылык болбосун. Экинчиден кечки саат алтыдан кийин кир жуугучкананын бардыгында бир жан да калбасын.

www.bizdin.kg

Уктуңбу? Иш өз убактысында бүтүш үчүн мындан ары машина дагы жана адамдар да көп болот. Мен сени болсо өзүмдүн жардамчым кылып
алам. Менин оюм мындай ичкиликти таштап акча чогултуп, анан эки жылдан кийин...

Бирок, Мартин уккусу келбесе да, өзүнүн оюн жанындагы кыштактык балага баяндап берип жаткан Джого тоскоолдук кылган жок. Ал оюн акырына чейин айтып бүтүргөнчө, кыштактык баланы аракканага жаңы эле келишкен жергиликтүү эки фермер чакырып калды. Мартин падышалык марттык менен аракканадагылардын бардыгын — бир канча жалданма кедейди, бакчанын жардамчысы менен конок үйүнүн ат баккычын, жанагы кыштактык жигитти, аракканага кадимки көлөкө сыяктуу илээшип келип, элдин эң четинде томсоруп турган дагы бир кайырчыны кошо сыйлады.

XVIII ГЛАВА

Джо дүйшөмбү күнү эртең менен ачуулануу менен кир кийимдердин бир таңгагын машинага ыргытты.

— Ошондуктан айтып жатамын...— деп баштады ал.

— Сен койчу! — деп Мартин ага бакырды.

— Кечирип кой, Джо, — деди Мартин, экөө тамак- танууга олтурганда.

Джонун көздөрүнөн жаш тегерене түштү.

— Болуптур байкеси, — деп жооп берди ал, — өзүбүз азаптуу турмушта жашасак, анан кээде кыжырланып кетпей эмне болуптурбуз. Бирок, мен сени башынан бери эле, эмнегедир бөтөнчө жакшы көрөмүн. Кудай урсун. Мына ошондуктан кээде өзүм саал уялып да кетүүчүмүн. Менин эмнегедир өзүмдөн өзүм сага жакындагым келип кетти.

Мартин анын колун бекем кысып койду.

— Майда-чуйдалардын бардыгын унутуп салалычы, — деп сунуш кылды Джо, — жүр, көңүл ачып басып келебиз. Мен эч качан көңүл ачып эки жакка чыкчу эмесмин, бирок бул абдан көңүлдүү болуш керек. Ойлоп көрчү! Киши эч нерсе кылбай көңүл ачып, серүүндөп жүрсө кандай сонун! Мен бир жолу келте менен ооруп, ооруканада жатып калдым, азыр ошол күндөрүмдү эстесем кубана түшөмүн. Ал үчүн азыр мен кайра ооруурга да даярмын.

Жумалар өтүп жатты. Мейманканада- коноктор өтө көп болуп, мына ошондуктан, жуулуучу. ич кийимдердин саны барган сайын арта берди. Алар чындыгында эле эрдикти көрсөтүшүп, электрдин жарыгында түн ортосуна чейин жана тамак ичүү убактысын да кыскартышып, эртең мененки тамакка чейин ишин башташты. Мартин убакыт жетишпегендиктен муздак сууга жуунганын койду. Джо болсо, убакыттарды чебер пайдаланып жана бир мүнөтүн да бошко кетирбей, аларды кадимки зыкым адам алтын акчасын эсептегендей эсептеп, аяңданып чарчабастан, кадимки Мартин Иден деп аталган жандуу машина менен дайыма бирдикте байланышып иштеди.

Мартин чанда гана ойлонуучу болду. Анын акыл-эс оюнун уясынын эшиги бекем жабылып, терезеси тепчилип, өзү болсо, бул уянын эшик алдындагы сакчысынын карааны гана болуп көрүндү. Ооба, ал караан кана болуп калган эле. Джо туура айтат. Анын экөө тең бүтпөс эмгектин караандары болуучу. А, мүмкүн мунун бардыгы түш болуп жүрбөсүн? Мартин кээде ысык үтүк менен буусун чыгара кардай аппак көйнөктөрдү үтүктөп жатып, ушунун бардыгы чындыгында эле түш экендигине өзүн терең ынандырат. Мүмкүн тез аранын ичинде, а мүмкүн, миң жылдан кийин кайра жаралып, өзүнүн кичинекей бөлмөсүндө сыя төгүлгөн

www.bizdin.kg

столдо олтуруп, жакында токтотуп койгон аңгемесин кайрадан баштаар? Мүмкүн, ал дагы түш болуп чыгар, анан ал вахтаны алмаштырыш үчүн уйкудан ойгонуп, керебетинен ыргып туруп палубага көтөрүлүп, жылдыздар себилген тропикалык асмандын алдында штурвалга турат, ысык өлкөнүн түнкү салкын жели анын күнгө күйгөн беттеринен, колдорунан жумшак гана сылап өтмөк.

Ишемби дагы келип, саат үчтө жумуш аяктады.

— Барып, бир стакандан пиво ичсекпи же? — деди Джо, добушун кош көңүл чыгарып, анткени — аларды азыр толук майрамдык сезим бийлеп турган эле.

Бирок Мартин эсине эми гана келгендей болду. Ал велосипедин тартипке келтирип, дөңгөлөгүн майлап, рулун текшерип жана өткөргүчүн тазалады. Мартин аракканын жанынан, жетимиш миль аралыкты басып өтүүгө туура келе турган жол менен велосипеддин рулуна бекем бүгүлүп, алдындагы чаңы буруксуган жолдон көзүн айрыбай, велосипеддин тепкичин бир калыпта кыймылга келтирип, катуу зуулдап өтүп бара жатканда, Джо ошол жерде олтурган эле. Ал кечинде Оклендге түнөп, эртеси — жекшемби күнү кайра келип, дүйшөмбү күнү чарчагандай, бирок дагы бул жолу мас болбогондугуна сүйүнүп, көңүлдүү ишке киришти.

Арадан беш жума өтүп, анын артынан алтынчысы узады, ал эми Мартин болсо, кадимки машина сыяктуу жашап жана иштей берди, бирок бир гана анын жүрөгүнүн тереңинде, ар бир жуманын акырында аны велосипед менен бир жүз кырк миль аралыкты кесип өтүүгө мажбурлаган кандайдыр бир жалынданууунун кичинекей учкуну сакталып турган эле. Бирок, бул эс алуу эмес болучу. Бул кадимки машиналардын тынбаган күч менен иштеши боло турган: мына ошондук- тан, акырында Мартиндин жүрөгүндөгү анын өткөн турмушунан калган жалынданууусунун акыркы учкуну дагы өчкөндөй болду. Жетинчи жуманын аягында, ал эч кандай баш тартпастан Джо менен бирге ээрчип кыштакка келди да, «турмуштун даамын татып» бул жерде дүйшөмбүгө чейин жүрдү.

Бирок ал кийинки ишемби күнү пайда болгон шалдаюуну, ого бетер күчтүү чаалыккандыктан пайда болгон экинчи шалдаюу менен сүрүп чыгарып, дагы жетимиш милди басып өттү. Ал үчүнчү айдын аягында гана Джо менен бирге үчүнчү жолу кыштакка келди. Ал жакында эле унуткан турмушу менен кайрадан жашай баштады, ал жашай баштап, өзүнүн көп ичкендиктен эмес, ушунчалык оор жумуштан айбанга канчалык окшоп калгандыгын күтүлбөгөн жерден чагылган жарк дегендей дапдаана көрүп турду. Мастык оор жумуштун себеби эмес, анын натыйжасы болуучу. бул оор жумуштун артынан кадимки түн күндүн артынан кандай ээрчиген болсо, дал ошондой эле закон ченемдүүлүк менен ээрчип жүрдү. Жонунда оор жүгү бар өгүз болуп туруп, эч качан жаркыраган бийиктикке жете албайсың; шарап аны бул ойго ишендиргендей жана ал бул ой менен аргасыздан толук макул болду. Шарап ага улуу акылмандыкты көрсөтүп, маанилүү чындыкты ачып бергенсиди.

Мартин кагаз менен калем издеп, чогулгандардын бардыгын сыйлаш үчүн шарап алдырды. Алар бака-шака түшүп, Мартиндин саламаттыгы үчүн деп көтөрүшүп жаткан учурда, ал бийик столго эңкейип бир нерселерди кагазга түшүрүп жатты.

— Джо, телеграмма, — деди ал, — окуп көрсөң.

Джо болсо оозунан виносу бурулдап, жылжыйып кулду да, аны окуй баштады. Бирок, окуп жатып ал күтүлбөгөн жерден эсине келе түшкөнсүдү. Ал Мартинди көздөй кекетүү менен карады да, көздөрүнө жаш кылгыра түштү.

www.bizdin.kg

— Сен мени чын эле таштайсыңбы, Март? — деп ал капалануу менен сурап калды.

Мартин ооба дегендей башын ийкеди да, кандайдыр бир баланы чакырып, телеграфка барып кел деп, акча берип, чуркатып жиберди.

— Токто! — деди Джо тили булдуруктай түшүп, — менин бир нерсе айткым келип турат.

Ал жыгылып кетчүдөй болуп барып, кайра бийик столдун четинен-кармай калды, Мартин да бул минутада ага жыгылууга мүмкүндүк бербей, белинен кучак- тап жана ал эс алганча жөлөп турду.

— Жаз, эки кызматчы тең кетет деп, — деди күтүлбөгөн жерден Джо. — Жазгын.

— Бирок, сен эмнеге кетесиң? — деп сурады Мартин.

— Сен эмне үчүн кетесиң, мен дагы ошон үчүн кетемин.

— Мен сүзүүгө жөнөймүн, ал эми сен бара албайсың да.

— Туура деп жооп берди Джо, — бирок мен кайырчы боломун, Болгондо да, анык кайырчынын дал өзү боломун.

Мартин бир минутча аны сынагандай карап турду да, анан акырын мындай деди:

— Кудай акы, туура айтасың! Жүктүү өгүз болгондон көрөкчө, кайырчы болуп тентип кеткен жакшы. Жок дегенде, анча-мынча болсо да жашайсың. Анткени, сен ушул күнгө чейин, бир дагы жолу чыныгы жашоону көргөн жоксуң.

— Көргөм, — деди Джо аны түзөтүп. — Мен бир жолу ооруканада жатканымдачы.

— Мартин телеграмманын сөздөрүн өзгөрткүчө, Джо мындай деди:

— Мен ооруканада жатканымда, таптакыр ичким келген эмес. Укмуш ээ, чындыгында? Ал эми жума бою кадимки качырдай болуп кыйналып иштейсиң, анан ичпей коёсуңбу? Ашпозчулардын аракты суудай ичише тургандыгын бардыгы билишет... жана наабайчылар да алардан кем калышпайт, чындыгында... Кантесиң, жумуш ушундай. Токто! Телеграмманын жарымысын мен төлөймүн.

— Эч иерсе эмес, эсептешебиз, — деди Мартин.

— Ай, бардыгыңар бери келгиле, сыйлаймын! — деди Джо бийик столго акчасын чачып кыйкырып.

Дүйшөмбү күнү эртең менен Джонун тынчы кетип, сар-санаага малынды. Ал бул мүнөттө өзүнүн башынын ооругандыгына да жана иштеген ишине да көңүл бурбады. Ал терезеден көзүн албай, сырттагы күн нуруна, жашыл бак-дарактардын салкын көлөкөлөрүнө тең калуу менен карап, бир топко чейин олтурду.

— Карачы, — деди ал, кубана түшүп. — Мунун бардыгы меники эмеспи. Бул эркиндик да! Эгер кааласам, мен бул көк-жашыл бак-дарактын көлөкөсүндө миң жылга чейин уктасам дагы өзүм билемин. Жүргүн, Март. Бардыгына көздү жуумп салуу керек. Мага десе, калганын баарын кудай шыпырып кетсин! Эмнеге токтолобуз! Менин бет алдымда бекерпостуктун өлкөсү жатат, мен дал ошол өлкөнү көздөй белет аламын, бирок ал жактан эч качан кайрылып келбеймин.

Бир нече мүнөт өткөндөн кийин Джо кир жуугуч машинаны кир кийимдер менен толтуруп жатып, конок үйүнүн ээсинин белги салып койгон кир көйнөгүн жолуктуруп калды. Жаңыдан пайда болгон эркиндикке сыймыктана түшүп, ал колундагы көйнөктү жерге бир чаап, буту менен таптап тебелеп кирди.

— Мен, бул сенин көйнөгүң эмес эле, башың болуп калса деп каалар элем, семиз каман! — деди кыйкырып ал. — Ме сага! Ал! Ме! Ме сага! Кана мени бирөө

www.bizdin.kg

азыр токтотуп көрсүнчү, эр болсо. Шейшемби күнү кечинде, эки жаңы кызматчы келип, Мартин менен Джо жуманын акырына чейин аларды бардык эреже тартип- терге үйрөтүү менен алек болушту.

Джо өзү эч нерсе кылбастан туруп гана насаат берип жатты.

— Иш бүттү! — деди ал. — Эми мен колумдун учун дагы кыбыратып койбоймун. Мейли мени бул үчүн мөөнөтүнөн мурун азыр айдап чыксын, баары бир колумдун учун кыбыратпаймын. Мен иштеп бүттүм. Жүк ташуучу вагондорго түшүп, көк-жашыл бак-дарактардын көлөкөсүндө уктаймын. Ай, силер! Ишмерчилер! Аябай аракеттенгиле! Териңерди агызгыла! Шайтан алгырлар, териңерди төгө бергиле! Ал эми! Силер дагы дал мага окшоп, топуракка аралашып чирип, өлүүбү, тирүүбү кандай жашагандыгыңар баары бир эмеспи? Ия? Кана кудай акы эле сырыңарды айта койгулачы, баары бир эмеспи, чындыгында, ия?

Алар ишемби күнү мекеме менен эсептешип, экөө жолдун айрылышына чейин бирге келишти.

— Албетте, сен эми мага кошулбайсың дечи, бул үчүн сени үгүттөөнүн да кереги жок, — деди Джо, бардык үмүтүн үзгөндөй түр менен.

Мартин жок дегендей башын тескери чайкады. Ал велосипедине минүүгө даярданды. Алар бири-биринин колдорунан кармашып коштошкону жаткан учурда, Джо кыя албай мындай деди:

— Март, өлбөсөк акыры экөөбүз көрүшөбүз. Мен буга ишенем. Кош эми, Март, жолуң ачылып, бактылуу бол. Бирок мен сени ишенсең ушунчалык жакшы көрөмүн. Ушунчалык!

Ал, Мартиндин карааны бурулуштан көрүнбөй калганча, жолдун ортосунда туруп, капалуу көз карашын андан албай, көпкө чейин узатып кала берди.

— Кайран жигит, — деди ал күңк этип, — жигиттин гүлү эле да.

Андан кийин ал, бир таман жол менен илкий-калкый кадам шилтеп, жүк ташуучу поездди күтүшүп, эңкейиште жатышкан беш-алты сел-саяктардын сол жагындагы кичинекей көлчүкчөнү көздөй бет алды.

XIX ГЛАВА

Руфь өзүнүн ата-энеси, бир туугандары менен бирге Оклендге кайтып келишти. Мартин аны менен кайра- дан жолуга баштады.. Руфь окумуштуулук наамын алгандан кийин, андан ары окушун токтотуп салды. Ал эми Мартин болсо, оор эмгекке өзүнүн бардык күчүн кайратын зарп кылып, жазуусун унутуп салган болучу,; Бул көрүнүш аларга тез-тез көрүшүүгө мүмкүнчүлүк берип жана алар бири-бирине ого бетер жакындаша башташты.

Алгачкы күндөрү Мартин эч нерсе кылбастан, эс алып гана жүрдү. Ал көп уктап, көп ойлонуп, айтор өзүн оор кырсыктан кийин акырындык менен оңоло баштаган адам сыяктуу алып жүрдү. Жандануунун биринчи белгиси болуп, анын акырындык менен газетке кызыга баштагандыгы болду. Андан кийин ал кайрадан окуй баштады. Ал алды менен ырды жана майда аңгемелерди, анан дагы бир нече күн өткөндөн кийин эчак унутулуп калган Фискти кайрадан колуна алды. Анын буканыкындай саламаттыгы ага өткөндөгү жоготкон турмуштук күчүн кайтарууга жардам берип жана ал кайрадан өзүнөн жалындуу, шайыр жаштыкты сезе баштады.

Ал күчүн жыйнап, толук эс алып алгандан кийин сүзүүгө жөнөй тургандыгын билдиргенде Руфь өтө кейий түшкөнсүдү.

— Эмне үчүн? — деп сурап калды Руфь.

www.bizdin.kg

— Акча керек, — деп, жооп берди ал, — мага, басма кызматкерлерине каршы, жаңы чабуул жасашым үчүн акча керек. Акча менен чыдамдуулук — бул күрөштөгү эң сонун курал.

— Эгерде сизге акча эле керек болсо, анда эмне үчүн кир жуугучканада эле кала бербедиңиз?

— Себеби, кир жуугучкана мени айбанга айландырып таштады. Мындай иш адамды эзип, ичкиликке түртөт экен.

Руфь айран-таң кала түштү.

— Сиздин айтайын дегениңиз...— деп, баштады Руфь.

Ал жашырам десе Руфтан чындыкты оңой эле жашырып коймок, бирок, анын чындыкты айтууга үйрөнгөндүгү, ага мүмкүндүк берген жок, экинчиден жакында эле, эч нерсеге карабастан эмне болбосун, ар качан чындыкты гана айтамын деген өзүнө өзү берген анты кылт этип эсине да түшө калды.

— Ооба, — деп жооп берди ал, — бир нече жолу ошондой болгон.

Руфь селт этип чочуп кетип, кетенчиктей түштү.

— Менин тааныштарымдын эч кимиси мындай окуяны башынан өткөргөн эмес.

— Калыбы алардын эч кимиси, «Кайнар Булактагы» кир жуугучканада иштебесе керек, — деди ал, кайгылуу жылмаюу менен каршы чыгып, — Ар бир адам иштөөгө тийиш, эмгек адамга пайдалуу, муну дин үгүтүн таратуучулар айтып жатышат жана кудай турат ко, мен иштен эч качан жалкоолонгон эмесмин. Бирок бардыгынын чеги бар эмеспи. Ал эми кир жуугучканада ал чек жок., Мына ошондуктан мен сүзүүгө кайта кетүүнү чечтим. Бул менин эң акыркы жүрүшүм болот. Кайтып келгенден кийин мен басма кызматкерин жеңип чыга аламын, мен буга ишенем.

Руфь капалуу, бирок ыраазы болгондой унчукпай калды, ал эми Мартин болсо, өзүнүн башынан өткөргөндөрдүн бардыгын Руфь эч качан түшүнө албай тургандыгын сезип турду.

— Качандыр бир кезде, мен ушунун бардыгын «Эмгектин чөгүшү» же «Жумушчу табындагы араккечтиктин психологиясы» деп, же болбосо, темасын ушул өңдүү кылып китеп жазып калтырамын.

Эгерде биринчи жолку таанышууну эстебегенде, ал экөө бирин-бири эч качан азыркыдай алыс сезген эмес эле. Жек көрүүнүн чети байкалып турган анын ачык-айкын билдирүүлөрү Руфту өзүнөн ирээнжитип жиберди. Бирок, Руфту бул авалга келтирген себепке караганда, боюнун жыйрыла түшүшү, көбүрөөк таң калтырып жибергендей болду. Руфь азыр гана мурда экөө бири-бирине кандай жакын болгондуктарын терең сезип жана азыр андан бетер ынак болууну каалап кетти. Анын жүрөгүнүн тереңинде — Мартинди оңолтуу жөнүндөгү кыялдар кайрадан пайда боло түштү. Ал өзүнүн жолунан адашкан бул жигитти айлана чөйрөсүнөн эң болбогондо анын эркине туура келбесе да сактап калууну ойлоду жана ага, өзүнүн көңүлүн тарткан асыл каалоолор бийлегендей сезилип, ушулардын бардыгынын ары жагында бир гана сүйүү менен кызганыч жашырынып жаткандай туюлду.

Кээде алар күздүн сонун күндөрү велосипед тебишип, шаардын чет жагына чыгып кетишчү, өздөрүнүн сүйгөн дөңсөөсүнө отуруп алышып, бири-бирине жогорку ойлорго чакыруучу поэтикалык асыл жана маанилүү чыгармалардан окуп берише турган. Руфь ага чет элден келген мусапыр баладан «Китептердин падышасына» айланган Эндрь Карнегинин, мистер Бэтлердин жана өзүнүн

www.bizdin.kg

атасынын үлгүсүнө таянуу менен кыйыр түрдө болсо да, жан аябагандык, чыдамкайлык, эмгекчилдик сыяктуу сапаттарды сиңирүүгө умтулду.

Анын бул аракетин Мартин да жактырды. Азыр ал, Руфтун оюн жакшы түшүнүп, эми анын ички мүнөзү мурдагыдай оозу ачылбаган алтын сандык сыяктуу болбой калды. Алар кадимки тең ынак адамдар сыяктуу чын пикирден аңгеме жүргүзүшүп, ой-пикирлерин алмашышты. Бирок, ортодо пайда боло калган анча-мынча пикир келишпегендиктер Мартиндин жакшы мамилесине таасирин тийгизе алган жок. Анын Руфка болгон сүйүүсү, мурдагыдан да ого бетер күч алгандай боло түштү, себеби — ал Руфту мурда кандай болсо, дал ошондой эле терең сүйдү жана кала берсе, анын аялдык назиктиги делебесин козгоп, жаш жүрөгүн эритип жиберди. Ал Броунинг менен качып кетип, бактысы ачылганга чейин көп жылдар бою жаркырап күлбөй, ашыктыктын дартынан сары ооруга чалдыккан кишидей дайыма капага түшүп жүргөн Елизавета Баррет жөнүндө да окуган. Мартин да Броунинг Елизавета Барретти бактылуу кылгандай эле, өзүнүн сүйгөн жары Руфту бактылуу кыла тургандыгына терең ишенди. Бул үчүн ага бир гана нерсе — Руфь да аны чексиз берилип сүйүшү керек эле. Ал эми, калгандарынын болсо, жарасы жеңил болучу. Мартин ага өзүнүн саламаттыгын да, күчүн да арнамак. Ал ар качандан бир качан экөөбүз бирге кошулуп келечек өмүр сүр- сөк, деп көп ойлоно турган. Ал азыр кыялында өзү менен Руфту эмгек менен түзүлгөн, жасалгасы жараш- кан, жаркыраган бөлмөдө олтурушкандыгын көрдү. Ал экөө поэзия жөнүндө окушуп жана талкуулашкандай, Руфь гүлдүү жаздыктарды чыканактап жатып, үнүн чыгарып, китеп окуп берип жаткансыйт.

Анын көз алдынан экөөнүн келечектеги турмушу, бактылуу күндөрү элестеп кетпей койду. Кээде Руфь аны эмес, ал Руфту чыбыктай ичке белинен кучактап, ага китеп окуп берет. Руфь болсо башын анын ийнине жөлөйт. Кээде ал экөө бири-бирине кыналыша жакын олтурушуп, бир эле китепти үнсүз-сөзсүз экөө тең окушат. Руфь табийгатты бөтөнчө сүйөт, ал эми Мартиндин бай элестетүүлөрү, аларга бөтөнчө жагымдуу окуя жүрүп жаткан көрүнүштү алмаштырып турууга жардам бергендей болот. Бирде алар бийик жалама аска-зоолор менен курчалган жылганын боорунда, бирде жайкалган тоо шиберинин үстүндө, же деңиз толкуну шуулдап келип уруп кетип жаткан деңиз жээгиндеги кум дөбөнүн үстүндө отурушуп китеп окуп жатышкандай болсо, кээде ал өзүн Руфь менен бирге майда чачырандылары деңизге чейин ыргып келип, ал жерден

катуу шамал өзү менен кошо айдап кетип жаткан жанар тоолуу аралда, же бийик аскадан күркүрөп кулап түшүп турган зор шаркыратмалуу ысык өлкөлөрдө жүргөндөй сезилет. Ар качан табийгаттын ушул сулуулугунун көрүнүшүндө баштарын китепке эңкейтишкен Мартин менен Руфь шексиз пайда боло калышат. Ал эми табийгаттын мурдагы назик жана тумандуу көрүнүшү азыр аларга дүйнөнүн бардык жыргалчылыгын сезүүгө жардам берүүчү эмгектин, ийгиликтин жана материалдык камсыз болуунун картинасы менен алмашыла түштү.

— Мен кызыма этиятыраак жүргүн деп кеңеш берер элем, — деди бир күнү Руфтун энеси сактангандай түр менен.

— Мен сенин ким жөнүндө айтып жатканыңды билип турамын, бирок бул мүмкүн эмес. Ал болсо...

Руфь уялып, кызарып кетти; бул болсо, турмуштун ыйык сырлары жөнүндө биринчи жолу өз апасы менен аңгемелешкен кыздын уялуусу эле.

— Ал болсо, сенин теңиң эмес, — деп, энеси сөзүн бүтүрдү.

www.bizdin.kg

Руфь ооба дегендей башын ийкеди.

— Менин муну айткым келген эмес эле, бирок чындыгында ушундай. Ал өтө орой, копол жана күчтүү... өтө күчтүү. Ал анчалык деле...

Ал катуу уялып кеткендигинен сөзүн уланта албады. Мындай нерсе жөнүндө энеси менен пикир алмашуу ага өтө өөн учурап ыңгайсыз сезилди. Мына ушул учурда, анын сөзүн улантып энеси:

— Ал бирок, анчалык деле арзырлык турмушта жашаган жок. Сен ушуну айткың келди беле?

Руфь ооба дегендей дагы башын ийкеп, жүздөрү кызара түштү.

— Ооба мен дал ушуну айткым келген. Бул албетте, анын жамандыгынан эмес, бирок ошондой болсо да, ал өзүн көп учурларда...

— Жаман алып жүрөбү?

— Ооба. Кээде мен коркуп да кетем. Кээде ал мага өзүнүн башынан өткөргөн ээн баштыктары жөнүндө эч бир камырабастан, токтоо гана айтып турганын уккандан коркосуң. Чындыгында бул жерде эч нерсе деле жок- той көрүнөт, бирок мындай болууга мүмкүн эмес да. Туурабы?

Алар кучакташып олтурушту, кызым дагы бирдеме деп сүйлөсө экен деп күткөндөй апасы унчукпай калган Руфтун колдорун сылай баштады.

— Бирок ал мага эмнегедир жагат, — деп сөзүн улантты Руфь, — менин камкордук кылган кишим да болуп саналат. Анан андан башка жаш жигиттердин арасында менин эч качан досторум болбогондон кийин, өтө жакын болбосо дагы, ал мага ошондуктан дос да, камкордук кылган ишим да болуп саналат. Кээде мен андан коркуп кеткен кезимде ал мага эркелеп мени менен ойногон кезде ырылдап тишин шакылдатып чынжырын үзө тургансып мени көздөй жулунган чоң бульдоктой көрүнүп кетет. Руфь кайрадан унчукпай калды, энеси анын дагы сүйлөшүн күттү.

— Мен ага ошол... ошол бульдокко кызыккандай кызыгамын. Бирок, бир топ, жакшы жактары да бар жана ал жакшы жактары менен бирге менин мамилеме тоскоолдук кылуучу начар жактары да жок эмес. Мен азыр дал ошол жөнүндө ойлонуп турамын. Ал урушчаак, тамеки тартат, ичкилик ичет, мушташат, ал өзү мага — бул жөнүндө айтып берген, ал гана эмес, мушташууну жакшы көрө тургандыгын да айткан. Бул чындыгында менин күнөөм болсо деп...— Анын жаагы жап боло түштү да, анан үнүн акырын чыгарып: — самап жүргөн жигитим эмес. Анын үстүнө ал өтө күчтүү жигит. Ал эми менин сүйгөнүм болсо, ичке сымбаттуу, сулуу, чачтары калкара болууга тийиш. Жок ойлон- бой эле кой, мени Мартин Иденди сүйөт экен деп, бул мен үчүн чоң бактысыздык болор эле.

— Мен ал жөнүндө айтып жаткан жокмун, — деди апасы тайсалдай түшүп, — бирок сен ал жөнүндө ойлоду белең? Мындай адам сага бардык жагынан алганда да туура келбейт... ал эми кокустан, ал сени сүйүп калса, анда эмне кыласың?

— Бирок ал... ал мени эчактан бери эле сүйөт! — деп Руфь кыйкырып жиберди.

— Ушуну күтүүгө мүмкүн эле, — деп эркелеткенсиди миссис Морз. — Сага окшогон кызды да киши сүйбөй коёбу?

— Мына, Ольнэй мени жаман эле көрөт! — деп ал өтө ачуулуу кыйкырды. — Жана мен дагы аны жек көрөмүн. Ал кээде жаныма жакын келип калса, өзүмдү кадимки мышыктай сезип анын бетин тытып салгым келет, оюмда ал менин бул мүнөзүмдү сезип жүрөт ко деп ойлоймун деги аны көргөндө ит атайым тутулуп, куйкам курушуп, жиним келип кетет. Ал эми Мартинди болсо, андай көрбөймүн, жакшы көрөмүн. Мени ушул күнгө чейин эч ким сүйгөн эмес — «ушунчалык» сүйгөн эмес. Ал эми «ушунчалык» сүйгүнчүктүү болуу кандай сонун... Апа, эмне

www.bizdin.kg

айтайын деп жатканымды билесиңби? Өзүңдү чыныгы аял сыяктуу сезүү кандай жагымдуу. Руфь жүзүн апасынын көкүрөгүнө ката коюп. — Апа, кечирип кой мен өтө акылсызмын, бирок мен жүрөгүмдөгү сырымды жашырбай айтып жатамын.

Миссис Морз кызынын бул мүнөзүнө капалана да, кубана да түштү. Анын көз алдында кооз искусствонун. даанышманы — Руфь азыр ага кыз болбостон — аял болуп көрүндү. Тажрыйба өз ордунан чыкты. Руфтун мүнөзүндөгү түшүнүксүз кемчиликтер эми толукталып, толукталганда дагы коркунучсуз жана эч бир кыйналуусуз толукталган болучу. Бул кологой суучул жигит өзүнүн милдетин аткарып, аны Руфь сүйбөсө дагы, ал анын аялдык сезимин жандыра алган.

— Анын колдору калтырайт, — деди Руфь, уялгандай жүзүн жашырып, — бул өтө уят жана шылдың, бирок менин ага боорум ачыйт. Анын колдору бөтөнчө калтырап, көздөрү оттой чачырай баштаганда мен ага кайра-кайра насаат айтып, анын бардык кемчиликтерин көрсөттүм. Ал мени чындыгында кудайындай көрөт, аны мен жакшы билемин. Ал алышкан колго, айтышкан антка бек жигит. Бул болсо мени эмнегедир терең ойлонууга түрткөнсүйт. Мен өзүмө тиешелүү болгон бир нерсем бар экендигин сезе баштап жана өзүмдү башка кыздарга... жана башка... башка жаш аялдарга окшотуп жиберем. Мурда, албетте мен аларга окшош эмес элем, ал үчүн сиз дагы өтө тынчсызданган элеңиз. Бирок сиз аныңызды билдирген эмессиз, мен сезген... болчумун... жана менин Мартин Иден айткандай «оңолгум да» келген эле.

Бул энеси менен кызынын ыйык жана кымбат минуталары болуучу, ошондуктан алардын көздөрү кечки мунарыкта нымдалышкансып турду. Руфь — күнөөсүз, ачык-айрым жана тажрыйбасы жок кыз эле; ал эми анын апасы болсо — кызын чексиз сүйгөн, анын ички сырына түшүнгөн жана акыл-насаат айткан аял.

— Ал сенден төрт жаш кичүү, — деди апасы, — анын турмушта орду, атак-даңкы жок, же бир жерде турук- туу иштебейт, маяна да албайт. Ал өтө олдоксон жигит, аны билип кой. Эгерде ал сени сүйө турган болсо, кандагы бир аңгеме-саңгемелерге жана жаш балалык кыялга кызыкпастан, сага үйлөнүүгө канткенде мүмкүнчүлүк жана укук ала тургандыгы жөнүндө терең ойлонушу керек эле. Мен түбөлүккө ал ушул бала кыял бойдон калат ко деп коркомун. Анын эркектер сыяктуу, мисалы сенин атаң, мистер Бэтлер жана дагы биздин чөйрөбүздүн бардык адамдары сыяктуу турмуштан өзүнүн чыныгы ордун табууга эч качан аракети жок. Ал эми турмушта болсо, акчасыз жашоого болбойт. Акчасыз — бакыт жок. — О, мен зор байлык жөнүндө айтып жаткан жокмун, мен жөн эле дурусураак жан сактоого мүмкүндүк бере турган туруктуу киреше жөнүндө айтып жатамын. Ал эч качан, өзүнүн сезими жөнүндө айткан эмес беле?

— Ооз да ачкан эмес. Ооз ачууга аракет да кылган эмес, эгер анте турган болсо, мен сүйлөтмөк да эмесмин. Себеби мен аны таптакыр сүйбөймүн.

— Мен мунуңа ыраазымын. Мен, менин кызым, менин таза кызыкем ушуга окшогон адамды сүйүшүн каалабас элем. Бул дүйнөдө асыл, тыкан жана таза адамдар толуп жатпайбы. Бир аз күтө тур. Бир бактылуу күнү сен дал ошондой бир жигитке жолугасың жана сүйүп каласың, ал дагы сени сүйүп калат. Сен аны менен, мен сенин атаң менен кандай бактылуу болгон болсом, дал ошондой бактылуу болосуң. Сен бул жөнүндө эч качан эсиңден чыгарбашың керек...

— Ушундайбы апа?

Миссис Морздун үнү акырын жана назик чыгып:

— Балдар жөнүндө, — деди.

— Мен, ал жөнүндө ойлогом, — Руфь чынын айтып күтүлбөгөн жерден башына келе түшкөн орунсуз кыялдардан уялып, кайрадан кызарып кетти.

www.bizdin.kg

— Мистер Иден балдар үчүн гана сага күйөө боло албайт, — деди миссис Морз терең ойлонгондой. — Алар таза кандын тукумун куушу керек, ал эми Мартин болсо, аларга бул сапатты бере алат дейсиңби? Сенин атаң мага суучулдардын турмушу жөнүндө айтып берген... сен... билесиңби?

Руфь бушаймандуу энесинин колдорун кысып-кысып жиберип, өзүн бийлеген коркунучтуу жана бүдөмүк ойлор чындыгында эч кандай олуттуу маанигe ээ болбосо дагы, апасынын пикирин түшүнүп тургандыгын сезди.

— Апа, мен сени менен кеңешпей туруп, эч нерсе кылбаймын, — деп, баштады ал, — бирок сен менден кээде дал бүгүнкү сыяктуу өзүң сурашың керек. Бул жөнүндө мен сага эчак эле айткым келген болучу, бирок кантип баштарымды билген эмесмин. Мунум балким, жарабаган уялуу чыгар, бирок апа өзүң түшүнөсүң го, мага кандай болбосун сиздин жардамыңыз керек! — деп ал апасын колдон алып, бул жаңы жана али байкала элек экөөнүн ортосундагы теңдикти кубанычтуу сезгендей күтүлбөгөн жерден кыйкырып жиберди. — Эгер сен бул сөздү баштабаган болсоң, мен эч качан минтип, ойлобойт элем. Сиздин аял экениңизди түшүнүшүм үчүн, мен дагы алды менен аял болушум керек да.

— Биз экөөбүз тең аялбыз, — деди апасы кучактап, бетинен өөп, — биз экөөбүз тең аялбыз, — деп кайталады ал, — бөлмөдөн кучакташып чыгып бара жатып, кайрадан пайда болгон жолдоштук, жакындык сезиминен толкундана түшүп.

— Биздин кичинекей кызыкебиз, колукту болгусу келет экен, — деди бир саат өткөндөн кийин миссис Морз күйөөсүнө сыймыктануу менен.

— Демек, сен ал бирөөнү сүйүп калгандыгын айткың келип жатабы? — деди тиги аялына суроолуу көздөрү менен тигилип.

— Жок, мен ал бирөөгө сүйгүнчүк деп айткым келип жатат, — деди ал жылмаюу менен. — Тажрыйба ордунан чыкты. Кызың антсең деле аял болуп калыптыр.

— Анда Мартинди үйгө жолотпош керек, — деди мистер Морз оюн кескин түрдө бүтүрүп.

Бирок анын аялы башын чайкап:

— Зарылдыгы жок. Бир нече күндөн кийин ал сүзүүгө кетет. Кайтып келгенде да Руфь бул жерде болбойт. Клара жеңесиникине жиберип салабыз. Бир жылча ал чыгышта жүрүп, башка элдерди, башка тур- мушту көрүп, көзү каныксын, аба ырайын, айлана-чөйрөсүн алмаштырып көңүлү ачылсын, мунун бардыгынын пайдасынан башка зыяны жок.

XX ГЛАВА

Жазууну каалоо сезими Мартинди кайрадан өзүнө тартып кетти. Анын башында аңгемелер менен ырлардын идеялары биринин артынан бири төрөлүп, ал келечекте качандыр бир кезде пайдаланыш үчүн бир сыйра гана үстүртөн калем шилтеп коюп, таштап салды. Ошентип, жазарын жазган жок. Бул мезгилдерди ал өзүнүн дем алышы деп эсептеп, бардык убакыттарын ал махабат менен эс алууга жумшай турган болду. Анын турмуштук күчү кайра калыбына келип, мына ошондуктан, Руфь аны менен жолуккан сайын анын күчү менен саламаттыгынын зор таасиринин кучагында кала турган.

Өзүңө сак болуп жүргүн, — деди бир күнү апасы ага эркелеткендей, — Мартин Иден менен өтө көп жолугуп жүргөн жоксуңбу?

Бирок Руфь жооп кайтаруунун ордуна жылмайып гана күлүп койду. Ал өзүнө өзү терең ишенүүчү жана анын үстүнө бир нече күндөн кийин Мартин сүзүүгө

кетүүгө тийиш..Ал эми Мартин сүзүүдөн кайтып келген учурда, ал алыскы чыгышка кетип калган болот. Бирок ошондой болсо да, Мартиндин саламаттыгы менен күчтөрүндө кандайдыр бир укмуштуу сыр катылып жаткан эле.

Мартин Руфтун чыгышка барууга болжол кылгандыгы жөнүндө билген болучу, ошондуктан шашуу керек экендигин түшүндү. Бирок ал, Руфь сыяктуу кызга кандайча мамиле кылуу керек экендигин таптакыр түшүнбөдү. Анын бардык мурдагы тажрыйбалары ал абалды гана оордотту. Ал өзү мамилелешип жүргөн кыз-келиндер таптакыр башка боло турган. Алардын махабат, сыйлоо жана калп ашык болуу жөнүндө ачык-айкын көз караштары бар болучу, ал эми Руфь болсо, мунун бирин дагы билчү эмес. Руфтун чексиз күнөөсүздүгү, аны сүйлөтпөй мукактантып, эс-учунан тандырып жана эрксизден өзүн ага татыктуу эмес деп ойлондуруп жибере турган. Аны мындан кем эмес уялдырып жиберген дагы бир башка нерсе бар эле. Ал өзү ушул күнгө чейин бир жолу да чындап эч кимди сүйгөн эмес эле.: Албетте, кээде ага аялдардын жаккан учурлары да болбой койгон эмес, кала берсе ал алардын кээ бирлерине берилип, кызыгып да жүргөн, бирок мунун бардыгын таптакыр сүйүү деп атоого мүмкүн эмес эле. Ал жөн гана тамашалап, калп эле жакындаган болуп, айт деп койсо, алар кыйт, деп келип торуна түшүп берүүчү. Бул болсо ал үчүн бир мүнөттүк эмгек, кокустук, эркектер ансыз жашай албаган, татаал оюндун кичинекей бир бөлүгү, — кала берсе; анын орточо бөлүгү боло турган. Ал эми азыр болсо ал өмүрүндө биринчи жолу, өзүн коркок, оңтойсуз жана уялчаак сезип турду. Ал өзүнүн сүйгөн кызынын каухардай тазалыгынан апкаарый түшүп, ага кандайча жакындаарын, эмне деп сөз айтаарын, билбей кетти...

Ал бат-бат өзгөрүүлөргө дуушар болуп туруучу түркүн дүйнөнү кыдырып жүрүп, төмөнкүдөй бир акылман эрежени үйрөнгөндөй болду, өзүнө тааныш эмес болгон оюнду ойноп жатып, эч качан биринчи жүрүштү сен баштабагын. Бул эреже өзүн турмушта миң жолу аныктады; анын үстүнө бул анын байкагычтыгын өстүрдү. Мартин бир нерсени багыттап байкоого өзүнүн күчүн сыноого, душманынын күчсүз жери байкалганга чейин аны күтүп турууга үйрөнгөн эле. Ал гана эмес, мушташууда да ал душмандын начар жерин байкоого аракет кылуучу. Ал күчсүз жерин тапкандан кийин ага анын тажрыйбасы, дал ушул жерге чабуул жасоо керек экендигин айтып туруучу.

Мына, ал азыр Руфка өзүнүн сүйүүсү жөнүндө баяндагысы келсе да, аны айтууга шашпай турду. Ал кокустан Руфту шылдыңдагандай боломбу деп сөз айталбай сүрдөп, айбыккансыды. Ал мына азыр гана, ишеничтүү туура жолду ойлоп тапкандай болду. Сүйүү бул дүйнөдө адамдын тилинен мурун жаралган жана ал, өзүнүн алгачкы жаш кезинен тартып эле ыктарды жана амалдарды өздөштүрүп, аны эч качан унутпай калган. Мартин дал ушул алгачкы амалдар менен Руфтун ырайымдуулугуна жетишмек. Алды менен ал муну акыл-эссиз кош көңүлдүк менен иштеп жана эң акырында гана ал өзүнүн мойнуна алып чындыкты түшүндү. Өзүнүн колдорунун Руфтун колдоруна тийип кеткендиги ага ар кандай жалындуу сөздөн күчтүүрөөк жана Руфь анын күчүн саал сезе түшкөндүгү, саптар менен уйкаштардан күчтүүрөөк сүйүшкөндөрдүн жүздөгөн муундарынын жалынданyy менен жүрөгүндөгү сүйүүлөрүн баяндоолорунан да күчтүүрөөк таасир этип жиберген эле. Жүрөктөгү сырды сөз менен түшүндүрүү биримчи кезекте Руфтуп акыл-эсине таасир бермек, ал эми анын колдорунун тийип кетиши, бир минуталык жакындык, анын жүрөгүндөгү терең катылып жаткан аялдык сезимдерин аябай козгоп жиберди. Бирок анын тубаса сезими адамзат сыяктуу эле эң эски, кала берсе, андан да улуу болуучу. Ал сезим сүйүү

www.bizdin.kg

төрөлгөн эчаккы мезгилде жаралып жана анын байыркы акылмандык күчүнө, кийинки, кылымдын бардык назиктиги, айла-амалдары түбөлүк багынып берген эле. Мына ошондуктан, Руфь азыр унчуккан жок. Руфь өзүнүн сүйүүдөн мөгдүрөгөн жүрөгүнө Мартиндин тийгизген магниттей таасирине сын көз менен карап, талдабастан туруп ага ишенип, макул болууну каалабады. Мартиндин Руфту сүйө тургандыгы кадимки күн чыккандай шексиз болучу, анын кыймыл-аракетинен, жүздөрүнөн — сүйгөндүктүн белгилери — көздөрүнүн нурданышы, колдорунун калтырашы, анын моюндарын, кулактарын каптап, уялтуунун кызыл боёкторунун тарашы — мына ушуларды сезип, Руфь терең жалынданып, жыргап кетти. Кээде Руфь Мартиндин жаш денесин жандырып жибере турган мамиле жасап, жана ал муну ушунчалык чочугандык жана тажрыйбасыздык менен иштегендиктен Мартин гана эмес, анын өзү дагы муну сезбей калды.

Ал өзүнүн аялдык күчүн кубанычтуу сезгендиктен бүткөн бою калтырай түшүп жана кайра, кадимки умай эне сыяктуу аны менен ойноп, тамаша кылып, жыргай түшкөндөй болду.

Ал өзүнүн аялдык күчүн кубанычтуу сезгендиктен унчуга албады, мына ошондуктан ташкындаган сезимдери өзгөчө күчтүү эле. Ошол себептүү өзүнүн жакындашуусундагы жөнөкөй, өтүмсүз аракеттеринен чыгууга жол издөөнү улантып унчукпай турду. Анын колдорунун тийип кеткендиги Руфка жыргалдын, кала берсе, жүрөктү козгогон жыргалды сездирди. Мартин муну сезбегени менен. өзүнүн ага жагымдуу таасир этип тургандыгын туюнду. Алар бири-бири менен жолуккан жана коштошкон мезгилдерде гана колдон кармашып, учураша турган, бирок велосипедди кармашканда бири-бирине китептерди сунушканда, же аны бирге баракташкан учурларда алардын манчалары бири-бирине эрксизден жабыша калат. Руфтун чачы бир нече жолу анын мойнуна тийип, сылап өткөндөй жана өзүнө жаккан жерин окууга аракеттенип китепти көздөй үңүлө бергенде ийиндери Мартиндин көкүрөгүнө кынала түшкөндөй болду. Руфь өзүн бийлеп алган кээ бир тан каларлык сезимдерге ичинен күлкүсү да келип: кээде ал анын чачын тамашалап уйпалагысы, ал эми Мартин болсо, кезегинде китеп окуудан чарчап, Руфтун тизесине башын жөлөп көзүн жумуп, келечек жөнүндө, өздөрүнүн келечеги жөнүндө кыялдануну самады. Нечен ирет ал жаштар менен жекшемби күндөрү шаардын сыртына оюн-шоок өткөрүүгө барганда кайсы бир кыздын тизесине башын коюп жатып мемиреп уйкуга кеткен, ал эми анын бетине күн тийгизбеске аракеттенип, чачынан эркелете сылап, жалындаган көз карашын анын жүзүнөн албай олтурган кызды, анын сүйүүгө ушунчалык кош көңүлдүүлүгү таң калтырып жиберген эле. Кыздын тизесине башын жөлөө Мартин үчүн дүйнөдөгү эн жөнөкөй иш болуп эсептелүүчү, бирок азыр Руфту көздөй бир жалт карап алып, муну аткаруу турмак, ойлоого да мүмкүн эмес экендигин түшүндү. Бирок, дал ушул мүмкүн болбогондуктан жана ага тыкыс байланышкан токтоолуктун сезими анын өзүнө да сезилбестен, аны максатын көздөй жакындатты. Мына ушул токтоолуктун таасиринен ал Руфту чочутуп жиберген эмес эле. Турмуштан башы ката элек жана уялчаак Руфь алардын жолугушуулары кандай коркунучтуу багыт алып бара жаткандыгын байкаган жок. Руфь Мартинге эрксизден бериле баштады. Мартин болсо экөөнүн ортосундагы төрөлгөн жакындыкты терең сезип, ага өзүнүн сезимдерин баяндоону каалап, кайра токтоло түштү.

Бирок, бир күнү Мартин чындап чечилди. Ал терезе тарткычы жабылган Руфтун үйүнө келип, башы катуу ооруп төшөктө жатканын көрдү.

www.bizdin.kg

— Эмне ичсем деле жардам бербей жатат, — деди ал. Мартиндин үстү-үстүнө берген суроолоруна жооп кайтарып. — Доктор Холл порошок ичпегин дейт.

— Мен сизди эч кандай дарысыз эле айыктырамын, — деп жооп кайтарды Мартин, — толук ишендире албайм, бирок кааласаңыз иштеп көрүүгө болот. Бул жөнөкөй эле массаж. Мен муну Япониядан үйрөнгөнмүн. Япондуктар мыкты массажистер. Ушунун эле өзүн, кээ бир өзгөртүүлөр менен гавайдыктардын жасашканын да көргөм. Алар бул массажды «ломи-ломи» деп аташат. Бул кээде дарыдан да жакшыраак таасир этет.

Мартин кубанганынан жана ийменгенинен Руфтун суүшкүрүнүп жиберип мындай деди:

— Ох, жаным ордуна келе түштү.

Жарым саат өткөндөн кийин Руфь андан:

— Сиз чарчаган жоксузбу? — деп сурады.

: Бул суроонун артыкбаш берилип кеткенин сезип калды, себеби — буга кандай жооп угарын жакшы билген. Руфь үргүлөй түшкөнсүп барып, ага баш ийкегендей болду Руфка башынын ооруганы да басылып, Мартиндин колунун дарылык күчү дагы түгөнгөндөй сезилди. Акырында Руфтун башы басылып, жаны жыргап мемиреп уйкуга кирди. Мартин акырын чыгып кетти.

Руфь кечинде Мартинге телефон чалды.

— Кечке дейре уктадым, — деди ал, — сиз мени тап-такыр айыктырып салдыңыз, сизге кандай рахмат айтаарымды өзүм да билбеймин.

Мартин кубанганынан жана ийменгенинен Руфтун суроолоруна араңдан зорго жооп тапты, анын оюн Броунинг менен Елизавета Баррет гана ээлеп турду. Броунинг өзүнүн сүйгөнүнө кандай мамиле кылган болсо, Мартин Иден дагы өзүнүн сүйгөнү — Руфь Морзго да дал ошондой эле мамиле кыла алат. Ал өзүнүн бөлмөсүнө келип, керебетке чалкасынан түшүп жатты да, спенсерднн «Социологиясын» окууга киришти. Бирок башына эч нерсе түшпөдү. Сүйүү анын бүткүл оюн бийлеп алгандай, ал азыр өзүнүн сыя төгүлгөн кичинекей столчосуна кандай келип олтурганын да билбей калды. Жана анын бул күнү кечинде жазган сонетасы анын кийинки эки айдын ичинде жазып бүтүргөн «Сүйүү жөнүндөгү сонеталардын» элүү циклинин биринчиси болучу. Ал улуу чыгарманы түзүүнүн эң сонун шарты болгон — толкундануу жана сүйүү менен жазды.

Руфь менен жолугушканга чейинки бардык мезгилдерин ал «Сүйүү жөнүндө сонеталарын» түзүүгө жана кичинекей бөлмөсүндө, же китепканада отуруп, басма кызматкерлеринин тандоо сырына түшүнүү үчүн журналдардын учурдагы сандарын өтө көңүл кою менен окууга жумшады. Мартиндин Руфь менен өткөргөн I убакыттары жаркыраган үмүттөр менен ишенбестикке, күңүрттүккө бирдей толгон эле. Мартин Руфтун башын айыктыргандан бир жумадан кийин Норман Меррит көлүнө түнкүсүн барып, айдын жарыгында кайык тээп сейил куруп келүүнү сунуш кылды, Артур жана Ольнэй бул планды өтө жактыруу менен колдошту. Кайыкты туура алып жүрүүнү Мартинден башка эч ким билүүчү эмес, мына ошондуктан, капитандык милдетти өзүнө алууну алар Мартинден өтүнүштү. Руфь Мартин менен бирге кеменин арткы бөлүгүндө олтурду, ал эми берки үч жигит болсо, ортоңку отургучка сыйлыгышып, кандайдыр бир өздөрүнүн иштери жөнүндө бакылдашып, талашып-тартышып келе жатышты.

Ай али көтөрүлө элек, Руфь Мартинге унчукпастан жылдыздуу асманды көздөй көз чаптырып, ушул замат ал өзүнүн жалгызсырай түшкөндүгүн сезди. Ал Мартинди көздөй бурулду. Катуу шамал кайыкты саал бир жагын көздөй жантайтып жиберди, Мартин бир колу менен кайыктын калагын, экинчи колу

www.bizdin.kg

менен парустун жибин бекем кармап, жээктен бери чыгып турган урчукту айланып өтүүгө аракет кылып, кайык- тын багытын саал өзгөрттү. Мартин өзүн көздөй жиберген Руфтун көз карашын байкаган жок, ал Мартинди көздөй терең ойлуу көпкө чейин тигилип калды да, бул ашкан талантуу жигитти орточо деңгээлден жогору көтөрүлбөгөн аңгемелер менен ырларды жазууга убакыттарын бекер жоготууга түрткөн анын тынчын алган бул пайдасыз, иш жүзүнө ашпаган каалоолор жөнүндө ой жүгүрттү.

Руфь жылдыздардын жарыгынан күңүрт көрүнгөн Мартиндин жарашыктуу тулку-боюна суктанып, мурдатан эңсеп жүргөн мойнунан кучактап алсам деген ой аны бийлеп кетти. Ага башта жагымсыздай сезилген Мартиндеги күч, ошол эле учурда аны өзүнө тартып турду. Жалгызсыроо сезими күч алып, Руфь чарчагандыкты сезе баштады. Кайыктын термелиши да азыр анын кыжырын келтиргендей болду. Баягыда Мартиндин колу бир гана жолу тийүү менен анын баш оорусу жазылгандыгы жөнүндө эсине түшүрдү. Мартин Руфка өтө жакын олтурду жана кайык саал кыйшая түшкөндө Руфту Мартинди көздөй обдулдуруп жиберди. Эмнегедир Руфь Мартиндин кубаттуу көкүрөгүнө ыктагысы, эс алгысы келди жана ал өзүнүн бул каалоосун баамдаганча болбой, ошол каалоосуна багынгандай анын көкүрөгүнө башын жөлөп жиберди. Мүмкүн бул кайыктын термелишинен болгондур? Руфь муну биле алган жок. Ал муну эч качан биле алган жок. Ал өзүнүн Мартинге ыктай түшкөнүн сезгендей болду, ал эми көңүлү жай алып калды. Эгер бул кайыктын термелишинен болгон учурда да ал өзүн Мартинден ажырата албайт эле. Ал Мартинге акырын сүйөндү, Руфтун сүйөнгөнүнө оңтойлуу болсун деп Мартин оңдонуп олтурганда да, ал Мартинге ыктаган калыбын өзгөрткөн жок.

Бул Руфтун эркинен тышкары жасаган иши эле, бирок ал эч нерсени ойлогусу келбеди. Ал мурдагы Руфь эмес, азыр анда аял заты, ошол аялдык назик сезим анын жүрөгүндө күчтүү өкүм сүрүп турду, чынын айтканда, ал Мартинге саал гана жакындап олтурган, бирок ошондой болсо да, анын кандайдыр бир жөлөктү талап кылган каалоосу канааттандырылган. Анын жанагы бардык чарчагандарынын кайда кеткенин билбей калды. Мартин үн каткан жок. Ал бул сыйкырдуу кооз көрүнүштөргө кокус шек келтиремби деп чочуду. Анын токтоолугу менен чочугандыгы ага унчукпай өзүн кармап олтурууга жардам берди, бирок анын башы тегеренип, ойлору чаташа түштү. Ал эмне болуп кеткенин өзү да түшүнө албады. Бул өтө укмуш тан каларлык көрүнүш болучу жана бул адамдын жөнүндө болууга мүмкүн эмес эле. Ал жел кайыктын парусунун жиби менен калакты коё берип Руфту кучагына бекем кыскысы келип, бирок, өзүн араңдан зорго токтотту. Бирок ал жүрөгүнүн тереңинде мындай аракет иштин бардыгын буза тургандыгын сезип, ошондуктан кыялында өзүнүн колдору бош эмес экендигине кубанып, тагдырына чоң рахмат билдиргендей болду. Ошону менен бирге ал атайы эле, кайыктын жүрүшүн акырындатып уялууну жыйыштырып таштап, галсты көпкө чейин созуу үчүн парусту түшүрдү. Ал галсты алмаштыруу үчүн которулуп олтуруу — ал экөөнүн ортосундагы аралыкты бөлүп жиберерин сезди. Ал мунун бардыгын тиги талашып-тартышып жаткандар үчүн эң шектүү сезим туудурбастан аткарды. Ал өзүнүн эркине деңизди, кайыкты жана шамалды багындырууга жардам берип, азыр бул түндө сүйгөн кызы менен болгон жакындыкты узартууга таасир эткен өзүнүн бардык суучулдук турмушун чексиз алкыш менен курчады.

Асмандан акактай болуп көтөрүлгөн айдын алгачкы нуру аларга төгүлө баштаганда Руфъ Мартинден саал бери болуп жыла берди жана ал Мартиндин да

www.bizdin.kg

саал ары боло бергендигин сезди. Ал экөө тең башкалардын бардыгынан жашырынгылары келди. Алардын бул жакындыгын эч ким билбөөгө тийиш. Руфь азыр кызарган жүзү менен эмне болуп кеткенин түшүнбөй, саал четкерээк олтуруп калды. Ал эмнеси болсо да, агаларына, Ольнэйге айтууга мүмкүн болбогон кандайдыр бир нерсе болуп кетти окшойт. Эмне үчүн ал минтти? Ал мурда бир нече жолу айлуу түндө жаш жигиттер менен кайыкта жүргөндө да, мындай окуя башынан өткөн эмес эле. Ал гана эмес, ал муну каалаган эмес. Бул анын аялдык назиктиги — анын өзүнө дагы өтө коркунучтуу жана уяттуу сезилип кетти. Ал кайыкты бурганы жаткан Мартинди көздөй алдыртан көз чаптырып койду да, Мартин Иден аны ушунчалык ойлонбогон уяттуу аракеттерди иштөөгө түрткөндүгү үчүн жек көрүүгө даяр турду! Мүмкүн Руфтун апасынын айтканы туура чыгар, ал чындыгында эле өтө тез-тез көрүшөр, жолугушарда Руфь эми мындай окуя эч качан кайталанбай тургандыгын жана мындан ары аны менен азыраак жолугуша тургандыгын бекем чечти. Кала берсе, анын башына бир ыгы келе калган учурда, ага четин чыгарып, ай чыгардын алдында кайыкта сейил куруу учурунда эмнегедир көңүлү караңгылай түшөрүн айтуу жөнүндө болбогон бир ой келе калды. Бирок ал азыр өздөрүнүн бетин ачуучу — айдын өйдө көтөрүлөрү менен, экөө кантип бири-биринен окчун олтуруп калгандыгы жөнүндө эсине түшүрүп, Мартиндин өзүнө ишенбей тургандыгын түшүндү.

Кийинки күндөрү Руфь тим эле, өзү өзүнүкү болбой жүрдү; ал кала берсе, өзүнүн сезимин өзү талдай албай, азыр өзүндө кандай өзгөрүүлөр болуп жаткандыгы жана өзүн эмне күтүп тургандыгын да унутуп, кадимки жалындоо сезими менен табийгаттын бирде коркунуч- туу, бирде делебени козгоочу жашырын чакырыгына кулак салды. Бирок анын жүрөгүндө терең ишеничти туудурган бир ой — Мартинге сүйүү жөнүндө сүйлөөгө мүмкүндүк бербөө эле. Мартин дал ушинтип, унчукпай турса, кандай сонун. Бир нече күндөн кийин ал деңизге кетет. Айтмакчы, эгерде ал азыр бирдеме десе дагы, ал эч кандай коркунучу жок. Себеби өзү аны сүйбөйт эмеспи. Албетте, эгерде Мартин азыр кокустан сүйүү жөнүндө сөз козгоп жибере турган болсо, ал экөө тең жарым саат, бир саатча капалануу менен кыйналууну баштарынан өткөрүшпөй койбойт, себеби — Руфь сүйүү жөнүндө биринчи жолу угуп жатпайбы? Мына ушундай ойдон улам Руфтун жүрөгү дүкүлдөп кетти. Керилген бул кызды кимдер менин колуктум болсо деп эңсебейт. Ал өзүнүн айланасына өтө жагымдуу карады. Жалындоо анын бүткүл денесин курчап алып, бир гана ой анын башында кадимки чырактын тегерегинде айланган шайтан көпөлөк сыяктуу өчөшкөндүк менен чырмалып туруп алды. Руфтун табышмактуу ою алыска кетип, кыялында Мартинди сүйлөттүрүп, жүрөгүндөгү сүйүүсүн баяндаганда, ал өзү анын бул суроосуна жок деп жооп кайтарып салгандай, аны ошол эле учурда, кайраттуу сезимдерин козгоп, сооруткондой болот. Баары- нан мурда ал тамекини ташташы керек. Руфь андан муну бөтөнчө талап кылат. Айтмакчы, ал ага эч качан сүйүү жөнүндө сүйлөөгө руксат бербейт, жок, жок. Бул анын колунан келет, бул жөнүндө апасына сөз берген. Руфь калтырап, кызарып капалануу менен бул башка келбей турган кыялдарды четке какты. Ал өзүнүн сүйүүсү жөнүндө биринчи жолу баяндоону ыңгайлуу учурдун пайда болушуна чейин жана дагы татыктуураак талап- кер жолукканга чейин токтотуп -турууну туура тапты.

www.bizdin.kg

XXI ГЛАВА

Шамалдын акырын соккон илеби ойго чөккөндөн тыптынч турган абаны араңдан зорго гана кыймылга келтирип турат. Жана алтын нур чачкан күндүн тегереги бозомтук мунарык менен курчалган. Жанга жагымдуу күздүн алгачкы мезгилинде Калифорнияда бат-бат кайталанып туруучу эң сонун, жылуу жана мээримдүү күндөр башталды. Кадимки түрдүү түстөгү жиптерден согулгандай кара кочкул тарткан жеңил туман дөңсөөлөрдүн этегин курчап жатты, ал эми дөңсөөлөрдүн үстүндө түтүндүү темгилдер менен себеленип, Сан-Франциско шаарынын үйлөрү кырката созулуп жаткан эле. Шаардын ортосунда кадимки көлкүлдөп эриген металлдын тилкесине окшоп океан булуңу жаркырайт жана анын бетинин кээ бир жерлеринде, бирде токтоп турган, бирде агымдын багыты боюнча жай жылып бара жаткан кемелердин парустары агарат. Тээ тетиги алыста, күмүштөй тумандардын арасынан Тамалпайт асманга бийик заңкаят, батып бара жаткан күндүн нурунан пайда болгон Алтын Дарбазалардын көлөкөлөрү ичке бир таман жол сыяктуу алыска созулуп жатат, анын арт жагында тумандуу жана чексиз, жакындап келе жаткан кыштын кабарын баяндап түрмөктөшкөн тыкыс ак булуттар үстүндө көтөрүлүп турган Улуу океан мелмилдейт.

Жай мезгили аяктап калган эле. Бирок али да болсо, тамылжыган кызгылт түстүү өрөөндөрдү бара-бара кара кочкул кызыл түскө айландырып, дөңсөөлөрдүн арасында өзүнүн акыркы өкүмүн жүргүзүп бул жаратылыш менен коштошкусу келгендей акырындап, бирок өз өкүмүн орнотууга күз бир жактан кысып келгендигине туруштук көрсөтө албай, чаалыгуу менен жадап кетүүнүн мунарык кепинине жатып, өзүнүн жакшы эле жашагандыгын жана бул өмүрүнүн жемиштүү болуп аяктагандыгына кубанычтуу, тынч жана мемирегендик менен жан бергендей болду. Мартин менен Руфь мына ушул күзгү дөңсөөлөрдүн арасында, бири-бирине тийишкен баштарын китептин барактарына эңкейтишип, өтө жанаша олтурушту; Мартин китепти үнүн чыгарып окуп жатты; ал эми Руфь болсо, чанда гана аялдар дал ушундай сүйө ала турган, Броунингди чексиз сүйгөн аял жазган бул сүйүү жөнүндөгү ырларды бөтөнчө кунт коюу менен кулак салып угуп олтурду.

Мартин өтө жай окуй баштады. Аларга табийгаттын бул сыйкырдуу көрүнүштөрү, анын бир аз мурдагы эле укмуштуу кооздуктары акырындык менен билинбей жутулуп кеткендей болду. Жылдын алтындай жаркыраган мезгили — өзүнүн сапарын аяктап, өкүнүч кылбаган күнөөкөр кандай жашаса — дал ошондой жашап, сапар тартты. Курчап турган айланадагы аба дагы ал жөнүндөгү терең эске түшүрүүлөрдөн алсырай түшкөндөй болду. Бул алсыроо Мартин менен Руфтун кандарына кошулуп кеткендей, аларды талыкшытып, акыл-эсин, үрп-адат эрежелерин кубанычтуу үмүттөр менен курчап алгандай сезилди. Мартин кубанычтан мас болгонсуп, эки бети чоктой кызара түштү. Алардын баштары жанагыдан да өтө жакындаша түшкөндө кокусунан соккон жумшак желдин таасиринен Руфтун жибектей сулуу чачтары Мартиндин бетин сылап өттү, мына ошондуктан анын колундагы китептин тамгалары анын көз алдында баш-аламан жыбырай түштү.

— Менимче, сиз окуганыңыз менен оюңуз башкада го деймин, — деди Руфь Мартин окуп жаткан жеринен саал адашып, бир аз токтоло калганда.

Мартин балбылдаган көздөрү менен Руфту жалт бир карап алып, бирок сыр алдырбастан:

www.bizdin.kg

— Сиздин дагы оюңуз бөлөктө го деймин. Андай болбосо, акыркы сонетте эмне жөнүндө айтылды, кана, айтып бериңизчи?

— Билбейм, — деп күлүп жиберди Руфь. — Унутуп калдым. Эми окубай деле коё турсаңыз болот. Карачы, күн кандай сонун болуп турат!

— Биз сейилибизди көпкө созо албайт окшойбуз, — деди Мартин ойлоно түшүп, — көрдүңүзбү тээ-тетиги океандын үстүндө сур булуттар чогулуп, күн төккөнү турат.

Мартиндин жабылган китеби жерге колунан жылмышып түшүп, Руфь экөө үн катпастан, үргүлөп бара жаткансыган океандын кооз булуңунан тигилген көздөрүн албай терең кыялдануу менен көпкө чейин берилип карап олтурушту. Руфь кез-кез гана Мартиндин мойнуна алдыртан сүйгөн көз карашын жиберип жатты. Бул мүнөттө тартылыш законунан өкүмдүүрөөк тагдыр сыяктуу зор, кандайдыр бир күч күтүлбөгөн жерден анын бүткүл денесин бийлеп алгандай болду. Ал өзүн Мартиндин жанынан саал эле эңкейип койсо ийни менен Мартиндин ийнине тийип кетчүдөй аралыкта кармап олтурган эле. Мына азыр анын ийни эрксизден тийишип кетти. Руфь анын ийнине өзүнүн ийнин кадимки көпөлөктөр гүлдөргө тийип өткөндөй жеңил гана тийиштирип жана ушул замат Мартиндин жооп кайтарып, ошондой эле жеңилдик менен анын ийнине тез ыктай түшкөндүгүн жана анын бүткүл денесинин дүрүлдөй түшкөндүгүн сезди. Бул мүнөттө ал өзүн саал тарта кармаш керек эле. Бирок ал өзүнө өзү багынгысы келбеди. Анын бардык аракети эрксизден автоматтык түрдө иштелип, баш айлангандай кубанычтын таасиринен ал эч нерсе жөнүндө ойлоого да чамасы келбеди.

Мартин сүрдөгөндөй колдорун Руфту көздөй акырын сунуп, аны белден кучактады. Руфь муңайым жыргалдануу менен эмне күткөнүн өзү да билбеди; анын назик эриндери жалбырттаган оттой ысып, жүрөгү катуу туйлап, кандары улам тезирээк жүрө баштады. Мартин акырындык менен катуулап сыга кучактап, жай жана Назик Руфту өзүн көздөй тартты. Руфь чыдап тура албады. Ал калтаарый түшүп, үшкүрүп жиберди да, эс-учунан тангандай башын Мартиндин көкүрөгүнө жөлөп жиберди. Мартин тез эңкейе коюп, анын гүлдөй назик эриндерине жабыша калды.

Руфь көзүн ачып, эсине келе түшкөндөн кийин бул сүйүү болуу керек деп ойлоду. Эгерде бул сүйүү болбосо, өтө уят. Жок, бул сүйүү гана болуш керек. Ал күчтүү колдору менен өзүн кучактап, эриндери эриндерине жабыша түшкөн жигитти чексиз сүйүүчү. Ал ага табигый сезим менен асылып эркелеп, эптүү ыктады, бир кезде анын кучагынан суурулуп чыгып, чечкиндүү жана өзүн өзү унутуу менен Мартин Идендин күнгө күйгөн мойнуна колдору ороло чап кучактап калды. Каалоосун канааттандырган кубаныч ушунчалык күчтүү, ушунчалык курч болгондуктан Руфь акырын кыңкыстоо менен колун коё берип, эч нерсени сезбестен, Мартиндин ысык кучагына жашынгандай болду.

Көпкө чейин эч кимиси үн каткан жок. Мартин эки жолу эңкейип, анын таттуу эриндеринен сорду, ал ар бир өпкөн сайын Руфтун эриндери өзүнөн өзү аны көздөй умтулуп, анын бүткүл денеси Мартиндин кучагынан тынч мемиреген жыргалдуу эс алууну издеди. Ал Мартинден ажырай албады. Мартин унчукпастан аны кучагына бекем кысып, телмирген көздөрүн океандын булуңунун сол жагындагы чоң шаардан албай отура берди. Бул учурда анын көз алдында эч кандай көрүнүш пайда болгон жок. Ал көз алдынан бир гана түрдүү түстөгү боёкторду жана дал ушул өткөн күндөй сонун, жылуу, кадимки өзүнүн

www.bizdin.kg

сүйүүсүндөй ачык күн нурун көрүп турду. Ал Руфту көздөй эңкейгенде, Руфь үн ката баштады.

— Сиз мени качан сүйүп калдыңыз? — деп Руфь акырын сурады.

— Биринчи эле күнү, сизди биринчи эле жолу көрүү менен. Сизди мен, эчак сүйгөнмүн жана күн өткөн сайын улам күчтүүрөөк сүйө баштадым. Ал эми азыр болсо, жаным, сени мурдагыдан да күчтүү сүйүп турамын. Эс учумдан танып кете жаздадым. Менин башым бакыттан тим эле, тегеренип бара жаткансыйт.

— Мартин... жаным. Мен ургаачы болуп жаралгандыгым үчүн кандай бактылуумун, — деди ал, терең дем алып.

Мартин аны кайрадан катуу сыга кучактап, акырын мындай деп сурады:

— Сиз менин сүйгөнүмдү качан түшүндүңүз? Азыр элеби?

— О, эчак эле түшүнгөмүн. Биринчи жолу сүйгөнүңүздө түшүнгөм.

— Демек, мен кадимки жарганат сыяктуу сокур экемин да? — деп кыйкырып жиберди Мартин, анын үнүнөн терең өкүнүч сезилип турду. — Мен ал жөнүндө азыр гана, сизди өпкөндө түшүндүм.

— Мен аны айтайын деген жокмун.

Ал саал четке боло берип, Мартинди көздөй тигилди.

— Сиздин мени сүйө тургандыгыңызды, мен эчак эле түшүнгөм.

— Сизчи? — деп сурады Мартин.

— Мен муну күтүлбөгөн жерден сездим. — Руфь бул сөздү акырын айтып, көздөрү ымыр-чымыр боло түшүп, жүзү кызарып кетти. — Сиз мени кучактап, сүйгөнгө чейин, мен буга түшүнгөнүм жок. Мен сизге тур- мушка чыгамын деп эч качан ойлогон эмесмин, Мартин. Мени сиз кантип өзүңүзгө тартып алдыңыз?

— Билбейм, — жылмайып койду ал. — Бир гана сүйүүм менен тартып албасам, башка... Ал эми менин сүйүүм боло турган болсо өтө күчтүү, аялдын жүрөгүн гана эмес, жансыз ташты да эритип жиберүүгө жарайт.

— Мунун бардыгы мен көз алдыма элестеткендей сүйүүгө окшобойт,—деди терең ойлуу Руфь.

— Сиз аны кандайча элестеттиңиз эле?

— Мен сүйүүнү мындай экен деп, ойлогон эмесмин.

Ал бир азга Мартинди карап турду да, андан кийин
башын төмөн түшүрүп, мындай деди:

— Мен таптакыр эч нерсе билчү эмесмин.

Ал Руфту кайрадан өзүн көздөй тартып, кучактап өпкүсү келди, бирок ал, аны чочутуп аламбы деп коркту. Руфту кучактаган колу гана эрксизден саал созула түшкөндөй болду. Мына ушул учурда Руфь өзү аны көздөй умтулуп, алар көпкө чейин ысык эриндерден сорушуп турду.

— Бирок, менин ата-энем эмне дейт? — деп сурады Руфь күтүлбөгөн тынчсыздануу менен.

— Билбейм. Бирок кааласак билүү кыйын эмес дечи.

— Эгерде апам макул болбой койсо эмне кылабыз? Мен ага бул жөнүндө эч качан айта албаймын.

— Эмесе, мен айтайын, — деди кайраттанып ал. — Менимче, сиздин апаңыз мени эмнегедир жактырбагандай сезилет, бирок эч нерсе эмес, мен анын мага карата мамилесин жумшартууга жараймын. Сизди багындырган адам, кимди гана болбосун багындырганга жарайт. Ал эми, кокустан бул иш жүзүнө ашпай калса...

— Анда эмне болот?

— Баары бир, биз ажырашпайбыз. Бирок менин сиздин апаңыздын макул болоруна көзүм жетип турат. Ал сизди бөтөнчө жакшы көрөт.

www.bizdin.kg

— Мен анын жүрөгүн жаралап саламбы деп корком, — деди ойлоно түшүп Руфь.

Мартин эненин жүрөгү анчалык деле оңой-олтоң жаралана коюучу нерсе эмес деп, айтайын деди да, кайра анын ордуна:

— Бирок сүйүү, дүйнөдөгү эң улуу нерсе эмеспи!

— Сиз билесизби, Мартин, мен кээде сизден коркуп да кетчүү болдум. Мен азыр дагы, эгерде сиздин мурда ким болгондугуңузду жана эмне болуп иштегендигиңизди ойлосом, коркуп да кетем. Сиз мага өтө жакшы мамиле кылышыңыз керек. Билип коюңуз, мен али жаш балапанмын, чындыгында! Мен али эч кимди сүйүп көрө элекмин!

— Мен дагы. Биз экөөбүз тең балабыз. Биз эң бактылуубуз. Экинчиден бул биздин алгачкы сүйүүбүз да!

— Мүмкүн эмес! — деди кыйкырып ишенбегендей Руфь, анан анын колунан тез булкунуу менен бошонуп, — мен сиздин биринчи сүйүүңүз болушум мүмкүн эмес, сиз эмне... Себеби сиз суучул болгонсуз, ал эми суучулдарды болсо мен жакшы билемин...

Анын үнү буула түшкөнсүдү.

— Ар бир порттон бирден аял алууга көнүшүп калышкан деңизчи, — деди Мартин Руфтун сөзүн улап, — сиздин ушуну айткыңыз келди беле?

— Ооба, — деди жай гана жооп берип Руфь.

— Бирок ал сүйүү эмес да, — деди каршы чыгып олуттуу түрдө. — Мен бир далай эле порттордо болдум, бирок сизге жолукканга чейин мен сүйүүгө окшогон эч нерсени сезе албадым. Билесизби, баягыда мен биринчи жолу сиз менен жолугуп, анан үйдү көздөй келе жатканымда, мени аз жерден кармап кете жаздады.

Эмне үчүн?

— Тим эле, Полицейский мени мас деп ойлоптур. Ал эми мен болсом сүйүүдөн чындыгында эле ичпесем дагы... мас болучумун!

— Бирок биз мындан эмнегедир баш тартып жатабыз. Сиз эми эле экөөбүз тең балабыз деп айтпадыңыз беле, ал эми мен болсом мындай болууга мүмкүн эмес деп айтамын. Сөз, мына ушул жөнүндө болгон болучу, — деди Руфь.

— Бирок мен сизге мурда эч кимди сүйгөн эмесмин деп жооп бербеди белем, — деп каршы чыга түштү ал, — сиз менин биринчи, эң биринчи жана эң күчтүү сүйүүмсүз, — деди Мартин.

— Бирок дагы сиз чындыгында суучул болгонсуз да, — деди туруктуулук менен Руфь.

— Ошого карабастан мен сизди биринчи жолу сүйүп олтурам, — деди Мартин.

— Аныңыз туура, бирок аялдарыңыз... башка аялдарыңыз болгон да... О! — деп ал Мартинди укмуштай таң калтырып, күтүлбөгөн жерден көз жашын төгүп ыйлап жиберди, аны сооротуш үчүн Мартин алды-артына түшүп, эркелетип өөп да жатты.

Ушул замат Мартиндин оюна Киплингдин: «Бирок белгилүү бийкеч менен Джуди О, Греди бардык башка жактарынан бири-бирине тең болучу» — деген сөзү эрксизден келе түштү.

Анын окуган романдары аны башкача ойлоого үйрөткөн болсо дагы, азыр Киплингдин бул айтканы негизинен туура. Бул романдардан ал: ак сөөктөрдүн коомунда аялдарга жетүүнүн бирден бир туура жолу бул — аларга кайдыгер сунуш кылуу болуп саналат деген кортунду чыгарган. Ал өзү чыккан чөйрөдөгү кыздар менен жигиттер үчүн кучакташуу жана эркелетүү демейдегидей эле иш

www.bizdin.kg

боло турган. Жогорку таптын өсүп жетилген өкүлдөрүнүн арасында сүйүү сезимин баяндоонун бул сыяктуу амалдары эч бир жараксыз артта калгандыкты түшүндүрдү. Демек романдарда калп жазылган экен. Себеби ал буга далилдөөнү азыр эле учуратып олтурат. Бир эле үнсүз-сөзсүз эркелетүү кедей жумушчу кыздарга да жана жогорку коомдун кыздарына да бирдей эле таасир этет экен. Алардын сырткы түрүнүн окшош эместиктерине карабастан «алар башка бардык жактарынан бирдей укуктуу жана тең».

Эгерде ал Герберт Спенсерди эсине түшүргөн болсо, ал анда өзү деле дал ушундай кортунду чыгара алмак. Мартин Руфту эркелетүү жана өбүү менен сооротуп, жыргалдануу менен белгилүү бийкеч менен Джуди О' Греди чындыгында бардык жагынан бири-бирине тең келишет деген ойго чөмүлүп кетти. Бул ой аны Руфка жакындаштырууга жана аны эркинче бийлөөгө жардам бергендей болду. Руфтун келишкен сымбаттуу денеси — башка бардык эле дене сыяктуу болучу. Алардын никелешүүлөрүндө эч кандай мүмкүн болбогон эч нерсе жок болучу. Экөөнүн ортосундагы бирден бир гана айырмачылык бул бир гана таптык айырмачылык болбосо, башка айырмачылык жок болучу. Кала берсе бул айырмачылык сырткы айырмачылык боло турган. Ал эми азыр болсо, буга элес алып көңүл бурбай да коюлары мүмкүн эле. Ал римдик бир кулдун кара кочкул кызыл түстүү бачайы чапанга чейин жеткендиги жөнүндө окуду эле го. Эгерде ал ошондойго жеткен болсо, эмне үчүн анда Мартин Руфка жете албайт? Анын бардык тазалыгын, бузулбагандыгынын, маданиятынын жана ички сулуулугунун кабыкчасынын алдында кадимки Лиззи Конолли жана дүйнөдөгү бардык Лиззи Коноллилердики сыяктуу эле демейдегидей аялдык табыйгаты жашырынып жаткан болучу. Алардын бардыгынын табыйгаты эмнени кааласа, Руфь дагы эле ошону каалай турган болучу. Руфь дагы сүйө, кыскана жана жек көрө билүүчү: калыбы, ал бир топ туталанууну башынан өткөрсө керек; акыры ал кысканмак, айтмакчы жана ал анын порттордогу ойнош аялдары жөнүндө ойлонуп, кысканбадыбы.

— Экинчиден мен сизден улуумун, — деди Руфь күтүлбөгөн жерден Мартинди көздөй тигиле карап, — мен сизден төрт жаш улуумун.

— Ошондой болсо да, сиз али балапансыз. Ал эми мен турмуш тажрыйбаларым жагынан сизден жыйырма төрт жаш улуумун, — деди Мартин жооп кайтарып.

Чындыгында ал экөө тең сүйүү жагына келгенде али жаш бала сыяктуу болушчу: Руфь өзүнүн окумуштуулук наамына жана университеттик дипломуна, Мартин турмуштун каардуу тажрыйбаларына жана философиялык билгендерине карабастан, ал экөө тең — өздөрүнүн сүйүү сезимдерин бирине-бири кадимки жаш балача баш аламан жана ишенчээктик менен түшүндүрүштү.

Алар батып бара жаткан күндүн күкүрт нуруна чөмүлүшүп, кадимки ашык жарлардын сөзүнөн башташып аңгеме куруп олтурушту; алар сүйүүнүн укмуштуудай таң каларлык таасирине жана өздөрүн кезиктирген тагдырларына чексиз берилишип, бири-бирин дүйнөдө эч ким мындай сүйбөй тургандай чексиз терең сүйүшөрүнө бекем ишеништи.

Батыштагы үзүктөй кара булут батып бара жаткан күндү өзүнүн далдасына жашырды. Асман азыр кызгылт түскө айланып, айланадагынын бардыгы ушул кызгылт түскө бөлөнүп жана Руфь: «Кош бол, бактылуу күн» деп обонун бийик созду. Ал башын Мартиндин ийнине жөлөп, уккулуктуу обонго салып ырын уланта берди. Анын колдорун Мартин кармап олтурду, бул мүнөттө алар биринин жүрөгү экинчисинин алаканында тургандай сезишти.

XXII ГЛАВА

Кала берсе, эгерде миссис Морз энелик сергектик сезимине жөндөмдүү болбогон учурда да, ал Руфка бир көз жүгүртүү менен ал кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгондугу жөнүндө оп-оңой эле сезип коймок. Руфтун кызара түшкөн жүздөрү, жеңиштин салтанаты жана чексиз кубаныч жанып турган көздөрү анын башынан өткөргөн окуялары жөнүндө миссис Морзго бардык чечен сөздөргө караганда даанарак баяндап турган эле.

— Эмне болуп кетти? — деп сурады миссис Морз, Руфь өз керебетине келип жаткандан кийин.

— Сен бир нерсени сездиңби? — деп сурады өз кезегинде Руфь, титиреген үн менен.

Жооп кайтаруунун ордуна апасы мойнунан кучактап, чачынан сылап койду.

— Ал мага эч нерсе, айткан жок! — деп Руфь кыйкырып жиберди. — Мен мындай окуя болушун эч качан күткөн эмесмин, жана мен ага эч качан ооз ачууга руксат бербейт элем, — бирок ал эч нерсе айткан жок.

— Бирок ал эч нерсе айтпаса, анда эч кандай окуя да болбос эле го деймин.

— Бирок, кантсе да болор иш болду.

— Айланып кетейин кудай, менин каралдым, эмне деп тантырап жатасың! — деди миссис Морз. — Эмне болду! Эмне болуп кетти?

Руфь апасына айран-таң кала карады.

— Мен сени эчак эле туюнган экен деп ойлогом, — деди Руфь. — Биз Мартин экөөбүз колукту-күйөөбүз.

Миссис Морз кекээрдүү каткырып жиберди, анын үнүнөн ишенбегендик жана өкүнүч сезилип турган эле.

— Бирок, ал мага эч нерсени айткан жок, — деди сөзүн улантып Руфь. — Ал мени жөн эле сүйөт, анын эмнеси бар экен. Бул сен үчүн кандай күтүлбөгөн окуя болсо мен үчүн дагы дал ошондой эле күтүлбөгөн окуя болду. Бирок ал ооз ачып сөз да айткан жок. Ал мени жөн гана кучактап алды, мен... мен болсом эмне экендигимди сезбей кеттим. Ал мени, мен аны өптүм... Мен өзүмдү башкача кармай алганым жок. Мен аны өбүүгө тийиш болчумун. Мына ошондо гана мен аны сүйгөндүгүмдү түшүндүм. Руфь апасы келип, эркелетип өбөт ко дегендей унчукпай күтүп турду, бирок миссис Морз заардуу жек көрүүсүн сыртка чыгара албай ичине араң кармап турду.

— Албетте, бул өтө кайгылуу иш, мен муну билемин, — деди Руфь үнү өчө түшүп, — билбейм, сен мени бул үчүн кечиресиңби же жокпу. Бирок мен башкача мамиле кыла алган жокмун. Мен бул минутага чейин, аны сүйө тургандыгыма шек санаган эмесмин. Бирок бул жөнүндө атама өзүңүз айтыңыз.

— Мүмкүн атаңа эч нерсе деп айтуунун да кереги жоктур? Мен Мартин Иден менен өзүм сүйлөшүп, ага бардыгын түшүндүрөмүн. Ал түшүнөт. да, экинчи сенин башыңды айландырбайт.

— Жок, жок! — деп Руфь, туталануу менен кыйкырып жиберди. — Мен анын менден баш тартышын каалабаймын. Мен аны сүйөмүн, ал эми сүйүү кандай жакшы. Мен ага күйөөгө чыгамын, албетте, — эгерде сиз руксат берсеңиз.

— Бирок, Руфь кагылайын, атаң экөөбүздүн оюбуз башкачараак... жок, жок, жок бирөөнү сага мажбурлап таңат деп сен ойлобогун. Бирок жөн гана биз сенин биздин чөйрөнүн жаш жигитине, бардык адамдарга кадыр-баркы бар, өзүң сүйүп жактырган чыныгы мырзага турмушка чыгышыңды гана каалайбыз.

— Бирок мен Мартинди эчактан бери сүйөмүн да, — деди даттангандай Руфь.

www.bizdin.kg

— Биз сенин каалооңо албетте каршылыгыбыз жок, бирок, сен биздин кызыбызсың, ошондуктан биз сенин
ушундай адамга күйөөгө чыгышыңа тымпыйып унчукпай коё албайбыз. Сенин бардык назиктик менен сылыктыгыңа ал оройлук жана тарбиясыздыктан башка эч нерсе менен жооп бере албайт. Ал сага кайсы жагынан алсаң да тең эмес. Башкасын койгун, ал сени бага да албайт. Биз байлыктын артынан куубайбыз, бирок жашоо үчүн ыңгайлуу шартты жана белгилүү жыргалчылыкты күйөөсү аялына камсыз кылып берүүгө милдеттүү, мына ошондуктан биздин кызыбыз митаам селсаякка, суучулга, койчуманга, баш кесерге, кудай өзү билсин дагы кимге күйөөгө чыкпастан, келечеги кең, жакшы адамга чыгууга тийиш. Анын үстүнө ал бир жеткен ала-көөдөк, кайдыгер окшойт.

Руфь энесинин туура айтып жатканын түшүнүп, унчукпай калды.

— Ал бирдемени жазымыш болуп убактысынын көбүн ошого жоготот окшойт, дагы кала берсе, жогорку билимдүү жана бөтөнчө талантуу адамдар дагы чан- да ээ болуучу нерсеге жетүүнү каалайт экен. Үйлөнө турган адамдын үйлөнүүгө даярдыгы болуш керек да. Ал эми анын болсо, бул жөнүндө оюнда да жок. Мен эми эле айттым го, бул адам өзүнүн жеткен кайдигерлигинен күнү өтпөй жүрөт, сен буга ишенип, макул болуп койгун. Айтмакчы, жакшы мүнөздү ага байлап коюптурбу? Бардык суучулдар ушундай. Ал эч качан тыкан жана токтоо болууга аракеттенген эмес. Колунда болсо ары-бери түгөтүп, жок кылууга аябай көнүккөн жана бул айын сөөгүнө сиңип, канына тарап кеткен. Албетте, бул жерде жалаң гана ал күнөөлүү эмес, бирок бул да аны актай албайт. Сен анын мурдагы өткөн чар жайыт, бузулган турмушу жөнүндө ойлонуп көрдүңбү, анын турмушу башкача болууга мүмкүн эмес эле. А, садагаң болоюн кызым, сен турмушка чыгуу деген эмне экендигин билесиңби?

Руфь селт этип кетип, энесинин көкүрөгүнө жабыша түштү.

— Мен ойлодум эле...— Руфь терең ойлуу, көпкө чейин унчукпай калды. — Бул албетте, өтө коркунучтуу. Бул жөнүндө ойлоо мага өтө оор. Мен эми түшүндүм. — Менин сүйүүм бакыт эмес эле, чоң бактысыздык экен, бирок азыр менин өзүмө өзүмдүн күчүм жетпей калды. Сен атамды сүйбөй коё алат белен? Билсең, мен да ошондой. Бири-бирибизди эрксизден жакындаштырып, сүндүрүп турган биздин ортобузда кандайдыр бир нерсе бар сыяктанат — мен муну ушул күнгө чейин билген эмесмин. Мен аны сүйүп каламын деп, эч ойлогон эмесмин, ал азыр болсочу — сүйүп калдым, чек- сиз сүйүп калдым, — деди ал сөзүнүн акырында, үнүн салтанаттуу чыгарып.

Бул пайдасыз сүйлөшүү, дагы көпкө чейин созулду жана акырында алар эч кандай чара колдонбостон туруп, дагы бир аз убакытка күтүп турууну чечти.

Бир саат өткөндөн кийин, өзүнүн артык баш куулугу күтүлбөгөн жерден кандай окуяга дуушар кылгандыгын аялы мойнуна алган соң, Руфь менен энесинин чечимине мистер Морз да макул болду.

— Башкача болууга да мүмкүн эмес эле, — деди мистер Морз, — себеби ал, бул орой суучулдан башка эч бир эркек менен жакындашкан эмес. Эртеби, кечпи акыры кызың аял болмок жана ал аял болду, бирок таң каларлык нерсе бул — Руфтун жүрөгүн бийлеген жигит Мартин болуп олтургандыгында... Руфь аны көрөрү менен эле сүйүп калса керек, же Мартинди эңсеп, ойлонуп, башы аябай айланып калса керек.

Миссис Морз күйөөсүнө, Руфтун каалоосуна тикеден-тике каршы чыкпастан, билиндирбей кайыр жол менен таасир этүүгө аракеттенерин билдирди. Убакыт

www.bizdin.kg

болсо, бул үчүн жетишээрлик, анткени — Мартиндин азыр үйлөнө коёюн деген оюнда да жок эле.

— Мейли, Мартин менен канча жолукса Руфь өзү билсин, — деп чечти мистер Морз. — Ал канчалык Мартинди жакын билген сайын, ошончолук шексиз көңүлү кала баштайт. Мартинди мырзалардын бирөө менен салыштырып, көрүүгө ага мүмкүндүк берүү керек. Демек үйгө жаштарды көбүрөөк чакырып, кыздарды, биздин чөйрөнүн таалимдүү, маданияттуу жана чыныгы мырза жигиттерин келтирип туруу керек. Мына ошондо Руфтун көзүнө аларга салыштырганда Мартин тап-такыр башкача көрүнөт. Ошондо кызың Мартиндин ким экендигин түшүнөт жана чындыгында эле, ал али мурдун тарта албаган жаш бала. Эмне, жыйырма бир гана жашка араң чыгыптыр. Руфь болсо, андан бетер жаш бала. Экөөнүкү жөн эле баланын сүйүүсү, бара- бара өзүнөн өзү жоюлуп кетет.

Алар мына ушинтип чечишти. Үй-бүлөнүн чөйрөсүндө алар Мартин менен Руфтун турмуш курууга убадалары бүткөн деп эсептешип, бирок бул жөнүндө ичтерине сактап унчугушпады. Себеби алар муну баяндоонун зарылдыгы жок деп эсептешти. Кала берсе бул жөнүндө көпкө чейин ооз ачышпай турган болду. Мартинге жүрүшүңдү, турмушуңду оңдоп, өзгөртүшүң зарыл жана жазуучулугуңду таштап, мындай бир пайдалуу иш иштегин деп эч ким кеңеш бербеди. Мартиндин турмуштук ийгиликтерге жетишине таасир этүү жагы үй-бүлөнүн планына киргизилбеди. Мартин өзүнүн ниети арам душмандарынын гана чырагына май тамызып, ал эми өзүнүн болсо, мындай жазуусун таштап, акысы көбүрөөк жумушту кылгысы келген жок.

— Сиз менин адабиятка кызыккандыгымды жактырасызбы же жокпу, билбейм, — деди Мартин бир нече күндөн кийин Руфка. — Мен эжемдикинде тура ала турган эмесмин, акча жагым жетишпейт, бир жерге орношуп, өз алдымча тургум келет. Түндүк Оклендден бир үй таптым, тынч, өтө жакшы үй экен, тамак даярдап ичиш үчүн бир керосинка сатып алып койдум.

Руфь сүйүнө түштү. Айрыкча ага керосинка бөтөнчө жаккандай болду.

— Мына, мистер Бэтлер да ушундан баштаган. — деди Руфь.

Мартин бул кадырлуу мырзанын ысмын укканда саал кабагын чытый түшүп, мындай деди:

— Кол жазмаларымдын бардыгына марка жабыштырып туруп, дагы редакцияларга жиберип жибердим. Бүгүн башка үйгө көчүп келип, эртеңден баштап, ишке киришемин.

— Эмне, кызматка орноштуңузбу? — деди Руфь бул кубанычтуу кабардан токтоно албай, кыйкырып жиберип жана ага жакындай түшүп, жылмая анын колунан бекем кысып. — Эмне үчүн мага эч нерсе айткан жоксуз! Кандай кызмат экен?

Бирок Мартин башын тескери чайкап койду.

— Мен эртеңден баштап, кайрадан жазамын деп айткым келип жатат.

— Руфтун өңү бузула түштү, ал эми Мартин болсо сөзүн шашкалактап улантып: — Мени туура түшүнүңүз. Эми мен пайдасыз куру кыялдарга берилбеймин. Мен ишмердүүлүк менен, өзүмдү катуу кармап, туруктуу иштеймин. Бул болсо, кайра сүзүүгө жөнөгөндөн көрө пайдалуураак жана мен катардагы окленддик кызматчыга караганда, көбүүрөөк иштеп табарыма ишенемин. Иштебеген акыркы айлардын ичинде, мен абдан көп ойлондум. Өткөн айларда мен кадимки чобур атча иштебей жүрдүм, эч нерсе жазган да жокмун, жазсам дагы редакцияларга жибергеним жок. Мен өзүмдүн бардык убактымды сизге жана ар түрдүү нерселер жөнүндө ой жүгүртүүгө жумшадым. Чынын

www.bizdin.kg

айтканда анда-санда журналдардан окуп жүрдүм, бирок бул менин ой жүгүртүүлөрүмө жатат. Мен өзүм дүйнө жана андагы өзүмдүн ордум жөнүндө, келечекте сизге тар- туу кыла турган мансапка, байлыкка жетүүгө менин кудуретим барбы, мына ушул жөнүндө ойлондум. Андан башка мен, Спенсердин «Стилдик философиясын» окуп чыктым жана ал китептен тике менин өзүмө, — тагыраак айтканда менин жазгандарыма жана дагы журналдарда ай сайын басылып чыгып жаткан адабиятка тиешелүү болгон көп кызыктуу нерселерди учураттым. Ой жүгүртүүнүн, окуунун жана сизге чексиз берилүүнүн, — мына ушулардын бардыгынын эң акырында, мен адабий кесипчи болууну чечтим. Эң алгач мен улуу чыгармалар жөнүндө ойлонбостон, күндөлүк талапка ылайык келүүчү: фельетон, мыскыл-тамаша, ырлар, — койчу, деги эле талап кылынган ар кандай сандырак нерселер жөнүндө болсо деле шакылдатып жаза беремин. Айтмакчы, жекшембилик тиркемени камсыз кылуу иретинде газет үчүн макалаларды, күлкүлүү чыгармаларды жазышкан кээ бир адабияттык кабарчылар бар эмеспи. Мен дал ошолорго жаккандай кылып жазып, мына ушинтип, көп акча табамын, ишенип коюңуз. Алар айына кеминде төрт жүз, болбосо беш жүз доллардан айдатышат экен азаматтар. Мен албетте, аларга теңелгим келбейт, бирок жок дегенде, оокатка жетерлик акча табамын жана экинчиден пайдалуу жагы — өзүмдүн жазуу жана окуум үчүн убакыт да болот, — мындай мүмкүнчүлүктү чындыгында, башка эч кандай кызмат түзбөйт. Акырындык менен анан мен өзүмдүн күчүмдү чыныгы чыгармаларды жазууга сынап жана чыныгы ишти аткаруу үчүн окуп даярдана баштаймын. Ишенсеңиз, мен өзүмдүн ушунчалык тез алга жылып кеткендигиме өзүм таң каламын. Албетте, биринчи жолу Жаза баштаган кезимде мен ар түрдүү окуяларды жөн эле баяндап жаза берүүчүмүн, бирок бул жазгандарымда эч кандай ой жок болучу. Менин ал гана эмес, ой жүгүртүүм үчүн сөздөрүм да жок эле. Ал эми, менин башымдан өткөргөндөрүм менин кез алдыма бардык маанисинен ажыраган көрүнүштөрдүн катар тизмегиндей болуп көрүндү. Ал эми мен сөз байлыгымды көбөйтүп, окуй баштаган кезимде, бул көрүнүштөрдүн мурда мага сезилбеген бир топ жерлерин азыр көрө баштадым. Мына ушул кезден баштап гана мен чыныгы чыгармаларды жаза баштадым; мен «Укмуштуу окуялар». «Кубаныч», «Казан», «Турмуштун шарабы», «Көңүлдүү көчө». «Сүйүү жөнүндө сонета» жана «Деңиз ырларын» жаздым. А1ен мындан ары да дал ушундай, кала берсе, мындан да сонун өтө көп чыгармаларды жазамын, бирок мен буларды бош убактарда гана жазамын. Мындан ары мең, куру кыялга чөкпөймүн. Эң алды акча табыш үчүн гана иштеп, андан кийин улуу чыгармаларды жазамын. Кечээ кечинде мен сизге өзүмдүн айткандарымдын чындыгын атайын далилдеш үчүн жума сайын чыгуучу күлкүлүү журналдар үчүн беш-алты майда тамсилдерди жаздым, жатар астында башыма бир мыскыл тамаша ырлардан жазып көрүү жөнүндө ой келип, бир сааттын ичинде төрт тамсил жаздым. Ар бирине бирден доллар бериши мүмкүн. Жатып-туруп иш арасында төрт долларды — шак таба коюу — калыбы жаман иш болбосо, керек. Албетте, бул иш өзүнөн-өзү, эч кандай маниге ээ болбойт. Мындайча айтканда жадатма, бир беткей, бирок мекеме ишин жүргүзүүдөн жана айына алтымыш доллар үчүн эсеп жетпеген сандарды кошуп алуудан көңүлдүүрөөк. Экинчиден бул иш адабият жагына да байланыштуу жана менин чыныгы чыгармаларды түзүшүмө мүмкүндүк берет.

— Бирок чыныгы чыгармаларды жана улуу чыгармаларды жазуудан эмне пайда? — деп сурап калды Руфь. — Сиз аны баары бир сата албайсыз да?

— Кантип эле...— деди ал.

www.bizdin.kg

Руфь анын сөзүн бөлүп кетти:

— Сиз жанагы эсептеп өткөн, ушул убакка чейин жазган чыгармаларыңыз өзүңүзгө абдан жаккандыгына карабастан, бир сабын дагы сата албаптырсыз эмне. Биз сиздин эч ким, эч качан сатып албаган чыгармаларыңызга турмуш кура албайбыз.

— Эгер андай болсо, эмесе бардыгы сатып ала турган ырларымдын эсебинен турмуш курабыз, — деп Мартин чечкиндүү кайталап, Руфту белден алды; Бирок Руфь бул жолу эркелетүүнү сүйбөй турган эле.

Угуп турсаңыз да болот, — деди Мартин жагат ко дегендей үмүттүү, — бул искусство эмес, бирок доллар: Үйдө мен жок элем, Келгенде менин таанышым Ал кирген чырак сурайм деп, Үйдө мен жок элем, Анан менин таанышым Мага болду эң капа. Келдим азыр үйгө мен, Бирок менин таанышым Кетип калган ал жана.

Ырдын көңүлдүү жана шаңдуу ритми, акырындык менен үмүтү үзүлгөндүктүн белгиси тарай баштаган анын жүздөрүнүн көрүнүшүнө айкалышкан жок. Руфь жылмайган жок. Тескерисинче ал Мартинге нааразы болгондой сүрдүү карады.

— Мүмкүн бул үчүн берсе, бир доллар берер, — деди Руфь, бирок бул доллар кайырчыга берген садагадан көп эмес. Сиз эмне үчүн түшүнбөйсүз Мартин, бул сиз үчүн өзүңүздү басындыргандык. Мен, менин сүйгөн жана кадырлаган адамым тантырап уйкаш ырларды түзүүнүн ордуна олуттуу жана татыктуу иштин артынан түшүшүн каалар элем.

— Сиз анын мистер Бэтлерге окшош болушун каалар белеңиз? — деп сурады Мартин.

— Билемин, — деди Руфь. — Мистер Бэтлер сизге жакпайт.

— Мистер Бэтлер абдан сонун адам, — деди ал. — Анын ашказанынын бузуктугу эле болбосо, башкасынын бардыгы жакшы. Мен дагы түшүнөм, мекеме иштери менен алп урушуу менен машинка басуудан кантип эле ыр жазуу жаман болсун? Ал да, бул да максатка жетүүнүн каражаты. Сиз мени китептерди кайрадан тешилип окуп, акыр аягында кандайдыр бир адвокат же болбосо, бир коммерсант болсо дейсизби? Мен алды менен газетке майда макала жазуудан баштап, акырында чоң жазуучу болуп чыккым келет.

— Бирок, бир айырмачылык, сезилгенсийт, — деди Руфь такып.

— Кандай?

— Кала берсе, сиз өзүңүз жарактуу деп эсептеген чыгармаңызды өткөрө албай олтургандыгыңызда болуп жатат. Сиз аракет кылып, бир нече жолу жиберсеңиз дагы редакторлор сиздин бир дагы аңгемеңизди сатып албаптыр.

— Мага убакыт гана бериңизчи, жаным? — деди Мартин жалынычтуу. — Бул иштин башталышы гана болуп саналат. Мага бир-эки жыл убакыт бериңизчи. Мен бул эки жылдын ичинде, сөзсүз ийгиликке ээ боломун жана менин бардык чыгармаларым биринин арты- нан бири чыга баштайт. Мен өз күчүмө сыйынып айтып жатам. Мен өзүмө ишенем жана эмнеге жөндөмдүү экендигимди билемин. Мен адабият эмне экендигин жакшы билемин жана болбогон бир жазуучу сөрөйлөр журналдар менен газеталардын беттерин кандай тантырак чыгармалар менен булгап жаткандыктарын да жакшы билемин. Мен эки жылдан кийин ийгиликтер менен даңкты көздөй кенен жол менен кадам шилтей баштаймын. Мен эч качан кызмат жагынан ийгиликке жетише албаймын. Себеби мен аны каалабаймын. Бул сыяктуу иш мага кандайдыр бир көңүлсүз, майда, маанисиз нерсе катары сезилет. Экинчиден менин бул ишке жөндөмүм жок. Мен жөнөкөй мекеме кызматчысынан жогору өсө албаймын, ал эми ушул иштеп тапкан жарыбаган маяна менен жашоого болобу? Мен сиз үчүн дүйнөдөгү болгон эң

сонун нерселерге жетким келет жана кандай гана болбосун жетемин. Сөзсүз жетемин? Атактуу жазуучу ар кандай мистер Бэтлер сыяктуу бечарага караганда он эсе көп иштеп табат. Билесизби, эгерде жазуучунун жазган китебин эл талап кете турган болсо, анда жазуучу үчүн кеминде элүү же болбосо, жүз миң доллар даяр турат деп эсептеп коюңуз. Бирок кээде, бул суммадан азыраак болуп калышы мүмкүн, эч нерсе эмес.

Руфь үн катпады. Ал өтө капалана түштү жана бул капалануусун жашырууга аракет кылбады.

— Эмне, жаманбы? — деп сурады Мартин.

— Менин оюм тап-такыр башкача болучу. Мен мурда да жана азыр да, сиз үчүн пайдалуу нерсе бул — машинканы басканды билет экенсиз, эми стенографияга үйрөнүп менин атакемдин мекемесине кирип иштесеңиз жакшы болор эле деп ойлоймун. Сиздин жөндөмдүүлүгүңүз бар экендигине толук ишенемин, эгерде кирип иштесеңиз сизден келечекте жакшы сот кызматкери чыгарына эч кандай шек кылбаймын.

XXIII ГЛАВА

Мартин өзүнүн жазуучулук талантына Руфтун терең маани бербегендиги анын Руфка карата болгон сүйүү жалынын өчүрө алган жок. Мартин өзүнүн «дем алыш» күндөрү өзү жөнүндө көп ойлонуп, өзүнүн сезимдерин терең талдап чыкты. Сулуулук ал үчүн даңк-атактан жогору тургандыгына анын көзү жетти жана Руфка жетиш үчүн гана ага атак керектей сезилди. Ал жалаң Руфь үчүн гана атакка ушунчалык умтулган эле. Ал эл көзүнө көрүнүүнү жана сүйгөн кызы сыймыктануу менен аны өзүнүн сүйүүсүнө татыктуу деп эсептешин самады.

Ал сулуулукту ушунчалык сүйгөндүктөн ага кызмат кылуу ал үчүн чексиз жыргалдануу туудургандай сезилди. Бирок ал, Руфту андан жакшыраак көрүүчү. Сүйүү ага дүйнөдөгүнүн бардыгынан кымбат көрүндү жана аны олоксуз суучулдан тез эле сүрөтчүгө жана ойчулга айландырып жиберген, анын жүрөгүндөгү улуу бурулушту жараткан бул — Руфь эмеспи? Сүйүү ал үчүн искусство менен илимден жогору тургандыгында таң каларлык эч нерсе жок. Мартин азыр өзүн ой жүгүртүү жагынан Руфтан да ашып, анын атасынан жана бир туугандарынан күчтүүлүк кыла тургандыгын сезе баштады. Руфь өзүнүн алган университеттик бардык билимине карабастан, кооз искусствонун даанышманы деген наамына карабастан, Мартиндин бир жылдын ичинде дүйнө, искусство жана турмуш жөнүндө өз алдынча окуп үйрөнүп, билгениндей билүү жөнүндө кыялдана да албады.

Бирок бул анын Руфка карата болгон сүйүүсүнө жана Руфтун ага карата болгон сүйүүсүнө эч кандай жолтоолукту түзгөн жок. Сүйүү артыкча сонун жана артыкча асыл сезим болучу, мына ошондуктан Мартин бул сезимди кагып-силкүү менен шылдыңдагысы келбеди. Айтмакчы, сүйүүнүн — Руфтун искусствого, француз революциясына карата көз карашы же болбосо, жалпы элдик добуш берүү менен кандай байланышы бар? Мунун бардыгы акыл-эске тиешелүү нерселер, ал эми сүйүү болсо, эс-акылдан күчтүү. Мартин сүйүүнү кемсинте албады, себеби ал аны ар качан жогору баалоочу. Ал үчүн сүйүү көз жеткис бийик аскалардын чокуларында, эс-акылдын өрөөнүнүн бийик асманында жашагандай сыяктанды. Сүйүү жашоонун мазмуну, өмүрдүн эң жогорку чекити болучу жана ал ар кимдин бактысына туура келе берүүчү да нерсе эмес. Ал өзүүнүн сүйгөн философдорунун окууларынан сүйүүнүн биологиялык мааниси жөнүндө да окуган, бирок ал өзү үчүн алардын негизги көрсөткөн эрежелерин

www.bizdin.kg

өөрчүттүү менен, ал сүйүүдө гана адамдын организми өзүнүн мазмуунун аныктайт, ошондуктан сүйүү калетсиз — өмүрдүн жогорку, эң жогорку жыргалы катары кабыл алынууга тийиш. Сүйгөн адам Мартинге жыргал үчүн төрөлгөн кандайдыр бир башкача жандай сезилүүчү жана жер жүзүндөгү бардык — жыргал, байлык, билим, ийгилик ал үчүн эч кандай мааниге ээ болбогон, кала берсе, өмүрдүн өзү да маанисин жоготкондой сезилген, себеби — ал «бир сүйсө да, анан өлсө, арманы жок болучу», мына ушундай сүйүүгө туруктуу, антка бек жигиттин элеси ага эң кымбат болуп көрүндү.

Бул сыяктуу ойлор Мартиндин башына мурда да келген, бирок ал бул ойлордун көпчүлүгүн азыр гана жеткире талдап олтурат. Ал көңүлүн бир гана Руфка жолугуу мезгилинде гана алаксытууга мажбур болбосо, башка бардык убакыттарын чебердик менен пайдаланып, өтө кайраттуулук менен чымырканып иштеди. Жакындан бери турган Мария Сильва деген португалиялык аялдын үйүнө айына эки жарым доллардан төлөмөк болду. Бул бейжайыраак келген португалиялык жесир аялдын көп баласы боло турган, ал ушул балдарын ач кылбас үчүн жан аябай эмгектене турган. Анан өзүнүн кайгысын жеңилдетүү үчүн коңшусундагы жеркепеден кычкыл вино сатып келип ичүүчү. Алды менен Мартин бул аялды өтө жек көрдү. Айрыкча анын тилинин заардуулугу бөтөнчө аны капа кылгандай болду. Бирок бара-бара ал бул жесир аялдын жан сактоо үчүн жүргүзгөн оор күрөштөгү өтө туруктуулугуна аябай таң калды. Бул аял жашаган үйдүн төрт кичинекей бөлмөсү болучу, мына ошонун бирин Мартин ээлеп турду. Экинчи бөлмө конок үйү үчүн белгиленген, үйдүн таманына төшөлгөн чаар-ала таар үйгө кооздуктун түрүн берип тургансыйт, бирок... тамдын боорундагы илинип турган каза тапкан жаш баланын сүрөтү көңүлгө кайгылуу өкүнүчтү туудургандай болот. Конок үйү жалаң гана коноктор үчүн белгиленип, анан терезе жапкычы дайыма сыртынан бекилип туруучу жана бул үйгө көрүүгө берилген орой буйрук, бөтөнчө салтанаттуу гана учурларда бериле турган. Аял ашканасына тамак даярдап, бала-чакасын ошол жерде тамактандырып, кирин жууп, кийимдерин үтүктөп, жекшемби күндөрүнөн башка бардык күндөрүн жанын жанга уруп, каржалганча иштөөчү. Ал акы алып дайыма коңшуларынын кирин жууп берүүчү, бул анын кирешесинин негизги булагы боло турган. Анын жаткан бөлмөсү кадимки Мартин ээлеген бөлмөдөй эле тар, анда өзү, жети баласы менен жашоочу. Мартин бул тар үйгө алар кантип батышарына түшүнө албай кетти, ал кечкисин үйдүн жука дубалынан португалдык аялдын балдарынын кадимки канаттуулардын базарлары сыяктуу кыйкырып-бакырып, чуулдашкандарын угуп туруучу. Мариянын экинчи кирешеси — анын эки ую бар эле, ал бул уйларын эки маал: эртең менен жана кечкисин саай турган. Уйларын кээде көк чөпкө жайып, кээде жайбастан, жолдун жээктерине өскөн чөптөрдөн уурдап жулуп келип алдыларына салып коёт. Анын самтыраган эки баласы уй кайтарышат, башкача сөз менен айтканда, алар уйларды полицейскийдин көзүнө чалдырбас үчүн жакшылап бакмалап туруучу.

Мартин өзүнүн тар бөлмөсүндө уктап, окуп, жазып, ой жүгүртүп жана чарбалык иштерин жүргүздү. Секи- чени көздөй чыккан жалгыз айнектин жанында жазуу столун, китеп текчесин жана жазгыч машинканы коюучу столун алмаштыруучу ашкана столу коюлган эле. Тиги арткы дубалга такай коюлган керебет бөлмөнүн үчтөн эки бөлүгүн ээлеп турат. Столдун катарында чалдыбары чыккан ич кийим салуучу шкаф турат, анын фонерлеринин кабырылып кеткендигинен аны жасап саткан киши сатып алуучуга ыңгайлуу болушун ойлобостон, эптеп көбүрөөк пулга өткөрүү жагын ойлосо керек. Ич кийим салгыч

www.bizdin.kg

бир бурчта, ашканасы бир бурчта турган бул үйдө дагы бир үстүнө самын, керосинка коюлган жыгач үкөк турат, ичинде болсо табак-аяк, идиштер, ашкана буюмдары сакталуучу; тамдын боорунда тамак-аш үчүн секиче орнотулуп коюлган жана жерде болсо ичинде суусу бар чака турат, бөлмөнүн ичинде водопровод жок болуучу, мына ошондуктан Мартин суу үчүн ашканага келе турган. Керебетинин үстүнө Мартин велосипедин илип койду. Ал алгач велосипедди үйгө киргизбей эле, төмөн жакка астына коюп жүрүүчү. Бирок балдар ойноп, шинасын бузуп таштаптыр мына ошондон кийин ал велосипедин үйгө алып келип тамдын төбөсүнө илип коюучу болду.

Кичинекей кийим салгыч шкафынын ичинде кийимдер жана столдун үстүнө батпаган китептер жатат. Окуу менен бирге Мартин майда макалаларды да жаза баштады, жана бул сыяктуу макалалар ушунчалык көп болгондуктан, ал комнатанын бир бурчунан экинчи бурчуна чейин узун ичке жипти кере тартып, жазылган тетраддарын кадимки кургатылган кийимдерге окшотуп илип койду. Мына ушул себептен бөлмөнүн ичинен эркин кыймылдоого бир кыйла кыйын боло түштү. Ал эшикти жабыш үчүн эң алды шкафтын эшигин жаба турган, тескерисинче эгерде шкафты ача турган болсо эшикти жаба турган. Кыскасы комнатанын ичинде көчүк бурууга орун жок — тар. Ал эшиктен керебетке жеткенче ийрилип-буйрулуп, бир топ кыймылдарды жасап барып араң жетүүчү, караңгыда болсо бир нерсеге чалынбай коючу эмес. Эшик менен шкафтын жанынан эптеп-септеп өтүп, Мартин ашканадагы үкөккө дагы урунуп албас үчүн, оң жакка чукул бурулуп, андан кийин керебетти саал жылдырып, солго бурулууга аракеттенди, антпегенде тарс этип келип столго бир тиймек. Ал бул аракетти жасап бүтүп, эми бир жээги керебет, экинчи жээги стол болгон арыкчага кирүүгө мүмкүн эле. Бирок эгерде жалгыз үстөл өз ордунда, столдун жанында турган учурда бул канал менен өтүү мүмкүн болбой калуучу. Пайдаланбаган учурда ал дайыма керебеттин үстүндө тура турган, бирок Мартин көпчүлүк учурларда тамагын олтуруп алып жасап жана бышыруучу, ошондуктан суу кайнап же эт куурулганча китептин эки-үч бетин окуп да жиберүүчү. Ашкана үчүн белгиленген бурч ушунчалык тар болгондуктан Мартин ордунан турбастан туруп эле, керектүү нерселерин алып ала турган. Туруп бир нерсе иштөө Мартинге өтө кыйын болучу, себеби — туруп алып иштегенде ал өзүнүн далысы менен электр жарыгын тосуп кала турган.

Ал даамдуу жана арзан тамактардын көп түрлөрүн билүүчү, бирок ошенткени менен анын кубаттуу ашказаны темирди да сиңирүүгө жарай турган. Анын негизги оокаттанган тамактары мексикалык ык менен даярдалган буурчак шорпо, картөшкө жана чоң-чоң күрөң буурчактардан жасалган ботко. Ал күнүнө жок дегенде бир
жолу күрүч ботко жей тургам жана ал жасагандай күрүч боткону Америка боюнча үй кызматындагы аялдардын эч кимиси жасай алчу эмес. Ал май жокто нанды жаңысына караганда эки эсе арзан, кургатылган жемиш менен кошуп жеп алуучу. Кээ күнү ал өзүнүн жей турган тамагын бир кесим гана эттүү сорпо менен алмаштыруучу. Күнүнө эки жолу ал бал каймаксыз жана сүтсүз кофе гана ичүүчү, ал эми кечинде болсо, ичкени жалаң чай боло турган, бирок мунун бардыгы артисттик ык менен даярдалуучу

Ал эрксизден үнөмкор боло баштады. Анын ишсиз жүргөн күндөрү кир жуугучканадан тапкан өзүнүн бардык акчасын соруп алгандай болду, ал эми ал өзүнүн «нандык чыгармаларын» жооп кат бир нече жумадан кийин гана келе тургандай алыс жактарга жиберген. Ал кээде гана эжесиникине же болбосо,

Руфка жолугуш үчүн сыртка чыкпаса, дайыма ушул кичинекей үйүнө камалып алып иштөөчү. Ал үч кишинин жумушун жеке өзү аткарды. Ал мурдагыдай эле күнүнө беш гана сааттан уктап жүрдү жана анын темирдей бекем саалматтыгы гана ага күнүнө он тогуз сааттык оор жумушту аткарууга мүмкүндүк берди. Мартин бир мүнөтүн дагы бошко кетирген жок. Ал кээ бир сөздөрдүн түшүнүгү жана анын айтылыш эрежеси жазылган кичинекей баракчаны күзгүнүн бетине жабыштырып, күзгүгө каранганда, сакал-мурутун алганда, ал дайыма бул сөздөрдү кайталап туруучу. Мындай баракчалар керосинканын үстүндө да илинип тура турган жана ал бул сөздөрдү тамак бышырып, же табак-аяк жууп жатканда да жаттай берүүчү. Мындай баракчалар жатталган сайын улам-улам жаңы баракчалар менен алмашылып турат. Китеп окуп жатканда кездешкен түшүнүксүз сөздөрдү тез эле сөздүктөн издеп таап жана ошол эле кичинекей баракчага көчүрүп жазып тамдын дубалына, же күзгүнүн бетине дагы жабыштырып коёт. Сөз жазылган бул сыяктуу кичинекей баракчаларды ал чөнтөгүнө салып алып, көчөдөн, же болбосо, дүкөндөн кезек күтүп турган кезинде да кайталай берет.

Бул иште Мартин бир орунга турбай алга жыла берди. Ал ийгиликке ээ болгон авторлордун чыгармаларын окуу менен бирге, алардын бардык стилдик өзгөчөлүктөрүнө, баяндалыштарына, окуялардын көрсөтүлүштөрүнө мүнөздүү белгилерине, салыштырууларына, эпиграммаларына, койчу бир сөз менен айтканда бул авторлордун ийгиликке жетишкендиктерине эмне жардам, эмне көмөк берген болсо, ошолордун бардыгына көңүл буруп, белгилеп, тактап чыкты. Ал бул пикирлерин өзүнчө кагазга түшүрүп, атайын өз алдынча үйрөнүп жүрдү. Бирок да аларды сокур кишидей ээрчип кетпеди. Ал жөн гана бул чыгармалардан кандайдыр бир жалпы принципти издеди. Ал адабий ыкманын табыйгаты жөнүндө жалпы корутунду чыгарууга өзүнө жардам берүүчү түрдүү жазуучулардан кездештирген адабияттык жасалма ыкмалардан четтеп, өзүнүн жаңы жеке ыкмаларын иштеп чыкты, ал бул ыкмаларды өз орду жана өз ыгы менен пайдалануу аракеттенди. Мына ушунун өзүндөй эле ал күндөлүк сөздөрдүн арасынан — өзүн оттой жандырып, көңүлүн эркелетип же тескерисинче келжиреген сөздөрдүн кайгылуу капасынан бөлүнүп, кадимки жылдыздай жанып турган таамай айтылган жана көркөм сүрөттөөлөр менен салыштырууларды чогултуп, аларды кагазга туруктуулук менен түшүрүп жүрдү. Мартин ар качан ар кандай кубулуштун негизин айкындоочу принципти билүүнү издөөчү. Ал дагы, кубулушту жаратуу үчүн кубулуштар кантип түзүлөрүн билүүгө умтулуучу. Ал сулуулуктун ашкан көркөмдүгүнө гана магдырап тим болучу эмес; өзүнүн ашкана буюмдарына бапырап жаткан жана Мариянын балдарынын кыйкырык чууларына жык толгон тар бөлмөсүндө кадимки лабораторияда олтурган химик сыяктуу олтуруп алып, сулуулукту тармактуу бөлүктөргө ажыратып жана анын түзүлүшүн билүүгө изилдөө жүргүздү. Бул болсо анын өзүнө сулуулукту жаратууга жардам бермек.

Мартин кайсы гана ишти колго албасын, аны терең көңүл буруу менен аткарууга бет алчу. Ал эч качан тобокелге салып, кокустукка же өзүнүн талантынын жылдызына таянып, кадимки сокур кишидей өзүнүн эмне кылып жатканын билбегендей иштөөчү эмес. Кокустан пайда болгон ийгиликтер аны маашыркатып, чирендирип жиберчү да эмес. Ал кубулуштун «кантип» жана «эмне үчүн» пайда болгондугунун себебин аныктоону жакшы көрүүчү. Анын акылы тунук, логикасы күчтүү эле, эгерде ал ыр же аңгеме жаза баштаса, алардын акыры кандай болуп бүтөрүн көз алдына элестетип, чыгарманын бүткүл планын

эсинде тутуучу. Мунсуз анын бардык аракети кур талаага кетиши ыктымал. Экинчи жактан ал өзүнө күтүлбөгөн жерден күчтүү таасир эткен кээ бир кокустук сөздөргө жана сөздөрдүн жыйындысына чоң маани берчү жана бул сөздөр бара-бара туруктуулук менен бардык сындан өтүп, чыгармасына терс таасирин тийгизмек түгүл, кайра анын көркөмдүгүн арттыруучу. Мартин мындай табылгага таң калуу менен башын ийип жана булар кандайдыр бир адамдан үйрөнүү жөндөмдүүлүгүнөн тышкары улуу чыгармачылык күчтүн таасиринен түзүлгөндүгүн туюучу жана сулуулукту изилдеп, анын негизин табууга аракеттенип олтуруп Мартин канчалык улуу акылман болбосун, алардын биринин дагы али изилдеп олтуруп ойлору жетпеген бийик чокулары бар экендигине түшүндү. Ал Спенсердин чыгармаларынан деле заттын түпкү чыккан мазмунуна адамдын акылы жете албай тургандыгын жана сулуулуктун баары кадимки турмуш сырындай эле, түшүнүксүз нерсе экендигин, ал гана эмес, эч качан түшүнүүгө мүмкүн болбой тургандыгын, сулуулук менен турмуш таң калтырарлык түрдө бири-бири менен тыкыс айкалышкандыгын, ал эми адам болсо, күн нурунун айкалышынын, жылдыздар туманынын көзгө көрүнбөгөн түрдүү нерселердин бир кичинекей гана кыпындай бөлүкчөсү экендигин түшүндү.

Мына ушул ойлордун таасиринен Мартин «Жылдыздар чаңы» деген темада бир макала жазды, бул макаласында, сындын жалпы жаңылыштыгына таптакыр каршы чыкпастан, ар түрдүү сынчылардын ыкмаларына гана каршы чыккан эле. Бул терең ойлуу кооздук менен мыскылдуу сөздөргө толгон эң сонун макала болуп чыкты. Ошондой болсо да, бул дагы журналдар тарабынан жараксыз деп табылып, четке кагылып салынды. Бирок, Мартин өзүн капаландырган бул ойлордон тез эле бошонуп, өз жолу менен кебелбей алга адымдай берди. Ал эчак эле, эң алды чыгармасынын идеясын бардык жагынан жакшылап ондоп алып туруп, андан кийин гана машинкага отурууга үйрөнгөн. Ушул күнгө чейин аңгемелеринин бир дагы сабы басмадан чыкпагандыгы аны анчалык деле капага батырган жок. Жазуу ал үчүн татаал акыл эмгегинин корутунду бөлүгү, айрым чачкындуу ойлорду байланыштыруучу акыркы түйүнү топтолгон абалдардан жана фактылардан жыйынтык чыгаруу болуп түшүнүлүчү. Ал макаланы жазып бүтүрүп, жаңы идеялар жана маселелер жөнүндө ойлоого өттү. Бул болсо, чындыгында көпчүлүккө таандык болгон мезгил-мезгили менен «өзүн өзү сөз менен соороту» — адаты эле, ошентсе да бул адат — кээде адамдарга чыныгы же ойдон чыгарылган кайгы-капаларын баштары- нан өткөрүүгө жана унутууга ишеничтүү жардам гана бере турган.

XXIV ГЛАВА

Арадан жумалар өттү. Мартиндин эң акыркы акчасы түгөнүп, ал эми басмаканадан болсо, чек келбеди. Көлөмдүү аңгемелери кайтарылып келип, «кирешелүү» чыгармалары да ийгиликке ээ болгон жок. Эми баягындай түрдүү тамактарды даярдап жей да албай калды, себеби, беш күндүк гана жей турган жарым мешоктой күрүчү жана кургатылган абрикосу калган. Бул түгөнгөндөн кийин ал карызданууга өтмөк болду. Мартиндин карызы үч доллар сексен беш центке жетери менен португалдык дүкөнчү мурдагыдай азык-түлүк берип турганын да токтотту.

— Себеби, — деди дүкөнчү, — сеники кызмат жок, кантип төлөйт?

www.bizdin.kg

Мартин эч нерсе деп унчуга алган жок. Себеби — дүкөнчүнүн айтаканында калет жок эле. Жалкоолугунан иш издегиси келбей жүргөн алдуу-күчтүү жумушчу жигитке карыз берүү мүмкүн беле?

— Тыйын тапсаң тамак болот, — деди дүкөнчү, — тыйын болбойт, тамак болбойт. Иш ушундай...

Бул жерде эч кандай ички кастык жок экендигин далилдөө үчүн португалдык мындай деп кошумчалады:

— Кана, ичип кой. Бир стакан. Мен сыйлайт. Мен дос, сен дос.

Мартин достуктун белгиси катары стаканды жутуп жиберди да, кечки тамакты ичпестен төшөгүнө жыгылды.

Мартинге жашылчаларды башка дүкөндөн сатып алып турууга туура келди, дүкөндүн ээси өзүнүн соода иштери жагынан мүнөзү бир кыйла жумшагыраак америкалык киши экен, Мартинге беш долларга чейин гана карыз берип, андан кийин карызга берүүсүн ал дагы токтотуп койду. Мартин мына ушундан кийин токоч саткычтан эки доллар, касапчыдан төрт доллар карыз алды. Мартин өзүнүн бардык карыздарын эсептеп олтуруп, алардын суммасы он төрт доллар, сексен беш пенске жеткендигин билди. Эми жазгыч машинка үчүн дагы акы төлөө мөөнөтү жетип келди, бирок Мартин үстүнө сегиз доллар карыз болуп, машинканы дагы эки ай пайдалануу чечти. Бул мезгилдин ичинде анын алган карыз акчалары да түгөнүп бүтөт. Анын дүкөндөн алган эн акыркы азык-түлүгү бир кап картошка болду, ошондуктан ал бир жума бою жалаң гана картошка менен гана тамактанып чыкты. Ал кезек-кезек Морздордукуна келип, тамак ичип, өзүнүн күч-кубатын чыңап жүрдү, бирок ал өзүнүн уялчаактыгынан столдун үстүндөгү жайнап турган түрдүү тамактардан кысынып-кымтынып жатып жакшылыктуу да алып жей алган жок. Кээде ал уятын таштап эжесиникине барып да тамактана турган, бул жерден ал Морздукуна караганда көбүрөөк ичип, курсагын аябай тойгузуп алчу. Ал күндөн-күнгө өжөрдүк менен иштегенин койбосо, почточу ага күндөн-күнгө баш тартылган кол жазмаларын алып келип бергенин койбоду. Эми анын марка үчүн акчасы да түгөндү, мына ошондуктан кайтарылган кол жазмалар дөбөдөй болуп үйүлүп, столдун астына батпай кетти. Кээде анын эки күн катары менен наар татпай ачка калган күндөрү да болду. Ал Морздун үйүнө мурдагыдай бара албай да калды, анткени Руфь эки жумага айылчылап, Сан-Рафаэльге кеткен эле, ал эми эжесиникине болсо, кайта-кайта бара берүүдөн аябай уялды. Анын үстүнө өчөшкөнсүп, почточу бир эмес, кайтарылган беш кол жазма. сын алып келип берди. Мына ушундан кийин Мартин карысына пальтосун илип, Оклендди көздөй жөнөдү, бир нече убакыт өткөндөн кийин, ал пальтосуз, бирок чоң төгүндө беш доллары менен үйүнө кайтты. Ал дүкөнчүнүн ар бирине бирден доллар төлөп, мына ушинтип, кайрадан анын ашканасында кофе кайнап, пыяз менен куурулган эт жана чоң карапа толтура кургатылган өрүк пайда болду. Ал тамактангандан кийин, столго олтуруп жазууга киришти. Түн ортосу болду дегенде ал «Сүткордуктун күчү» деген жаңы чоң макаланы жазып бүтүрдү. Ал муну жазып бүтүрүп, столдун алдына ыргытып таштады, себеби — марка алууга беш доллардан бир тыйын да калган эмес эле.

Мартин алды менен саатын жана бир нече күн өткөндөн кийин велосипедин сатты. Азык-түлүк үчүн чегерилген акчасынан калганына ал марка сатып алып кайрадан өзүнүн кол жазмаларын бардык редакцияларга салып жиберди. Анын «кирешелүү» чыгармалары Мартиндин үмүттөрүн таш каптырды. Аларды эч ким сатып албады. Ал өзүнүн бул чыгармаларын күндөлүк жана жума сайын чыгуучу

www.bizdin.kg

журнал-газетадагы басылган аңгемелерге салыштырып көрүп, дагы эле өзүнүн чыгармалары алардан күнчүлүк өйдө жазылгандыгын белгилеп өттү. Бирок, дагы ал чыгармаларынын бир сабын да сата албады. Ал «күндөлүк» деп аталган нерсени жазууга умтулуп, бир нече макала жазды да, ушундай макалаларды газетага басып чыгаруучу бир бирикмеге жөнөтүп жиберди, бирок ал макаласын «бирикме макалаларды өзүнүн кызматкерлеринин гана күчү менен уюштурат» деген жооп жазылган кат менен кошо кайра алды.

Жаштар журналынын бирөөнөн ал бир нече майда аңгемелерди жана тамаша-мыскылдарды учуратып калды. Мына, акча иштеп табуунун дагы бир жолу! Бирок, бул жерде дагы аны кырсыктар күтүп турган эле, мурдагыдай эле ага бардык жиберген аңгемелери жараксыз деп табылып, кайтарылып келип жатты. Акырында Мартин редакциялардын кызматкерлери көбүрөөк пайда табыш үчүн өздөрүнүн гана материалдарын басып чыгарарын толук түшүндү. Жума сайын чыгуучу мыскыл жана тамаша журналы дагы анын какшык тамашаларын жана ырларын кайтарып жиберди, чоң журналдарга жиберген анын ыр менен жазылган фельетондору да орун таба албады. Эми анын газета үчүн жазган гана фельетону калды. Мартин дагы эле болсо, өзүнүн жазгандарын журналдарга чыккан сандырак аңгемелерге караганда алда-канча мыкты жазылган деп эсептеп, дагы бир жаңы эки адабий уюмдун адресине бир нече аңгемелерин жиберди. Бирок жазган жыйырма аңгемесинин бирөө дагы жарык көрбөгөндөн кийин, ал жазганын токтотту. Ал буга карабастан күнүнө ондогон аңгемелерди жана фельетондорду окуп чыгып, бирок алардын бири дагы өзүнүн бул жанр боюнча жазган чыгармалары менен ат салыша албай тургандыгын түшүнүп, кусага чөктү. Ал азыр өзүнүн чыгармаларын дагы кандайдыр бир олуттуу сындай жана аны жакшылап мурдагыдай талдай албай да калды.

Адамкерчилиги жок «басмакана машинасы» өз ишин уланта берди. Мартин өзүнүн кол жазмалары салынган кагаз таңгакчага маркаларды жабыштырып почта сандыкчасына салып таштады. Эки-үч жума өткөндөн кийин кат ташыгыч эшиктин коңгуроосун шыңгыратып, ага кайра кайтарылган кол жазмаларын дагы сунду. Калыбы, чындыгында эле, бул көрсөтүлгөн адрестер боюнча бир дагы жандуу адамдар болбосо керек. Болсо бир гана жакшы майланып, тазаланып коюлган автоматтар окшойт. Толук үмүтү үзүлүү менен каңгырыгы түтөдөн ал редакторлордун бар же жок экендигин билбей кетти. Ушул убакка чейин алардын биринен дагы тирүүлүктүн белгиси сезилбеди, ал эми анын жазгандарынын бардыгы эч кандай баяндамасыз, жоопсуз кайра кайтарылып келиши Мартиндин кандайдыр, редактор — «бул бир адам эмес эле, арип терүүчүлөрдүн, узундук өлчөгүчтөрдүн жана кезит кызматкерлеринин эрки менен түзүлгөн жана алардын күчү менен жашап жүргөн бир жомок дөөсү» деген ой-пикирин аныктагандай болду. Мартиндин Руфтун жанында өткөргөн мезгилдери анын өмүрүнүн эң кымбат жана эң бактылуу минуталары экен, бирок андай минуталар дайыма боло берүүчү эмес. Экөөнүн тең жаш жүрөктөрүнүн тынчын алган белгисиз сезим, Руфь ага өзүнүн сүйүүсү жөнүндө ачык билдиргенден баштап, ого бетер күч ала баштады жана Руфь ал үчүн мурдагыдай эле кадимки кол жетпес бийик жылдыздай болуп кала берди. Убакыттар өтүп жатты. Руфтан мага эки жыл гана убакыт бер деп сурангандыгына карабастан, эч кандай ийгиликке жетише албады, экинчиден, Руфь анын сүйгөн ишин колдобогондой болду. Руфь бул мамилесин ачык айтпаса дагы, кыйыр жол менен ал түшүнө тургандай кылып билдиргенсиди. Бирок, Руфь колдобогондон башка эч кандай тескери мамиле кылган жок, эгерде Руфтан башка саал ачуулуу бир аял

www.bizdin.kg

боло турган болсо аны, — кайгыга салып, мээмди кычыттың — деп, мүмкүн, беттен алмак беле? Руфту бир гана өзү тарбиялоого бет алган адамы тарбиялоонун жолуна түшпөгөндүгү кейиштүү кылды. Алды менен кандайдыр бир аз ыкка тез келүүчүдөй көрүндү эле, бирок кийинчирээк эмнегедир моюн бербей мистер Морз менен мистер Бэтлерге такыр окшошкусу келбей, ал турсун окшошуу түшүнө да кирбей кетти.

Руфь Мартиндин мүнөздөрүнүн эң сонун сапаттарын байкаган жок, же байкамак турсун түшүнгөн да жок. Бул өтө сезгич жана назик, жашоонун ар кандай татаал шарттарына тез эле көнүгүп кетчү адамдын өзүнүн оюндагыдай тарбия жолуна түшпөгөндүгүнүн себеби — ал кара мүртөздүк, тоң моюндук деп түшүнүп тим болду. Руфь анын кыялынын чексиз эргишин сезе алган жок жана анын эң бийик чекитке жеткендигин ал адашуу деп гана түшүндү. Анын атасынын, апасынын, бир туугандарынын ал тургай Ольнейдин ойлору да ага дайыма түшүнүктүү эле; мына ошондуктан Мартинге түшүнө албай, адашып жатат деп күнөөлөдү. Жеке адамдардын чындыкты дүйнөгө түшүндүрүүгө аракеттенген эзелки трагедиясы кайталанды.

— Сиз келечек муундар үчүн татыктуу деп эсептелген бардык нерсени кастарлоого көнгөн окшойсуз, — деди бир күнү Мартин, Руфь менен Прапс жана Вандеруотер жөнүндө талашып жатып. — Мен булардын кадыр-барк. туу, ишеничтүү адамдар экендигине түшүнөм жана булардын бардыгы Кошмо Штаттардын эң мыкты адабий сынчылары деп аталышат. Ар бир мектеп мугалими Вандеруотерди америкалык акылман сынчы деп түшүнүшөт. Бирок, мен аны окуп чыктым, мага ал келжиректик менен маңызсыздыктын чоң атасындай эле көрүндү. Прапс да андан калышпайт. «Хемлок Моссес» албетте сонун жазылган. Чындыгында бир да үтүрүн алып таштоого болбойт, ал эми жалпы мүнөзүчү — эх кандай салтанаттуу жазылган! Мына, ошондуктан ага башкаларга караганда көбүрөөк төлөйт эмеспи. Бирок, наадандыгымды кудай өзү кечирсин, чындыгында эле ал эч кандай сынчы эмес. Англияда андан мыктыраак сынчылар бар. Бардык кеп, биздин сынчылар бардыкка белгилүү адабий ыкмалар менен койгулаштыргандыгында жана алардын сындары да бөтөнчө, чектен тышкары шаңдуулук, жогорку сезимдүүлүк, апыртмалуу зор толкун менен угулат. Алардын сын макалалары мага жекшемби күндөрдөгү дин үгүтүн таратуучуларды эсиме түшүрөт. Алар бардык аракеттери менен сиздердин англия филологиясы боюнча профессорлоруңуздарды коргоого аракет кылышат, ал эми профессорлор бул үчүн аларды колдошот. Мына ошентип, алардын баш сөөктөрүнүн алдында өздөрүнө таандык болгон бир дагы жаңы пикирлери жок. Алар бардыкка маалим болгон нерселерди гана билишет, анын үстүнө алардын өздөрү да чындыкты бурмалап, элди алдоо жагынан бардыкка маалим болушкан. Бардык мурда аныкталган идеялар алардын сын макалаларына кадимки пивонун бөтөлкөсүнө жабыштырылган кагаздай оңой эле желимдеше калат. Алардын негизги милдети университеттик жаштардын ар кандай өз алдынча он жүгүртүүлөрүн ууландырып, аларды белгилүү бир эскирген тартип боюнча ой жүгүртүүгө мажбурлоо болуп саналат.

— Менимче, — деди Руфь каршы чыгып, жалпы кабыл алган эрежеге таянуу менен мен, ыйык сүрөткө атырылган жырткыч сыяктуу белгилүү адамдарга асылган сизге караганда, чындыкка жакыныраак болсом керек деп ойлоймун.

— Динчилердин өздөрү жапайы жырткычтардын ыйык сүрөттөрүн жулуп ыргытышып салышкан, — деп күлүп жиберди Мартин, — бирок тилекке каршы бардык башка улуттарга өздөрүнүн динин таратуучулар түрдүү кудайларга

www.bizdin.kg

сыйынуучу өлкөлөргө тарап кетип калышыптыр, мына ошондуктан, мистер Вандеруотер менен мистер Прапсты оңкосунан салууга жардам берүүчү алардын бирөө дагы жок.

— Алар менен университеттин бардык профессорлорун кошо деңизчи, — деп кошумчалады Руфь.

Мартин колун тескери шилтеп койду.

— Жок, окумуштуулар калуулары тийиш. Алардын мээнеттери зор. Бирок, англия филологиясы боюнча профессорлордун арасынан мээси толук эмес мадыра баш тоту куштардын ондон тогузун университеттин босогосуна жакындатпай кууп салса, анык сооп болор эле.

Профессорлорго карата мынчалык каардуу мамиле, Руфка анын сүйгөн мугалимдерин маскаралагандыкка барабар болду. Руфь эмнегедир эрксизден даражалуу, кооз кийинишкен, салмактуу үн менен сүйлөшкөн жогорку маданиятка ээ болушкан профессорлорду бул бет алдында турган өзү эмнегедир мурда сүйгөн, болот булчуң. дуу, беймаза, кечеги жарашыксыз көлпөктөгөн кийимчен, кара жумуш жөнүндө баяндаган одоно суучулга салыштырып жиберди. Мартиндин ачуулуу, кала берсе тажалдануу менен талашып-тартышкандыгы Руфтун канын кайнатып, кыжырын келтирди. Профессорлор жок дегенде көп маяна алыша турган жана алар чыныгы мырзалар да болучу — муну моюнга албай. коюуга мүмкүн эмес эле. Ал эми Мартин болсо, аларга салыштырганда бир пенса да иштеп таба алчу эмес, ошондой эле азыр оңолгондон кийин да мырзага окшош деп айтуу кыйын.

Руфь Мартиндин далилдөөлөрү жөнүндө ойлонуп да койгон жок. Себеби — мунун бардыгы баштан аяк жалган эле, анысы сырткы кээ бир салыштырууларынан эле ачык-айкын белгилүү болуп турбайбы. Профессорлордун талкуулары шексиз туура болчу, себеби алар турмуштан бекер ийгиликке жетишкен жок да, ал Мартин болсо өзүнүн чыгармаларынын бирөөнү дагы өткөрө албагандыктан, адабият жөнүндө жаңылыш көз караштагы киши. Анын тили менен айтканда алардыкы «чыгып» аныкы чыкпай жатат. Кечээ эле жакында, ушул бөлмөнүн ичинде, уялганынан жүзү кызарып, коркконунан титиреп, секичеде турган буюмдарды кулатып жибербегей элем деп апкаарып «Свайнберн» эчак эле өлгөнбү же жокпу деп сурап жана мен «Excelsior» менен «Турмуш ырларын» окуганмын деп дардаңдап, мактанган бул жигит — адабият жөнүндө туура талкуулай алмакпы?

Мына ушинтип Руфь атак менен даңктын алдында өзүнүн да баш ийгендигин өзү аныктады. Мартин анын оюн эң жакшы түшүнсө, дагы ара анчалык көңүл бурган жок. Мартин Руфту анын Прапс менен Вандеруотер жана англия философиясынын профессорлоруна карата мамилесине карабастан сүйүүчү, бирок Руфтун түшүнүгү жетпей турган ой жүгүртүүнүн башка тармагы бар экендигин жана муну Руфь эч качан табалбай тургандыгын барган сайын тереңирээк түшүндү. Руфь болсо өзүнчө, Мартинди музыка жөнүндө эч нерсе билбейт, ал эми анын опера жөнүндөгү талкуулары болсо, туура эмес гана түгүл, жеткен келжиректик деп саноочу.

— Сизге жактыбы? — деп сурады бир күнү Руфь, экөө операдан кайтып келе жатып.

Бир ай бою эптеп-септеп үнөмдөгөн акчасы менен Мартин бир күнү кечинде Руфь менен театрга барды. Руфь өзүнө бөтөнчө таасир эткен оюн жөнүндө, биринчи жолу сөз козгобостон, алды менен Мартиндин айтышын курулай күтө берип жадаган соң, акырында Мартинге суроо берди:

www.bizdin.kg

— Мага увертюрасы өтө жакты, — деп жооп берди, — эң сонун!

— Ушундай деңизчи. Ал эми операнын өзүчү?

— Опера дагы. Кечиресиз, оркестрди айткым келип жатат. Бирок бул курулай куудулдар бир жерде турушса, же болбосо, сахнадан тап-такыр кетип калышса, сонун болор эле.

Руфь айран-таң кала түштү.

— Сиз Тетралани менен Барнльо жөнүндө айтып жатасызбы? — деп сурады Руфь.

— Алар жөнүндө да... жана жалпы бардык каракчылар жөнүндө.

— Бирок булар улуу артисттер эмеспи!

— Баары бир. Алар өздөрүнүн жиндиникиндей кыймылдары менен бардык музыканы гана бузушуп салышты.

— Сизге Барильонун үнү кантип жаккан жок? — деп чочуп кетти Руфь.

— Кала берсе, Карузодон кийинки эле ошол эмеспи.

— Жок, эмне үчүн жагат, ал эми мага Тетралани абдан сонун жакты. Менин билишимче, анын үнүндөй үн жок.

— Бирок... Бирок... — Руфь сөз таба албай калды. — Мен эч нерсе түшүнбөй жатам. Сиз эми эле алар музыканы бузуп жатышат дедиңиз эле, ал азыр болсо, алардын үнүнөн таң калып олтурасыз.

— Эмне үчүн дегенде, мен алардын үнүн угуш үчүн көп акча төлөөгө да даяр элем, бирок алардын оркестр менен ырдаганы менин тим эле жүлүнүмө тийгенсийт. Түк жакпайт. Көрсө мен кунарсыз чындыкты сүйлөгөн адам окшоймун. Улуу ырчылар, дайыма эле улуу артисттер боло беришпейт. Оркестрдик музыканын кооздугу менен нурданган бул сулуу көрүнүштүн арасында Барилью өзүнүн таң калтырган үнү менен сүйүү ариясын ырдап Тераланини өзүнүн андан уккулуктуу үнү менен аны кайталап ырдап турса, кандай сонун! Бул зор жыргалдануу экендигин талаша албаймын. Бирок бул көрүнүштөрдүн бардыгы, күтүлбөгөн жерден сахнага көз чаптырып, боюнун узундугу эки метрден саал эле кем, салмагы токсон беш килограмм келген Тетраланини жана анын катарында турган төрт чарчы кичинекей, көкүрөктөрү темир устаныкындай даңкайган Барильону көргөндө көз ирмемдин ичинде кайда кеткени белгисиз тарап кетет. Жана дагы алар, жиндиканын жашоочулары сыяктуу колдорун тарбаңдатышып, төштөн алышып, эки жакка шилтешет. Мен бул сүйүү баянын жаш канзада менен жаш каншанын ортосундагы сүйүү баяны деп эсептетишим керек экен да. Жок, буга каршымын. Бул жеткен акмакчылык, чектен чыккандык. Кантип эле кимдир бирөө өзүнүн сүйүүсү жөнүндө дал ушинтип түшүндүрсүн? Эгерде мен сизге ушинтип түшүндүргөн болсом, сиз мени жаактан ары тартып жиберер элеңиз!

— Сиз түшүнбөй жатасыз, — деп капа боло түштү Руфь, — искусствонун ар кандай формасы чектелген. (Анын эсине жакында эле университеттен уккан искусствонун шарттуулугу жөнүндөгү лекциясы түштү). Мында биз живопись жагынан эки гана ченди билебиз. Калыбы, сиз, сүрөтчү өзүнүн искусствосунун күчү менен түзгөн кыялда гана болуучу үч ченди кабыл алсаңыз керек. Адабиятта болсо, автор бардыгын билүүчү жана бардыгын түшүнүүчү зор акылман сыяктуу. Ал эми сиз болсоңуз, бул авторлор өздөрүнүн каармандарынын ички сырын баяндоого акылуу деп билесиз, чынында ал ойду каарман качан ойлогонун жанында эч ким угуп турган жок да? Бул театрда, скульптурада, операда жана бардык жерде эле ушундай. Кээ бир карама-каршылыктар менен келишүүгө туура келет.

www.bizdin.kg

— Ооба, түшүнөмүн, — деп жооп берди Мартин, — ар кандай искусство шарттуу. (Руфь анын туура сүйлөгөндүгүнө таң кала түштү, ал ага колуна тийген китептердин бардыгын окуп, өз бет алдынча үйрөнчүк сыяктуу болбостон, кадимки университеттин курсун бүтүргөндөй болуп көрүндү). Бирок шарттуулукта дагы чындык болуш керек. Эгерде калың кагазга тартылган бак-дарактын сүрөттөрү сахнанын эки жак капталдарында турса, биз аны токой деп эсептейбиз. Бул да шарттуулук, бирок жетишээрлик чындык бар. Бирок биз деңиздин сүрөтүн токой деп, түшүнбөйбүз да. Биз минтип, эч качан айта албайбыз. Бул болсо биздин бардык сезимдерибизди зордоо болуп саналар эле. Мына ошондуктан бардык кылыктануларды, өң-түстү өзгөртүүлөрдү жана азыр эле биз көргөн эки келесоонун карышып-тырышып калуулары сүйүү сезимдерин жана мамилелерин билдирүүнүн белгилери деп кабыл алууга таптакыр мүмкүн эмес.

— Кантип эле сиз өзүңүздү музыканы сындоо жагынан бардык сынчылардан жогору коёсуз? — деди Руфь жактырбагандай.

— О, жок, жок. Мен жөн гана өзүмчө бир пикирде болгум келип жатат. Мен мунун бардыгын сизге эмне үчүн айым Тетралани пилдикиндей коомай кыймылдары менен оркестрдин бардык кооздугун бузгандыгын түшүндүрүш үчүн айткым келип олтурат. Мүмкүн музыка боюнча көрүнүктүү сынчылардын көз караштары туура чыгар. Бирок менин өз көз карашым бар жана мен бул көз карашымдан жүз сынчы биригип келип, каршы чыкса да, эч качан тайбаймын. Эмне мага жакпаса, демек ал мага жакпайт. Ал эми мага жакпаган нерсени мен кантип өзүмдү зордоп, жагат деп айта аламын! Же мен муну башкаларга жаккандыгы үчүн гана айтышым керекпи? Мен өз жактыруумду жалпыга үрп-адаттуу эрежеге моюн сундургум келбейт.

— Бирок, музыка даярдыкты талап кылат, — деди каршы болуп, — ал эми опера болсо, өзгөчө даярдыкты талап кылат. Мүмкүн...

— ...менин опера угууга али даярдыгым жетишпестир, — деп анын сөзүн улап кетти Мартин.

Руфь ошондой дегендей башын ийкеп койду.

— Мүмкүн, — деп, макул болду ал, — бирок, кала берсе, мен буга кубанычтуумун. Эгерде мени кичинемден тартып, операны угууга үйрөткөн болсо, мен мүмкүн бүгүн бул куудулдардын кылыктануларын көрүп олтуруп, боор эзилүүнүн жашын төгүп, алардын үнүн, оркестрдик дабышын да сезбей калат элем. Бирок сиздин айтканыңыз туура. Бул албетте, тарбиялануунун жолу менен келет, ал эми мен болсом, картайып калдым. Мага ачык-даана чындык нерсе же болбосо, таптакыр эч нерсе керек эмес. Чындыктын көлөкөсү жок куру кыялдануу мени өзүнө тартып козгоно албайт, ал эми опера мен үчүн баштан аяк жалган, чындыкка эч бир сыйлыгышпагандай болуп көрүндү; өзгөчө кичинекей Берильо калтырап-титиреп мен сени сүйөмүн деп келип, дөөдөй болгон айым Тетраланинин кучагына өзүн таштап жибергендиги жакпайт. Айтыңызчы ушул дагы чындыкка жатабы?

Бирок, Руфь, Мартиндин көз караштары жөнүндө сын бергенде, мурдагысындай эле, сырткы белгилерди жана өзүнүн жалпыга кабыл алынган эрежелерге баш ийгендик негиздеринен чыгуучу. Чындыгында өзүмдүкү гана туура, ал эми бардык маданияттуу дүйнө болсо түшүнбөйт деп күнөөлөгөндөй ал ким өзү деги? Анын сөзү да, ою да Руфка эч кандай таасир калтыра алган жок. Руфь жалпыга кабыл алынган кандай гана нерсе болбосун, аны так аткарууга аябай көнүккөндүктөн, ал төңкөрүштүү ой-пикирге көңүл бурган жок; анын

үстүнө ал музыкага кичинесинен бери үйрөнүп жана анын чөйрөсүндөгү бардык адамдар сыяктуу кичинесинен бери эле ал операны өтө сүйүүчү. Кызык, бул Мартин Иден көчөдөгү ырчылардын дүйнөсүнөн жаңы эле келип, бүткүл дүйнөнү таң калтырган музыка жөнүндө талкуулоого кандай акысы бар? Руфь өзүнүн өзүмчүлдүгүнө саал шек келе түшкөндүктөн, Мартиндин катарында бара жатып, кабагы саал бүркөлө калды. Мартиндин көз караштарын жана талкуулоолорун анын тентектиги же болбосо акылсыз тамашасы деп гана түшүнүүгө мүмкүн эле. Мартин Руфту үйүнүн эшигинин алдына чейин узатып келип, кучактап туруп өөп алды, Руфь кайрадан эмне экенин билбей, сүйүүнүн делебени козгогон таасиринен башы эигир-деңгир боло түштү. Руфь түн ортосуна чейин кирпик какпай, кандайча себептен мен бул таң каларлык адамды сүйүп калдым жана анын үстүнө ата-энемдин кой деген сөздөрүн да укканым жок деп ойлонуп жатты.

Эртеси күнү Мартин Иден, кечеги операнын жана Руфь менен болгон аңгемелешүүнүн таасиринен «Кур кыялдардын философиясы» деген темада бир чоң макала жазды. Мына ушинтип, марка менен кооздолгон кол жазмалуу конверт саякаттап жөнөдү, бирок байкуш «философияга» көптөгөн маркаларды алмаштырып, дагы бир далай жолдорду басып өтүүгө туура келди.

XXV ГЛАВА

Мария Сильва өзү кедей болуп жана ошондуктан кедейлик эмне экендигин жакшы түшүнчү. «Кедейлик» деген сөз Руфь үчүн жашоонун бир айла жок шартын билдире турган. Кедейликти ал мындан башкача элестете алучу эмес. Ал Мартиндин кембагал экендигин ойлонуп жана кыялында анын турмушун жаш Авраам Линкольн же мистер Бэтлердин жана дагы — селсаяктык менен эптеп-септеп күн өткөрүүдөн акырында ийгилик менен жыргалга жетишкен бардык ушул сыяктуу адамдардын турмушу менен салыштырып өттү. Руфь жакырдыктын жагымсыз көп жактарын түшүнүү менен бирге, ошол эле учурда, ал өзүнүн чөйрөсүндөгү адамдардын көпчүлүгүндөй эле, жакырдыктан, эгерде жакырдыкта жашаган адам жок дегенде бир нерсеге шыктуу боло турган болсо, атак-даңкка жана чоң ишке жетүүнүн чыныгы түрткү болуучу себебин көрүп турган эле. Мына ошондуктан Руфь Мартиндин пальтосу менен саатын сатып жибергендигин билип, бирок, анчалык кайгырган жок. Кайта ал, эми Мартин акылга кирип өзүнүн жазганын токтотот деп кубанды.

Мартиндин арык жаактары бери чыгып турган жүздөрү, Руфту бул ачка болуп жүрсө керек деген ойго түрткөн жок. Ал Мартиндин пайда болгон жалпы өзгөрүүнү сезип, кубанып кетти, анткени — Мартиндин сырткы түрү өзгөрүп, арыктап, акыл киргендей, Руфту мурда өзүнө тартып да жана четтетип да жиберген жырткыч айбандыкындай күчтүү саламаттыгын эми жоготконсуп койгон эле. Руфь кээде Мартиндин акын же окумуштуунукуна окшоп кеткен көз караштарына толкундана түшүчү, айтмакчы, Мартиндин бир кезде окумуштуу же акын болгусу келсе, Руфтун да аны ошондой авалда көргүсү келген. Бирок, Мария Сильва үчүн болсо анын жалындаган көз карашы, шимилип бараткан жаактары таптакыр башка нерсе жөнүндө айтып жаткан эле жана мына ушул белгилери боюнча ал Мартиндин жыргалдуу жакка өзгөрүлүп бара жаткандыгын сезди. Күн бүркөлүп, жаан жаап турган кез эле; ал Мартиндин үйдөн пальтосун кийип чыгып, кайра пальтосуз келгендигин көргөн. Мына ушундан кийин бир топ убакытка Мартиндин жаагы саал толгонсуп, көздөрүндөгү ачкалыктын оту өчкөндөй болду. Мария анын саатынын жана велосипединин жок болуп кеткенин

дагы байкады, бул болсо анын бир топ убакытка чейин турмушун жандандырып, денесине жаңы күч-кубатты кошту.

Мындан башка дагы Мария анын кандай иштегендигин жана бир түндө чыракка канча керосин майды түгөтө тургандыгын так билүүчү.

Иш! Мария Мартиндин иши эмнегедир башкача иш экендигин жана ал өтө берилгендик менен тырышып иштей тургандыгын түшүндү. Экинчиден аны Мартиндин канчалык аз оокат ичсе ошончолук, күчтүү тырышып, иштей тургандыгы да таң калтырды. Кээде ал Мартиндин ачка болуп калган күндөрүндө, сен мындай кылып бышыра албайсың, жеп көр деген тамашалуу шылтоо менен өз балдарынан жаңы бышырган нанынан берип жибере турган. Кээде ал Мартинге өз балдарынан эптеп-септеп арттырып, бир жайпак табак ысык кесме берип жиберип жатып, өз денесинин бутагы, канынын данеги болгон чийедей балдарынан ушул тамакты тартып берүүгө акым барбы деген бүшүркөгөн ойдо кыйналып кетчү. Мартин буга чын жүрөгүнөн ыраазы болуп жана тажрыйбасынан билгендей эгерде дүйнөдө чыныгы боорукерлик бар болсо, анда ал кедейлердин гана жүрөгүндө боло тургандыгын толук түшүндү.

Бир күнү ичээр оокатынын акыркысы менен балдарын тамактандырып жатып, Мария ашканага суу алайын. деп кирип келген Мартинди акыркы он беш центине сатып алган беш литрге жакын арзан виносу менен аябай сыйлады. Мартин анын, ал Мартиндин саламаттыгы үчүн көтөрүп жиберишти. Андан кийин Мария анын баштаган ишинин ийгилиги үчүн, Мартин болсо, Джемс Грант тезирээк келип, кир кийимдерин жуудурган акысын ылдам төлөшү үчүн көтөрүп жиберди. Джемс Грант болсо, жыгач устанын жардамчысы эле, бирок ал кир кийимдерин жуудургандыгы үчүн акысын өз убактысында төлөбөй, Марияга үч доллар карыз болуп калган.

Мария да, Мартин да жаңы ачытылган кычкыл винодон ачкарын ичишкендиктен баштары бир пастын ичинде эле эңгирей түштү. Ал экөө тең бири-бирине окшошпогон айырмачылыгына карабастан, кембагал жана бойдок эле, ал эми бири-бирине сыр бербеген бул кембагалдык болсо, аларды аябай жакындаштырып жибергендей болду. Мария өзү он бирге чыкканча жашаган Азордук аралдарында Мартиндин болгондугун билип өтө кубанып кетти. Анын Гавайдык аралдарда да болгондугун угуп, ал андан бетер кубанычка чөмүлдү. Себеби — Мария бул аралдарга кийинчерээк көчүп барган эле. Бул да эч нерсе эмес, Мартин ага өзүнүн Мауйи аралында болгондугун баяндаганда Мариянын кубанычы башынан ашып түшкөндөй болду. Дал ушул аралда Мария күйөөгө чыккан. Мария өз күйөөсү менен Кагулуиде биринчи жолу таанышкан, ал эми Кагулуиде Мартин эки жолу болгон. Эх, кант жүктөлгөн кемелер кантип эле Мариянын эсинен чыгып кетсин! Демек Мартин ушул жерлерде сүзгөн турбайбы? Кең дүйнө кандай тарсың! А, Вайлукудачы? Мартин ал жерде да болуптур. Ал плантациянын башкы бакмалчысын билет бекен? Билбегендечи, ал кала берсе анын саламаттыгы үчүн бир стакан винону тартып жиберген.

Алар баштан өткөндөрүн эстерине түшүрүшүп, экинчиден винонун таасиринен, ачкалыктарын унутуп коюшту. Бирок Мартиндин келечеги анчалык деле кайгылуу эмес эле. Эртеби, кечпи акыры ал ийгиликке жетишип, даңкка бөлөнөт. Ага мунун карааны алыс эместей көрүндү. Ал эми дагы бир аз чымыркануу менен аракет кылса, көздөгөнүнө жетет. Ал азыр өзүнүн бет маңдайында турган бечара аялдын жүдөгөн кебетесинен көздөрүн албай, анын өгүнчүрөөк өзүнө жиберген нанын, кесмесин эсине түшүрүп, бул аялга улуу рахмат айткысы келип жана чексиз боору ачып, аяп кетти.

www.bizdin.kg

— Мария — деди кыйкыра бир кезде, — сиз эмне каалар элеңиз?

Мария таң калгандай Мартинди карап калды.

— Кана, ушул мүнөттө сиз эмнени каалар элеңиз.

— Жети жуп тапичке — балдар үчүн.

— Жакында колуңузга тиет, мен сизге алып берем, — деди ал жана Мария кубанычтуу башын ийкеп койду. — Дагы, мындай бир чоңураак нерседен?

Мариянын көздөрүнөн жагымдуу кубанычтын белгилери жана түштү. Мартин көптөн бери эч ким тамашалап сүйлөшпөгөн бул аял менен тамашалашып олтурду.

— Шашпастан, ойлонуңуз, — деди ал эскертүү менен, тиги сүйлөөгө аракеттенип, оозун ачып келе жатканда.

— Жакшы, — деди ал мен ойлонду, Маага өзүмдүкү үй керек, — акы жок жашайт. Жэты доллар бир айга мен төлөбөш керек.

— Мен сизге жети доллар беремин, — деди ал, — жакында. Бирок сиздин эң чоң каалооңуз эмне? Көз алдыңызга мындайча элестетип көрүңүзчү, мисалы мен кудаймын — бардыгын аткаруу колумдан келет. Кана эмесе, айтыңыз угуп турайын.

Мария бир аз унчукпай калды.

— Сиздики ээс чыкпайт?

— Жок, жок, — деп күлдү Мартин, — менин ээсим чыкпайт. Айта бериңиз?

— Чоң нерсе, эх чоң нерсе, — деп эскертти Мария.

— Ооба, ооба. Айта бериңиз эми.

— Жаксы, — деп кадимки сурагысы келип, бирок суроодон корккон жаш баладай улутунуп, терең үшкүрүнүп жиберди. — Мэн фэрма — жаксы фэрма каалайт. Көп уй, көп жайыт, көп чөп керек. Ушу, Сан-Лиан жанында. Ал, Сан-Лианда меники бир тууган жашайт. Окленга мен сут сатады. Көп тыйын болоду. Джо менен Ник уй кайтармайт. Алар жаксы мектеп барат. Мыкты инженер болот, жол курат. Мен жаксы фэрма каалайт.

Мария токтоло түшүп, жалындаган көздөрү менен Мартинге тигилди.

— Сиздин фермаңыз болот — деп, тез жооп берди Мартин.

Ал рахмат дегендей башын ийкеп жана бул ишендирген нерселердин бирин дагы ал эч качан аткара албасын түшүнсө дагы, бул жоомарт жигиттин саламаттыгы үчүн стаканды көтөрүп жиберди. Бирок, ал Мартиндин жакшы ниетине терең ыраазы болуп жана анын ишендиргендерин кадимки белек катарында баалады.

— Туура айтасың, туура айтасың Мария, — деди Мартин. — Ник менен Джо уй бакпашы керек. Бардык балдарыңыз жылуу жана таза кийинишип, мектепке барышат. Ал болсо, эң сонун ферма болот: сиздин өзүңүздүн үйүңүз, атканаңыз, кепеңиз, уйканаңыз болот. Сиздин өзүңүздүн тоогуңуз чочколоруңуз чарбаңыз, жемиш багыңыз, бир сөз менен айтканда, эмне керек болсо, ошонун бардыгы болот, кала берсе сиздин бир эмес, эки кызматчыны катары менен жумшоого да каражатыңыз жетишет. Ал эми сиз болсоңуз эч нерсе кылбайсыз. Сиз балдарыңызды гана тарбиялайсыз. Эгерде бир жакшы киши туш келсе, күйөөгө да чыгып аласыз. Ал болсо, чарба тиричилигин жүргүзөт, ал эми сиз болсоңуз эс алып гана жата бересиз.

Мартин мына ошентип, кыялында өзүнүн келечек жыргалынан кең пейилдүүлүк менен бул аялга бөлүштүрдү да, ордунан туруп өзүнүн сыйга кийүүчү жападан жалгыз бир костюмун күрөөгө коюуга кетти. Муну иштөө чындыгында ага өтө оор болду, себеби — костюмсуз ал Руфь менен жолугушуу

www.bizdin.kg

мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калмак. Мындан башка анын бир дагы түзүк костюму жок эле. Ал эми суучулдук жамаачыланган курткасы менен наабайчыныкына касапчыныкына жана эжесиникине барса го эч нерсе эмес, бирок ушул түрү менен Морздордукуна барамын деген ой, анын башына да келген жок.

Жүрөгүндө турмуштан көңүлү суугандай кайгы менен Мартин эмгектене баштады. Улам барган сайын ал өзүн күчтүү ынандырып, экинчи жолу салгылашуумда жеңилишке дуушар болдум, эми чындыгында эле, кара жумушка кайра барбасам, башка арга түгөндү деп ойлоду. Эгерде ал ушинткен болсо, анда ага бардыгы: дүкөнчүлөр, эжеси, Руфь жана кала берсе Мария дагы ыраазы болушмак. Ал жатакана — үчүн Марияга эки жарым доллар, ал эми дүкөнгө жазгыч машинка үчүн болсо, эки айлык акчасын төлөй элек эле, мына ошондуктан дүкөндүн ээси акысын төлөп бергин же болбосо, машинкамды жеткирип бер деп, катуу талап кыла баштады. Кармашууну дагы бир ыңгайлуу учурга каптырып, көңүлү чөккөндөй башын шылкыйтып, Мартин темир жолдук кат ташыгыч болууга сыноодон өтмөк болду. Бактыга жараша сындан биринчи болуп өттү, бирок качан бош орун болору белгисиз. Мына ушул көңүл калуунун эң кыйын багытын өзгөртүп жибергенсиди. Мүмкүн анын кандайдыр бир бурамысы ыргып кеттиби, же ал бул жолу жөн эле, начар майланып калдыбы, айтор бир күнү эртең менен почточу кичинекей конвертти Мартинге алып келип сунду. Мартин конверттин бурчунан «Трансконтиненталдык айына бир жолу чыгуучу» журналынын штампын көрдү. Анын жүрөгү туйлап барып, кайра токтоло калгансы- ды, бүткүл денеси калтырай түштү, тизелери эмнегедир бүгүлгөнсүп кетти. Ал катты ачпастан, акырын өзүнүн керебетине келип олтурду да, чексиз кубанычтан адамдын жүрөгү жарылып кетиши да мүмкүн деп сактангансыды.

Албетте, бул кубанычтуу кабар боло турган. Себеби — мындай кичинекей конвертке кол жазма батмак эмес. Мартин бул «Трансконтиненталдык айына бир жолу чыгуучу» журналга: беш миң сөздөн турган «Коңгуроонун үнү» деген өтө коркунучтуу жазылган аңгемесин жибергендигин эсине түшүрдү. Ал эми, кээ бир көрүнүктүү журналдар акчасын кол жазма жактырылып алынар менен төлөйт деше турган, мына ошондуктан, конверттин ичиндеги чек болуш керек, эгерде ар бир сөзгө эки центтен болгондо — миң сөзгө жыйырма доллар болуш керек — демек, каттын ичиндеги чек жүз доллардык чек болуш керек! Жүз доллардык ! Конвертти айрып; бирок ичин ачпай, Мартин кыялында өзүнүн бардык карыздарын тез эсептей баштады. Таттуу азык түлүктөр сатуучу дүкөнчүгө — 3 доллар 85 цент, касапчыга 4 доллар, наабайчы менен жашылча сатуучуга 5 доллар бардыгы 14 доллар 85 цент болду. Ал эми жатакана үчүн 2,50, бир айына алдын ала бергенде дагы — 2,50; машинканын айлык акысы — 8, ага дагы бир айлыгын алдын ала төлөгөндө — 4, бардыгы — 31,85. Мындан башка дагы саатын тапшырган магазинге, саатын кайра сатып алуу үчүн — 5,50, пальтосу үчүн 5,50, велосипеди үчүн — 7,75, костюму үчүн 5,50 (бирок 50 проценттиктен кандай айырмасы бар?) Бардык жыйынтыгы — 56,10. Бул сандар анын көз алдына абага чоң алтын тамгалар менен жазып койгондой жана түштү! Калган кырк үчү доллар 90 цент ага зор байлыктай сезилип, ал жатакана жана машинка үчүн бир ай алдын ала төлөмөк болду.

Мына ушул учурда Мартин конвертти ачып карап көрдү. Конверттин ичинде алакандай баракка машинкага басылган каттан башка балээ да жок экен.

Ал өз көзүнө өзү ишенбей, конвертти дагы бир жолу аңтарып көрдү. Жарыкка салып да карады. Таш балээ да жок. Мына ошентип, ал катты окуй баштады, ал

www.bizdin.kg

редактордун мактоо сөздөрүнө көз жүгүртүү менен каттын ток этер жерин, башкача айтканда эмне үчүн чек жибербегендигин билгиси келди. Ал каттан бул издегенин таба албады, бирок күтүлбөгөн жерден ага кадимки чагылгандын огу тийгендей каттын саптарын окуп жатып чочуп кетти. Кат колунан жерге түшүп кетти. Көздөрү караңгылай түшүп, керебетке кулап түштү да, одеял менен башын чүмкөп жатып калды.

«Коңгуроонун үнүнө» беш эле доллар. Беш миң сөзгө беш гана доллар! Ар бир сөзүнө эки центтен коюнун ордуна, он сөзгө бир центтен гана коюптур! Дагы редактор уялбай чек аңгемебиз басылып чыгаары менен токтоосуз салынып жиберилет деп көңүлүн көтөрүмүш болуп жазыптыр! Демек кеминде ар бир сөзгө эки центтен төлөйт жана тонарар кол жазма жаратылып, өткөрүлүп алынары менен төлөнөт деп айтылгандын бардыгы жалган экен да. Мунун бардыгы жалган болучу жана ал болбогон жерден кайырмакка илинип калган эле. Эгерде ал, муну мурун билген болсо, анда убара болуп жазбайт эле. Ал андан көрө бир жерге иштемек, Руфь үчүн иштемек. Ал жаза баштагандан бери канча убакыт өткөргөндүгүн ойлонуп, өтө кайгыга түшүп кетти. Мунун бардыгы тең акырында биригип келип, он сөзгө бир центтен төлөнмөк экен да! Ал эми газетада айтылган гонорарларды журналисттердин кыялында гана жашаган улуу жазуучулар алса керек. Анын башкалардан уккан жазуучулук — бакыт деген сөз куру кыял болуп чыкты: ал муну көзү менен көрүп, көңүлү менен ишенди. «Трансконтиненталдык айына бир жолу чыгуучу» журналдын бир саны — жыйырма беш цент турат жана анын мукабасынын көркөмдүк менен кооздолушу бул журналдын жогорку даражадагы журналдардын катарына кирерин баяндайт. Бул эски ардактуу журнал Мартин төрөлө электен мурун эле басылып чыга баштаган. Анын мукабасына бүткүл дүйнөгө белгилүү бир жазуучунун бул журналдын ардактуу милдети жөнүндө айткан сөзү ар дайым жазылып коюла турган, ал эми ушул журналдын бетинен бул алп жазуучу өзүнүн чыгармачылык алгачкы жолун баштаган. Мына ушул жогорку деңгээлдеги көркөм жана жеткен адамгерчиликтүү деген журнал беш миң сөзгө беш доллар төлөйт! Ушул замат Мартин бир улуу жазуучунун жакында чет жерде, коркунучтуу ачкачылыкта каза тапкандыгын эсине түшүрүп бул эч кандай таң каларлык нерсе эмес экендигин түшүндү.

Ооба, ал көрсө, терең жаңылышкан экен. Газеттер аны жазуучулук гонорар жөнүндө таптакыр алдаптыр, эми ал болсо, бул үчүн толук эки жылынан ажырады! Азыр болсо иш башкача. Мындан ары беш миң сөз турмак, беш сап да жазбайт! Ал эми Руфь эмне десе жана башкалар эмне десе ошону иштейт — ал кызматка орношот. Бул акыркы ой анын эсине Джону жумушсуздуктун өлкөсүнүн жолдорунда кайыр сурап тентиреп жүргөн Джону элестетти. Мартин ага суктангандай терең үшкүрүп койду. Күн сайын он тогуз сааттан иштөө анын көкөйүнө көк чайдай тийгендей болду. Бирок Джо болсо, эч кимди сүйгөн эмес, мына ошондуктан, ал жер жүзүн кыдырып, селсаяктанып жүрүүгө укугу бар болучу. Мартиндин болсо, ал үчүн күрөшүп иштей турган, алдына койгон белгилүү максаты бар эле. Ал эртең эртең менен тең баштап эле, эрте туруп алып кызмат издейт жана ошол эле күнү Руфка жолугуп, жашоо шартын өзгөрткөнү жаткандыгы жөнүндө, эгерде кабыл алса, анын атасынын мекемесине да иштөөгө даяр экендигин билдирет.

Беш миң сөзгө беш доллар, он сөзгө бир цент — искусствонун базардык баасы! Бул цифранын ичиндеги жашырынып жаткан акыйкатсыздык, алдамчылык, абийир- сиздик менен жүзүкаралык ага тынчтык бербей, жанына катуу батып

кетти. Жумулган көздөрүнүн ары жагында дүкөнчүгө карызы — башка бир цифра — 3,85 жана баштады. Мартиндин сөөктөрү какшап чыйрыктыра баштады. Айрыкча бели түшүп бараткансыды. Башы, төбөсү, көк желкеси, кала берсе мээсинин өзү жан коёрго жер тапкыспай сыздатып ооруй баштады; ал эми чекесинин түшө калып ооруганын айтпагын. Көз алдында болсо, жанагы эле жанды кашайткан ырайымсыз — 3,85 кайрадан жанып туруп алды. Мартин бул өчөшкөн каар- Дуу көрүнүштөн кутулуу үчүн көзүн ачып жиберди, бирок, күндүн жарык нурунан көзү чыдаттырбай катуу ооруп, ошондуктан ал, көздөрүн ошол замат кайрадан жуумп жиберүүгө аргасыз болду, ал эми 3,85 цифрасы болсо кайрадан жаны күч менен дүрт этип жана баштады.

Беш мин сөзгө беш доллар, он сөзгө бир цент! — бул ой анын мээсин оюп жеп бараткандай сезилип, ал бул ойдон кадимки 3,85 санынан кутула албагандай эле, кутула алган жок. Акырында бул сандар эмнегедир өзгөрүлө баштап, Мартин аны терең көңүл коюу менен байкагансыды. Сан акырында 2 ге келип токтоду. А, ал эми эстеди, бул наабайчыга карызы эмес беле! Кийинки сан 2,50 болучу. Бул сан аны кадимки анын өмүрү же өлүмү жөнүндө маселе чечилип жаткан сыяктуу ушунчалык өзүнө кызыктыра баштады. Кимдир бирөөгө ал эки жарым доллар карыз эле, бирок кимге? Ага бул маселени кандай гана болбосун сөзсүз чечүү керек эле, ал мына ошондуктан, буга жооп табуу үчүн ары да, бери да толгонуп ойлонду. Ойлонуп таба албай, арадан жүз жылдар өткөндөй болду, көрсө, бул акчаны Марияга карыз экен. Мартин бул маселени чечкендигине аябай сергий түшүп, бир аз эс алууну чечти. Бирок, ою таш капкандай боло түштү. 2,50 саны жоголо түшүп, анын ордуна 8 жана баштады. Ал кимге 8 доллар карыз эле? Ал кайрадан мээсин чарчатып ойлоно баштады.

Бул ой жүгүртүү канчага созулгандыгын өзү да сезбей калды, (ага чексиз көп убакытка созулгансып көрүндү), күтүлбөгөн жерден, эшик тыкылдап, Мариянын: Мартин ооруу эмессиңби? — деген сөзүн укканда гана эсине келе түштү. Мартин каргылданган, чоочун үн менен: жок, жөн гана бир аз көзүм илинип кетиптир деп жооп кайтарып койду. Аны комнатанын ичиндеги караңгычылык таң калтырып жиберди. Кат түшкү саат экиде келген эле, азыр болсо мына кеч да кирип калыптыр. Калыбы ооруп калса керек.

Азыр анын көз алдына кайрадан 8-саны пайда болуп, ал кайрадан катуу ойлоно баштады. Калыбы, ал азыр саал кууракак болуп калды окшойт. Айтмакчы, болбогон ойлорду ойлонуп, бекер башты катыруунун эмне кереги бар. Бул тим эле акмачкылык! Эс-акылдын зор дөңгөлөгүн тобокелге салып туруп, иштин оң жагын көздөй буруу керек жана ал бурду — дөңгөлөк укмуштай ылдамдык менен тегеренип, аны өзүнүн айлануу жолуна тартып түшүрүп, чексиз караңгы түпкүрдү көздөй алып жөнөдү.

Мартин өзүнүн киржуугучканада кийим таптоочу темир дөңгөлөктүн алдына жеңдеринин учу крахмалдуу көйнөктөрдү төшөп алып таптап жаткандыгын көрүп эч кандай тан калган жок. Бирок, ал бул крахмалдуу көйнөктөрдүн жеңинде эмнегедир бир сандар жазылып жүргөндүгүн байкап калды. Калыбы, бул кийимдерге салынган жаңы белги көрүнөт — деп ойлоду ал, бул белгиге көз жүгүртүп карады: көйнөктөрдүн жеңинде 3,85 деген сан турат. Ал бул сан таттуу азык түлүк дүкөнчүсүнүн эсеби экендигин түшүнүп, аны кир таптагыч зор темирдин алдынан өткөрүү керек деп ойлоду. Анын башына мындай бир каардуу ойлор келе баштады. Ал бардык бул эсептерди жулуп ыргытып жиберет да, анын бирине да төлөбөйт. Айтылдыбы — демек, аткарылды! Мына ал ыксыз бүктөлгөн бул көйнөктөрдү балчыктын үстүнө көтөрүп урду. Кир көйнөктөрдүн үймөгү,

дөбөдөй болуп көбөйө берди, ар бир эсеп, ар бир сан эки, он эселенип акырында миңге жетти, бирок бул эсептердин арасынан бир гана Мариянын эки жарым доллары көбөйгөн жок. Бул болсо акчамды төлөгүн деп Мариянын кысымга ал- бай тургандыгын түшүндүрүп турган эле, мына ошондук- тан Мартин Мариянын гана эсебин төлөй тургандыгын чечти. Мына ушундай деп чечип, ал үймөктөрдүн арасы- нан Мариянын эсебин издей баштады, ары издеп, бери издеп, акырында тапканча, эшиктен конок үйүнүн ээси — семиз голландык киши кирип келди. Анын беттеринин түгү чыга түшүп, үнүнүн бардыгынча бакырып, мындай деди: «Көйнөктөрдүн акысын мен сенин айлыгыңдан чегерип аламын». Кир кийимдердин үймөгү өзүнчө бир тоого айланып, Мартин буларды төлөш үчүн кеминде бир миң жыл иштеш керек экендигин түшүндү.

Эми конок үйүнүн ээсин өлтүрүүдөн, киржуугучкананы өрттөп жиберүүдөн башка эч арга калган жок. Бирок семиз голландык аны жакасынан алып туруп, жерге көтөрүп урду. Ал аны үтүктөр турган столдон темир мешке, темир мештен кир таптагыч темир дөңгөлөккө жана андан кир жуугуч жана кир сыккыч машиналарга алып ыргытты. Мартин муштум тийген сайын кулап түшүп тиштери шакылдап, башы зыңылдап жатты, ал голландыктын бул күчүнө суктангандай да боло түштү.

Андан кийин ал өзүнүн кир топтоочу дөңгөлөктүн жанында туруп калгандыгын байкады, бул жолу ал жуулган жана тапталган көйнөктөрдү кабыл алып жаткан эле, экинчи жагынан айына бир жолу чыгуучу журналдын басма кызматкери — бул көйнөктөрдү катарлаштырып, биринин үстүнө бирин ирээти менен жыйып жаткан эле. Ар бир көйнөк Мартиндин көзүнө чекке айланып, бул чектерге чочулагандай кызыгуу менен карап турду, бирок бул актай чектер болучу. Ал кир таптагыч дөңгөлөктүн жанында миң жыл бою туруп, чектерди бирден чубап чыгып жана кокустан өзүнүн атына толтурулган бир дагы чекти көз жаздымында жибербес үчүн өтө тыкандык менен көз жүгүртүп карап жатты. Акырында самаганындай бир чек чыгып келди. Мартиндин колдору калтырай түшүп, жарыкты көздөй келип чекти окуй баштады. Беш долларга толтурулуптур. Басма кызматкери «ха-ха-ха» — деп күлүп, кир таптоочу дөңгөлөктүн арт жагына жашына калгандай болду. «Болуптур мен сени азыр өлтүрөмүн», деди Мартий. Ал балта издеп коңшу бөлмөгө кирип келип, бул жерден кол жазмаларды крахмалдап жаткан Джону көрдү. Мартин кол жазманы сактап калуу үчүн Джону балта менен бир койду, бирок балта көтөрүлгөн бойдон абада илинип калды. Мартин бөлөмдөн сыртка чуркап чыгып, кир таптагыч дөңгөлөккө жетип келди, бул жерде кар аралашкан борошо ышкырып жаткан экен. Жок, бул кар эмес болучу, бул ар бири миң сомдон кем эмес сансыз чектердин куюну болучу: ал аны чогултуп ар бир жүз кагазын бир таңгактан кылып, ирээтке келтирип, ар бир таңгакты өзүнчө лента менен таңып жатты.

Аңгыча болбой Мартиндин көз алдынан Джо көрүнө түштү. Джо босогого туруп алып үтүктү, көйнөктү, кол жазманы эбелектей ыргытып ойноп, цирк көрсөтүп жаткан эле. Кээде ал таңгакталган чектерден да илип ала коюп, тамдын төбөсүн көздөй ыргытат, чектер тамдын төбөсүн оюп чыгып, асман мейкиндигине кирип жок болот. Мартин Джону көздөй жулунду, бирок ал Мартиндин колундагы балтасын жулуп алып, тамдын төбөсүн көздөй ыргытты. Балтанын артынан Мартиндин өзүн кошо ыргытып жиберди. Мартин тамдын төбөсүнөн сызып чыгып, абада учуп жүргөн бир нече кол жазмаларды кучактап алып, жерге кулап түштү. Бирок аны кайрадан көккө ыргытып жиберди, ал ушундан кийин жерге түшпөстөн асман мейкиндигинде чексиз айланып, сызып

жүрдү. Алыстан кандайдыр бир баланын: «Бийле Вилли мени менен, дагы бир жолу бийле!» — деген үнү чыккандай болду.

Балта чектерден, крахмалдуу көйнөктөрдөн жана кол жазмалардан түзүлгөн Саманчынын жолунда сороюп учуп жүрдү. Мартин аны шак колуна ала коюп, жерге түшөрү менен Джону жайлоону чечти. Бирок Мартин жерге кайтып келген жок. Саат түнкү экиде, Мария үйдүн тосмосунун ары жагынан онтоп жаткан Мартиндин үнүн угуп, бөлмөсүнө кирип келди, анын денесин ысык үтүктөр менен айландыра курчап жылытып, ал эми сезгенген көздөрүн болсо нымдуу сүлгү менен жаап койду.

XXVI ГЛАВА

Эртеси күнү Мартин Иден иш издеп, мекемелерди кыдырган жок. Ал чексиз ойго чөмүлүп кеткендиктен, убакыт түш болуп калгандыгын да сезбеди. Көзүн ачып үйдүн ичине көз жиберсе, Сильванын сегиз жашар Мэри деген кызы анын жанында кайтарып отурган экен, Мартин саал козголуп башын өйдө көтөрөрү менен ал кыйкырган бойдон энесин көздөй чуркап кетти. Ашканада тамак бышырып жаткан Мария тамак-ашын таштай коюп жетип келди. Ал чор алакандарын Мартиндин оттой жанган чекесине коюп, тамырларын кармап көрдү:

— Оокат жейт? — деп сурады ал.

Мартин башын тескери чайкады. Азыр анын тамакка табы чаппай жана ушул замат бир кездеги ач болгондугун эстеп таң кала түштү.

— Ооруп жатам, Мария, — деди ал алсыраган үн менен. — Этим ысып турабы? Эмне оору экенин, өзүм да билбейм.

— Сасык тумоо, — деп жооп берди Мария, бир эки күндө өзү эле жакшы болуп калат. Азыр тамак ичпей эле кой. Эртең ич.

Мартин кыңкыстап жатып калууну эч качан сүйүүчү эмес, мына ошондуктан ал Мария кызы менен эшикке кеткенде ордунан туруп кийинүүгө аракеттенди. Көздөрү ачтырбай катуу ачышып, ооруду. Ал бардык күчү менен аракеттенип керебеттен туруп, столго келип олтурду, бирок ал башын көтөрө албай столго эңкейе калды. Ал көпкө чейин башын көтөргөн жок. Жарым сааттан кийин ал, эптеп-септеп кайра керебетине жылып келди да, чалкасынан түшүп, былк этпестен жатты, өзүнүн бул оорулуу абалынын себебин түшүнүүгө аракеттенди. Мария бир нече жолу бөлмөгө кирип келип, анын чекесиндеги муздак чүпүрөктү алмаштырды. Мариянын тынчын албас үчүн, мурдагыдай ага тамаша да сүйлөгөн жок. Анын бул кичи пейил мамилесине ыраазы болуп, Мартин мындай деди:

— Мария, сиздин сонун фермаңыз болот, акча көп болот.

Анын эсине кечээки өткөн күн түштү. Ага «Трансконтиненталдык ай сайын чыгуучу журналдан» кат алгандан бери бир кылым убакыт өткөндөй сезилип, ал өзүнүн жаңылыштыгын жана адашкандыгын түшүнгөндөн бери, жазуучулук ишинен баш тартып, аны менен биротоло коштошуп, чыныгы турмуш китебинин барактарын ача баштады. Ал өз оорусунан өзү күнөөлүү, анткени ал өзүнүн саламаттыгын ачкалык жана кайгы менен өтө начарлатып жиберген. Кала берсе, анын денеси өзүнө кирип кеткен микробдор менен күрөшүүгө эми кубаты да келбей калган. Мына азыр анын ырп этерге каруусу жок, төшөктө жатат.

Өмүрүмдөн ажырап, бир китепкана толтура китеп жазганымдан мага не пайда? — деп сурады ал өзүнөн өзү. Жок, бул менин ишим эмес. Ээ, адабиятың менен аңга түшкүрдүкү! Менин колумдан келе турган иш маяна жеп мекеме кагаздарын эсепке алуу жана Руфь менен кичинекей бир үй таап өмүр сүрүү...

www.bizdin.kg

Мартин эки күндөн кийин гана оозуна наар алып, бир стакан чай, эки сындырым нан менен бир жумуртка жеди. Ал келген каттарды алып келип көрсөтүүнү суранды, бирок көзү дагы эле ачышып, ооругандыктан ага окуу өтө кыйын болду.

— Мария, мага бу каттарды окуп бериңизчи, — деди ал. — Тиги чоң-чоң конверттерди ачпай эле, столдун астына ыргытып коюңуз.

— Мен билмейди, — деп жооп берди Мария. — Тереза биледи, ал мектеп барат.

Тогуз жашар Тереза Сильва — конвертти ачып, катты окуй баштады. Мартиндин бир ою бир жерден эптеп иш табуу жөнүндө болсо, бир ою жазгыч машинка үчүн эки айлык акыны токтоосуз төлөңүз деген Тереза окуп жаткан катта болду. Күтүлбөгөн жерден анын кулагына төмөндөгүдөй сөздөр шак дей түштү:

— «Эгерде сиз, сунуш кылынган кыскартуу менен өзгөртүүгө макулдугуңузду берсеңиз, — деп, Тереза муунга бөлүп окуду, — анда сиздин аңгемеңизге кырк доллар коёр элек деп ойлойбуз...»

— Кайдай, бул кайсыл журналдан? — деп кыйкырып жиберди, Мартин. — Бери берчи.

Ал көздөрүнүн ачышып ооругандыгын сезбестен, жалынданууу менен катты окуй баштады. Бул анын алгачкы. жазылган «күчтүү» аңгемелеринин бири — «Айланпа» деген аңгемеси үчүн — кырк доллар сунуш кылган «Ак Чычкан» деген журнал экен. Мартин катты дагы бир нече жолу кайталап окуп чыкты. Редактор ага аңгемеңиздин идеясын терең ачып көрсөтө албаптырсыз, бирок идеянын өзү жаңы, мына ошондуктан айрым мүчүлүштөрүнө карабастан, аңгемеңизди журналга пайдаланууну чечтик деп ачык-айкын жазыптыр. Эгерде ал аңгемесинин үчтөн бир бөлүгүн кыскартууга уруксат берсе, кырк доллардык чек токтоосуз келмек.

Мартин колуна калем сапты алып, редакторго аңгеменин үчтөн бирин гана эмес, төрттөн үч бөлүгүн кыскартууга да макул экендигин билдирип жана бир гана өтүнүчүм, чекти мүмкүн катары тезирээк салып жибериңиз деп суранып жазды.

Тереза катты почто сандыкчасына салып келиш үчүн чуркап кетти, Мартин кубангандыгынан жаздыкка жүдөмөсүнөн түшүп терең ойго чөмүлдү. Жок, бул калп болууга мүмкүн эмес. «Ак Чычкан» кол жазманы жактырары менен төлөйт турбайбы. «Айланпа» үч миң сөздөн турган аңгеме эле. Эгерде үчтөн бир бөлүгүн алып таштаса, эки миң сөзү калат. Мына ошондо, ар бир сөзүнө — эки центтен туура келет экен. Кол жазмаларды жактырары менен ар бир сөзүнө эки центтен акы төлөйт деп, газеттердин айтканы туура турбайбы! Ал болсо «Ак Чычканды» үчүнчү катардагы журнал сөрөй деп эсептеген эле. Көрсө анын журналдар жөнүндө эч кандай түшүнүгү жок болсо керек! Ал «Трансконтиненталдык айына бир жолу чыгуучу» журналды биринчи даражадагы журнал экен деп эсептеген эле, бирок ал он сөзгө бир гана цент төлөйт экен! Ал мурда «Ак Чычканга» кош көңүл мамиле кылуучу, көрсө бул журнал гонорарды башкаларга караганда жыйырма эсе кымбат төлөп, кала берсе, акчасын аңгеме басылып чыкканга чейин эле салып жиберет турбайбы!

Ал баш көтөрүп, оорусунан жакшы болсо, эми иш издеймин деп убара болбойт. Анын башында «Айланпадай» аңгемелердин жүзү бар, эгерде алардын ар бирин кырк доллардан эсептегенде ал башка ар кандай кызматта иштегенден көбүрөөк иштеп тапмак. Ушинтип ал, жеңилдим деген мүнөттө жеңип чыкты. Анын

www.bizdin.kg

көздөгөн максаты ордунан чыкты. Эми ага жол ачык. Эми ал акырындык менен башка журналдарды да жеңип чыгат. Киреше табуу үчүн эми майда-чуйдаларды жазууну таш- тап салууга да болот — себеби баары бир ал ага бир доллардык да пайда келтире алмак эмес. Ал мына эми чыныгы иштин үстүндө иштейт. Ооба чыныгы! Ал бүткүл күчүн жумшап жүрөгүндөгү бардык баалуу нерселерди — баяндап көрсөтөт! Мартин азыр Руфь жанымда болуп, кубанычымды кошо бөлүштүрсө кандай жакшы болор эле деп самады. Аңгыча болбой чачылып жаткан каттардын арасынан ал Руфтан келген бир катты учуратып калды. Руфь аны жолдоштук ирээтинде жемелеп, эмне үчүн көптөн бери көрүнбөй, келбей кеттиң деп жазыптыр. Мартин катты толкунануу менен кайра-кайра кайталап, окуп чыкты. Анын саптарына ар бир тамгасына, жалынданган көздөрүн жиберип, каттын акырында Руфтун койгон колун өөп жиберди.

Ал Руфка, жалгыз костюмумду күрөөгө коюп, мына ошондуктан бара алган жокмун деп, кат жазып жиберди. Мындан башка дагы ачык эле айтып, катында өзүнүн ооруп жана азыр кадимкидей жакшы болуп калгандыгын көрсөтүп, ары болсо эки жумадан кийин, бери болсо, андан да эртерээк (бул убакыттын ичинде чек Нью-Йорктон сөзсүз келип калыш керек) костюмун алып, ошол замат сөзсүз барарын кошумчалады.

— Бирок Руфь эки жума күткүсү келген жок. Себеби — анын сүйгөнү ооруп жатат. Руфь эртеси эле күнү Артурду ээрчитип, эки дөңгөлөктүү жеңил араба менен Мартинди көздөй жөнөдү. Алардын мындай салтанаттуу жасалга менен келиши Сильванын балдарын зор толкундатып, коңшуларды таң калтырып жиберди. Бирок бир гана Мария буга кубанган жок, кубанмак турсун кайра кыжыры кайнады. Мария күтүлбөгөн бул чоочун конокторду, алдынан тосуп чуркап чыккан балдарынын кулактарынан чоюп, катуу ызырынды жана өзүнүн шалаакы кебетеси үчүн тилин чайнай сүйлөп кечирим сурамыш болуп койду. Колдоруна жабышкан самындын көбүктөрүнөн, белдемчи кылып алдына тартынган эски чүпөрөгүнөн улам, келген меймандар анын кир жууп жаткандыгын түшүнүштү. Бул, келиштирип асемдүү кийинишкен жаш жигит менен жаш кыздын андан бул жерде Мартин Иден деген жигит турабы деп сурашы аны ушунчалык таң калтырып жибергендиктен, ал конокторду ички үйгө киргиле деп айтууну да эсинен чыгарып жиберди. Алар Мартин жаткан үйгө кирдин буусунан аябай ысыган ашкана аркылуу өтүп келишти. Мария уялганынан эшикти же жабарын, же ачарын билбей туруп калды, бул учурда Мартин жаткан бөлмөгө буунун туманы толуп, самындуу суу менен кир кийимдердин жыты жыттана түштү.

Руфь эң алды этияттык менен оңго, андан кийин солго, андан кийин, кайрадан оң жакка бурулуп, стол менен Мартиндин керебетинин ортосундагы кууш арыкча менен илгерилей басты. Артур этияттабастан чалынып, ашкананын бурчундагы карапа менен казан көмөчкө келип бир тийди. Бирок, Артур бөлмөдө көпкө турган жок. Руфь бөлмөдөгү жалгыз столго келип олтурду, Артур болсо өзүнүн милдетин аткарылды деп эсептеп, сырткы үйдүн секичесине чыгып кетти. Бул жерде аны таң калыша тиктеген Сильванын балдары курчап алды. Тегеректеги балдардын бардыгы чогулушуп, жеңил арабаны тегеректешип, кандайдыр бир коркунучтуу окуянын аяк. талышын күтүшкөндөй карап турушту. Бул тарапка мындай араба бирөөлөр үйлөнгөндө же бирөөлөр кокус өлгөндө гана келе турган: ал эми азыр болсо эч ким үйлөнгөн да, эч ким дүйнөдөн кайткан да жок. Демек, азыр бул жыртык алачыктарда жашаган адамдардын оюнда жок бир укмуш окуя болууга тийиш эле.

www.bizdin.kg

Бул күндөрү Мартин Руфту көрбөй кусадар боло түшкөн. Анын жалындап сүйгөн жүрөгү башкаларга караганда ушунчалык боор ачуу менен сүйүүнү талап кылып, бирок тез эле Руфтун боорун ачытып, анын каалоолору менен түшүнүгүнө жооп бере албай турган, мүнөзү тайкы — жөн гана өзүнүн табигый назиктигине негизделген сезим экендигине толук түшүндү. Мартин Руфтун назик колдорунан бекем кыса кармап, сүйлөп жатты. Руфь да колун тартып албай, анын сөзүн тыңшап арыктаган жүздөрүнө көз жиберип, боору ачый түштү. Руфтун көздөрүнөн жашы мөлтүлдөп, ичинен бул байкуш кандай бактысыз жана алсыз деп ойлонду.

Бирок ал Мартиндин «Трансконтиненталдык» айына бир жолу чыгуучу журналдан алган катына кандай капа жолго чыгып алууга гана мүмкүндүк бериңизчи. Мына ошондо түтүн ар тараптан буркурайт.

Анын бул сөзү мурдагы тема жөнүндө Руфтун эсине салды.

— Сиз азыр да түтүндү өтө көп буркуратасыз, — деди ал...— Кеп, тамекинин сапатында эмес. Сиз тамеки тартсаңыз да, тартпасаңыз да, тамеки тартуунун өзү жакшы адат эмес. Сиз кадим эле басып жүрүүчү түтүн түтүгү, же жандуу жанар тоо сыяктуусуз. Бул эң жаман!

Руфь Мартинге жакындады, ал эми Мартин Руфтун жаркыраган көгүлтүр көздөрүнө жана назик жүздөрүнө суктануу менен карап, кайрадан өзүнүн ага татыктуу эместигин сезди.

— Мен сиздин тамеки чегүүнү ташташыңызды каалаймын, — ал акырын шыбырады, — мен үчүн таштап коюңуз.

— Жарайт, — деди Мартин кубанычтуу кыйкырып. — Таштаймын! Мен сиздин каалаганыңыздын бардыгын аткарам, жаным Руфь!

— Руфь кубана түштү. Ал Мартиндин ыкка элпек көнгөндүгүнөн пайдаланып, мындай деп ойлоду: мүмкүн азыр мен андан жазганыңды таштагын деп талап кылсам да жок дебестир. Бирок, ал аптыккандай сөз сүйлөөгө күчү келбеди. Ооба, сөз сүйлөөгө кудурети жетпеди. Эрки жетишпеди. Сөз айтуунун ордуна, ылдый эңкейип анын көкүрөгүнө башын коюп, жай гана мындай деди:

— Мартин, жаным, тамеки тартпа деп өзүм үчүн эмес, сенин саламаттыгың үчүн айтып жатам. Мүмкүн сизге тамеки тартуу зыяндуудур, андан да жаман адаттын кулу болуу — жакшы эмес.

— Мен сиздин кулуңуз болом, — ал жылмайды.

— Андай болсо, мен сизге буйрук бере баштаймын.

— Руфь Мартинге каардуу көз жиберип, ичинен өзүнүн негизги каалоосун айта албай калгандыгына тепең өкүндү.

— Сиздин ар кандай буйругуңузду аткарууга даярмын, сиздин урматыңыз үчүн.

— Болуптур. Эмесе, менин сизге биринчи эскертерим: күн сайын сакал-мурутуңузду алып жүрүүнү унутпаңыз. Антпесе, караңызчы, мойнумду тытып кеттиңиз.

Мына, ушинтип бардыгы оюн-тамаша, шайыр күлкү менен аяктады. Руфь аздыр-көптүр ийгиликке жетишкендей болду, ал эми биринчи эле жолу мындан көптү талап кылуу мүмкүн эмес эле. Руфь Мартиндин тамеки чегишин койдургандыгына чексиз сыймыктана түштү. Ал эми эмки жолу болсо, анын жазганын таштатат. Себеби — ал анын кандай гана каалоолорун болбосун бардыгын баш тартпастан орундатууга сөз бербедиби.

Руфь өйдө туруп бөлмөнүн ичинен көңүл коюу менен дагы бир жолу көз жиберип чыкты. Ал бөлмөнүн ичине керилген кир жайгыч жипке илинген

www.bizdin.kg

макалаларга көңүл буруп, укмуштуу амал менен тамдын төбөсүнө орнотулган велосипед илгичти көрүп, столдун алдында дөбөдөй болуп үйүлүп жаткан кол жазмаларга айран-таң кала түшүп канча убакытты бекерге кетирген?

— Бул жерде жей турган эч нерсеңиз деле жокко! — Ай, байкушум ай, — ал боору ачыгандай, капалана түштү, мүмкүн, азыр дагы ачка болуп тургандырсыз!

— Жок, тамак-аштарымды Марияныкына койгом, — деп Мартин жашырып, — ал өзү тамак-аштарыңды меникине эле коюп жүр деп айткан. Капа болбой эле кой, менин ачка болгон жерим жок. Караңызчы?

Руфь анын жанына жакын басып келип, көйнөгүнүн сыртынан билинип турган темирдей катуу булчуңдарын көрдү. Бул көрүнүш аны ирээнжитип жиберди. Ага өзүнүн назик сезимдери шылдыңдалгансып сезилди. Бирок аны жаш жүрөгүнүн ар бир кагышы бул булчуңдарды көздөй чексиз умтултуп жана өзүнө тааныш бул сырдуу күчкө баш ийгендей, Мартинден четтеп кетпестен, кайра ага асылгандай болду. Мартин аны катуу сыга кучактап туруп, оозунан өөп жиберди. Турмуштун сырткы гана көрүнүштөрүн билген Руфтун ачуусу келди. Ал эми анын назик жүрөгү болсо, турмуш менен жаңы гана кездешип, салтанаттуу сокту. Мындай мүнөттөрдө Руфь бардык жүрөгү менен Мартинге берилип, анын жанынан чыккысы келүүчү эмес. Мунун себеби — Мартиндин жалындуу зор кучагы ага түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон жыргалды тартуу кыла турган. Мындай мүнөттөрдө Руфка анын өткөндөгүлөрүнүн бардыгы: өзүнө көнүмүш идеялын алдагандыгы, бардык негизги эрежелерди бузгандыгы, кала берсе, ата-энесине сөз катып, аларды күнөөлөбөгөндүгү акталгандай боло түштү. Алар анын бул сыяктуу адамга күйөөгө чыгышын каалашкан эмес эле. Анын Мартинди сүйгөндүгү аларга кандайдыр бир уяттуу нерсе сыяктуу болуп көрүнүүчү. Анын бул сүйүүсү кээде Мартинден алыстап, кайрадан таш боор, кайрадан каардуу Руфка айлана түшкөн учурларда өзү дагы уя. лып кетүүчү. Бирок аны менен жолугушкан кезде ал мурдагы ойлорунун бардыгын унутуп, чексиз берилип кетүүчү. Албетте кээ бир учурларда сүйүү жалаң кайгы менен капага толгондой болуп көрүнүүчү, бирок канткен менен сүйүү, сүйүү да, анын таасири күчтүү, ал жеңилбейт!

— Бул сасык тумоо эч нерсе эмес, — деди Мартин, — албетте — азыраак башым ооруп, чыйрыгып турам, бирок тропикалык безгекке салыштырганда, бул тим эле бир оюнчук.

— Сиз тропикалык безгек менен оорудуңуз- беле? — деп сурады Руфь көздөрү аңтарыла түшүп, бирок Мартиндин кучагынан сезген жанагы делебесин козгогон жыргалдуу сезимин көпкө чейин улантууга аракеттенди. Ал анын жооп берип жаткан сөздөрүнө көңүл бурган жок, бирок анын бир сөзү күтүлбөгөн жерден анын көңүлүн өзүнө бурду. Мартин тропикалык безгек оорусун Гавай аралдарынын биринде орношкон ала ооруларынын жашырын колониясында өткөргөн эле.

— Ал жакка сиз кантип барып калдыңыз? — деп сурады. Руфь. Өзүнө мындай акылга сыйбас кош көңүлдүүлүк Руфтун канын кайнатып жиберди.

— Кокустан эле, — деп жооп берди Мартин, — мен өзүм дагы эч кандай ала менен ооругандар жөнүндө ойлогон эмесмин. Бир күнү мен кайыктан качып чыгып, жээкке чейин сүзүп келип, өзүмө бир жашырынып пааналай турган жай издөө үчүн аралды кыдырып жөнөдүм. Үч күн бою чытырман токойдун ар түрдүү жапайы жемиштеринин мөмөлөрү менен тамактандым. Төртүнчү күн дегенде эптеп жалгыз аяк жолго чыктым. Бул жол мени тоону көздөй алып жүрүп отурду жана бул жолдон мен адамдын жаңы эле басып өткөн издерин байкадым. Кээде

www.bizdin.kg

бул жол менен тоонун бычактын мизи сыяктуу кырынан ашып өттүм. Бул жол өткөн эки чокунун ортосу бир метрдей эле, ал эми эки жагында болсо, бийиктиги үч жүз метрдей жалама аска мелтирейт. Эгерде жакшы куралданган бир адам болсо, ушул жерден туруп жүз миң адамдуу жоого да сокку кайтара алар эле. Бул жол аралдын тереңин көздөй кеткен бирден бир жол боло турган. Үч сааттан кийин мен жанар тоолордун сыртка бүркүп салган иретсиз жаткан минералдык массасы менен кичинекей жылгага келип жеттим. Айланамдан өсүп турган жемиш жыгачтарын жана камыштан жасалган жети-сегиз алачыкты көрдүм. Мындагы жашаган адамдарды көрөрүм менен, мен өзүмдүн кайда туш келгендигимди сезе койдум. Көз чаптырып карасам:

— Анан сиз эмне кылдыңыз? — деп сурап калды, анын сөзүн кадимки Дездемона сыяктуу коркуу менен угуп олтурган Руфь таң кала түшүп.

— Мен эмне кыла алмак элем? Алардын аксакалы бүт денеси ала менен ооруган кадимки падыша сыяктуу бардыгын былкылдатпай башкарган кең пейил абышка экен. Ал өзү ушул жылганы биринчи жолу таап жана ушул жерге законсуз түрдө колония уюштурган экен. Бирок, алардын куралдары согуштук снаряддары бар, баса, бардык канактар көзгө атар мергендер болушат экен. Алар жапайы каман менен илбирске мергенчилик кылуунун өтө устаттары экен. Мына ошондуктан качамын деп ойлоп да койбогун. Мына ушинтип, Мартин Идениңе айла жок, алардын арасында үч ай жашоого туура келди.

— Бирок сиз кантип кутулуп чыктыңыз?

— Эгерде жарымысы кытай кызына, төрттөн бири англис кызына жана төрттөн бири гавай кызына окшош бир кыз болбогондо, мен ушул убакка чейин туткунда олтурат элем. Ал байкуш кыз өтө сүйкүмдүү, ал түгүл билимдүү да эле. Анын Гонолулудагы апасынын байлыгы аз болгондо миллион доллар болсо керек. Мына ушул кыз мени акырында качырып жиберди. Билесизби, анын апасы колонияны азыктандырып туруу үчүн акча берип турат экен, ал эми бул кыз болсо, ошол себептен алардын опузасынан коркпойт экен. Ага мен бул жашырын жайды эч качан, эч кимге оозумдан чыгарбас үчүн ант бердим жана антымды орундаттым Мен азыр бул жөнүндө сизге гана айтып олтурам. Бул бечара кыз ошол кезде ала оорусу менен жаңы гана ооруй баштаган экен. Анын оң колунун беш манжаларын кесип салыптыр, чыканагынын жогорураак жагындагы бир кичинекей ак тагынан башка, эч жеринде тагы жок болучу. Байкуш ал азыр мүмкүн өлүп да калгандыр.

— Бирок сиз кантип корккон жоксуз! Сизге ал коркунучтуу оорунун жугуп калбагандыгын карасаңыз!

— Эң алды албетте — өтө коркуп жүрдүм, — деп мойнуна алды ал.

— Бирок кийинчерээк көнүп кеттим. Экинчиден, менин жанагы бечара кызга боорум өтө ооруп, өзүмдүн корккондугумду да унутуп койдум. Ал чындыгында эле эн татынакай шайыр жана сулуу кыз болучу, ала оорусу менен жаңы эле ооруй баштаган эле. Ал өзүнүн эми эч качан адамдарды көрбөй тургандык кырсыгын алгачкы коомдогу жапайы айбандарча турмуш өткөрүүгө жана бара-бара тирүүлөй бузула баштоо коркунучуна дуушар болгондугун билүүчү. Сиз ала оорусунун анчалык коркунучтуу экендигин эч качан көз алдыңызга элестете албайсыз.

— Шордуу кыз! — деди Руфь ичинен күңк этип. — Бирок ал кыздын сизди качырып жибергендиги өтө таң каларлык иш.

— Эмне үчүн таң каларлык иш? — деди Мартин Руфтун сөзүнө түшүнбөй.

www.bizdin.kg

— Калыбы, ал сизди өтө сүйгөн окшойт, — деп жай гана сөзүн улантты Руфь. — Кана айтыңызчы чыныңызды эле, сизди сүйдү беле?

Эки жакка такыр чыкпай, үйгө бекинип алып иштегендиктен, Мартиндин күнгө күйгөн жүздөрү эчак эле агара баштаган, ал эми азыркы күндөрдө болсо, ал ачкалык менен оорудан өңү-башы кубарып кетти; азыр болсо, кубарган жүзүнө саал кызыл тарай баштаган. Ал оозун ачып бир нерсе деп сүйлөөгө камынып келе жатканда Руфь анын сөзүн бөлүп кетти:

— О, жооп бербей эле коюңуз, кереги жок! Суранам! — деди ал жылмайып күлүп.

Бирок Мартин анын бул күлкүсүнөн кандайдыр бир капалануну сезип, көздөрүнөн болсо муздак нурдануну байкады. Мартин ушул мүнөттө Тынч Океандын түндүк бөлүгүнөн кездештирген жамгырдуу катуу шамалды эсине түшүрдү. Көз ачып жумганча анын көз алдынан түнкү ачык асман, ай жап-жарык болуп турган кездеги пайда болгон нөшөрлөгөн кара жамгыр, салкын айдын жарыгында жогору көтөрүлгөн толкундар элестеле түштү. Мунун артынан ал ала ооруларынын колониясынан өзүн сүйгөндүктөн гана качырып жиберген кызды көрдү.

— Ал эң сонун кыз болучу, — деди ал жөн гана, — ал менин өмүрүмдү сактап калды.

Мартин ушуну менен аңгеме аяктады го деп ойлоду эле, бирок, ал. Руфтун кайгылуу капаланып, терезени көздөй бурулуп кеткендигин байкады. Ошол эле замат ал кайра бурулуп Мартинди жек көрүү менен карады, бул учурда анын жүздөрүнөн капалануунун белгиси да жок эле.

— Мен бир акмакмын, — деди жалооругандай Руфь, — бирок, менин эрким өзүмдө эмес. Мен сизди сүйөм Мартин, ушунчалык сүйөм. Мүмкүн бул мүнөзүмдү бара-бара таштаармын, бирок, азыр сиздин өткөндөгү окуяларыңызга ичим күйүп, аябай кызгангансыйм. Ал эми сиздин өткөн турмушуңуз болсо, шектүү окуяларга жык толгон!.. Албетте, башкача болууга да мүмкүн эмес эле, — деди ал, сөзүн улантып, Мартинге жооп кайтарууга мүмкүндүк бербей. — Болуптур эмесе, Артур чакырып жатат, мени. Анан бир менде тамекиге каршы бир дары бар, — деди Руфь босогонун жанына келип, — мен берип жиберейин ошону.

Руфь босогодон аттап, сыртка чыгып баратып, кайра үйгө бир баш бакты да:

— Сүйөм, сүйөм, — деп кайталап жиберди, андан кийин гана коштошту.

Мария Руфту урматтоо менен арабаны көздөй уза- тып бара жатып, жолдон анын кийген кийимдерине кылдаттык менен көз жиберип чыкты. Мария мындай тигилген кийимдерди эч качан көргөн эмес эле, мына ошондуктан, ал ага бөтөнчө сулуу болуп көрүндү. Жеңил араба көчөнүн бурулушунан имерилип өтүп, карааны көрүнбөй калганча топтошкон балдар капалануу менен андан көздөрүн албай, узатып кала беришти. Мына ушундан кийин кадыр-баркы көтөрүлүп Мария жөнүндө коңшулардын арасында жакшы сөз боло баштады. Бирок, өзүнүн туушкандарынын бири бул сыяктуу коноктор тап-такыр Марияга келбестен, Мартинге келишти деп жарыялап жиберип, бардык ишти бузуп салды. Мына ушундан кийин Мариянын кадыр-баркы тез эле кайра чөгө түштү, Мартин болсо, бардык коңшулардын өзүнө карата бөтөнчө кастарлоо менен мамиле кыла баштагандыгын ачык-айкын сезе баштады. Мария Мартинди ого бетер кудайындай көрүп, эгерде бул укмуш арабаны дүкөнчү көргөн болсо, анда ал сөзсүз Мартинге үч доллар, сексен беш цент акчаны айттырбай эле карыз бермек.

XXVII ГЛАВА

Мартин үчүн бакыттын таңы аткандай болду. Руфка жолуккандын эртеси күнү — ал нью -йорктук майда мүдөөлүү бнр журналдан үч ыры үчүн үч доллар акча келди. Андан кийин, эки күндөн чикаголук бир газета анын «Казына издөөчүлөр» деген аңгемесин кабыл алышып, чыккандан кийин он доллар төлөйбүз деп чечишиптир. Акчасы анчалык көп эмес эле, бирок ошондой болсо да — бул анын өзүн толкундаткан сезимди кагаз бетине түшүрүүгө кылган биринчи аракети эмес беле. Акырында «Балалык жана жигиттик» деген айына бир жолу чыгуучу журнал тарабынан анын балдар үчүн жазылган укмуштуу окуялар жөнүндөгү повести кабыл алынды. Чындыгында бул повести жыйырма бир миң сөздөн туруучу, ал эми ага болсо, бардыгы болуп он алты гана доллар төлөмөк болушкан, бул болсо ар бир миң сөзгө орто эсеп менен жетимиш беш центтен төлөмөк. Төлөгөндө да чыккандан кийин төлөмөк, бирок бул болсо анын экинчи гана жолку — адабияттык аракети эле. Ал азыр бул чыгармасынан бир кыйла кемчиликтерди ачык- айкын көрүп турду.

Кала берсе, аны эң туңгуч чыгармалары да эң сонун жазылган эле. Бул чыгармаларда — зор күч, келе- чекте асканы талкалоого даяр турган жаш кайрат бар эле. Ал өзүнүн алгачкы чыгармаларын арзан баа менен болсо да, сатууга мүмкүндүк болгондугуна өтө кубанды. Ал өз чыгармаларың баалай жана кадырлай билүүчү. Эми бардык үмүтүн ал өзүнүн кийинки жазыла турган чыгармаларынан күттү. Ал жөн гана журналдык жазуучу болгусу келбеди. Ал чыныгы көркөм чыгармачылыктын бардык ыкмалары менен куралдануу каалады. Бирок ал өз күчүн чексиз зарп кылууга умтулбады. Ал тескерисинче саламаттыгын бекем чыңдап алуу үчүн, өзүнүн фантазиясын жардамга чакырууга туура келди. Бирок ал чындыкка карата болгон сүйүүсүн жоготкон жок. Ал өзүнүн бардык чыгармаларында чындыкты ойдон чыгаруу жана кыялдануу менен түзгөн сулуулукту айкалыштырууга аракеттенүүчү. Ал адамдын күчүнө, анын аракеттерине толук, терең ишенген, толкундаткан чындыкка жетишүүгө аракеттенүүчү. Ал турмушту кандай болсо, дал ошондой жалындуу кайраттын тыным- сыз аракеттеринен бери көздөй ачык көрсөтүүнү эңседи.

Ал окуган китептеринен адабий эки агым үстөмдүк кыларын түшүндү. Биринчи агым — адамды анын адамдык табыйгатын таптакыр четке кагып, кандайдыр бир укмуштуу кубулдуруп сүрөттөсө, экинчи агымы тескерисинче адамды жырткыч айбан деп эсептеп, анын ички умтулуулары менен улуу мүмкүндүктөрүн моюнга алгысы келген эмес. Мартин булардын экөөн тең ашкере бир беткейлик деп эсептеп эч кимисине кошулбады. Ал «укмуштар» агымына да, «айбандар» мектебинин жырткычтык одонолугун да ээрчибестен, бул экөөнүн ортосунан чындыкка жакын келүүчү өзүнчө бир башка багыт табууну чечти.

Бир кезде Руфка окуп берген «Укмуштуу окуялар» деген аңгемесинде Мартин өзүнүн көркөмдүк, чындык идеясын иш жүзүнө ашырууга аракеттенген, ал эми «Кудай жана жырткыч» деген макаласында ал өзүнүн адабий көркөмдүк, чындык жөнүндөгү теориялык көз карашын баяндаган эле.

Бирок анын «Укмуштуу окуялар» жана башка, өзү мыкты деп эсептеген аңгемелери бир редакциядан экинчи редакцияга саякаттап жүрдү. Ал эми эң туңгуч чыгармаларына болсо, Мартин эч кандай баа берген жок жана ал аңгемелери үчүн гонорар алгандыгы үчүн гана кубанды. Ал журналдар тарабынан экөөнү жаңы эле кабыл алынган өзүнүн «күчтүү» деген аңгемелерин анчалык деле ашкере жогору баалаган эмес эле. Бул аңгемелердин бардыгы

www.bizdin.kg

ойдон чыгарылып жазылып, чындыктын саал гана сырткы түрү берилген, бирок анын күчү ошондо боло турган. Маанисиз, болбогон нерсени чындыктай кылып сүрөттөөгө аракеттенгендикти Мартин жеткен айлакердик деп эсептөөчү. Мындай чыгармаларды олуттуу адабияттардын катарына кошууга мүмкүн эмес эле. Алардын көркөмдүк сүрөттөлүшү эң чебер болушу да мүмкүн эле, бирок Мартин үчүн эгерде турмуштук чындыкка айкалышпаса, ар кандай көркөмдүк сүрөттөлүш — кала берсе, ал эң чебер сүрөттөлгөн болсо да, ага олуттуу маани берүүчү эмес. Амалкөйлүк Мартин үчүн ойдон чыгарылган окуялардын турмуштук чындык менен кыналышып турушу боло турган — жана ал бул айлакердикке өзүнүн «Укмуштуу окуялар», «Кубайыч», «Казан» жана «Турмуштун шарабы» деген белгилүү чыгармаларын түзгөнгө чейинки мезгилдерде беш-алты «күчтүү» аңгемелерин жазган кезде гана таянган эле.

Үч ыры үчүн алган үч доллар менен, «Ак чычкандан» акча чегин алганга чейин эптеп-септеп, жашады. Бирок ал, бул үч долларын өзүнө анчалык ишенбеген португалдык дүкөнчүгө майдалатып, бир долларын карызына төлөп, калган эки долларын башка карызына — наабайчы менен жашыма сатуучуга бөлүп берип койду. Мартин бул күндөрү бир тиштем дагы эт жеген жок. «Ак чычкандан» акча келгенче эптеп-септеп күн көрдү. Мына акырында чыдамсыздык менен көпкө күткөн «Ак чычкандын» да акчасы келди. Мартин бул акчаны эмне кыларын билбеди. Ал өмүрүндө бир жолу да казынага кирип көргөн эмес эле, ал эми акча маселеси менен таптакыр иши жок болучу, бирок ал азыр кандай гана болбосун окленддик чоң казыналардын бирине кирип, кырк доллардык акча чегин майдалатууну чечти. Бирок анын турмуштук тажрыйбасы, — казынага майдалатпастан, азык-түлүк дүкөнчөсүнүн сатуучусуна барып майдала- тууну жана мына ошентип, өзүнүн ишенимдүүлүгүн жогорулатууну сунуш кылгандай болду. Мартин кыңырылып жатып, дүкөнчүгө чегин майдалатып, карызынан толук кутулду. Ал андан чыгып, башка карыздарынан кутулуу үчүн наабайчы менен касапчы жана жазгыч машинканын ээсин көздөй жөнөдү. Ал Марияга да өт- көн ай үчүн жатакана акысын төлөп, арткан акчасына бир велосипед, бир кемсел сатып алды. Мына ушинтип карыздарынан кутулуп, велосипед менен кемсел сатып алгандан кийин анын чөнтөгүндө үч гана доллар акчасы калды.

Бирок ушул аз акча да ал үчүн зор байлыктай көрүндү. Ал кемсел сатып алар менен Руфту көздөй жөнөдү, жолдо келе жатып толкунданып, өзүн өзү токтото албай чөнтөгүндөгү алтын чака акчаларды кез-кезде шылдыратып коюп бара жатты. Ал кадимки ачка киши тамак- тан көзүн албаган сыяктуу, алтын акчаларды уучунан түшүргүсү келбеди. Ал ач көз да, зыкым да эмес болучу, бирок көпкө чейин акчасыз жүрүп акчанын кааты аябай өтүп калгандыктан, акча өз баласынан бир нече эсе жогору тургандай сезилди. Бул акчалар анын турмушун- дагы ийгиликти баяндап, ал эми акча четиндеги бүркүттөрдүн сүрөтү болсо, жеңиштин канаттуу жарчысы сыяктуу болуп көрүндү.

Күтүлбөгөн жерден анын дүйнө кооз, дүйнө эң сонун деген ою кайрадан пайда боло түштү. Азыр ага дүйнө мурдагыдан беш бетер кызык болуп көрүндү. Ал эми мурда болсо, бир нече жумалар бою дүйнө ал үчүн көңүлсүз, караңгы үңкүр сыяктуу болуп көрүнгөн эле, ал эми азыр бардык карыздарынан кутулуп, көңүлү ачы- лып, чөнтөгүндө дагы үч доллары шыңгырап, жүрөгүндө ийгиликке болгон ишеничи толкуп турган кезде күн нуру ага кайрадан ысып, адамды тердеткендей көрүнүп, кала берсе, күтүлбөгөн жерден төккөн кара нөшөр анын кубанычтуу жылмаюусун гана туудурду. Өзүнүн ачка болгон мезгилдеринде, Мартин бүт жер жүзүндөгү ачка- арыктар жөнүндө тынчсызданып, көп анча ойлонбой калды. Ал

www.bizdin.kg

азыр болсо өзүнүн сүйүүсүнө сыймыктанып, жер үстүндөгү сан жетпеген сүйүшкөн түгөйлөр жөнүндө ой жүгүртө баштады. Анын бүткүл оюн азыр махабаттын сезимдери бийлеп алгандыктан, ал трамвай менен келе жатып, бара турган жеринен төрт көчө ашып кеткендигин өзү да сезбей калды.

Мартин Морздордукуна келип, көп сандаган коноктордун үстүнөн чыкты. Сан-Рафаэлден Руфтун аталаш эки эжеси келиптир. Мына ошолордун шылтоосу менен миссис Руфту жаштардын чөйрөсү менен курчап, өзүнүн ойлогон планын иш жүзүнө аткарууну чечти. Анын бул жүзү каралык планы Мартиндин мүмкүнчүлүгү болуп, келбей калган учурда башталып, азыр анын согуштук аракеттери аябай курчуп турган мезгили эле. Мына ошентип, миссис Морз өзүнүн үйүнө мансапка ээ болгон жана ээ болуп келе жаткан адамдарды чогултууну өзүнүн алдына максат кылып койду. Мына ушинтип, аталаш эки бир туугандар — Дороти менен Флоренстен башка, конок үйүндө — англия философиясы боюнча адистер Филиппинден жаңы эле келип түшүшкөн, Руфтун мурдагы классташ жолдошу — америкалык жаш офицер, Сан-Франциско нун бирикме тресттеринин башчысы — Джозеф Перкинстин менчик секретары Мельвилль фамилиялуу жаш жигит: жана казына кассири Чарльз Хепгуд — отуз беш жаштарга келген, өңү-түсү жакшыраак көрүнгөн адам, Стэнфорддук университеттин тарбиялануучусу, нилдик жана Кошмо клубдардын мүчөсү, болуп өткөн акыркы шайлоолордо көрсөтүлгөн республикалык партиянын мүчөсү — кыскасы бир сөз менен айтканда, бардык жагынан жеткилең, көп нерселерге үмүттөндүрүүчү жаш жигит, мына ушулардын бардыгы олтурушкан эле. Аялдардан болсо, бир портрет тарткыч сүрөтчү, бир адис музыкачы жана Сан-Франциско жер тамдарын тартипке келтирүү боюнча өзүнүн зор ишмердиги менен таанылган «социология илиминин доктору» деген даражасы бар дагы бир атактуу аял катышып олтурган эле. Бирок, миссис Морз үчүн бул аялдар анчалык деле олуттуу роль ойногон жок. Ал үчүн булар кандайдыр бир зарыл түрдө керектүү кошумча адамдар сыяктуу көрүндү. Себеби, мансапка жетишкен бул эркектерди үйгө чакырууда кандайдыр бир нерсе менен кызыктыруу керек эле да.

— Сүйлөшүп жатканда ачууланып кетпеңиз, — деди Руфь, Мартиндин кулагына шыбырап, аны олтурган коноктор менен тааныштыруудан мурун. Мартин алды менен аябай сүрдөп, ушул замат анын оюна эчаккы басып бара жатып кокус олтургучка чалынып аламбы, же болбосо, мештин үстүндөгү турган майда жасалгаларды түшүрүп жибербегей элем деген коркунучтуу сезимдери келе түштү. Экинчиден ал бул коноктордон кысынгансып олтурду. Ал мурда эч качан мынчалык сыпайы адамдар менен кездешип көргөн эмес. Казына кассири — Хэпгуд ага бөтөнчө таасир эткендей болду. Мүмкүнчүлүктүн биринчи мүнөтүндө Мартин аны менен жакыныраак таанышып алууну чечти. Сырткы апкаарыгандыгына карабастан, Мартиндин көкүрөгү али көктө болгондуктан, ал бул жердеги эркек жана аялдар менен күч сынашып көрүүнү каалап, алардын китеп менен турмуштан эмнелерге үйрөнгөндүгүн жана өзү алардан эмнелерге үйрөнө ала тургандыгын билгиси келди.

Руфь улам-улам Мартинге көз жиберип, анын өзүнүн аталаш бир туугандары менен кысынып-кысталбастан, эркин аңгемелешип жатканын көрүп, аябай таң калып жана сүйүнүп да кетти. Ал чындыгында эле өзүн эркин кармап олтурган эле, себеби — ал азыр столдо олтуруп ийиндерим менен майда жасалгаларды түшүрүп жибербегей элем деп тынчсызданган жок. Руфь бул аталаш эки бир туугандардын өтө акылдуу жана адамдар менен болгон мамиледе маданияттуу деп эсептеп, жатар алдында алардын Мартинди өтө мактаган сөздөрүн угуп таң

www.bizdin.kg

кала түштү. Мартин өз чөйрөсүнүн белгилүү жөө чечени жана бардык үлпөттөр менен сейилдердин гүлү болуп калгандыктан, ал бул жерде да, өзүн шайыр кармап, таамай сөздөрүн төгүп олтурду. Бул кезде ийгилик анын аркасынан кадимки көлөкөдөй ээрчип, салам берүүгө аз калган эле: мына ошондуктан Мартин эч бир сүрдөбөстөн эле, өзү да күлүп, башкаларды да күлдүрүп олтурду.

Кече аяктоого аз калган учурда Руфь чочугандай бир окуя болду. Мартин профессор Колдуэлл менен аңгемеге өткөн кезде Руфь анын кежирленип колун шилтеп жибербесе дагы, көздөрүнүн бөтөнчө нурданышын, үнүнүн акырындык менен көтөрүңкү чыгара баштаганын жана жүздөрүнүн кызарып кеткендигин байкады. Мартин өзүн-өзү кармап, толкунануусун токтото албай, бул токтоо келген жаш профессор менен катуу кармашууну чечти.

Бирок Мартин анын сырткы түрүнө чоң маани берген жок. Ал, бир көз караштан эле, өзүнүн аңгемелешип олтурган кишиси маалыматтуу, терең билимдүү жана кыраакы адам экендигин сезген болучу. Бирок, профессор Колдуэлл Мартинге англия филологиясынын катардагы бир профессору сыяктуу көрүнбөдү. Мартин азыр кандай гана болбосун профессорду өзүнүн адистиги жөнүндө сүйлөтүүнү каалап, профессордун бир топ баш тартканды гына карабастан, акыры ал аны өзүнүн оюна көндүрүүгө жетишти. Мартин эмне үчүн көпчүлүктүн ичинде адистик тема боюнча аңгемелешүүгө болбой тургандыгын түшүнө албады.

— Бул чындыгында сандырактыкка жатат, — деген ал Руфка кечеге чейин бир топ убакыт мурун, — эмне үчүн адистик темасында сүйлөшүүгө болбойт? Эгерде кишилер өздөрүнүн жакшы жактарын жана сапаттарын айкындоо үчүн чогулушпаса, анда алар эмне себептен чогулушат? Ал эми ар бир адамдын эң сонун нерсеси — бул анын айрыкча эмнеге көбүрөөк жөндөмдүү экендиги, анын кандай адистикке ээ болгондугу, өзүнүн бүткүл өмүрүн эмнеге арнагандыгы, ал күн-түн дебей эмне жөнүндө ойлонуп, эмне жөнүндө кыялдана тургандыгы болуп саналат. Көз алдыга элестетип көрүңүзчү, мисалы эгерде мистер Бэтлер жалпы кабыл алган эрежелерге баш ийүү менен бирге күтүлбөгөн жерден Поль Верлен, немец драмасы, же болбосо, Аннунцнонун романдары жөнүндө өзүнүн көз караштарын баяндай баштады дейлик. Анда угуп олтургандардын төбө чачтары тик турар эле. Эгерде мистер Бэтлердин сөзүн мен уга турган болсом, анда мен аны — өзүнүн укук илими жөнүндөгү билгендерин айтсын үчүн жерге тийгизбей мактап жиберген болор элем. Чындыгында бул чөйрөнүн алгылыктуу дурус адамы дегени эле ошол. Адамдын өмүрү кандай кыска, мына ошондуктан, мен адамдын эң сонун гана сапаттарын билип калгым келет.

— Бирок ошону менен бирге, — деди Руфь каршы чыгып, — бардыгын бирдей кызыктырган башка дагы маселелер бар.

— Жок, бул жагынан сиз жаңылышасыз, — деди өз кезегинде Мартин моюн бербестен, — ар бир адам жана коомдук ар бир айрым топ, ар качан өздөрүнөн жогору турган адамдарды ээрчигилери келет. Ал эми коомдун эң жогорку катмарларын кимдер башкарып турат? Жатып ичер, чириген байлар. Алардын эмгек менен өскөн жөнөкөй адамдар билишкен майда нерселер жөнүндө да, эч кандай түшүнүктөрү жок. Аларга кесип темасы жөнүндө сүйлөшүү өтө көңүлсүз, мына ошондуктан алар көпчүлүктүн арасында кесип темасы жөнүндө аңгемелешүү өтө натыйжасыз нерсе деп эсептешет. Ал эми алардын көпчүлүк жерлерде аңгемелеше турган темасы — жаңы опера, жаңы романдар, карталар, бильярддар, ичкиликтер, автомобилдер, кайыктар, жылкы көргөзмөсү, форель кармоо жана башкалар, кыскасы жатып ичерлер эмне жөнүндө билише турган

болсо, ошол жөнүндө гана боло турган. Булар болсо жатып ичерлердин бирден бир сүйгөн аңгемелери. Бардыгынан да адамдын күлкүсүн келтире турган нерсе: бул — окумуштуу адамдардын жана бул наамга жетүүгө аракеттенип жүргөндөрдүн, акмактар менен жалкоолордун пикирлерине баш ийгендиктери болуп саналат. Ал эми, мен жөнүндө боло турган болсо, мен адамдын эң сонун сапаттарын үйрөнгүм келет. Сиз муну маданияттуу же одоно деп, деги кандай деп түшүнсөңүз да өзүңүз билиңиз.

Бирок Руфь Мартинге түшүнгөн жок. Руфь анын бул жалпы кабыл алган эрежелерге асылгандыгын анын өз оюн бербегендиги менен өтө өжөрдүгү деп гана түшүнүүчү.

Ошенткени менен Мартин өзүнүн олуттуулугу менен профессор Колдуэллди өзүнө тартып, аны өзүнө жакын тема жөнүндө сүйлөөгө мажбур кылды. Руфь аларга жакын басып келип, Мартиндин мындай деп жатканын укту:

— Мүмкүн сиз калифорниялык университетте бул сыяктуу каршы окууңузду айткыңыз келбестир!

Профессор Колдуэлл ийнин куушуруп тим болду.

— Мен, чыгымды өз убактысында, ак ниетим менен төлөө менен бирге өкмөткө баш ийем. Бизге Сакраменто[3] ишенип дайындап олтурат, биз кандай гана болбосун Сакраменто жана өкмөт менен, жана бир гана партиялык басма менен эмес, керек болсо, эки партиянын тең басма сөздөрү менен да сөзсүз эсептешүүгө тийишпиз.

— Бул түшүнүктүү деңизчи, бирок анда сиз өзүңүздү кадимки суудан кургакка ыргытылып салынган балык катары сезүүгө тийишсиз! — деп сурдана түштү Мартин.

—- Биздин университеттик көлчүктө мага окшогондор анчалык көп эмес. Кээде мен өзүмдү чындыгында эле, суудан кургактыкка ыргытылып ташталган балык сыяктуу сезип эгерде мен жер шарынын кайсы бир бурчунда, мисалы Парижде, же болбосо кларет ичүүгө адабияттын жана искусствонун бузулган адамдары чогулган Латын кварталынын аракканаларында болсом, анда мүмкүн мен өзүмдү көңүлдүрөөк жана эркинирээк сезер белем. Мен анда арзан ресторандан тамактанып жана күтүлбөгөн жерден бардык жаратылышка карата болгон өзүмдүн кескин түрдөгү көз караштарымды айта алат элем. Кээде өзүмдү чечкиндүү адаммын деп эсептеп кетемин. Бирок тилекке каршы менин күчүм жетпей турган али көп маселелер бар. Мен айрыкча адамдын тагдыры менен байланыштуу болгон маселелер менен кездешкен учурларда, өзүмдү бөтөнчө ишеничсиз сезип кетемин.

Мартин анын сөздөрүн угуп олтуруп «Муздак шамал жөнүндөгү ырды» эсине түшүрдү.

Жагат мага ачык күн,
Мунарык менен түнкүсүн
Келет кайык айдагым.

Мартин ырдын сөзүн кайталап жатып, профессорго көз жиберип аны кадимки бир калыпта күчтүү соккон түндүк-чыгыштын муздак шамалына окшоштуруп жиберди. Ал чындыгында эле бул шамал сыяктуу бир калыпта ишеничтүү, ошону менен бирге кандайдыр бир назик мүнөзгө ээ болуучу. Ага түндүк-чыгыштын шамалы эч качан бардык күчү менен сокпой, арт жагына пайдасыз запас калтырган сыяктуу, бул профессор дагы өзүнүн сөзүн, пикирин акырына чейин

[3] Сакраменто — Калифорния штатынын борбору.

айта албагандай сезилип кетти. Мартиндин акылы мурдагыдай эле толук. Анын мээси эске түшүрүүлөр менен ойдон чыгаруучулардын эшиги ачык кампасы сыяктуу болуп көрүндү. Бул минутада Мартин өзүнүн бул акыл-эс кампасынан профессор Колдуэллдин мүнөзүнө окшош же болбосо, ага карама-каршы бир нерселерди издеп жана ушул замат аларды бул жаркыраган көрүнүштөр менен айкалыштырып, теңдештирип көрдү. Мунун бардыгы тең чымыркануу менен иштелип, чыныгы турмуштун ар бир көрүнүшү анын кыялы менен түзүлгөн элестерге айкалышып тургандай болду. Руфтун бир кездеги көз караштары айдын жарыгындагы катуу бороонду элестет- кендей, көз алдына профессор Колдуэлл түндүк-чыгыш- тын муздак шамалы катуу айдаган жана батып бара жаткан күндүн нуруна чексиз чагылышып, ак өркөчтөй кырданган океандын толкундарын элестетти. Мына ушинтип, көз алдынан мүнөт сайын пайда болуп жаткан ар түрдүү көрүнүштөр анын ой жүгүртүүсүнө тоскоолдук кылмак түгүл, кайра тескерисинче кээ бир түшүнүксүз нерселерин туура талдап билүүгө көмөк бергендей да болду. Бул көрүнүштөр качандыр бир кезде Мартин башынан өткөргөн жана көзү менен көргөн, китептерден окуган окуяларынын жаңырыктары болучу, ал эми бул жаңырык боло турган болсо, анын оюна күндүз да, түнкүсүн да тынчтык бербеди.

Мына, азыр ал профессор Колдуэллдин — акылдуу жана билимдүү адамдын бир калыпта жана токтоо чык- кан сөзүн угуп, эрксизден өзүнүн өткөндөгү турмушун эсине түшүргөндөй болду. Ал жаш кезиндеги бөтөнчө тентектик мезгилдерин, калың жакалуу көйнөкчөн, бырышкан тытык калпагын обу жок чекесине кыйшайтып кийип, дүйнөдө менден баатыр киши жок деп дардаң- дап, төшүн кагып жүргөн мезгилдерин элестетти. Мартин бул эске түшүрүүлөрүнөн эч кандай жагымдуу нерсени кездештире алган жок. Ооба, чындыгында өмүрүнүн белгилүү бир бөлүгүнө чейин кадимки хулиган болуп, полициялар менен кармашып, жумушчу көчөлөрүнүн ак ниеттүү жана күнөөсүз ээлерин уруп, токмоктогон шайканын башчысы болбоду беле. Азыр анын көз карашы өзгөргөн. Ал өзүнүн айланасындагы таалимдүү жана тарбиялуу, асемдүү кийинишкен эркектер менен аялдарга көз жиберип, алар менен бир абадан дем алды. Калың көйнөкчөн талпайган жайык калпак кийген жаш кезиндеги карааны өзүн көздөй тартаңдай кадам шилтеп, конок үйүнүн жерге салган килеминин үстү менен басып келе жаткансып көрүндү. Айтмакчы, ал бир кездеги көчө шайкелеринин башчысынан, жумшак креслодо олтуруп, университеттин профессору менен жайдары аңгемелешип олтурган тап-такыр башка Мартинге айланып кеткен эле.

Чындыгын айтканда, Мартин өзүн-өзү эч жерде жана эч качан ыраазы болгондой сезген эмес. Ал ар кандай шартка тез эле көнүгүп, мейли иш жагынан, мейли оюн жагынан болсун башкалардан кем калышпагандыктан өзүнүн тегерегиндеги адамдардын чексиз сүймөнчүлүгүнө жана урматтоосуна ээ болгон. Бирок ал, эч качан жана эч жерде өзүнө-өзү магдырап ыраазы болчу эмес. Ал ар качан өзүнүн үзөңгү жолдошторун толук канааттандырып, бирок эч качан өзүнө толук канааттануучу эмес. Анын ар качан кандайдыр бир күчтүү тынчсыздануу кыйнагандай, кандайдыр бир белгисиз чакырык кайдадыр чакырып жаткандай жана акырында өзү каалаган китеп, искусство жана сүйүүгө кездешкенге чейин аларды издеп жер жүзүн кыдырып жүргөндөй болду. Мына азыр ал өзүнүн бардык баштагы жолдошторунан бөлүнүп, көрүнүктүү адамдардын арасында олтурат. Ал эми Морздордукуна болсо, качан кааласа дал ошондо эч кандай тартынуусуз эле келе алат.

www.bizdin.kg

Бирок бул ойлордун бардыгы ага профессордун сөзүн терең көңүл коюп угууга эч кандай тоскоолдук келтирген жок. Ал өзүнүн аңгемелешип олтурган адамынын билиминин тереңдигине таң калып жана ал Спенсердин чыгармаларынын жардамы аркасында илимдердин жалпы негиздерин билген болсо да, анда-санда өзүнүн билиминин жетишпегендиктерин жана кемчиликтерин терең сезип олтурду. Билимдин бул жетишпегендигин толуктоо үчүн убакыт гана керек эле. «Мына ошондо көрөбүз!» — деп ойлоду ал. Ал профессордун тизесинде олтуруп, анын айтып жаткан сөздөрүн терең көңүл коюп жана кастарлоо менен угуп жаткансыды. Бирок ошондой болсо да, Мартин акырындык менен өзүнүн аңгемелешип жаткан адамынын талкуусунан анын улам кайталанган начар жактарын ачык сезе баштады. Жана ал анын бул талкуусунун кемчиликтери эмнеде экендигин түшүнөөрү менен, профессор менен болгон аңгеменин башталышында анын кыялында пайда болгон теңсиздик сезими жоюла түшкөндөй болду.

Руфь экинчи жолу аларга жакындап келгенде, Мартин өз сөзүн мындан деп баштап жаткан эле:

— Мен сизге жаңылыштыгыңыздын себебин же башкача айтканда, сиздин талкууларыңыздын кемчилдиги эмнеде экендигин түшүндүргүм келет, — сиз биологияга кош көңүл мамиле кылат экенсиз. Кала берсе, сиздин биология жөнүндө түшүнүгүңүз да жок экен. Башкача айтканда, мен жансыз ткандарды лабораториялык тажрыйбалар жолу менен жандандыруудан тартып өтө кеңири социологиялык жана эстетикалык жалпылоого чейинки чыныгы илимий биологияны айтып жатамын. Руфь айран-таң кала түштү. Ал эки жыл бою профессор Колдуэллдин лекциясын угуп жана профессор ал үчүн акылмандыктын эн жогорку үлгүсү болуп калган эле.

— Мен сиздин сөздөрүңүзгө жакшы түшүнбөй жатамын, — деди профессор ыңгайсыздана түшүп.

— Мен сизге ачык түшүндүрүүгө аракеттенем, — деди Мартин, — бир кездеги Египет тарыхынан, Египет искусствосун өлкөнүн жалпы мүнөзү менен алдын-ала таанышпай туруп түшүнүүгө мүмкүн эмес деп окуган сөздөрүм эсиме түштү.

— Абдан туура айтасыз, — деп макул болду профессор.

— Мына ошондуктан менимче, — деп сөзүн улантты Мартин, — өлкөнүн жалпы мүнөзүн, өлкө турмушунун пайда болушун жана анын кантип түзүлгөндүгүн баяндоочу материалды алдын ала толук билбей туруп, үйрөнүүгө мүмкүн эмес. Эгерде биз закондорду, мекемелерди, үрп-адаттарды жана диндерди үйрөнө турган болсок, анда буларды түзгөн адамдарды жана алардын ички дүйнөсүн терең билбей туруп, кантип түшүнө алабыз? Чындыгында адабият дагы ушул эле Египет искусствосу сыяктуу адам түзгөн нерсе болуп саналат. Кала берсе, ай-ааламда бүткүл жаратылыштык эволюциянын законуна баш ийбеген бир нерсе барбы? Мен кээ бир искусствонун өнүгүш тарыхынын иштелип чыккандыгын билемин, бирок бул чындыгында үстүртөн иштелип чыккан. Кала берсе, адам мында катышкан да эмес. Арфа, кыл кыяк жана музыка менен ыр, бийлер- дин эволюциясы эң сонун иштелип чыккан, Ал эми адамдын өзүнүн биринчи ырдаганга, же болбосо биринчи инструментти жасап чыгарганга чейинки өсүп-өнүккөн кээ бир мүчөлөрү жөнүндө эмне айтуу керек? Мына ушул жөнүндө сиз унутуп жатпайсызбы, а мен болсом муну биология деп атаймын. Чындыгында эле! Менин кээ бир сөздөрүм азыраак байланышпай кетип жатат, бирок өз идеямды өзүм тактоого аракеттенгим келип жатат. Бул идея менин башыма сиз сүйлөп жаткан учурда келген эле, бирок мен аны так түшүндүрө

www.bizdin.kg

албай саал буйдалып жатамын. Сиз эми эле бардык себептерди өз кучагына алууга адамга мүмкүндүк бербеген анын бир кыйла чектелгендиги жөнүндө айттыңыз. Калыбы сиз менимче, мына ушул бардык искусствонун эң негизи болгон — биологиялык факторду — башкача айтканда, адамзаттын бардык искусствосунун түзүлүшүнүн башкы материалын көңүлдөн чыгарып жибергенсиз.

Мартиндин күтүлбөгөн жерден катуу соккуга дуушар болбогондугуна Руфь кубана түштү жана тескерисинче профессор Мартинге карап калыбы анын жаштыгын кечиргендей жылмайып койгонсуду. Профессор бир топко чейин унчукпай, акырында алтын чынжырын кармалап сөзүн улантты:

— Сиз билесизби, — деди ал, — бул жөнүндө мени мындан мурун бир улуу эволюционист Жозеф Леконт деген окумуштуу адам да жемелеген болучу. Бирок ал өлгөн, мен ошондон кийин эми менин эч ким бетимди ачпайт ко деп ойлогом, мына күтүлбөгөн жерден сиз мени күнөөлөп олтурасыз. Калыбы — мен муну мойнума албай коё албаймын, — сиздин койгон күнөөңүздө аз болсо да чындык жок эмес, кала берсе аз эмес, зор чындык бар десем дагы жаңылбаймын. Мен классикага өтө берилип кетип, табыйгы билимдердин өнүгүшүнө көп байкоо жүргүзбөй жатам, бул жөн гана кубаттуулук менен жөндөмдүүлүктүн жетишпегендигинен болуп саналат. Сиз балким менин эч качан, эч бир лабораторияда болбогондугумду билсеңиз таң кала түшөр элеңиз. Чын айтып жатам. Канчалык деңгээлде чын экендигин билбеймин Мартин Иден, айтор Леконт да сиз сыяктуу эле туура айткан болучу.

Эмнегедир бир нерсеге шылтоолоп Руфь Мартинди четкерээк чакырып алды да, мындай деди:

— Сиз профессор Колдуэллди тап-такыр эле ээлеп алдыңызда. Мүмкүн башка бирөөлөр да аңгемелешкиси келер.

— Кечиресиз, — деди уяла түшүп Мартин, — анын сөзү ушунчалык кызык болгондуктан — мен аны сүйлөөгө мажбур кылып башкалар жөнүндө унутуп да жибериптирмин. Ушул күнгө чейин мен эч качан мындай акылдуу жана билимдүү адамды жолуктурган эмесмин. Бирок билесизби? Мен мурда университетте окугандардын жана чоң кызматта иштегендердин бардыгын тең эле акылдуу жана билимдүү адамдар деп ойлогонмун.

— Аны эсепке албоо керек. Миңдин бири ошондо чыгат да.

— Мүмкүн. Ал эми сиз мени азыр ким менен сүйлөшсө дейсиз? Же болбосо, мына бул Хэпгуд менен жолуктурасызбы?

Мартин Хэпгуд менен он беш мүнөтчө сүйлөштү. Руфь өзүнүн сүйгөн кишиси үчүн кубанычы койнуна батпай кетти. Анын мурдагыдай көздөрү алактабай, жүздөрү кызарбастан токтоолук менен аңгемелешип жаткандыгына Руфь тан калып олтурду. Бирок Мартин үчүн казына ишмерлеринин бардык тукумдары өз кадыр-барктарын жоготуп, кеченин акырында Мартин алар жөнүндө эң акыркы богооз акмактар деген гана корутундуга келди. Ал эми берки аскер жигит болсо, Мартинге өтө кичи пейил, чыйрак жана токтоо, өз тагдырына өзү ыраазы сыяктуу көрүндү. Мартин анын университетте эки жыл окугандыгын билип жана анын алган билимдеринин кайда кеткендигин түшүнбөй тан кала түштү. Бирок эмнегедир бул офицер Чарльз Хэпгудга караганда Мартинге өтө жаккандай болду.

— Мен анын богооздугуна жиним келген жок, — деди кийинчерээк Мартин Руфка, — анын мурдун көтөрүп, чалкалап, кошоматтыкка салып, келжирегендигине жиним келип кетти. Бул ишмер мага бириккен жумушчу

www.bizdin.kg

партиясы демократиялык партия менен кошулуп кеткендигин түшүндүргөнчө, мен реформациянын бардык тарыхын баштан аяк айтып чыгаар элем. Ал оозуна келгенин шалпып, ашкан кумарчы сыяктуу картасын өткөрүп койгонун кантесиң. Бир күнү муну өзүңүз да көрөсүз.

— Анын сизге жакпай калгандыгы өтө өкүнүчтүү, — деп жооп берди Руфь. — Ал мистер Бэтлердин жанындай көргөн досу. Экинчиден мистер Бэтлер бул адамды эң ак ниеттүү жана өтө ишеничтүү адам деп эсептейт, ал дагы бул адамды, кандай гана казына болбосун анын мекемесин тургуза турган асканын ташына салыштырып жүрөт.

— Мен бул жөнүндө анын кээ бир сөздөрүнө караганда да эч кандай шек санабайм. Бирок мен азыр чынын айтайын казыналарды жек көрө баштадым. Бирок алтыным, мен оюмду ачык айтып жаткандыгым үчүн таарына көрбөңүз.

— Эч канчалык таарынбайм. Бул абдан кызык.

— Туура айтасыз, — деп кубаттап койду Мартин, — бирок сиз менин цивилизациядан биринчи таалим алган кески экендигимди жакшы билерсиз... Экинчиден мен өнүккөн адам үчүн шексиз чоң кызыкчылыкты элестетүүгө тийишмин.

— Ал эми менин аталаш эжелерим жөнүндө эмне дейсиз? — деп сурады Руфь.

— Алар мага башка аялдарга салыштырганда көбүрөөк жакты. Бардыгы тең өтө шайыр, бойлорун көтөрүшпөгөн жакшы аялдар экен.

— Демек, сизге аялдар дагы жактыбы?

Мартин башын чайкап койду.

— Мына бул коомдук ишмер аял, — тим эле бир тоту куш окшойт, эгерде анын мээсин ачып көрө турган болсоңуз, өз алдынча бир дагы идеясын таппас элеңиз. Берки сүрөтчү аялдын паанайы пас көрүнөт. Бир жолу да күлүп койгон жок. Жана ал Хэпгудга аябай пар келе турган неме экен. Ал эми, берки музыкант аялчы! Билбейм, мүмкүн анын техникасы өтө күчтүү жана кубулжутуп уккулуктуу кылып ойноор, — бирок ал музыка жөнүндө эч нерсе билбейт окшойт.

— Бирок айтсаңыз да, айтпасаңыз да ал эң сонун ойнойт, — деди Руфь каршы чыгып.

— Албетте! Бирок ал, сырт жагынан гана укмуш ойногонсуп көрүнөт, ал эми музыканын ички мазмуну ал үчүн тап-такыр түшүнүксүз. Мен андан музыканын ички мазмуну эмнеде деп эсептейсиз деп сурап калдым, — билесизби, мени эмнегедир ушул суроо ар качан өзүнө кызыктырат, — ал эми ал болсо мага — музыканы жанымдай жакшы көрөмүн, мен үчүн музыка дүйнөдөгү бардык искусстволордун эң улуусу жана музыканы чындыгында жанымдан да артык көрөмүн дегенден башка эч нерсе деп жооп кайтара алган жок.

— Сиз отургандардын бардыгын баштан аяк өз адистиги жөнүндө сүйлөтүүгө мажбур кылдыңыз окшойт, — деп, Руфь жактырбагансыды.

— Сыягы ошондой болду окшойт. Бирок алар ушул өздөрүнө бештен белгилүү тема жөнүндө пайдалуу эч нерсе айта алышпагандан кийин, ойлоп көрүңүзчү, эгерде алар жалпы бир нерсе жөнүндө бардыгы тең аңгемелешип калган болсо, кандай авалга туш келишээр эле? Дагы мен маданияттын бардык жыргалчылыктары- нан пайдаланышкан бул адамдар бул жерде... — Мартин бир секундага токтоло калып, анын көз алдынан өзүнүн баягы көлөкөсү эсине түшкөндөй болду, кыры калдайган чоң чий калпакчан жаш жигит термеле басып бөлмөнүн ичи менен өзүн көздөй келе жатты:

www.bizdin.kg

— Ооба, мен мурун аларды акылга терең, билимге бай адамдар экен деп ойлоп жүрчүмүн? Азыраак болсо. да ушул көргөндөрүмдүн натыйжасында мен төмөндөгүдөй корутунду жасай аламын: булардын көпчүлүгү жеткен наадан, калгандары болсо, сабыры суз, көңүлсүз адамдар көрүнөт. Ал эми профессор Колдуэлл болсо — тап-такыр башка иш. Бул чыныгы адам.

Руфтун жүздөрү тамылжый түштү.

— Мага ал жөнүндө айтып бериңизчи, — деди ал, — бирок анын бөтөнчө сапаттары жөнүндө эмес, анткени мен аларды эң жакшы билемин. Сиз мага анын кемчиликтери жөнүндө айтсаңыз. Мен өтө билгим келет.

— Бирок кокус мен өзүм уят болуп калып жүрбөйүн, — деп, Мартин тамашалап койду, — мүмкүн сиз өзүңүз, эң алды айтарсыз. Же сиз андан бир гана жакшы жагын көрүп турасызбы?

— Мен андан эки жыл сабак алгам, бул мезгилдин ичинде мен аны бир топ билгенсидим. Мына ошондуктан сизге анын кандай таасир калтыргандыгын билгим келет.

— Демек, башкача айтканда, сизди анын мага калтырган тескери таасирлери кызыктырат экен да? Болуптур эмесе. Мен, ал сиздин бардык сый-урматыңызга толук татыктуу болот деп чексиз ишенем. Мындай терең акылдуу жана билимдүү адамды мен өтө сейрек кездештирсем керек, бирок анын саал уяты жогураак окшойт. Сиз бирок тескери түшүнбөсөңүз экен! — деп чочуп кетип Мартин. — Мен, ал мага турмушка терең көз караштуу ар нерсеге көзү жеткен, бирок саал жүрөгү тайкы адам сыяктуу таасир этти деп сизге айткым келип олтурат. Мүмкүн мен өз оюмду түшүнүксүз баяндап жаткандырмын? Эмесе, башкача түшүндүрүүгө аракеттенип көрөйүн. Көз алдыңызга чытырман токойдогу жашырын алтын сарайга кетүүчү жолду табарын таап, бирок барбай койгон адамды элестетиңизчи. Ал мүмкүн, алтын сарайдын өзүн көрсө да, бул алтын сарай эмес эле анын сөлөкөтү деп өзүн өзү бекем ишендирип кете бермек. Же болбосо бул адамдын колунан бир кезде зор жакшылык келмек дейлик, бирок ал эч кимге эч качан жакшылык кылган эмес, ал эми азыр болсо, ошол жөнүндө терең өкүнүчтө калып олтурат. Ал жүрөгүнүн тереңинде эгерде бир жакшы иштеген болсом ал үчүн сыйлык алмак элем, атаганат, жакшы иштебей, сыйлык албай калдым деп өзүнө өзү күлгөндөй да жана ошол эле учурда өкүнгөндөй да болду.

— Мен аны мындай жолдор менен сынаган эмес элем, — деди Руфь, — жана чынын айтсам, мен сиздин эмне айткыңыз келип жаткандыгын толук түшүнө албай жатамын.

— Себеби — мен үчүн дагы мунун бардыгы күңүрт сыяктуу, — деди Мартин кандайдыр актангандай, — логикалык жактан негиздей албай жатам. Бул бар болгону сезим гана. Ал мени аябай алдап жатса керек. Сиз, мүмкүн профессор Колдуэллди менден жакшыраак көрсөңүз керек.

Бул Морздордукундагы болуп өткөн кечеден Мартин тан каларлык жана бири-бирине карама-каршы келген сезимдерге дуушар болду. Ал өзү, ушундай бол- сом деген кишилеринен көңүлү аябай сууду. Экинчи жактан аны ийгилик толкута баштады. Бул деңгээлге жетүү, көрсө ал ойлогондой анчалык деле кыйын эмес көрүнөт. Мартин каалаган деңгээлине жетүү кыйынчылыгын жеңмек түгүл (ал муну жасалма жупунулукка салып, өзүнөн өзү жашыргысы келбеди) ал бир гана профессор Колдуэллди чыгарып таштаганда, башкалардын бардыгынын өсүш деңгээлинен ашып кеткен эле. Мартин булардын бардыгына караганда турмушту жана китептерди көбүрөөк билүүчү. Ал, бул терс аяктар өздөрүнүн билимдерин кайсы көргө, кайсы түпкүргө катып салышкан деп

ойлонуп таң калып кетти. Бирок өзүнүн бөтөнчө акылдуулугу жөнүндө анын башына да келип койгон жок. Ал чыныгы жана терең акылдуу адамдарды эч качан Морздордун конок үйүнөн издебөө керек экендигин билген жок. Ал эми бул сыяктуу ойчулдар кадимки тоо бүркүттөрү сыяктуу күндөлүк турмуштун жанды кейитүүчү азабунан жана түгөнгүс машакаттарынан алыс, көк асман мейкиндигинде жалгыздап сызып жүрүшөт эмеспи.

XXVIII ГЛАВА

Эми анын жибергендери өзүнө кайтарылып келбеди, ал эми ийгилик болсо; аны өзү издей баштады. Ал жыйырма беш күн эс алуусуз, кала берсе жекшемби, майрам күндөрү да дем албастан отуз мин сөздөн турган «Күндүн наалаты» деген көлөмдүү чоң макаланын үстүндө такай иштеди. Бул болсо — Метерлинктин мектебинин кереметине, идеалисттик илимдердин чебинен чыгып, сонун нерселер жөнүндө кыялданышкан фантазиячыларга каршы багытталган көз карашка карата уюшулган катуу чабуул боло турган. Ал эми бул макаланын өзүндө да турмуш менен байланышкан бир топ сонун жана укмуш нерселер бар болучу. Мартин бул көлөмдүү чоң макалага кийинчерээк «Укмуштун ачкөздөрү» жана «Биздин «менибиздин» чени» деген эки кичинекей очеркти кошту. Бул кичинекей жана чоң макалалар редакциялар боюнча саякаттап кетти.

Жыйырма беш күнүн зарп кылып жатып жазган «Күндүн наалатын» Мартин алты жарым гана долларга сатууга аргасыз болду. Дагы бир кичинекей чыгармасын — элүү центке юмористикалык жумасына чыгуучу , бир журналга жиберген эки мыскыл ырын бирин эки долларга, экинчисин үч долларга сатты. Мартинге акырында бүткүл акчасын түгөтүп алып, (магазинчи ага беш долларга чейин карыз бергендигине карабастан), велосипеди менен пальтосун магазинге өткөрүп, карызга акча алууга туура келди. Бир жагынан жазгыч машинкасын пайдалангандыгы үчүн акысын макулдашуу боюнча бир айыныкын шарт боюнча алдын ала төлөөгө тийишсиз деп, кыстап да келишти.

Мартин бир нече майда чыгармаларын өткөргөндүгүнө көңүлү көтөрүлүп, «өнөрпостук кесибин» кайрадан улантууну чечти. Мүмкүн ушул аракетинин аркасын- да эптеп жан сактоого болор? Анын столунун алдында адабияттык бирикмелер тарабынан четке кагылган жыйырмага жакын майда аңгемелер үйүлүп жаткан эле. Мартин буларды кайталап окуп чыгып, акырында газета кандай аңгемелерди баспай тургандыгын жана кандайча жаңы жолго түшүү керек экендигин толук түшүндү. Ал газеттик аңгемелерде окуянын акыркы корутундусу оор кайгы менен бүтүүгө тийиш эмес экендигин, артыкбаш кооздук жок болуп, аңгеменин ою жөнө- көй, сезимдер болсо адамдын делебесин козгоп, назик болуш керек турбайбы деген корутундуга келди. Бирок сезимдер эң күчтүү жана асыл. Мисалы, ал бир кезде театрдын жогорку ярусунан туруп өзү эрксизден кол чапкан «Дүнүйөгө кедей, бирок чындыкка бай» деген сыяктуу пьесалардагыдай болууга тийиш.

Мына ушунун бардыгын ал эсине тутуп, өзү иштеп чыккан атайын эреже боюнча аңгеме түзүүгө киришти. Эреже үч бөлүктөн турмак болду: 1) эки сүйүшкөн түгөй бөлүнүп кетүүгө тийиш; 2) кандайдыр бир окуянын жардамы менен алар кайра кошулууга тийиш; 3) акырында үйлөнүү тоюнун салтанаты. Бул эреженин үчүнчү бөлүгүнөн башка биринчи, экинчи бөлүгү чексиз өзгөрүлүп, берилиши мүмкүн. Сүйүшкөн түгөйлөрдү жазууда бир каргашалуу жаңылыштык кетип, кырдаалдардын чукул өзгөрүлүшү, кызганыч, күңүлөштүк, ырайымсыз ата-энелер, митаам арачылар ж.б.у.с. ажыраштырып жиберүүсү мүмкүн, ал эми

www.bizdin.kg

сүйүшкөн түгөйлөрдүн бири- бирине кошулушу, — сүйгөн жигит менен кыздын жасаган каарман аракеттеринин, ата-энелердин, жооп берүүчү адамдардын, күңүлөштөрдүн мажбурланган же болбосо, өз эрктери менен макулдуктарын беришкендиктеринин, кандайдыр бир күтүлбөгөн сырдын бетинин ачылышынын, жигиттин сүйгөн кызы үчүн каны-жанын аябагандыгынын жана башка ушул сыяктуу чексиз көп себептердин натыйжасында гана ишке ашышы мүмкүн. Бул теманы иштеп жатып, Мартин кээде сүйгөн кызды биринчи жолу сүйгөндүгүн баяндоого мажбурлоого жана да башка бир топ кытмыр айла-амалдарды ойлоп тапты. Бирок бир гана нерсени — өзүнүн көз карашы, каалоосу боюнча аткарууга күчү жетпеди: ар бир аңгеменин арт жагында асмандын төбөсү оюлуп, жердин мээси чыгып кетсе дагы, эки жаш кошулуп той-тамаша, үлпөт менен бүтүш керек эле. Аңгеменин көлөмү да таптак аныкталды: эң эле көп дегенде — бир аңгеме бир жарым миң сөздөн ашпагандай жана эң эле аз дегенде
бир мнң эки жүз сөздөн кем болбогондон болушу керек.

Бул сыяктуу аңгемелерди жазуунун ыкмаларына толук ээ болууга чейин Мартин беш-алты схема түзүп алып, ар дайым жазган учурда ушул схемага ылайыктап туруп жаза турган. Бул болсо кадимки математик- тер пайдалануучу таблица сыяктуу өйдө көздөй, ылдый көздөй, оңдон солго, солдон оңго карай окулуп эч кандай мээнин күчүн чарчатпастан эле, ар дайым бир- дей, туура жана так, каалаган комбинацияны түзүп алууга мүмкүн болучу. Бул схемалар боюнча Мартин жарым сааттын ичинде он чакты сюжетти түзүп таштап коюп, анан бош убактыларында аны иштеп чыгуучу. Бул ишти ал көбүнчө жатар алдында, күндүзгү оор жумуштан кийин гана аткара турган. Кийинчерээк ал Руфка бул сыяктуу аңгемелерди түшүндө да жазгандыгын айтты. Эң кыйыны эле — схема түзүү, ал эми калгандары болсо, оңой эле иштелет.

Мартин өзүнүн бул эрежелеринин тууралыгына эч кандай шек кылган жок жана ал басма кызматкерлеринин талабын ушунчалык жакшы билгендиктен жана өздөштүргөндүктөн, биринчи эки аңгемесин жиберүү , менен булар сөзсүз акча болуп келерине ишенди. Чындыгында эле Мартин он күндөн кийин ар бири төрт доллардан сегиз долларга эки чек алды.

Бул мезгилдердин ичинде Мартин журналдарга тиешелүү болгон жаңы бир жагымсыз окуяны билди. «Трансконтиненталдык ай сайын чыгуучу» журналы анын «Коңгуроонун дабышы» деген аңгемесин басып, бирок чегин жиберген жок. Мартин тыйынга өтө муктаж болуп редакцияга жазып да жиберди. Ал, чек кийин жиберилет, бирдемелериң болсо жиберип тургун — деген гана жоопту алды. Ал эки күн бою наар татпай, акырында велосипедин дагы карызга тапшырды. «Ай сайын чыгуучу» журналдан өзүнүн ала турган беш доллары жөнүндө журналга эки жолу билдирип, бирок кокусунан бир гана жолу кат алды. Мартин бул «Ай сайын чыгуучу» журналдын катары менен бир нече жылдар бою эптеп-септеп күн көрүп келе жаткандыгын, ага эч ким жазылбагандыгын, эч ким сатып албагандыгын, жарыяланган кулактандыруу үчүн төлөнүүчү акы — кайыр-садага үчүн жумшалат деп, жазган кишилерге акча төлөбөй тургандыгын түшүнгөн жок. Бул «Ай сайын чыгуучу журнал басма кызматкерлери менен редакторлорунун бирден бир жашоо булагы боло турган, мына ошондуктан алар өздөрүнүн беш долларын редактор тамын актатып алуу үчүн жибербей жаткандыгынан эч кандай шек санаган жок. Бирок ошондой болгон күндө да, беш доллар редакторго тамын актатуу акысы үчүн жетпестигин түшүндү. Анын көз алдына редактор да акча кошум- чалап, бир иш таштоого каршы чыккан жумушчуну жалдап, үйүн

www.bizdin.kg

шыбатканы жатканда, аны бирөө түртүп жиберип, кулап кетип буту сынып, аны тез ооруканага алып кеткенсигендей элес келе түштү.

Чикаго газетасына жиберген өзүнүн «Казына издөөчүлөр» деген очерки үчүн он долларын да ала элек. Шаардык китепканадан журналды ачып көрүп, очеркинин басылып чыккандыгын өз көзү менен көрдү, бирок жооп эмнегедир кечиккенден кечикти. Анын жазган каттарына эч ким жооп кайтарган да жок. Ал редакторлордун өз колдоруна тийсин үчүн бардык каттарын заказ менен жөнөттү. Бул чындыгында талоончулук боло турган, талоончулук болгондо да чаңкайган чак түштөгү, ашыкпаган талоончулук болучу. Ал ачкалыгынан өзөрүп жүрсө, бирөө анын сатып оокат кыла турган дүнүйөсүн уурдап кеткен эле.

«Жаштык жана жетилгендик» деген жума сайын чыгуучу журнал боло турган. Ал Мартиндин жыйырма бир миң сөздөн турган повестинин үчтөн эки бөлүгүн басып чыгарып, анан эмнегедир журналдын басылышы токтолуп калды. Ошентип, Мартиндин буюрса эми он алты доллар алам го деген үмүтү таш капкандай болду.

Бул аз келгенсип, анын эң мыкты деген аңгемеси «Казан» дагы дайынсыз жок болду. Ал бул аңгемесинин экинчи бир нускасын эптеп таап алып, көп журналдардын адресин оодарыштырып жатып, акырында аны Сан-Францискодогу «Толкун» деген журналга салып жиберди. Анын бул журналды тандап алганынын себеби — журналдын редакциясы булуңдун өтө жакын экинчи жээгинде орношкондуктан жооп тезирээк келмек. Арадан эки жума өткөндөн кийин, ал журналдын көрүнүктүү жерине, кала берсе сүрөтү менен чыккан өзүнүн аңгемесин кубанычтуулук менен окуду. Жүрөгү кубанычтуу соккон бойдон Мартин үйүнө келип өзүнүн бул эң мыкты аңгемесине канча төлөөрүн элестетүүгө киришти. Ал бул аңгеменин кол жазмасы жактырылып,. кабыл алынгандыгы жөнүндө редактор ага мурда билдирбегендигине карабастан, аңгеме кабыл алынып, тез; басылып чыккандыгына бөтөнчө шаттыкка бөлөнө түштү. Мартин эки жума төрт күн күтүп, акырында уялууну жыйыштырып коюп, «Толкундун» редакторуна өзүнүн кичинекей гонорары редакциянын көрүнүктүү иштеринин арасында эмнегедир унутулуп калгандыгын бекем көрсөтө кат жазып жиберди.

«Эгерде мага бул аңгеме үчүн жок дегенде беш доллар төлөсө, — деп ой жүгүрттү Мартин, — мен бул акчага түрдүү буурчак сатып алып, мындай аңгемелердин беш- алтысын жазып салат элем».

Акырында бир жеткен уятсыз жооп келип, Мартиндин аябай жанын кашайтып жиберди:

«Биз сиздин эң сонун аңгемеңизге өтө кубанычтуубуз. Бардык редакциянын кызматкерлери чогулуп окуп, өтө толкундандык. Өзүңүз билесиз, журналдын көрүнүктүү жерине басып чыгардык. Биз аңгеменин сүрөтү жаккандыр деп ойлойбуз.

Сиздин катыңызга караганда, бизди өзүбүз заказ бербеген чыгармалар үчүн дагы гонорар төлөйсүздөр деп эсептээрсиз. Биз муну демейдегидей аткара албайбыз, анткени сиздин аңгемеңизге биз заказ берген эмеспиз. Бул бир. Экинчиден, биз сиздин аңгемелериңизди басууга киришкенде бул тартип жөнүндө билет ко деп ойлогон элек. Биз мындай түшүнбөгөндүктүн болуп өткөндүгүнө албетте өкүнөбүз. Дагы бир жолу сизге рахмат айтып жана сизден дагы бир нерселерди алабыз го деп ниеттенебиз. Жана башкаларды кабыл алууңузду сурайбыз!»

www.bizdin.kg

Каттын аягына өз колун койгондон кийин ал «Толкун» эч кимге акысыз жиберилбей тургандыгын жана ошого карабастан Мартинди келерки жылдын журналына жазылуучуларынын тизмесине кошуп коюуну өзүнүн ардактуу иши деп эсептей тургандыгын жазыптыр.

Мына ушул кайгылуу тажрыйбадан кийин, Мартин дайыма ар бир кол жазманын биринчи барагынын жогору жагына: «Сиздин демейдеги наркыңыз боюнча төлөнсүн» деп жазып койчу болду.

«Шашпа бир кезде, — деди ал өзүн өзү сооротуп, — алар менин демейдеги НАРКЫМ боюнча төлөшөт!»

Бул мезгилдерде Мартин өзүнчө такшалуунун сезимине бүтүндөй берилип өзүнүн «Көңүлдүү көчө», «Тур- муш шарабы», «Кубаныч», «Деңиз ыры» жана башка алгачкы аңгемелерин кайта-кайта оңдоп, бардыгын баштан аяк таптаза кылып кайра көчүрүп чыкты. Ага азыр мурдагыдай он тогуз сааттык жумушчу күнү да аздык кыла баштады. Айласын кетирип кыйнаган тамекинин кумарчылыгынан өзүн өзү араң эле кармап, өтө тырышкандык менен окуду жана жазды. Руфтун тамекиге каршы жиберген дарысын жазуу столунун тартмасынын эң түпкү бурчуна катып салды. Тамеки чегүүнү каалагандык сезими айрыкча ачка болгон кезде бөтөнчө кыйнады: ал канчалык тамеки чегүүнү каалагандык сезимии басууга аракеттенгени менен күчү жетпеди. Ал өзүнүн бул сапатын эң чоң эрдик деп белгиледи, ал эми Руфь болсо, муну ушундай болуш керек жана болду деп гана эсептеди. Ал төөнөгүч алууга арналган акчасына Мартинге тамеки тартуудан баш тарттыра турган дары сатып берип, бир нече күн өткөндөн кийин бул жөнүндө унутуп да калды.

Мартин өзүнүн үстүртөн жазган аңгемелерин жек көрүп, шылдыңдап, бирок ошондой болсо да, анын бул аңгемелери бардыгынан өтүмдүүлүк кылган эле. Ал бул аңгемелердин жардамы менен өзүнүн бардык карыздарынан кутулуп, кала берсе велосипеддин жаңы шиндерин сатып алган болучу. Бул аңгемелер ага күндөлүк тамагына толук жетип, олуттуу иштердин үстүндө иш- төөгө да далай убактысы бош калуучу. Мындан башка, бир кезде «Ак чычкандан» алган кырк доллары жөнүндөгү ой Мартиндин көңүлүн асманга көтөргөндөй болду. Мүмкүн башка дагы жогорку үлгүдөгү журналдар белгисиз авторлорго ушундай эле суммада төлөшөр, же болбосо, мындан да көбүрөөк төлөөр, кайдан билесиң? Бирок маселе ушул биринчи даражадагы журналдарга карата жол салууда турат. Алар эмнегедир ушунчалык туруктуулук менен анын эң жакшы аңгемелерин, ырларын четке кагышып, ошол эле учурларда өздөрүнүн журналдарынын беттерине ондогон кызыксыз одоно чыгармаларды эсепсиз көп басышат.

Эгерде бул көрүнүктүү басма кызматкерлеринин кимдир бирөө, — деп кээде ой жүгүртөт Мартин, — кичи-пейилдикке, жок дегенде бир ооз көңүл көтөрөрлүк сөз жазып жиберген болсочу. Мүмкүн менин чыгармам
аларга башка себептерден жакпай жаткандыр, бирок кантип эле менин чыгармамда жок дегенде, жооп кай- тарууга татыктуу эч нерсе жок болсун!

Мартин эми «Уккулуктуу окуяны», же болбосо, мааниси жагынан окшош башка аңгемелерди, басма кызматкерлеринин жооп бербегендик себебин түшүнүүгө аракеттенүү үчүн кайра-кайра жүз жолу кайталап окуп чыкты.

Калифорниянын жылуу жазы башталар менен Мартин үчүн жыргалдуу күндөр аяктады. Бир нече күндөр бою адабияттык уюмдардын эмнегедир түшүнүксүз жооп бербегендиктери — аны өтө катуу тынчсыздандырды. Акырында, бир күнү күтүлбөгөн жерден, өзүнүн «үстүртөн» жазылган он аңгемеси жараксыз деп табылып кайтып келди. Бул аңгемелерге кошуп,

адабияттык уюм бир кат жибериптир. Ал катта, дал ушундай материалдарга редакция жык толуп, батыра албай жатабыз, мына ошондуктан, бир нече айга чейин эч кандай деле жаңы кол жазмаларды жибербесеңиз да болот — деген сөздөр жазылыптыр. Ал эми Мартин болсо, бул аңгемелерине ишенип, акыркы убактардан бери көбүрөөк түгөнүп кеткен эле. Адабий уюм дайыма I анын ар бир аңгемесине беш доллардан төлөп туручу, бирок акыркы жиберген анын он аңгемесинен көпкө чейин жооп келбегендиктен, Мартин элүү доллары кассада жаткандай акчасын ысыраптап жүргөн эле. Мына ушинтип, күтүлбөгөн жерден Мартин үчүн өтө кыйын кырдаал туулду. Ал кайрадан үмүт үзүү менен эски аңгемелерин майда журналдарга, ал эми жаңы жазылгандарын болсо, калетсиз кайтарылып келе турган чоң, журналдарга жөнөтө баштады. Ал окленддик акча карыз берүү жайга кайрадан барчу болду. Анын тамашалуу эки-үч ырлары нью-йорктук жума сайын чыгуучу журналга басылып чыгып, андан келген бир аз акча менен ал бир топко чейин чыдамыш этти. Ошондон кийин, ал ; эмне үчүн менин чыгармаларымды басышпайт? — деп жазып жиберүүнү туура тапты жана жазып да жиберди. Анын бул катына: «биринчиден — көрүнгөндөн келген кол жазмалар көпчүлүк учурларда текшерилбейт, ал эми экинчиден — журналдарга басылып чыккан материалдардын көпчүлүк бөлүгү болсо, — журналдардын тапшыруусу, өтүнүүсү боюнча тажрыйбага каныгып, атакка , ээ болушкан гана жазуучулар тарабынан жазылат» — деп, жооп кайтарылып келди.

XXIX ГЛАВА

Мартин Иден үчүн бул жай өтө оор болду. Редакторлор менен рецензенттер эс алууга кетип калышып, демейде үч жуманын ичинде кайтып келип калуучу кол жазмалар эми редакцияларда үч ай бою жатып калучу болду. Мунун бир гана жакшы жери, маркага акча которулган жок. Бир гана талоончул журналдар алды-артына карабай мурдагыдай жашай беришти. Мартин аларга өзүнүн бардык алгачкы чыгармаларын: «Акак кармоочуларды», «Суучулдун кесибин», «Таш бака кармоону», «Түндүк-чыгыш шамалын» салып жиберди. Бирок алар кол жазмалардын бирөө үчүн да ага тыйын төлөп коюшкан жок. Чындыгын айтканда, алты ай артынан түшүп жазып жүрүп, акырында Мартин «Таш бака кармоого» бир сакал алгыч устара алды, ал эми «Акрополь» болсо, ага «Түндүк-чыгыш шамалы» үчүн беш доллар жана жылдык жазылуунун беш санына бекер жазып коюуга аны ишендириптир, бирок ал айт- кандарынын экинчи бөлүгүн гана аткарды.

Ственсон жөнүндөгү сонети үчүн Мартин акчаны ыгы жок ысырап кылууну сүйбөгөн бостондук бир басмадан эки доллар алды. Мартиндин жаңы эле жазып бүтүргөн «Пери жана акак» деген поэмасы темир жолдук чоң шериктиктин каражаты менен чыгуучу Сан-Франциско нун бир журналынын редакторуна бөтөнчө жагыптыр. Редактор бул поэмасы үчүн Мартинге темир жол боюнча акысыз саякаттоону сунуш кылган. Мартин редакторго кайрылып бул укукту башка бирөөгө берүүгө мүмкүн болор бекен деп сурады. Бирок ал акысыз билеттин укугун башка бирөөгө сатууга мүмкүн эместиги жөнүндө кабар алып, мындан да эч нерсе чыкпасын ойлонуп, кол жазмасын кайра кайтарып жиберишин талап кылды. Ал тез эле кайтарылган поэмасын колуна алып, редактордун анын поэмасынын басылбай калгандыгына карата терең өкүнүчүн окуду. Мартин бул поэмасын экинчи жолу Сан-Франциского, бул саам «Шершень» аттуу качандыр бир кезде көрүнүктүү бир журналист негиздеп жана окуучуларга тез эле белгилүү кылган журналга жиберди. Тилекке каршы «Шершень»

журналынын бул кадыры Мартин төрөлө электен мурун эле кетип калган экен. Редактор Мартинге анын поэмасы үчүн он беш доллар сунуш кылып, бирок, поэма басылып чыккандан кийин өзүнүн ал айткан убадасын унутуп коюптур. Мартин өзүнүн көп суроолоруна жооп келбегенден кийин, акырында ачууланган кат жазып жиберип, жаны редактордон, менден мурун иштеген редактордун кемчилиги үчүн мен жооп бере албаймын, экинчиден сиздин «Пери жана акак» деген поэмаңыз жөнүндө мен жеке өзүм анчалык деле жакшы пикирде эмесмин деген салкын кабарды алды.

Андан беш бетер жаман нерсе чикагонун «Глобус» деген журналынын жообу болду. Чыгарсамбы же жокпу деп олку-солку болуп турган Мартин, акыры ачкалык- тын азабы өткөндөн кийин «Деңиз ырларын» басып чыгарууну чечти. Он чакты журнал тарабынан баш тартылган бул ырлар акырында «Глобус» журналынан өз ордун тапкандай болду. Бул бардыгы болуп, отуз ыр болучу, эгерде ар бирине бирден доллар алганда да, Мартин бул ырлар цикли үчүн отуз доллар алмак. Алгачкы биринчи айда анын төрт ыры басылып чыкты. Узабай эле Мартин анын ар бирине бирден төрт доллар алды, бирок журналды ачып көрүп ал чочуп кетти. Себеби ырлардын аттары өзгөртүлүп «Finis» деген сөздүн ордуна «Финиш» [4] делип, «Деңиз зоокасынын ыры» дегендин ордуна «Деңиз Үлүлдөрүнүн ыры» деп жазылыптыр. Бир ырдын темасы таптакыр ылайык келбеген экинчи бир ырдын темасы менен алмаштырылып жиберилген. «Медузанын түсү» дегенди редактор «Арттагы из» деп жазып салыптыр. Ал эми ырлардын өзү болсо, кайчы менен кескендей шалааланып, аябай оңдолуптур. Мартиндин тиштери кычырап, өз чачын өзү жулмалады. Кээ бир сөздөр, ырдын саптары, строфалар окуган киши түшүнүүгө мүмкүн болбогондой алмашылып, чаташып, кала берсе, түшүрүлүп ташталган. Ал эми кээ бир саптар болсо, таптакыр башка саптар менен алмаштырылып ташталган. Мартин эс-акылдуу редактор, кантип эле ушундай кара санатайлык иштерди кылсын деп, өзүнө өзү ишенбей жана бул кылмыш басмаканада иштегендердин, арип терүүчүлөрдүн колунан келет, келсе деп түшүндү. Мартин ошол замат бул ырлар циклин басууну токтотууну талап кылып урушуп да, жалдырап да, коркутуп да удаасы менен үч кат жазып жиберди. Бирок анын каттарына кайтарылып бир да жооп келген жок. Тескерисинче айдан айга бул сыяктуу бурамаланган ырлар биринин артынан үзгүлтүксүз бири чыгып жатты жана ай сайын Мартин бул чыккан ырлары үчүн тийиштүү долларын алып турду.

Бардык бул ийгиликсиздиктерден капа болгон Мартинднн көңүлүн бир гана «Ак-Чычкандан» келген кырк доллар жөнүндөгү ой гана көтөргөндөй болду. Бирок, ал улам көбүрөөк убактысын кирешелүү майда чыгармаларды түзүүгө жумшады. Ал күтүлбөгөн жерден агрономиялык жана соода журналдарынан «токочтук» орун тапты. Жума сайын чыгаруучу диний журналга да катышып көрдү, бирок байкап олтурса булардан түшкөн кирешелерге адам жашай ала турган эмес. Айла жоктон Мартин өзүнүн кара костюмун дүкөнгө алып келип тапшырган эң кыйын учурда кудай жалгап, чыгармалары — республикалык партиялык комитети жарыялаган конкурстан ийгиликке ээ болуп калса болобу... Чынын айтканда, бул бир эмес, үч конкурс боло турган, Мартин үчөөнөн тең жеңишке ээ болду. Ал өзүн өзү мындай айла амалдар менен аракет кылгандыгын мыскылдап күлдү.

[4] Финис (лат.) — аягы: финиш (англ.) — спорттогу чуркап келүүнүн эң акыркы мараасы.

www.bizdin.kg

Анын поэмасы он доллардан турган биринчи сыйлыкка, үгүт ырлары беш доллардан турган экинчи сыйлыкка жана эң акырында республикалык партиянын милдеттери жөнүндөгү көлөмдүү макаласы жана дагы жыйырма беш доллардан турган биринчи сыйлыкка татыктуу болгон эле. Мунун бардыгы аны чексиз кубандырды, бирок анын кубанычы көпкө созулбады. Акчаны алууга келгенде иш таптакыр башкача болуп өзгөрдү, калыбы комитеттен бир ыйкы-тыйкы чыкса керек, анын мүчөлөрүнүн арасында бир сенатор, бир банкирдин болгондугуна карабастан комитетте бир тыйын да акча жок экен. Мына ошентип, мындагы былыңгыттар бүткөнчө Мартин карап турбай, демократтык партия тарабынан жарыяланган конкурска да катышып, «Демократтык партиянын милдеттери тууралуу» деген көлөмдүү очерки үчүн биринчи сыйлык — жыйырма беш доллар акчаны конкурстун жыйынтыгы бүтөрү менен нак колуна санатып алды. Ал эми республикалык партия тарабынан биринчи конкурс боюнча ала турган кырк доллардын ал ошол бойдон караанын да көргөн жок.

Эми Руфь менен кездешүү үчүн бир амал ойлоп таппаса болбой калды. Анткени Түндүк Оклендден Морздордун үйүнө чейин барып жана кайра келүү үчүн көп убакытты талап кылуучу, мына ошондуктан Мартин өзүнүн костюмун өткөрүп бир велосипед сатып алууну чечти. Убакытты үнөмдөп велосипед менен барып келип туруу бул физкультуралык эң сонун машыгуу боло турган. Анын жука кендирден тигилген кыскараак шымы, токулган спорттук сырткы көйнөгү велосипед үчүн тигилген костюмдан кем калышпай, аны алмаштырып калды. Мына ушинтип, Мартин эми күн санын Руфь менен түштөн кийинки сейилдикке чыгуучу болду. Руфтун үйүндө жолугушуу ал экөөнө анчалык ыңгайлуу болбоду, анткени миссис Морз ак сөөктөрдүн оюн-зоок кечелерин уюштурууга багытталган планын аткарууну уланта берген эле. Конок үйүнөн кездештирген тандал- малуу чөйрө жана жакында эле, мен да ушундай болсом деп суктануу менен караган өкүлдөр азыр Мартиндин кыжырын гана кайнатты. Бул азыр ал үчүн тандалган чөйрө болбой калды. Турмуштун запкысы, оор жумуш жана максаты ордунан чыкпагандыгы — Мартинди өтө ачуулуу жана каардуу да кылып жиберди. Мындай адамдар менен аңгемелешүү аны аябай жаалдантып жиберүүчү, бул өз боюн баа көтөргөндүк эмес эле. Ал адамдарды өзүнө эмес, китептерин ушунчалык толкундануу менен окуган улуу ойчулдарга салыштырып баа бере турган. Руфтун үйүнөн ал акыркы жолу көргөн профессор Колдуэллден башка бир дагы чыныгы акылдуу адамды жолуктура албады. Калгандарынын бардыгы баштан-аяк сокур ишенимчил, караңгы көз караштагы адам сөрөйлөр боло турган. Алардын бардыгы кандай маданиятсыз? Булар билимдерин качан, кайда жутуп коюшкан, кала берсе алар дагы Мартин окуган эле китептерди окушкан эмес беле? Кантип булар ошол окуган китептеринин бардыгынан өздөрүнө пайдалуу бир дагы корутунду чыгарышкан эмес.

Мартин улуу акындардын, чыныгы терең ойчулдардын бар экендигин билчү. Мунун ачык-айкын далили ага Морздордун чөйрөсүнөн ашып түшүүгө жардам берген өзүнүн окуган китептери болуп саналуучу. Мартин ал «чөйрө имиш» деп ак сөөктөр тарабынан жийиркеничтүү түрдө аталган чөйрөдөн мистер Морздун мейманканасын толтурган ак сөөктөргө караганда акылдуураак, адамкерчиликтүүрөөк адамдарды көбүрөөк кездештирүүгө мүмкүн экендигине ишенүүчү. Ал англиялык романдардан ак сөөктөрдүн тукумдары конок үйлөрүндө саясий жана философиялык темалар боюнча аябай талашып-тартышып тургандыктары жөнүндө окуган. Ошондой эле

www.bizdin.kg

англиялык-америкалык чоң шаарларда окумуштуулар менен искусствонун адамдары атайын кездешүүчү өзүнчө имарат бар экендигин билүүчү. Мурда ал өзүнүн түшүнбөстүгү менен жумушчу табына кирбеген ар бир жакшы кийинген киши гана, акылга жана көркөмдүк жөнүндө терең сезимге бай болотко деп ойлоочу. Ага крахмалдуу жака маданияттуулуктун белгисин түшүндүргөндөй көрүнүп жана ал университеттик маалымат менен чыныгы билимдин ортосундагы айырмачылык асман менен жердин ортосундай экенин түшүнгөн эмес эле.

Бирок эмнеси бар экен билбесе?! Ал өзүнө улам жогорку бийиктикти көздөй жол салат жана Руфту да артынан ээрчитет. Мартин Руфка каны-жаны менен чексиз берилүү менен бирге, кайда жүрсөм да Руфь менин көркүм, сыймыгым деп эсептечү. Ал азыр Руфтун өсүшүнө анын жашаган чөйрөсү тоскоолдук кылып жаткандыгын ойлонуп капа боло түштү. Себеби, өзүнүн чөйрөсү да анын өсүшүнө бир кезде тоскоолдук кылган эле. Руфка ушул убакка чейин өзүнүн жөндөмдүүлүгүн толук көрсөтүүгө бир жолу дагы мүмкүнчүлүк келген эмес. Анын атасынын кабинетиндеги китептер, дубалдагы сүрөттөр, өзүнүн роялда ойношу — мына ушунун бардыгы сырты кооз көрүнүш гана болучу. Чыныгы адабиятка, чыныгы живописке, чыныгы музыкага Морздор жана алардын бардык тааныштары кадимки сокур, дүлөй адамдар сыяктуу мамиле жасашчу! Жана дагы булардын бардыгынан адамдын өмүрү кымбат болучу, бул жөнүндө алардын баштарына да келүүчү эмес. Алар өздөрүн бардыгын билген адамдар деп эсептешип, эркин ойлоочулардын жалган кебин кийишсе дагы, алар чыныгы пайдалуу илимден бери дегенде эки кылым артта калышып, кадимки орто кылымдагыдай ой жүгүртүүчү; ал эми алардын дүйнөгө жана анын пайда болушуна карата көз караштары жаңы гана пайда болгон жаш расаны, үңкүрдө жашаган адамдарды эске салып, байыркы эски жана кийинки жаңы көз караштарды да — метафизиктердин көз караштарын элестете турган. Бул болсо алгачкы маймылга окшош адамды караңгылыктан коркууга мажбур кылган, иудей аркылуу Умай энени Адам атанын кабыргасынан жаралган деген ойго ишендирүүчү метафизиканын дал өзү боло турган. Бул метафизикада кала берсе Декартты — жаратылыш бул «мен» деп, өзүнүн кенедей сүрөтү катары кароого үйрөткөн, ал эми англиялык бир белгилүү попту мыскылдоонун каражаты менен өзүнүн өнүгүш законун шылдыңдап күлүүгө козгогон жана анын бул аракети иш жүзүнө ашып, динге ишенүүчүлөр тарабынан кызуу колдоого татыктуу болуп, акырында анын атын балчайган майлуу кара боёк менен тарыхтын беттерине жагылганга чейин алып келген эле.

Мына ушулардын бардыгы жөнүндө Мартин канчалык көбүрөөк ойлонгон сайын ал ошончолук бул адвокаттар, офицерлер, ишмерлер, казыначылар менен жумушчу табынын ортосундагы бардык айырмачылык бир гана алардын башкача тамактанышып, башкача жашашында жана кийинишинде гана экендигине тереңирээк ишенди. Булардын экөөнө тең ал китептен окул, өзүнөн сезген эң башкы сапаттар жетишпей тургандыгын түшүндү. Морздор Мартинге өз чөйрөсүнүн тандалган мыкчегерлерин көрсөтүүгө аракет кылса, ал аны тоотуп да койгон жок. Селсаяк жалдамчы ага Морздордун конок үйүнөн кездештирген мырзаларга караганда күнчүлүк жогору болуп көрүндү. Мартин дүкөндөн карызга тапшырган костюмун кайра сатып алып, бул адамдардын арасына келип, өзүн кадимки малчылардын ара- сында жашаган кандын уулундай сезди.

www.bizdin.kg

— Сиз эмне үчүн социалисттерди жек көрүп жана алардан коркосуз? — деди ал бир күнү түшкү тамак- тын алдында мистер Морзго бурулуп, — сиз алардын өздөрүн да, көз караштарын да билбейсиз да.

Миссис Морз мистер Хэпгудду жерге тийгизбей мактагандан кийин аңгеме келечектеги социализм жөнүндө козголду. Мартин бул мурдун көтөргөн ала көөдөн г келжирбайды көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй жек көрүп олтурду.

— Ооба, — деди Мартин, — Чарли Хэпгуддан бардыгы үмүттөнүп жатышат, бул чын, орто жашка барган учурунда анын губернатордук орунду ээлерине менин көзүм жетти. Ал эми кийинчерээк болсо, сөзсүз сенатор болот.

— Эмне үчүн сиз мындай деп ойлойсуз? — деп сурап калды миссис Морз.

— Мен анын шайлоо алдындагы сүйлөгөн сөзүн уктум. Анын сөздөрү кээде ушунчалык акылдуу, кээде тим эле келжиреп ар кайсынын башын бир сүйлөп жатты. Ошондой болсо да сөздөрүндө эң ишеничтүү жана коркунучсуз киши деп эсептей тургандай амалкөйлүк менен сүйлөдү, ал эми анын одонолук жактарын орто шайлоочулар сезбей да калышы мүмкүн... Ар кимге өзүнүн көз карашы жөнүндө көпчүлүктүн алдында чыгып сүйлөө өтө жагымдуу.

— Мага эмнегедир сиз, мистер Хэпгудга өтө суктанып жаткандай сезилесиз, — деди Руфь.

— Кудай өзү сактасын!

Мартиндин көздөрүндөгү пайда боло түшкөн коркунуч миссис Морздун канын кайнатып жибергендей сыяктанды.

— Сиз мистер Хэпгудду акмак деп айткыңыз келип турган жокпу? — деди Руфь суук үн менен.

— Бирок орто республикачы менен демократтан саал өйдөрөөк — деди баса жоп кайтарып Мартин. Алардын бардыгы же куу, же акмак адамдар, бирок куулары азыраак. Биздин бирден-бир акылдуу республикачылар — булар миллионерлер менен алардын кол астындагы кызматкерлери. Булар жок дегенде — кайсы жерден бышкан аштын жыты жыттанарын жана эмне үчүн жыттанарын билишет...

— Мына мен республикачымын, — деди жылмайып мистер Морз, — сиз кандайча мени айырмалап жатасыз?

— Сиз эрксиз жалчысыз.

— Жалчы?!

— Албетте, сиз бириккен уюмдун мүчөсүсүз. Сизде жумушчу табынын билими жана кылмыш иштеринде укук маселелери боюнча тажрыйба жок. Сиздин кирешеңиз аялдарын урган эркектер менен чөнтөкчүлөрдөн келип жаткан жери жок. Сиз коомдогу башка ролду ойногон адамдардын эсебинен жашап келе жатасыз, ал эми ар бир адам, ким аны тоюндурса ошого кызмат кылат, ошонун сөзүн сүйлөйт. Албетте, сиз жалчысыз! Сиз өзүңүз кызмат кылган капиталисттик уюмдардын кызыкчылыгын коргойсуз.

Мистер Морз саал кызара түштү.

— Мен сизге эскертип коёюн сер, — деди ал, — сиз мени менен кадимки ашынган социалист катары сүйлөшүп жатасыз.

Мына ушул жерден Мартин социализм жөнүндө эс- кертүүсүн баяндады.

— Сиз социалисттерди жек көрөсүз жана алардан коркосуз. Эмне үчүн? Кала берсе, сиз алардын өздөрүн да жана көз караштарын да билбейсиз.

— Айталык, сиздин көз карашыңыз, жок эле дегенде социалисттердики менен дал келгенсип турат, — деп каршы чыкты Морз.

www.bizdin.kg

Руфь бул аңгемелешип олтургандарга чочугандай көз чаптырып, ал эми миссис Морз болсо, ичинен өзүнүн душманы болгон Мартин үй-бүлөнүн башчысынын каарына тийип алгандыгына сүйүнгөндөй болду.

— Эгерде мен республикачыларды акмактар деп атап, эркиндик, теңдик жана бир туугандык — бул самындын жарылган көбүгү деп айткан болсом, мындан менин толук социалисттик экендигимди түшүнүүгө болбойт, — деди Мартин жылмайып, — эгерде мен Дефферсонго жана аны тарбиялаган берки наадан французга ишенген болсом, дагы али өзүмдү социалист деп эсеп- төөгө жетишсиз. Ишенсеңиз чындыгында сиз мистер Морз, мага караганда социализмге жакыныраак тура- сыз, мен тереңимде анын каардуу душманымын.

— Сиз албетте тамашалап жатсаңыз керек? — деп, сурады мистер Морз, кекеткендей.

— Кымындай да. Мен тамашасы жок чын эле айтып жатам. Сиз теңдикке ишенсеңиз, ал эми өзүңүз болсо ушул теңдикти кандайча жол менен көргө көмсөк деп гана ойлогон капиталисттик бириккен уюмга кызмат кыласыз. Ал эми мени болсо, сиз теңдикке каршы чыккандыгым жана сиз, тагыраак айтканда бүткүл өмүрүңүз менен далилдеп келе жаткан эрежени колдонгондугум гана үчүн социалист деп атап жатасыз. Республикачылар — теңдикти кай жерге гана болбосун жаратууга аракеттенгендиктери менен анын анык катаал душман- дары болуп саналат. Алар теңдиктин атынан теңдикти туруктуулук менен кыйратып келе жатышат. Мына ошондуктан мен аларды акмактар деп эсептеймин. Мен болсом өзүмчүлмүн. Мен жарышта күлүк, күрөштө күчтүү жеңерине ишенем. Мен бул чындыкты биология- дан, чын эле, биологиядан үйрөндүм окшойт. Кайталап дагы айтамын, мен өзүмчүлмүн, ал эми өзүмчүлдөр болсо, социалисттердин түбөлүк, эзелтен берки душманы болуп саналат.

— Ошого карабастан сиз социалисттик жыйналыштарга барып жүрөсүз го, — деди мистер Морз титиреген ачуулу үн менен.

— Албетте. Кадимки чалгынчы душманынын арасында жүргөндөй. Антпесең душмандын сырын кантип башкача жол менен билесиң? Экинчиден мен үчүн бул жыйындар өтө кызыктуу. Социалисттер — эң сонун пикир талашуучулар болуп саналат жана алар жакшыбы же жаманбы айтор бир нерсени билишет. Алардын кимиси гана болбосун социология жана ар кандай башкача «логиялар» жөнүндө кадимки капиталистке салыштырганда бир кыйла көбүрөөк билет. Ооба, мен социалисттик жыйындарда он чакты жолу болдум, бирок мындан кадимки Чарли Хэпгуд да ашкере чеченсип, билгендигинен республикачы болбой калган сыяктуу эле, мен дагы социалист болуп калганым жок.

— Билбейм, билбейм, — деди бүшүркөгөндөй мистер Морз, — мага эмнегедир сиз социализмди көздөй жан тарткандай сезилесиз.

«Кара баскырдыкы десе — деп ойлоду Мартин, — бир сөздү да түшүнбөптүр. Мен киши менен эмес, дубал менен сүйлөшүп жатсам керек! Мунун алган билими кайда кеткен?

Мына ушинтип Мартинге өзүнүн өсүш жолунда буржуазиялык таптык үрп-адаттар менен бетме-бет кагылышууга туура келди жана бул үрп-адаттар ага тез эле каракчыдай көрүнө баштады. Ал өзү акылдуу насаатчы боло турган жана өзүнүн тегерегиндеги адамдардын наасаттары, алардын бой көтөрмө наадандыктарынан беш бетер анын кыжырын келтирип жиберүүчү, бул болсо, экономиканын, метафизиканын, боорукердиктин жана ээрчип-тууроонун кандайдыр бир таң каларлык аралашмасы боло турган.

www.bizdin.kg

Мартин бул кызыктуу аралашманы күтүлбөгөн жерден өзүнүн жакындарынын арасынан жуктуруп алгандай болду. Өзүнүн бир тууган карындашы Мэриен механик немец жигит менен тааныш эле. Ал өзү өтө эмгекчил, өз ишин эң жакшы өздөштүрүүнүн натыйжасында велосипеддик кичинекей дүкөнчө ачып, арзан велосипеддерди сатуу боюнча агент болуп иштеп, оокат жайы тың неме эле. Мэриен Мартинге келип, өзүнүн күйөөгө чыкканы жатканын билдирип, аны тамашалап колдон алып, алаканынын издери боюнча, анын келечек тагдырын алдын ала айта баштаган.

Экинчи жолу ал, өзү менен кошо Герман Шмидти ээрчите келиптир. Мартин ал экөөнү тең эң сыпайы жана сылык сөздөр менен куттуктап, кубанычтуу тосуп алды, бирок бул мамиле маңыроо чалыш күйөөгө анчалык жага бербеди окшойт! Жагымсыз пикир Мартин ал экөөнө арнап жазган ырын окуп бергенден кийин ого бетер күчөдү. Бул карындашына арналган «Төлгөчү» деген сонун ыр болучу. Ырын окурун окуп, бирок өзүнүн коногунун эч кандай козголуп койбогондугуна Мартин түшүнбөй кетти. Кала берсе, карындашы өзүнүн тынчсызданган көз караштарын, одурайган жүзүнөн ызалануу менен намыстануунун жышааны келе түшкөн келечектеги күйөөсүн көздөй тигилтти. Окуя калыбы ушуну менен аяктап, коноктор көп буйдалбай кетип калышты. Бул окуя жөнүндө ал көп деле ойлонгусу келбеди, бирок дагы бир нерсе — өз карындашы — жумушчу табынын кызы — өзүнө арналып жазылган ырга эмне үчүн ыраазы болбогондугуна түшүнө албады.

Бир нече күн өткөндөн кийин Мэриен дагы келди. Бирок ал, бул жолу жалгыз эле келген. Эшиктен кире электе эле: — ушунун бардыгы сенин олдоксон кылган мамилең, — деп, ал Мартинди жемеге ала баштады.

— Эмне болуп кетти Мэриен? — деп Мартин таң кала түшүп сурады. — Сенин түрүңө караганда, өзүңдүн ата-энеңден же болбосо, жок дегенде өзүңдүн бир тууганыңдан уялып жаткандай сүйлөп жаткансыйсыз да?!

— Албетте, уялам, — деди ал.

Мартин карындашынын көздөрүндөгү таарынычтын жаштарын көрүп, дарманы кете түштү. Көрсө карындашы аябай таарынган экен.

— Сенин Германың кантип эле бир тууганы карындашы жөнүндө ыр жазгандыгын кызганычтык кылсын?

— Ал такыр кызганбайт, — деп, Мэриен бышактап ыйлап жиберди, — ал биздин көзүбүзчө бир тууганыңдын ыр окуганы уят, адепсиздик дейт.

Мартин ишенбестей саал ышкырып койду да, анан үкөктү ачып, «Төлгөчүнүн» бир даанасын алып чыкты.

— Түшүнбөйм, — деди ал, кагазды карындашына сунуп жатып, — ме окуп көр, адепсиздик бар бекен же жок бекен өзүң эле айта койчу? Ушинтип айттың го?

— Ал айткандан кийин, демек бар болуш керек, — деди кагазды жактырбагандай четке кагып сая жооп кайтарып, Мэриен. Ал сенден бар эмеспи, бул ырыңды тытып салышыңды талап кылып жатат. Ал менин аялым жөнүндө эч ким мындай ыр жазышын каалабаймын, бирөө окуса шылдың болуп жүрө албаймын дейт. Бул шылдың, маскаралык мен аны көтөрө албаймын, — дейт ал.

— Эмне деген сандырактык! — деп жиберейин деп, кайра токтоло калды.

Анын бет маңдайында кадимки өзүнүн келечек күйөөсү сыяктуу эле, эч нерсеге ишенгиси келбеген Мэриен буркурап ыйлап турган эле, мына ошондуктан ал, бул окуянын бардык маанисиздигин түшүнүп, эрксизден багынууга аргасыз болду.

www.bizdin.kg

— Болуптур, — деп кол жазмасын майдалап тытып, корзинкага ыргытып салды.

Бирок ал ичинен буга кейиген жок, анткени, «Төлгөчүнүн» бир нускасы нью-йорктук редакциялардын биринде жаткан эле. Мэриен да жана анын күйөөсү да муну эч качан билишпейт, бул кичинекей ыр басылып чыгып келсе, мындан эч кандай кырсык болуп кетпеси түшүнүктүү.

Мэриен корзинканы көздөй эңкейди.

— Уруксатпы? — деди ал.

Мартин уруксат дегендей башын ийкеди да, унчукпастан анын кантип жыйнап жаткандыгын көңүл коюп карап турду: бул болсо, Мэриенге өзүнүн тапшырмасын ийгиликтүү орундаткандыгынын ачык далили үчүн керек эле. Мэриен ага эмнегедир Лиззи Коноллини оюна түшүргөнсүдү, бирок анын мүнөзүнө таандык болгон ташкындаган жалынданууну жана турмуштук шайырдыкты ал Мэриенден кездештире албады. Бирок алар бири-бирине кийген кийимдери, жүрүш-туруштары, адаттары боюнча бөтөнчө окшош келүүчү. Мартин күтүлбөгөн жерден бул кыздарды Морздордун конок үйүндө олтургандай элестетип, бырс этип күлүп жиберди. Кызыктуу көрүнүштөр аяктап, чексиз жалгыздык сезими Мартинди өз кучагына тартып кетти. Өзүнүн карындашы да, Морздордун конок үйү да ага өмүр жолундагы жол боюна коюлган аралыкты билдирүүчү артта калган мамылардай гана болуп сезилди. Мунун бардыгы эми артта калды. Мартин өз китептерине эркелеткендей көз жиберди. Бул болсо, анын бирден-бир ар дайым күйүмдүү жолдоштору боло турган.

Мэриен өзүнүн суроосун кайталады.

— Эмне үчүн мен иштебейм? — Мартин каткырып күлдү, бирок анын күлкүсү чын жүрөктөн чыккан күлкү эмес эле, — мени ушинтип сурагын деп сенин Германын тапшырдыбы сага?

Мэриен жок, өзүм эле дегендей башын тескери чайкады.

— Калп айтпагын, — деди Мартин ызырынып, Мэриен уялгандай башын төмөн салды. — Эмесе өзүңдүн Германыңа айтып койгун, башка бирөөнүн ишине кийлигишпесин. Эгерде мен анын колуктусу жөнүндө ыр жазсам киришиши мүмкүн, бирок менин башка иштериме киришүүгө акысы жок. Түшүндүңбү? Сен демек, менден жазуучу чыкпайт деп ойлойсуңбу? — деди ал сөзүн улантып, — сен мени жолдон адашты, үй-бүлөнү наалатка калтырды деп эсептейсиңби? Ия?

— Мен жөн эле, сен бир жерде иштесең жакшы болор эле деп ойлоймун, — деди баса сүйлөп Мэриен. Мартин анын туура айтып жаткандыгын түшүндү. — Герман дагы...

— Германды кара бассын! — деп, Мартин тамашага чаптырып, анын сөзүн бөлүп кетти. — Андан көрө тоюңар качан болот, ошону айтчы. Жана өзүңдүн Германыңдан, менден ал силердин тоюңарга арналган белек алат бекен ошону сурап койчу.

Мэриен кеткенден кийин Мартин бул окуя жөнүндө көпкө чейин ойлонуп, эки-үч жолу кайгылуу күлүп жиберди. Ооба, алардын бардыгы — карындашы, анын күйөөсү, алардын чөйрөсүндөгү адамдар жана Руфтун чөйрөсүндөгүлөр жалпы ченге бирдей ыңгайланышып, өз турмуштарын даяр жана тапталган үлгү боюнча курушат. Мына ошентип, алар дайыма биринен бири үлгү алышып, бирин-бири ээрчип, туурашып, бул байкуш бечаралар өздөрүнүн табийгы жеке мүнөздөрүнүн бөтөнчөлүктөрүн жоюуга жана бала чактарынан туткуну болгон сандырак эрежелерге шек келтирип албас үчүн гана, чыныгы турмуштан баш

тартууга даяр турушат. Алардын бардыгы: Бернард Хиггинботам мистер Бэтлер менен кол кармашып, Герман Шмид болсо Чарлл Хэпгуд менен кучакташып алып, кадимки жипке тизген эмеден, Мартиндин көз алдынан чубап өттү. Мартин кылдаттык менен көз жиберип, булардын бардыгын өзү үйрөнгөн чен менен ченеп чыкты. Ал бекерге өзүнө өзү: алтын жүрөктөр, улуу акылдар кайда? — деп суроо берди. Алар анын кичинекей бөлмөсүн ээлеп, жол беришпей топурашкан наадандык жана уят-сыйытсыз элестердин арасынан көрүнбөдү. Ал бул топурандыларга карата калыбы, кадимки Цирцея өзүнүн торопойлоруна карата сезген жек көрүүнү сезип турду.

Бул жагымсыз элестердин эң акыркы көрүнүшү көздөн кайым болору менен, дагы бир күтүлбөгөн — жээктери калдайган шляпа, калыз көйнөк кийген бир самтырак жаш бала — алыскы өткөндөгү Мартин Иден теңселе басып чыга келди.

— Сен дагы тууган, булардан артык эмес болучусун — деп Мартин Иден ага күлүп койду. — Сенин дагы үрп-адатың ушулардыкындай болучу жана сен булардан кыйын деле эч нерсени билүүчү эмессиң. Сен эч нерсе оюңда жок эч нерсе жөнүндө тынчсызданчу эмессиң. Кадимки даяр көйнөктү тандап кийип алгандай, сен даяр көз карашты өзүңө сиңире койгонсуң. Сен башкалар жактырган нерсени иштегенсиң. Сен өз шайкеңдин башчысы болчусуң, себеби — алар сени шайлап алган. Сен өзүнө жаккандыктан эмес, башкалар бул үчүн, сени далыга чапкандыктан шайкелериңди баштап, урушуп жана аларга буйрук берген болучусуң. Сен Май Тумшуктун тумшугун кандадың, себеби — кечиргиң келген жок, кечиргиң келбегендигиңдин себеби — жырткыч айбан болчусуң — ага кошумча сенин кулагыңа бирөө: эркек каардуу, кан ичкич, таш боор болуш керек, бирөөнү жанчуу, майып кылуу — эрдик жана сыймык- тын иши деп шыбырап туруучу. Ал эми эмне үчүн сен өз жолдошторуңдун кыздарын тартып алуучу элең? Же алар сага жаккандыктанбы? Жок, алар сага жаккандыгынан тартып алуучу эмес элең, жок! Жөн гана сенин чөйрөң сени кичинекейиңден тартып эле, тентек айгырдын жана жапайы буканын мүнөзүнө тарбиялаган эле! Мына дал ошондуктан сенин тартып алгың келди! Мына, ошол кезден бери аз эмес мезгил өттү. Ал эми азыр сен ушулардын бардыгы жөнүндө эмне ойлойсуң?

Кандайдыр, мына ушуларга жооп иретинде анын көз алдындагы элестер тез өзгөрүлө түштү.

Жупуну көйнөк менен кыры калдайган калпак көздөн кайым болуп, аларды жөнөкөй келишимдүү кемсел-шым алмаштыргандай болду; кубарган одоно жүздөрү чындык жана сулуулук менен асылдангандай бөтөнчө нурдана түштү. Бул көрүнүш азыркы Мартинге бөтөнчө окшоп турган эле, ал столдун жанында туруп, чырактын жарыгына колундагы китепти ачып, эңкейип окуп жаткан эле. Мартин китептин артына көз жиберди. Бул «Эстетиканын негиздери» болучу. Дагы бир көз ирмемдин ичинде, Мартин бул көрүнүшкө жакындап, аны менен кошулуп кетти да, столго олтуруп, окууга киришти.

XXX ГЛАВА

Күздүн ачык күнү, мындан бир жыл мурун жайдын бир жылуу күнүндөгүдөй экөө биринчи жолу бири-бирин сүйүшкөндүктөрү жөнүндө алгачкы ирет баяндашкандай, Мартин Руфка өзүнүн «Сүйүү жөнүндөгү сонеттерин» окуп берди. Алар дал мурдагыдай эле өздөрүнүн сүйүктүү дөңсөөсүнүн боорунда олтурушту. Руфь бир нече жолу таң калуу менен Мартинди токтотуп жиберди. Мартин окуп бүтүп, толкундануу менен Руфь эмне деп айтар экен деп күтүп калды.

www.bizdin.kg

Руфь азыр айта турган сын пикирин жумшартып айтуу үчүн сөз издегендей көпкө чейин унчукпай калды.

— Ырларыңыз сонун, экен, — деди ал акырында, — ооба, албетте, сонун ырлар. Бирок, сиз бул үчүн акча ала албайсыз го. Кечиресиз, билесизби, эмне айтайын деп жатканымды, — ал сөзүн жалооругандай айтып, — сиздин бул жазгандарыңыздын бардыгын турмушка колдонууга болбойт. Мен бул жерде себеп эмнеде экенин билбеймин, — калыбы базардын шарты күнөөлүүдүр, — бирок сиз өзүңүздүн чыгармаларыңыз менен эч нерсе иштеп таба албайсыз. Буга ишенип коюңуз. Бирок таарынбаңыз бул үчүн мага. Мен бул үчүн сыймыктанамын, албетте, — эгерде ушул калп болсо кыз атым өчсүн — жана бул эң сонун ырлардын мага арналгандыгы үчүн да мен чексиз сыймыктанып жана кубанамын. Бирок биздин үйлөнүү тоюбуздун күндөрү алыс жатпайбы, туурабы Мартин? Мени ач көз. экен деп ойлобоңуз. Бирок мен сизди сүйөм, ар дайым биздин келечек жөнүндө ойлономун. Мына, биз бири-бирибизге өзүбүздүн сүйүүбүз жөнүндө билдиргенден бери бир жыл өттү, ал эми үйлөнүү тоюбуз болсо, мурдагыдай эле алыс жатат. Сиз бул айтып жаткандарымды эрээн албаңыз: себеби кеп, менин жүрөгүм, бардык менин турмушум жөнүндө жүрүп жатат. Эгерде сиз жазууну ушунчалык эле жакшы көрсөңүз — анда бир газеттен иш издеп көрбөйсүзбү? Жок дегенде, кабарчы боло албайсызбы? Жок дегенде убактылуу болсо да?

— Анда стилимди бузуп аламын, — деп, жай гана жооп кайтарды Мартин, — мен бул стилге жетиш үчүн канчалык көп эмгек зарп калгандыгымды сиз көз алдыңызга элестете албайсыз.

— Бирок сиз, акча үчүн газеттерге фельетондорду да жазбадыңыз беле?

— А мында кеп башкача, мен аларды керели кечке тынбай иштеген оор жумуштан кийин жазчумун. Ал эми кабарчы болуп иштеш үчүн өзүңдүн эртең мененден тартып кечке дейре убактыңды жумшап, бүт өмүрүңдү беришиң керек! Жана өмүр бул учурда кандайдыр бир кыпынга айланып, өткөндөрү жана келечеги жок мүнөттөрдүн өмүрүнө айланат да калат. Кабарчыга кабардын стилинен башка эч бир стиль жөнүндө ойлонууга мүмкүнчүлүгү келбейт. Ал эми бул болсо адабият эмес. Эгерде мен дал азыр стилим жаңыдан гана түзүлүп, аныкталып келе жатканда кабарчы боло турган болсом — бул мен үчүн адабияттык өлүмгө учуроо менен барабар болор эле. Кала берсе, азыр дагы мен үчүн ар бир фельетон, анын ар бир сөзү ар качан азап жана өзүмдүн сулуулук жөнүндөгү түшүнүгүмдү өзүмдүн кысымга алып зордоом болуп саналат! Бул мен үчүн кандай оор экендигин сиз көз алдыңызга элестете албайсыз. Мен өзүмдү, ишенсеңиз тим эле чыккынчы катары сезип турамын. Мен, айта берсеңиз өзүмдүн жазган «өнөрчүлүк» чыгармаларым өтпөй калган учурда айлам жок костюмумду тапшырганымда дагы ичимден кубанычта болгонмун. Сиз менин «Сүйүү жөнүндөгү сонеттеримди» жазып жаткан кезимдеги сезген жыргалдануумду эч нерсе менен салыштырууга мүмкүн эместигин билесизби? Ал эми чыгармачылыктын кубанычы болсо, бул жер жүзүндөгү эң зор кубаныч эмеспи. Ал менин бардык көргөн азаптарымдын ордуна жүз эсе кубаныч менен жүрөгүмдү бөлөйт.

Руфь үчүн «чыгармачылыктын кубанычы» кургак бир сөз экендигин Мартин билген жок. Руфь бул «чыгармачылыктын кубанычы» деген сөздү аңгемелешүүдө тез, тез колдоно турган, бирок Мартин бул жөнүндө Руфтун өз оозунан биринчи жолу гана угуп отурат. Ал бул жөнүндө китептерден окуп, университеттин профессорлорунун лекцияларынан уккан, дагы ал искусствонун даанышманы

www.bizdin.kg

деген даражага жетүү сыноосун тапшырып жатканда, бул сөздү кайталаган. Бирок ал, өзү ушунчалык түркөй, ар кандай чыгармачылык жалындуу жөндөмдүүлүгүнөн ажыраган адам болгондуктан, чыгармачылык жөнүндө айтышкан башкалардын сөздөрүн сокур адамдай гана кайталай берүүчү.

— А, мүмкүн сиздин «Деңиз ырларыңызды» редактор оңдогону туура чыгар? — деп сурады Руфь. Эгерде редактор адабий чыгарманы туура баалай албаса, анда ал редактор да болбос эле.

— Мына, көпчүлүк кабыл алган пикирлердин туруктуулугунун далили, — деди Мартин күңк этип, өзүнүн душмандары — редакторлор жөнүндө сөз козгогондугуна кыжыры кайнап, — жашап келе жаткан нерселердин бардыгы тең туура гана эмес, эң сонун деп эсептелинет. Ар кандай нерсенин өмүр сүрүшү — бул анын акталышы катарында түшүнүлөт жана билип, түшүнүп коюңуз, бул азыркы гана шарт үчүн эмес, түбөлүккө ушундай. Албетте, адамдар бул болбогон нерсеге, Вейнингер ушунчалык эң сонун көрсөткөндөй, өздөрүнүн эскиликке аябай жабышкандыгынын, наадандыгынын, өздөрүн-өздөрү алдагандыктарынан гана ишенишип жатышат. Наадан адамдар өздөрүн өздөрү гана биз акылдуубуз деп эсептешип, чындыгында акылдуу адамдардын тагдырын башкарышат.

Мартин күтүлбөгөн жерден бекер айтып жатсам керек, Руфь али мунун бардыгын түшүнмөккө кайда дегендей, чочуп кетип токтоло калды.

— Вейнингер ким экенин билбеймин, — деп каршы чыкты Руфь, — сиз ар качан бардыгын ушунчалык терең жыйынтыктайсыз, мына ошондуктан мен көпчүлүк учурларда сиздин оюңузду түшүнө да албай кетем. Менимче эгерде редакторлор!..

— Мен сизге айтып жатамын го, — деди ал Руфтун сөзүн бөлүп, бардык редакторлор же болбосо, алардын токсон проценти иши ордунан чыкпаган бир байкуштар. Булар жазуучу болууга ушунчалык аракеттенишкени менен, боло албай калышкан бир шордуулар. Буларга чыгармачылык кубанычка берилгенден көрө редакциянын оор жумушун аткаруу жана журналдын ийгилигине, басма кызматкерлеринин эпчилдигине өздөрүнүн кул сыяктуу багынгандыктарын моюндарына алуу жагымдууракак экен деп сиз ойлобоңуз. Алар жазууга аракеттенишип көрүшкөн, бирок эч нерсе чыккан эмес. Мына ушундан кийин бардыгы карама-каршы баш аламан боло баштаган. Адабий ийгиликке карата бардык эшиктер мына ушул кароолчу иттер, адабиятта аракеттери таш капкан акмактар тарабынан кайтарылат. Редакторлор, алардын жардамчылары, рецензенттер — койчу кол жазманы кимдер окуса, ошолордун бардыгы качандыр бир кезде жазуучу болгулары келишкен, бирок бул үчүн алардын дүрмөтү жетишпей калган. Мына ошентип, алар талантсыз деп такыр талаада калышып, бирок дагы акырында адабияттын тагдырын башкарышып, эмнени басыш керек, эмнени баспаш керек экендигин чечишип калышат. Булар акылмандардын бечара талантсыз калыстары. Ал эми алардын артынан ушулардын өзүндөй эле таланттары таш кабышкан сынчылар келет. Сиз мага алар эч качан ыр же болбосо — кара сөз жазышкан эмес жана жазууга аракеттенишкен эмес деп, айтпай эле коюңуз, — алар жазышкан жана жазышканда да кандай аракет кылышкан дейсиз, бирок мындан эч нерсе чыккан эмес. Бул журналдардын сын макалаларынан кишинин жүрөгү кадимки балыктын майын жегендей айланат. Калыбы, сиз менин сынга карата болгон көз карашымды жакшы билерсиз. Ал эми улуу сынчылар бар, бирок алар кадимки куйруктуу жылдыздай болуп өтө чанда кездешет. Эгерде мен жазуучу болбой калсам сөзсүз редактор боломун. Бул болбоду дегенде токоч да — кала берсе, бал каймагы менен.

www.bizdin.kg

Бирок ошондой болсо дагы, Руфтун өткүр акылы өзүнүн сүйгөнүнүн айткан пикирлериндеги кездешкен карама-каршы айтылган ойлорду тез эле сезе койду.

— Болуптур эмесе, сиздин эле оюңуз туура болсун дейлик, бирок андай болсо, улуу жазуучулар кантип белгилүү болушту дейсиз?

— Алар ойго келбеген укмуштуу эрдиктерди жасашкан, — деп жооп берди ал, — алар эң жалындуу, жаркыраган чыгармаларды түзүшкөн, мына ошондуктан алардын бардык душмандары өрттөнүп күлгө айланып, жок болушкан.

Аларга миңдин бирине туура келүүчү зор бакыт, талант туура келип, мына ошондуктан ийгиликке жетишкен. Алар кадимки жеңүүгө мүмкүн болбогон Карлейдин алптарына окшойт жана мен дагы ошондой боломун. Мен дагы мүмкүн болбогон нерсени түзөмүн.

— Бирок аракетиңиз иш жүзүнө ашпай калса, анда эмне болот? Сиз мен жөнүндө да ойлонушуңуз керек, Мартин!

— Эгерде аракетим иш жүзүнө ашпай калсабы! — Ал Руфту көздөй, ойго келбей турган таң каларлык бир сөздү айтып жибергендей, бир аз тиктеп калды. Андан кийин көздөрү кайра нурдана түшүп:

— Анда мен редактор боломун, сиз болсоңуз, редактордун аялы болосуз!

Руфь жагымдуу гана кабагын бүркөп койду. Мартин ошол замат анын жүздөрүнөн аймалап, анын бүркөлө түшкөн кабагын жазып жиберди.

— Коюңузчу, коюңузчу эми, — деди Руфь, — анын таасирдүү кучагынан бошонууга аракет кылып, — мен ата-энем менен сүйлөшүп көрдүм. Сиз ишенсеңиз, мен алар менен эч качан мынчалык күрөшкөн эмесмин. Мен жиним келип, катуу ачууланып жибердим. Ал экөө тең сага каршы чыгышты, а бирок мен өзүмдүн сизге карата сүйүүмдө бекем тургандыгымдан, алар унчуга алышкан жок. Атам сизди өзүнүн мекемесине кызматка алууга да макул болду. Кала берсе, ал сизге экөөбүздүн жашообузга жетишерликтей дурустап маяна да төлөп берет. Экөөбүз үйлөнүп, шаардын четинен бир кичинекей үй таап, ошол жерде жашайбыз. Чындыгында, бул атамдын бизге кылган чоң жакшылыгы, туурабы Мартин? Эмнегедир Мартиндин көңүлү терең чөгүп, жүрөгү кысыла түшкөндөй болду. Ал тамеки жана кагаз издеп, чөнтөгүнө колун салып, (ал эчактан бери жанына тамеки алып жүрбөй калган) жана түшүнүксүз бирдеме деп күңк этип койду.

Руфь сөзүн улантып:

— Ачык айтканда, бирок сиз таарынбаңыз — сиздин чечкиндүү көз караштарыңыз атама таптакыр жакпайт, экинчиден ал сизди жалкоо жигит деп эсептейт. Мен болсом, албетте, сиздин жалкоо эмес экендигиңизге толук ишенемин. Жана сиз ушунчалык көп иштеп жатасыз, аны да билемин. «Жок муну сиз дагы толук билбейсиз» деп ойлоп, Мартин анан мындай деди:

— Ал эми, сиз кандай деп ойлойсуз? Сизге дагы менин кез караштарым бөтөнчө чечкиндүү сезилеби? — Ал чыдамсыздык менен жооп күткөндөй көз карашын Руфтан албады.

— Мага сиздин көз карашыңыз... олку-солкудай сезилет, — деди ал акырында.

Бул сөз аркылуу бардыгы айтылгандай, турмуш Мартинге ушунчалык көңүлсүз боло түшүп жана мына ошондуктан ал этияттык менен иштелген Руфтун жанагы менин атамдын мекемесине кызматка кир деген сунушун эсинен чыгарып жиберди. Руфь өзү сезгендей өтө катуу кетип жана кайра бул маселеге кайрылыш үчүн ыңгайлуу учурдун пайда болушун чыдамдуулук менен күттү.

www.bizdin.kg

Бирок ал көпкө күткөн жок. Мартин өз кезегинде Руфка суроо бергиси келди. Ал, Руфь ага канчалык күчтүү ишенерин терең сынай турган болду. Бир жумадан кийин ар кимиси өзүнүн күткөн суроосуна жооп алды.

Мартин «Күндүн наалатын» Руфка окуп берип, ишти ылдамдатты.

— Эмне үчүн сиз кабарчы болгуңуз келбейт?!— деди Руфь толкундануу менен, Мартин окуп бүткөндөн кийин. — Өзүңүз жазганды болсо абдан жакшы көрөсүз жана сиз балким бара-бара ийгиликке ээ болуп, көтөрүлүп, атагыңыз чыгып кетиши да мүмкүн. Анткени кээ бир атайын кабарчылар зор акча иштеп табышат жана анын үстүнө бүт дүйнө жүзүн кыдырышат. Аларды Африка — Стенлиге. жиберишет керек болсо, алар Ватиканда болушуп, пападан интервью алып, Тибеттин сырдуу бурчтарын изилдешет.

— Демек сизге менин макалам жакпайт, деңизчи? — деп сурады Мартин. — Сиз калыбы, мен журналист гана болууга мүмкүнчүлүгүм бар, ал эми жазуучу болууга эч кандай мүмкүнчүлүгүм жок деп ойлойсузбу? Же эсептейсизби?

— О, жок, антип эсептебейм! Сиздин макалаңыз мага өтө жакты. Эң сонун жазылган. Бирок мен, окуучулар мындай терең жазылган макаланы түшүнө албайтко деп чочуймун. Мен үчүн да бул өтө оор сыяктуу көрүнүп жатат. Угулушу абдан эле сонундай, бирок мен эч нерсеге түшүнгөн жокмун, баарынан мурун бул макалада атайын илимий терминдер өтө эле көп экен. Сиз өтө эле чектен чыгып кетүүнү сүйөсүз, менин жаным, сизге түшүнүктүү болгон нерселер биздин бардыгыбыз үчүн таптакыр түшүнүксүз болуп кала берүүдө.

— Ооба, макалада философиялык көп терминдер бар, — дегенден башка, Мартин эч нерсе айткан жок.

Анын толкунданууусу али басылган жок, себеби ал азыр эле үнүн чыгарып, өзүнүн эң бышып жеткен деген мыкты чыгармасын окуп бүткөн эле, ал эми Руфтун бул пикири аны бушайманга салды.

— Макул, бул макаланын формасы начар эле деп коёлу, — деди Мартин өзүнүн тууралыгын далилдөөгө аракеттенип, — бирок макаладагы ойлор кантип эле сизди козгой алган жок?

Руфь башын тескери чайкады.

— Жок. Мунун бардыгы мен мурда окуган макалаларыма таптакыр окшобойт. Метерлинкти окугам, ал мага абдан түшүнүктүү болучу.

— Анын жеткен диндик көз карашта экендиги сизге белгилүү болду бекен? — деп кыйкырып жиберди Мартин.

— Ооба, түшүнүктүү. Бирок, сиздин ага мынчалык чабуул койгондугуңуз мага эч бир түшүнүксүз. Албетте, эгерде жеке ыкма жөнүндө сөз козгогондо...

Мартии ачуусу келгендей колдорун силкип алды да, кайра токтоп калды. Андан кийин анын кулагына Руфтун бир сөзү шак дей түштү.

— Чындыгын айтканда, сиздин чыгармаңыз сиз үчүн оюнчук болучу, — деди Руфь, — сиз далайга чейин анын артынан түшүп кызыгып жүрдүңүз. Эми турмушка, экөөбүздүн турмушубузга олуттуу мамиле кылуу керек. Бул күнгө чейин сиз өзүңүздүн гана керт башыңыздын камын ойлоп келгенсиз, азыр болсо...

— Сиз менин кызматка орношуумду каалап турасызбы?

— Ооба, атам сизге...

— Билем, билем, — деди ал, кескин түрдө анын сөзүн бөлүп жиберип, бирок ачык эле айтып коюңузчу, — сиз мага мындан ары тап-такыр ишенбейсизби?

Руфь унчукпастан анын колун бекем кысып койду. Көздөрү болсо тумандана түштү.

www.bizdin.kg

— Сизге эмес... сиздин адабий талантыңызга менин сүйгөнүм, — деди Руфь үнүн угулар-угулбас чыгарып.

— Сиз чындыгында менин чыгармаларымдын бардыгын окуп чыктыңыз, — деди ал, сөзүн жанакыдай эле кескин түрдө улантып, — сиз алар жөнүндө, кана эмне ойлойсуз? Мүмкүн, сизге алар өтө жакпай жаткан чыгар? Же болбосо башкалардын жазгандарынан да жамандыр?

— Башкалар өздөрүнүн жазган чыгармалары үчүн акча алышат.

— Бул менин суроомо жооп эмес. Же сиз, адабиятка менин шыгым жок деп эсептегени турасызбы?

— Болуптур эмесе, мен жооп берейин, — деди Руфь өзүн өзү мажбурлан, чымыркангандай. — Мен сиздин жазуучу болуп чыгышыңызга ишенбеймин. Бирок мага таарынбаңыз менин сүйгөнүм! Сиз өзүңүз менден кыйнап сурабадыңызбы? Ал эми сиз билесизби, адабият жөнүндө мен сизге караганда, алда канча көбүрөөк билем.

— Ооба, сиз искусствонун даанышманы эмессизби? — деди Мартин ойлогондой салмактуу, — сиз түшүнүшүңүз керек... Бирок муну менен али бардыгы айтылган жок, — деди экөө тең кыйналып көпкө чейин токтоло калгандан кийин. — Мен эмнеге жөндөмдүү экендигимди өзүм билемин. Муну менин өзүмдөн башка эч ким жакшы биле албайт. Мен ийгиликке жетишеримди билемин. Мен бардык тоскоолдуктарды жеңип чыгамын. Менин жүрөгүмдө аңгемелеримдеги, макалаларымдагы, ырларымдагы көрсөтүлгөн жалынданулардын бардыгы улам жаңырып ташкындагансыйт. Бирок мен, буга ишенсеңиз деп сизден суранбайм. Сиз мага да, менин адабий талантыма да ишенбей эле коюңуз. Бирок сизден менин бир гана сурарым — сиз менин сүйүүмө ишенсеңиз жана мени дал мурдагыдай терең сүйүүңүз... Эсиңиздеби, мындан бир жыл мурун мен сизден, эми эки жыл күтүңүз деп суранбады белем? Бир жыл өттү, мен бүткүл жүрөгүм менен экинчи жылдын акырында ийгиликке жетишериме ишенемин. Сиз билесизби, бир кезде мага сиз жазуучу болуш үчүн окуучулук сыноодон өтүү керек деп айттыңыз эле. Эмне дейсиз, мен ал жолду басып өттүм. Мен шаштым жана кыска мөөнөттүн ичинде көп аракеттерди иштөөгө туура келди. Сиз менин бардык умтулууларымдын акыркы максаты болдуңуз жана сиз жөнүндөгү ой, ар качан менин кайратыма кайрат кошконсуйт. Билесизби, мен уйку деген эмне экендигин эчак эле унутуп койгонмун. Кээде мен каалашымча уктап, уйкумду кандыра эс алган кезимде, мага миллиондогон жылдар өтүп кеткендей сезилет. Азыр мени ар дайым сааттын шыңгырашы ойготот. Мен эртеби, кечпи качан жатсам да ар дайым будильникти белгилүү бир убакытка коюп коёмун. Менин ар качан эстеп, жатар алдында аткарар ишим: саатты коюп, чыракты өчүрүү. Эгерде мен өзүмдүн уйкумдун келип бара жатканын сезсем, кыйын китепти жеңилирээк китеп окуу менен алмаштырамын. Ал эми, эгерде мен бул китепти окуп олтуруп уктап баратсам, анда уйкумду таратыш үчүн өзүмдү өзүм башка койгулаймын. Мен уктоодон корккон бир киши жөнүндө окудум, билесизби, Киплингден? Ал уктабас үчүн далай амалдарды ойлоп тапкан болот, шишти керебетине, эгерде ал уктап кетсе, денесине тарс этип түшүп кете тургандай кылып орнотуп койгон. Мен да ошенттим. Мен түнкү саат бирге, экиге чейин уктабас үчүн өзүмө-өзүм сөз бердим... жана чындыгында эле, белгиленген мезгилге чейин уктаганым жок. Бир нече айларга чейин ушинттим. Мен ушинтип олтуруп, эми төрт гана саат уктачу болдум. Ал эми мурдакы беш жарым саат уйку, мен үчүн кечирилбеген сайрандоо сыяктуу болуп көрүндү. Ушинтип мен азыр уйкудан аябай калып жүрөм. Кээде башым айланып, ойлорум чаташып,

www.bizdin.kg

ушунчалык уйкум келет десеңиз, тим эле, кара көр мага жыргалдуу тынчтыктай сезилип кетет. Мен көп учурларда Лонгфеллонун ырларын эсиме түшүрөм:

Деңиздин муздак түбүндө,
Бардыгы тынчтык, үргүлөө.
Кокустан толкун шарп этсе, —
Бардыгы түшөт бүлүнө.

Бул албетте, тантырагандык. Бирок бул мээнин чарчашынан болгон иш. Бирок бир суроо: ушунун бардыгын мен ким үчүн иштеп жатам. Сиз үчүн. Жана дагы окуучулук мөөнөттү кыскартуу үчүн, ийгиликти шаштырыш үчүн азыр менин окуучулук такшалуум аяктады. Мен эмнеге жөндөмдүүмүн? Мен сизди ишендирип коёюн, мен бир айдын ичинде үйрөнгөндү башка студенттер бир жылдын ичинде да үйрөнө алышпайт. Чын айтамын: ишенсеңиз мага, эгерде мен сиздин мени түшүнүүңүздү ушунчалык жан-дилим менен каалабасам, анда сизге муну айтпас элем. Бул жерде эч кандай мактангандык жок. Менин билимимдин натыйжасы китептер менен ченелет. Мени менен салыштырганда сиздин бир туугандарыңыз тим эле бир наадан жырткычтар деп койсом жаңылбаймын, анткени мен өзүмдүн билимимди алар коңурук тартып уктап жатканда жыйнагам. Качандыр бир кезде менин дагы атактуу болгум келген. Азыр даңктын мен үчүн эч кандай мааниси жок. Мен бир гана сизди каалаймын. Сиз мага тамактан да, кийимден да, койчу, дүнүйөдөгүнүн бардыгынан артыгыраак, керектүүрөөк көрүнөсүз. Мен бир гана сиздин көкүрөгүңүзгө башымды жөлөп, терең уйкуга кетсем деп эңсеймин. Жана бир жылга жетпестен менин тилегим орундалат.

Кайрадан анын күчтөрү кадимки толкун сыяктуу Руфтун бүткүл денесин каптап кеткендей болду жапа Руфь канчалык ага каршылык көрсөткөн сайын, анын жүрөгү ошончолук Мартинге тартыла жана бериле баштады.

Руфтун жүрөгүн бийлеген бул күч азыр — Мартиндин өткүр көздөрүнөн, жалындуу сөздөрүнөн, оргуп кайнаган турмуштук кубатынан көрүнүп турган эле. Мына, көз ирмемдин ичинде, бир гана көз ирмемдин ичинде Руфтун бекем, кебелбес, туруктуу ички дүйнөсү козголо түштү жана ал өз көз алдынан чыныгы, улуу жеңилбес Мартин Иденди көрүп турду! Ал кадимки айбандарды үйрөтүүчүлөр шекчил болгондой, ал дагы бул адамдын багынбас эркин жоошутуу мүмкүндүгүнөн аябай шектенип турду.

— Жана дагы, — деди сөзүн улантып, — сиз мени сүйөсүз. Эмне үчүн сиз мени сүйөсүз? Ал эми бул болсо, мени жаздырууга, сизди мени сүйдүрүүгө мажбурлаган күчтүн өзү эмеспи? Сиз мени айланаңыздагы адамдарга окшобогондугум үчүн сүйүп жатасыз. Мен билемин. Мен мекеме, бухгалтердик китептер, майда былыңгыт иштер үчүн жаралган эмесмин. Мени бул адамдар иштеген бардык нерсени иштөөгө мажбурлап көрүңүзчү, бир абадан дем алдырып, пикир бөлүштүрүңүзчү — ошол замат сиз, алар менен менин ортомдогу айырмачылыкты жок кыласыз. Мени жок кыла- сыз, өзүңүз сүйгөн нерсени жок кыласыз; мендеги болгон эң күчтүү жалындуу — бул чыгармачылыкка берилүү. Эгерде мен адабият жөнүндө кыялданбаган, жүргөн бир кеңкелес боло турган болсом, сиз мени эч качан сүймөк эмес элеңиз.

— Бирок сиз бир нерсени унутуп жатасыз — деп анын сөзүн бөлүп кетти Руфь, анын мурдагы чолок акылы азыр Мартиндикине теңеле түшкөндөй болду. — Мурда да, бүткүл өмүрүн кандайдыр бир түбөлүк кыймылдаткычты ойлоп чыгарууга жумшашкан апенди — ойлоп чыгаруучулар болушкан. Алардын

www.bizdin.kg

аялдары да калыбы, аларды сүйүшсө керек, алар менен бирге кубанып, алардын апенди чалыш жоруктары үчүн бирге кайгырышса керек.

— Туура деңизчи, — деди Мартин каршы чыгып, — бирок бүткүл өмүрүн кандайдыр бир чыныгы турмуш- тук нерсени түзүү үчүн арнаган жана акырында өз максаттарына жетишкен башка апенди эмес ойлоп чыгуучулар да болушкан эмеспи? Бирок мен, эч кандай ишке ашпай турган нерсеге асылбаймын...

— Сиз өзүңүз «мүмкүн болбогон нерсеге» жетүүнү каалаймын деп айтпадыңыз беле?

— Мен аны каймана түрдө айтканмын. Чындыгын айтканда мен, мага чейин көп адамдар, өтө көп адамдар жетишкен жазуучулукка адабий эмгек менен жашоого умтуламын.

Руфтун унчукпай калышы Мартиндин жанына бата түшкөндөй болду.

— Демек сиз менин максаттарымды түбөлүк кыймылдаткычты издегендей эле натыйжасыз жана куру кыял бойдон калат деп эсептейт экенсиз да? — деп сурады ал.

Руфтун кандай жооп кайтаргандыгы, анын, Мартин менен кадимки кежир баланы энеси соороткондой, назик кол алышкандыгынан эле түшүнүктүү болду. Руфь үчүн Мартин чын эле кежир бала, жок нерсеге жетүүнү каалаган апенди сыяктуу болуп көрүндү.

Руфь дагы бир жолу, өзүнүн ата-энеси канчалык душмандык, катаалдык менен мамиле кыла тургандыгын эскертти.

— Бирок сиз мени сүйөсүз да? деп сурады ал.

— Сүйөм, сүйөм! — деп кыйкырып жиберди Руфь.

Мен дагы сизди сүйөмүн, алар мага эч тоскоолдук кыла алышпайт, — анын үнү салтанаттуу чыкты...— Эгерде сиздин сүйөрүңүзгө терең көзүм жетсе, анда алардын жек көрүүсү менен менин ишим жок... Сүйүүдөн башка дүйнөдө туруктуу, бекем, кебелбес эмне бар? Эгерде ал, баскан кадамынан мүдүрүлүп жыгыла берчү кунары жок бир сасыткы сүйүү болбостой, чыныгы сүйүү болсо, демек анда ал, баскан жолунан эч качан адашпайт жана күрөшүнөн жеңилбейт.

XXXI ГЛАВА

Бродвейден Мартин кокусунан өзүнүн эжеси — Гертруданы кездештирип калды, жолугушуу кубанычтуу да жана капалуу да болду. Көчөнүн бурчундагы трамвайды күтүп турган Гертруда Мартинди алды менен көрүп, анын арыктаган жана кайгылуу жүздөрүн байкап, катуу чочуп кетти. Мартиндин чындыгында эле, сабыры суз тартып жүргөн. Ал велосипед үчүн үстөк карыз алуу үчүн сүткор менен болгон натыйжасыз кажылдашуудан кийин чыгып келе жаткан эле. Күздүн салкын күндөрү башталган, мына ошондуктан, Мартин велосипедин эчак күрөөгө коюп, бирок кара костюмун эч качан өткөрбөскө аракеттенди.

— Сиздин кара костюмуңуз бар да, — деди сүткор Мартиндин буюмдарын беш колдой жатка билгенсип, — же аныңызды тиги еврей Люпкага тапшырып койдуңузбу? Эгерде сиз чындыгында эле...

Сүткордун акшыя караганына ал чыдай албай:

— Жок, жок! Мен костюмумду сүрөөгө койгон жокмун, өзүмө керек, — деп жиберди.

— Эң сонун! — деди сүткор, саал жумшара түшүп. — Бирок костюм мага да керек. Ансыз мен сизге акча да бере албайм. Мен бул ишти көңүл ачуу, тамаша үчүн жүргүзүп жаткан жерим жок.

www.bizdin.kg

— Бирок велосипед болбоду дегенде кырк доллар туруш керек, экинчиден анын эч жеринде кемтиги жок, — деди Мартин каршы чыгып, — ал эми сиз болсоңуз, мага ал үчүн жети гана доллар бердиңиз! Кала берсе жети долларга да жетпейт! Экинчиден сиз алдын ала процентин да алат эмессизби?

— Эгерде дагы акча алгыңыз келсе, анда костюмуңузду алып келиңиз, — деди ал, камырабастан мына ушундан кийин Мартин капа болуп, көңүлү чөгүп, ичинен үшкүрүнүп кетип калган. Гертруданы ушунчалык кейишке салып, капалантып жиберген Мартиндин сабырынын суздугу, мына ушуну менен түшүндүрүлө турган.

— Алар жаңы эле учурашып эсендешип үлгүргөнчө болбой, Телеграф-авения тарапты көздөй кетүүчү трамвай келип калды. Мартин эжесин колтуктап алып трамвайдын тепкичинен ичкери карай түшүүгө ага жардам берерде, эжеси Мартиндин өзү жөө кетерин баамдан койду. Трамвайдын тепкичинен Гертруда Мартинди көздөй бурулганда, эмнегедир көңүлү түтпөй, аябай боору ачыгандай, жүрөгү алеп-желеп боло түштү, анын жүдөгөн өңүн көргөндө.

— Сен түшпөйсүңбү? — деп шаша сурап калды эжеси.

Ошол замат ал трамвайдан кайра жерге секирип түшүп, Мартин менен кошулуп жөө басты.

Мен ден соолукту чыңаш үчүн ар качан жөө басууну жакшы көрөм деп түшүндүрдү Мартин.

— Абдан жакшы, мен дагы азыраак жөө басайынчы, — деди Гертруда, мага да жөө басуу өтө пайдалуу. Мен өзүмдү акыркы күндөрү саал начар сезип жүрөмүн.

Мартин эжесин көздөй көз жиберип, анын ушунчалык өзгөрүлүп кеткендигин сезип, ал дагы өз көзүнө өзү ишенбегенсип кетти. Анын жүздөрү ооруган кишиникиндей арык, кубарыңкы көрүндү жана азыр анын оор, олокосуз кадам шилтеши, мурдагы өзүнүн чыбыктай ийилген, шаңдуу, шайыр кыз кезиндеги тыкан шилтеген кадамын шылдыңдагандай көрүнүп кетти.

— Кой эми, сен трамвайды күткүн, — деди Мартин, экөө трамвай токтоочу жерге жеткенде. Ал, Гертруданын деми кыстыгып бара жаткандыгын байкады.

— Кудай өзүң кечире көр! Чын эле мен абдан чарчасам керек, — деди эжеси, — сен дагы трамвайга түшсөң жакшы болор эле. Жөө барам дейсиң, ботинкаң деле начар экен. Түндүк Оклендге жеткениңче таманың түшүп калбасын.

— Үйдө дагы бир ботинкам бар, — деп жооп берди Мартин.

— Эртең келип биздикинен тамак ичип кет, — деди Гертруда күтүлбөгөн жерден, — Бернард үйдө жок болот, ал жумуштап Сан-Леандрого кетет.

Мартин бара албайм дегендей башын тескери чайкады, бирок тамактын атын укканда көздөрүнөн байкала түшкөн аны самоолорунун жана өткүр эңсөөлөрүнүн жалындарын жашыра албады.

— Жаныңда тыйыныңда жок болсо керек Март, ошондуктан жөө жүрөт окшойсуң. Анан кайдагы сайран!

Гертруда капаланып, бир деме деп кагып жиберейин деди эле, бирок анте албады.

— Ме ала кой.

Гертруда Мартиндин колуна беш доллардык алтын акчаны карматты.

— Баса, жакында сенин туулган күнүң болбоду беле, менин эсимден чыгып кетиптир.

Мартин бул алтын теңгени алаканына салып эрксизден бекем кысып жиберди. Ал ошол замат бул балакетти албай эле коюшум керек эле деп ойлонуп, кайра койчу эми, бир алгандан кийин болду да деп ойлоду. Анткени бул алтын

www.bizdin.kg

топчу — анын көз алдына — өмүрдү, оокатты, саламаттыкты, шаттыкты жана чыгармачылык күчтүн эргишин элестетип турган эле. Ким билет! Мүмкүн ал өзүнүн кээ бир жазгандары үчүн дал ушундай көп, алтын акчаларды алар. Ал марка сатып алууга эч нерсеси жок болгондон кийин, столдун алдында тоодой болуп үйүлүп жаткан кол жазмалардын арасына ыргытып салган өзүнүн эчаккы бир жазган эки макаласын эстеди. Макаланын аттары анын көз алдына кадимки оттой жана түштү. Бул макалалардын аттары «Укмуштун ээлери» жана «Сулуулуктун бешиги» деп аталчу. Бул макалаларын ал эч жакка жиберген эмес, ошондой болсо да, ал макалаларын бардык макалаларынын эң сонуну деп эсептөөчү. Марка гана болсочу. Ийгиликке ишенүү сезилип, аны таттуу ой күтүлбөгөн жерден өзүнө тартып кетип, ал колундагы алтын акчаларын лып эттире чөнтөгүнө тыкшырып койду.

— Мен сага бул акчаңды жүз эсе ашык кайтарамын Гертруда, — деди Мартин, калтырай түшүп, үнүн муунуп бараткан сыяктуу араң эле чыгарып жана көздөрүнө жаш келе калып — эсиңден чыгарбагын ушул сөзүмдү! — деди ал дагы күтүлбөгөн жерден укмуштуу толкундана. — Бир жылга жетпей сага дал ушундай төгөрөк алтын тыйындардын туура жүзүн алып келип бербесем, эмне дегин. Мага ишенбей деле кой. Бирок күтүшүң керек. Акыры көрөсүң!

Гертруда ишенүү жөнүндө ойлонгон да жок. Ал эмне экенин билбей кетти. Бир аз унчукпай туруп, андан кийин ал:

— Март, мен сенин курсагыңдын ачып жүргөнүн билбейт дейсиңби? Бул сенин жашырсаң деле жүздөрүңдөн байкалып турат. Каалаган кезиңде келип, биздикинен тамак ичип тургун. Уялбагын. Хиггинботам үйдөн кетери менен өзүм сага кабар кылам. Балдардын бирөөн чуркатып жиберем. Эгердечи Мартин...

Мартин эжесинин эмне деп айтарын күн мурунтан эле билип турган эле, анткени эжесинин кандай, эмне жөнүндө ой жүгүртүп жаткандыгын ал күн мурунтан биле турган.

— Эми бир жерге орношсоңчу? Иштебей эле жүрө бересиңби?

— Сен дагы мени эч кандай ийгиликке жетише албайсың деп турасың го дейм? — деп сурады ал.

Гертруда башын чайкап койду.

— Мына Гертруда мага өзүмдөн башка эч ким ишенбейт. — Ал бул сөздү кандайдыр бир бөтөнчө жалынданган кубанычтуулук менен айтты. — Бирок мен бир топ сонун нерселерди жазып салдым, эртеби- кечпи акыры бул жазгандарым үчүн мен акча аламын.

— Алардын жакшы экендигин кайдан билесиң?

— Себеби дегенде...— Ушул замат анын башына адабият жана анын тарыхы жөнүндөгү өзүнүн билгендери келе калып, бирок эжесине өзүнүн ишеничи эмнеге негизделгендигин эч качан түшүндүрө албастыгын терең сезгендей боло түштү. — Себеби дегенде, менин аңгемелерим журналдарга чыгып жүргөн аңгемелеримдин токсон тогуз процентинен жакшыраак жазылган.

— Ошондой болсо да, акылдуу кеңешти угуш керек, — деди Гертруда өзүнө-өзү бекем ишеничтүү жана Мартиндин кесели эмнеде экендигин туура түшүнгөндөй. — Ошент Март, акылдуу кеңешти ук. Сага эч ким жамандык ойлобойт, — деп кайталады ал, — ал эми эртең болсо, үйдөн келип тамак ичип кет.

Мартин эжесин трамвайга түшүрүп коюп, почтого чуркап барып, үч долларга бүтүндөй марки сатып алды. Түштөн кийин ал Морздордун үйүнө бара жатып,

www.bizdin.kg

жолдон почто бөлүмүнө кирип, эки пенсалык үч маркисинен башкасынын бардыгын чаптап, чоң-чоң бир нече таңгак жөнөтүп жиберди.

Бул Мартиндин оюнан чыккыс көңүлдүү кеч болду, анткени ушул кечте ал, Рессо Бриссенден менен таанышты. Бирок ал Бриссенден кайдан жана ким менен Морздукуна келгендигин ушул күнгө чейин биле албады. Ал бул жөнүндө кызыгып, Руфтан дагы сурагысы келген жок, себеби — Бриссенден ага канын ичине тарткансып кубарып, кызыксыз да болуп көрүндү. Бир саат өткөндөн кийин Мартин анын дагы олдоксондугун белгиледи: себеби — чындыгында эле ал, бир бөлмөдөн экинчи бөлмөгө уят-сыйытты билбестен жулунуп кирип, сүрөттөргө ыкшыя тиктеп, столдо жатып, текчеде турган китеп менен журналдарга өөп жибере тургансып үңүлүп жатты. Акырында ал тегеректеги адамдарды көзүнө илбестен кадимки өзүнүн үйүндөгүдөй отургучка лук этип, чалкасынан түштү да, чөнтөгүнөн кандайдыр бир китепчени сууруп чыгып окуй баштады. Ал чачын улам-улам сылап коюу менен окуп жатты. Мындан кийин Мартин аны оюнан чыгарып таштап, бир гана зоок-кечесинин акырында анын жаш аялдардын ортосунда кызуу аңгеме куруп, шалактап отурганын көрүп, кайра эсине түшүрдү.

Үйүнө кетип бара жатып кокусунан Мартин Бриссенденге жете келди.

— Хелло? Бул сиз белеңиз? — деп калды ал.

— Тигил түшүнүксүз жана жактырбагандай бир нерсе деп күңк этип койду да, унчукпай баса берди. Мындан кийин Мартин сөз козгоого аракеттенген жок жана алар бир нече көчө өткөнчө үн дешпестен катар жүрүп олтурушту.

— Көпкөн гана картаң эшек!

Бул жек көрүүнүн чечкиндүүлүгү жана күтүлбөгөндүгү Мартинди айран-таң калтырып жиберди. Анын күлкүсү келе түшүп, бирок бул Бриссенденге карата баштагы жек көрүүсүнүн өсүп бара жаткандыгы экендигин түшүнүп, кайра токтолуп калды.

— Сиз ал үйгө эмнеге барып жүрөсүз? — деди Бриссенден, Мартин экөө дагы бир көчө унчугушпай өткөндөн кийин.

— А, өзүңүзчү? — деп сурады Мартин өз кезегинде.

— Өлүп кетейин билбейм — Бриссенден жооп берди. — Менин ал үйдө биринчи жолу гана болушум. Бир суткада өзүңүз билесиз, жыйырма төрт саат бар, ээ. Эптеп бул убакыттарды өткөрүү керек да. Жүрүңүз бирдеме ичебиз.

— Жүрүңүз — деп жооп берди Мартин.

Ал ушул замат өзүнүн тил алчаактыгын ичинен катуу тилдеп жибергендей болду. Үйүндө болсо анын «өнөрчүлүк» иши күтүп турган эле, мындан башка ал, бүгүнкү түнү Вайсмандын томун окуп чыгууну чечкен. Герберт Спенсердин өмүр баянын ар кандай романга караганда, өтө кызыктуу деп эсептөөчү.

«Эмне үчүн мен бул кыртышым сүйбөгөн адам менен ээрчишип келатам?»— деп ойлоду Мартин. Бирок, аны, бул жолоочу жана анын виносу эмес, — тунук күзгүлөр, жарыктык, бокалдардын жаркырап чагылышы жана үндөрү, тамылжыган жүздөр жана ишеничтүү чыккан үндөр кызыктырган эле. Ооба, ооба, көңүлдүү жана эч нерседен капары жок, турмуштук ийгиликке жетишкен адамдардын жана өздөрүнүн тапкан акчаларына мына ушинтип, шарап кагыштырышып ичип олтурушкан адамдардын үндөрү, шаттуу күлкүлөрү кызыктырган эле. Мартин жападан-жалгыз, бир гана өзү. Анын бактысыздыгы да, дал мына ушунда боло турган. Мына ошондуктан гана ал Бриссендендин чакыруусун жан-дили менен кабыл алган болучу. Мартин «Кайнар Булакты» таштап, Джо менен коштошкондон бери португалдык дүкөнчү аны

www.bizdin.kg

сыйлагандыгын эсептебегенде, бир жолу да мындай ичкиликтин чөйрөсүндө болгон эмес эле. Акылдын чарчашы — булчуңдардын чарчашы сыяктуу алкогольду анчалык күчтүү талап кылбайт. Мына ошондуктан виного Мартиндин көңүлү анчалык деле чапкан жок. Бирок анын азыр ичкиси башкача айтканда, күтүлбөгөн жерден бул бака-шака, кажу-кужу түшкөн аракканага туш келип, андагы ичкилик ичишип, кыйкырышып каткырышкан адамдарды көргүсү келди. Дал ушундай араккана «Гротто» болучу. Бриссенден менен Мартин кайыш менен капталган олтургучтарга чалкалаша олтуруп алып, шотландиялык кызыл бөтөнчө вино менен сода суусунун аралаштырып иче башташты.

Алар кызуу аңгемеге түшүп, ар түрдүү нерселер жөнүндө сүйлөшүштү; өздөрүнүн аңгемелерин алар кезек менен жаңы ичкилик-тамак буйрук бергенде гана токтотууга аргасыз болушпаса, башка учурларда эч качан токтотушкан жок. Мартин өзүнүн ичимдикке ушунчалык көтөрүмдүүлүгүнө карабастан, бет алдындагы бөтөлкөлөш досунун да көтөрүмдүүлүгүнө таң калбай коё алган жок. Андан бетер тигинин барган сайын күчтүүрөөк чыгып жаткан терең ойлоруна ал таң кала түштү. Тез эле Мартин Бриссендендин көптү биле тургандыгына жана бул чындыгында анын жолунан кездешкен экинчи чыныгы интеллигент экендигине ишенди.

Ал гана эмес, профессор Колдуэллде жетишпеген бир кыйла сонун сапаттар анда бар экендигин Мартин сезди. Ал андан өтө кыраакылыктын жана сезгичтиктин жалынын, кыялдын кандайдыр бир бөтөнчө эргишин көрүп турду. Ал эң сонун да сүйлөөчү. Анын жука эриндеринен жүлүнгө жетүүчү кадимки машинада кайралып чыккан курч сөздөр атып чыга турган. Анын бул сөздөрү адамдын жүрөгүнө кадимки ийне менен сайгандай жана бычак менен кескендей таасир эте турган. Бир аздан кийин кайра анын сөздөрү өз ичине турмуштун кол жеткис сулуулугун, жашыргандай назиктик, жумшак, элестүү жана эп келишкендик менен чыгып жатты. Кээде анын сөздөрү ай-ааламдагы салгылашуулардын кызыл кыргынына чакырган кадимки согуштук сурнайдын үнүндөй бийик чыгып, күмүштөй жалтылдап, илимдин акыркы жеңип алгандарынын чындыгын кыскача жана так кылып баяндап, кадимки жылдыздар дүйнөсүнүн муздак нурлары сыяк- туу жансыз чачырап тургансыды. Ошол эле учурда бул, сөз менен айтып түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон жана адамдын тажрыйбасы жетпеген кандайдыр бир алыскы тереңдиктерди көздөй аралап кирип барган акындын сөзү эле. Бирок анын сөздөрүнүн чыныгы сыйкырдуу искусствосу ага жөнөкөй акылдар түшүнө албай турган жөнөкөй сөздөрдүн ичине зор мазмунду камтыган сөздөр эле. Бирок Мартинге алардын мааниси өтө жакын жана түшүнүктүү боло турган.

Мартин Бриссенденге карата болгон мурдагы жек көрүүсүн тез эле унутуп салды. Анын көз алдына ушул убакытка чейин китептерден гана окуган зор адамдын образы тартыла түштү. Анын көз алдына, өзү мурда суктанып жүргөн ойчул адамдын дал өзү турду.

«Мен мунун бут алдында гана жатышым керек» — деди ал кайталап өзүнө өзү, аңгемелешип олтурган адамын айран-таң калуу жана суктануу менен угуп.

— Сиз калыбы, биологияны окусаңыз керек, — деп үнүн көтөрө чыгарды. Анын таңданышына Бриссенден жок дегендей башын тескери чайкады. — Бирок сиз биологияны түшүнбөй туруп талкуулай алгыстай нерселерди айтып жатасыз, — деп сөзүн улантты Мартин Бриссендендин таң кала түшкөнүнө көңүл буруп. — Сиздин талкууларыңыз улуу окумуштуулардын талкууларынын жүрүшү менен туура келет. Менимче, сиз аларды окубашыңыз мүмкүн эмес!

— Сизден мындай пикирди уккандыгым үчүн өтө кубанычтуумун, — деди тиги, — менин үстүртөн билген билимдерим, мага чындыкка жетүүнүн эң кыска жолун ачып бергендигине мен өтө кубанычтуумун. Ал эми мен үчүн болсо, чындыгында өзүм туура айтып жатамбы же туура эмеспи — мунун эч кандай айырмачылыгы жок. Баары бир бул эч кандай маанигe ээ болбойт. Себеби, чексиз чындыкка адам эч качан жете албайт.

— Сиз Спенсердин окуучусу жана анын жолун жолдоочусуз го дейм? — деди Мартин салтанаттуу кыйкырып.

— Мен эч качан Спенсерди барактап көргөн эмесмин. Жок, жок, жаңылып жатам, бала кезимде анын «Тарбиясын» окугам.

— Мен дагы дал сиз сыяктуу эле, илимдерди тез өздөштүргүм келер эле, — деди Мартин жарым саат өткөндөн кийин, Бриссендендин бардык акыл запастарын кылдаттык менен текшерип чыгып, — таң каларлык нерсе бул — сиздин чыныгы догматик экендигиңиз. Илим Aposteriori[5] боюнча гана аныктай алуучу кээ бир абалдарды сиз догматикалык жол менен эле аныктап таштайт экенсиз. Экинчиден сиздин көз ирмемдин ичинде жасаган корутундуларыңыз тамгасынан бери туура. Сиздин билимиңиз чындыгында эле бир кыйла тайыз көрүнөт, бирок ошондой болгону менен сиз күн нурунун ылдамдыгындай ылдамдык менен билимдин чындыкка жетүүнүн төтө жолун басып өткөн экенсиз. Бул бир табыйгаттан тышкары жөндөм- дүүлүк.

— Ооба, ооба. Мунун баары ар качан менин окутуучуларымдын, атам — Иосифтин жана бир тууганым Дэттондун ачууларын гана келтирүүчү, — деп каршы чыкты Бриссенден, — Бирок бул жерде эч кандай укмуштуу эч нерсе деле жок. Жөн эле бир бактылуу себептин жардамы менен мен бала кезимде диндик окууга кирип калгам. Бирок сиз өзүңүз билимди кайдан алдыңыз?

Мартин өзү жөнүндө Бриссенденге баяндап айтып берип жатып, ошол эле учурда өтө көңүл койгондук менен анын сырткы түрүнө ак сөөктүк чымыр жүздөрүнө, кенен ийиндерине, жанындагы стулга ыргытып салган чөнтөктөрүнө китептер жык толгон анын пальтосуна көз жүгүртүп чыкты. Бриссендендин жүздөрүнүн жана ичке колдорунун күнгө күйүп карайып калгандыгы Мартинди терең ойго салды. Кантип эле, Бриссенден ачык абада көп жүргөн болсун. Анан кайдан күйдү эти? Анын жүздөрүнүн күнгө күйгөндүгүнүн себеби — Мартинге такыр тынчтык бербеди, ал бул жөнүндө кайта-кайта терең ой жүгүртүүгө дуушар болду. Ага Бриссендендин кичинекей шимилип турган арык чырай жүздөрү, бүркүттүкүндөй кичинекей ийри тумшугу эмнегедир жакшы көрүнүп кетти. Анын көзүнүн кыйыгынын эч кандай деле бөтөнчөлүгү жок болучу. Анын көздөрү анча чоң, анча кичине эмес, саал кой көз чалыш кара көз болучу. Бирок ушул көздөрүнөн кандайдыр бир таң каларлык жалын жангансып жана кандайдыр бир карама-каршы таң каларлык, эки түндүү түшүнүктүн белгилери чагылышып турган эле. Каардуу жана таш боор көз караш, эмнегедир дагы бир боор ачууну туудуруп турду. Мартин Бриссенденди чексиз аяп кетти, ал өзүнүн бул сезими кайдан келип чыккандыгына тез эле түшүндү.

— Менин кургак учугум бар, — деди Бриссенден, өзүнүн жакында эле Аризондо болгондугу жөнүндө айтып бүткөндөн кийин. — Мен ал жерде эки жылча туруп калдым, климаттык дарылануунуу өткөрдүм.

— Азыр бул климатка келгендигиңиз коркунучтуу эмеспи?

— Коркунучтуу?

[5] Aposteriori (лат.) тажрыйбага таянуу.

www.bizdin.kg

Ал Мартиндин сөзүн жөн гана кайталап койду, бирок анын чындыгында эле эч нерседен коркпой тургандыгын Мартин сезип турду. Бул минутада терең ойлоно түшкөн Бриссендендин көздөрү жүлжүйүп, таноолору дердейип, жүздөрү кандайдыр бир кадимки бүркүттүкүндөй айбаттуу, баатырдыкындай чечкиндүү көрүнүп кетти. Бул адамга өтө суктанып Мартиндин жүрөгү катуу толкуй түштү.

«Кандай сонун адам», — деп ойлоду да, анан үнүн чыгарып жатып мындай деди:

Тагдыр каарын төксө да, Алсырап башты ийбеймин.

— Сиз Гэндини сүйөсүзбү? — деп сурады Бриссенденден, көздөрү назик жана эркелеткендей жана түшүп. — Албетте, аны сүйбөй коюуга болобу? Эх, Гэнли! Улуу күч! Ал азыркы журналдардагы эптеп уйкаштырып жазган акын сөрөйлөргө караганда, салпаяктардын арасындагы көсөмдөй жүз эсе өйдө турат.

А сизге журналга чыккан чыгармалар жагабы? — деп Мартин секин сурап калды.

— А өзүңүзгө жагабы? — деп Бриссенден аяндануу менен корс этип койду эле, Мартин чочуганынан селт эте түштү.

— Мен... мен жазамын, же тагыраак айтканда журналдар үчүн жазууга аракеттенип жүрөмүн, — деди Мартин күнк этип.

— Бул жаман эмес албетте, — деди саал боору ачыгандай түр менен Бриссенден, — сиз жазууга аракеттенет экенсиз, бирок эч натыйжа чыкпайт окшойт. Мен сиздин бул натыйжасыз аракеттенгениңизди баалаймын жана сыйлаймын. Сиздин жазарыңызды мен билемин. Бул үчүн мага сиздин чыгармаларыңызды окуунун да кереги жок. Сиздин жазгандарыңыздын бир гана кемчилиги бар, ал кемчилик чыгармаңыздын кендирин кесип жатат билсеңиз. Жазгандарыңыз өтө терең, ал эми бул тереңдиктин журналдарга кереги жок. Аларга ар кандай таштандылар керек жана алар бул таштандыларды керектен тышкары өлчөмдө — сугунуп турушат. Бирок бир гана сизден эмес...

— Баары бир мен жазуумду таштабаймын, — деди Мартин.

— Тескерисинче — Бриссенден бир аз токтоло калып, Мартиндин бардык белгилерине: анын эскирген галстугуна, көйнөгүнүн жыртылган жеңине сын көз таштап карап чыгып, арык жүздөрүнө көңүл бурду. — Жазуучулук кесип өзү сизден жатыркап качып, сизди таштагысы келип жатпайбы, ошондуктан бул тармак боюнча эч кандай ийгиликке жетише албайсыз. Ай, дос! Эгерде мен сизге азыр ал жөнүндө унутуп, тамак ичүүнү сунуш кылсам, таарынасыз го деймин, калыбы?

Мартин эрксизден кызара түшүп, ал эми Бриссенден болсо, каткырып күлүп жиберди.

— Ток киши мындай сунушка мүмкүн таарынбастыр дейм, — деди ал.

— Сиз шайтансыз! — деди ачуулу кыйкырып Мартин.

— Бирок мен сизге али эч нерсе сунуш кыла элекмин да!

— Сунуш кылып көрүүгө укугуң да жок!

— Ушундай деңизчи! Андай боло турган болсо, мен сизди кечки тамакты бирге ичелик деп чакырамын.

Бриссенден бул сөздөн кийин ресторанды көздөй бет алууга ниеттенгендей ордунан козголду.

Мартин муштумун түйүп кыжыры келе түштү.

— Жолдоштор! Аларды тирүүлөй жейт! Аларды түрүүлөй жейт! — деп Бриссенден жергиликтүү, белгилүү жылаан жегичти жарыялаган театрдын ээсин туурап, кыйкырып жиберди.

www.bizdin.kg

— Мен сизди чындыгында эле, тирүүлөй жээр элем, — деди Мартин өз кезегинде оорудан дарманы кетип, алсыраган Бриссенденге каардуу көз карашын жиберип.

— Бирок мени эч кимдин жегиси келбейт, эмнегедир аяшат.

— Сени аяшпайт алар өздөрүнүн тиштерин аяшат, — деп Мартин боору катканча күлүп жиберди. — Мойнума алам, Бриссенден мени сиз арабөк калтырып салдыңыз. Эгерде мен ачка боло турган болсом болуптурмун, эмнеси бар экен, табыгый иш, эч кандай уяты жок. Мына көрдүңүзбү, майда шарттуулукту жек көрөмүн жана болбогон нерселерге ишенбеймин. Мына, ошондуктан сиз нерселерди өз аты менен атап, кубултпай эле жөнөкөй сүйлөсөңүз бардыгы жайында болмок, мен дагы жанагы жагымсыз, болбогон нерселердин туткуну болбойт элем.

— Чын эле таарынып калдыңыз, — деп кубаттап койду Бриссенден.

— Ооба, таарынып эле калдым. Ар кимде бар бир кыял. Мен көп нерселерге үйрөнгөн болсом дагы, кээде өзүмдү кармай албай да кетемин. Ар кимдин мүнөзү ар башка да.

— Сиз азыр ошол башка мүнөзүңүздү кичине өзүңүзгө баш ийдирдиңизби?

— Албетте.

— Чын элеби?

— Чын эле.

— Андай болсо, жүрүңүз тамактаналы.

— Жүрүңүз.

— Мартин ичкен винолору үчүн акча төлөөгө аракеттенип, чөнтөгүнөн эң акыркы эки долларын сууруп чыкты, бирок Бриссенден официанткага акчаны алдырбай, өзү төлөп жиберди.

Мартин капа боло түшкөндөй кабагы бүркөлүп барып, кайра Бриссенден өзүнүн ийнине шайырдык менен достук алаканын акырын "коюп жатканын сезип, жоошуй түштү.

XXXII ГЛАВА

Эртеси күнү Мария үчүн таңкаларлык бир окуя болду: анын үйүнө укмуштуу бир конок келди. Бирок, бул жолу ал өзүн адаттагыдай эмес, тыкан кармап, кала берсе, конокту конок үйүнө кийрип, Мартинди күтө турушун өтүнүп да суранды.

— Менин сиздердикине келип калгандыгымды сиз жаман көрбөйсүзбү? — деп сурады Бриссенден.

— Жок. Кайта келишиңизге өтө кубанычтуумун! — деди Мартин коноктун колунан бекем кысып ага өзүнүн жалгыз үстөлүн жылдырып, өзү керебетке олтура кетип. — Биздин үйдү кантип таптыңыз?

— Морздордукуна телефон чалдым. Миссис Морз телефонго келди. Мына ошентип, мен бул жердемин.

Бриссенден чөнтөгүнө колун салып, кичинекей томчо китепти сууруп чыкты.

— Ме, сизге бул бир акындын ырлар жыйнагы, — деди ал китепчени столдун үстүнө коюп жатып, — окугун да, өзүңө сактап кой. Ме! — деп ал Мартиндин керек эмес дегендей тескери жандоосуна жооп кайтарып кыйкырып жиберди. — Мага китептин эмне кереги бар? Бүгүн эртең менен дагы кан түкүрүп калыптырмын. Арагыңыз барбы? Албетте жок дечи! Эмесе, токтоп тура тур, бир аз.

Ал ордунан ыргып туруп эшикке чыгып кетти. Мартин аны узата көз жиберип жана бир кездеги анын зор ийиндеринин чөгүп кеткен көкүрөгүн көздөй

www.bizdin.kg

түшүңкү тартып турганын көрүп, терең капалана түштү. Мартин ары жактан эки стакан таап келди да колундагы китепти окуй баштады. Бул болсо, Гэнри Яоган Марлоунун эн акыркы ырлар жыйнагы болучу.

— Шотландык арак жок экен, — деди Бриссенден кайтып келип, — тиги митаам, америкалык гана арак сатып жатат. Мына бир бөтөлкө алып келдим.

— Мен, азыр бир баланы лимонго жиберейин, экөөбүз азыр сонун горг[6] кылабыз, шашпай тургун, — деп сунуш кылды Мартин. — Кызык, Марлоу бул китебине канча акча алды болду экен?

— Элүү доллардай болуш керек, — деп жооп берди Бриссенден, — бул дагы эгерде анын бактысына кең пейил бир редактор табылган болсо.

— Демек поэзия менен жашоого мүмкүн эмес турбайбы?

Мартиндин үнүнөн терең өкүнүчтүн белгилери сезилип турду.

— Албетте, жок! Кайсыл акмак ыр менен жашоого таянат?! Ал эми акын сөрөйлүк — башка иш. Мисалы, Брюс, Виржини Спринг же Сидживикке окшогондор жакшы иштерди иштеп жатышат. Бирок чыныгы акындарчы... Сиз билесизби Марлоу кандай жашайт? Өзү Пенсильванияда мектепте мугалим эркек балдарды окутат, ал эми бул болсо, шексиз жер үстүндөгү анык тозоктордун бири. Эгерде ал мага, сенин жаныңды дагы бир элүү жылга узартамын десе дагы, аны менен кесибимди алмаштырабас элем. Анын ырлары болсо, азыркы кездеги тантыраган ырлардын арасынан кадимки чолпондой жанып, айнектин күкүмдөрүнүн арасындагы асыл таштай жаркырап тургансыйт. Бирок сынчылар анын бул ырлары жөнүндө эмне деп тантырап жатышат дейсиң. Ушул сынчыларды кудай алып кетсе жакшы болор эле!

— Чындыгында, өздөрү жаза албаган жана жазганды көрө албаган адамдар гана, чыныгы мыкты жазуучуларга тыртаңдашып аябай жатып асылгылары келишет, — деди Мартин, — Стивенсон жөнүндө алар эмне деп гана келжирешкен жок!

— Былжыраган акмактар! — деди Бриссенден кыжыры келип, тиштерин кычыратып. — Мен алардын бирөөн эң жакшы билем. Ал өмүр бою Стивенсонду анын өз атасы Дамиенге жазган каты үчүн жекирип, адам уккусуз ушактарды таратып келген. Ал акмак бул катты текшерип, өлчөп жана...

— Албетте, өзүнүн керт башынын бечара турмушунун чени менен ченеди дечи, — деп Мартин кыстыра койду.

— Туура айтылган. Албетте! Алардын бардыгы кооздукту, чындыкты жана боорукердикти тытмалашып булгашат да, андан кийин дагы сени калп эле мактангандай ийинге чаап: «Фидо, эң жакшы дөбөт! Тьфу!» «Адамзаттын байкуш сагызгандары», деп булар жөнүндө Ричард Рильф өлүм төшөгүндө жатып айткан.

— Алар жылдыз чаңын чокугулары келишет. Жиним келип мен ушул сынчылар жөнүндө бир чоң макала жаздым.

— Кана апкелиңизчи, бери! — деди Бриссенден шаштырып.

Мартин столунун алдынан «Жылдыздар чаңынын» бир даанасын сууруп чыкты. Бриссенден бышкырып алакандарын сүртүп, кала берсе, өзүнүн горгуп ичүүнү да унутуп коюп, ошол замат окууга кириштн.

— Айтмакчы, сиз өзүңүз дагы, ушул көрсокур эргежээлдердин өлкөсүнө учуп келген жылдыздар чаңынын бир бөлүгүсүз да! — деп Бриссенден макаланы окуп бүтүп кыйкырып жиберди. Калыбы, журналдар бул макалаңызды да четке кагып таштаса керек?

[6] Горг — арак же ромго кант жана ысык суу кошуп жасалган ичкилик.

www.bizdin.kg

Мартин өзүнүн кичинекей дептерчесине көз чаптырды.

— Бул макаланы жыйырма жети журнал четке какты.

Бриссенден каткырып күлүп жиберейин деди эле, ошол учурда жөтөлүп кетти.

— Чыныңызды айтыңызчы, — деди ал акырында киркиреп. — Сиз, мүмкүн, ыр да жазасыз го деймин? Кана, көрсөтүңүзчү мен бир окуп берейин.

— Бирок бул жерден окубасаңыз экен — деп сурады Мартин, — мен бул жерден сиз менен сүйлөшкүм келип олтурат. Ырларымды сизге ороп берейин үйүңүздөн окуңуз.

Бриссенден анын «Сүйүү жөнүндөгү сонеталарын» жана «Пери жана акак» деген чыгармаларын өзү менен кошо алып кетти. Ал эртеси күнү Мартинге дагы келип, мындай деди:

— Келе ырларын болсо дагы берчи.

Ал Мартиндин чыныгы акын экендигин далилдеди. Көрсө, анын өзү дагы укмуштан ыр жазат экен.

Мартин Бриссенден ырларын окуп көрүп, толкундана түшүп жана анын ушул күнгө чейин өз ырларын басып чыгарууга бир жолу да аракеттенбегендигине тан калып кетти.

— Ой, ошол журналдарды урдум, — деди Бриссенден ырларын анын атынан кандайдыр бир журналдарга жөнөтүп жибер деп, Мартиндин кылган сунушуна жооп кайтарып. — Сулуулукту сулуулук үчүн гана сүйүү керек, ал эми бул журналдар жөнүндө ойлонуп коюунуп да кереги жок. Эх, Мартин Иден! Сиз кайра деңизге кайтсаңыз жакшы болор эле. Кандайдыр бир кемеге суучул болуп кирип албайсызбы? Мен чып жүрөгүмдөн кеңеш берип жатам. Ал эми сиз, бул шаардык адамкерчиликсиз адамдардын арасында бир жакшылык бар деп ойлойсузбу? Кылдай да жакшылык жок. Буга ишенип коюңуз. Чындыгында, сиз өзүңүздү күн сайын төмөн чөгөрүүгө дуушар кылып жатасыз! Сиз дүйнөдөгү болгон эң сонун асылдыкты абийирин сатуучуга айландырасыз, ошондой эле журналдардын бардык татыктарына ыкташасыз. Бул жөнүндө сиз жакында эле, эмне деп айттыңыз эле? Ооба... «Адам — тез өзгөрүлүүчү нерселердин акыркысы беле»? Демек, тез өзгөрүлчөөк нерселердин акыркысы, сизге даңктын эмне кереги бар? Анткени сиз үчүн даңк уу да. Мактоонун май-талканынан жеш сиз үчүн али эрте. Сиз — көзүңүзгө эле айтайын — менимче, ашкере акылдуусунасыз, элден өзүңүздү башкача сезип жүргүңүз келет. Алакөөдөк да жайыңыз бар окшойт. Экинчиден, мен сиздин чыгармаларыңыздын бир сабын дагы эч кандай журналдар тарабынан сатылып алынбайт ко деп өтө чочуйм. Сулуулук үчүн гана кызмат кылуу керек. Сулуулукка гана кызмат кыл, — топураган элдин сизге эмне кереги бар? Ийгиликпи? Дагы кандай ийгилик керек сизге! Айтмакчы, сиз ага өзүңүз жазган Стивенсон жөнүндөгү сонеттериңизде эле жетишип олтурбайсызбы. Чындыгын айтканда сиздин бул ырларыңыз Гэнлинин «Элестер», «Сүйүү жөнүндөгү сонеттеринен» жана деңиз жөнүндөгү ырларынан жогору жазылган! Же чыгармачылыктын кубанычы сиз үчүн, эч нерсеге татыбай турган нерсеби? Ал эми мен болсо, сизди ийгилик эмес, чыгармачылыктын өзү тартарын эң жакшы түшүнөм. Муну өзүңүз да билесиз. Сулуулук сиздин жүрөгүңүздү жаралаптыр. Бул бүтпөс жара, айыкпас оору, жүрөктү өрттөгөн дарт. Журналдар менен жылпыштоонун эмне кереги бар? Андан көрө, бир гана сулуулукту көздөңүз. Эмне үчүн сулуулуктан тыйын жасап алууга жанталашасыз. Бирок, ошенткениңиз менен деле баары бир эч нерсе чыкпайт. Буга терең ишенип койсоңуз болот. Сиз бул журналдарды миң жыл окусаңыз дагы, Китстин

www.bizdin.kg

ырларынын жок дегенде бир сабына тең келүүчү сөздү таба албайсыз. Эч качан! Даңк жана алтын жөнүндө унутуп, эртең эле, сүзүүгө жөнөңүз.

— Мен даңк үчүн эмес, сүйүү үчүн эмгектенип жатамын, — деп күлдү Мартин. — Сиз үчүн мүмкүн сүйүү таптакыр жок нерсе чыгар. Ал эми мен үчүн болсо, сулуулук — сүйүүнүн кызматкери.

Бриссенден Мартинди көздөй таң калгандай түр менен боорукер көз карашын жиберди.

— О, али канчалык жашсыз, Мартин! Эх, али жашсыз, жашсыз! Сиз асманга бийик көкөлөп учарын учасыз, бирок билип коюңуз — сиздин канаттарыңыз өтө эле назик. Кокус куйкалап албаңыз. Айтмакчы, сиз канатыңызды эчак куйкалап алгансыз. Сиздин бул «Сүйүү жөнүндөгү сонеталарыңыз» кандайдыр бир бузулган аялдар жөнүндө да баяндайт... Маскарачылык!

— Бул ырларда сүйүү жөнүндө баяндалат, — деп Мартин каршы чыгып жана кайра дагы күлүп жиберди.

— Акылсыздыктын философиясы! — деп каршы чыкты Бриссенден. — Мен буга нашадан... бир аз тартып, таттуу кыялга чөккөн кезимде толук ишендим. Сактаныңыз! Бул байлардын шаары сизди тумчуктуруп салбасын. Мисалы, сиз экөөбүз биринчи жолу таанышкан, абийирин сатуучулардын чогулган үйүн көз алдыңызга элестетип, көрүңүзчү. Кудай урсун, андай жер тим эле икир-чикирташталуучу чуңкурдан да жаман. Мындай чөйрөдөн адамдын бузулбай соо калышы мүмкүн эмес. Мындай жерден эрксизден өлүмгө учурайсың. Кала берсе, бул жийиркеничтүү көрүнүштөрдөн эч ким, бир дагы эркек, бир дагы аял — качып кутула албайт. Мунун бардыгы өздөрүн кандайдыр бир жогорку идеялар менен сугарылганбыз деп эсептешкен
басып жүргөн гана кап курсактар, ооба, басып жүргөн гана кап курсактар...

Ал бир кезде токтоло калып, Мартинди көздөй көз чаптырды. Күтүлбөгөн жерден сезилген окуянын түйүнү, кадимки чагылгандын огу сыяктуу аны катуу чочутуп жиберди. Анын жүзүндө коркуу жана таң калуу пайда болду.

— Ошентип, сиз өзүңүздүн эн сонун «Сүйүү жөнүндөгү сонеталарыңызды» болбогон бир сумсайган канчык үчүн жазган экенсиз да?

Мартин Брнссенденди алкымдан алып туруп катуу силкти эле, анын тиштери шакылдай түштү. Бирок Мартин Бриссендендин көзүнөн коркунучтун жышаанын көрө алган жок. Анын көзүнөн кандайдыр бир кызыккандыкты жана жин тийгендей ыржаңдоону гана көрдү. Ошондо гана Мартин эсине келе түшүп манжаларын анын алкымынан бошотту да төшөктүн үстүнө түртүп жиберди.

Бриссенден көпкө чейин эсин жыя албай жатты. Ал эсине келгенден кийин өйдө тура калып, каткырып күлүп жиберди.

— Эгерде сиз менин калган өмүрүмдүн отун өчүргөн болсоңуз, анда сиз мени өзүңүздүн түбөлүк карыздар адамыңыз кылып коёт элеңиз, — деди ал.

— Менин акыркы күндөрдө эмнегедир нервим өз ордунда болбой жүрөт, — деп Мартин актана сүйлөдү, — мен сиздин бир жериңизди катуу оорутуп койгон жокмунбу? Мен азыр жаңы горг жасаймын.

— Ай, чунак деее! — деди Бриссенден кыйкырып, — сиз өзүңүздүн күчүңүзгө өзүңүз жеткиликтүү баа бербейт экенсиз. Сиз укмуштай күчтүү экенсиз. Тим эле жаш кабылан окшойсуз! Жаш арстансыз! Жетишет, жетишет эми! Кокустан, өз күчүңүздүн азабын өзүңүз тартып калып жүрбөңүз.

— Бул кандайча? — деп, Мартин ага стаканды сунуп жатып, кызыгып сурап калды. Ичпип жибериңиз, таарынбаңыз.

www.bizdin.kg

— Жөпжөнөкөй эле, — Бриссенден горгун жутуп жиберип, жылмайып күлүп, — бардыгы аялдардын кесепетинен. Алар сага азыр тынчтык бербегендей эле, өмүр бою, көргө киргенге чейин эч качан тынчтык беришпейт. Мен кечээ эле туулган бала эмесмин. Мени муунтуп өлтүрүш дагы оюңа келбей эле койсун. Мен баары бир өз оюмду акырына чейин айтууга тийишмин. Бул сиздин биринчи сүйүүңүз экендигин жакшы билемин, бирок сулуулуктун урматы үчүн келерки жолу акылдуурак болуңуз. Бирок сизге бул байдын кыздары эмне эле жагын калды? Сиз аларды таштаңыз, антпесеңиз, алар сиздин башыңызды айландырып салышат. Андан көрө, өзүңүзгө ылайыктуу, жалындуу, ашык болгон, «өлүм менен коркунучтарды кеп деп санап койбогон сүйүүгө туруктуу, шертке бекем» чыныгы аялдардан таппайсызбы? Ишенип коюңуз, мындай аялдар турмушта бар жана алар сизди кадимки байлардын чөйрөсү жараткан бечара жандар сыяктуу эле ушунчалык берилип сүйүшөт...— деди Мартин катуу кыйкырып.

— Бечара жандар!...— деди Мартин катуу кыйкырып, жактырбай кыжырданып.

— Дал ошондой бечара жандар! Ал сага ар түрдүү жүрүш-туруш эрежелери, адамкерчилик жөнүндө кулагыңа кумдай куят жана ушул эле учурда, ал өзү чыныгы турмуштан жан алгычындай коркот. Ал сизди өз көз карашы менен сүйөт Мартин, бирок өзүнүн арзыбаган үрп-адатын сизден да көбүрөөк сүйөт. Сиз түтөп күйгөн, улуу сүйүүнү каалайсыз, сизге кумарсыз боз көпөлөк эмес, эркин көңүл, сүйкүмдүү жаркын көпөлөк керек. Ошондой болсо да эгерде сиз өзүңүздүн бактысыздыгыңызга тирүү калган болсоңуз, анда бул сизди эң акырында таптакыр жадатып бүтүрөт. Бирок сиз көпкө жашай албайсыз! Анан өзүңүздүн кемеңизге да бара албай каласыз! Акырында өзүңүз чирип жок болгончо, бул чириген шаарды кыдырып, сандалып басып жүрө бересиз.

— Эмне айткыңыз келсе, айта бериңиз, — деди Мартин, — сиз мени баары бир өзгөрүлтө албайсыз! Өзүңүздүн мүнөзүңүзгө жараша сиздики өзүңүзгө жагат. Меники өзүмө.

Ал экөөнүн сүйүү, журналдар жана башка дагы көп нерселер жөнүндө көз караштары бири-бириникине туура келишпегендигине карабастан, Мартин Бриссенденди эмнегедир бөтөнчө жакшы көрүп калды. Бриссенден Мартиндин тар кепесинде бир сааттан артык боло албаса дагы, алар күн сайын көрүшүп тура турган.

Мартиндикине келерде Бриссенден ар дайым чөнтөгүнө бир бөтөлкө арак сала келүүчү, ал эми экөө кандайдыр бир ресторан сөрөйдө тамак ичип калышканда, ал ар качан содалуу суу кошулган шотландык кызыл виного заказ кылуучу. Ал дайыма экөөнүн ичкендерине жалгыз өзү төлөп коё турган. Анын аркасы менен Мартин ар түрдүү, мурда өзү ичип көрбөгөн кымбат баалуу, таттуу тамактар менен таанышып, биринчи жолу шампанский жана рейнвейн виносунун жагымдуу даамы менен жытына кумарданды. Бирок ошенткени менен Бриссенден ар качан Мартин үчүн табышмактуу болуп кала берүүчү. Ал сыртынан караганда турмуштун жыргалчылыгынан кечкен, ошол эле учурда, курч сезимдүү, угуту күчтүү адам боло турган. Ал өлүмдөн коркчу эмес жана адам баласынын жашоосунун бардык көрүнүштөрүнө чексиз жек көрүү менен мамиле жасоочу. Ошол эле учурда, турмушту — анын эң майда бөлүктөрүнөн бери көздөй каны-жаны менен берилип сүйүүчү. Ал турмуштук эңсөөнүн майда дирилдөөсүн коюулатууга, «мен пайда болгон космикалык чаңдын арасындагы өзүнүн тырмактай мейкиндигинде кыймылдоого» умтулган бир жинди адам эле — деген ал күндөрдүн биринде. Ал кумардантып мас кылуучу түрдүү дарыларды

пайдаланып, өз жанынын жыргалын дагы узартуу үчүн бардык аракеттерди иштеген адам эле. Бир күнү ал Мартинге өзүнүн үч күн катары суу ичпей, төртүнчү күнү суусунду кандыруунун жыргалын сезгендигин айтып берген. Мартин анын ким экендигин жана кайдан келгендигин али билбеген. Бул болсо ушул убакка чейин жакшылык көрбөгөн, келечеги жакын жерде күтүп турган караңгы көр сыяктуу, азыркы убакытта турмуштун запкысы мөндүрөтүп турган адам эле.

XXXIII ГЛАВА

Мартин мелдештен утулгандан утула берди. Ал канчалык үнөмдөгөнү менен анын иштеп тапканы өз өлбөс оокатына да жетишпеди. Ал акырында кара костюмун өткөзүүгө мажбур болуп, мына ошондуктан Морздордун ыраазычылыктын күнүнө карата арналган тамагына баруу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап да калды. Руфь анын тамакка келүүдөн баш тарткан себебине түшүнүп, өтө капаланып, көңүлү чөгө түштү. Бирок акырында Мартин Руфка, «Трансконтиненталдык айына бир жолу чыгуучу» журналга өзү баратургандыгын жана кол жазмаларды жөнөтүүгө кетүүчү беш долларына костюм сатып алып, тамака сөзсүз келе тургандыгын билдирди.

Эртең менен ал Мариядан он цент карыз сурап алды. Ал бул акчаны Брпссенден деле алмак эле, бирок ал апендинин эки жумадан бери кайда жоголуп кеткенин эч ким билбеди. Мартин анын кайда кеткенин ойлонуп олтуруп, башы да катты. Бул он цент ага редакцияга баруу үчүн океандын булуңунан моторлуу кайык менен кесип өтүүгө керек эле, ал кесип өтүп, Маркетрит менен келе жатканда эгер акча албай калсам кантем деп ойлонду. Кала берсе, Оклендге кайра кайтуу өзүнчө бир чийеленишкен татаал маселе болду, анткени — Сан-Франциcкодон ал эч кимден он цент карызга ала алмак эмес.

Мартин бир аз ачылып турган «Трансконтиненталдык ай сайын чыгуучу» журналдын эшигинин алдына келгенде төмөндөгүдөй сөздөрдү угуп, эрксизден токтоло калды:

Кеп анда эмес, мистер Форд. (Мартин Форд деген редактордун фамилиясы экендигин жакшы билүүчү). Кеп, сиз мага төлөй аласызбы же жокпу мына ушунда? Башкача айтканда, сиз мага акчаны нак төлөй аласызбы же жокпу? Сиздердин журналыңыздардын келерки жылкы шарты менен менин ишим жок, мен сизден эмгегимдин акысын төлөшүңүздү талап кыламын. Мага башка эч нерсенин кереги жок. Бул сөзүмдү эмгек акымдын бир тыйынына чейин толук бергениңизге чейин кайталай беремин жана журналдын майрамдык санын басууга руксат этпеймин. Сөзүм сөз. Кошуңуз! Акчаңыз болгондо, мени өзүңүз издеп таап алыңыз.

Эшиктин каалгасы ачылып, Мартиндин жанынан ызырынып, муштумун катуу түйгөн бир адам шарт бурулуп өтүп кетти. Мартин ошол замат эле кирбестен, бир он беш мүнөтчө күтүп турууну чечти. Ал бир аз көчөдө ары-бери басып жүрүп кайра келди да, өмүрүндө биринчи жолу редакциянын мекемесинин босогосун аттап, ичине кирди. Бул жерде кабыл алуу баракчасы колдонулбаса керек, бир кичинекей бала тосмодон ары өтүп барып, мистер Фордду бир киши чакырып жатат деп билдирди. Ал кайтып келип, Мартинди редакциянын ыйыктын ыйыгы — редактордун бөлмөсүнө ээрчитип кирди. Мартинди биринчи эле таң калтырган нерсе, бөлмөдө өкүм сүргөн адаттан тышкаркы башаламандык болду, ал андан кийин өзүнө аябай кызыгуу менен караган бакенбарды бар столдо отурган мырзаны көрдү. Мартин анын жүздөрүндөгү ток- тоолугуна таң кала

www.bizdin.kg

түштү. Көрсө басмаканачы менен болгон чатак анын мүнөзүнө эч кандай таасир этпептир.

— Мен... мен... Мартин Иден, — деп баштады сөзүн Мартин («жана мен дагы өзүмдүн беш доллар акчамды алганы келдим» деп айткысы келди).

Бул болсо, анын биринчи жолу бетме-бет кездешип олтурган редактору болгондуктан, алды менен эле катуу кеткиси келген жок. Тескерисинче ал мистер Форддун ордунан кыйкырып тура калганына таң кала түштү:

— Сиз эмне деп жатасыз! — Мындан кийин ал толкундануу менен Мартиндин колун бекем кармап, катуу силкилдетип жиберди. — Эгерде менин сиз менен таанышкандыгыма канчалык кубанычтуу экендигимди билген болсоңуз мистер Иден! Мен ар дайым сиз жөнүндө ойлонуп, сиздин кандай экендигиңизди көз алдыма элестетүүгө аракеттенүүчүмүн.

Мистер Форд бир аз токтоло түшүп, Мартинге өтө кылдаттык менен баштан аяк бир жолу көз чаптырып чыкты. Мартиндин тордолуп жамалган костюму, Мария Сильва абдан аракеттенип жатып үтүктөгөн шымы да чындыгында анын мынчалык көңүл буруп кароосуна татыктуу эмес эле.

— Мен сизди мындан улуурак экен деп ойлогон элем. Аңгемеңизде өтө терең ойлор бар. Жана абдан күчтүү жазылган. Сиз көркөм сөздүн чыныгы чебери экенсиз, мен буга аңгемеңиздин алгачкы үч-төрт сабын окугандан кийин эле түшүндүм. Сиздин аңгемеңизди биринчи жолу кандайча окугандыгымды айтып берсем каалар белеңиз? Жок! Алды менен мен сизди кызматкерлер менен таанышты ргым келет.

Мистер Форд аңгемелешүү менен аны катардагы жалпы бөлмөгө ээрчитип кирди. Ал бул жерден Мартинди өзүнүн орунбасары, — арык чырай, кичинекей, колдору таштай муздак, кургак учук менен ооруп жаны эле айыккан кишидей болгон мистер Уайт менен таанышты рды,

— А бул болсо, мистер Эндс. Миетер Эндс бизде иштерди башкарат. Мартин өңү жашыраак көрүнгөн кашка баш, шайыр киши менен кол алышты. Анын жүзүнө сулуулукту киргизип турган узун ак сакалын аялы жекшемби сайын тегиздеп берип тургандыгы көрүнүп турат. Анын аялы желкесин дагы кырып берсе керек.

Алардын үчөө тең Мартинди тегеректешип, аны көздөй мактоо сөздөрүн жаадырышып жиберди. Кала берсе акырында бул мактоодон Мартин жадап кеткендей да болду.

— Биз сиздин эч качан келбегендигиңизге аябай таң калган элек! — деди толкундана түшүп, мистер Уайт. .

— Булуңдан өтүп келүүгө менин акчам болгон жок, — деп жооп берди Мартин, ушуну менен ал өзүнүн акчага өтө муктаж экендигин түшүндүрүп.

«Менин «майрамдык» костюмум, — деп ойлоду ал ошол эле учурда, жетишерлик кемчил экендигимди баяндап турат».

Мындан аркы бардык сөздөрүндө ал өзүнүн муктаждыгы жана келген максаты жөнүндө белги берип сүйлөөгө аракеттенди. Бирок, анын талантын кадырлашкан бул адамдар арыз муңуна кулак да салып коюш- кан жок. Кайра алар анын аңгемесин өздөрү, бир туугандары жана аялдары кандайча толкундануу менен окугандыктарын кайталаншп жатышты. Бирок алардын бирөө дагы өздөрүнүн толкунданууусу жөнүндө мазмундуу кылып түшүндүрө алган жок.

— Сиз билесизби, мен биринчи жолу сиздин аңгемеңизди кандай шартта окугандыгымды? Мен Нью-Йорктон келе жаткан болучумун, поезд Огденге келип

www.bizdin.kg

токтогондо вагондун ичине газет саткыч кирип келди. Анын колунда «Трансконтиненталдык ай сайын чыгуучу» журналдын эң акыркы саны бар экен.

— Ой тобо, жараткан де, — деп ойлоду Мартин, — бул митаам болсо, пульмановдук вагондорго түшүп саякат кылып жүрсө, мен тишимдин кирин соруп, мындан өзүмдүн таман акы, маңдай терим менен иштеп тапкан беш долларымды ала албай жүрөмүн! «Ал аяңдана түштү. «Трансконтиненталдык ай сайып чыгуучу» журналдын бул иштеген чыккынчылыгы ага эң укмуштуудай көрүндү; ал өзүнүн ачка арык калган айларын жана азыр болсо чөнтөгүндө бир тыйын акчасы жок экендигин, кечеки күндөн бери наар сыза электигин эсине түшүрдү. Анын каары кайнай түштү. Булар чындыгында каракчылар да эмес, жөнөкөй гана майда жуликтер! Алар анын аңгемесин алдамчылык жана жалган ишендирүү менен алдап алышты. Мейли, эч нерсе эмес! Бирок ал акыры аларга көрсөтөт!

Мартин ичинен өзүнө өзү тиешелүү акчасын толук алмайынча редакциядан чыккан тургандыгына ант берди. Кала берсе, Оклендге кайтып келүүгө анын акчасы да жок. Ал өзүн кармап турганы менен анын жүздөрүндөгү өзгөрүүлөр аңгемелешип олтургандарды ыңгайсыздандырып, ал турмак чочутуп да жиберди.

Алар ого бетер аны жерге-сууга тийгизбей, мактай башташты. Мистер Форд дагы биринчи жолу «Коңгуроонун үнү» деген анын аңгемесин өзүнүн кантип окугандыгын, а мистер Эндс болсо, өзүнүн карындашы бул аңгемени окуп алып, кандайча эс-учунан танып кала жаздагандыгын жана анын карындашы жөнөкөй эле бирөө эмес, Аламедде мектеп мугалими экендигин баяндады.

— Мен сизден акча алганы келдим, — деди, аңгыча болбой Мартин, — сиз мага, бу баарыңыздарга ушунчалык жаккан аңгемем басылып чыгары менен беш доллар төлөөгө тийиш болчусуз.

Мистер Форддун жүзүнөн төлөөгө анын ушунчалык дилгир экендигин баяндаган белги жана түшүп чөнтөктөрүнө колун салып караштырып көрүп, мистер Эндске бурулду да, ага акчасын үйгө унутуп таштап келгендигин түшүндүрдү. Мистер Эндс ага өкүнүчтүү көз жиберип жана анысын байкатпаска аракет кылып чөнтөк жагын колу менен баса калгандыгын байкап, Мартин анын сөзсүз акчасы бар экендигин түшүндү.

— Мен эмне кыларымды билбеймин, — деди мистер Эндс. — Мен жаңы эле жанымдагы болгон акчамдын бардыгын басмакана менен эсептешип койбодумбу. Албетте, жаныма акчанын бардыгын салып келбегендигим ойлонулбагандык, бирок... Сиз туура түшүнсөңүз басмаканачы келип жалынып-жалбарып жатып, болгон акчанын бардыгын авансага сурап алып кетти.

Ал экөө мистер Уайтты көздөй карап калышты, ал болсо каткырып күлүп ийип куушуруп койду. Ал өзү өтө уяттуу адам боло турган. Ал бул «Трансконтиненталдык ай сайын чыгуучу» журналга алардын ишин үйрөнүү үчүн келген эле, бирок ага айрыкча финансылык саясатты көбүрөөк үйрөнүүгө туура келди. «Айына чыгуучу» журнал ага төрт айдан бери айлык акысын төлөгөн эмес, ошондуктан ал редактордун орунбасары менен эсептешүү бул бир кыямат экендигин түшүнүп, аны менен эсептешкенден көрө эртерээк басмакананын ишин токтотуп коюу жакшыраак экендигин түшүнгөн.

— Чындыгында акмактык болуп калды, — деди мистер Форд ыгы жок ачык-айрымдык менен, — мистер Иден, сиз бизди өтө ыңгайсыз абалга калтырып

www.bizdin.kg

койдуңуз. Бирок, биз билесизби, мындай кылабыз. Биз сизге чекти эртең эртең менен жиберебиз. Мистер Эндс сиз мистер Идендин адресин жазып алдыңызбы?

— О, албетте, мистер Идендин адреси менде жазылуу жана чек эртең эртең менен сөзсүз жөнөтүлөт.

Мартин финансылык жана казыналык иштер жөнүндө анчалык жакшы билбесе дагы, эгерде алар чекти эртең жиберише ала турган болсо, анда алар бүгүн жиберише албайбы деп ойлоду.

— Демек, чечилди, сизге мистер Иден, чек эртең жиберилмек болду.

— Акча мага эртең эмес, бүгүн керек, — деди Мартин чечкиндүү.

— Шарттын ыңгайсыз болуп турганын карабайсызбы? Эгерде сиз бизге башка бир күнү келген болсоңуз...— деп, мистер Форд баштады эле, бирок сөздү Эндс күтүлбөгөн жерден бөлүп кетти:

— Мнстер Форд сизге иштин абалын түшүндүрбөдүбү эми, — деп кага сүйлөдү ал, — жана мен дагы түшүндүрдүм. Чек сизге эртең жиберилет. Уктуңузбу?

— Мен дагы сизге түшүндүрүп жатамын, — деди Мартин дагы тилин тартпастан, — акча мага эртең эмес, бүгүн, азыр керек. Түшүндүңүзбү?

Иш башкаруучунун бул сыяктуу кастарын тиккендигинен Мартиндин кан тамырлары көбө түштү: экинчиден тигинин кээ бир кыймылдары боюнча Мартин «Айына чыгуучу» журналдын кассасы азыр анын сөзсүз чөнтөгүндө тургандыгын түшүндү.

— Мен эмне кыларымды билбеймин...— деп баштады дагы мистер Форд.

Ушул учурда мистер Эндс чыдамсыздык менен комнатадан шарт бурулуп, эшикти көздөм атып чыгайын деди эле, Мартин ошол замат атырылып барып кекиртектен алганда мистер Эндстин кардай аппак сакалы шыпты көздөй кырк беш градуска сербейди. Мистер Форд менен мистер Уайт коркондуктарынан селдейишип, өздөрүнүн иш башкаруучусун Мартиндин персия килеминдей силкип жатканын карап турушту.

— Ай, жаш таланттардын кадырман эзүүчүсү, — деп кыйкырды Мартин, — сыйыңыз менен тиешелүү акчамды колго салыңыз, болбосо бар го, тим элечи чөнтөгүндүн түбүн азыр эле көңтөрүп саламын!

Андан кийин ал, коркондуктарынан үрөйлөрү учуп карап тургандарга бурулуп мындай деп кошумчалады:

— А силер болсо, киришебиз деп ойлоп да койбогула... Антпесеңер тумшугуңарды кандаймын.

Мистер Эндс тумчугуп кала жаздады. Мартин мына ошондуктан ага жанагы сунушка макулдугун берүүгө мүмкүнчүлүк берип, карыштыра кармаган колун жакасынан коё берди. Иш башкаруучу бир нече жолу өз чөнтөгүнө саякат жасагандан кийин, акырында чөнтөгүнөн төрт доллар он беш центти сууруп чыгууга аргасыз болду.

— Чөнтөгүңүздүн түбүн бери оодарыңыз! — деп буйрук берди Мартин.

Чөнтөгүнөн дагы он цент чыкты. Мартин тактык үчүн, өзүнүн табылгасын эки жолу эсептеп чыкты.

— Азыр кезек сиздерге келди! — деди ал мистер Фордго, — Силер мага дагы жетимиш беш цент берүүгө тийишсиздер!

Мистер Форд эч нерседей албастан, чөнтөгүнө колун салды эле, бар болгону алтымыш гана цент акча чыкты.

— Дагы жакшылап караңыз, — деди Мартин үстөмдүк кылгандай, — ички бешмантыңыздын чөнтөгү эмнеге томпоёт? Бир нерсе бар окшойт?

Мистер Форд корккондой эки чөнтөгүнүн тең түбүн аңтарды. Анын чөнтөгүнөн төрт бурчтуу болгон катуу кагаз жерге тоголонуп түштү. Мистер Форд аны лып ала коюп, кайра чөнтөгүнө сала коёюн деди эле, бирок Мартин кыйкырып жиберди:

— А эмне? Салдын белетиби? Берчи бер жакка. Анын баасы он цент турат. Демек, азыр белеттин баасын кошуп эсептегенде, менин төрт доллар токсон беш центим бар. Кана, эми дагы беш цент жетишпейт!

Ал мистер Уайтты карады эле, ал назик мырза көзирмемдиң ичинде чөнтөгүнөн никел тыйынды сууруп чыкты.

Рахмат сиздерге, — деди Мартин, тегерегиндегилердин бардыгына бурулуп, — кошуңуздар, саламат болуңуздар!

— Талоончу! — деди артынан кыркырап мистер Эндс.

— Каракчы! — деди эшикти тарс жаап, сыртка чыгып бара жатып Мартин.

Мартин өзүнүн бул жеңишине чексиз ыракаттанып жана «Пери менен акак» деген чыгармасы үчүн он беш доллар төлөөгө тийиш болгон «Шершенди» эсине түшүрүп, ошол замат бул аласасын дагы жогоркудай эле тезинен өндүрүп алууну чечти. Бирок «Шершень» журналынын редакциясында сакалдарын тап-таза кылып кырдырышкан, орто жашка барыша элек, чыныгы каракчылар олтурушкан эле. Булар көздөрүнө көрүнгөндүн бардыгын жана кала берсе, өздөрүн өздөрү дагы карактоого көнүп калышкан, анык каракчылардын өздөрү эле. Мартин отургучтардын кээ бирин сындырып, талкалап жиберди, бирок акырында редактор (студенттик жылдарында чуркоо жана секирүү боюнча байге алып жүргөн) кулактандырууларды жыйноо боюнча агенттин иш башкаруучусунун жана эшик аганын жардамы менен Мартинди буйдамга келтирбей туруп, сыртка түртүп чыгарып, ал эмес тепкичтен тезирээк түшүшүнө да жардам берди.

— Келип туруңуз, мистер Иден, биз сиздин келишиңизге ар качан кубанычтуубуз! — деп алар анын артынан какшыктуу кыйкырып калышты.

Мартин жыгылган жеринен тура калып, мурутунан жылмайып койду.

— Тьфу, — деди ал күңк этип, — бирок азаматсыңар, — балдар! Асты «транс-континенталдык сиркелердей эмес экенсиңер!

Буга жооп кайтарылып, каткырган күлкүнүн дабышы угулду.

— Сизге айтууга тийишмин, мистер Иден, — деди «Шершендин» редактору, акындын сөзү менен айтканда, сиз өзүңүз үчүн бекем тура ала турган жигит экенсиз. Сиз мындай эрдикке кайдан үйрөндүңүз эле?

— Сиз кармашууга машыккан жерден үйрөнгөм, — деп, жооп берди Мартин, — көзү-башың көк-ала болуп калып жүрбөсүн!

— Сиздин дагы көк шилиңиз тартып турбасын, — деп сыпайы кекирейип койду редактор. — Ай дос, ушунун урматы үчүн көтөрүп койсок кантет? Албетте, жарылган баш, канаган чеке үчүн эмес биздин таанышыгыбыздын урматы үчүн.

— Мен жеңилдим, демек макул болууга тийишмин, — деп жооп берди Мартин.

Талоончулар жана таланган адам бардыгы тең чогулушуп, бир бөтөлкөнү ичип жиберишти да, достук иретинде жеңиш күчтүү тарап жактыкы болду деп эсептешип, демек мына ошондуктан, «Пери жана акак» үчүн чегерилген он беш доллар акылуу түрдө «Шершеньге» тиешелүү болуп калды.

XXXIV ГЛАВА

Артур эшиктин алдында калып, Руфь тепкич аркылуу Мария Сильванын үйүнө чуркап кирип кетти. Ал ички бөлмөгө жакындай бергенде кулагына

www.bizdin.kg

жазгыч машинканын тырсылдаган үнү угула баштады. Мартин бул учурда кандайдыр бир кол жазманын эң акыркы барагын басып жаткан эле. Руфь атайы Мартиндин Ыраазылыктын Күнүнө арналган тамака келер-келбесин билүү үчүн келген, бирок Мартин аны ооз ачырбай:

— Сизге окуп берейин, сынап көрөсүзбү? — деди ал толкундана түшүп, машинкадан басылган баракты сууруп чыгып. Бул менин акыркы аңгемем. Бул аңгемем да башка аңгемелериме аябай окшош. Кала берсе, кээде өзүм чочуп да кетем. Кыскасын айтканда мен бул аңгемемдин эң күчтүү чыккандыгына ишенем. Өзүңүз деле баа берсеңиз. Бул гавайлык аңгеме. Мен муну «Вики- Вики» деп атадым.

Мартиндин колдору таштай муздап турса дагы, чыгармачылык жалынданууудан жүзү нурдана түштү, ал эми Руфь болсо, нурданмак түгүл анын муздак кепесинен калтырап үшүп кетти.

Руфь ичинен жактырбай турса дагы, сыртынан сыр бербей Мартиндин аңгемесин терең көңүл коюп уга баштады. Мартин окуп бүтүп, Руфтан мындай деп сурады:

— Ачыгыңызды эле айтыңыз, аңгеме сизге жагабы же жакпайбы?

— Билбеймин, — деди ал, — сиздин оюңузча бул аңгемени бир жер чыгарат деп ойлойсузбу?

Жок, ойлобойм, — деп мойнуна алды ал, басууга журналдардын колунан келе албайт. Бирок бул таза чындык.

— Сиз эмне үчүн кабыл албаган нерселер жөнүндө ушунчалык өчөшкөндүк менен жазасыз? — деди, кесе сүйлөп Руфь. — Сиз жан сакташ үчүн керектүү акча үчүн гана жазат эмессизби?

— Албетте, туура деңизчи. Бирок менин каармандарым менден күчтүүлүк кылып жатат. Ал менден аңгеме башкача эмес, дал ушундай жазылсын дейт.

— Бирок эмне үчүн сиздин Вики-Викиңиз ушунчалык орой мүнөздүү? Мүмкүн, бул аңгемени четке кагып жатышкандыр.

— Себеби чыныгы Вики-Вики дал ушундай гана сүйлөөгө тийиш.

— Бул жакшы адат эмес.

— Бирок, мында турмуш бар! — деди толкундана түшүп Мартин. — Бул болгон иш. Бул чындык. Мен турмушту ал кандай болсо, дал ошондой кылып көрсөтүүнү каалаймын.

Руфь буга эч нерсе деп жооп кайтарган жок жана бир секундага ыңгайсыз тынчсыздануу өкүм сүрө түштү. Мартин Руфту ашкере сүйгөндүктөн түшүнө албаса, ал эми Руфь аны, өзүнүн тар чөйрөсүнүн купулуна толбогондуктан түшүнө бербеди.

— Сиз билесизби, мен «Трансконтиненталдык ай сайын чыгуучу» журналдан акча алдым, — деди Мартин сөздүн багытын башка теманы көздөй бурууга аракеттенип жана редакциянын үч кызматкерин кантип төпөштөгөнүн эсине түшүрүп, эрксизден каткырып күлүп жиберди.

— Эң сонун! Демек, сиз келет турбайсызбы? — деп Руфь кубанычтуу кыйкырып жиберди. — Мен дал ушуну билгени келдим эле.

— Келет? — Ал айран-таң кала түшүп, кайталап сурады. — Кайда?

— Тамака, биздикине. Айтмакчы, сиз акча аларыңыз менен костюм сатып аламын дебедиңиз беле?

— Мен ал жөнүндө тап-такыр унутуп коюптурмун, — деди уялгандай Мартин. — Бирок сиз билесизби... Бүгүн эртең менен полицейский келип, чөпкө кирди деп, Мариянын эки уй, бир торпогун айдап кетти. Ал байкуштун штрафка төлөөр

www.bizdin.kg

акчасы болсочу. Ошондуктан ага костюмдук акчамды кармата бердим... Ошентип, өзүмдүн «Коңгуроонун үнү» үчүн алган бардык акчаларым Мариянын уйларын бошотуп алууга кетти.

— Демек, сиз келе албайсызбы?

Мартин өзүнүн жупуну кийимдерине көз жүгүртүп чыкты.

— Бара албайм.

Руфтун көгүлтүр көздөрүнө жаш толо түшүп, Мартинди жекире бир жолу карап алды да, унчукпай калды.

— Эч нерсе эмес, келерки жылы биз экөөбүз Ыраазылыктын Күнүн Дельмониконукунда же Лондондо, же Парижде, же болбосо сиз каерде кааласаңыз дал ошол жерден майрамдап өткөрөбүз. Ишенип коюңуз буга.

— Мен жакында эле бир газетадан, — деп жооп кайтарды Руфь, — почтолук ведомстводо жаңы бош орундар ачылыптыр деп окудум. Анын үстүнө сиз ал жерде биринчи болуп кезекке жазылып койбодуңуз беле?

Мартин ал жерден чакыруу кагаз келгендигин, ага өзү барбай койгондугун мойнуна алууга мажбур болду.

— Мен өзүмө-өзүм ушунчалык ишенемин, — деди ал актангандай, — бир жылдан кийин мен ар кандай почточуга караганда он эсе ашык иштеп табамын. Көрүп туруңуз.

— Эх! — Руфь мындан башка эч нерсе дей алган жок. Ал ордунан туруп, кол кабын кийүүгө аракеттенди. — Мен кетейин эми, Мартин. Артур мени күтүп калды.

Мартин аны бекем кучактап туруп, оозунан өөп жиберди, бирок Руфь анын бул эркелетүүсүнө анчалык деле ыраазы болгон жок. Анын денеси мурдагыдай калтырап-титиреп, моюнуна шак асылып, эриндерине чап жабыша калган жок.

«Таарынып кетти ээ, чиркин, — деп ойлоду Мартин, Руфту узатып кайра өзүнүн бөлмөсүнө келгенде. — Бирок эмне үчүн? Албетте, полицейскийдин дал бүгүнкү күнү өчөшкөндөй келип Мариянын уйларын айдап кеткени өтө өкүнүчтүү дечи, бирок бул кокусунан болду. Мында эч кимде күнөө жок. «Мындай учурда саал башкача мамиле кылууга да мүмкүн эле, бул жөнүндө Мартиндин башына да келип койгон жок. «Албетте, бир гана, — деп чечти акырында, — мен анын алдында почтодогу орундан баш тартканым үчүн жана «Вики-Викимдин» ага жакпай калгандыгы үчүн бир аз күнөөлүүмүн».

Күтүлбөгөн жерден сырттан адамдын дабышы чыккандай болду. Мартин эшикти көздөн бурулуп, үнгө кирип келе жаткан почточуну көрдү. Адаттагыдай толкундануу менен Мартин почточунун колунан бир кучак, узун жана чоң-чоң конверттерди кабыл алды. Алардын арасында бир кичинекей конверт бар эле. Анын ичинде «Ныо-Йорктук баяндоочунун» кагазы бар болучу. Мартин конвертти бир аз ачпай токтоп турду. Кантип эле, бул аңгемесин кабыл алгандыгы жөнүндөгү билдирүү болсун. Ал акыркы мезгилдин ичинде, бул сыяктуу журналга өзүнүн бир дагы аңгемесин, бир дагы очеркин жөнөткөн эмес эле. «Мүмкүн, — деп ал ушул ойду ойлонуп, таштай ката түштү, — алар мага макала жазууну заказ беришкени жаткандыр? «Бирок Мартин ошол замат өзүнүн бул адепсиз, иш жүзүнө ашпай турган үмүтүн четке какты.

Конверттин ичинде ушул катты жазып олтурган редактордун атына келген «тоголок арыз» алгандыгы жөнүндө жазылган өзүнчө бир кичинекей кыскача кат бар экен. Редактор Мартинди жамандап жазган бир «тоголок арыздын» келгендигин баяндаптыр. «Тоголок арызды» редактор ушул конверттин ичине кошо салып жибериптир жана ал «Мартин сиз эч кандай тынчсызданбай эле

www.bizdin.kg

коюңуз, себеби биз «тоголок арыздарга» эч качан маани бербейбиз» деп жазыптыр.

Мартин «тоголок арызды» ачып окуй баштады. Бул кат биринчиден басма тамгасы менен колдон жазылган экен. Экинчиден ыгы жок ушактап: «Мартин Иден деген таптакыр жазуучу эмес, ал бир гана башкалардын бир кездеги чыккан аңгемелерин жана ырларын уурдап алып, машинкага басып өз атынан жибере берүүчү бир адабияттык ууру гана болуп саналат» — деп жазыптыр. Конвертте «Сан-Леандро» деген штамп бар экен. Мартин бул каттын ээсин тез эле биле койду. Бул каттын ар бир сабынан Хиггинботамдын эле грамматикасы, баягы эле Хиггинботамдын сөзү жана ошол эле Хиггинботамдын ойлору дапдаана көрүнүп турат. Мартин бул каттын Хиггинботамдын жакын сөөк-тамырынын бирөөнүн одоно колдорунан иштелип чыккандыгын эң сонун түшүндү.

— Бирок ал, эмне үчүн жазды муну? — деп, сурады ал өзүнөн өзү.

Ал, акмак Бернард Хиггинботамга эмне кылды? Бул чындыгында ушунчалык акылсыздык жана ушунчалык акмакчылык. Муну эч кандай жол менен актоого мүмкүн эмес. Бир жуманын ичинде ага чыгыш штаттардын ар түрдүү журналдарынан ушундай эле онго жакын каттар келди. Мартинге редакторлордун мүнөздөрү абдан жакты. Алардын көпчүлүгү Мартинди билишпесе дагы ага өздөрүнүн терең боору ачыгандыктарын билдиришкен. Калыбы алар ар кандай ушактарга келишпестик менен мамиле кылыша турган адамдардан болсо керек. Хиггинботамдын ушунчалык көрө албастык менен кылган жүзү каралык аракеттери иш жүзүнө ашпай калды. Тескерисинче, бул Мартин үчүн кайра пайдалуу болду, анткени редакторлор Мартиндин атына көп көңүл бура башташты. Булардын кээ бирлери анын аңгемелерин окуп, баягы «тоголок арыздагы» Мартин Иден жазган аңгеме экен дешип ойлошот. Ким билсин, мүмкүн бул анын чыгармаларынын тагдырына оң таасирин тийгизер!

Ушул эле мезгилдин ичинде Мартиндин турмушунда аны Мария Сильванын көз алдында кадырын бир кыйла төмөн түшүргөн бир окуя болуп өттү. Бир күнү ал үтүктү ордунан жылдыра албай ашканада сыздаткан катуу оорудан көз жашы көл болуп шолоктоп олтурган Марияны көрдү. Мартин ага сасык тумоо тийип калгандыгын . сезип, ошол замат ага Бриссенден алып келген бөтөлкөлөрдүн биринин түбүндө калган арактан жутуп, төшөккө жылуу жатып алуусун суранды. Бирок, Мария кашайып, таптаза макул болбой койду. Ал өлсөм дагы калган кирлерди бүгүн кечке чейин үтүктөп бүтүп, ээсине тапшыруум керек, болбосо кызыл чиедей болгон алты балам эртең нансыз калат, — деп, ыйлап болбой койду.

Ал таң калуу менен (ал муну өмүрүнүн акырына чейин оозунан түшүрбөй айтып жүрдү) Мартин үтүктү анын колунан жулуп алып, үтүк баскыч узун тактайдын үстүнө батистен тигилген ак чермейди ыргытып жиберип үтүктөй баштаганын карап турду. Бул болсо айылдагы жеткен сылаңкороз Кэт Флэнегэн деген аялдын чермейи болучу. Мисс Флэнегэн чермейим кечке чейин сөзсүз үтүктөлүп даяр болсун деп талап кылган эле. Элдин баары бул аялдын темир уста Джон Коллинг менен көңүлү жакын экендигин эң жакшы билише турган. Мариянын бирөөлөрдөн укканына караганда ал экөө эртең Алтын Дарбаза атындагы бакка жөнөшмөк. Мария чермейди Мартинден бекерге эле талашыптыр. Мартин мажбурлап отуруп Марияны стулга олтургузуп койду. Мария катуу чочуганынан көздөрү чанагынан чыга түшүп, Мартиндин каардануу менен үтүктү баса баштагандыгын байкап турду. Он минуттан кийин Мартин Марияга үтүктөлгөн чермейди көрсөттү. Чермейдин сонун үтүктөлгөнүн айтпа

www.bizdin.kg

эми, мындай кылып Мария жүз жылда да өзү үтүктөй алмак эмес. Бул жөнүндө Мария өзү да эриксизден мойнуна алды.

— Эгерде үтүк ысыгыраак болгондо мындан да тез үтүктөйт элем, — деди Мартин.

Бирок Мариянын пикири боюнча үтүк чегине чейин эле аябай жакшы ысыган.

— Сиз кирге сууну туура эмес себелейт турбайсызбы, — деди Мартин дагы анын үстүнө — бери алып келиңизчи, мен сизге кандай кылуу керек экендигин көрсөтүп коёюн. Эгерде сиз тез-тез үтүктөй турган болсоңуз, анда нымдалган кирди үтүк менен бир калыпта басышыңыз керек.

Мартин жер төлөдөн бир ящик алып келип, ага капкак жасап, үстүнө балдар жыйып койгон темир-тезектерден көп кылып жыйды. Кирлерге суу себилип ящиктин ичине салынды да, үстүнөн жанагы оор темирлер менен бекем бастырылып коюлду. Муну иштөө таптакыр кыйын эмес эле.

— Мына, эми карап туруңуз! — деди Мартин үнүн бийик чыгарып, чоктой кызарган үтүктү бир колуна кармап, бел курчоосуна чейин жылаңачтанып.

Кийин Мария элдин баарына, Мартин ага бир гана үтүктөгөндү эмес, жүндөн жасалган кийимдерди кантип жууш керек экендигин да үйрөтүп койгондугун айтып жүрдү.

— Ал айтат: «Мария, сеники акыл жетпейт, мен сени жакшы үйрөтөт» жана ал үйрөттү мага. Он мүнөт. Ал биздикинде машине жасады. Бочке эки таяк жана дөңгөлөк күпчөгү. Көрдү!

Бул өнөргө Мартин «Кайнар Булак» кир жуугучканасында жүргөндө Джодон үйрөнгөн. Эски дөңгөлөктүн таякка бекитилип жасалган күпчөгү, бишкектин кызматын аткаруучу. Мунун бир жагына ашкана үйдүн төбөсүндөгү устун жыгачка бекитилген чыгырык жыгач аркылуу өткөзүлгөн жип байланып жана бул жип бишкекти жалгыз кол менен кыймылга келтирүүгө мүмкүндүк берип жана бул жасалганын жардамы менен күү челекке салынган жүндөн жасалган буюмдардын кири эң сонун болуп кетип, тазалануучу. Мария ал гана эмес, жипти тартып туруу үчүн бир баланы жумшап, Мартин Идендин бул көрсөткөн амалына айран-таң кала кароочу.

Бирок ошону менен бирге Мариянын көңүлү мурдагыдай болбой Мартин иренжий түштү. Анын мурдагы кир жуугуч экендигин билгенден кийин, Мария аны теңине да алып койгон жок. Анын мурдагы кадыр-баркы, атак-даңкы кадимди шамал айдаган түтүн сыяктуу тарап кеткендей болду. Анын китептери, көңүлү жакын адамдары, ичкиликтен бошогон бөтөлкөлөрү кыскасы — бардыгы Мариянын көз алдында өзүнүн бардык маанисин, баасын жоготту. Акырында бул сыяктуу Иден Мариянын өзү сыяктуу эле эң жөнөкөй жумушчу жана ал экөө тең бир тапка — жумушчу табына тиешелүү болуп чыгышты. Мына ошондуктан, ал ага жакыныраак, сырдаш көрүнүп, бирок андан күткөн зор үмүтү таш капкандай болду. Өзүнүн бир туугандарынан Мартин алыстагандан алыстап кетти. Мистер Хиггинботам асылып, аракети иш жүзүнө ашпай калгандан кийин Мартиндин жолуна эми келечектеги күйөө баласы — Герман Шмидт бөгөт болду. Бул учурда Мартиндин кээ бир ырлары менен аңгемелери журналга чыгып, турмуш абалы саал өйдөлөгөнсүп калган эле. Ал карыздарынан толук кутулуп жана өзүнө бир костюм, бир велосипед сатып алды. Мартин велосипедин ары айландырып, бери айландырып карап чыгып, анын кээ бир тетиктерин байкады. Ал бул тетиктерди оңдотуу үчүн, велосипедин жакынсып келечектеги өзүнүн сөөк тамыры — Герман Шмидттин устаканасына берип жиберди.

Ошол эле күнү кечинде, Мартин жиберген велосипедин таң калуу жана канааттануу менен кайра алды. Калыбы Шмидт дагы ага карата достук мамилесин көрсөтүп, анын велосипедин кезексиз оңдоп, аны адаттан тышкары үйүнө да жеткирип берген окшойт. Бирок ал велосипедди айландырып көрүп, Мартин анын эч кандай тетиктери оңдолбогондугун сезди. Ал ошол замат устаканага телефон чалып, Герман Шмидттин «аны менен эч кандай байланыш жасагысы келбегендигин» билди.

— Мырза Герман фон Шмидт, — деди Мартин токтоо гана үн менен, — мен мүмкүн сиздин устаканаңызга эне сүтүңүздү оозуңузга саал татытып коюш үчүн барып калармын.

— Эгерде, сиз менин устаканама келе турган болсоңуз, — деп, жооп кайтарылгандай болду, — анда мен полицияны чакырамын! Мен сизге көрсөтөмүн! Экинчиден сиз мени менен жаңжал баштаймын деп ойлобой эле коюңуз, ал колуңуздан келе албайт. Сиз жеткен жалкоосуз, мен болсом иштеп эмгектенип жүрөм. Эгер мен сиздин карындашыңызга үйлөнгөн болсом, бул демек сиз менин мурдумду кандай бере аласыз дегендикке жатпайт. Эмне үчүн сиздин бир жерге иштегиңиз келбейт, арам тамак ичкениңизди качан коёр экенсиз? Кана, жооп бериңизчи?

Мартин кадимки, чыныгы философ сыяктуу жек көрүүсүн ичине сактап, жооп бербестен бир жолу ышкырып, телефондун туткасын илип койду. Бул окуя ага алды менен күлкүнү келтиргендей сезилип, бирок бара-бара ага жалгыздык сезими оор кайгыны тартуу кылгансый түштү.

Эч ким аны түшүнгөн да, Бриссенденден башка эч ким аны адам деп эсептеген да жок. Бирок Бриссенден да жер жуткандай жоголуп кетти.

Мартин колдоруна сатып алган нерселерин көтөрүп, жашылча магазининен чыкканда, иңир кирейин деп калган эле. Трамвай көчөнүн бурчуна келип токтоп, анын ичинен Мартинге тааныш бирөө сыртка секирип түшкөндөй болду. Кубанычтан Мартиндин жүрөгү катуу согуп кетти. Бул болсо, Бриссендендин так өзү болучу. Мартин электрдин жарыгынан анын пальтосунун чөнтөгүнүн томпоюп тургандыгын байкады. Анын бир чөнтөгүндө китеп, экинчисинде бөтөлкө салынган эле.

XXXV ГЛАВА

Бриссенден өзүнүн көпкө чейин эмне үчүн жоголуп кеткендиги жөнүндө Мартинге эч кандай түшүнүк берген жок. Мартин дагы андан ал жөнүндө сурабады. Стакандан чыккан буунун арасынан ал өзүнүн сүйүктүү досунун арыктаган ак куба жүздөрүнө өтө кызыгуу менен көз жиберүүгө аракеттенди.

— Мен дагы эки колумду куушуруп бекер жүргөнүм жок, — деди Бриссенден, Мартин ага өзүнүн акыркы иштеген иштери жөнүндө түшүндүргөндөн кийин.

Ал чөнтөгүнөн алып берген кол жазманы окуп алып, тан калгандай суроолуу көз карашын Бриссенденди көздөй жиберди.

— Ооба, дал ошондой, — деди Бриссенден жылмая түшүп, — темасы жакшы тема, туурабы? «Туруксуз»... Мындан сонун болууга мүмкүн эмес, туурабы? Ал эми бул болсо, билесизби, сиздики, — «адам дүйнөдөгү жеткен өзгөрүлчөөк жана туруксуз, жылуулуктун таасиринен төрөлүп, жандуу материяга айланып жана термо-электрдин бөлүгүндөгү өзүнүн орду үчүн күрөшкөн нерсе», — деп дал сиз айтпадыңыз беле. Мына, сиздин ушул сөздөрүңүз менин мээме орноду да калды. Мына ошондон кийин, мен бул тынчтык бербеген ойдон кутулуу үчүн бир чоң

www.bizdin.kg

поэма жазууга аргасыз болдум? Кана, сиз бул жөнүндө эмне дейсиз? Чын пикириңизди айтыңызчы?

Мартин кол жазманы окуй баштап, алды менен кызара түшүп, андан кийин күчтүү толкунануудан кубара түштү. Бул болсо жеткен көркөм чыгарма болучу. Чыгармада мазмунга караганда форма үстөмдүк кылып, ой менен сөз тизмеги куп келишип, мына ошондуктан кубанган Мартиндин көздөрүнөн жаш чыгып, жүрөгү катуу согуп кетти. Бул болсо алты жүз, жети жүз куплетке жеткен, учур үчүн абдан таң каларлык өтө укмуш- туу жана коркунучтуу да поэма боло турган. Кала берсе, бул сыяктуу поэма дүйнөдө жок жана болууга да мүмкүн эмес эле. Бирок ошондой болсо да, бул поэма жаралып, ак кагазда жазылып, жашап жатат. Бул поэмада адамдын, анын бардык кыялдары, кайраттуу умтулуулары жана анын ааламдын чексиз мейкиндиктерин жеңип чыгып, күндүн айланасына жетүүгө жасаган аракеттери жөнүндө баяндалган. Бул болсо, күңү бүтөөргө аз калган, жүрөгү эң акыркы жолу күчсүз сого баштаган өлүмдүн кишисинин акылдан адашкан сайран куруусу болучу. Поэманын салтанаттуу чыккан ритминен планеталардын дүңгүрөшү, учуп келе жаткан жылдыздардын бири-бирине урунуп тарсылдаган үндөрү, жалын түстүү булуттардын жарыгы менен нурданган күңүрт мейкиндиктин арасындагы жылдыз жааттарынын салгылашууларынын дабыштары угулуп, ал эми бардык ушул көрүнүштөрдүн арасынан кыйраган бул каардуу жаратылыштан коркуп, жалынычтуу өксүп даттанган адамдын аянычтуу үнү угулгансып турган эле.

— Мындай укмуш поэма эч качан жазылган эмес, — деди Мартин булдуруктап, эс учун жыйнагандан кийин. — Эн укмуш! Эң укмуш!

Айран-тан, калам! Мен башымды ийемин! Мына ушул улуу жана чексиз суроолор эми менин башымдан эч качан кетпейт. Эми бул кол жетпеген нерсеге жетүү үчүн умтулган адамдын жалынычтуу үнү менин кулагымдан эч качан кетпейт! Ишениңиз, тим эле, жолборстордун күрүлдөшү менен пилдердин айкырышынын арасындагы чиркейлердин үнүндөй болуп, ызылдап турат. Бул ызылдоодон кандайдыр бир канааттанбаган каалоонун бел- гиси угулуп тургансыйт. Мен мүмкүн, келжиреп жаткандырмын, бирок бул чыгарма мени чексиз өзүнө тартып алды... Сизби... Мен эмне деп айтарымды билбеймин, сиз чын эле акылман адам экенсиз. Бирок, сиз муну кантип жаздыңыз? Кантип жаза алдыңыз?

Мартин өзүнүн бул ашкере мактоосун төмөндөгү сөздү айтуу үчүн гана саал токтоло калды.

— Мен эми эч качан жазбаймын. Эч качан. Мен көрсө, актай баракты курулай булгоочу байкуш окшойм. Сиз мага чыныгы чеберлик эмне экендигин көрсөттүңүз. Жок, сиз акылмандан да артыксыз! Бул баш айлана турган чындык. Бул көңүлдүн түпкүрүндө сакталуучу чындыктын мазмууну. Сиз жеткен божомолчусуз, сиз муну түшүнөсүзбү?! Кала берсе, илим дагы сизди четке кага албайт. Бул космостун темиринен сомдолуп жана сулуулук менен улуулуктун сурнайынын кубаттуу ыргагынан куюлган чындык. Башка мен эч нерсе дей албаймын! Мен багындым, баш ийдим! Жок, мен ошондой болсо да бир нерсе айткым келет: сиз мага бул поэманы бир жерге чыгарууга руксат этпейсизби?

Бриссенден каткырып күлдү.

— Бүткүл христиандык дүйнөдөн ушул сыяктуу нерсени басып чыгара турган бир журналды таба аласызбы? Сиз, өзүңүз да муну эң жакшы билесиз го!

— Жок, билбеймин! Мен бүткүл дүйнөдө бир гана сиздин бул чыгармаңызды чыгарууга баса калбаган бир дагы журнал жок экендигин билемин. Себеби

www.bizdin.kg

мындай чыгарма жүз жылда бир гана жаралат эмеспи. Бул поэма азыркы күндүн поэмасы эмес, досум. Бул поэма кылымдардын поэмасы.

— Бирок, мен сиздин кээ бир сөзүңүзгө каршы чыгамын!

— Коюңузчу, тамашанын эмне кереги бар! — деди Мартин, кабагын түйүп. — Редакторлор анчалык деле акмак адамдар эмес. Мен аларды анча-мынча билемин. Апкел колуңузду, мелдешесизби, эгерде сиздин бул «Туруксузуңузду» биринчи жолу болбосо да, экинчи жолу сөзсүз кабыл албаса, эмне сайышасыз? Бол айтыңыз!

— Сиздин бул сөзүңүздү кабыл алууга тоскоолдук кылуучу мен үчүн бир нерсе болуп турат, — деди Бриссенден жана бир аз унчукпай калып дагы мындай деп кошумчалады: — Бул чындыгында эле менин чыгармаларымдын эң көрүнүктүүсү, эң зору болуп саналат. Мен муну эң жакшы билемин. Бул менин эң акыркы жана эң мыкты чыгармам. Мен бул поэмам үчүн чексиз сыймыктанамын. Ишенсеңиз, мен муну жанымдай көрөмүн. Бул мага винодон жакын көрүнөт. Бул чыгарма менин бала кезимдеги кыялдарга умтула, элестерге ишене баштаган мезгилимдеги самаган чыгармам болуп саналат. Мына ошол эңсеген максатыма мен көр оозуна жакын калган мезгилимде жетип олтурамын... Анан кантип ушул чыгармамды камандардын кордоосуна таштайын? Мен сиз менен мелдешким келбейт! Бул меники! Муну мен жаздым жана бир гана сизге көрсөтүп олтурамын.

— Бирок башка нерсе жөнүндө ойлонуп көрүңүзчү! — деди Мартин толкундана түшүп. — Айтмакчы, сулуулуктун максаты — кубануу менен рахаттануу эмеспи!

— И, ушул мени кубандырып жана рахаттандыра берсин.

— Өзүмчүл болбочу!

— Мен таптакыр өзүмчүл эмесмин!

Бриссенден көңүлсүз гана табалагандай жылмайып койду да, айта турган сөзүн ойлоно түшкөндөй болду:

— Мен, кадимки ач каман сыяктуу башкалар үчүн жанымды таштап жиберем.

Мартин аны кабыл алган чечиминен баш тарттырууга бекерге гана аракеттениптир. Бирок Мартин ага да болбостон, Бриссенденди катуу жемелеп, сенин журналдарга карата болгон жек көрүүлөрүң наадандык жана кыялга туура келбеген нерсе, сенин бул мамилең чындыгында Диана Эфесскаянын алтын сарайын өрттөп жиберген Геростраттын кылган кылмышынан жүз эсе уяттуураак болуп саналат, — деп ишендире берди. Бриссенден болсо анын айтып жаткандарын угумуш болуп, калп эле сеники туура дегендей башын ийкеп винодон жутуп коюп олтура берди. Ал кала берсе Мартиндин журналга тиешелүү болбогон башка бардык пикирлерине да кошулду. Анын редакторлорго карата болгон жек көрүүсүпө чек жетчү эмес. Ал Мартинге караганда да аларды көбүрөөк кыжырдануу менен тилдеп кирчү.

— Мен сизден өтө суранамын Мартин. Мага ушул поэмамды машинкага жакшылап басып берсеңиз, — деди ал, — себеби сиз машинисткаларга караганда жакшыраак басасыз. Ал эми азыр болсо, сизге мен бир жакшы кеңеш бергим келет. — Бриссенден чөнтөгүнөн бир чоң көлөмдүү кол жазманы сууруп чыкты. — Мына, сиздин «Күн наалаты» деген чыгармаңыз. Мен муну үч жолу кайталап окуп чыктым! Бул болсо, сиздин чыгармаңызга карата менин эң чоң берген баам болот. Ал эми мен болсом, сиз «Туруксуз» жөнүндө сөз козгогондон кийин оозумду жабууга мажбур болдум. Бирок сизге мен муну айткым келет: эгерде «Күн наалаты» басылып чыга турган болсо, ишенип коюңуз анда бир чоң чуу

www.bizdin.kg

көтөрүлбөй койбойт. Бул үчүн далай сынчылар калемдерин курчутушат. Бул сиз үчүн зор атак эмеспи.

Мартин чыдай албай каткырып күлүп жиберди.

— Сиз мага бул макалаңызды журналдардын бирине сөзсүз жибериңиз деп кеңеш бергиңиз келип турабы?

— Жок, эч качан, эгерде өзүңүз эле журналга басып чыгарууну каалабасаңыз. Мунуңузду андан көрө көрүнүктүү бир басмаканага сунуш кылбайсызбы? Мүмкүн ал жерден бул чыгармаңызды кандайдыр бир келжирбай же болбосо бир аракеч окуп көрүп, жакшы баа бериши ажап эмес. Экинчиден, сиздин көп окугандыгыңыз өзүнөн өзү көрүнүп турат! Мунун бардыгы тең Мартин Идендин тынчын алып, көп ойлондурууга түрттү. Акырында анын ойлору «Күн наалатына» келип кошулуп кеткендей болду... Акыры бир кезде Мартин Иден өтө атактуу адам болот жана анын атагынын бир кыйла бөлүгү ушул чыгарма аркылуу түзүлөт. Тур, Мартин Иден, мыкты басма кызматкерин издеп жөнөгүн, канчалык эрте издеп тапсаң, ошончолук ишиң оңунан чыгат.

Бриссенден бул күнү кечинде эл жатканга чейин Мартин менен бакылдашып олтурду. Мартин аны узатып барып, трамвайга түшүрүп, коштошор алдында Бриссенден досу ага күтүлбөгөн жерден кандайдыр бир бүктөлгөн кагазды сунгандай болду.

— Муну алып коюңуз, — деди ал, — менин бүгүн ат чабыштан азыраак жолум болду эле!

Коңгуроосу шыңгырап трамвай ордунан козголду, Мартин болсо колундагы бүктөлгөн кагазы менен эч нерсе түшүнбөй айран-таң калуу менен узатып кала берди. Үйүнө кайтып келип, ал колундагы кагазды жазып карады эле, жүз долларлык банканын чеги экен.

Мартин андан уялбастан эле пайдаланды. Ал досунун акчасы көп экендигин түшүнүп, өзүнүн бүт карызынан кыска мөөнөттүн ичинде толук кутуларына көзү жетти. Ал эртеси күнү эртең менен өзүнүн бардык карыздарынан кутулуп, Марияга жатакана акысы үчүн үч ай алдын ала төлөп жана күрөөгө койгон өзүнүн бардык буюмдарын кайра сатып алды. Ал дагы Мариянын тоюна, Руфь менен Гертрудага диндик майрамга карата белектерди сатып алды. Анын үстүнө дагы ал Мариянын балдарынын бардыгын Оклендге ээрчитип барып, өзүнүн айтканындай (чындыгында бир жыл кечигип) Марияга, анын бардык балдарына тапичке сатып берди. Ал эле эмес анын балдарына момпосуй жана ар түрдүү оюнчук алып берди.

Мартин бири кирип, бири чыгып жаткан кондитердик магазинге кирип, кокусунан Руфь менен миссис Морзду жолуктуруп калды. Миссис Морз бөтөнчө короздонуп кийинип алыптыр, анын мындай көрүнүшүнөн Руфтун да уялып тургандыгы сезилип турду. Руфь адамдын сырткы келбетине да чоң баа бере турган. Мына ошондуктанбы, айтор, ал азыр өзүнүн сүйгөнүн португалдык самтырактардын арасынан көргөндүгүнө саал ыңгайсыздана түштү. Мындай бой көтөрбөс, намысы жок, өзүн-өзү сыйлабагандык Руфка катуу тийди. Бул окуядан кийин, Руфь Мартиндин эч качан өз чөйрөсүнөн жогору көтөрүлө албастыгына анык көзү жетти. Бул болсо, өзүнөн өзү эле жагымсыз окуя боло турган, ал эми ушуну менен бардык чөйрөгө, айрыкча өз чөйрөсүнө таптакыр мактанууга мүмкүн эмес эле. Кошулуулары жөнүндөгү сүйлөшүүлөрү жашырын болуп келгени менен, алардын мамилелери эч кимге жашырын сыр эмес болучу. Атайылап акмалашып келишкендей бул кондитердик азык-түлүк магазининде Руфтун бир канча тааныштары да жүрүшсө болобу. Алардын бардыгы тең

айран-таң калуу менен миссис Морздун сүйгөн жигитин курчап турган самтырактарга карап калышты. Руфь эми ушакка шексиз илинерин түшүнүп, Мартиндин бул сыяктуу кылыгына кыжыры аябай кайнады. Анын бөтөнчө сезгич мүнөзү бул окуяны маскарачылык деп түшүнүүдөн башка эч кандай айла калбады. Мартин ушул күнү Морздордукуна келип, күтүлбөгөн жерден Руфтун ушунчалык капаланып олтурганын көрүп, коркконунан чөнтөгүндөгү өзүнүн алып келген белегин да сууруп чыга алган жок. Мартин биринчи жолу Руфтун көз жашын төгүп, өз кылыгы үчүн өзүн-өзү каргап, жекирип, олтурганын көрүп, жети өмүрү жерге кире түшкөндөй болду. Чындыгында өз күнөөсү эмнеде экендигин айкын-ачык көз алдына элестете албаса да, өзүн ичинен жер түрткөн доңуз деп эсептеди. Мартин да өзүнүн чөйрөсүндөгү адамдарды уяткарамын деп эч качан башына да келген эмес, экинчиден Мария Сильванын балдары үчүн дин майрамына карата белектер сатып алуу үчүн өзүнүн магазинге келишинен Руфь үчүн маскарачылык эч нерсени көргөн жок. Бирок ал Руфтун сыр бербеске аракет кылган сөзүнөн да, көзүнөн да анын эмнеге таарынгандыгын эң сонун түшүнүп, бардык бул окуяны аялдарга; калыбы, эң акылман деген аялдарга да таандык боло турган күчсүздүктүн көрүнүшү, белгиси катары эсептеди.

XXXVI ГЛАВА

— Жүрүңүз, мен сизге «чыныгы адамдарды» көрсөтөйүн, — деди Бриссенден Мартинге январь айынын бир күнкү кечинде.

Алар Сан-Францискодон тамактанышып, эми гана окленддик кемеге түшүүгө камынышкан учурда күтүлбөгөн жерден Бриссендендин кыялына Мартинге «чыныгы адамдарды» көрсөтөйүн деген ою кылт дей түштү. Ал плащынын этектерин эркин коё берип, кайра артын көздөй кайрылып, термеле басып келе жатты, Мартин болсо, анын артынан калышпай ээрчип, ага араң жетишип келе жатты. Жолдо келе жатып Бриссенден эки бөтөлкө эски портвейн сатып алган эле. Ал бул винолорун эки колуна кармап, Мишен-стритти көздөй бараткан трамвайга секирип түштү. Мартин да анын артынан койнундагы төрт бөтөлкө виносу менен трамвайга кошо ыргып түштү. «Эгерде азыр мени Руфь көрүп калса эмне дээр эле» — деген ой көз ачып-жумганча Мартиндин башына кылт этип кайра жок болду, себеби анын оюн
чыныгы адамдар» дегени кимдер болду экен деген суроо ээлеп турган эле.

— Мүмкүн бүгүн ал жерде эч ким болбос, — деди Бриссенден Мартин экөө трамвайдан түшүп, Маркет-стриттин түштүгүн көздөй кеткен жумушчу көчөлөрүнүн караңгы бурчуна кире беришкенде. — Андай болсо сиз самаганыңызды көрө албайсыз!

— Деги алар эмне деген карамүртөздөр? — деп сурап калды Мартин.

— Чыныгы акылдуу адамдар, бирок баягы мен сени жолуктурган кызыл кулактар чогулган жердеги топурашкан ачык ооздор сыяктуу эмес. Сиз көп окуп, жалгыздыктын азабын көп тарттыңыз! Мен азыр, сизди дал өзүңүздөй бир топ нерселерди окушкан адамдар менен тааныштырамын, андан кийин сиз эч качан жалгызсырабайсыз.

— Мен алардын чексиз талаштарына көп кызыкпайм, — деди Бриссенден эки көчө өткөндөн кийин, — мен китеп философиясын анчалык жактыра бербеймин, бирок ошондой болсо да алар буржуазиялык доңуздар эмес, шексиз чыныгы адамдар! Бирок сак болуңуз, сен алар менен эмне жөнүндө талашсаң да сызга олтургузуп коюулары мүмкүн!

www.bizdin.kg

— Ал жерде Нортон болушу мүмкүн, — деди ал бир аздан кийин, кышылдап-күшүлдөп, Мартинге өз колундагы бөтөлкөлөрүн көтөрүп алууга мүмкүндүк бербей. — Нортон — караңгы көз караштагы адам. Ал гарварддык университетти бүткөн! Укмуш эстүү жигит! Идеализм аны анархиялык философияга алып келип, үй-бүлөсү андан баш тартып кетишкен. Анын атасы — темир жол кампаниясынын президенти, мультимиллионер, уулу болсо Фрискодо айына жыйырма беш доллар кызмат акыга анархиялык бир журналчаны редакторлоп, эптеп-септеп күнүн көрүп жүрөт.

Мартин Сан-Францискону жакшы билүүчү эмес, айрыкча шаардын ушул бөлүгү жөнүндө анын эч кандай түшүнүгү жок эле. Мына ошондуктан, ал Бриссендендин өзүн кайда алып бара жаткандыгын таптакыр түшүнө албады.

— Алар жөнүндө дагы айта түшсөң, — деп сурады ал, — мен алар менен алдын ала азыраак таанышып алгым келип жатат. Алар эмне кылышат? Быякка алар кайдан келишкен?

— Бүгүн, мүмкүн Гамнльтон келип калар, — деди Бриссенден токтой калып, бир аз тыныккандай. — Страун-Гамильтон — өтө эски фамилия, жакшы атанын баласы, социалисттик бир уюмда жумасына алты доллар үчүн кызмат кылса да, кызмат кылууга аракеттенсе да, бирок өзү чындыгын айтканда бир кудай урган селсаяк, дүйнөдөгү жеткен жалкоо. Кыскасын айтканда, оңолбогон бир түгөт. Ал Сан-Франциского да тентиреп келген. Кээде ал эртеден кечке чейин наар татпай, тишинин кирин соруп, бактын ичиндеги орундукта олтура бере турган. Ал эми ага бооруң ачып: — Жүр эми, ресторандан оокат ичип алгын, — деп сунуш кылсаң, билесизби? — анын эмне деп жооп кайтарарын? «Мен үчүн тынчсызданбай эле коюңуз, андан көрө мага бир тамеки алып берсеңиз эле болду!» — дейт. Ал дагы дал сиз сыяктуу. Крейз аны материалисттик көз карашка түшүргөнгө чейин спенсердик жолду жолдоп жүрдү. Эгерде ыңгайы келсе, мен аны дүйнө жаратылыш жөнүндө сүйлөөгө мажбур кыламын. Нортон дагы монист, бирок ал кудайдан башка эч нерсени мойнуна алгысы келбейт. Анын көз караш жагынан Гамильтон менен Крейз экөө менен кайнаса каны кошулбайт.

— Крейз деген ким өзү? — деп сурады Мартин.

— Азыр экөөбүз дал ошого баратабыз. Өзү мурда университеттин профессору болгон, кийинчерээк университеттен куулуп салынган. Таң каларлык окуя эмес. Акылы болсо, кадимки устарадай курч, өз оокатына тың. Бир кезде ал акылынан адашып дубана болуп да кеткен. Ал уятын таштап коюп, кээде табыттын кепинин дагы сыйрып алчу. Анын буржуалардан бир гана айырмачылыгы ууру кылуудан коркпогондугунда. Ал Ницше, Шопенгауэр, Канттар жөнүндө, деги койчу эмне жөнүндө гана болбосун, бардыгы жөнүндө кеп козгой алуучу. Бирок чындыгын айтканда, ал бир гана дүйнө, жаратылыш жөнүндө кызыга турган. Кала берсе, ал өзүнүн Мэрисине караганда дүйнө, жаратылыш жөнүндө көбүрөөк ойлонуучу. Геккелди ал тим эле кудайындай көрөт. Эгерде кимде ким Геккелге сөз тийгизсе, аны аябай жаман көрө турган. Мына биз келип калдык.

Бриссеиден үйдүн экинчи катарына көтөрүлөр алдында тепкичке колундагы бөтөлкөлөрүн коюп койду. Үй жөнөкөй эле кадимки эки кабаттуу, биринчи кабатында жакшыпакай дүкөнчөсү бар чоң үй болучу.

— Кесептер тобу ушул Жерде, экинчи катарды элешет, — деди Бриссенден, — бирок бир гана Крейз жалгыз өзү Эки бөлмөнү ээлейт. Жүр!

Экинчи кабат караңгы болгондугуна карабастан, Бриссенден кадимки үйдүн ээси сыяктуу буйдалбастан эшикти туура таап келди. Ал Мартинге бир нерсе деп айтуу үчүн бурулуп:

www.bizdin.kg

— Бул жерде — Стивенс деген бир динчил турат. Жумуш аяктаган кезде кудай бетин салбасын, идиш-аяктардын тарсылдап, кагылыша баштагандыгын көрөсүң. Өзү ресторанда иштейт. Табактарды жубат. Тамекинин мыктысын тартат. Мен бир күнү анын он беш центке оокат ичип, элүү центке тамеки сатып . алгандыгын көрдүм. Мен ага кокус керек болуп калбасын деп, эки куту тамеки ала келдим. Ал эми дагы бир, Парри деген австралиялык киши бар, өзү эсепчи жана басып жүргөн спорттук жандуу энциклопедия. Эгерде сиз андан 1903- жылы Парагвайдан канча эгин сыртка чыгарган, же 1890-жылы Кытайга англиялык канча кендир жеткирилген, же болбосо, Джимми Брайттын салмагы канча экендигин, Баттлинг-Нельсон качан жеңилгендигин, же 1868-жылы Америка Кошмо Штатынын орто салмактагы чемпиону ким болгондугун сурап калсаңыз, сизге автоматтык тактык менен ошол замат жооп бере алат. Мындан башка дагы бир Энди деген үй куруучу уста бар, бардык нерсеге туура ой жүгүртөт, баарынан да шахмат ойноонун чебери. Андан кийин — Гарри деген наавайчы, жеткен социалист жана профсоюз уюмунун мыкты ишмери бар. Мүмкүн ашпозчулар менен официанткалардын иш таштоолору эсиңизде бар чыгар. Аны Гамильтон уюштурган. Ал элди уюштуруп ушул эле Кревздин бөлмөсүндө олтуруп алып иш таштоонун планын иштеп чыккан. Бирок ал, бул ишти көңүл ачуу үчүн гана иштеп, экинчи жолу бул ишке өзүнүн жалкоолугунан гана кийлигишпей таштап койгон. Эгерде ал өзү каалаган болсо, эчак эле көрүнүктүү бир орунду ээлеп калмак эле. Бул адамдын жөндөмдүүлүгү зор болгон менен жалкоолугу андан да ашып кеткен.

Бриссенден караңгы далис боюнча, жарыктын тилкесинен эшиктин босогосу даана көрүнгөнгө чейин тар- тынбастан алга баса берди. Эшик тыкылдап, «кириңиз!» деген угулуп, Мартин ушул замат үйгө кирип келип, кара чач, кара мурут, тиштери күрүчтөй, көзү бакыракай, сулууча келген Крейз менен кол алышып учурашып калды. Келинчеги Мэри болсо аксаргыл келген салабаттуу жаш аял көрүнөт, алар кирип келгенде, ашканасы тамак ичүүчү бөлмөсү болуп саналган өзүнчө бир кичинекей үйдө идиш-аяктарды жууп жаткан экен. Биринчи бөлмө конок үйү экен, комнатанын бир бурчунан экинчи бурчуна чейин жипке тизилип коюлган кирлердин далдасынан Мартин аркы бурчта бир нерсе жөнүндө сүйлөшүп жатышкан эки кишини байкабай калды. Алар Бриссенденди жана анын бөтөлкөлөрүн кубанычтуу кыйкыруу менен тосуп алышты. Мартин тааныша келгенде, булардын бири Энди, экинчиси Парри экендигин билди. Мартин Парринин кечээ көргөн бокс оюну жөнүндөгү кызыктуу аңгемесин зор кунт коюу менен укту. Бриссенден болсо, кумардануу менен бөтөлкөлөрдүн ооздорун ачып, стакандарга куя баштады. Анын «бардыгын чакыр» деген буйругу боюнча, Энди ордунан лып тура калып коңшуларды чакырууга кетти.

— Иш оңунан чыкты, бардыгы чогуу экен, — деди Бриссенден Мартинге. — Тигилер болсо Нортон менен Гамильтон. Жүр ошолорго барабыз. Мен дүйнө, жаратылыш жөнүндө сөз козгой баштаймын, анан алардын канчалык кызуулук менен мени менен талашып тартышарын көрөсүз.

Алды менен аңгеме анчалык деле кызуу башталбаганы менен Мартин бул адамдардын таланттуу жана өткүр акылдуу экендиктерин тез эле сезе койду. Булардын ар биринин кээде карама-каршылыгы болсо да өз алдынча белгилүү көз караштары бар жана өздөрүнүн өзгөчө шайырдыктарына жана курчтуктарына карабас- тан, булар салабаттуу адамдар экен. Мартин булардын ар биринин (аңгеменин кандай темада жүрүшүнө карабастан) терең илимий түшүнүктүү, дүйнөгө жана коомго карата ачык-айкын иштелип чыккан туруктуу

www.bizdin.kg

көз караштары бар адамдар экендигин аныктады. Өздөрүнүн ой-пикирлерин булар эч кимге беришүүчү эмес, булардын бардыгы баштан аяк терең адамкерчиликтүү, ар кандай наадаңдыкка каршы чыгышкан адамдар. Мартин Морздордукунан да мындай кызыктуу, мындай талаш-тартыштуу аңгемелерди уккан эмес. Калыбы, буларды кызыктырбаган дүйнөдө эч нерсе болбосо керек. Аңгеменин багыты Шоунун жаңы комедиясына арнап жазылган миссис Гемфри Уорддун акыркы китебинен драманын келечегине жана Мансфилд жөнүндөгү эске түшүрүүлөргө өтүп жатты. Алар эртең мененки газетанын баш макаласын талкуулашып, макташып жана жаңы замандагы жумушчулардын абалдары, Генри Джимс жана Брандер Мэть, Германиянын ыраакы Чыгыштагы саясаты жана сары коркунучтардын экономикалык кырсыктары, Германиядагы шайлоолор, Бебелдин акыркы сүйлөгөн сөздөрү, бириккен жумушчу партиясынын борбордук комитетинин акыркы мезгилдеги баштаган иштери, комитеттеги ыркы келишпегендиктери жана морттогу жумушчулардын иш таштоолорун кантип мыкты уюштурууга боло тургандыгы жөнүндө кызуу талкуулашып жатышты.

Мартин бардык бул иштер жөнүндөгү алардын ушунчалык терең билгендиктерине аябай таң калды. Булар газетага эч качан жарыяланбаган жана салыштырып айтканда куурчакты кыймылга келтирген жашырын зымдарын, бардык жиптерин билишчү. Мэри дагы бул аңгемеге катышып, зор акылдуулугу менен билимдүүлүгүн далилдеп өттү. Мындай акылман аялды Мартин өмүрүндө эч качан кездештирген эмес эле.

Алар Суинберн жана Россетт жөнүндө сүйлөшүп, андан кийин француздук адабият жөнүндөгү аңгемеге өтүштү. Бул жерде да Мэри Мартин менен айтыша кетип, аны ошол эле замат туюкка алып келип такап салды. Бирок Мартин анын Метерлинкти сүйөрүн сезип, анын алдына «Күн наалатынын» негизи болуучу күн мурунтан ойлонулган далилди кыюусун келтирип туруп карама-каршы койгондой болду.

Үйгө дагы үч-төрт киши келип, тамекинин түтүнүнөн үйдүн ичи күңүрт тартып кетти. Акырында Бриссенден чабуул жасоого киришти.

— Бул жерде иштеп чыгууну талап кыла турган бир материал бар Крейз, — деди ал, — мадырабаш бир кызыл чийкил жигит Герберт Спенсердин жолун жолдоочу экен. Кана, дал ошол жигиттен мыкты бир геккелчини тарбиялап чыгаргылачы.

Крейз күтүлбөгөн жерден кадимки электр тогу денесин аралап өткөндөй селт эте түштү, ал эми Нортон болсо, боору ачыгандай Мартинди көздөй бир карап алды Да, өзүнүн аны коргой тургандыгын баяндагандай жагымдуу жылмайып жиберди.

Крейз өзүнөн өзү Мартинге келип сөз менен бир тийди, Нортон болсо, акырындык менен сөздү алдыртан жиберип коюп, акырында Крейз экөө чындап жекеме-жеке салгылашууга өттү. Мартин булардын талаш-тартыштарын угуп олтуруп, өз кулагына өзү ишенбей кетти. Ал бул сыяктуу сөздөрдү ушул атактуу Маркет-стриттин түштүк жагындагы жумушчулар көчөсүнөн уккандыгына намыздана түшкөндөй болду. Ага өзү окуган бардык китеби — бул адамдардын сөздөрүнөн кайра жандангансып кетти. Алар кызуулук жана толкундануу менен талашышып, өткүр ойлор аларды кадимки арак менен жек көрүү сезими дүүлүктүргөн сыяктуу катуу дүүлүктүрүп жиберди. Бул болсо Кант менен Спенсерге окшогон диндик жарым кудайлар түзгөн басма сөзүнүн кургак философиясы эмес эле. Ал эми бул болсо, талашчылардын канына сиңип,

www.bizdin.kg

сөздөрүндө кайнап, бурганактаган жандуу философиянын өзү. Бул талашууга акырындык менен башкалар дагы кошулуп, алардын аңгемесин бардыгы тамекилеринин түтүндөрүн чубалтышып, зор кунт коюу менен угуп олтурушту.

Мартин ар качан идеализмге каршы боло турган, бирок Норторгдун пикири боюнча азыр жеткен идеалист болуп чыкты. Крейз менен Гамильтон идеализмди логикалык зарылдык эмес деп эсептеше турган. Ал экөө Нортонду сен метафизиксиң дешип шылдыңдашып күлүштү. Нортон болсо, метафизик мен эмес, силерсиңер, деп моюн берген жок.

«Бардык заттар кыялда гана жашайт» жана «Дүйнөнү түшүнүүгө мүмкүн эмес» деген сөздөр абаны жарып жатты. Крейз менен Гамильтон Нортондун акыл-эс адамдын туулушу менен кошо пайда болот деп далилдөөгө жасаган аракеттерин четке кагышты. Ал эми Нортон болсо, өз кезегинде алардын ар кандай талкуулары фактылардан теорияларды түзбөстөн, сөздөн теорияны түзүшкөндүктөрүн катуу сынга алды. Бул алардын кыжырын кайнатты. Алардын негизги сокур көз карашы ар нерсени фактыдан баштап, ошол эле фактынын өзүнө аныктама берүү керек дегендик боло турган.

Нортон Канттан мисал келтире баштаган кезде, Крейз ар кандай кең пейил немецтик философ өлгөндөн кийин сөөгү сөзсүз Оксфордго алып келинип коюлат деп жарыялады. Нортон гамильтондун шарттуулук закону жөнүндө эскерткенде, анын душмандары, ошол замат, биз дагы дал ошол законго негизденебиз деп кыйкырышып жибериштн. Мартин алардын сөздөрүн терең козголуп, калтыран түшүү менен укту. Ошону менен бирге Нортон Спенсердин чыныгы жактоочусу эмес болучу, мына ошондуктан, ал кызуу талашып-тартышуу жүрүп жаткан кезде Мартинге кайрылып, ага дагы кадимки душмандарына сокку ургандай эле чечкиндүү сокку уруп жатты.

— Сиз билесизби, Берклиге али эч ким жооп бере элек, — деди ал, эми түз эле Мартинге кайрылып. — Герберт Спенсер башкаларга караганда маселени туура чечүүгө жакындашкан, бирок ал дагы чындыгын айтканда, бардыгын толук чече алган эмес. Анын эн мыкты деген окуучуларынын бири да анын ачып кеткен теорияларын андан ары жылдыра алышкан жок. Мен Салибинин Спенсер жөнүндөгү чоң макаласын окудум. Ишенесизби, ал Спенсерге бир гана Беркли «толук» жооп бере алган деп жазыптыр.

— Сиз Юмдун эмне айткандыгын билесизби? — деди Гамильтон толкундана түшүп.

Нортон башын ийкеди. Бирок Гамильтон башкаларга түшүндүрүүнү чечти:

— Юм Берклинин далилдеринде эч кандай жооп берилген эмес жана таптакыр ишенимсиз.

— Бирок, Юм үчүн гана ишенимсиз, — деди Нортон, — Юмдун акылы дал ушул сиздикиндей болуп түзүлгөн, бирок сиздин акылыңыз менен анын акылынын ортосундагы бир гана айырма, — ал сизге караганда кеменгерирээк жана Берклиге жооп берүүнүн мүмкүн эместигине жакшыраак түшүнө турган.

Нортон эч качан акыл-эсинен адашып алдастап кетпеген, бирок кызуу кандуу, ачуусу чукул адам болгон, ал эми Крейз менен Гамилтон болсо, душмандын күчсүз жерлерин алдыртан үйрөнүп аракет кылышкан сабырдуу, токтоо жырткычтарды элестетишээр эле. Кеченин акырында Нортон сөзүн кайта-кайта эле өзүн сен метафизиксиң деп жемелей бергендикке аябай ачууланып, каары төгүлүп, беттеринен түктөрү чыга түшүп, көздөрү кадимки жолборстукундай жанып, олтургучту эки колу менен асманга көтөрүп туруп, өзүнүн душмандарын көздөй бет талаштыра коюп кала жаздады.

— Болуптур, геккельянчылар, — деп ал, — кыйкырып жиберди, — мүмкүн мен маселени силердин оюңарча сыйкырчы менен бакшы сыяктуу талкуулаармын. Ал эми силерчи, эгерде билүүгө мүмкүн болсо, силер кандайча талкуулаар экенсиңер? Ал эми силердин чыныгы илимдер жөнүндө кыйкырганыңар менен таанычуу кандайдыр бир базисиңер барбы? Жок. Силер бар, болгону наадан догматиксиңер! Башка эч ким эмессиңер!.. Ал эми материалисттик монизмдин мектеби пайда болгонго чейинки абалды көз алдыңарга элестетип көргүлөчү! Анын фундаменти кайра курууга мүмкүн болбогондой кылып, таптакыр казылып ташталган эмес беле? Муну ким иштеди? Локк эмеспи? Джон Локк! Ал мындан эки жүз жана андан дагы көп жылдар илгери өзүнүн «Адамдын аңдап билүүсү жөнүндөгү тажрыйбалар» деген белгилүү эмгегинде тубаса идея жөнүндөгү түшүнүктүн сандырактыгын далилдеп көрсөткөн. Ал эми силер болсоңор, ушул убакка чейин ошол көз карашта келе жатасыңар. Бүгүн кечке дейре силер мага эч кандай тубаса идея жок жана болууга да мүмкүн эмес деп, кан-какшап сүйлөдүңөр. Минткениңер эмне дегендикке жатат? Бул болсо, адам эч качан чындыктын чокусуна жете албайт дегендик болот. Силер туулганыңарда эч кандай идеяңар жок болучу. Ал эми андан кийинки бардык түшүнүктөрүңөр болсо, бир гана өзүңөрдүн баш сезим органдарыңардын жардамы менен кабыл алынган негизге, башкача. айтканда феномендерге, беш сезүү органдарыңардын кабыл алуусуна таянат. Ал эми туулганыңарда башыңарда болбогон ноумендер[7] мурда да, кийин да эч качан мээңерге кирбейт.

— Туура эмес, — деп Крейз анын сөзүн бөлүп кетти.

— Мен оюмду айтып бүтүрөйүнчү! — деп кыйкырды Нортон. — Сен өзүңдүн сезимдериңе тикеден-тике, же болбосо, кыйыр түрдө таасир эткенде гана материя менен күчтүн ортосундагы аракеттерди жана өз ара байланыштарды түшүнө аласың. Көрдүңбү, мен материянын бар экендигин мойнума алып олтурам! Дал ушундай болууга тийиш! Бирок мен сени өзүңдүн эле далилиң менен өзүңдү жок кыламын. Менин башка аргам жок, анткени тилекке каршы силердин экөөңөр тең ачык-айкын ой жүгүртө алган жоксуңар. Кана эмесе, чыныгы илимдин негизине таянуу менен айткылачы, силер материя жөнүндө эмне билесиңер? Айта албайсыңар. Силер кабыл алган гана нерселерди, дагы эле болсо, феномендерди гана билесиңер. Силер материянын гана өзгөрүшүн, тагыраак айтканда; бир гана анын өзгөрүлүшүн өзүңөр кандай кабыл ала тургандыгыңарды гана билесиңер. Чыныгы илим бир гана феномендер менен гана тиешеси болот, а силер болсоңор, ноумендерди гана таанып, өзүңөрдү болсо, онтологдор деп эсептейсиңер. Ооба, чыныгы илимдер жалгыз гана кубулуштарга таянат. Кимдир бирөө, бир кезде кубулуштар жөнүндөгү илим — кубулуштардан сыртка эч качан чыга албайт деп айтыптыр. Силердин -Кантты четке кагууга кубатыңар жетишсе дагы, Берклиге жооп бере албайсыңар. Ошону менен силер, Беркли жаңылышат деп айтасыңар, анткени, силердин илимиңер кудайдын бардыгын жокко чыгаруу менен бирге, материянын бар экендиги жөнүндө эч кандай шек жасабайт. Азыркы менин материянын бар экендигин мойнума алып жатканымдын бир гана себеби — силер менин оюмдун жүрүшүнө туура түшүнсүн гана дегеним. Байболгурлар, кичине бир кайыр этип койгулачы, онтологияны таштап, чыныгы илимдин артынан түшсөңөр: чыныгы илимдердин арасында

[7] Ноумен — аң-сезимден тышкары жашаган объективдүү дүйнө кубулушунун предметинин тажрыйба менен да, аңдап билүүгө сезим менен да кабыл алууга мүмкүн болбой турган маңызы.

онтологияга орун жок. Демек, аны өз жайына тынч койгула. Спенсер агностик катарында туура айткан, бирок эгерде Спенсер...

Окленддик чоң кайыктын акыркы жөнөөр маалы жакындап калгандыктан, Мартин менен Бриссенден кетүүгө аргасыз болушту. Алар Нотон сөзүн сүйлөп бүтө элек кезде, Крейз менен Гамильтон болсо аны кадимки эки каарданган тайгандай баса кала тургансышып, анын сөзүнүн бүтүшүн жек көрүү менен күтүп турган мезгилде, билинишпей жылып сыртка чыгып кете беришти.

— Сиз мага сыйкырдуу өлкөнү көрсөттүңүз, — деди Мартин Бриссенден экөө кайыкка түшө берерде. — Мындай адамдар менен пикир алышуу адамга өтө пайдалуу! Мен өтө таңкалдым! Ушул убакка чейин, идеализм эмне экендигин билген эмес элем. Мен азыр дагы аны кабыл алгым келбейт. Мен ар качан реалист болуп кала берем — тагдыр ушундай болгун десе эмне кылам. Мен Крейз, Гамильтон экөө менен талаша да, Нортонго эки же үч суроо бере да алар элем. Алар Спенсерге анчалык деле катуу катылышкан жок. Мен чынын айтсам, кадимки Циркти биринчи жолу көргөн баладай толкунданып кеттим. Эми мен дагы далай нерселерди окушум керек. Салибиниң, китебин таап алуум керек! Мен Спенсерди өтө токтоо адам деп эсептеймин. Эмки жолу шашпагын, талашка өзүм биринчи болуп түшөмүн...

Бирок, Бриссенден сөөктүү ээгин мойнундагы жылуу моюн орогучуна катып, оор дем алып, үргүлөп кетти жана анын өтө арык денеси кайыктын моторунун ар бир айланышынан улам селт эте түшүп баратты.

XXXVII ГЛАВА

Эртеси күнү эртең менен Мартин Бриссенденден бир нече жолу кайталап суранып, тим эле койчу эми, деп айткан өтүнүчүнө көнбөстөн «Акрополь» журналынын редакциясына «Күн наалатын» жөнөтүп жиберди. Ал эгерде өзүнүн бул «Күн наалаты» аттуу макаласын басып чыгарууга жетишсе, анда аны кандайдыр бир китеп басып чыгаруучу басмаканага сатып жиберүүгө оңой боло тургандыгын түшүндү. Ал мындан башка дагы «Туруксузду» таптаза кылып көчүрүп чыгып, кошо жөнөттү. Бриссендендин редакторлорго эч качан ишенбегин жана алардан эч качан жакшылык күтпөгүн деген пикирлерин эсепке албастан, Мартин анын поэмасынын жарык көрөрүнө шектенбестен ишенди. Албетте, ал эгерде өзүнүн бул ою иш жүзүнө ашып кала турган болсо, анда поэманы Бриссендендин гана макулдугу менен басып чыгаруу керек деп ойлоду.

Ал ошол эле күнү эртең менен өзүнүн үч жума мурун планын ойлонгон жана тезирээк кагазга түшүрүүгө ашыккан повестин жазууга киришти. Бул болсо, деңиздик турмушту баяндай турган кызык окуялуу жана жыйырманчы кылымдын кызык мазмундуу романтикасынын үлгүсүн көрсөткөн чыныгы мүнөздөргө бай, чыныгы чөйрөнү баяндаган повесть болмок. Бул келечек- теги повесттин окуясынын мазмуну кандайдыр бир башкалардыкына таптакыр окшобогон, эч ким али жаза элек темада болуп, ал гана эмес, анча-мынча жөнөкөй катардагы китеп окуучулар бир жолу окуп чыкканы менен чыгармада эмне жөнүндө айтылып жаткандыгын түшүнө албай турган эмгек боло турган. Мартин үчүн повесттеги эң башкы нерсе — коркунучтуу кырсыктар жөнүндө баяндалгандыгында болбостон, дал ушул «башкалардыкына таптакыр окшобогондугунда, эч ким али жазбагандыгында» боло турган. Аны ар качан чыгарманын мазмуну өзүнө тарта турган. Ал бул көз карашты терең кабыл алып, ошонун натыйжасында жогорку көр- көмдүк менен берүүгө мүмкүн боло турган түрдүү образдарды жана шарттарды издеп тапкан эле. Повесть «Кечиккен сүйүү»

www.bizdin.kg

деп аталып, көлөмү алтымыш миң сөздөн ашпас керек эле. Ал эми бул иш болсо, чыгармачылык күчү ташкындап турган Мартин үчүн тим эле бир оюнчук нерсе эле. Ал повестти баштап жазуунун биринчи эле күнү чеберчиликтин терең кумарануусуна батты. Ал азыр өзүнүн адабияттык формасынын начардыгынан, ийкемсиздигинен коркпой калды. Көп айлар бою туруктуулук менен чымырканып иштеген аракеттери эң акырында өзүнүн жемиштерин бере баштады. Ал азыр өзүнүн көздөгөн максатын көздөй алга ишенимдүүлүк жана кебелбестик менен кадам шилтей берди. Эч качан ал мындан мурун азыркыдай турмушту туура түшүнөрүнө жана аны айкын-ачык кылып көрсөтө аларына ишенген эмес. Мартин «Кечиккен сүйүүдө» болгон чындык окуяны жана андагы катышкан чыныгы адамдарды, алардын ой-пикирлерин, сезимдерин сүрөттөп көрсөткүсү келди. Бирок мындан башка дагы повесттин ичинде бардык өлкөлөр, бардык мезгилдер элдер үчүн бирдей калыс жана тиешелүү болгон жашырын улуу-бир маани жана идея козголууга тийиш болучу. «Айтмакчы, мунун бардыгы Герберт Спенсердин таасиринен болбодубу, — деп ойлоду Мартин, отургучка саал чалкалай түшүп. — Ооба, ооба, чынында эле Герберт Спенсердин өзүнүн жана анын мага берген эволюция деп аталган ай-ааламды түшүнүүнүн улуу ачкычынын жардамы аркасында пайда болуп олтурат». Мартин азыр өзү түзгөн нерселердин канчалык тереңдиги менен маанилилүүлүгүн ачык-айкын түшүнүп турду: «Иш илгери жылат буйруса! Жылат!»— деди ал ичинен өзүнө-өзү. Чындыгында эле иш алга жыла баштады. Ушинтип эң акырында алакандай гана журнал болбосун, жазып бүтөрү менен колдон жулуп кете турган чыгармаларды жазат эмеспи. Анын көз алдынан повесттин окуялары баштан- аяк кадимки оттуу тамгалардай жана баштады. Мартин күтүлбөгөн жерден жазып жаткан повесттин токтото коюп, өзүнүн кичинекей дептерчесине ушул повесттин акыркы корутундусу боло турган бир нече сөздөрдү шилтеп салды. Окуянын бардык жүрүшү аңың ийне-жибине чейин баштан аяк ага ушунчалык айкын-ачык белгилүү болгондуктан, ал повестти бүтпөй туруп эле, анын аягын жазып коюудан кыйналган жок. Ал өзүнүн, бул али бүтө элек повестин башка жазуучулардын аңгемелери менен салыштырып көрүп, өзүнүн повести алардыкынан алда канча өйдө экендигин канааттануу менен белгилеп өттү.

— Бирок, бир гана киши дал ушундай кылып жаза алмак, — деп күңк этти ал, — бул Конрад. Бирок, Конрад да бул повесть үчүн мени колумдан бекем кысып туруп, мындай демек:

«Азаматсың Мартин дос, мыкты жазгансың!» Керели кечке чейин Мартин повесттин үстүндө олтуруп, кечинде күтүлбөгөн жерден өзүнүн Морздордукунда түшкү тамак ичүүгө чакырылгандыгын эсине түшүрдү. Байкуш Бриссендендин аркасы менен Мартин күрөөгө койгон өзүнүн кара кемселин кайра сатып алып, көпчүлүктүн арасына эми кайрадан баруу мүмкүнчүлүгүнө жетишти. Жолдо келе жатып, ал китепканага бурулуп, андан Салибинин бир китебин алып чыкты. Ал баягыда эле, трамвайда келе жатканда ушул «Турмуштун циклин» окуп чыгууну чечкен эле. Бул макала жөнүндө ал талаш-тартыш учурунда Нортондон уккан болучу. Азыр бул макаланы окуп алып, өтө каарданып, ачуулана түштү. Жүздөрү сурданып, көздөрү чакырая түшүп, муштумдары кимдир бирөөнү жыга коюп жибере тургансып катуу түйүлүп кетти. Ал трамвайдан ыргып түштү да, кадимки бирөөнү келтектөөнү издеп жүргөн адамдардыкындай жүздөрү сурданып, кадамын ылдам шилтеп, көчө менен келе жатты. Ал Морздордукуна келип, алардын эшигинин сыртындагы коңгуроосунун топчусун катуу басып жиберген кезде гана эсине келе түшүп, жайдары каткырып жиберди. Бирок ал үйгө кирип

www.bizdin.kg

келер замат кайрадан терең кайгыга чөмүлдү. Анын учкул канаты кайрылып сынгандай жана шыктануу сезими аны эң жогорку бийиктикке жеткирген жеринен кайра жерге кулатып түшүргөндөй болду. Ал ушул замат «Ач көз байлар! Жандимилер!» — деген Бриссендендин кезек-кезек кайталап жүрчү сүйгөн сөздөрүн эсине түшүрдү. «Болсо болсун, анын мага кандай тиешеси бар?» - деп ал өзүн-өзү ичинен кекете какты. — «Мен эмне, алсам Руфту аламын, анын ата-энесин алмак белем!».

Мартиндин көзүнө Руфь мурда эч качан азыркыдай, ушунчалык сулуу, ушунчалык назик жана саламаттыгы куландай соо болуп, жүздөрү күндөй жайнап көрүнгөн эмес эле. Мартин Руфтун ушул күндөй тийген жүздөрүнөн, анын жүрөктү толкутуп өлбөстүктүн шоолалары чачырап турган көгүлтүр көздөрүнөн карегин албады. Ырас, бир аздан кийин ал бул өлбөстүк жөнүндө унутуп коюп, өзүнүн көңүлүн так илимдер жөнүндөгү пикир алмашууга буруп кетти. Бирок азыр Руфтун көздөрүнөн айтып түшүндүрүүгө мүмкүн болбогондой, кандайдыр бир сезимди окугандай болду. Мартин бул көз караштан сүйүүнү окуган эле. Ушундай эле жеңүүгө мүмкүн болбогон жалындаган сүйүү анын көздөрүнөн да жанып турган болучу, ал эми сүйүү болсо, бардык талаш-тартыштан жогору турган нерсе. Анын жүрөгүндөгү чексиз жалындаган терең ишеничи мына ушундай эле. Анын тамак жээр алдындагы Руфь менен бирге олтуруп, жарым саатча аңгемелешкен мезгили аны кайрадан чексиз бактылуу кылып, турмушка жайдары мамилесин пайда кылды. Бирок, Мартин оокат ичип олтуруп, күтүлбөгөн жерден өзүнүн бөтөнчө катуу чарчагандыгын сезе түштү. Бул албетте керели кечке баш көтөрбөй иштеген иштен кийинки табыйгый чарчоо эле. Ал өзүнүн көздөрү чарчап, денеси талыкшып, куйкасы курушуп, сиркеси суу көтөрбөй тургандыгын сезип турду. Анын эсине ушул замат алда качан бир кезде азыр күлкүнү келтиргендей жана көңүлсүз столдо биринчи жолу өзүнө салыштырганда алда канча жогору турушкан адамдар менен бирге олтурганы эсине түшө калды. Бул кезде ага бул үйдүн ичиндеги абасы да жогорку маданият менен сугарылгандай сезилген эле. Мүмкүн ал ошол кезде көргөндөрү жөнүндө ашкере кызыктуу жана толкундатуучудай элестерди түзгөн чыгар. Сүрдөнүүдөн бүткөн боюн тер баса түшкөн бул адам өзүн кокустук жетелеп келген бул жогорку чөйрөнүн улагасында күн көрүп, бирок кол куушуруп кулдук урууга анчалык моюн сунгусу келбеген үй малайынын какшыгынан жаны кашая түшүп, столдун үстүндө жайната коюлган небир сонун түркүн тамактардан кадимки математиканын эсебин чыгарып жаткандай башы айлана да түштү. Бирок ошондой болсо да, азыр өзүн өзү олуттуу кармап, кокустан билимсиздигин, кылык-жоругунун одонолугун тегерегиндегилере шектентип койбос үчүн чеберденип олтурду.

Мартин Руфту көздөй кадимки кемеге туулган коркунучту угар замат өмүрдү сактап калуучу дөңгөлөк ордунда турабы, же жокпу деп, текшерген саякатчыдай болуп алдыртан көз чаптырып калды. Ооба! Бир гана сүйүү менен Руфь убакыттын санынан кебелбестен өттү. Ал эми калгандардын бардыгычы, алардын баары болсо, Мартнн китепти өз алдынча, жаны эле колуна кармап ала бергенде тумандай тарап, кадимки караандай абага жутулуп жок болуп кеткенсиди. Бирок, сүйүү да, Руфь да караан эмес да. Ал мунун себебин — табигый биологиялык негиз деп түшүндү. Сүйүү болсо — турмунг тун эң күчтүү көрүнүшү боло турган. Табийгат аны ар бир акыл-эси соо киши сыяктуу эле, дагы сүйүүгө мажбурлаган эле. Табийгат ушул максат үчүн он миңдеген, жүз миңдеген, миллиондогон кылымдар бою адамзаттын тукумун өркүндөтүү үчүн

www.bizdin.kg

салгылашып келди. Ал эми Мартиндин өзү болсо, шексиз анын жеңишинин алтын тажрыйбасы болуп саналган эле. Табийгат Мартиндин жүрөгүнө махабатты жаратып, аны өзүнүн фантазиясынын күчү менен миллиард эсе чоцойтуп, кайгы менен капаны, кубаныч менен ырысты көрүп жана жеңип чыгуунун рахатын сезсин деп ушул дүйнөгө жиберген эле. Ал байкаттырбай столдун алдынан Руфтун колун кармап, бекем кысып койду. Анын бул мамилесине жооп кайтарып, Руфь да анын колун бекем кысып койду. Алар ушул замат бири-бирин жалт карашып, жайдары күлүп жиберишти. Руфтун көгүлтүр көздөрү сүйкүмдүү эркелеткендей жана түштү. Мартиндин көздөрү да назик нурдана түшүп, Руфтун көздөрүндөгү нурдануу, чындыгын айтканда өзүнүн көзүнөн жанып турган оттун чагылуусу гана экендигин шексиз сезип турду.

Анын бет маңдайында мистер Морздун оң жагында Сан-Франциско шаарынын башкы соту, Блоунт деген адам олтурду. Мартин мурда аны менен бир нече жолу жолугушуп кездешкен эле, бирок, аны менен чечилишип чын жүрөктөн сырдашкан эмес. Сот Руфтун атасы менен жумушчулар бирикмеси, саясий абал жана социализм жөнүндө аңгемелешип жаткан учурда, мистер Морз сөз арасынаи ага социалисттик окуунун чечкиндүү жактоочусу катарында Мартинди көрсөтө белгилеп өттү. Сот Блоунт аталык мээрим менен Мартинге көзүнүн кырын салып калды. Мартин ичинен күлүп жиберди.

— Бара-бара сиз өзүңүздүн адашкандыгыңызды түшүнөсүз, — деди сот бир чети эркелеткенден, бул сыяктуу балалык ооруу көбүнчө убакыттын өтүшү менен тезирээк айыгат! (Деп айтып, сот кайра Морзго бурулду. Мындай учурларда мен эч качан талашкым келбейт, анткени мындай талашуу «оорулуу» адамдын каяша көрсөтүүсүн гана туудурат.

— Сөзүңүздүн катасы жок, — деди мистер Морз, көтөрүлө түшүп, — бирок ошондой болсо да, кээде «оорулуу» адамга анын каяша көрсөтүүсүнүн акыры эмнеге алып келерин алдын ала эскертип коюу пайдалуу болот го деп ойлоймун. Мартин саал кыстала түшүп күлүп жиберди. Күн узун болуп, кечке баш көтөрбөй катуу иштегендиктен Мартиндин мээси аябай чарчап калган эле.

— Сиздер шексиз мыкты доктор экенсиздер, — деди ал, — бирок, эгерде оору адамдын пикири менен бир азыраак эсептеше турган болсоңуздар, анда мен, сиздерге оорунун атын аныктоодон жаңылышып калдыңыздар деп айтар элем. Чындыгында адашкандын айыбы жок дейт. Ал ооруу менен мен эмес, сиздер ооруп жүргөн көрүнөсүздөр. Андай оору мага жуккан эмес жана жукпайт да. Сиздерди ушунчалык толкундаткан социалисттик философия менин сезимимди козгоп да койбойт.

— Азамат, азамат, — деди сот күңк этип, — күнөөнү күнөөлөөчүнүн өзүн көздөй чебердик менен буруу, бул — айтышуудагы эң сонун ыкма болуп саналат.

— Кечиресиз! Мен сиздин өзүңүздүн сөзүңүздүн негизинде айтып жатамын! — деди Мартин. Анын көздөрү жана түшүп барып токтоду. — Эгерде билгиңиз келсе таксыр, мен сиздин шайлоо алдындагы сүйлөгөн сөзүңүздү өз кулагым менен уккамын. Бул оюмду мен сизге жана эле айтмак болучумун, бирок сабырдуулук менен өзүмдү-өзүм токтотуп турдум. Бул үчүн мени мактанчаак деп эсептесеңиз эсептей бериңиз, сиз өзүңүздү «күчтүүлөрдүн жашашын» колдогон көз карашты жак- тоочу деп эсептөө менен бирге, ошол эле учурда, бардык күч аракетиңизди күчтүүлөрдү багындырууга жумшап жатасыз.

— Жаш жигит!..

www.bizdin.kg

— Сиз өзүңүздүн айткан сөзүңүздү тана албайсыз, — деп Мартин анын сөзүн бөлүп жиберди. — Сиздин багытыңыз штаттар ортосундагы өз ара соода байланышы,
темир жол жана нефть тресттеринин иштерин тартипке келтирүү жөнүндөгү, токойлорду эстүүлүк менен пайдалануу, жана башка дагы ушул сыяктуу чектелген чара колдонууну талап кылууну көздөйт, башкача айтканда. мазмуну жагынан социалисттердин көз караштарына бир кыйла окшоп кетет.

— Демек, сиздин оюңузча мүлктүүлөрдүн чектен тышкары жеке бийлик жүргүзүүлөрүн ооздуктоого болбойт экен да?

— Кеп анда эмес, мен сизге менден тапкан ооруңуздун атынан жаңылышып калгандыгыңызды, социализмдин жугуштуу ылаңы мага эч качан жуккан эместигин гана далилдегим келет. Мен сизге, өзүңүз ушул илдет менен ооругандыгыңызды далилдегим, дагы далилдегим келет! Ал эми, сөз мен жөнүндө боло турган болсо, мен сиздин мазмуну жагынан социализмдин эле өзү болгон, бирок анысын жаап-жашырууга аракет кылган аралашма-төгүлмө эркиндигиңиз сыяктуу эле, социализмдин элдешпес душманымын. Мен тап душманымдын, болгондо да коомдук чириген, куш-канатынын көлөкөсүнө жашырынып, күн көрүп келе жаткан ак сөөк табынын душманымын. Сиздер менин көз караштарымды эч качан түшүнө албай турган изден тайбас тап душманы болуп эсептелемин жана дагы кошумчалап айтканда ушул чириген мамилелердин уюткусун кечип жүрүп, сиздер бир нерсени жакшылап, ачык-айкын даана көрө албаган карама сокур болуп калгандыгыңыздарды өзүңүздөр билбейсиздер . Сиздер күчтүүнүн жеңип чыгарына калп эле ишенимиш болосуздар, ал эми мен болсом, эч кандай күнөм санабастан эле ишенемин. Айырмачылык дал мына ушунда. Мындан беш-алты ай мурда, азыркыга салыштырганда мен саал-паал жашыраак элем. Мен да сиз сыяктуу ой жүгүрткөн болчумун. Ал турмак сиздин сөздөрүңүз мага белгилүү элестерди калтырган эле. Бирок, соодагерлер менен дүкөнчүлөр — жеткен бок жүрөк башкаруучулар: алардын көздөгөн максаты бир гана баюу. Эгер алар дайыма ушинтип олтурушса, анда байыркы кылымдын ак-сөөктөрүнө айланып кетишеринде шек жок. Бул бөлмөдө мен жалгыз гана көз кара- шымды эч кимге эч качан бербей турган адаммын. Менин мамлекет менен эч кандай ишим жок. Мен бир гана келечекте шексиз бытырандылыкка дуушар боло турган мамлекетти сактап калуучу кайраты күчтүү адамдын атка минип тезирээк чапкылап келишин гана күтөмүн. Ницше тим эле, олуя экен чындыгында. Мен сизге убакытты созуп, Ницшенин ким болгондугун түшүндүрүп, олтура албаймын. Бирок ал ким болсо да анын айткандары туура! Дүйнө — өмүр бою сатып алуу жана сатуунун сазында чабалакташпаган жана чыныгы ак сөөктөргө, асылдыгы ашкан, эр көкүрөк, кадимки алп сыяктуу күчтүүлөргө таандык. Ал эми азыр болсо, дүйнө чыныгы ак сөөктөрдүн жана ак саргыл келген жырткыч айбандардын жана эч ким менен эч качан элдешпеген, «ообадан» башка сөздү кайталашпаган бир ууч акмактардын колунда. Алар сиздерди, социализм- ден коркуп, ичиңерден өзүңүздөрдү индивидуалисттер деп эсептеген сиздерге окшогон социалисттерди кулкундарына салып туруп, эки чайнап, бир жутуп жиберишет. Сиздерди бей тараптуу калыстыгыңыздар, кулдук уруп, баш ийип жашаган ит ооруу адатыңыздар сактап кала албайт! Албетте мунун бардыгы сиздер үчүн кадимки кытай ариптери сыяктуу түшүнүксүз нерсе, ошондуктан эми дагы башкасын айтып, сиздердин башыңыздарды айландыргым келбейт. Бирок, бир нерсени эсиңиздерден чыгарбасаңыздар! Эгерде Оклендде араңдан зорго көзгө басар бир

www.bizdin.kg

беш-алты индивидуалист бар болсо, — ошолордун бири — сиздердин күнөөкөр сыяктуу баш ийген кызматкериңиздер — Мартин Иден болуп саналат.

Ушинтип айтып, талашып-тартышуу бүттү деген белги берип, Мартин Руфту көздөй бурулду.

— Мен бүгүн өтө чарчадым, — деди ал, — менин сүйлөгүм эмес, сүйгүм келет.

Ал мистер Морздун: — Сиз мени ишендире алган жоксуз. Социалисттердин бардыгы — эки жүздүү адамдар болушат. Алар көп учурларда ар түрдүү амалкөйлүктү иштөөгө мажбур болушат, — деген эскертүүсүнө жооп да кайтарган жок.

— Эч нерсе эмес! Биз сизден жакында мыкты республикачыны тарбиялап чыгарабыз — деди сот Блоунт.

— Сиз мени тарбиялоого үлгүргөнчө, күлүк ат минген кайраттуу адам жетип келип калышы мүмкүн, — деп жылмайып күлдү да, — Мартин кайрадан Руфту көздөй бурулуп кетти.

Бирок, бул окуяга мистер Морз ыраазы болбой калды. Ага ишмердиктин акыл-эстүү түрүн иштөөдөн качкан жана аны жек көргөн өзүнүн келечектеги күйөөсүнүн ойлогон ойлору жат, ички сыры түшүнүксүз сезилди. Мына ушундай кийин мистер Морз аңгеменин темасын Герберт Спенсердин окуусуна бурууга аракет жасады. Мистер Блоунт да анын пикирин кубаттап, Мартин болсо, өзүнүн сүйүктүү философунун ысмын угар менен кулагын түрүп, соттун токтоолук гана кыр көрсөткөндүк менен Спенсердин идеяларын сындай баштаганын укту. Мистер Морздун улам Мартинди көздөй жиберип жаткан кытмыр көз карашынан «көрдүңүзбү, мырза жигит?» деген сөздү айткысы келип турганын сезүүгө мүмкүн эле.

— Кандай сандырактык, — деди Мартин күңк этип, Руфь менен Артур менен сүйлөшүп жаткан сөзүн уланта.

Бирок, күндүзгү чарчап-чаалыгуу кечки «чыныгы адамдар» менен болгон талашып-тартышуу Мартиндин катуу кычыгына тийди: ал баягыда трамвайда баратып окуган макаланын таасиринен пайда болгон кыжырдануусун толугу менен сыртка чыгарган жок.

— Эмне болуп кетти? — деп күтүлбөгөн жерден Руфь даярдануу менен өзүн-өзү арандан зорго токтотуп турган Мартинден сурап калды.

— «Түшүнбөгөндүктөн башка кудай жок, ал эми Герберт Спенсер анын байгамбары», — деди бир кезде сот.

Мартин ошо замат аны көздөй бурулду.

— Болбогон курчтук, — деди ал, токтоо гана, — мен бул сөздү биринчи жолу Сити-Холл багынан бир ачык ооз жумушчунун оозунан уккан болчумун. Ошондон бери мен бул сөздү дайыма угуп келатам жана ар бир уккан сайын бул сөздөрдүн нааандыгынан жүрөгүм айланып, кээде кускум да келип кетет. Кандай уятыңыз жок адамсыз! Сиздин сөздөрүңүздүн мазмунуна караганда, ушул асыл жана зор адамдын ысмы балчык суусунун бир тамчысына барабар болсо керек. Сиз менин жүрөгүмдү айнытып гана жиберип жатасыз!

Күтпөгөн жерден чагылгандын үнү чарт эте түшкөндөй болду. Сот Блоунт кыпкызыл боло түшүп, айланада каардуу тынчтык өкүм сүрдү. Мистер Морз ичинен жашырын курсант болгонсуйт. Ал өз кызынын эл алдында уятка калгандыгын түшүндү. Ал өз максатына жетти: өзүнө жат адамдын табийгый одонолугун ашкерелөөгө жетишти.

Руфь столдун алдынан «болдучу эми айланайын» дегендей Мартиндин колунан эки-үч жолу чымчып-чымчып алды, бирок каны кызып калган Мартнн

www.bizdin.kg

ага токтолгон жок. Жогорку абалды ээлеген адамдардын бой көтөрүүчүлүгү жана ошол эле учурда чоркоктугу анын канын кайнатып жиберди. Көрчү эми, башкы сот дагы уялбай мындан үч жыл мурда өзүнүн күлгө айланып, таман алдында жатканын жана Спенсердей адамдарга кадимки кудайдай жалынганын эсинен чыгарып олтурганын.

Блоунт сот эсине келе түшүп, ал турмак аңгемени улантууга аракеттенип, Мартпнди көздөй жасалма кичи пейилдүүлүк менен бурулуп койду. Бирок анын бул аракети бир гана бул жерде катышып олтурган аялдар үчүн экенин Мартин ошол эле замат сезди. Бул болсо, анын куйкасын куруштуруп, кыжырын кайнатты. Кантип эле, ушул дүйнөдө эч бир акыйкаттык болбосун?

— Спенсер жөнүндө мени менен айтыша турган сиз эмес! — деп чыдай албай кыйкырып жиберди ал. — Сиз Спенсер жөнүндө анын бир тууган жердештери сыяктуу эле, өтө аз билесиз. Бирок бул үчүн сиз күнөөлүү эмессиз, мен аны өтө жакшы түшүнөм! Бул үчүн бардык азыркы учурдагы өкүм сүргөн наадандык күнөөлүү. Бул сыяктуу наадандыктын үлгүсү менен жолдо келе жатып кокусунан таанышып калдым! Мен Салибинин Герберт Спенсер жөнүндөгү изилдөөсүн окудум. Сиз дагы ушул китепти окусаңыз болмок экен. Китеп ачык-айкын, эң эле түшүнүктүү жазылган. Сиз бул китепти кайсы гана магазинден болбосун, кайсы гана китепканадан болбо- сун таап ала аласыз. Сиз Салибинин улуу адам Спенсер жөнүндөгү китебин окуп чыкканыңыздан кийин, китептин уят-сыятсыздыктын чегинен ашып кеткенин ай- кын-ачык көрөсүз, ал эми сиздердин уят-сыйытыңыздардын жоктугу ага салыштырганда быякта калат. Чындыгында Спенсердин көлөкөсүнө тең келбеген бул — келжирек философ сөрөй уялбай Спенсерди «чала сабат» философ деп атаптыр. Мен сиздин Спенсердин чыгармасынын он барагын дагы окубагандыгыңызга жана ошого карабастан, аны сындоого батынып, ошону менен бирге улуу Спенсердин жолун жолдоочуларга, анын идеясын колдоочуларга: «Силер Спенсердин идеясынан баш тарткыла жана да баш тарткыла, себеби анын идеясы чындык менен байланышпайт — деп уят-сыйытсыздык менен кыйкыргандыгыңызды эң жакшы билемин! Билесизби? Анын акылмандык менен илимдердин бардык тармактарын өз кучагына алган идеялары — чындыгында эле улуу идеялар болуп саналат. Ал психологиянын атасы болгон; ал педагогика илимине олуттуу салымдарды киргизген. Мына ошондуктан азыр Франциядагы дыйкандардын балдары Спенсер сунуш кылган ык боюнча билимдердин негиздерин алып жатышат. Ошону менен бирге Спенсердин эстелигин маскаралашкан бул байкуш адам сөрөйлөр кара жанын бага алышпай сандалып калган жана бир сындырым нан үчүн улуу адамдарды сатып жиберүүчү кишилер. Анын үстүнө дагы, эгерде алардын башында кандайдыр бир жаңы ой төрөлгөн болсо, анда бул үчүн алар Спенсерге милдеттүү! Эгерде Спенсер болбосо, анда алардын бул кадимки тоту куш сыяктуу жаттап алышкан жарыбаган билимдери да болбос эле. Сизден даражасы жогору Фербенкс өңдөнгөн оксфорддук кандайдыр бир мырза келечектеги Жаш муундар Спенсерди ойчул дешип аташпастан, эртерээк кур кыялчыл, же акын ден аташат деп оозу-мурду кыйшайбай далилдегиси келип олтурат. Бул бир борсулдап үрүп жаткан барак жүндүү кандек да, ким дейсиз!? Кээ бирөөлөр «Негизги башталыш» адабий көркөмдүктөн толук четте эмес деп далилдешет. Башкалары болсо — акылдын чебери, бирок өз алдынча ойчул эмес деп кыйкырышат. Борсулдаган ит-кандектер! Борсулдап үргөн кандектердин үйүрү!

www.bizdin.kg

Мартин караңгы көрдөгүдөй тынчтыктын ичинде тили байлана түшкөндөй унчукпай калды. Руфтун үйүндөгүлөрдүн бардыгы сот Блоунтту ардактуу жана кадыры сиңген адам катары бөтөнчө сыйлаша турган, мына ошондуктан Мартиндин сүйлөгөн сөздөрү алардын бардыгынын кыжырын кайнатты. Тамак ичүүнүн акыры ошентсе да өтө көңүлдүүлүк менен өттү. Сот менен мистер Мороз өздөрүнчө кобурашып жатты, ал эми башкалардын кабактары тырчып сүйлөгүлөрү да келишкен жок.

Тамак ичилип бүткөндөн кийин үйдө Руфь менен Мартин экөө калышып, катуу кагылыша түшүштү.

— Сиз адам эмес экенсиз, — деп Руфь чыдай албай, бетин басып ыйлап жиберди.

Бирок Мартиндин ачуусу али тарай элек болучу, мына ошондуктан ал катуу ызырынып, оозуна келген сөздөр менен тилдеп коё берди.

— Акмак айбандар! Эх, айбандар!..

Руфтун: — «Уксаңыз Мартин, сотту бекер шылдың кылып салдыңыз» деген сөзүнө ал каршы чыгып:

— Сиздин оюңузча, мен аны эмне кылып шылдыңдадым? Чындыкты айткандыгым шылдыңдаган экен го?

— Чындыкпы, же чындык эмеспи аны менен ишим жок, — деп сөзүн улантты Руфь, — эгер билсеңиз, адептүлүктүн өз чеги бар, бекерге адамдарды шылдыңдасын деп сизге эч ким укук берген эмес!

— Ал эми, сот Блоунтко чындыкты шылдыңдасын деп укук бериптир? — деп Мартин каардана түшүп, — Эгер билсеңиз, чындыкты шылдыңдоо кээ бир адам сөрөйлөрдү шылдыңдоого караганда бир кыйла оор. Бирок, ал мындан дагы жаман ишти кылды! Ал көзү өтүп кеткен эң улуу жана эң асыл ойчулдун ысмын жерге тебеледи. Эх, айбандар! Эх айбандар!

Мартиндин бул каардануусу Руфту чочутуп жиберди. Ал Мартиндин мындай жандануусун биринчи жолу гана көрүп, анын бул акыл-эстен таанууга чейинки барган жек көрүүсүнүн себебине түшүнө албады. Ошол эле учурда ал Мартинге өзүнүн чексиз берилип тургандыгын сезип, ал турсун акырында өзүн-өзү токтото албай, аны көздөй ыктай түшүп, Мартиндин мойнунан кучактап калды. Руфь бул болгон окуялар менен шылдыңдалса да, ага аябай ачуусу келсе да, башын Мартиндин көкүрөгүнө жөлөп, анын денесине бекем ыктап, сөгүнүп-тилдеген сөздөрүн унчукпай угуп жатты.

— Айбандар десе, эх айбандар!

Ал Мартиндин «Мен мындан ары сиздердин мындай таасимдүү тамагыңыздарды булгабаймын, менин алтыным. Сиздин ата-энеңиз мени жактырышпайт мен да аларга жабышкым келбейт. Аларга мен кандай жагымсыз болсом, мага да алар ошондой жагымсыз. Тфу! Алар кандай жийиркеничтүү адамдар! Ойлоп көрсөм, мен бир кезде көрүнүктүү орунду ээлеген жасалгалуу кооз үйдө турушкан, университеттик дипломдору бар, акчалары банкада сакталган адамдарга, төмөнтөн жогору көздөй көз жүгүртүп, суктануу менен карачу элем! Мен өзүмдүн аңкоолугумдан гана, бул адамдар чындыгында эле, сыйлоого татыктуу адамдар болсо керек деп ойлоп жүрүптүрмүн.

XXXVIII ГЛАВА

— Жүр социалисттик клубга барабыз! — деди Бриссенден экинчи жолку кармаган үч күндөн берки өпкөсүнөн кан түкүрүүдөн аябай чаалыккан түр менен. Анын калтыраган колуна кармаганы демейдеги бир стакан вино эле.

www.bizdin.kg

— Ал жерде мага эмне бар? — деп сурап калды Мартин.

— Сырттан келген адамдарга беш минуттан сөз берилет, — деди Бриссенден, — сиз барып чыгып сүйлөйсүз. Аларга өзүңүздүн эмне үчүн социалист эмес экендигиңизди айтып бересиз. Алар жана алардын жүрүш-туруш эрежелери, аз улуттардын жүрүш-турушу жөнүндөгү өзүңүздүн оюңузду айтып бересиз. Аларды Ницше менен оозго бир коюп, амалын кетирбейсизби. Аларга бул сыяктуу талашып-тартышуу өтө пайдалуу. Ал сизге да зыян эмес! Мен сиздин мен өлгөнчө социалист болуп чыгышыңызды каалар элем.

Бул болсо башка келбей койбой турган, турмуштан көңүл калуу учурларында сизди кырсыктардан сактап калышы мүмкүн.

— Мен сиздин, дал сиздин кандайча социалист экендигиңизге такыр түшүнбөймүн, — деди Мартин, — анткени сиз топураган көпчүлүктү жек көрөт эмессизби? Чындыгын айтканда сизге кооздукту каалоочу адамга, көпчүлүктүн кызыкчылыктары, алардын умтулуулары менен кандай ишиңиз бар? — Ушул сөздөрдү айтып Мартин жекиргендей түр менен Бриссенденге кызыл винону көрсөтүп: социализм сизди аман алып кала албайт окшойт, — деди.

— Мен өтө оорулуу адаммын, — деди Бриссенден.

— Сиз болсоңуз башка. Саламаттыгыңыз соо, келе- чегиңиз алдыда, эми алдыңызга бир максат коюп, ошонун артынан түшүшүңүз гана керек. Сиз менин социалист экендигиме таң калып жатасызбы? Мен сизге түшүндүрүп берейин. Социализм шексиз жеңип чыга турган нерсе, себеби азыркы учурдагы коомдук түзүлүш чирип бүткөн, көпкө жашай албайт, себеби сиздин ат үстүндөгү кишиңиздин убактысы эчак эле өтүп кеткен. Кулдар анын артынан ээрчибейт. Кулдар жер жүзүндө өтө көп жана алар ага атка минүүгө жол беришпейт. Баары бир сиз алардан эч жакка качып кутула албай- сыз, алардын кулдук үрп-адаты менен салт санаасынын даамын татууга мажбур болосуз. Албетте бул анчалык таттуу боло койбос. Бирок, эч нерсе кыла албайсыз. Сиз өзүңүздүн ницшеандык идеяларыңыз менен тим эле жапайы адамсыз, Мартин. Өткөн — өттү, кеткен — кетти, ал эми, кимде ким тарыхта болгондун бардыгы кайта кайталанат деген болсо, — ал өтө терең жаңылышат. Сиз туура айтасыз, мен топурандыны сүйбөймүн, бирок эмне кылуу керек? Атчан кишинин келишин күтө берип чарчайсыз, бирок мен башка кандай бийлик болсо болсун, бир гана буржуазиялык коркок чочколордун бийлиги болбосун деп эсептеймин. Жүрүңүз, эгер мен бул жерге дагы бир аз отуруп кала турган болсом, анда жыгылганча ичип олтура беремин! Доктордун эмне айтканын сиз билбейсизби? Доктору менен куруп кетсин! Аны аябай шылдың кылгым келип жүрөт.

Жекшембинин кечи. Социалисттердин анчалык чоң эмес, оклендик клубуна көпчүлүгү жумушчулар болгон эл жык-жыйма толушкан. Сүйлөп жаткан сөздөрүнүн бардыгы баштан аяк көңүлүнө туура келбесе дагы, тиги сүйлөп жаткан еврейдин акылдуулугу жана чечендиги Мартинге өтө жага түштү. Чечендин кууш ийиндери ичин көздөй чөгүп кеткен көкүрөгү — анын аз улуттардын чыныгы уулу экендигин далилдеп турган эле жана аны көрүп Мартин өзүнүн көз алдына бей-бечара жана күчсүз кулдардын эзелтен берки бул дүйнөнүн бир ууч байларына каршы түбөлүк күрөштөрүн элестете түштү. Мартин бул алсыз адамдан улуу символду көрүп турду. Бул болсо биологиянын туруктуу закону боюнча турмуш- тун тайгак жолунда өлүп жок болушкан күчсүз, кыйынчылыктарга туруштук бере албаган бей-бечера карып- тардын массасынын айкын-ачык көрүнүшү боло турган. Алар жок болууга бет алдырылган. Алардын куулук-шумдук философиясына жана биргелешүүгө

www.bizdin.kg

кадимки кумурска сыяктуу жөндөмдүүлүктөрүнө карабастан, табыйгат аларды күчтүү жана зор адамдардын кызыкчылыгы үчүн четке кагып салган эле. Табыйгат өзүнүн жараткандарынын эң сонундарын тандап алган эле. Адамдар дагы аны туурап, асыл тукум жылкыларды жана сейрек учуроочу өсүмдүктөрдүн улам жаңы түрлөрүн көбөйтө баштады. Албетте, бул дүйнөнү жаратуучу мындан дагы сонун жаңылыктарды ойлоп чыгара алмак, бирок адам баласына мурдатан түзүлгөн табыйгаттын закондору менен гана эсептешүүгө туура келет. Албетте, өлөр алдында алар туйлашып жана далбас урушат. Социалисттер эмне кылышат? Алар чогулуп алышат да жер үстүндөгү оор азапты, «антип азайтуу керек жана ааламды кантип алдап кетүү мүмкүндүгү жөнүндө аябай талкуулашат.

Мартин дал ушинтип ойлоп жана өзүнүн бул оюн Бриссенден аны кыстап чыгып сүйлөгүн, тартынбай сүйлөп аларды таң калтырышың керек дегенден кийин гана айтып чыкты. Ал трибунага чыгып, эреже катарында алды менен жыйналыштын башчысын көздөй бурулду. Ал алды менен өтө жай, саал гана мукактана түшүп, еврей сүйлөп жаткан мезгилдеги башына келе калган түрлүү ойлорду тартипке келтирүүгө аракеттенгенсип сүйлөй баштады. Мындай кыскача жыйналыштарда ар бир чыгып сүйлөгөн чеченге беш гана мүнөт убакыт берилүүчү. Мартин өз сөзүнүн кызуусуна жаңы эле кирген эле, анын социалисттердин докторинасына каршы чечкиндүү чабуулу жаңы эле кызый баштаган болучу, ал өзүнүн сөзү менен угуп олтуруучулардын өтө кызыгууларын туудургандыктан алар бир добуштан жыйналыштын башчысынан Мартиндин убактысын дагы узартууну талап кылышты. Алар Мартинди өздөрүнүн оңой-олтоң эмес душманы экендигин сезишкенден кийин, анын ар бир сөзүн талдап олтурушту. Мартин ана-мына деп турбастан, өтө берилгендик менен мазмундуу сүйлөдү, жана ал кулдук үрп-адат эрежелерине чабуул коюу менен бирге, кулдар деп ал өзүнүн угуучуларын эсептей тургандыгын тайманбай көрсөттү. Ал Спенсер менен Мальтустан мисал келтирип жана биологиялык закондун дүйнөлүк өнүгүшүн даңазалады.

— Ушинтип, — деди ал, өзүнүн сөзүн кыскарта жыйынтыктап, — эгерде мамлекет жалаң гана кулдардан турган болсо, анда ал жашай албайт! Өнүгүүнүн негизги закону бул жерде да аракет кылат! Жашоо үчүн күрөштө азыр эле мен көрсөтүп өткөндөй күчтүүлөр жана күчтүүлөрдүн тукуму жеңип чыгат, ал эми күчсүздөр жана алардын тукуму жок болууга дуушар болмок. Бул процесстин натыйжасында, күчтүүлөрдүн күчү — ар бир жаңы муун алмашкан сайын арта бермек. Мына, эволюция деген мына ушул! Бирок сиздер кулдар, өзүңүздөрдү кул деп эсептегениңиздер жагымсыз. Мен буга түшүнөмүн! — сиздер, кулдар, эволюциянын улуу законуна баш ийбеген коом жөнүндө кыялданасыздар. Сиздер начарлар менен жөндөмсүздөрдүн өлбөсүн каалайсыздар. Сиздер начарлардын дагы күчтүүлөр сыяктуу эле канча жана эмне кааласа жешин каалайсыздар. Сиздер күчсүздөр дагы кадимки күчтүүлөр сыяктуу эле никеге кошулуп урук-журуктуу болсо дейсиздер. Эми, мунун бардыгынын натыйжасы эмне болмок? Адамзаттын күчү жана анын турмушка жөндөмдүүлүгү муундан муун өткөн сайын көбөйбөйт. Тескерисинче азаймак. Мына сиздердин кулдук философияңыздардын Немезидасы. Сиздердин жалаң кулдар үчүн жашап турган кулдук коомуңуздар акырындык менен начарлап, жана кыйрап олтуруп акырында, таптакыр, түп-тамырынан бери жок болуп бүтөт. Билип коюңуздар, мен боорукерликтин эрежесинин негизинен келип чыккан нерсени айтып жатпастан, биологиялык закондун негизинде айтып жатамын. Кулдардын мамлекети жашап тура албайт.

www.bizdin.kg

— Ал эми анда Кошмо Штаттарчы? — деп, кимдир бирөө залдан кыйкырып калды.

— Кошмо Штаттарбы? — деп каршы чыкты Мартин. — Он үч колония өзүлөрүнүн башкаруучуларын кууп жиберип республика деп аталган баш катыруучуну түзүштү. Кулдар өздөрүн өздөрү бийлеп калышты. Ал эми кылычтын жардамы менен башкарылуучу бийлик такыр жоюлду. Бирок кулдар падышасыз жашай алышкан жок, мына ошондуктан башкаруучулардын жаңы түрү кайрат- туу, асыл жана күчтүү адамдардын ордуна, бечара жөргөмүштөр, соодагер-сүткорлор пайда болду! Алар сиздерди кайрадан кул кылышты, бирок алар күчтүүлөрдүн укугу боюнча бул ишти ачыктан ачык жүргүзүшпөстөн, түрдүү куулук-амалдар менен жүргүзүштү. Алар сиздер- дин сотуңуздарды сатып алып сиздердин закондоруңуздарды бурмалап жана сиздердин уул-кыздарыңыздарды кулчулуктун тикеден-тике эзүүсүнө салыштырганда да тең келбей турган коркутуу, эзүүгө дуушар кылып олтурушат. Сиздердин эки миллион балдарыңыздар азыр Кошмо Штаттардын өнөр жай олигархиясынын эзүүсү астында эмгектенип жатышат. Он миллион кулдар үйсүз- жайсыз, оокат-ашсыз жашоодо. Жок, кулдардын мамлекети жашап турушу мүмкүн эмес, себеби бул эволюциянын законуна карама-каршы келет. Кулдардын коому түзүлөрү менен тез эле, төмөн чөгүү жана начарлап жок болуу пайда болот. Сиздер биологиянын законун танасыздарбы? Болуптур? Анда сиздер таянууга ниеттенген жаңы башка закондоруңуздар кайда? Атын атаңыздарчы? Же бул иш жүзүнө ашып калганбы? Андай болсо аны мага айтыңыздарчы?

Мартин бардык олтургандардын кулак туйдурган кол чабуулары астында, өз ордуна келип олтурду. Олтургандардын көпчүлүгү кол көтөрүп сөз сурашып, орундарынан ыргып тура калып жатышты. Алар биринин артынан бири кызуулук жана шыктануу менен колдорун тез-тез шилтешип, кол чабуулардын астында Мартиндин чабуулуна катуу сокку уруп жатышты. Бул болсо, идеялардын чыныгы күрөшү айыгышкан салгылашуулары боло турган. Сүйлөп чыккан бир топ чечендер жалпы темада сөз козгошсо дагы көпчүлүгү өз сөздөрүн Мартинди көздөй буруп жатышты. Алар Мартин үчүн жаңы ойлорду козгошуп жана биологиянын эски закондорун колдонуунун жаңыча ыктары жөнүндө баяндап өтүштү. Сүйлөп жатып, өтө кызыгып калышкандыктан сылыктык жөнүндө унутуп да коюшту, мына ошондуктан, бир нече жолу жыйналыштын башчысы ордунан тура калып, аларды токтотууга мажбур болду.

Бул жыйналышта дүрбөлөңдүү окуянын артынан сая түшүп жүрүп, аябай чарчап бүткөн бир жаш кабарчы кошо катышып олтурган экен. Анын акыл-эси пас жана тажрыйбасы да жок неме көрүнөт. Ал бир гана газета кызматкерлеринин кургак чечендигине маш боло турган. Анын бул талашып-тартышууну түшүнүүгө башы да жетпеди. Бирок ал өзүн ичинен бул топурашып, жактаганын беришпеген жумушчу табынын маңызданган өкүлдөрүнөн алда канча жогору эсептеп отурду. Анын үстүнө ал бул дүйнөнүн жогорку орундарын ээлешип турган күчтүүлөрдүн, улуттук саясат менен кезиттердин тагдырын чечишкен адамдарды ашкере сыйлай турган. Кала берсе анын өзүнүн идеялы да бар боло турган: ал биринчи даражадагы жоктон барды жараткан кабарчы болуп чыгууну самоочу.

Мына ушинтип, ал талашып-тартышуунун негизги мазмуну эмнеде экендигине түшүнгөн да жок. Ооба, ага муну билүүнүн кереги да жок болучу. Ал айрым гана «төңкөрүш» сыяктуу сөздөрдү жетекчиликке алып сүйлөй турган. Табылган бир сөөк аркылуу кыялында бүтүн бир склетти түзгөн кадимки

www.bizdin.kg

палеонтолог сыяктуу, бул кабарчы дагы эсинде калган «төңкөрүш» деген сөздүн негизинде бир далай узак сөз сүйлөй ала турган. Ал бул ишке ошол эле түнү өтө чымыркануу менен кириштi, анткени Мартиндин чыгып сүйлөгөн сөздөрү аябай чуу көтөрүп салган, мына ошондуктан кабарчы Мартинди сөзү боюнча алганда анархист деп анын тап күрөшүнө каршы индивидуализми — бул чектен чыккан кызыл социализмдин өзү экендигин далилдемекчи болду. Бул жаш кабарчы, адабияттык шыктан да кур эмес эле, мына ошондуктан узун чачтуу, каардуу, дуулашкан топурандылардын арасында кыйкырып муштумдарын көрсөтүшүп ызырынышкан аксым адамдарды өтө көркөмдүү кылып сүрөттөп чыкты.

XXXIX ГЛАВА

Эртеси, эртең менен кофе ичип олтуруп Мартин демейдегисиндей эле газет окуп жаткан. Ал биринчи беттен өмүрүндө биринчи жолу чоң тамгалар менен жазылган өзүнүн атын көрүп калды. Макаланы окуп өзүнүн окленддик социалисттердин эң көрүнүктүү жолбашчыларынын бири экендигин таң калуу менен билди. Анын атынан жазган жаш кабарчынын жалындуу сөздөрүнө ал баштан аяк өтө кызыгуу менен тез көз чаптырып чыгып, алды менен бул уятсыз ойдон чыгарган сөздөргө ачуусу келип, акырында каткырып күлдү да, колундагы газетаны четке ыргытып жиберди.

— Бул макаланы бир мас, же болбосо арам ойлуу акмак жазды, — деди ал түштөн кийин келип, чарчагандай жалгыз отургучка жаңы эле олтурган Бриссенденге бурулуп, Мартин болсо, демейдегисиндей өз керебетинде олтурган.

— Сизге баары бир эмеспи? — деди Бриссенден. — Сиз чын эле газет окушкан буржуазиялык доңуздардын пикирине ишенесизби?

Мартин бир аз ойлонуп калды.

— Албетте, менин алар менен эч кандай ишим жок дечи. Бирок, мен бир гана бул окуя Руфтун үйүндөгүлөр менен болгон мамилемди бузуп жибербегей эле деп коркомун. Анын атасы мурда эле мени сен социалистсиң деп жүрүүчү, ал эми бул макала болсо ага далил болот. Мейли ал кандай деп ойлосо ошондой деп ойлой берсин, бирок, ошондой болсо да, акырында бир жаман иш болуп калышы мүмкүн. Мен сизге бүгүн өзүмдүн жазгандарымды окуп бергим келет... Бирок баягы эле «Кечиккен сүйүү». Жарымысына жакыны бүтүп калды.

Мартин жаңы эле окуй баштаган кезде, Мария эшикти ачып, үйдүн ичине жакшы кийинген бир жигитти киргизип жиберди, ал токтоло калып, бөлмөнүн ичин айландыра карап келип, керосинка менен ашкана үкөгүнө бир аз тигилип турду да, акырында Мартинге карады.

— Отуруңуз! — деди Бриссенден.

Мартин конокко орун бергендей ордунан саал козголо берип жана суроолуу көздөрү менен аны бакырая тиктеди.

— Мен сиздин кечеки сүйлөгөн сөзүңүздү уктум мистер Иден, — деп баштады сөзүн жаш жигит бир аз унчукпай олтургандан кийин. — Сиздин ошол сөздөрүңүздү газетага жарыялагым келет.

— Бриссенден каткырып жиберди.

— Тилектеш — социалистсизби? — деп, кабарчы Бриссенденге учкай көз карашын жиберди да, тирүүнүн өлүгү өңдөнгөн бул немени кандай кылып сүрөттөп көрсөтө тургандыгы жөнүндө ойлоно калды.

— Көрсө жанагы макаланы ушул жазган турбайбы, — деди Мартин үнүн көтөрө сүйлөп, — жаш бала го тим эле?!

www.bizdin.kg

— Эмне үчүн тумшукка коюп жибербей турасың муну? — деп калды Бриссенден. — Бирөө таза өпкөсүн берсе мен ага азыр миң доллар берет элем.

Жаш журналист өзү жөнүндө жүрүп жаткан бул тайманбаган сүйлөшүүлөрдөн айран-таң кала түштү. Ал социалисттик митинг жөнүндөгү өзүнүн эң сонун макаласы үчүн жаңы эле редактордун мактоосуна татыктуу болуп жана өкүм сүрүп турган тартипке каршы уюшулган душмандарынын башчысы Мартин Иден жөнүндө атайын чоң макала жазууга тапшырма алган эле.

— Эгерде биз сизди сүрөткө тартып алсак каршы болбос белеңиз, мистер Иден? — деп сурап калды ал — мен өзүм менен кошо сүрөтчүнү ээрчите келдим эле, бирок ал, үйдүн ичинен тартуу ыңгайсыз дейт. Сыртка жарыкка чыгып берсеңиз. Сизди сүрөткө тартып алгандан кийин кеңири аңгемелешсек.

— Сүрөтчү? — Бриссенден ойлонгондой сурап калды. — Сизге эмне болду Мартин, бол эми, тура калып, оозго коюп жиберсеңиз ар жакка!

— Мен картайып баратсам керек, — деп жооп берди Мартин. — Мунун тумшугун кандоо керек экендигин өзүм деле жакшы түшүнүп турамын, бирок буга менин кубатым жетишпегенсип турат. Макул урдум, бирок урган менен эмне чыгат?

— Бил жигиттин байкуш энесинин урматы үчүн болсо да, — деди Бриссенден макул болбой.

— Туура айтасың, бул бир чети негиздүү пикир, — деди Мартин, — бирок чындыгында менин буга кубатым жетишпегенсип турат. Себеби — бирөөнү төпөштөш үчүн белгилүү күч жумшоо талап кылынат эмеспи. Ошондой эле андан эмне чыгат.

— Эч качан зарылдыгы жок, — деп тамашалуу үн менен кабарчы, анын сөзүн коштой сүйлөп, бирок, бул учурда чочугандай эшикти көздөй алактай түшүп.

— Албетте, анын жазгандарынын бир сөзүндө да чындык жок, — деди Мартин Бриссенденге бурулуп сөзүн улантып.

— Билесизби, ал макала жалпы мазмунда жазылган... — деп кайсактай түштү жаш кабарчы. — Бирок, бул сиз үчүн чындыгында зор даңазалануу болуп саналат. Буга макул болорсуз.

— Билип коюңуз, Мартин, бул сиз үчүн даңазалануу болуп саналат! — деп салтанаттуу каткырып жиберди Бриссенден.

— Туура, туура!.. Мен буга макул болушум керек.

— Билүүгө руксат этип коюңуз, мистер Иден, сиз кайсыл жерде туулдуңуз эле? — деп кабарчы сурап калды, анын жүзүнөн чыдамсыздык менен жооп күткөндүк- түн белгилери ачык-айкын байкалып турду.

— Карасаңыз, колунда кагаз менен карандашы да жок, — деп Бриссенден кыстара сүйлөп калды, — бардыгын эсине тутуп алат окшойт.

— Мен үчүн кагаз менен карандаштын кереги жок, — деди жаш кабарчы, — өзүнүн сүрдөп тургандыгын шектентпеске аракет кылып. — Тажрыйбалуу кабарчы эч качан жазып олтурбайт.

— Калыбы, сиз кече дагы жазган эмес чыгарсыз?

Бирок, Бриссенден эзүүгө чыдап туруучу адамдардын тобунан эмес болучу, мына ошондуктан ал ордунан тура калып, катуу кыйкырып жиберди:

— Мартин! Эгерде сиз бул акмактын оозун талкалай койбосоңуз, мен өзүм талкалай коёмун! Өлсөм да бир коюп өлөм.

— Сабасам жетишет го дейм! — деп сурады Мартин.

Бриссенден кадимки калыс киши сыяктуу жетишет дегендей башын ийкеп койду.

www.bizdin.kg

Көз ачып жумганча кабарчынын башы Мартинди эки тизесинин ортосунда кыпчылып турду.

— Тиштейм деп ойлобогун, — деди Мартин эскертип, — эгерде тиштесең, татынакай тумшугуңду талкалап коюуга аргасыз болом. А бул өкүнүчтүү болуп калат.

Анын оң колу бирде жогору көтөрүлүп, бирде төмөн түшүп жатты. Кабарчы кыңылдап, алдастап жулунуп, сөгүнүп жиберди, бирок тиштей алган жок. Бриссенден болсо, бул көрүнүштү кумардануу менен байкап турду. Бир ирет ал чыдай албай кетип, бош бөтөлкөнү колуна ала коюп ызырына түштү:

— Берчи мен дагы бир салып калайын!

— Тилекке каршы менин алым кетип калды, — деди Мартин акырында, — Колум чымырап кетти.

Ал кабарчыны желкеден алып туруп, керебетке жабыштыра түрттү.

— Билип койгун, полицияга билдиремин. Сени байлап гана кетпесеби шашпагын! — деп кыйкырды тиги. Ызалануунун жашы анын оттой жанган бетин жуба берди.

— Жооп берип каласыз. Сак болуңуз!

— Мына сага десе, — деди Мартин, — бул дагы эле өзүнүн тайгак жол менен баратканын түшүнө элек тур- байбы. Өзүнүн жакыны жөнүндө эркек болуп туруп калп айтып арамзалык, адепсиздик жана эч нерсе татыбастык кылганын бул өзү түшүнбөйт окшойт.

— Түшүнбөсө эмнеси бар экен, түшүндүрүп койсоңуз экен деп сизге келип олтурбайбы, — деп Бриссенден кыстара койду.

— Рас, бул менин алдыма, мени алдын ала ушактап жана шерменде кылып туруп келип олтурат. Эми менин дүкөнчүмдүн мага карыз берерине көзүм жетпейт. Бирок, баарынан жаманы байкуш бала бул багыт, жолу- нан өзүнөн биринчи даражадагы кабарчы менен биринчи даражадагы шүмшүк иштелип чыкмайынча, эч качан тая турган эмес.

— Бирок, муну туура жолго түшүрүүгө сиздин убактыңыз дагы бар, — деди Бриссенден каршы чыгып. — Кап, ушуну мага жок дегенде бир келтирип туруп согууга эмнеге гана бербедиңиз. Бул асыл ишке менин дагы катышкым келди эле.

— Экөөңөрдү тең түрмөгө олтургузат! — деп адашкан байкуш бышактап ыйлады. Ай-бан-дар!

Бети эң эле калың неме экен, — деди Мартин башын чайкап, — колумдун күчү бекерге кеттиби деп корком. Бул жаш жигитти теске келтире албайсың. Бул сөзсүз биринчи даражадагы журналист болуп чыгат. Мында уят дегенден эч нерсе жок көрүнөт! Бир гана ушул, буга өйдөлөөгө жардам бере турган.

Мына ушундан кийин, жаш кабарчы алды-артына карабастан, эшикти көздөй шарт бурулуп, бөтөлкөнү дагы эле шилтеп турган Бриссендендин жанынан буйт берип өтүп кетти.

Эртеси күнү Мартин өзү жөнүндө бир топ жаңы жана кызыктуу кабарларды билди. «Ооба, көрсө биз коомдун душмандары болот экенбиз, — деди ал, басма сөздүн өкүлү менен болгон аңгемеде, — бирок анархист эмеспиз! Биз — социалисттербиз! Кабарчы ага бул эки багыттын ортосунда анчалык деле белгилүү айырма жок экендигин белгилеп өткөндөн кийин Мартин «жок болсо, жок болот да» дегендей ийнин куушуруп койду. Анын бети бир жагына кыйшая түшүп, кадимки тубаса майыптуулуктун белгисин алып турган эле. Айрыкча бул белги анын түйүндүү колдору менен кан ичердей жалтылдаган көздөрүнөн да даана көрүнүп турду.

www.bizdin.kg

Мартин газеттен, күн сайын кечинде Сити-холл-багында жумушчулардын кыска өткөрүлгөн жыйналыштарында чыгып сүйлөп, ал жердеги адамдардын акыл-эсин ууландырып жатышкан бардык анархисттер менен үгүтчүлөрдүн арасынан чоң кадыр-баркка ээси ушул, себеби ал жумушчулардын алдына революциялык өтө таасирдүү сөздөр менен чыгып сүйлөөдө, — деп өзү жөнүндө жазылганын окуду. Кабарчы анын үйүнүн ичин сүрөттөп жазып чыкты, кала берсе, тамак бышыруучу керосинкасы менен жалгыз үстөлүн дагы калтырган жок жана ачык боёктор менен: жүзү кадимки жыйырма жыл түрмөдө жатып жаңы эле чыккан кишиники сыяктуу ач арбак, куу-сүрнөттөй болгон анык селсаяк жан-жолдошун да көркөмдөп жазды.

Жаш кабарчы өтө чыйрактыкты көрсөттү. Ал Мартиндин өмүр баянын сураштырып, сүрөтүн тартып, мистер Хиггинботамдын дүкөнчүсүнүн жана анын эшигинин алдында турган мистер Хиггинботамдын өзүнүн дагы сүрөтүн тартып алууга жетишти. Бул мырза болсо ардактуу жана акыл-эстүү көпөс катары өзүнүн кайнисинин социалисттик көз караштарын бөлүштүрмөк турсун, аны менен болгон бардык жеке байланышынан таза кол жууган адам катары баяндалып көрсөтүлдү. Анын сөзү боюнча Мартин Иден жүргөн бир селсаяк, бир нече жолу пайдалуу сунуштардан баш тарткан, иштегиси келбеген жалкоо болуп чыкты. Ушинтип жүрө бере турган болсо анын акырында, сөзсүз түрмөгө түшүшү менен иши бүтө тургандыгын баса көрсөттү. Кабарчы Герман Фон Шмидт жөнүндө да жазып алды. Ал Мартинди «үй-бүлөнүн сасыткысы» деп атап жана ал дагы аны менен өзүнүн байланышы жок экендигин түшүндүрдү. «Ал мени эзгиси келди, — деди Герман Фон Шмидт кошумчалап, — бирок мен анын тузагына түшкөн жокмун! Мен аны бул жерге экинчи жолу келгисиз кылдым. Андай бекерчиден эч качан жакшылык күтпөгүн!»

Бул жолу Мартиндин чындап ачуусу келди. Бриссенден болсо бул окуялардын бардыгына кадимки кызыктуу тамаша көрүп жаткандай эле мамиле кылды, бирок Мартинди сооротууга күчү келбеди. Мартин бул окуя жөнүндө Руфка билдирүү өтө кыйын экендигин түшүндү, анын үстүнө Руфтун атасы бардык ушул болбогон окуяларды себеп кылып, ал экөөнүн ортосундагы никелик макулдашууну балким бузуп жибериши да мүмкүн. Мартиндин бул кайгылуу божомолдоолору ордунан жазбай чыкты. Эртеси күнү ага почточу Руфтан келген катты алып келип сунду. Мартин бир кырсыктын боло тургандыгын сезе коюп, ачылган каалганы почтальон ага катты тапшырган жерде, конвертти ачып катты шашып окуй баштады.

Катты окуп жатып Мартин чөнтөгүнүн түбүнөн тамеки менен аны орой турган кагазын шаша издей баштады. Мурда ал ар дайым чөнтөгүнөн тамеки менен кагазын түшүрүүчү эмес. Ал чөнтөгүнүн түбү эчак тазаланып калгандыгын жана чөнтөгүнөн эмне издеп жатканын өзү да билген жок.

Каттагы сөздөр токтоолук менен жазылыптыр. Каардануунун эч кандай белгиси сезилбегени менен каттын биринчи сабынан тартып акыркы сабына чейин таарыныч менен «өңүл калууга жык толгон. Сен менин үмүтүмдү аткара алган жоксуң деп жазыптыр Руфь. Ал эгерде сен мени чын жүрөгүң менен сүйгөн болсоң, анда эчак эле бул өзүңдүн зыяндуу кылык-жоруктарыңды таштайт элең жана мени менен татыктуу турмуш куруп, өмүр сүрөт элең деп таарыныптыр. Ал эми, — деп, айтыптыр Руфь, — атам менен апам экөөңүздөр колукту-күйөө болобуз деп берген сөзүңөрдөн баш тартууга тийишсиздер дейт. Эмне кылабыз? Мен алардын чечимдерин четке кага албаймын жана кагууга тийиш эмесмин. Себеби алардын айткандары негиздүү, туура. Экөөбүздүн мамилелерибизден же

www.bizdin.kg

болбосо, келечекте баш кошуп өмүр сүрүшүбүздөн жыргалдуу эч нерсе чыкпайт. Бул, биринчи кадамды жасаганыбыздан тартып эле, сокур жаңылыштык болгон! Каттын ичинде дагы бир зекүү бар эле, бул Мартиндин сөөгүнө башка бардык сөзгө караганда, катуураак батты. «Эгерде сиз баягыда эле, бир мекемеге кирип иштеген болсоңуз, же болбосо, турмуштан кандайдыр бир орунду ээлөөгө аракеттенген болсоңуз! — деп жазган Руфь. — Бирок, бул мүмкүн болбоду. Сиз мурда бузулган баш-аламан турмушта жашап келгенсиз. Мен сизди тилдегим келбейт. Сиз өз мүнөзүңүзгө жана мурдагы адетиңизге байланыштуу аракеттенесиз. Мен сизге урушуп жаткан жокмун Мартин, муну билип коюңуз. Апам менен атам чындыгында туура айтышкан экен: биз бири-бирибизге тең келе албайт экенбиз, жана кошула электен мурун муну билгендигибизге кубануу гана керек... Эми мындан ары мени менен көрүшөмүн деп ойлобой эле коюңуз, — деди ал сөзүнүн акырында, — эгер биз жолугушсак биринчиден бири-бирибизди, экинчиден апамды кайгыга салып гана алабыз. Мен ансыз деле апамды көп капалантып кайгыга салдым, эми апамдын капасын жаза аламбы, же жаза албаймынбы билбеймин!»

Мартин катты бир нече жолу окуп чыкты. Андан кийин ал жооп жазууга келип олтурду. Ал социалисттик митингде уятсыз ушакчы газеттин бетин ачып, сүйлөгөн өзүнүн сөздөрүнүн бардыгын келтирип жазды. Каттын аягында ал өзүнүн чексиз берилип жалындаган сүйүүсү жөнүндө билдирди. «Сөзсүз жооп бериңиз, — деп жазды ал — бир гана нерсени жазыңыз — сүйөсүзбү же жокпу? Бул болсо эң башкысы».

Арадан бир-эки күн өттү — бирок, жооптон эч бир кабар болбоду. «Кечиккен сүйүү» баягы эле ачылган бетинде козголбой столдо жатты, ал эми кол жазмалардын дөбөсү болсо үзгүлтүксүз өтө берди. Мартин өмүрүндө биринчи ирет таңды кирпик какпай аттырды. Чыдай албай Мартин Морздордукуна үч жолу келди, бирок үч жолу тең аны киргизүүдөн малайы баш тартты. Бриссенден ноокастап төшөктө жаткан эле, Мартин аны бир нече жолу көргөнү келип, ден соолугун сурады, бирок өзүнүн кайгысын ага баяндап аны дагы кошо капа кылууну туура көрбөдү.

Себеби, Мартиндин кайгысы аз эмес болучу. Кабарчынын карасанатай кылык-жоруктарынын жыйынтыгы — Мартин күткөндөн дагы ашып кетти. Португалдык дүкөнчү чын эле эми ага карыз бергенин токтотту, ал эми америкалык жашылча сатуучу киши болсо, буркан-шаркан түшүп Мартинди Ата-Мекендин чыккынчысы жана душманы деп кыйкырып, карызыңызды төлөбөй эле коюңуз, бирок дүкөнүмө экинчи жолу башбакпаңыз деп кагазын тытып ыргытып жиберди. Тегеректеги жашаган бардык адамдар Мартинди жек көрүшүп, жана алардын кыжырдануусу күндөн-күнгө күчөп, арта берди. Эч ким аны менен, чыккынчы социалист менен байланыш түзүүнү каалаган жок. Мария байкуш болсо, Мартин үчүн күйүп-бышып, боору ачыганы менен бийликке ак ниети менен мамиле кылып кала берди. Бир кездеги Мартинге келген кооз араба жөнүндөгү элестери бүдөмүктөшүп, унутула баштаган коңшу-колоңдордун балдары азыр туш-туштан Мартинге «ууру, кески», «селсаяк» дешип кыйкырышып жатышты. Бир гана Мариянын балдары туруктуулук менен аны коргоп, кээде ал үчүн катуу салгылашышып да калычу жана Мария өз балдарынын чекелери томпоюп, көздөрү көгөрүп жүргөнүн көрүп сай сөөгү сыздай түшө турган.

Бир күнү көчөдөн Мартин эжеси Гертруданы жолуктуруп, андан мурда эле, өзү божомолдоп жүргөндөй Бернард Хиггинботамдын: менин бардык үй-бүлөмдү эл

www.bizdin.kg

алдында маскаралап, уят кылды деп аны жек көрүп, ага өчөшкөн кас экендигин билди! Ошондой эле Мартин экинчи жолу босогомду аттабасын дептир.

— Бир жакка кетип калсаңчы, андан көрө Мартин, — ден сурады Гертруда. — Бир жакка барып ал жерден бир ишке орношуп алсаң жакшы болор эле. Анан бул окуянын аягы суугандан кийин кайра келип каласың да.

Мартин башын чайкап, эч кандай канааттандырарлык баяндама берген жок. Ал кантип баяндама бермек? Ага өзү менен бир туугандарынын ортосунда түпсүз ор жаткандай сезилди. Ал азыр бул ордон секирип өтө албай калды! Ницшеандык менен социализмдин айырмасын Гертрудага түшүндүрүү күлкүнү гана келтирет! Бул адамдарга өзүнүн кез караштары менен аракеттенерин түшүндүрүп, баяндап берүүгө мүмкүн болучу дүйнөдө сез жок эле. Булардын бардыгынын талкуусу биригип бир гана: бир жерден иш табышың керек дегенге келип такалуучу. Бул болсо, алардын биринчи жана эң акыркы сөзү боло турган. Бир иш тап! Бир жерге орнош! «Байкуш, аңкоо кулдар, — деп ойлоду Мартин Гертруданын сөзүн угуп. — Күчтүүлөрдүн бул дүйнөнү ээлегендиктеринде таң каларлык эч нерсе жок! Кулдарды алардын өзүлөрүнүн ойлогон кулдук ойлору жок кылып бүтүрөт. «Кызмат», алар үчүн ар качан кастарлаган жана таасим кылып баштарын ийишкен ыйык тумары сыяктуу боло турган». Бир нече күндөн кийин акчасы түгөнүп костюмун дагы күрөөгө коёрун билип турса дагы Гертруданын берген акчасын албайм дегендей Мартин башын тескери чайкап койду.

Бернардга сен эми келбей эле койгун, — деп Гертруда жалына баштады. — Бир-эки ай өткөндөн кийин, анын ачуусу тарап калат, мына ошол кезде келмек түгүл, андан арабакечиң болоюн эгер кабыл алсаңыз десең дагы жок дебейт. Ал эми мага жолуккуң келсе, бирөөдөн чакыртып жиберсең болот, мен дайыма эле үйдө боломун. Уктуңбу?

Гертруда көзүнөн жашын төгүп, артын көздөй бурулбастан, түз жолго түшүп басып кетти. Мартин аркасынан анын чарчагандай оор кадам шилтеген буттарына көз чаптырып, чексиз кайгыдан жүрөгү кысыла түштү. Ал эжесинин артынан көз карашын албай турган кезде. күтүлбөгөн жерден ницшеандык имарат түбүнөн солкулдап жана кулай баштады. Кандайдыр бир теорияны адам өзүнүн жакындарына колдонууга караганда, кыял- дагы кулдук жөнүндө талкуулоо жеңилирек болуп көрүндү. Ошону менен бирге эгерде күчсүздөрдүн күчтүүлөр тарабынан эзилгендигинин мисалын изилдөөгө туура келсе, анда Гертрудадан артык мисалды табуу өтө кыйын эле. Мартин бул наадандык көз карашты шылдыңдап күлүп да жиберди. Эгерде боорукерликке берилсе, жана чындык менен алгачкы эле кездешкенде өзүнүн көз караштарынан ал баш тарта баштаган болсо, андан жакшы ницшеанчыл эмеспи; айтмакчы чындыгын айтканда, азыркы минутада андан кулдук кулк-мүнөздүн өзү көрүнүп жаткан жокпу ыя, жана анын эжесине карата болгон анын бул боор ачышы анын анык кулдук сезими эмеспи? Чыныгы күчтүү адам боорукерлик менен кайгыдан ар качан жогору турууга тийиш. Бул сезимдер эң терең түпкүрдөн төрөлүп, жана ал күчсүздөр менен бактысыздардын эң акыркы жанталашуулары жана алардын өлүм алдындагы эң акыркы чымыркануулары гана болуп санала турган.

XL ГЛАВА

«Кечиккен сүйүүнүн» үстүндө иштөө алга жылган жок. Мартиндин редакциядан кайтып келген кол жазмалары столдун астында үйүлүп жатты. Бирок бир гана кол жазма өзүнүн саякатын али уландыра берди. Ал болсо Бриссендендин «Туруксузу» болучу. Мартиндин велосипеди менен кара костюму

www.bizdin.kg

кайтадан күрөөнү көздөй жөнөдү, ал эми басуучу машинка үчүн акы төлөөнүн мөөнөтү демейдегиден дагы узартылды. Бирок, мунун бардыгы Мартинди кымындай дагы тынчсыздандырган жок. Ал өзүнүн бул башка түшкөн жаңы тагдырына баш ийип, багынбаска чарасы калган жок, бирок, ошондой болсо дагы азырынча турмуш өз агымы менен өтүп жатты. Бир нече жумадан кийин анын эчак күткөн бир окуясы болду. Ал Руфь менен көчөдөн кездешип калды. Ал өзү жалгыз эмес, бир тууганы — Норман менен ээрчишип келе жаткан экен, ал экөө тең Мартинди көрүшсө дагы көрмөксөн болушуп, өтүп кете беришмек болду, бул учурда Мартин кыжыры кайнай түшүп тике басып келип, бир сөз айтайын деди эле, бирок Норман аны көкүрөгү менен тосуп Руфту көздөй жиберген жок.

— Эгерде сиз чатак салып, менин эжеме асыла турган болсоңуз, азыр эле полицияны чакырамын, ал эми эжемдин сиз менен сүйлөшкүсү келбейт жана сиздин уятсыздык менен келип тийишкендигиңиз тикеден-тике аны шылдыңдагандыкка жатат.

— Чакыртсаң чакырта бер, — деп жооп кайтарды Мартин, — полициядан эч ким коркпойт. Анда силердин дагы фамилияңар булганмакчы, же булганбайт деп ойлойсуңарбы? Азыр жакшылык менен мындайырак болуп туруңуз. Мен Руфь менен сүйлөшүүгө тийишмин.

— Мен бир тууганыңыз айткан азыркы сөздөрдү
сиздин оозуңуздан уккум келет, — деди ал Руфка тике бурулуп.

Руфтун өңү-түсү кубарып, денеси калтырай түштү да, токтоло калып, Мартинди көздөй суроолуу көз чаптырды.

— Каттагы сизге берген менин суроомо жооп бериңиз, — деди Мартин.

Порман тынчсыздана түшүп, кандайдыр бир аракет жасамакчы болду эле, бирок Мартиндин өткүр көз карашынан эмнегедир кайра токтоло түштү.

Руфь жооп бере албайм дегендей башын тескери чайкады.

— Сиз өз эркиңиз менен жаздыңыз беле? — деп Мартин кайталап сурады. — Ооба, деди ал, жай гана бирок ишеничтүү, — өз эрким менен эле жазгам. Сиз мени шерменде гана кылдыңыз, элдин жүзүн карай албай калдым. Тааныштарымдын бардыгы мен жөнүндө сөз кылып жатышат. Менин сизге айтарым ушул. Сиз мени бактысыз кылдыңыз, эми мен сизди көргүм да келбейт.

— Эл! Ушактар! Газеттин калпы! Булардын бардыгы чындыгында сүйүүдөн күчтүүлүк кыла албайт!

Руфтун кубарып турган жүздөрү, күтүлбөгөн жерден кыпкызыл болуп кетти.

— Болуп өткөн окуялардын бардыгы кантип эле бүтүндөй ушак болуп калсын? — деди Руфь, — Мартин сиз өзүңүздүн эмне деп айтып жатканыңызды өзүңүз түшүнбөй жатасыз! Сиз мени, ким катары кабыл алып жатасыз деги?

— Сиз менен сүйлөшкүсү келбей жатканын түшүндүңүзбү эми?!— деди Норман кыйкырып жана эжесин колтуктан алып жетелей басып.

Мартин алардын артынан тешиле тиктеп, эрксизден чөнтөгүнө колун салып, жок тамекиси менен тамеки кагазын издеп, турган жеринде кала берди.

Түндүк Оклендге чейин бир топ аралык боло турган, бирок Мартин бул жолду кантип басып өткөндүгүн билбей калды. Ал эсин жыйгандан кийин өз керебетинде олтуруп алып эки жакты кадимки түшүнөн чочуган элирме тийген кишидей алактап карап жатканын сезди. Ал столдун үстүндө жаткан «Кечиккен сүйүүнү» көрө коюп, столду өзүнө жакын жылдырып алды да, жазууга киришти. Ал ар дайым бир баштаган ишин аягына чейин жеткирүүгө аракеттенүүчү. Ал эми азыр болсо, анын бет алдында али бүтпөгөн чыгармасы жаткан эле. Ал башка жумуш иштөө үчүн чыгармасын кайра дагы жазбай таштап койду. Азыр бул

www.bizdin.kg

иштей турган башка иш «Кечиккен сүйүүнү» кайрадан колго алып, аягына, чыгаруу болучу. Ал эми мындан кийин эмне иш кыларын ал билген жок. Ал бир гана өзүнүн турмушунда чоң бурулуш башталгандыгын гана сезип турду. Ал бүтүндөй бир жолду бүтүп, акыркы сүйлөмдү кыскартып, чекит коюуга аз калды. Келечек аны азыр өзүнө кызыктыра албады. Ал өз убактысында ага келечек эмнени камсыз кылып тургандыгын көрө жатар. Мына ошентип, аны азыр эч нерсе өзүнө тарта албады. Бардык нерсеге ал кош-көңүлдүүлүк менен гана карады!

Мартин беш күн бою такай «Кечиккен сүйүүнүн» үстүндө иштеп, эч жакка чыккан да, эч кимди көргөн да жана оңдуу оокат да ичкен жок. Алтынчы күнү эртең менен почточу ага «Парфеон» басмаканасынын ээсинен бир кат алып келди. Конвертти ачып катты окуп, «Туруксуздун» кабыл алынгандыгын билди.

«Биз поэманы мистер Картрайту Брюска окуп чыгууга берген элек, — деп жазыптыр басмаканачы, ал поэманы окуп чыгып, ал жөнүндө өзүнүн эң жакшы пикирлерин айтты, мына ошондуктан, биз поэманы кубанычтуулук менен өз журналыбызга басууну чечтик. Поэманы август айынын санына басууну белгиледик. Анткени июль айынын саны терилип бүтүп калган эле. Мистер Бриссенденге биздин терең урматтообузду жана ыраазы болгондугубузду билдирип коюңузду сурайбыз. Бизге анын сүрөтү менен өмүр баяны керек, мүмкүнчүлүк болсо тезирек салып жибериңиз, эгерде биз сунуш кылган гонорар аздык кыла турган болсо, анда уялбастан эле, өзүңүздөрдү канааттандыра турган сумманы телеграф менен билдирип коюңуздар»...

Сунуш кылган гонорардын суммасы үч жүз доллар болгондуктан, Мартин телеграф урууну зарыл деп таппады. Бриссендендин гана макулдугуна жетишүү калды. Чындыгында эле Мартиндики туура болуп чыкты. Мына эми чыныгы поэзия жөнүндө бир нерсе түшүнгөн редактор да табылды. Мындай гонорар «Кылымдын поэмасы» үчүн дагы аздык кылбас эле. Мартин Бриссенденден Картрайт Брюс сынчылардын арасынан эң көрүнүктүүсү жана эң кадырлуу сынчы деп эсептелерин билүүчү.

Мартин үйүнөн чыгып, трамвайга олтуруп, айланадагы мелмилдеп созулуп жаткан түрдүү көрүнүштөргө көз жиберүү менен азыр аны өзүнүн дагы, досунун дагы ийгиликтери толкундатпай калгандыгын кайгыруу менен ойлонду. Кошмо Штаттардын эң көрүнүктүү сынчысы поэманын татыктуулугун эң тууралык менен жогору баалады, мына ошондуктан Мартиндин бир кездеги искусствонун чыныгы чыгармасын эч ким баса албайт, акыры чыгууга тийиш деген аныктамасы туура болуп чыкты. Мартиндин мурдагыдай шыгы, жалынданууусу жоголгонсуп, мына ошондуктан, ал Бриссенденге бул кубанычтуу кабарды билдирүүгө шашпастан анын өзү менен жолугушуп, жолдоштук иретинде сырдашууну көбүрөөк эңседи. Ал азыр гана «Кечиккен сүйүүнүн» үстүндө иштеген беш күндүн ичинде бир жолу дагы Бриссенден жөнүндө ойлоп койбогондугун, жана андан эч кандай кабар албагандыгын эсине түшүрдү. Мартин өмүрүндө биринчи жолу өзүнүн көңүлүнүн ушунчалык терең чөккөндүгүн сезип, кала берсе, бул үчүн өзүнүн досунун алдында уялып да кетти. Бирок ал, уялууну да кандайдыр шаймансыз сезди. Ал аны бир гана «Кечик- кен сүйүүнүн» үстүндө иштегендеги чыгармачылык кубанычтан башка эч кандай башка кубаныч аны толкундата албады.

Ал кандайдыр бир өз эркин жоготкондой сезип турду. Трамвай өтүп бара жаткан жанданган көчөлөр ага кандайдыр бир алыскы караан сыяктуу болуп көрүндү жана эгерде анын кулагына чиркөөнүн коңгуроосунун түрдүүчө

www.bizdin.kg

кубулжуган үнү күтүлбөгөн жерден шак дей түшпөсө, ал мүмкүн бул элестерге анчалык деле таң калбас эле.

Ал конок үйүнө кирип келери менен түз эле Бриссендендин бөлмөсүн көздөй жөнөдү. Ал күтүлбөгөн жерден токтой-калып, таң кала түштү. Комнатанын ичи аңгырап бош турган экен. Үйдүн ичинин бардыгы сыртка чыгарылып ташталыптыр.

— Мистер Бриссенден кетип калганбы? — деп сурады Мартин эшик агадан. — Адресин да таштап кеткен жокпу?

— Эч нерсе уккан жок белеңиз? — деди тиги өз кезегинде.

Мартин башын тескери чайкады.

— Газеталардын бардыгы жазбады беле ал жөнүндө.

Аны керебетинде өлүп жаткан жеринен табышыптыр... Ал тапанча менен өзүн өзү мээге атып өлтүрүптүр дейт!

— Аны көөмп да коюштубу?

Бул суроону Мартинге өзү эмес, кандайдыр бир башка чоочун киши бергендей сыяктана түштү.

— Жок, изилдөө бүткөндөн кийин анын денеси чыгышка жөнөтүлүп жиберилген. Бул ишти анын бир туугандары чакырган адвокаддар жөнгө салышкан дешет.

— Эмне үчүн алар мынчалык шашып кетишти? — деди Мартин шашкалактай түшүп.

— Кантип шашып? Бул иш мындан беш күн мурун болгон!

— Беш күн мурун?

— Ооба, беш күн мурун.

— А! — дегенден башка ал эч нерсе айта албады да, конок үйүнөн чыгып кетти.

Жолдо келе жатып ал телеграфка кирип, «Парфеон» басмаканасынын ээсине поэманы баса берсеңиз болот деп билдирди. Телеграмманы ал акчасын кийин төлөй турган болуп карызга салды, анткени анын чөнтөгүндө бар болгону жолдук гана беш цент акчасы калган эле.

Үйүнө кайтып келип, Мартин кайрадан жазууга кириштi. Күн артынан күн, түн артынан түн өтүп жатты, Мартин болсо, олтурган столунан козголбостон жаза берди. Ал сыртка чыкса бир гана дүкөнгө чыгып жана баштыгынын түбүндө бирдемеси калса эптеп-септеп оокат жасап ичип, ал эми баштыгынын түбүндө эч нерсе калбаса тамак да ичпей тим боло турган. Ал бул повестти мурда эле баштан-аяк ийне-жибине чейин ойлонуп койгон эле, бирок азыр ал күтүлбөгөн жерден повесттин негизги окуясы башталганга чейинки бөлүгүн башкача кылып түзүүнү чечти. Бул болсо повесттин көлөмүн жыйырма миң сөзгө узартты. Чындыгында повестти мынчалык, оңдоп, жасалгалоонун эч кандай зарылдыгы жок болучу, бирок ошондой болсо да, ал азыр мындай кылбастан туруп иштей албай калды. Ал дүйнөдөгүнүн бардыгын унутуп салган сыяктуу столго такай олтуруп алып иштеп жатты, ал өзүнүн алгачкы чыгармачылык мезгилдерин көз алдынан кадимки арбактан өзүнүн тааныш жерлерин кыдырып жүргөн сыяктуу өтө дапдаана кылып элестетип жиберди. Анын эсине эчак бир кезде, кайсыл бир жерден бирөөнүн арбак — бул өлгөн адамдын жаны, бирок ал аны сезбейт, деп айтканы эсине түшө калды. Мына, күтүлбөгөн жерден ал өзүн кокус мен дагы ошол арбак болуп жүрбөйүн деп чочуп кетти.

Мына, ошентип, «Кечиккен сүйүү» дагы жазылып бүттү. Жазгыч машинкаларды сатуучу дүкөндүн жалчысы Мартинге келип, ал жазуусун

www.bizdin.kg

бүткөнчө анын керебетинде күтүп олтура берди. Мартин «бүттү» деген сөздү машинка менен жазды жана бул ал үчүн чындыгында эле бүткөндүк болгон эле. Себеби — жалчы ай деп унчукпастан машинканы акырын алды да, сыртка чыккан бойдон кетти. Мартин муну көрүп туруп, анчалык деле жүрөгү тызылдап, ичи ачышкандай болгон жок. Ушундан кийин ал керебетине келип жүздөмөсүнөн жыгылды. Ал отуз алты сааттан бери оозуна бир дагы наар албады жана тамак жөнүндө ойлонуп да койгон жок. Ал козголбостон керебетинде жатты жана кандайдыр бир тумандашкан ойлор анын башын чырмап алгандай болду. Ал чала уйкуда жатып, бир кезде, Бриссенден бир нече жолу кайталап окуп берген белгисиз бир акындын ырларын жатка айта-баштады. Мариянын бул түшүндөгү булдурактап жөөлүп, ачууланып сөгүнгөндүгүн каалганын сыртынан туруп угуп, катуу чочутуп жиберген Мартиндин сүйлөп жаткан сөздөрүнүн мазмуну болбостон, анын өзү менен өзүнүн күңгүрөнүп жаткандыгы болду.

Жогол лира!
Ырдап бүттүм ырымды!
Ырым чыгат кайгы менен —
Күчөттүрүп муңумду.
Кетти алыска ырларым,
Жогол лира!
Ырдап бүттүм ырымды!
Жалгыз туруп кээде ыргай жанында,
Кээде сонун, жашыл токой багында.
Жалындаган, жаштык кайрат чагымда...
Азыр мына, ырдаар менин алым жок, —
Кайгы мени кадамдатпай муунтат.
Көрдү көздөй унчукпастан баратам!
Жогол лира!
Ырдап бүттүм ырымды!..

Муну уккандан кийин Мария чыдап тура алган жок, ал от жагылып жаткан мешти көздөй чуркап, бир табак шорпого эки-үч кесим бышкан эт, үч-төрт кашык капуста салып, Мартинди көздөй кайра чуркап келди. Мартин столго чыканагы менен таянып, Мариянын алып келген шорпосун өзүнүн уктап жатып тап такыр жөөлүбөгөндүгүн жана саламаттыгынын эң сонун экендигин актануу жана далилдөө менен иче баштады. Мария кеткенден кийин Мартин бир топко чейин керебетинде бүкүрөйүп, эч максатсыз тамдын бир чекитин тешиле карап олтура берди. Күтүлбөгөн жерден анын көзүнө эртең мененки почточу алын келген журналдын саны уруна түштү! Бул «Парфеон» деп ойлоду ал, «Парфеондун» августтук саны, мында «Туруксуз» жарыяланып чыгышы керек. Эх, чиркин дүйнө ай, эгерде Бриссенден тирүү болсочу!

Ал журналды барактап ачып көрүп, таштай ката түштү. «Туруксуз» эн кооз тамгалар менен терилип, жана беттердин талаалары Бердслинин стилиндеги сүрөттөр менен көркөмдөлүп жана бир жак баш тамганын алдына — Бриссендендин, экинчисинин алдына — сэр Джон Вэлыонун британ элчисинин сүрөтү орноштурулун чыгыптыр. Редакция тарабынан жазылган кириш сөздөр сэр Джон Вэлыо жакын арада Америкада акын жок деп жарыялаган имиш. «Парфеон», «Туруксузду» жарыялоо менен ага мындай деп жоop бериптир: «Ме, алыңыз урматтуу сэр Джон Вэлью!» Журналда америкалык улуу сынчы катарында Картрайт Брюстун дагы сүрөтү басылып чыгып, анын «Туруксуз» жөнүндөгү төмөнкү сөздөрү келтирилген: «Бизде «Туруксуз» сыяктуу чыгарма

www.bizdin.kg

ушул күнгө чейин болгон эмес». Баш сөзү төмөндөгүдөн сөздөр менен аяктаган эле:

«Биз али «Туруксуздун» бардык көркөмдүгүн акырына чейин ачып көрсөтө алган жокпуз, балким аны эч качан көрсөтүүгө мүмкүндүк да болбос, бирок биз поэманы окуп жана кайталап окуп чыгып, мистер Бриссендендин чексиз сөз байлыгына айран таң калып жана өзүбүздөн-өзүбүз бир нече жолу мистер Бриссенден мынчалык укмуш сөз байлыгын кайдан алды, аларды кантип бириктирип берүүгө жетишти деп эрксизден суроого аргасыз болдук». Бул сөздөн кийин поэма жарыяланган.

«Сенин өлгөнүң жакшы болуптур, байкуш Брис!» деп ойлоду Мартин, журналды колунан жерге түшүрүп жиберип.

Мунун бардыгы тең адамдын жүрөгүн айландыргандай уят сыйыты жоктук жана жийиркеничтүү нерсе боло турган, бирок Мартин чыныгы жүрөк айнууну сезген жок. Анын ачуусу келип, буркан-шаркан түшүп, катуу урушкусу келди, бирок анын буга кубаты жетишпеди. Ал маң боло түшкөнсүдү. Анын денесинде каны токтолгонсуп, эми кыжыры кайнап буркан-шаркан түшкүсү келбеди. Бирок чындыгында мунун эмнеси бар экен? Мунун бардыгы тең Бриссенден каны-жаны менен жек көргөн буржуазия коомунун үрп-адат, салт-санаасына толугу менен туура келет.

— Байкуш Брис! — деп күңк этти Мартин дагы, — Ал эч качан мени бул үчүн кечирбес эле!

Ал арандан зорго ордунан козголуп, мурда машинкенин кагаздары салынган үкөктү өзүн көздөй жылдырды. Ал үкөктү аңтарып жатып, өзүнүн досу жазып калтырып кеткен он бир ырды тапты. Ал бул ырларды биринин артынан бирин корзинкага тытып ыргытты. Ал ырдын бардыгын тытып ыргытып бүтүп, кайра керебетине келип олтурду да, кайгылуу көз карашын айланага жиберди.

Ушинтип ал, канча убакытка чейин олтурганын өзү дагы билген жок; акырында анын көз алдына тумандуу алыстыктан ачык узун ак тилке көрүнө баштады. Бул өтө таң каларлык көрүнүш болучу. Бирок ал ага жакшылап көз жүгүртүп карап көрүп, бул ак тилке Тынч океандын акактуу аскаларынын биринин ак толкунунун сызыгы экендигин билди. Көз ачып-жумганча Мартин ак толкунга көз жиберип, андан чалдыбары чыккан бир кичинекей кайыкты көрүп калды. Белине кочкул кызыл кездемеден белбоо курчанып кайыктын арт жагында жаркыраган калагын толкунга улам матырып коюп, кара тору жаш баатыр олтурат. Мартин аны тааныды. Бул Таминин кенже уулу — туземецтердин башчысы — Моти деген боло турган, демек бул окуя Таита жээктеринде болуп өтүүгө тийиш жана ушул жердин дал өзүндө, акактуу аскалардын ары жагында Папара деген эң укмуштуу бир өлкө орношкон, мына ушул өлкөнүн чоң дайрасынын куймасына жакын жерде, ошол баатыр жетекчинин камыштан жасалган алачыгын көрүүгө мүмкүн эле.

Кеч кирип, Моти балык улоодон кайтып келе жатты. Ал өзүн ушул акактуу аскалардын ары жагына айдап барып таштай турган чоң толкунду күттү. Мартин өзүнө өзү ушул кайыкта олтуруп жана эбегейсиз жашыл зор толкун жапырылып келери менен калакты жан талаштырып шилтөөгө руксат эткен Мотинин буйругун күтүп тургандай сезип кетти. Андан кийин көз ирмемдей убакыттын ичинде ал өзүн-өзү сырттан каныкты байкагыч кишидей сезбестен, азыр чын эле кайыкка минип, Мотинин айкырган буйругу астында, кайыкты ого бетер өчөшкөндүк менен айдан баратты. Алар күчтүү толкундар жаба бергенден пайда болгон карсылдаган катуу дабыштар менен ызырынган ачуу үндөрдүн астында

алга жылып олтурушуп, бир кезде тынч кыймылсыз мелтиреген океандын булуңуна чыга келишти. Моти күлүп, туздуу суунун тамчылары кирип кеткен көздөрүн аарчыды, кайык болсо жай гана акак таштуу жээкти, кокостуу хурмалардын арасында батып бара жаткан күндүн нуруна алтындай жаркырап турган Таминин алачыгын көздөй суунун үстү менен жай гана сыйгаланып бара жатты.

Бирок күтүлбөгөн жерден бул көрүнүштөрдүн бардыгы эмнегедир тумандаша түшүп, анын көз алдына өзүнүн тар бөлмөсүнүн иретсиздиги тартыла түштү. Ал кайрадан Таитини көрүүгө бекер аракеттенди. Ал азыр кур- малуу бактын ичинде, ай нурунда ыр ырдалып, кыздар бийлеп жаткандыгын элестетти. Бирок ал, үстүндө кагаздар чачылып жаткан столдон жана көптөн бери жуулбаган кир терезелерден башка эч нерсени көрө албады. Ал кыңкыстап , кыйналып жатын араң дегенде көзү илинип оор уйкуга тартылып кетти.

XLI ГЛАВА

Мартин түнү бою жакшы уктай албай кыйналып чыкты, эртең менен аны почточунун эшикти такылдаткан дабышы ойготуп жиберди. Мартин конверттерди көңүлсүз ача баштады. Алардын биринин ичинде «каракчылар» журналдарынын бири салып жиберген жыйырма эки долларлык чек бар экен. Ал бул акчага жетүү үчүн туура бир жарым жыл аракет кылган эле. Бирок ал азыр акчаны алууга келгенде эмнегедир кош көңүл боло түштү. Ал азыр басмаканалык чекти алуудан эмнегедир мурдагыдай зор толкунануу сезген жок. Мурда ага бул чектер келечектеги улуу ийгиликтердин жышаанасы болуп көрүнгөн болсо, азыр анын колунда кандайдыр бир тамак аш сатып алып жей турган жөн гана жыйырма эки доллар турган эле. Мына ушул гана болучу.

Экинчи чек Нью-Порктук бир журналдан келген, бул журнал эчак бир кезде эле анын бир нече күлкүлүү ырларын, кабыл алган болучу. Бул он долларлык чек эле. Мартиндин башына бир ой келип, аны ал өтө кылдаттык менен талдап чыкты. Ал мындан ары эмне иш кыларын жана жалпы эле иштөө керекпи же жокпу буга түшүнө албады. Бирок, жашоо жана карыздардан кутулуу керек эле. Эгерде бул он доллардын бардыгын маркиге жумшап, столдун астында дөбөдөй болуп үйүлүп жаткан кол жазмалардын бардыгын кайрадан саякат жасоого жөнөтүш керекпи? Мүмкүн жок дегенде бир экөөнү кабыл алышаар. Бул ага жашоого мүмкүндүк берет. Мартин дал ушундай кылды. Ал окленддик казынага чектерин майдалатып бир канча марки сатып алды. Бирок, ал өзүнүн кепесине кайра кайтып, тамак бышырып ичүү жөнүндөгү ой аны жийиркендирип жибергенсиди. Биринчи жолу ал карыздарын төлөбөй коё турууну чечти. Ал он беш, жыйырма центке азык-түлүк сатып алса, үйүнөн бир жакшы тойгондой тамак жасап ичмек эле. Бирок, ал минтпестен «форум» кафесине кирип, тамак алып ичип, эки долларга араңдан зорго тойду. Ал чай менен эгипеттик чылымга ар бирине элүү центтен, жүз цент акча жумшады. Руфь тамекини таштаткандан бери ушул күнгө чейин чылымды оозуна алып койгон жок эле. Ал эми азыр болсо, тамеки тартуунун жыргалынан кантип баш тартат? Анын өтө тамеки тарткысы келди. Акчаны аяш керекпи? Ал беш центке кырк ором кагазы менен тамеки алмак, бирок мындан эмне чыкмак? Азыр акча ал үчүн бүгүн бир нерсе сатып алуудан башка эч кандай маниге ээ болбой калды. Ал турмуш дайрасынын агымы менен кошо жүрүп олтуруп, турмуштун өзөк тамырынын кагышын сезген жок, сезүү да ага жаш жүрөгүн эзген менен барабар болуп көрүндү.

Жипке тизилген шурудай болуп, күндүн артынан күн өтүп жатты, ал азыр ар түн сайын сегиз сааттан уктачу болду.

Жаңы чектердин келишин күтүп, бир тамагы он центтен турган япондук ашканачылардан тамактанып кичине семирейин деп калды. Жүздөрү толмоч тартып, кенен уктап, оор жумуш менен уйкудан калуудан кутулгандан кийин, кадимкисиндей өңүнө кире баштады. Ал бул күндөрү эч нерсе жазган жок, окуй турган китептер да тынч гана текчеде эс алып жатышты. Ал көп учурларда шаардын четиндеги дөңсөлөргө жалгыз барып, кээде бир нече саат бою бактын ичинде жүрүп көңүл ача турган.

Анын досу да, таанышы да жок эле, ал алардын болушун да каалабады. Эмне кереги бар? Мартин өзүнүн өчүп бара жаткандай өмүрүн кайра жандандырып жибере турган кандайдыр бир белгисиз жаңы шыктын болушун күткөнсүдү. Ал эми азырынча анын жашоосу болсо, заарканычтуу, көңүлсүз, эч кандай максатсыз өтүп жатты.

Бир күнү ал «чыныгы адамдар» менен жолугушуу үчүн Сан-Франциского келди. Бирок ал шаардын босогосун аттаары менен эле, кайра артын көздөй шарт бурулуп, аз улуттардын караңгы жер кепелерин аралап жөнөдү. Ал азыр өзүнүн философиялык талаш-тартыштарды угамын деген оюнан катуу чочуп кетти, ал турмак кокус алдынан «чыныгы адамдардын» бирөө жарымы чыга калып, көрүп койбосо экен деп коркконунан тызылдап чуркаган бойдон кетти.

Кээде ал журналдар менен газеталарды көрүп «Туруксуз» жөнүндө эмне жазылгандыгын издеди. Көрсө, поэма аябаган чоң чуу көтөрүп таштаган экен! Окугандардын бардыгы бул поэмабы же болбосо куру келжиректикпи, дешип аябай талашып-тартышыптыр! Жергиликтүү газеталар болсо, бул поэма жөнүндөгү көп сандаган илимий статьялар менен мыскылдуу макалаларга жана окуучулардын каттарына жык толуптур. Элен Делла Дельмар (сурнайлар менен барабандардын толкундаган үндөрү алдында Кошмо Штаттардын эң улуу акын-аялы деп жарыяланган болучу) Бриссенденге канаттуу аттан (ким бул атка минсе, ал сөзсүз акын болот деген ишендирүү) бирди берүүнү каалабай жана газеталар аркылуу окуучуларга узун сөздүү каттар менен Бриссенден таптакыр акын эмес жана ал түгүл болууга да мүмкүн эмес, деп кыйкырыптыр.

«Парфеон» өзүнүн акыркы сандарынын биринде ээн-баштык менен өз эркинче чуу көтөрүп жана сэр Вэльди маскаралап, анысы аз келгенсип, жүзү каралык менен Бриссендендин көзү өтүп кеткендигинен пайдаланып, аны эл алдында эч кандай негизсиз шагын сындыра ашкерелөөгө жетишкен. Дагы бир жарым миллион жазуучулары бар имиш бир газета Элен Делла Дельмардын Бриссенденди шылдыңдап көрсөткөн поэмасын басып чыгарды. Бул акын аял ушуну менен гана тынчып калбастан, «Туруксузду» маскаралагай сатиралык какшыктуу ырды да жаза койду.

Мартин өзүнүн досунун ушул күндү көрбөй дүйнөдөн өтүп кеткендигине кудайга мин бир эки алкыш айтты.

Ал топурандыны ушунчалык жек көрө турган, мына эми азыр дал ошол топурандынын бутунун алдында, өзүнүн эң ыйык жана кол тийгис деп эсептелген, асыл заттуу, эң кымбат нерсеси тепсенди болуп калып олтурат. Ал түзүп кеткен сулуулук менен кооздук күн сайын, кала берсе, саат сайын катуу сынга алына баштады. Кыскасын айтканда ар бир мен журналистмин деп көкүрөгүн каккандардын бардыгы тең Бриссендендин улуулугуна шек келтиришип, эл алдында өздөрүн көрсөтүү үчүн артык баш тантыраша башташты. Бир газета: «Бир мырзанын айтканына караганда-, ал дал ушундай

www.bizdin.kg

эле поэманы кала берсе мындан дагы сонун поэманы мындан бир нече жыл мурун эле, өзүнүн жазын койгондугун айткан». Экинчи бир газета чындыкты олут- туу түрдө жактап, Элен Делла Дельмарды анын какшык ырлары үчүн кекээрлеп мындай деп жазыптыр: «Мисс Дельмар өзүнүн бул какшыктуу ырын жазып жаткан учурда, бир улуу акын, экинчи бир улуу акынды ар качан урматтоо керек экендигин кыясы эсинен чыгарып салган болсо керек. Ким билет, балким Делла Дельмар жөн гана «Туруксуздун» ээсине суктанып жана ичи тарып жаткандыр, бирок канча жолу ошенткени менен акыры түбүндө көрүп турарсыз Делла Дельмар дагы башкалар сыяктуу эле, бул чыгарманын бардык сулуулугун сөзсүз түшүнө турган жана ал гана эмес, дал ушул сыяктуу поэма жазууга ынтызар да болгон күн келмек».

Диндик үгүтчүлөр «Туруксузду» өздөрүнүн үгүттөө темасы кылып алышты жана алардын ичинен бирөөнү сен динге каршы чыктың дешип жазага да тартып жиберишти. Улуу поэма калктын көңүлүн ачуудагы бирден бир керектүү каражат болуп калды. Күлкүлүү ыр жазуучулар менен шылдыңдагыч сүрөтчүлөр окуучуларды күлдүрүү максатында жарыша аракеттенишип, фельетонисттер дагы Чарли Френшэм кантип жашырын түрдө Арчи Дженнингске «Туруксуздун» беш сабы эле окуган адамдын жанын кайнатып, бирөөнүн чекесин жара муштоого түртөт, ал эми он сабы болсо, адамды өз боюн өзү сууга таштап жиберүүгө алып келерин билдиргендигин баяндоо менен өздөрүнүн өткүр акылдуулуктарын сынай башташти.

Мартин күлгөн да жана ачуусу келип кыжырданган да жок. Анын кайгысын азыр жер көтөрө албай турду. Анын сулуулукка чексиз берилген жүрөгү жарадар болгондон кийин, басма сөздөр менен урматтуу окуучулардын өйдө-төмөн калчашы анын эми кыжырын кайната албады. Журналдарга баа берүүгө Бриссендендин көз карашы аткан таңдай туура болуп чыкты, ал эми ушул калетсиз чындыкты туура түшүнүп, ага терең ишенүү үчүн Мартинге жылдар керек болду. Журналдар Бриссендендин күткөндөрүн актамак гана түгүл, андан ашып да түшүштү. Кантейин, кудай кылса кубарыңдын акысы жок деген ушул, — деп Мартин өзүн-өзү капалуу сооротту. Ал кыялынын арабасына жылдызды чегип, ал эми бул жылдыз болсо аны таш боордук менен сасыган сазга оодарып таштап кете берди.

Мына, азыр кайрадан анын көз алдына алыскы Таитинин эң кооз, таза жана ачык айкын оор көрүнүштөрү кадимки таасын сүрөткө окшоп тартыла баштады! Мына Наумотус түздүгү, мына тоолуу Маркизовдор аралдары. Ал көпчүлүк учурларда өзүн соода кайыгынын ичинде тургандай же болбосо, Папитэ аска таштарынын жаны менен же болбосо, Нука-Хива акактуу жээгинен акырын сүзүп бараткан кичинекей начар кайыкта олтуруп Тойохэде булуңун бойлоп бараткандай сезди, ал эми бул кичинекей булуңда болсо, анын келишинин урматына Тамара чочкосун союп, таң-тамаша куруп жибермек, ал гана эмес, аны Тамаранын кыздары да кубанычтуу тегеренишип, колдоруна гүл алышып, шаттык-күлкү ыр менен бийлешип тосуп алышмак. Тынч океан туруктуулук менен өзүнө чакырды жана ал бул чакырыкка эртеби кечпи өзүнүн сөзсүз жооп кайтарарын түшүндү. Азырынча ал, өзүнүн илимдердин улуу дүйнөсүнө жасаган узакка созулган саякаттарынан чарчап чаалыгышынан эс алып, тыныгып алуу үчүн агымды бойлоп ылдый көздөй сүзүшүн уланта берди.

Ал «Парфеондон» үч жүз элүү долларга чек алып, анысынан Бриссенден осуят калтырып кеткен адамга тил кат менен жүз долларын берди. Бриссенден тирүү кезин- де андан жүз доллар алган болучу. Катты кошо берди.

www.bizdin.kg

Эми Мартин мурдагыдай япондук ашканачадан тамактанганын токтотту. Ал турмуштан көңүлү калып, күрөшүүнү токтотор замат, бакыттын дөңгөлөгү оң жакты көздөй тегерене түштү. Бирок ал, өтө кеч айланды. Ал эч кандай толкунануусуз эле «Милленумдан» келген конвертти ачып анын ичинен үч жүз доллардык чекти сууруп чыкты. Бул болсо «Укмуштуу окуялар» үчүн жиберилген гонорар болучу. Мартиндин бардык карыздары, анын ичинде сүткорго төлөнүүчү бардык проценттери менен кошуп эсептегенде, жүз долларга да жеткен жок. Буларынан кутулуп жана Бриссендендин тирүүсүндө дайындап кеткен адамына жүз доллар жөнөтүп жибергенден кийин, дагы Мартнндин чөнтөгүндө туура жүз доллар акчасы калды. Ал өзүнө бир мыкты костюм заказ кылып, шаардын эң сонун кафелеринен тамактана баштады. Бирок ал мурдагы эле, Мариянын тооктун уясындай болгон кичинекей тар комнатасында жашай берди, анын жаңы костюму коңшулардын бардыгын таң калтырып, ал эми майда балдар болсо, азыр аны селсаяк, ууру деп атоодон ийменишип, ал түгүл анын артынан тамдын башына, жана короонун дарбазасынын кырына чыга калышып, таңыркаган көз караштары менен узатышчу болду.

Анын «Вики-Вики» деген гавайдык аңгемеси «Айына чыгуучу Уоррен» журналы тарабынан эки жүз элүү долларга сатып алынды. «Түндүк кабарчылар» болсо «Сулуулуктун бешигин» басып чыгарып, дагы бир журнал анын Мэриендин урматына арнап жазган «Төлгөчү аял» деген ырын кабыл алды. Басмакананын кызматкерлери менен окуучулар жайкы дем алыштан кайтып келишип кол жазмалар бөтөнчө тездик менен тарай баштады. Мартин бир эки жыл мурун өзүнүн бул чыгармаларынын бирин да эч жерге өткөрө албаган болсо, азыр эмнегедир бардыгы жапырт качырышып, биринен сала бири талашып чыгара башташынын себебине такыр түшүнө албай кетти. Анын ушул күнгө чейин бир дагы чыгармасы жарык көрө албаган. Аны мурдагыдай эле, Окленддин тегерегинен башка эч ким билбеди, ал эми окленддик жашоочулардын аны билебиз дешип көтөрүлүшкөн кээ бирөөлөрү үчүн ал «кызылдардын» арасынан чыккан каардуу социалист катары гана белгилүү болучу. Мына ушинтип, күтүлбөгөн жерден болгон бул чукул өзгөрүштү эч кандай себеп менен түшүндүрүүгө мүмкүн эмес эле. Бул болсо, жөн гана тагдырдын тамаша кылып ойногондугу эле.

Бир нече журналдар катары менен «Күн наалатын» четке кагып салгандан кийин Мартин өзүнүн дүйнөдөн кайткан досу Бриссендендин акылдуу кеңештерин эске алын, бул чыгармасын китеп басып чыгаруучу басмакананын бирөөнө сунуш кылып көрүүнү чечти. Бир топ тоскоолдуктардан кийин, акырында анын кол жазмасы эң көрүнүктүү фирмалардын бири болгон — Синглтри, Дарнлей жана Ко фирмасы тарабынан басып чыгарууга кабыл алынды. Мартиндин секелет жөнүндөгү өтүнүчүнө жооп кылып, басма кызматкери ага бул сыяктуу китеп адет боюнча бизде үмүттү актай албайт жана китеп басылып чыкса дагы, миң даанадан ашык сатыларын же сатылбасын бир кудайдын өзү билет, деп түшүндүрүп кат жазып жибериптир. Мартин эгерде ар бир китеби бир доллардан сатылган учурда дагы он беш проценттен эсептегенде жүз элүү доллар алууга тийиш экендигин түшүндү. Мына ушундан кийин ал келечекте жалаң гана беллетристика жазууну чечти. «Укмуштуу окуялар», «Күн наалатына» караганда төрт эсе кыска болсо дагы, ага эки эсе көп киреше алып келди. Акырында анын качандыр бир кездеги газетадан окуган жазуучулук гонорар жөнүндөгү маалыматтар анык болуп чыкты. Биринчи даражадагы журналдар чындыгында эле кол жазма кабыл алынары менен төлөшүп жана төлөгөндө да, эң мыкты

www.bizdin.kg

төлөшөт экен. Кала берсе «Миллениум» аңгемесинин ар бир сөзүнө эки эмес, төрт центтен төлөп берди. Ал эми бул «Миллениум» калыбы ар качан эң мыкты деген материалды сатып алышса керек. Мына дал ушул журнал анын чыгармасын сатып алып олтурбайбы. Мына ушул ойдон Мартин капалуу жылмая түштү.

Ал Синглтри, Дарнлей жана Ко го, Сиздерге «Күн наалатын» баш оту менен сатууга даярмын, эгерде сиздер бул үчүн мага жүз доллар төлөсөңүздөр деп жазды. Бирок басмакана бул ишке тобокел кылууга батына албады. Бирок Мартин бул учурда акча жагынан анчалык муктаждыкты сезген жок, себеби анын акыркы жазган бардык аңгемелери бир аз саякаттап жүргөндөн кийин туташ кабыл алынып жана акчасы төлөнгөн болуучу. Мартин ал гана эмес, бир нече жүз долларын казнага салып койду. «Кечиккен сүйүү» болсо, бир аз саякаттап жүргөндөн кийин Мередит-Лоуэл басмаканасынан орун тапты. Ал өзүнүн Гертрудадан карыз алган беш долларын кайра жүз эсе кылып кайтарамын деген сөзүн эсине түшүрүп, басмаканага бир беш жүз доллар өлчөмүндө секелет салып жиберишин өтүнүп кат жазып жиберди. Бул суммадагы акча чегин токтоосуз салынып жиберилгендигине ал айран-таң кала түштү. Мартин бул чегин алтынга майдалады да, эжеси Гертрудага мен сизге жолуккум келет деп телефон урду.

Гертруда шашып-бушуп, күйүккөнүнө карабастан чуркап келди. Ал Мартиндин башына кандайдыр бир кыйын иш түшкөндүгүн сезе коюп, кичинекей капчыгына өзүнүн бар болгон анча-мынча тыйын-тыпырларын бүтүн салып, Мартинди көздөй шашты, сөзсүз бир балекет болбой койгон жок деп терең ишенгендиктен, Мартинди мойнунан кучактап жана анын колуна алып келген акчасын кармата коюп, буркурап ыйлап жиберди.

— Сизге мен өзүм эле барат элем эжеке, — деди Мартин, — бирок мен мистер Хиггинботам менен урушууну каалаганым жок! Барсам шексиз чатак болмок!

— Эч нерсе эмес, ал эми чатагын коёт да койбогондо кайда барат дейсиң, — деди эжеси аны ишендирүүгө аракеттенүү менен, эмне кырсык болгонун так билүүгө шашып, бирок өзүң бир жерге тезирээк кызматка орношкун. Бернард жездең адамдардын адал эмгек, ак мейнет менен жан сакташын өтө жакшы көрөт. Газетадан сен жөнүндөгү макаланы окуп алып, аябай капа болду, анын мынчалык албууттангандыгын мен эч качан көргөн эмесмин.

— Менин эч ишке киргим келбейт, — деди Мартин эжесине жылмаюу менен, — бул сөздү менин атымдан Бернардга айта барсаңыз да болот. Мага эч кандай, эч кандай иштин кереги жок. Мына ал үчүн далил...

Ал Гертруданын этегине ар бири беш доллардык жаркыраган туура жүз алтын долларды шыңгыратып төгүп жиберди.

— Эсиңиздеби, баягыда сиз бир жолу мага трамвайга акчам жокто беш доллар бербедиңиз' беле? Мына ошол беш долларыңызды жана дагы анын үстүнө ошол беш доллардын токсон тогуз ар түрдүү жаштагы, бирок бирдей сапаттагы бир туугандарын кошо алыңыз.

Коркуп шашып келген Гертруданы азыр дүрбөлөңдүү коркунуч басты. Бул коркунуч анын жүрөгүндөгү бардык шектенүүлөрдү сүрүп чыгарды. Ал көзү көрүп турган нерсеге ишенбей коё алган жок. Корккону нан бүткөн бою калтырап жана аны кадимки тозоктун отундай
куйкалап бара жаткан сыяктуу бул алтын төгөрөкчөлөргө кол тийгизүүдөн да чоочулай түштү.

— Ушунун бардыгы сеники! — деди Мартин каткырып.

Гертруда катуу тилденип, өксүп ыйлап жиберди.

— Байкуш бала! Байкуш бала! — деп ал ого бетер боздой түштү.

Алды менен Мартин эмне кыларын билбей, шашып кетти. Бирок ошол эле замат Мартин эжесинин эмне үчүн мынчалык күчтүү тынчсызданып жатканын сезе коюп, ага китеп басмаканасынан келген катты көрсөттү. Гертруда аны араңдан зорго окуп, көз жашын аарчынып жана акырында ишенер-ишенбес үнүн акырын чыгарып мындай деп сурады:

— Демек, сен бул акчаларды эмгегиң менен таптыңбы?

— Ананчы! Мен бул акчаларды утуп да албастан эмгектенип иштеп таптым.

Гертруданын көздөрүндө үмүттүн нурлары түшүп жана ал катты дагы бир жолу шашпай кайталап окуп чыкты. Мартин өзүнүн бул чоң акчага кантип жетишкендиги жөнүндө Гертрудага араңдан зорго жатып түшүндүрдү. Ал эми баарынан кыйыны — бул акчанын бардыгы эжесине тиешелүү экендигин жана өзү болсо, акча жактан эч бир муктаждыгы жок экендигин түшүндүрүү болду.

— Мен бул акчаларды сенин атыңдан казынага салып коёмун, — деп чечти Гертруда.

— Жок, эгер алгың келбесе, мен анда бул акчалардын бардыгын Марияга берип коёмун. Ал бул акчалардын жайын тапканды билет. Мен сенден бул акчаларды алгын дагы, бир үй кызматчысын таап жалдап, өзүң мыктылап туруп эс алышыңды талап кыламын. Түшүн- дүңбү?

Бирок мен бул жөнүндө Бернардга айтышым керек, — деди Гертруда коштошуп жатып.

Мартин саал кабагын чытый түштү.

— Мейлиң айтсаң айт, — деди ал акырында — мүмкүн ал азыр мени үйүнө конок болуп кетүүгө чакырар.

— Албетте, чакырат! Мен анын чакырарына сөз жок ишенемин! — деди эжеси кубанычтуу кыйкырып, аны мойнунан кучактап туруп бетинен өөп, өөп жиберип.

XLII ГЛАВА

Бул күндөрү Мартин өзүн эмнегедир көңүлсүз сезди. Ал алдуу-күчтүү, саламаттыгы соо жана кыларга да эч иши жок эле. Окуп жана жазгандыгын токтотуп, Бриссенденден ажырап, Руфтун сүйүүсүн жоготкондон кийин өзүнүн өмүрүндөгү чексиз көңдөйлүктү сезе баштады. Ал өмүрүнүн бул көңдөйлүгүн ресторандар жана эгипеттик папиростор менен толуктаймын деп бекерге аракеттениптир. Албетте, аны Улуу океан дегдетип өзүнө чек- сиз тартпай койгон жок, бирок ал Кошмо Штаттардагы кармашуу али толук бүтө электигин түшүндү. Жакында анын эки китеби басмадан чыгат жана мүмкүн анын башка китептери дагы өзүн басып чыгарууларды табар. Ал эми бул болсо — акча болуучу, ошондуктан алтын издеп түштүк деңиздерди көздөй кап көтөрүп жөнөөгө ашыкпай коюуга да мүмкүн эле. Ал Маркизовдор аралдарынан чилилик бир миң долларга сатып алууга мүмкүн боло турган бир сонун кооз өрөөндү биле турган. Бул өрөөн аттын такасындай болуп ийрилип жаткан булуңдардан тартып, чокулары ак булуттарга сайылып турган аскар тоолорго чейин созулуп жаткан эле.

Бул булуң болсо, анын бардык билишине караганда эң укмуштай кооз жана океандык чоң кемелер токтой турган терең болучу, ал эми Тынч океандык жол көрсөтүүчү маалымат китепчесинде болсо, бул булуң океандын ушул бөлүгүндөгү эң сонун Гавань катары баянда- лып жазылган. Ал анчалык чоң эмес, тез сүзүүчү жел кеме сатып алып, соодагерлик жана балык кармоочулук менен кесип кылууну чечти. Бул өрөөндө анын өзүнүн базасы болот. Ал бул жерге кадимки жол башчы Таминикиндей болгон алгачкы коомдук алачыкты куруп

www.bizdin.kg

алат да, өзүнө кара туземецтерден төрт-беш кишини акысын төлөп жалдап алат. Ал Тайохэден келген факторлорду, соода кемелеринин капитандарын контрабандисттер менен мээримдүү деңиз кайырчыларын кабыл алмак. Ал коркпостон, ачык жашап, конокторду болсо кадимки падышалар сыяктуу кабыл алат. Мүмкүн ал жерге барганда качандыр бир кезде окуган китептерин жана баш- тан аяк жомоктогудай кызык болуп көрүнгөн дүйнөнү унутуп коёр.

Бирок, бул үчүн ал Калифорнияда олтуруп кабы алтынга жык толгончо күтүү керек болучу. Акча болсо, азыр ага суудай агып келе баштады. Эгерде анын жок дегенде бир китеби чыгып кете турган болсо, анда анын бардык кол жазмалары шыдыр эле өтүп кетмек. Ал эми, каалаган булуңу, өрөөнү жана кайыгы колуна эртерээк тийиши үчүн ал бачымдап майда аңгемелер менен ырлардын жыйнагын түзүп жиберүүгө тийиш. Эми ал эч качан жазбайт. Ал муну изден тайбастан жана түбөлүккө чечти. Бирок азыр өзүнүн китеби чыгып жаткан кез- де эки колун, сууга салып олтурбастан, бир аракет кылыш керек эле. Ал эми азыркыдай бүткүл дүйнөгө, жашоого кош көңүлдүүлүк жана терең чегүү менен мамиле кылуу кечиримсиз боло турган.

Бир күнү ал, жума күнү Шелл-Моунд-багында ташчылардын оюн-шоок кечеси болорун билип, барып келүүнү чечти. Ал өзүнүн өткөн жылдарында бул сыяктуу оюн-шоок кечелеринде тез-тез болуп, бул сыяктуу кечелердин сырын жакшы билүүчү, ал эми азыр ал ушул бакка кирери менен ошол эчаккы унутулган жаш кезектин элестери сезиминде ойгоно түшкөндөй болду. Бул жумушчулар болсо, чындыгында анын чөйрөсүндөгү жолдоштору боло турган. Ал ушулардын арасында туулуп, ушулардын арасында чоңоюп өскөн жана ал азыр алар менен көп жылдардан кийин кайрадан жолугушуп олтургандыгына өтө кубанычтуу болду.

— Ой, бул Мартин эмеспи? — деген сөз анын кулагына күтүлбөгөн жерден шак дей түштү. Аңгыча болбой тааныш бирөөнүн колу аны ийинден булкуп алгандай болду, — Ой, каяктан шумпай, кайда жүрөсүң... Деги дарегиң чыкпай кетти да? Сүзүүдө жүрдүңбү? Же кай- да жүрдүң? Кана эмесе, кел олтура кой, бир нерсе жутуп коёлу!

Бул болсо, кээ бир гана жолдоштордон башкасынын бардыгы баягы эле, эски компания боло турган, рас алардын да кээ бирлери бул жерде жок эле. Булардын бардыгы тең ташчылар эмес эле, бирок алардын бардыгы бул сыяктуу жекшембидеги оюн-шоок кечелеринде болушуп, кумардан чыкканча бийлешүүнү жана өткөн кеткендерди козгошуп аңгемелешүүнү, күчтөрүн сынашып көрүүнү өтө каалашуучу. Мартин алар менен кошулуп бир аз ичкенден кийин кызый түштү. «Кандай акмакчылык, — деп ойлоду ал, — карачы, булар менден канчалык алга озуп кетишкен!». Ал ушул замат өзүн-өзү эгерде өз чөйрөмдү чанып кетпеген болсом, эгерде илимдердин артынан түшүн, кубалабаган болсом жана өзүмдүн жогору турган адамдардын чөйрөсүн көздөй умтулбаган болсом, азыркыга караганда алда канча бактылуураак болмок элем, деп, катуу жемелеп жиберди. Кала берсе, пиво дагы ал жылдардагыдай даамдуу көрүнбөйт! Даамы таптакыр ал кездегидей эмес. Калыбы, ага бул жөнөкөй пивону унутууну Бриссенден, ал эми өзүнүн бала кездеги шайыр теңтуш-курдаштарын унутууну болсо ага китеп үйрөткөн болсо керек. Бирок, ал өзүнүн али бардыгынан таптакыр артта калбагандыгын далилдөө үчүн, павильонду көздөй бийлөөгө жөнөдү. Павильондон ал эжесинин квартирасында туруучу Джим деген жигит менен кездешип калды, анын жанында кара көз, кара чач, сулууча келген бир узун

www.bizdin.kg

бойлуу кызы бар экен. Ал Мартинге эмнегедир бөтөнчө кичи пейилдикти көрсөткөндөй боло түштү.

— Мына, бул ушундай жигит болучу! — деди Джим Мартиндин жолдошторунун саал ачуусун келтиргендей, жана өзүнүн кызы менен Мартиндин чимирилип сонун бийлеп жаткандыгына кызыгуу менен көз жиберип. — Бирок, менин капа болгонум да жок. Кайра мен муну жолуктургандыгыма өтө кубанычтуумун! Карачы, кандай укмуштай бийлейт, ия! Ушундай жигит менен бийлеген кызды ким күнөөлөйт.

Бирок, Мартин кара көз кызды Джимдин колуна таптаза бойдон алып келип тапшырды жана ал үчөө табышкандык үчүн деп, бир стакандан вино кагыштырышып жиберишти да, дагы бир беш алты достор менен бирге каткырышып, күлүшүп, көңүл ачууну уланта беришти. Мартиндин кайтып келишине бардыгы кубанычтуу болушту. Анын жарыкка али бир дагы китеби чыга элек эле, мына ошондуктан ал алардын мамилесинен эч кандай шек санай турган жасалмалуулукту сезмек эмес. Алар анын дал өзүн гана сүйүшө турган. Ал куугундан кайтып келип, өзүн азыр кадимки жалгызсыраган кандын уулундай сезип жана жүрөгү бул — шат-шайыр куулук-шумдугу жок анык жүрөктөн чыккан тамашага термеле түштү. Мартин табына келе түшкөндөй болду. Анын үстүнө дагы чөнтөгүндө долларлары шыңгырап, ал бул долларларын оңду-солду аянбастан кадимки мурдагы сүзүүдөн келген кездеги сыяктуу чача берди.

Аңгычакты болбой, Мартин бийлеп жүргөндөрдүн арасынан Лиззи Коноллини көрүп калды, ал кандайдыр бир жумушчу жигиттин кучагында тегеренип жүргөн эле. Бир аздан кийин Мартин павильонду кыдырып жүрүп, анын тегерегинде муздак ичкилик ичип жатышкан столдо олтургандыгын көрдү да, токтоло түшүп жанына басып келди. Лиззи Конолли бул жолугушууга өтө таң кала түшүп жана кубанып кетти. Ал Мартиндин жалындуу музыка тартылып жаткан бак жакка барып кичине сейилдеп жана сүйлөшүп келели деген сунушун кабыл алды. Биринчи эле сөздөн Мартин бул кыз шексиз өзүнө таандык экендигин ачык түшүнүп турду. Бул жөнүндө анын каймактана түшкөн көздөрүнөн чыбыктай болгон денесинин кыймылдарынан жана анын Мартиндин ар бир сөзүнө ой жүгүртүп, бөтөнчө көңүл бургандыгынан ачык-айкын сезүүгө мүмкүн эле. Бирок, азыр Лиззи баягыда Мартин театрдан жолуккандагыдай жаш кыз эмес эле. Ал азыр аял болуп калган, бирок ошондой болсо да, анын жаштык шайырдыгы, жагалданган сулуулугу эми толук көркүн ачкан кези жана анын жандуулугу мурдагыдай эле калып, бирок, саал токтоо болууга үйрөнө баштаган.

— Карачы, чүрөк тим эле, анык чүрөк, — деди Мартин эрксиз толкундануу жана суктануу менен. Мартин эгерде кичине эле көз ирмеп, же болбосо, акырын гана «жүр» деп коё турган болсо, Лиззинин, өзү менен бирге жердин жети катар түбүнө болсо да, кете берүүгө даяр тургандыгын толук сезип турду.

Ушул учурда кандайдыр бир адамдын темирдей катуу муштуму келип анын желкесине тарс дей түшкөнүн сезди. Моюнга талдап урса керек, бирок шашып кетип, жаза коюп калгандай болду. Бул күтүлбөгөн жерден кол салган адам Мартинди дагы бир жолу кайталап коюп жиберейин дегенче болбой, ал чукул бурулуп кетип тийбей калды. Мартин эптүүлүк менен буйтай бер- генде, муштаган жерине тийбей калды жана Мартин жооп кайтарган сокку менен өзүнүн душманын жерге көмөлөтө уруп жыкты. Бирок, ал ошол замат буркан-шаркан түшө ордунан кайра ыргып турду, Мартин анын жек көрүүмдөн кубара түшкөн жүздөрүнө таң калуу менен карап, ичинен мен бул жигитти мынчалык авалга жеткиргендей эмне кылдым? — деп ойлоду. Ошондой болсо да,

www.bizdin.kg

бул таң калуу ага кайрадан баш тартпаган сокку урууга жана бир уруу менен душманын жерге сулатып түшүрүүгө тоскоолдук кыла албады. Джим жана анын башка жолдош-достору экөөнү курчап алышты да, катуу кыжың-кужуң боло түштү.

Мартин катуу калтырап кетти. Мына эмесе, баягы өткөн бактылуу күндөр: бийлер, шоок-кечелер, мушташуулар! Ал өзүнүн күтүлбөгөн душманын көз жаздымынан өткөрүп жибербестен туруп, Лиззи Коноллини көздөй, тез көз жиберди.

Демейде мындай окуялар болуп жаткан учурда кыздар корккондорунан кыңкысташып, эмне кылышарын билбей, далбастай түшүшөр эле, бирок Лиззи антпеди. Ал бүткүл денеси менен алга умтулуп, демин чыгарбай эки колун көкүрөгүнө алып карап турду жана анын жүздөрү кызарып; көздөрүнөн болсо кубануунун нурлары чачырай түштү.

Мартинге кол салган адам болсо, ордунан тез тура калып, өзүн коё бербей турушкан жумушчулардын колунан бошонуп кетүүгө жулкунду.

— Кыз мени менен барууну каалаган болучу! — деди ал, жек көрүү менен чаңырып. — Ал мени менен барууну каалаган болучу, бирок мынабу арсыз акмак аны ээрчитип кетти! Коё бергиле! Мен анын атасын таанытамын!

— Сен эмне, жинди болуп кеттиңби! — деди Джимми аны токтотууга аракеттенип. Бул Мартин Иден эмеспи! Сен аны менен андан көрө такыр байланышпагын. Ал сенин мурдуңду кандап коёт.

— Эмне үчүн анда кызымды алып кетет? — деди ал кыйкырып. — Алып кетүүгө кандай акысы бар?!

— Ал сен гана эмес, атактуу голландиялык жел тамандын оозун буза койгондугун билесиңби? Ал дагы оңой жигит эмес болучу, ошондой болсо да, аны эки ургандан чыгарган эмес. Ал эми, сен болсоң, анын колунун учуна да келбейсиң. Билдиңби?

Бул сөздөн, калыбы, тиги жигит саал сездей түштү окшойт, Мартинди көздөй тешиле бир жолу тиктеп алды да, көп анча кыжырданбастан мындай деди:

— Андай деле түрү байкалбайт.

— Голландиялык жел таман да сенчилеп ойлогон, — деп Джимми ишендире баштады. — Жүргүн! Бул ишти таштагын! Башка кыздар эмне, түгөнүп жок болуп калыптырбы, ыя?

Жигит акырында макул болуп жана бардык компания павильонду көздөй жабыла бет алышты.

— Бул жигит ким? — деп Мартин Лиззиден сурап калды. — Эмне болуп кеткенине өзүм дагы түшүнбөй кеттим.

Ал, күрөшүү дагы өзүн мурдагыдай толкундатпагандыгып кайгыруу менен сезип турду. Ал өзүн-өзү талдоого терең берилип кетип, кадимки алгачкы доордогу адамдар сыяктуу ойлоо да, сезүү да жөндөмдүүлүгүнөн ажырай түшкөндөй болду.

Лиззи башын ийкеп, мындай деди:

— Ооба, бул бир тааныш жигит, экөөбүз акыркы күндөрдөн бери таанышып, көңүл ачып жүргөн элек.

Лиззи бир аз унчукпай калды да, анан кошумчалап:

— Жөн эле, өтө эригип кеткен болучумун... бирок мен сени эч качан унуткан эмесмин...— ал үнүн басыңкыраак чыгарып, көз карашын айланага жиберди. — Эгерде сиз мени менен жүрө турган болсоңуз, аны таш- таш оңой!..

www.bizdin.kg

Мартин аны көздөй кылдаттык менен көз жиберип чыгуу менен, азыр колдон алып, өз эркинче бекем сыга кучактоого мүмкүн экендигин сезип турду, бирок анын жөнөкөй чыгып жаткан сөздөрүн тыңдоо менен, кайра аны китептик жылма сөздөр менен алдагысы келбеди жана... Лиззинин сөзүнө жооп берүүнү да унутуп койду.

— Сиз аны мыктылап текке келтирип койдуңуз окшойт, — деди Лиззи каткырып күлүп.

— Чымыр жигит көрүнөт, — деди кең пейилдик менен Мартин. — Эгерде бизди ажыратышып кетпегенде, аны менен далайга чейин кармашууга туура келмек эле.

— Баягыда бир, сизди мен бир кыз менен бара жаткандыгыңызды көрдүм эле, ал кайсы кыз эле? — деп сурап калды Лиззи.

— Жөн эле бир, тааныш кыз болучу, — деп жооп берди ал.

— Ким билет, ошондо бир көргөм айтор, — деди ал ойго чөгө түшүп, — азыр мен үчүн ал окуя миң жыл мындан мурун болуп өткөндөй сезилгенсийт!

Мартин анын бул сөзүнө эч нерсе деп жооп кайтарбастан, сөздүн темасын башка жакка буруп кетти. Алар ресторанга барышып, вино ичишип, кымбат баалуу тамактардан жешти, андан кийин ал экөө бийге келишип, кумардан канганча, буттары талыганча аябай бийлешишти. Мартин бийлөөнү укмуштай сонун биле турган мына ошондуктан Лиззи бут-бутуна тийбей эпелектей катуу чимирилип бийлеп жатты; ал башын Мартиндин ийнине акырын коюп, чексиз жыргалга күшөй түшкөндөй болду. Андан кийин алар кайрадан бакка барышып жана өздөрүнө жаккан эски адат боюнча, Лиззи көк шиберге көчүгүн коюп, бутун сунуп жиберип, Мартин болсо, чалкасынан түшүп, башын Лиззинин тизесине жөлөп жата кетти. Ал мына ушинтип жатып, тез эле үргүлөп кеткендей болду, ал эми Лиззи болсо, анын чачтарынан эркелеткендей сылап чексиз сүйүү жанган көз караштарын анын жүздөрүнө жиберди.

Мартин бир аздан кийин көзүн ачып, Лиззинин көздөрүнөн назик нурданууну учуратты. Лиззи уялынкырай түштү да, кайра ошол замат чыйрала түшүп, Мартинди көздөй чечкиндүү жана өткүр көз карашын жиберди:

— Мен сени канча жылдар бою күттүм, — деди ал үнүн угулар угулбас чыгарып.

Мартин үчүн бул эч качан болууга мүмкүн эместей сезилсе дагы, бул иш жүзүндө боло турган турмуштук чындык эле. Кандайдыр бир зор күч аларды өз кучагына тартып кеткендей болду: ал Лиззини бактылуу кылам десе дагы, дебесе дагы өзү билип турат. Эгерде ал өзү бактылуу болбогон соң, башканы бактылуу кылууга тийиш эмеспи? Кала берсе, Лиззини бактылуу кылсачы? Ал бул кызга үйлөнүп алып, өзү менен кошо аны Маркиздер аралына алып кетсе да болмок. Ал чын эле ушинтсем деп оолуга түшүп барып, эмнегедир кайра токтоду. Ошондой болсо дагы, ал өзүн өзү жеңүү-менен сүйүү сезимине бекемдигин көрсөттү. Өткөндөгү шайкелеңдик менен жеңилдик азыр жок болду. Ал мезгил эми тиленсең да, кайтып келбейт. Азыр мурдагы Мартин жок, ал аябай өзгөрүлүп калган жана өзүнүн канчалык өзгөрүлгөндүгүн ал азыр гана билип олтурат.

— Лиззи, мен күйөөлүккө жарабаймго, — деди ал жылмайып.

Лиззинин колдорунун кыймылдары бир аз токтоло түшүп, кайрадан Мартиндин чачтарын назиктик менен сылай баштады. Мартин анын жүздөрүнөн күтүлбөгөн жерден сурдануу менен чечкиндүүлүктүн белгилери түшүп барып, тез эле кайра жоголуп, ошол эле замат кайра анын жүздөрүнө уялуунун кызыл

www.bizdin.kg

боёктору тарай түшүп, көздөрү болсо, назик жана эркелеткендей нурланып кеткендигин даана байкады.

— Мен ал жөнүндө айтайын деген жок элем, — деди Лиззи уялыңкырай түшүп, — бул мени, чынын айтканда, кеп анча тынчсыздандыруучу маселе эмес. Ооба, — деди ал саал токтоло түшүп, кайталап, — бул маселе мени көп анчалык тынчсыздандырбайт. Мен сиз менен достошкондугум үчүн рас, өтө сыймыктанам. Мен сиз үчүн бардыгына даярмын. Мүмкүн, менин мүнөзүм ушундайдыр!

Мартин олтура кетти. Ал Лиззини колдон алып, өзүн көздөй имерип, бекем сыга кучактап койду. Бирок бул кучактоодо эч кандай жалынданyy жок эле. Бул кучактоодон Лиззиге жылуулук келбестен, тескерисинче муздак илеби келип тургандай сезилди.

— Ал жөнүндө азыр кеп козгобой коёлучу, — деди Лиззи.

— Сиз өтө боорукер жана асыл кызсыз, — деди Мартин, — мен сиз менен достошконума сыймыктанышым керек... Мен чындыгында эле, сыймыктанамын, рас, рас, ишене бериңиз! Сиз мен үчүн караңгы жана кайгылуу дүйнөдөгү тийген күндүн нурундайсыз, мына ошондуктан мен сизди, сиз мени кандай ардактаган болсоңуз, мен дагы сизди дал ошондой эле ардактаймын. Ишенип коюңуз.

— Мага чындыгында баары бир. Сиз мени ардактайсызбы же ардактабай коёсузбу. Мен сизди сүйөмүн. Сиз үчүн керек болсо, жаным да даяр. Мына ошондуктан сиз мени эмне кылсаңыз өзүңүз билесиз. Мага десеңиз, мени балчыкка басып туруп, аябай тебелеп таштасаңыз да, өзүңүз билесиз. Бирок, бир гана сиз ушинте аласыз, — деди ал, сыймыктануу менен башын силке жогору көтөрүп, — мен бекеринен кичинекейимден бери көздөй өзүмдү өзүм, бекем башкарууга үйрөнгөн эмесмин!

— Мына, дал ошондуктан мен сиз менен кадимки ак ниеттүү чын досторчо мамиле кылышым керек, — деди ал эркелеткендей. — Сиз ушунчалык адамкерчиликтүү жана асыл адамсыз, мына ошондуктан мен сизге эрксизден кичи пейил мамиле жасоого тийишмин. Мен үйлөнө албаймын, мурдагыдай үйлөнбөй туруп, сүйө да албаймын, жок. Мен сизди бүгүн жолуктургандыгыма өтө өкүнөмүн. Бирок, болор иш болду. Лиззи! Ишенсеңиз, сиздин мага канчалык жагып тургандыгыңызды түшүндүрүүгө сөз да таба албайм. Кала берсе, мен сизге өтө таң калып жана алдыңызга башымды ийемин. Сиз ырасын айтканда талашсыз эң сонун кызсыз! Бирок, сиз муну айткан менен айтпаганда эмне пайда деп, суроо берерсиз, туурабы? Мен сиз үчүн бир гана иш кылгым келет. Сиздин тагдырыңыз өтө оор болгондугу рас, жакшы билемин, жана ал тагдырыңызды жеңилдетүүгө сиз мага руксат этиңиз! — Лиззинин көздөрүнөн кубанычтын нурлары чачырай түшүп, кайра ошол замат өчтү. — Жакында мен өтө көп акча аламын! Өтө көп!

Ушул замат ал мурдагы өрөөн, булуңун жана камыш алачык менен, ак жел кайык жөнүндө унутуп койду. Чындыгында, мунун бардыгынын эмне кереги бар эле? Кала берсе ал, каалаган кемеге түшүп, каалаган жерине сүзүп бара алат эмеспи.

— Мен ал акчаларды сизге бергим келип турат. Сиз бир курска кирип, кандайдыр бир кесипке ээ болуп алсаңыз да болот. Кааласаңыз, стенографистка болуп алыңыз. Мен анда сизге өзүм жардам берем. Же, мүмкүн сиздин ата-энеңиз бардыр? Эгер бар болсо, мен аларга азык-түлүк дүкөнчөсүн сатып да бере алат элем. Кана, мага эмне кааларыңыздын четин эле билгизип коюңузчу, мен кандай орундатар экем.

www.bizdin.kg

Лиззи эки колун тизесине коюп, капалуу көз карашын алга жиберип олтурду да, эч нерсе деп жооп кайтарган жок. Мартин ушул замат анын эмне жөнүндө ойлонуп, капаланып тургандыгын сезе коюп, жүрөгү аянычтуу сого түштү. Аттигинай жанагы сөздү айтпаш керек эле. Анын сунуш кылгандары Лиззинин ага чексиз берилгендиктери менен салыштырганда, болбогон бир нерсе катары болуп көрүндү. Сүйүүнүн ордуна — акча! Ал болсо, Лиззиге өзүнөн арткан нерсени сунуш кылып олтурат, ал эми Лиззи болсочу, — уяттан да, сыйыттан да, шылдың болуудан да түбөлүк азап чегүүдөн да коркпостон, ага өзүн бүт бойдон арнаган эле.

— Ал жөнүндө азыр сүйлөшпөй эле коёлучу, — деди да ал, тамагына бирдеме тыгыла калгандай, жөтөлүп жиберди. — Кетиш керек! Өтө чарчадым!

Оюн-тамаша аяктап, бир дагы адам калбай, бардыгы тарап кетишти. Бирок, Мартин менен Лиззи бактан чыгып келе жатышып өздөрүн күтүп турган бир топ карааанды көрүштү. Мартин иштин эмне экендигин түшүндү. Кармашканы турушса керек. Булар болсо, Мартиндин жолдоштору эле. Мартинди тигилер кокус уруп кетпегей эле дегенсишип, кайтарышып турушкан. Алар Мартинди бактын темир дарбазасына чейин узатышып келди. Ал аңгыча болбой ар жактан бир топ караан чыга калды. Бул болсо, баягы Мартнн кызын «тартып» алган жигиттин жолдоштору эле. Боло турган тартипсиздикти алдын-ала сезишкендей бир нече полицейский аларга кагылышууга жол бербес үчүн жакындап келишип, бул эки топту тең Сан-Фраңциского жөнөөчү поездге чейин узатып келишти. Мартин Джимге езүнүн поездден Он алтынчы көчөдөн түшүп кетерин эскертип койду. Лиззи болсо, бул болуп жаткан бардык көрүнүштөргө кымындай да көңүл бурган жок.

Поезд он алтынчы көчөгө келип токтоду. Ушул замат трамвайдын кондуктору аябай шаштыргандай коңгуроону катуу какты.

— Бол эрте, Лиззини ээрчитип алып чык! — деди кыйкырып Джим. — Тез! Жетише албай каласың! Тигилерди болсо биз токтотуп турабыз.

Бирок, тиги каршылашкан топ, алды менен бул амалдануууга толук түшүнө албай турушту да, токтоп турушпастан тез эле вагондон ыргып түшүшүп, качкындардын артынан кетишти.

Трамвайда олтургандар шашып-бушуп, чуркап кирип келишип, алды жактагы бош эки орунга олтура калышкан Мартин менен Лиззиге таң калышып карап калышты. Жана олтургандардын бардыгы бул экөөнүн тиги вагондун тепкичинен туруп вагонду башкаруучуга карата:

— Ай курдаш, аябай катуу айдагын, эч кимди киргизбе! — деп кыйкырган Джимдин бир нерселери экендигине эч бир шек кылышкан жок.

Ошол эле замат, ал вагондун тепкичинен жерге секирип түшүп, трамвайга кирүүгө жутунгандарга катуу сокку бере баштады. Мушташуу трамвайдын сыртын бербей кетти. Джимдин жолдоштору ачык вагондун узун тепкичтерин бүт ээлеп, кыйраткыч сокку менен кол салгандардын мизин кайтарып. жатты. Трамвай катуу дабыш берип, ордунан козголуп, Джимдин жолдоштору анын тепкичтеринен секирип-секирип түшүп кала беришти. Ушинтип кармашуунун талаасы арт жакта алыс калгансыды, бирок жургүнчүлөрдүн биринин дагы башына бул олтурган кыз менен жигит дал ушул кармашуунун анык себептери экендиги жөнүндө кандайдыр бир ой келген да жок.

Бул салгылашуу Мартиндин да канын кызытып, кайратын тутантып жибергендей болду. Бирок, көз ачып-жумгандын ичинде ал кайрадан мурдагы өзүнүн көнүмүш капалануусуна чөгүп кетти. Ал өзүн эмнегедир картаңдай жана

жаш дүйнөдөн эч капарлары жок көзүнөн берки бул досторунан кадимки бир кылым улуу кишидей сезип турду. Анын басып өткөн жолу өтө узак болучу ошондуктан арт жакты көздөй кайра чегинүү жөнүндө ойлонуп коюунун да кереги жок эле. Аны азыр өзүнүн мурдагы өмүр жолу эч бир өзүнө тарта албады. Ал ушинтип досторунан да четтеп кеткен эле. Алардын турмушу ага эчак унутуп калган арзан баалуу пивонун даамындай кычкыл сезилди. Ал өтө алыс кеткен эле. Ага өзү менен досторунун ортосун миңдеген китептер кадимки дубалдай болуп бөлүп тургандай сезилди. Досторунан аны эч ким эмес, өзүн-өзү четтеттирип жиберген эле. Аны кайтып келүүгө мүмкүн болбогон акыл эстин чексиз мейкиндигине саякат жасоо өзүнө бөтөнчө тартып кетти. Бирок дагы ал, ушуну менен адамдык сапаттарын жоготуп койбостон мурдагыдай эле, адамдардын чөйрөсүнө умтула берди. Ал, өзүнүн батып, баш калкалар жерин таба элек эле. Аны өзүнүн достору дагы, тууган-туушкан жакындары дагы, буржуазиялык жаңы тааныштары дагы, ал турсун өзү ардактап сыйлаган бул кыз дагы аны түшүнө алышпады. Ал бул жөнүндө ызаа аралашкан капалануу менен эскерди.

— Аны менен кайтып таанышып алыңыз, — деди кеңеш берип Мартин Лиззиге, аны базар менен Алтынчы көчөнүн ортосундагы турган жумушчу көчөсүндөгү үйүнө чейин узатып келип.

Таанышып алгын деп Мартин бул жерде Лиззинин тааныш жигитин айтып жаткан эле.

— Эми... тааныша албаймын, — деди Лиззи жооп кайтарып.

— Кеп анда эмес, — деди Мартин тамашалай кыйкырып.

— Көзүңүздү ымдап койсоңуз эле, ал өзү чуркап келет.

— Кеп анда эмес, — деди Лиззи токтоо гана жооп кайтарып.

Мартин анын эмне айтайын дегенин жакшы түшүнүп турду.

Лиззи аңгыча болбой, Мартинди көздөй ыктай түшкөнсүдү. Бирок, анын бул кыймылында эч кандай өкүмдүк жана жалбарыңкылык жок эле. Тескерисинче бул кыймылдан корккондук менен алсыздык сезилип турду. Мартин чексиз козголо түштү. Анын өтө боору ачып түшүп, белинен бекем кучактап туруп, оозунан өөп жиберди.

— О, жараткан, — деди Лиззи үндөрү титирей түшүп. — Мен сиз үчүн өлүмгө болсо да даяр элем!.. Сиз үчүн өлсөм!..

Ал ушул замат Мартиндин кучагынан жулунуп чыгып, дарбазага кирип, көздөн кайым болду. Мартиндин көздөрүнө жаш келе түштү.

— Мартин Иден, — деди ал өзүн-өзү жекирип, — сеп айбан эмессиң, бирок мандеми жок ницшеанчылсың. Сен билсең ушул кызга үйлөнүп, аны бактысына жеткирүүгө тийиш элең, Бирок, бул иш сенин колуңдан келбейт. Мунуң уят жана шермендечилик! Ал «Кайырча-чал кайгылуу даттанат» деп күңк этип, Гэнлинин «Биздин бүткүл турмушубуз жаңылыштыктар менен шермендечиликке жык толгон!» деген сөзүн эсине түшүрдү. Ооба, биздин бүткүл турмушубуз жаңылыштык менен шермендечилнк!

XLIII ГЛАВА

«Күн наалаты» өктөбүрдө жарыкка чыкты. Мартин колундагы автордук алты даана китеп салынган почтолук бандеролду ачып жатып терең капага чөгө түштү. Ал эгерде, ушул окуя мындан бир нече ай мурун болгон болсо, мен үчүн кандай кубанычтыкты түзмөк эле деп ойлонуп, жана өзүнүн азыркы кош көңүлдүгүнө эмнегедир эч бир түшүнө албай кетти. Анын өзүнүн китеби, болгондо да биринчи

www.bizdin.kg

китеби — алдында жаткан эле, бирок ал эмнегедир буга кубанбады. Ал өзүнүн бардык нерсеге кош көңүл сезип турду. Албетте, ал бул китебине бир топ акча алары шексиз, бирок ага азыр акчанын эмне кереги бар?..

Ал бул китептеринин бирин алды да, ашканада олтурган Марияга алып келип көрсөтүп:

— Бул китепти мен жаздым, — деп түшүндүрдү, ал Мариянын айран-таң кала түшкөнүн сезип — мен бул китепти өзүмдүн жер кепемде олтуруп жазгам, ал эми муну жазууда сиздин шорпоңуз дагы бир топ ролду ойногон. Ошондуктан ушул китепти алып, сактап коюңуз. Бул китепти көргөндө мени эсиңизге түшүрүңүз.

Мартин Марияга атайы мактанайын деп эч ойлогон эмес эле. Ал жөн гана аны сүйүндүрүп жана анын ага карата көрсөткөн көп жылдар бою ишеничин актагысы келген. Мария китепти ашканадагы бибилия менен катар коюп койду. Ага өзүнүн үйүндөгү жашаган адам жазган бул китеп достуктун ыйык тумары сыяктуу сезилди. Азыр Мария Мартиндин мурда кир жуугучканада жөнөкөй жумушчу болуп иштегендигине ишенди. Ал бул китептин бир сабына да, түшүнбөгөнү менен бул саптардын эң сонун жазылгандыгына эч бир күмөн санаган жок. Бул жөнөкөй кембагал жана оор турмуштун запкысынан өтө азап тарткан аял, бир асыл сапатка ээ болучу бул, — адамга ишенүү боло турган.

Мартин өз китептерине кош көңүл мамиледе болду, кыркып жыйноо бюросунан, өзүнө келген жакшы пикирлерге да ал эч бир маани берген жок. Калыбы, анын бул китеби аябаган чоң чууну көтөргөн окшойт. Ал эми бул болсо, өз кезегинде анын чөнтөгүн алтын акчага толтуруунун чыныгы жышанаасы боло турган. Эми, Лиззини ишке орноштурууга бардык берген сөздөрүн орундоого жана акырында камыштуу кооз сарайга көчүп кетүүгө мүмкүн эле.

Дарнлей и Ко фирмасы сактануу менен бар болгону бир миң беш жүз гана нуска кылып басып чыгарган эле, бирок биринчи эле берилген баадан кийин бир фирма анын китебин экинчи жолу үч миң нуска кылып, тез эле анын артынан үчүнчү жолу — беш миң нускага жеткирип туруп, чыгарып жиберди. Лондондук бир фирма да анын китебинин англия тилинде басылып чыгышы жөнүндө келишим түзө баштап, Франция, Германия жана Скандинавиядан болсо китебинин котормосунун шарты жөнүндө тезирээк билдирип жиберүүнү суранып жазылган бир нече каттар да келди. Метерлинктин окуусуна асылуу болжогондой өз учурунда болсо болобу. Айгышкан катуу талашып тартышуулар башталды. Салиби менен Геккель «Күн наалатын» жактап чыгышты, анткени бул экөө Мартиндин негизги көз караштарын туура деп табышкан. Крукс менен Уоллес катуу каршы чыгышты, сэр Оливер Лодж болсо, Мартиндин көз карашы менен өзүнүн бүткөн деп эсептеген философиясын байланыштыруучу түйүндү издөөгө тырышты, Метерлинкти жактоочулар кереметке ишенүүчүлүктүн туусу алдында топтолушту. Честертон өзүнүн бардыкка белгилүү болгон теманы калыстыкта түшүндүргөн курч, акылдуу очерктери менен бүт дүйнөнү күлдүрүүгө мажбур кылды окшойт, бирок анын үнүн Вернард Шоунун каардуу үнү басып кетти. Ал эми, бул акылмандардан башка дагы толуп жаткан мен-менсингендер өздөрүнүн добуштарын аябай бийик чыгаргандыктарын жана мына ошондуктан, кыйкырыкчуу жер сууну каптап кете жаздагандыгын айтпай эле коюу керек.

«Бул мурда эч качан болуп көрбөгөндөй окуя, — деп жазды Мартинге Дарнлей и К° фирмасы, — философиялык сын китеп кадимки роман сыяктуу колго тийбей таркап жатат. Сиз чынын айтканда мыкты тема тандап ала албаган болсоңуз дагы, китебиңиздин чыгышы үчүн бардык ыңгайлуу шарттар бар. Сиз үчүн биз

www.bizdin.kg

колдон келгендерибизди эч бир аягыбыз келбейт жана сизди терең ишендиргибиз келет. Азыркы учурда Кошмо Штаттарга сиздин кырк миң даана китебиңиз тараган; ал эми бүгүнкү күндө болсо, биз сиздин ошол эле китебиңиздин санын миң нуска кылып кайрадан жаңы басып чыгаруу үчүн аракеттенүүдөбүз. Биз элдин талабын толук орундата албай жатабыз. Бирок, экинчиден, биз өзүбүз дагы бул талаптардын өсүшүнө бир топ көмөкчү болгондугубузду жашыра албайбыз. Бизге кулактандыруу үчүн гана ишенсеңиз, беш миңден ашык долларды жумшоого туура келди. Бул китеп биздин оюбузча бардык мөөрөйдү жеңип аларына көзүбүз жетет.

Сиз өзүңүздүн бул жаңы китебиңизди, ага кошо тиркеп келишимдин долбоорун жибергендигиңизге биз өтө сыймыктанабыз. Экинчиден, биз сиздин гонорарыңызды жыйырма процентке чейин көбөйттүк, бул болсо, биздики сыяктуу көрүнүктүү фирмалар үчүн эң жогорку коюлуучу акча чени болуп саналат. Эгерде сизди ушул шарттар толук канааттандыра турган болсо, анда сизден келишимдин бланкасына өзүңүздүн китебиңиздин атын жазып коюуңузду суранабыз. Биз сиздин китебиңиздин мазмуну мындай болсун, тигиндей болсун деп, эч кандай шарт коюуга акыбыз жок. Мейли, кандай гана мазмуунда, кандай гана китеп болбосун баары бир. Эгерде даяр бир нерсеңиз бар болсо, андан бетер сонун. Анда көпкө создуктурбай тез жиберпңиз.«Темирди кызуусунда сок» дейт эмеспи.

Биз сизден колуңуз коюлган келишимди аларыбыз менен эле, секелет түрүндө токтоосуз сизге беш миң доллар жиберебиз. Мына, көрдүңүзбү, биз сизге өзүбүздүн терең ишеничибизди билдирүү үчүн эч кандай чыгымдардан коркпойбуз. Мүмкүн болсо, сиздин бардык чыгармаларыңызды белгилүү бир мөөнөттүн ичинде, айталык он жылдын ичинде, толук басып чыгаруунун укугу жөнүндө өзүңүз менен кеңешет элек, бирок ал жөнүндө азыр эмес, кийинчерээк сүйлөшөлү!».

Мартин, катты столдун четине коюп койду да, эсеп чыгарууга киришти, ал он беш центти алты миң менен көбөйтүп, жыйынтыгында — тогуз миң долларды алды. Ал келишимге колун коюп туруп, анын баш жагына «Кубанычтын түйүнү» деп, китебинин атын жазды да, өзү газеталык фельетондорду жазуунун формулаларын тапканга чейин жазган жыйырма чакты көп чоң эмес аңгемелерин адресин жазып туруп, басмаканачынын наамына кошо салып жиберди. Жана арадан көп узабай эле, анын наамына беш миң доллардык акча чеги келип калса болобу.

— Мария мен бүгүн сиздин мени менен саат экиде шаарга бирге барып келүүңүздү суранамын, — деди Мартин, — чекти алгандан кийин, — же болбосо, сиз менен туура саат экиде Бродвей менен Он төртүнчү көчөнүн так бурчунан жолугушалы, кандай дейсиз?

Мария туура белгиленген убакта келди; ал ар түрдүү ойго кетсе дагы, анын божомолу тапичкеден алыс кете албады. Мына, ошондуктан Мартин ага бут кийим магазининин жанынан ээрчитип өтүп, кандайдыр бир чоочун конторага алып келип киргизгенде, анын ачуусу келип нааразы да боло түштү.

Бирок, бир аздан кийин болгон окуя кадимки укмуштуу сыяктуу анын көңүлүнөн эч качан унутулгус болду. Сыланышкан мырзалар Мартин менен жана өз ара кат- кырышып күлүшүп, тамаша сөздөрдү сүйлөп жатышты. Ары жакта машинка такылдагансыйт. Кандайдыр бир көрүнүшү жагынан маанилүү баракка кол коюлду. Бул жерде Мария турган үйдүн ээси дагы бар экен, ал дагы бул кагазга өз колун койду.

www.bizdin.kg

Алар эшикке чыккан кезде, үйдүн ээси Марияга бурулуп мындай деди:

— Эми Мария, мындан ары сиз мага айына жети жарым доллардан үй акысын төлөөнү токтотосуз.

Мария айран-тан калгандыгынан селдейе түштү.

— Ооба, эмики айда дагы төлөбөйсүз, — деп ал сөзүн улантты.

Мария муну анын жакшылыгы катары түшүнүп, чексиз ракмат айтып жатты. Бирок, үйгө кайтып келип коңшулары менен аңгемелешкенден кийин, биринчи кезекте португалдык дүкөнчү менен аңгемелешүүдөн ал өзү көп жылдардан бери жашап турган кичинекей үй кепе мындан ары түбөлүккө өзүнө таандык экендигин түшүндү.

— Эмне үчүн сиз азыр менден эч нерсе сатып алгыңыз келбейт? — деп трамвайды көздөй бет алып бара жаткан Мартинден португалдык дүкөнчү сурап калды.

Мартин ага азыр тамакты өзү даярдап ичпестигин түшүндүрдү жана дүкөнчү аны бир бөтөнчө вино ичип коюуга чакырды. Ал Мартинди дүкөндө болгон эң сонун деген вино менен сыйлады.

— Мария, — деди Мартин ошол эле күнү кечинде, — мен эми сиздикинен кетемин. Кала берсе, сиз дагы жакында бул жерден биротоло кетесиз. Мына ошондуктан ушу баштан эле, үйүңүзгө бирөөнү киргизип, айлык акысын ала бериңиз... Калыбы, сиздин Сан-Леандродобу же Гэйуордскобу бир тууганыңыз бар окшободу беле? Сиз жууганы алган кирлериңизди жуубастан кайра тез таратып бериңиз дагы, Сан-Леонадрго же Гейуордско бир сөз менен айтканда, өзүңүздүн бир тууганыңыздыкына жөнөңүз... Анан бир тууганыңызга унутпай айтып коюңуз, менин аны менен сүйлөшө турган чоң сөзүм бар. Мен Окленддеги «Метрополдо» жашаймын. мени ошол жерден табат. Мүмкүн анын сизге деп арнап жүргөн ылайыктуу фирмасы бардыр.

Мына ошентип, Мария өзүнчө үй-жайга ээ болуп, бир фирманы башкарып жатып калды, оор жумуштарды аткаруучу эки кызматкер күттү, бардык балдары мыкты кийинип, мектепке барып жүрүшкөндүктөрүнө карабастан, банктагы өздүк акчасынын саны өскөндөн өсө берди. Мына ошентип, адамды ушундай абалга жеткирген жомоктогу мырзаны — турмуштан кездештирүүгө ар кимдин эле, бактысына туура келе койбос. Бирок, кара жумуштан мөгдүрөгөн жана эч кандай мырзалар жөнүндө оюна келбеген Мария күтүлбөгөн жерден өзү мурдагы кир жуугучкананын жумушчусу болуп жүргөн мырзаны учуратып калды.

Ошону менен бирге, тегеректегилердин бардыгы бул Мартин Иден деген ким өзү, дешип аябай кызыгыша башташты. Ал өзүнүн өмүр баяны жөнүндө басмакананын кызматкерлерине баяндама берүүдөн буйтап кетүү мүмкүн эмес эле. Ал өзү Оклендде туулган болуучу, ошондуктан, кабарчылар аны бала чагынан бери билишкен бир нече кишини таап алышкан эле. Мына, ошентип, газеталардын беттеринде, анын мурда ким болгондугун, эмне кылып жүргөндүгүн, койчу, айтор өмүр баянын ийне-жибине чейин толук баяндаган чоң макалалар газета-журналдарда пайда боло баштады. Качандыр бир кезде өзүн тартып кетишкен шылуун сүрөтчүлөр тарабынан чыгарылган анын сүрөттөрү да магазиндерге таркап, сатыла баштады. Алды менен Мартин бул уу-чуу менен аябай күрөштү, анткени — анын жүрөгүндө буржуазиялык Журнал менен буржуазиялык коомго карата болгон жек көрүүсү али өчө элек болучу. Бирок, ал акырында бул көрүнүш менен макул болууну чечти, анткени эгер макул болбой койсо, көп машакаттар башына түшөрүн сезип турган эле. Ал, макала жазабыз деп атайы алыстан келишкен кабарчыларга жооп бер- бей, баш тартып койсом уят ко

www.bizdin.kg

деп ойлоду. Экинчиден, эч нерсе жазбай жана окубай калгандан бери убакыт такыр ага жылбагансып сезилип, бош убакытын кантип өткөрөрүн билбеди. Мына ошондуктан ал өзүнө-өзү төмөндөгү кичинекей жойпулуктарды: журналисттер менен аңгемелешүүнү, өзүнүн адабияттык жана философиялык көз караштарын баяндоону, буржуазиялык байлардын конокко чакыруусун кабыл алууну руксат этти. Ал күтүлбөгөн жерден, ушунчалык бөтөнчө токтоо боло түштү. Ага эч нерсе таасир эте албады. Ал бардыгын жана баарын кечирди, кала берсе, баягыда өзүн маскаралап макала жазып, сүрөтүн кошо чыгарган кабарчыны да кечирди.

Мартин Лиззи менен кезек-кезек жолугушуп да туруучу жана Лиззи Мартиндин жогорулап бара жаткандыгын өтө кейигендик менен чоочуй кабыл алды. Анткени бул жогорулоодон ал экөөнүн ортосун бөлүп турган аралык ого бетер тереңдемек. Ким билет, мүмкүн, Лиззи экөөнүн ортосундагы пайда болгон ажырым, аралыкты жоюш үчүн, Мартиндин кеңешин угуп, кечки мектепке барып, стенографиянын курсуна катышып, кымбатка түшкөндүгүнө карабастан, кийимди мыкты тигүүчү бир аялга эң жарашыктуу көйнөк да тиктирип алгандыр? Лиззинин ушунчалык тез ийгиликтери Мартинди мен туура иш кылып жатамбы, же жокпу дегендей ойго да түртпөй койгон жок. Лиззинин бардык аракети ал үчүн болуп жаткандыгын сезип турган эле. Лиззи Мартинге жаккан, ал жогору баалаган жакшы. сапатка ээ болсом, билимге жетишкен башка Лиззи болуп көрүнсөм деп самады Мартин болсо, ага эч кандай сыр бербестен, агасы сыяктуу мамиле жасап, чанда гана бир көрүшүп коюп жүрө берди.

«Кечиккен сүйүү» болсо Мартиндин атагынын дүркүрөп өсүп турган мезгилинде, китеп басмаканасы тарабынан жарыкка чыкты жана бул кара сөз болгондуктан «Күн наалатына» караганда бир кыйла жогору ийгиликке ээ болду. Мартиндин эки китебин тең китеп базарынан эл колго тийгизбей талап кеткен эле. Бул сыяктуу окуя мурда таптакыр болуп көргөн эмес. Катардагы окуучулар да, «Күн наалатына» ашкере сүйүүчүлөр да повестти кайра-кайра окуп чыгышып, анын көркөмдүк күнүнө жана жазуучунун укмуштай чебер талантына таң калышып жатышты. Мартин Иден мистицизмге теориялык жактан жаңы эле сокку урган эле, ал эми, азыр болсо, ал чыныгы адабият эмне экендигин иш жүзүндө далилдеп көрсөтүп олтурат. Мына ошентип, анын сынчылык таланты менен жазуучулук таланты эң сонун эп келишип, айкалышып турду.

Акча болсо, ага мурдагыдай эле, суудай агып өзү келип жатты, даңкы да таш жарды, бирок ийгилик аны кубандыра албады, ал кызыгууну туудурду. Аны азыр болбогон эле бир окуя айран-таң калтырып жиберүүчү болду, жана ошол эле окуя башкаларды да таң калтыра алат эле. Тагыраак айтканда, көпчүлүк ушул окуянын өзүнө эмес, окуяга Мартиндин түшүнө албай кеткендигине таң калды... Сот Блоунт Мартинди конокко чакырып калды, бул өз алдынча алганда эч деле маниге ээ болбогон майда, бирок, кандайдыр бир натыйжа менен аяктоочу окуялар боло турган. Мартин Иден сот Блоунтту аябай шылдыңдап, оозго албай турган сөздөр менен катуу, шыбата сөккөн болучу, бирок ошого карабастан, ал, Мартинди үйүнө конокко чакырып жатканы кандай? Мартин бул сот менен Морздордун үйүндө бир нече жолу жолугушкандыгын жана ал кезде ал, Мартинди конокко чакыруу жөнүндө ойлонуп да койбогондугун эсине түшүрдү. «Эмне үчүн мени ошондо конокко чакырган жок?» — деп Мартин өзүнөн өзү сурады. Айтмакчы, андан бери ал такыр өзгөрүлүп койгон жок да. Ал ошол эле, Мартин Иден болучу. Анда эмне болуп кетти? Китептеринин жарыкка чыккандыгы себеп болуп жүрбөсүн? Бирок ал бул китептерди дал ошол кезде эле

жазбады беле? Андан бери эч нерсе жазган жок. Ал ушул жарыкка чыккан китептеринин эң мыктыларын дал ошол сот Блоунт жалпыга белгилүү көз карашты талашуу менен Мартинди да, Спенсерди да шылдыңдап, ал гана эмес, маскаралаган учурда жараткан болучу. Мына ошентип, сот Блоунттун Мартинди сыйлап чакырып олтургандыгы анын чыныгы эмгегин баалагандыктан эмес, баягы эле Мартин болсо, азыркы шарттагы Мартин үчүн чакырып жатат.

Мартин бул чакырууну жылмаюу менен кабыл алды да, жана өзүнүн бөтөнчө кичипейилдигине айран таң кала түштү. Бул чакырылган коноктордун арасында, жубайлардан башка дагы, алты-жети менменсинген мырзалар олтурган жана Мартин өзүн булардын арасында, кадимки «арстан» сыяктуу сезбей коё алган жок. Сот Блоунт жолдошу сот Хэнуэллдин кызуу колдоосу астында Мартинден жалаң бай адамдар гана эмес, кандайдыр бир бөтөнчөлүктөрү менен айырмалануучу адамдар кирүүгө мүмкүн болгон «Стикс» клубунун кадырлуу мүчөсү кылып каттап коюуну өтө өтүнүп суранды.

Мартин мындай мамилеге да таң калбай коё алган жок, бирок алардын өтүнүчүнө макул болбоду.

Ал мурдагыдай эле, өзүнүн кол жазмаларын басмаканаларга бөлүштүрүп таратуу менен алек болуп жатты. Басма кызматкерлери ага үстөккө-босток мактоо жана жактыруу каттарын жиберип турушту. Булардын бардыгы тең Мартинди ашып түшкөн стилист жана анын чыгармаларынын формасы да, мазмууну да, эң жогорку талапка жооп берет деп эсептешти. «Түндүк баяндамасы», анын «Сулуулуктун бешиги» деген көлөмдүү макаласын басып чыгарып жана андан дагы ушул сыяктуу беш алты мазмундуу макаланы жибериңиз деп, өтүнүп кайрылган, Мартин буга макул болуп, алардын өтүнүчүн аткаруу үчүн өзүнүн болгон бардык эски материалдарын пайдаланып жазууга жаңы эле киришкен учурда, күтүлбөгөн жерден «Бэртондун журналы» ага ар бирине беш жүз доллардан төлөйбүз деп, беш макала жаздырып алууга тапшырма берип калды.

Мартин жооп кайтарып, мейли, жазса жазып берейин, бирок, сиздер ар бир макалага беш жүздөн эмес, миң доллардан төлөңүздөр деп кат жазып жиберди. Ал өзүнүн бул кол жазмаларынын бир кезекте, өз ара ая- бай талашып-тартышып, чатакташып жатышкан журналдар тарабынан четке кагылып ташталгандыгын эсинен чыгара элек эле. Ал алардын кош көңүл, бирине бири коёндой окшош жооп каттарын али унута элек болучу. Алар ошентип, бир кезде аны шылдыңдашып маскаралашкан болушса, ал дагы азыр келме кезек, терме тезек дегендей, аларды маскаралап, аябай шылдыңдамак болду. «Бертондун журналы» Мартин каалагандай сумманы төлөп, анын беш макаласын сатып алды, эл эми калган төрт макаласын Мартин башка көрүнүктүү чоң журналдар менен сүйлөшүп, ошондой эле шарт менен аларга өткөрүп жиберди. «Түндүк баяндамасы» болсо, өтө кедей журнал болгондуктан анын кымбат макалаларын сатып алууга кудурети жетпей калды. Мына ошентип, анын: «Сулуулуктун кулдары», «Кыялчылар», «Биздин «мен» дегенибиздин чени», «Таттуу кыялдардын философиясы», «Кудай жана жырткыч», «Искусство жана биология», «Сын жана идиштер», «Жылдыз чаңы», «Көпөстүктүн зыяндуулугу» деген чыгармалары жарык көрдү. Мына ушул чыгармалардын бардыгы тең көпкө чейин басылбаган уу-чууларды пайда кылды.

Басма кызматкерлери Мартинден өзү каалаган шартын сунуш кылышын суранышып жана Мартин аларга баш тартпастан макул боло берди. Бирок анын бул жарыкка чыгып жаткан чыгармалары азыр эмес, эчак жазылган. Ал кандай

www.bizdin.kg

гана болбосун жаңы ишти колго алуудан ушунчалык заарканып кача турган. Ал ушул, кара ниет топурандылар бир кезде Бриссенденди тытып жеп жибере жаздагандыгын көкүрөгүнөн чыгарган эмес, мына ошондуктан, ал өзүн алардын кол булгашкандык- тарына карабастан, бул топурандыларды мурдагыдай эле жек көрүп турду. Өзүнүн атакка ээ болушун Бриссендендин арбагын кордогондук деп эсептеди. Ал бир аз капа боло түшүп, кабагын бүркөдү да, кайрадан кайраттанып акчаны кадимки тезектей жыйнап алууну чечти.

Мартинге басмакана кызматкерлеринен бир нече жолу төмөндөгү мазмундагы каттарды алды, «Мындан бир жыл мурун биздин зор өкүнүчүбүзгө жараша, биз сиздин лирикалык ырларыңыздын циклин жарыялоодон баш тартып койгон элек. Ал ырларыңыз ошондо эле бизге зор таасир эткен болучу, бирок ар кандай шарттар тоскоолдук кылгандыктан, ал ырларыңызды ошол кезде пайдалана албаганбыз. Эгерде, сиздин ошол ырларыңыз башка жерге басылып чыкпаган болсо, дагы эле болсо, бизге салып жиберүүңүздү өтө суранабыз, бул үчүн сиз канааттана тургандай гонорар аларыңызды да эскерте кеткибиз келет».

Мартин бир кезде уйкашсыз ырлар менен жазган өзүнүн трагедиясын дагы ырларына кошуп жөнөтүп жиберди. Мартин бул чыгарманы жөнөтөр алдында дагы бир жолу окуп чыгып: анын начардыгына жана өтө эле салтанаттуулугуна айран-таң калган эле. Бирок, ал ошого карабастан жөнөтүп жиберди, журнал да басып чыгарабыз деп өзүн чексиз шылдыңга бөлөп алды. Окугандар өтө кыжырданышып жана даңкы чыккан Мартин Иден кантип эле ушундай болбогон келжирек чыгарманы жазсын деп ишенишкен жок. Бул эмне дегендик: алдообу же болбосо, Мартин Иден Дюма-атага окшоп өзү үчүн чыгармасын башкаларга жаздырып алганбы? — деген сөздөр чыкты. Бирок, кийин, бул чыгарма Мартин Идендин «алгачкы калем шилтеп көрүшү» экенин жана журнал Идендин даңкына мас болуп, басып чыгарып жибергендиги ачык белгилүү болгондон кийин, чоң уу-дуу көтөрүлүп, редакциянын коллегиялары да алмашылып кетти. Мына ошентип, трагедия өз- үнчө китеп болуп чыкпай калды, бирок Мартин Иден басма кызматкерлерине боору ачыган жок, өзүнө келген аванса акчаны чөнтөгүнө салып алды.

Жума сайын чыгаруучу бир газета Мартинге баасы кеминде үч жүз доллар тура турган бир узун телеграмма салып жибериптир, бул телеграммада Мартинден жыйырма очерк жазып жиберишин өтүнгөн эле. Алар ар бири миң доллардан баалана тургандыгын да эскертишкен. Бул үчүн Мартин басмакананын эсебинен Кошмо Штаттарды кыдырып чыгып, өзүн кызыктырган теманы тандап алууга эрк берилгендиги көрсөтүлгөн. Телеграммада басмакананын пландары, ойлору канчалык кеңири экендигин айгинелеген бир топ болжолдуу темалар саналган. Ага карата коюлган бир гана шарт, бул — Кошмо Штаттардын материалында жазуу болучу.

Мартин жооп кайтарган телеграммасында бул эл жакшы сунушту пайдаланууга өзүнүн мүмкүнчүлүгү жок экендигине өтө өкүнгөндүгүн билдирди.

«Ай сайын чыгуучу Уорренге» басылып чыккан анын «Вики-Вики» деген повести болуп көрбөгөндөй укмуш ийгиликке ээ болду. Жана ал өзүнчө кооз китепче болуп басылып чыгып, он күнгө жетпей таркап кетти. Бардык сынчылар бир добуштан, бул чыгарманы классикалык чыгарма деп эсептешти.

Бирок анын «Кубанычтын түтүнү» деген аңгемелер жыйнагы окуучулар тарабынан саал түшүнбөгөндүк, кала берсе, бир аз салкын кабыл алынды. Буржуазиялык коом өтө эле уят-сыйыты жок үрп-адаттарды кастарлап жана

ырым-жырымдарга чексиз кош көңүлдүүлүк менен мамиле кыла турган. Парижде анын китебинин французча котормосу басылып чыгып, зор ийгиликке ээ болору менен, Англия жана Америкада анын китебин жерге тийгизбей кастарлап калышты жана Мартин «Дарнлея и К° дон өзүнүн үчүнчү китеби үчүн жыйырма беш, төртүнчү китеби үчүн отуз процент төлөшүн талап кылды. Бул эки китепке Мартиндин мурда ар түрдүү журналдарга чыккан бардык аңгемелери кирген болучу. «Коңгуроонун үнү» жана барык «укмуштуу» аңгемелери биринчи томду түздү. Экинчи томго «Укмуштуу окуялар», «Казан», «Турмуш шарабы», «Айлампа», «Көңүлдүү көчө» жана дагы бир нече аңгемелер болуп кирди. Мындан башка дагы анын макалаларынын толук жыйнагы, «Деңиз ыры» жана «Сүйүү жөнүндөгү сонеталары» кирген ырларынын тому, анын бул ырлары болсо, алды менен «Аялдардын жардамчысы» деген журналда басылып чыгып, Мартин ал үчүн бир этек акча алган эле.

Мартин эң акырында өзүнүн акыркы кол жазмасын редакциянын бирине тапшырып коюп көңүлү жайлана түштү. Мына азыр, баягы эңсеген тростник сарайы менен ак кайык өтө жакын калган эле. Мына ал эң акырында Бриссендендин бир дагы чыныгы көркөм чыгарма журналдардын бетинен орун ала албайт деген көз карашын четке какты. Ал алыстан эмес, өзүнүн керт башынын мисалынан Бриссендендин өтө жаңылышкандыгын айкын-ачык далилдеди. Ошондой болсо дагы, Мартин ичинен досунун бул айтканы туура экендигин сезип турду. Анткени анын ийгиликтеринин эң башкы себеби — «Күн наалаты» боло турган, ал эми, анын башка чыгармалары болсо, кокусунан эле ийгиликке жетишип калган. Анткени ушул чыгармалардын бардыгы нечен жылдар катары менен бардык журналдар тарабынан четке кагылып келген эле да. Бирок, «Күн наалатынын» жарык көрүшү болуп көрбөгөндөй уу-чуу, талашып-тартышууну пайда кылды, бул болсо анын атагынын дагы ого бетер жогорулашына тикеден тике көмөкчү болду. Эгерде «Күн наалаты» жарык көрбөгөн болсо, анда талашып-тартышуу дагы болмок эмес эле, мына ошондуктан «Дарнлей жана К°» моюндарына алышып олтургандай бул китептин ийгилиги чындыгын- да эле укмуштун өзү болду. Алар биринчи жолу бир миң беш жүз даанадан ашык китепти басып чыгаруудан тартынышкан, анткени, алар өтө тажрыйбалуу басма кызматкерлеринен болучу, бирок китептин ийгилиги аларды таң калтырбай коё албады. Бул ийгилик аларга чындыгында эле укмуштай болуп көрүндү. Алар кийин дагы бул сезимден ажырагылары келишпестен, өздөрүнүн урматтоо менен жазган каттарында бул сырдуу жана эч нерсе түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон ийгиликке таң калышкандыктарын билдиришкен эле. Алар мунун сырын түшүнүүгө аракеттенишпеди. Жана аракеттенүүнүн дагы кажаты жок эле. Ушундай болмок экен, болду. Муну ким ойлоптур да, ким болжоптур!

Мына ушулардын бардыгын ойлонуп, Мартин өзүнүн атак-даңктуулугуна анчалык деле чоң баа берген жок. Буржуазия анын китептерин тытып окушуп, анын чөнтөгүн алтынга толтуруп беришсе дагы бул буржуазия (Мартин буга бекем ишене турган) анын чыгар- маларын таптакыр түшүнүүчү эмес. Тике айтканда анын китептерин талашып сатып алышкан жүз, миңдеген буржуазиянын мүчөлөрү үчүн чыгарманын кооздугу жана анын мазмууну эч кандай маниге ээ болучу эмес. Ал кадимки тагдырдын эркеси жана кудайлардын эркеси сыяктуу жана кудайлардын ырайымдуу мүнөзүнөн пайдаланып, жеңилбес кайрат менен Парнаска баргандай көрүндү. Жүз-миңдеген адамдар анын чыгармасын кадимки Бриссендендин «Туруксузуна» асылышкандай баса калуу

менен талашып, тытышып жатып окушту, бирок алар окушканы менен эч нерсе түшүнүшкөн жок. Жана түшүнө да алышпайт эле. Бул көрүнүш Мартинге жеткен кошоматчылык гана болуп көрүндү. Кептин баары кокустукта! Ал мурдагыдан эле, «Туруксузду» өзүнүн Жазган бардык чыгармаларынан алда канча жогору турат деп эсептеди. Себеби — бул чыгарма ал жаза турган чыгармалардын бардыгынан жогору турган — кылымдар бою жашай турган улуу поэма боло турган. Кечээ жакында эле «Туруксузду» балчыкка тебелеп- тепсешкен бул кунарсыз топурандылардын бүгүн Мартинди кадырлап-кастарлап жатышы анын көңүлүн иренжитип турду. Мартин жеңилденгендей жана канааттангандай күрсүнүп алды. Ал акыркы кол жазмасын сатты, мына эми, жакынкы келечекте жогорудагылардын бардыгы менен түбөлүккө коштошууга болот.

XLIV ГЛАВА

Мистер Морз «Метрополь» конок үйүнүн оозгу бөлмөсүнөн Мартин менен кездешип калды. Анын бул жерге кокусунан келгендигин, же болбосо, атайылап келгендигин Мартин көп жакшы түшүнө албады, бирок анын ою, атайылап эле, куулук менен келсе керек дегендей сокту. Бирок ошондой болсо, болбосо дагы мистер Морз аны үйүнө чай ичип кетүүгө чакырып олтурат, мистер Морз — Руфтун атасы, бир кезде Мартинди үйүнө жолотпой, Руфь экөөнүн ортосундагы никелик байланышын бузуп жиберген адам!

Бирок, Мартин ага таарынган жок. Жана экинчиден ал, эч кандай аны табалагысы да келбеди. Кала берсе, мистер Морздун сөзүн мээримдүүлүк, бирок сынагандай түр менен угуп турду. Ал чакырууну четке каккан жок. Ал турсун, чакыргандыгы үчүн ага чоң рахмат да айтып жана анын үй-бүлөсүнүн бардыгынын саламаттыгын сураштырып, айрыкча, миссис Морз менен Руфтун саламаттыгын толук билүүгө аракет кылды. Мартин бул атты эч кандай тоскоолдуксуз, мукактанбастан эркин айтып жана ичинен эмне үчүн жүрөгүнүн толкунданбаганына, өзү да айран-таң боло түштү.

Ушинтип аны конокко чакыруу эсепсиз көбөйө баштады. Кала берсе, далайлар Мартин менен, аны конокко чакыруу үчүн гана тааныша турган да болушту. Мартин бул көрүнүшкө мурдагыдай эле, айран-таң калуу менен мамиле жасады. Ал гана эмес, аны Бернард Хиггинботам дагы күтүлбөгөн жерден конокко чакырып калган эле. Бул болсо, аны ого бетер айран-таң калтырбай койгон жок. Мартин азыр баягы ачка, арыктап Жүрбөй калган учурларын эсине түшүрдү жана эмне үчүн мени ошондо эч ким конокко чакырган жок эле? — деп өзүнө суроо берди. А кезде ал ушундай мамилеге өтө муктаж эмес беле? Ээ, чиркинай, атаганат десеңчи! Бул жерде эч кандай адамкерчиликке туура келбеген эски адат болуш керек. Айта берсең, ал кезде жума бою тишинин кирин соруп, оокаты жок ачка олтурган күндөрү болгон эле, ал эми азыр болсо, анын жанында жүз миң ирет тамак ичүүгө жете турган акчасы бар, ошого карабастан, (экинчиден анын табити эч нерсеге тартпай да калган) — аны конокко оңго да, солго да, биринин артынан бири талашып чакыра башташты. Эмне үчүн? Ал экинчиден бул убакыттын ичинде көрүнүктүү деле эч кандай эмгек сиңирип жиберген да эмес, Ал баягы эле, Мартин Иден боло турган. Жана анын бардык чыгармалары дал ошол мезгилде, улук Морздор аны жалкоо деп аташып, өздөрүнүн мекемесине катчы болуп иштөөгө сунуш кылышкан кезде жазылган болучу. Айтмакчы, алар анын бул эмгеги жөнүндө дал ошол кезде эле билише турган. Окуп бергин деп Мартиндин берген кол жазмаларын Руфь ата-энелерине да көрсөткөн. Жана Руфтун ата-энеси бул кол жазмаларды аябай талдап окуп чыгышкан. Мына, азыр

www.bizdin.kg

болсо, ошол эле чыгармалар газетага чыгып, анын атагы көтөрүлүп жана алардын кадырдуу да коногу болууга арзып, олтурат.

Бир нерсе эң эле айкын-ачык боло турган: ал Морздорго Мартин Идендин да, анын чыгармачылыгынын да эч кандай кереги жок болучу. Ал эми алардын Мартинге жакындагандыктарынын себеби, бул бир гана анын ай-ааламга кеткен атак-даңкы жана анын казынада жаткан жүз миң доллары боло турган. Бул болсо буржуазиялык коомдо адамды баалоо, урматтоодогу адет болгон көрүнүш эле, алардан башка мамилени күтүү да мүмкүн эмес болучу. Бирок, Мартин намыскөй жигит эле. Мына ошондуктан ага бул сыяктуу мамиленин таптакыр кереги да жок болучу. Ал болсо, өзүнүн керт башын, же болбосо, чыгармасын сыйлаганды жакшы көрө турган. Анткени ал өзүм менен чыгармамдын ортосунда эч кандай айырма жок деп түшүнүүчү. Дал ушундай бааны ага Лиззи берүүчү. Ал гана эмес, Лиззиге анын чыгармалары анчалык деле мааниге ээ болбостон, кептин баары Мартиндин керт башында болуп сезилүүчү. Дал мына ушундай эле бааны, ага Джимми жана анын бардык эски компаниясы бере турган. Алар мурда да жана азыр да, Шелл-Моунд — багындагы жекшембидеги оюн-шоок кечесинде өздөрүнүн ага чексиз бир туугандык, достук, берилгендиктерин далилдешип коюшпадыбы. Алар анын бардык жазгандарына кол шилтешип да коюучу. Алар анын өзүн, Мартин Иденди, азамат жигитти, өздөрүнүн жигитин аябай жакшы көрө жана сүйүшө турган, эгер керек болсо, ал үчүн отко да, сууга да каршы баруудан алар кайра тартышчу эмес.

Ал эми Руфь менен болсо иш таптакыр башкача. Ал Мартиндин керт башын сүйгөн эле, бул жагынан эч кандай талаш болууга мүмкүн эмес, бирок, ал ага канчалык кымбат болгондугуна карабастан, буржуазиялык үрп-адат, эреже андан дагы кымбатыраак болуп көрүндү. Руфь анын чыгармачылыгына тилектеш болбогондугунун негизги себеби — анын чыгармалары ага эч кандай киреше алып келип бербегендигинде турган. Ал анын «Сүйүү жөнүндөгү сонеталарына» дал ушул көз караштын негизинде баа берген. Жана ал дагы Мартиндин бир жерге кирип иштешин, кызматка орношуусун талап кылган. Туура, анын сөзү менен айтканда «бир абалды ээлөө» керек эле, бирок бул экөөнүн мазмууну бирдей эле түшүнүктөр, ал гана эмес, Мартин бул түшүнүктүн биринчисин туурараак деп эсептөөчү. Мартин ага өзүнүн бардык чыгармаларын, жана макалаларын болсун, «Вики-Вики», «Күн наалатын» — койчу бардыгын окуп бере турган. Ал эми Руфь болсо, көшөрүп, анын кызматка орношун, иштешин мурдагыдай эле талап кыла берди. О, жараткан, чоң кудай! Ал эмне, иштебей жүрөбү?! Иштемек турсун, күн-түнү уйкусунан ажырап кара жанын карч уруп кадимки өгүздөй тынбай, акырында ушул кызга бир татыктуу, сүйгүнчүктүү адам болуп чыгар бекемин деп иштеп келбеди беле!

Мына ушинтип, көзгө көрүнбөгөн майда шарттар чоң жана маанилүү нерсеге айланып кетти. Мартин өзүн сергек сезип, саламаттыгы мыкты болуп, тамакты да жакшы жеп, эркинче уктап, эс алып жүрдү, бирок болбогон бир нерсе, ага тынчтык бербеди. «Эчак алда качан!». Бул ой анын башын тең бөлүп жибергендей боло түштү. Бул күнү Мартин Бернард Хиггинботам менен бетме-бет столдо олтуруп:

«Мунун бардыгы билгиңиз келсе, алда качан, кап-качан эле жазылган болучу! Азыр мына сиз мага берерге эч нерсе таппай, шашкалактан, сыйлап, урматтап жатасыз, ал эми качандыр бир кезде сиз мени минтип сыйламак түгүл, ачкадан өлтүрүп коё жаздап, үйүңүздөн кууп чыгып, иштебесең жоголгун деп көргүңүз да келген жок эле, чынбы? А эми менин бардык чыгармаларым болсо, дал ошондо

www.bizdin.kg

эле жазылган. Азыр болсо, мына, сиз менден урматтаган көз караштарыңызды албастан, менин ар бир сүйлөгөн сөзүмө бүткүл назарыңызды салып, кунтуңузду коюп, угуп жатасыз. Мен сизди бар эмеспи, билгиңиз келсе, санда жок салпаяк деп гана атагым келет, анткени эгерде намысыңыз болсо, ушул сөздөргө таарынып калат элеңиз, антмек түгүл, мага бооруңуз ачыгандай, башыңызды ийкеп рахмат айтып олтурасыз... Эмне үчүн? Себеби — мен атагы чыккан адаммын! Себеби менин акчам көп! Ал эми менин өзүмдүн керт башымдын сизге тыйындай да кереги жок! Уктуңузбу? Мистер! Эгерде мен ай жашыл быш- тактан жасалган десем анда сиз баш тартпастан туруп эле буга да макул болор элеңиз, же болбосо, жок дегенде, мага каршы чыга албас элеңиз, анткени менин кап- чыгым азыр алтынга толтура... Айтмакчы, менин бул алтын үчүн иштеген эмгектерим мындан алда качан мурун, баягы сиз мени бетке түкүрүп, баткакка жыгып, тебелеп салган күндөрдө эле жазылып бүткөн болучу!» деп айтып жибере жаздады.

Бирок, Мартин бул сөздөрдү айткан жок. Ал ичинен капаланып, кыжыры кайнап турса дагы, сыртынан сыр бербестен жылмайып күлүп турду. Хиггинботам сүйлөй баштады. Ал Бернард Хиггинботам — бардык нерсеге өз күчү менен жеткен жана ал үчүн чексиз сыймыктанат. Эч ким ага жардам көрсөткөн эмес жана ал мына ошондуктан ал эч кимге милдеттүү да эмес болучу. Ал көп бүлөлүү, кең пейил адам болуп саналат. Ал эми бул жетишерлик киреше берип турган дүкөнчө, анын, Бернард Хиггинботамдын аракеттеринин негизинде өркүндөп-өсүп олтурат. Ал өзүнүн дүкөнчөсүн — кадимки кээ бир эркек өзүнүн аялын сүйгөн сыяктуу сүйө турган. Ал Мартинге ыгы жок ачык мамиле кылып ички сырынын бардыгын айтып берди, дүкөнчөнү жабдуу жана ишти оң жолго коюу маселелери канчалык кыйынчылыктарды туудургандыгын жана канчалык аракеттерди талап кылгандыгы жөнүндө да, төкпөй-чачпай айтып берди. Мындан башка дагы анын келечек үчүн кенен пландары бар экен. Көчөлөргө жаңы үйлөр салынып, адамдардын саны көбөйө баштаган. Мына, ошондуктан, жалгыз дүкөнчө адамдардын бардыгын канааттандыра албайт. Эгерде анын азыр артыкбаш бөлмөсү боло турган болсо, жаңы товарлардан алып келип кирешесин дагы көбөйтмөк эле. Бирок, ал муну сөзсүз иштейт, ал дүкөнчөнүн катарынан бир аянтча сатып алып, дагы бир эки кабат имарат курат. Ал экинчи катарын акы алып адам киргизет, биринчи катарын болсо дүкөндөргө айландырат. Анын кала берсе, эшиктердин үстүнө илине турган жазуу жөнүндө сүйлөгөнүндө көздөрү бөтөнчө жалындана түштү.

Мартин анын сөзүнө эч бир көңүл бурган жок. «Алда качан» деген сөз анын кулагынан кетпей койду, улам кайра кайталанып турду. Бул сөз анын такыр оюнан кетпей, аны бүтүндөй бийлеп туруп алды.

— Сен бул курулуштун баасы канча турат деп айттың? — деп ал күтпөгөн жерден сурап жиберди.

Жездеси сөзүн токтото коюп, Мартинди көздөй тешиле карап калды. Ал, таптакыр азыр бул курулуштун канча тургандыгы жөнүндө сөз козгогон эмес эле, бирок бул Мартинди кызыктыра турган болсо, ал канча тура тургандыгын айтып бере алат.

— Азыркы баа боюнча, — деди ал, — баш аягы төрт миң доллар болотко.

— Дүкөнчүнүн наамы жазылып илинип коюлуучу тунукени да кошо кошкондобу?

— Аны мен эсептеген жокмун. Имаратты куруп алсак, анын табылышы оңойго...

— А, жеричи?

www.bizdin.kg

— Жер үч миң турат.

Кеберсип турган эриндерин жалап, колдору калтырап, Бернард Хиггинботам чек жазып жаткан Мартинди тиктеп турду. Мартин чекти жазып Хиггинботамга сунду. Бул чек жети миң долларга жазылган эле.

— Мен... Мен сизге айына алты проценттен гана төлөй аламын... — деди толкунданып Хиггинботам.

Мартин каткырып жиберейин деп барып, кайра, анын ордуна мындай деп сурады:

— Алты процентиң анда канча болот?

— Азыр эсептеп көрөбүз, алты процент ээ... Алты жердеги жетиң төрт жүз жыйырма.

— Демек, айына отуз беш доллардан турбайбы?

Хиггинботам ооба дегендей башын ийкеп койду.

— Кереги жок, эгерде сен каршы чыкпасаң, мындай кылсак кандай болот. — Мартин бул сөздү айтып, Гертруданы көздөй көз чаптырды: — Сен өзүңө бардык негизги капиталды кайтарып бербей эле калтыр да, бирок, чарбалык керектөөңөргө айына отуз беш доллардан жумшап тургула. Бул акчага ашмачы менен кир жуучу аялды жалдап алууга болот. Бир сөз менен айтканда, жети миң доллар сеники, бирок, Гертруда мындан ары оор жумуштарды иштебейт деп сөз бере турган болсоң. Макулсуңбу?

Мистер Хиггинботам таарына түштү. Анын аялы оор жумушту иштебесин деген сунуш ага шылдыңдагандай сезилип, катуу тийди. Бул зор жардам балга чайкап уу бергендей безелентти. Аялы иштебейт деген эмне жорук!

— Өзүң бил, — деди Мартин. — Анда мен бул отуз беш долларды өз колум менен айына төлөймүн, бирок...

Ал чекти көздөй колун сунду эле, Бернард Хиггинботам аны алаканы менен басып калып, мындай деп кыйкырып жиберди:

— Мен макулмун! Макул!

Мартин трамвайда баратып, өтө чарчаганын жана көңүлү кайт болуп турганын сезди. Ал кур ураандуу сөздөр менен жазылган эшиктин үстүндөгү илинип турган тунукеге көз жиберди. «Чочко, деп күңк этти, — кандай чочко!»

Журналдардын бирине анын «Төлгөчү кыз» деген ыры эң мыкты сүрөтчүлөр тарабынан кооздолуп, басылып чыкканын Герман Шмидт көрүп айран-таң боло түштү, анткени ал бул ырды бир кезде уятсыз ыр деп эсептеген эле. Эми болсо, ар кимге бул ыр менин аялым жөнүндө жазылган деп жар сала баштады жана бул каңшаар кезиттин кабарчысына жетишин да каалады. Айткандай эле, кезиттин кабарчылары бул дуу-дуу сөздү угуп жана ага кызыгышып, сүрөтчүсү менен бир күнү келип калса болобу? Мына, ушунун натыйжасында кезиттин жекшембилик бир санына Мэриеидин кооздолуп тартылган сүрөтү Мартин Идендип жекече турмушундагы ар кандай жагдайлар жана анын эне-атасы, бир туугандары жөнүндө жазылган чоң макала, журналдын өзгөчө руксаты боюнча «Төлгөчү кыз» бүт бойдон кайрадан басылып чыкты. Бул болсо Мэриендин кадыр-баркын жер-сууга жайып жиберди. Бардык тегерек четтеги үй кызматындагы аялдар бул улуу жазуучунун карындашы менен тааныш экендиктери үчүн сыймыктанышып, ал эми тааныш эместер болсо, тезирээк таанышууга ашыгышты. Герман Шмидт сүйүнгөнүнөн колдорун ушалап, ал гана эмес, өзүнүн устаканасына жаңы станокту орнотууга заказ берди.

— Бул ар кандай кулактандыруу менен баяндоодон жакшыраак, туурабы, ыя? — деди ал, — экинчиден бепбекер!

www.bizdin.kg

— Эми аны конокко чакырсак болот эле, — деп Мэриен сунуш кылып калды. Мына ушинтип, Мартин конокко келип жана ушул жерде олтурушкан челектей болгон семиз соодагер жана өзүнөн ашкан семиз аялы экөө менен өзүн өтө кичи пейил кармап олтурууга тырышты, булар турмуштан өз ордун таап келе жаткан Герман Шмидт өңдүү жаш жигиттерге өтө пайдалуу адамдар боло турган. Бирок алар эгерде бул жерге белгилүү жазуучу Мартин Иден катышат деген сөздү угушпаса, мойнунан байласаң да келишмек эмес. Мына ушул жол менен Тынч океандык велосипед бирикмелер агентствосунун башкы башкаруучусу дагы конокко чакырылды. Герман Шмидт анын алдында бөйпөңдөп, чарк имерилип турду, себеби — ал анын колунан Оклендге өкүл- дүк алмак. Бир сөз менен айтканда, Герман Шмидт Мартин Иден менен сөөк-тамыр болуп калгандыгын өз турмуш-тиричилигине пайдаланды, бирок да ал ичинен кантип ушундайча болуп калгандыгын таптакыр түшүнө албады. Ал көп учурларда түнкүсүн аялын ойготуп албайын деп аста туруп, Мартин Идендин чыгар- маларын окуй турган жана арам оюнда бул сыяктуу чыгармаларга акмак адамдар гана акча төлөшү мүмкүн деген бүтүмгө келип токтолуучу.

Мартин кандай шарт өкүм сүрүп тургандыгын эң жакшы түшүнүп турду, ал олтурган үстөлүнө саал чалкалай түшүп, Герман Шмидтти көзүндө огу болсо атып жибере тургансып, бир жолу тешиле тиктеп алды да, кыялында: келтирип туруп көк желкеге бир койгондой болду, эх, кешпири жаман акмак немец десе! Бирок Мартинге эмнегедир анын кээ бир мүнөздөрү жага турган. Ал канчалык кедей болгондугуна жана канчалык тезирээк байыгысы келгендигине карабастан, Мэриендин колун оор жумуштан сергитүүнү көздөп, үйүнө бир үй кызматкерин жалдап алган эле. Тамак ичилип бүткөндөн кийин, Мартин велосипед компаниясынын башчысы менен бир топ аңгемелешип, мындан кийин ал Окленддеги эң сонун велосипед магазинин жабдууга Герман Шмидтке акча жагынан жардам көрсөтмөк болду. Ал кең пейилдүүлүктү салганда да, укмуштай салды, ал, бир гана бул эмес, Германды гараж менен автомобилдик устаканага да кошо көз салууга буюрду, анткени, ал Германдын эки эмес, үч иштин башын алып кете ала турган жигит экендигине көзү жетүүчү.

Мэриен Мартинди мойнунан кучактап туруп ыраазы болгондугунан ыйлап да жиберди. Ал өпкө жүрөгүн чаап, кагылып, согулуп, керек болсо, сен үчүн жаным даяр деп, карындаштык бир боордоштугун ачык-айкын билдиргенден тартынган жок. Бирок ал, акыркы сөзүндө, эмнегедир саал мукактана түшкөндөй болду, бул болсо, анын Мартинден баягыдагы бир кезде, ага жумушка орношпосоң болбойт деп, катуу ачууланып койгондугу эсине түшө калып, азыр кечирим сурап жаткандыгынын себеби да ошол эле.

— Эми бул акчаларды ал көпкө сактай албайт ко, — деди кечинде Герман Шмидт аялына. — Процент жөнүндө сөз баштасам ал мени ооз да ачырган жок! Ал мага эмне деп айтканын билесиңби? Ага процент турмак капиталдын да кереги жок экен. Эгерде мен дагы бир жолу процент жөнүндө сөз козгой турган болсом, оозумду жара койгону турат тим эле... Чын эле: «жара коём» деди. Ал чындыгын айтканда, иштиктүү адам болбогону менен, азамат... Эң негизгиси ал мага эң зор жардам көрсөттү!

Мартинди конокко чакыргандар көбөйгөндөн көбөйө берди, чакыруучулар канчалык көбөйгөн сайын, Мартин ошончолук айран-таң калып жатты. Эски бир атактуу клуб уюштурган чоң банкетте ал эң ардактуу конок болуп, өмүрүндө көрбөгөн угуп жана гезиттен окуп гана билген адамдардын курчоосунда олтурду. Бул адамдар ага «Тарнсконтиненталдык ай сайын чыгуучу журналдан» анын

www.bizdin.kg

«Коңгуроо үнү», «Шершнеден» болсо «Пери менен акак» деген чыгармаларын окушканда эле улуу жазуучунун пайда болгондугун сезишкендиктерин айтышты. «Кудай, ай, — деп ойлоду Мартин, — ал кезде мен акчасыз, арып, мусапыр болуп, карыпчылыкта жүрдүм эле! Эмне үчүн алар мени ошондо конокко чакырышкан жок, ия? Дал ошондо чакырышкан болсо, туура болмок. Анткени, бул чыгармалардын бардыгы алда качан эле жазылган эмес беле. Эгерде, силер мени чып эле сыйлайт экенсиңер, анда эмне үчүн мени ошол кезде сыйлаган жоксуңар? Анткени мен азыр «Коңгуроо үнүнүн» болсун, «Пери жана акактын» болсун, бир дагы сөзүн өзгөрткөн жокмун. Жок, силер мени таптакыр менин эмгегим үчүн эмес, жөн эле — эл сыйлайт деп, сыйлап жатасыңар , анткени , мени сыйлоо — мыкты адаттардын бири болуп калды. Жана силердин мени сыйлап жаткандыгыңардын дагы бир себеби — силер айбандарсыңар, үйүрдөгү алардын! Себеби — силердин бардыгыңар айбандык сокур, караңгы сезимге баш ийип калгансыңар, ал эми бул сезим болсо, силер азыр бир гана нерсени — Мартин Иденди кандай гана болбосун коноктош керек экендигин көрсөтүп турат. Бирок, силердин эч кимиңердин Мартин Идендин өзү жана анын калган жумушу менен ишиңер да жок» — деп ал өзүнө өзү катуу капалануу менен айтты дагы, терең акылдуу жана мыкты сөздөр менен көтөрүлгөн тостко татыктуу эң сонун жооп кайтаруу үчүн ордунан тура калды.

Мына ушундай мамиле аны бардык жерде: мейли клубдарда болсун, мейли адабий кечелеринде болсун күтүп турган, ага бардыгы: «Сенин «Коңгуроо үнү» жана «Пери менен акак» деген чыгармаларыңды окуп алып, биз улуу жазуучунун пайда болгонун билдик» дешти. Бирок, көлөкөдөй ээрчиген бир суроо Мартиндин жүрөгүнүн тынчын алып туруп алды: «Айткылачы, эмне үчүн мени дал ошондо коноктогон жок элеңер? Бул чыгармаларым менин капкачан эле жазылган болучу. «Коңгуроонун үнү» менен «Пери жана акак» кымындай да өзгөрүүгө дуушар болгон жок. Алар дал ошол кезде эле, азыркыдай эле, эң чебердик жана эң сонун жазылган. Бирок, силер мени менен бул же болбосо башка чыгармаларым үчүн сыйлап жаткан жоксуңар. Силер мени сыйлап жатканыңардын себеби — азыр мени сыйлоо өзүнчө бир салт болуп калды. Анткени — силер кадимки айбандардын чогулган үйүрүндөй
болуп, бир гана: Мартин Иденди сыйлоо керек дегенди билип калгансыңар.

Жана ал, бул ак сөөктөрдүн арасында олтурган көп учурларда, көз алдына эки жакка топчулама күрмөчөн, кичинекей шапкесин чекесине баса кийген бир жаш кисебирди эрксизден элестетип калуучу. Бул сыяктуу элестетүү, бир күнү Оклендде адабий бир чоң кече өтүп жатканда да болду. Ал ордунан туруп, эстраданы көздөй басып баратып күтүлбөгөн жерден чоң залдын орто ченине бир жаш хулиганга көзү чалдыга түштү, ал мур- дагы эле кемселчен жана ошол эле шапкечен боло турган. Жасанышып, кооз кийинишкен беш жүз аял күтүлбөгөн жерден Мартин Иден эмне көрдү дегенсишип, ал караган жакты көздөй тигилип калышты. Бирок, алар, ээн залдын ичинен эч нерсени көрүшкөн жок. Мартин болсо, көз карашын дагы эле ал жактан албастан жана ал, бул жаш селсаяк башына жабышып калгансыган баш кийимин ала коёбу же жокпу дегендей ойлонуп карап тура берди. Бул караан эстраданы көздөй бурулуп, анын текчесине чыкты, Мартин өзүнүн ушул жаш кезегинин караанын көз жиберип, бул байкуш ким эле, ким болду деп ойлонуп, жашып кеткендигинен көзүнөн жаш дагы куюлуп кете жаздады. Караан эстрададан өтүп Мартинге жакын келди да, кадимки эрип кеткен сыяктуу жок болуп кетти. Кооз кийинишип, жасанышкан беш жүз аял, ушул учурда өздөрүнүн жука кол кап кийишкен сулуу колдорун алга

сунушуп, дүркүрөтө катуу кол чаап жибериштн. Алар бул күтүлбөгөн жерден катуу уяла түшкөн атактуу коноктун көңүлүн көтөрүүнү чечишти. Мартин өтө чымыркануу менен уялууну четке кагып, жылмайып күлдү да, сүйлөй баштады.

Мактептин кадырлуу жана урматтуу, кең пейил директору да бир күнү Мартинди көчөдөн жолуктуруп калып, — аны уруш-чатак чыгарып, тентектик кылгандыгы үчүн мектептен чыгарып жибергенден кийин өзүнүн мекемесинде кандай окуялар болгондугун анын эсине салды.

— Мен сиздин «Коңгуроонун үнү» деген аңгемеңизди окудум, — деди ал, мен аны биринчи жолу басылып чыкканда эле окуганмын. Эң сонун! Бул Эдгар Понун чыгармаларынан кем калышпайт! Мен дал ошондо эле, окуурум менен эле эң сонун чыгарма деп айткан болчумун!

«Ошондой деңиз? Ким билет, сиз мени ошол кезде бир эмес, эки жолу көчөдөн жолуктуруп, бирок, тааныган жок элеңиз, — деп Мартин айтып жибере жаздады. — Эки жолу тең мен ачка өзүмдүн жалгыз кемселимди күрөөгө тапшырууга чуркап бара жаткан болучумун! Сиз мени такыр тааныган эмессиз! Ал эми менин бардык чыгармаларым дал ошол кезде эле жазылган. Эмне үчүн сиз мени азыр гана таанып олтурасыз?»

— Мен жакында эле аялыма, эгерде сиз биздикине конокко келип кеткен болсоңуз кандай сонун болор эле, деп айттым, — деп сөзүн улантты директор — жана аялым сизди конокко чакыра кел деп, өтө суранып калды. Ооба, аябай өтүнүп калды.

— Конокко? — деп, Мартин күтүлбөгөн жерден катуу чочуп кетти.

— Ооба... Ооба... конокко, — деди тиги шашкалактай түшүп — тим эле өз кишиңиздикиндей болуп, тартынбас- тан, өзүңүздүн эски мугалимиңиз менен... бир олтуруп... Ой, пой, сиз ушундай шум экенсиз ээ! — Ал сыр билдирбестен тамашага чаптырып Мартиндин далысы- нан жумшак гана таптап койду.

Мартин алдыга бир нече кадам шилтеп басты да, анан токтой түшүп, бул картаң чалдын артынан тешиле карап калды.

— Эмне экенин ким билет! — деди ал күңк этип. — Мен, калыбы аны аябай чочутуп салдым окшойт!

XLV ГЛАВА

Бир күнү Мартиндикине Крейз, — кадимки «чыныгы адамдардын» бири болгон Крейз келди. Мартин анын келишине өтө кубанып жана анын фантастикалык жактан эң укмуштуу болгон бир ишкананын долбоору жөнүндөгү талкуусун финансист катарында эмес, кадимки жазуучу катарында зор толкунануу жана кунт куюу менен укту. Крейз долбоору жөнүндө баяндап жатып, күтүлбөгөн жерден «Күн наалаты» жөнүндө сөз козгоп жана анын баштан аяк жеткен сандырактык экендигин белгилеп жана баса көрсөтүп өттү.

— Мен бул жерге чечендикти көрсөтөйүн деп келген жокмун, — деп ал өз сөзүн өзү бөлүп кетти. — Сөздүн ток этер жерин айтканда — бул, сиз менин курула турган ишканама миң доллар кошо аласызбы, же жокпу?

— Жок, мен анте турган акмак эмесмин, — деди Мартин, бирок мен сизге башкача жардам көрсөтөмүн. Сиз мага ошол күнкү кечти эн көңүлдүү өткөрүүгө мүмкүнчүлүк бергенсиз, чынын айтсам, андай көңүлдүү кечени мен өмүрүмдө өткөргөн жок элем. Сиз мага эч кандай акчага сатып алууга мүмкүн болбогон нерсени тартуу кылгансыз. Азыр мен үчүн акча, саман менен барабар. Мен сизге дал ошол, унутулгус кеч үчүн зор ыраазы болгондугум үчүн мин долларды ичим

www.bizdin.kg

ийриленбей туруп эле беремин. Сизге акча керек, ал эми менде болсо акча көп. Сизге акча эле керекпи? Анда тайсалдатпай туруп эле алыңыз!

Крейз бул марттыкка кымындай да таң калып койбостон, чекти алып, чөнтөгүнө салды да койду.

— Мындай шарт коё турган болсоңуз, мен андай кечени сиз үчүн жума сайын өткөрүп турууга даярмын.

— Өтө кеч болуп калды, — деди Мартин башын чайкап, — ал кездеги кече мен үчүн эң алгачкы жана эң акыркы жолку кече болгон эле. Анда мен өзүмдү кандайдыр бир башка дүйнөдө жүргөндөй сезгем. Ал эми, сизге болсо ал кече эч кандай деле бөтөнчөлүгү жок кече болучу, мен аны билемин. А, мен үчүн болсо таптакыр башкача, бөтөнчө көрүнүш болгон. Ал кече эми өттү кетти, экинчи кайталанбайт. Философиядан болсо, мен эчак кол үзгөм. Мен азыр ал жөнүндө билмек түгүл, таптакыр уккум да келбейт.

— Мен өмүрүмдө биринчи жолу философия үчүн акча алышым ушул, — деди Крейз, эшикти көздөй чыгып бара жатып, — киришенин азайып кеткенин карасаң.

Бир күнү эртең менен миссис Морз өзүнүн эки дөңгөлөктүү жеңил арабасына түшүп келе жатып, көчөдөн Мартинди көрө коюп, башын ийкеп, жылмайып жиберди. Мартин дагы жылмайып, калпагын көтөрүп койду. Бул кокустук ага эч кандай таасир эткен жок. Бул окуя мындан бир ай мурун болгон болсо, андан ага мистер Морз жагымсыз, а мүмкүн кызыктуу да болуп көрүнмөк жана ал миссис Морздун өзүн кандай сезип тургандыгын көз алдына даана элестетүүгө аракет кылмак. Бирок азыр бул жолугушуу — анын сезимине эч кандай таасир калтырган жок. Ал бул жөнүндө ушул эле замат, бир кезде борбордук казынанын жанынан, же болбосо, шаардык ратушинин жанынан өткөндүгүн унутуп калгандай эле, дароо унуткарып салды. Ошону менен бирге, анын башы эмнегедир тынымсыз катуу иштей баштады. Анын башында дагы эле, баягы көлөкөдөй ээрчиген «эчак бир кезде» деген ой айланып кетпей туруп алды. Мартин эртең мененкисин ушул ой менен уйкудан ойгонуп, түнкүсүн болсо бул ой түшүнөн кетпеди. Ал эмне кылса дагы ошол замат өзүнө өзү: «бардыгы эчак бир кезде болгон» деп кайталай бере турган болду. Мартин логикалык жактан талкуулап келип, акырында кайгылуу бир корутундуга токтолду, — ал өзүн азыр адам деп да, айбан деп да эсептебеди. Кисебир Мартин Иден жана суучул Мартин Иден дегендер турмушта чын эле болушкан жана жашап жатышкан эле. Ал эми Мартин Иден улуу жазуучу деген нерсе болсо, суучул, кисебир Мартин сансыз топурандылардын кыялдарынын күчү менен ойдон чыгарылып, апыртылган ат боло турган. Бирок ал муну бардыгынын жалган-калп экендигин билүүчү. Ал таптакыр, быкыраган топурандылар баштарын ийип, терең кастарлаган күн уулу эмес болучу. Анткени ал өзүн өзү, экинчиден, башкаларга караганда көбүрөөк билет эмеспи.

Мартин өзү жөнүндө ар түрдүү журналдардан окуп, басылып чыккан көп сандаган сүрөттөрүн көрүп, өзүн өзү тааныган жок. Ал өзү жумушчу шаарчасында чоңоюп өсүп, жашап, жана турмушту сүйүп ага кубанган болучу. Ал адамдарга жакшы мамиле кылып жана тагдырдын таш боордугун кабак-кашым дебей тосуп алган эле. Ал башка өлкөлөргө саякаттап, Тынч океаны туурасынан, узунунан кесип өтүп, дал өзү өңдүү чектен чыккан тентек жана жеткен тапандардын тобуна жолбашчылык кылган эмеспи. Ал биринчи жолу китепканага кирип келгенде, китептердин ушунчалык көптүгүнөн башы айланып, кала берсе, көңүлү төмөн чөгө түшкөн болучу, кийин бул китептерди окуп, аларды бара-бара түшүнө

www.bizdin.kg

да баштаган. Ал түн ортосуна чейин чыракты өчүрбөй, уктап калбас үчүн далай айла-амалдарды иш- төө менен китеп окуп, кийин өзү китеп жаза баштаган. Бирок, бир кездеги ичсе ашка тойбогон, кийсе кийим түтпөгөн опкок жана түгөт Мартин азыр эмес, анын ордуна эми жакшы да, жаман да кастарлап, үйүнөн оокат берүүгө биринен бири озунуп чакырган жаңы Мартин пайда болду.

Кээ бир нерселер аны өзүнө тартып кызыктырар эле. Бардык журналдар Мартин Иден деген жаш талантты
биринчи болуп биз таптык деп талашып да жатышты. «Айына бир жолу чыгуучу Уоррена» журналы өзүнүн жазуучуларына жаш таланттарды издөө менен биринчи жолу кокусунан Мартин Иденге кездешип калгандыгын кеңири кулактандырып жиберди. «Ак чычкан» да бул эмгекти өзүнө жазып ала койду, ошондой эле ишти «Түндүк баяндамасы» дагы иштеди. Акырында «Глобус» сын макала менен чыгып, «Деңиз ырларынын» ыксыз өзгөртүлүп чыккандыгынын туура эместигин салтанат- туу түрдө көрсөттү. Анткени — «Деңиз ырлары» биринчи жолу «Глобуска» басылган болучу. «Балалык жана жигиттик» журналы куулук кылып, карыз берүүлөр менен бир жаңсыл болушту да, ал дагы Мартин Иденди бетине кармап, кайрадан чыга баштады. Бирок, бул журналды фермерлердин бала-чакаларынан башка эч ким окучу да эмес. «Трансконтиненталдык айына бир жолу чыгуучу» журнал жана «Шершень» да Мартинди биринчи тапкан биз деп талашуу менен алек. «Синглтри менен Дарнлей и Ко» дун анчалык бийик эмес үндөрү калың чуунун арасынан сууга чөккөн таштай болуп угулбай да калды. Ал эми басмакананын болсо, өз органы болбогондон кийин өз укугу жөнүндө үнүн бийик чыгарып, көпчүлүккө жарыя кыла албады.

Бардык газеталар Мартиндин гонорарларын эсептеп жатышты. Кээ бир журналдар тарабынан ага сунуш кылынган шарттар кандайдыр бир себептен калайыкка жарыя болуп калды; окленддик дин үгүтчүлөрү жардам берүүсүн өтүнүшсө, уят-сайытын жыйыштырып койгон айрым адамдар оозеки жана кат жүзүндө суроолор менен . үстөккө-босток кайрылышып жатышты. Бардыгы- нан да аялдарды тыюу кыйын эле. Анын сүрөтү аябай көп таратылып, кабарчылар аны ар кандай мүнөздөп, сүрөттөп жазууга аракеттеништи. Алар «кара тору», «ай далы», «ачык жана токтоо көз караш», «жан кечтинин арык чырай беттери» деген сөздөр менен макалаларын толтурган эле. Баарынан дагы Мартинди «жан кечтинин сырданган жүздөрү» деген сөз күлкүсүн келтирип, толкуган дайрадай жаштык жылдарын эсине түшүрдү. Ал элдин арасында көп болуп, кээ бир аялдын көзү түшүп, көңүл бургандыгын, жактыра тургандыгын байкады. Мартин Бриссендендин эскерткендерин эсине түшүрүп, күлүп жиберди. Жок, ал айткандай аялдар эми кайгыга салышпайт. Ал мезгил өтүп кеткен.

28*

435

Бир күнү Мартин Лиззини кечки мектебине узатып бара жаткан учурда, бир сулуу, жакшы кийинген, калыбы турмуштуу көрүнгөн аялдын Мартинди көздөй тигиле көз чаптырып калгандыгын байкап калды. Бул көз карашта арамзалык же адепсиздикке жата турган эч нерсе жок болучу, бирок Лиззи бул көз караштын эмне экендигине жакшы түшүнүп, кызганычтан жүрөгү катуу согуп бүткөн бою калтырай түштү... Мартин анын бул кызганычын сезе коюп, ал мындай көз караштардын жүзүн жолуктургандыгын, бирок мындай көз караштарга өзүнүн кош көңүл мамиле кыла тургандыгын ага түшүндүрдү.

www.bizdin.kg

— Мындай болууга мүмкүн эмес! — деди Лиззи көздөрү алактай түшүп, кыйкырып жиберип. — Демек, сиз соо эмес окшойсуз!

— Менин эч качан азыркыдай саламаттыгым мыкты болгон эмес. Кала берсе мен салмагыма беш фунт эт коштум.

— Мен сиздин дениңиз оору деп жаткан жерим жок, мен сиздин мээңиз ооруго деп ойлоп турамын. Сиз өтө чарчагансыз, же болбосо, сизге бир нерсе болгон болсо керек! Мен сезип турамын! Ах, мен киммин өзүм деги!

Мартин унчукпастан Лиззинин катарында терең ойлуу келе жатты.

— Мен сиздин тынчсызданууңуздун тезирээк өтүп кетишин каалаймын! — деди күтүлбөгөн жерден Лиззи. — Сиз эч качан аялдарга доош көңүл мамиле жасай албайсыз... Кала берсе, алар сизден жанагыдай жалындаган көз караштарын албай турган кезде. Ошондуктан сизге эч ким ишенбейт. Экинчиден сиз жаш бала эмес- сиз да. Эгерде сизди теске салган аял мен болуп калган болсом, атаганат кандай бактылуу болор элем.

Лиззини узатып коюп, Мартин «Метрополго» кайтып келди. Ал отургучка ныгырыла олтуруп, эч нерсе ойлонбостон, бир чекиттен көзүн албай көпкө чейин тиктеп олтура берди. Бир гана кезек-кезеги менен анын көз алдына эчаккы өткөн күндөрүнүн бүдөмүк элестери пайда боло түшүп, кайра жок болуп кетип жатты. Ал өзүнүн бул кандайдыр бир чаташкан түш сыяктуу болуп көрүнгөн элестерине кош көңүл гана көз жиберип жатты. Бирок ал уктаган жок. Ал бир кезде көзүн ача коюп, саатына карады. Саат туура сегиз экен. Анын кыларга иши жок болгондон кийин жатуу керек эле... Ал кайрадан кыялдуу үргүлөөгө чөмүлүп, бүдөмүктөшкөн элестер кайрадан анын көз алдынан кадимки жипке тизилген шурудай болуп өтө баштады. Бирок, бул көрүнүштөрдө кызыктуу эч нерсе деле жок боло турган. Бир гана элес: арасынан күн нуру өтүп турган кайыңдын жалбырактары улам кайталанып көрүнүп туруп алды.

Эшиктин тыкылдашынан Мартин селт эте түштү. Ал уктабагандыктан бул дабыш анын көз алдына телеграмма, каттар, кир жуугучкананын кызматкери алып келген кирлерди элестетип жиберди. Ал ушул замат Джону эсине түшүрө коюп, байкуш ал кайда жүрөт болду экен деп ойлонуп, мына ошондуктан туталанып, катуу айкырып жиберди:

— Кириңиз!

Мартин Джо жөнүндө ойлонуу менен эшик жакты карап да койгон жок. Эшик акырын ачыла баштады, Мартин болсо, жанагы тыкылдак жөнүндө таптакыр унутуп калып, кайрадан жанагы ар түрдүү көрүнүштөр анын көз алдынан бирден чубап өтө баштады. Аңгыча болбой, эшик жактан өксөп ыйлаган аялдын үнү кулагына шак дей түштү. Мартин ордунан чоочуп, секирип тура калды.

— Руфь! — деди ал, таң кала түшүп жана чочуп кетип.

Анын жүздөрү сурданып кайгылуу эле. Ал эшиктин алдында бир колу менен эшиктин туткасын кармап, экинчи колун жүрөгүнө басып, телмирип турган эле. Ал Мартинди көздөй эки колун созуп, жалынычтуу жалбарыңкы түр менен кадам шилтей баштады. Мартин аны отургучка акырын олтургузуп жатып, анын колдорунун таштай муздак экендигин байкады. Ал өзүнө экинчи бир отургучту жылдырып, анын кырына көчүгүн койду. Ал аптыга түшүп, эч нерсе деп сөз сүйлөөгө кудурети келбеди. Руфь экөө жөнүндөгү роман болсо, эчак эле Мартиндин жүрөгүндө көмүлүп, эсинен таптакыр чыгып кеткен эле. Ушул замат ал өзүн кадимки «Метрополь» мейманканасынын ордуна «Кайнар Булактын» кир жуугучканасы пайда боло калгандай жана ага, бир

www.bizdin.kg

жумага чейин бирөө кир жууну сунуш кылгандай сезип кетти. Бир нече жолу ал кайраттанып, сөз сүйлөөгө аракет кылды эле, бирок эч нерсе чыккан жок.

— Менин бул жерде экендигимди эч ким билбейт, — деди Руфь жагымдуу жылмайып.

— Сиз эмне дедиңиз? — деп сурады Мартин.

Ал өзүнөн өзү чоочуп кеткендей болду.

Руфь өз сөзүн кайра кайталады.

— О! — деди Мартин; анын оозунан чыккан сөз ушул гана болду.

— Мен сиздин конок үйүнө кирип кеткендигиңизди көрүп, бир аз күтүп туруп, анан артыңыздан ээрчий кирдим.

— О! — деп кайталады Мартин.

Анын тили эч качан азыркыдай байлана түшкөн эмес эле. Анын башынан бардык түзүк ойлору, кадимки шамал айдаган булуттай, бир пастын ортосунда учуп кайда кеткени белгисиз боло түштү. Үндөбөй отуруу аны барган сайын эзип бара жаткансыды, бирок ал башыңды кесип аламын десең дагы кайсы сөздөн баштап сүйлөөнү ойлоп таба албас эле. Мындан көрө ал чын эле «Кайнар булактын» киржуугучканасында болуп калсачы, анда ага сөздүн кереги жок эле, эки жеңин тез түрүнүп ишке киришмек.

— Ушинтип, сиз менин артымдан ээрчип келдим деңизчи? — деди ал акырында.

Руфь бир аз амалкөйлүк менен ооба дегендей башын ийкеп койду да, моюн орогучун чече кетти.

— Мен сизди көчөдөн эң алды бир кыз менен баратканыңызды көрдүм...

— Ооба, — деди ал жөн гана, — мен аны кечки мектепке узатып баргам.

— Сиз мени көргөнүңүзгө кубанычтуу эмессизби? — деп сурады Руфь дагы бир аз тына түшүп.

— О, ооба, — деди ал шашыла жооп берип, — бирок, сиздин бул жерге жалгыз келип калганыңызды акылга сыярлык аракет деп ойлоого болобу?

— Мен эч кимге байкатпай кирип келдим. Менин бул жерде экендигимди эч ким билбейт. Мен сизди өтө көргүм келди. Мен сизге өзүмдүн жаңылыштыгым канчалык нааданчылык болгондугун түшүнгөндүгүмдү айтканы келдим. Мен келбей коё алган жокмун, менин жүрөгүм мага, барасың деген буйрук кылды... Себеби менин келгим келди!

Руфь ордунан туруп Мартинди көздөй басты. Ал эки колун Мартиндин ийнине коюп, бат-бат дем алып, толкундана түшүп, анан тездик менен анын кучагына жыгылып түштү. Башынан боорукер жана ак көңүл жаралган Мартин азыр, ал дагы аны кучактоого тийиш экендигин сезди, антпесе, Руфту гана эмес, жалпы эле аял затын терең кордоп салмак, кордогондо да кечиримсиз түрдө кородомок. Бирок, Руфь анын кучагынан эч кандай жылуулукту да, эркелетүүнү да таппады. Ал жөн гана эки колдоп аны кучактап койду, бирок, анын денеси мурдагыдай жалынданып, эт жүрөгү элжиребеди, ал өзү мындан ыңгайсыздана түшүп, уялып да кетти.

— Сиз эмне үчүн калтырап бара жатасыз? — деп сурады ал. — Эмне үшүп турасызбы? Андай болсо, от жага коёюнбу?

Мартин бошонууга аракеттенип, бир аз козголо бергенде, Рурь аны коё бербей, ага кайра бекем ыктай түштү.

— Бул жөн эле, — деди Руфь жооп кайтарып, тиштерин шакылдатып, — мен азыр өзүмдү өзүм тыкан кармай баштадым. Жаным жай алгансып баратат.

www.bizdin.kg

Анын жанагы титиреши акырындык менен тарап кетти. Мартин аны али кучагында кармап турганы менен, ага мурдагыдай таңыркабады. Ал азыр Руфтун эмне үчүн келгендигин толук түшүндү.

— Апам мени Чарли Хэпгудга күйөөгө чыккын деген эле, — деди ал.

— Чарли Хэпгудгабы? Ал баягы оозуна келгенин оттогон, уят-сыйыты жок көөдөн жигит эмеспи? — деди Мартин күңк этип. Ал бир аз унчукпай калып, анан мындай деп кошумчалады: — Ал эми, азыр сиздин апаңыз, сизди мени менен турмуш курсун деп жатат дечи...

Ал бул сөздү суроо бергендей түр менен айткан жок. Ал бул сөздү өтө ишеничтүүлүк менен айтып жана ушул замат анын көз алдынан өзүнүн алган көп сандагы гонорарларынын узун тизмеси катар-катар жол-жол болуп чубап өткөндөй болду.

— Апам азыр каршы чыкпайт, — деди Руфь.

— Ал мени сизге ылайыктуу күйөө деп таптыбы?

Руфь башын ийкеп койду.

— Бирок мен, сиздин апаңыз экөөбүздүн үйлөнүү шертибизди бузгандан бери, эч кандай деле өзгөрүлүп башка адам болуп кеткен жерим жок да. Анда кандай болот? — деди ал ойлоно түшкөндөй. Мен баягы эле Мартин Иденмин. Мен андагыдан кайра жаман болуп калганмын десем да жаңылбаймын. Арак ичем, тамеки тартам. Түтүндүн жытын сезип турасызбы?

Жооп берүүнүн ордуна Руфь ойсоңдоп мурдагыдай көнүмүш өбүүнү күтүп, анын оозуна алаканын тосуп калды. Бирок, Мартиндин эриндери козголуп да койгон жок. Ал Руфь колун тартып алганга чейин күтүп турду да, анан сөзүн улантып мындай деди:

— Мен өзгөрүлгөн жокмун. Кызматка да орношконум жок. Жана жакын арада орношо коюуга да оюм жок. Жана мурдагыдай эле, Герберт Спенсер — улуу жана асыл адам, ал эми сот Блоунт болсо, — адеби жок эшек. Мен кече анын үйүндө болуп тамагын ичтим, мына ошондуктан ал жөнүндө бир нерсени билүүгө тийишмин.

— Эмне үчүн сиз менин атамдын чакыруусун кабыл албай койдуңуз? — деп сурады Руфь.

— Сиз аны кайдан билесиз? Ким жибериптир аны? Сиздин апаңызбы?

Руфь үн деген жок.

— Албетте апаңыз! Мен дал ошондой деп ойлогом. Ооба, азыр дагы сиз калыбы, апаңыздын шилтөөсү менен келип олтурган чыгарсыз:

— Менин биерде экендигимди эч ким билбейт! — деди Руфь туталана түшүп. — Кантип сиз бул ишти мага апам тапшырды деп ойлойсуз?

— Эмне экен, сиздин апаңыз мага күйөөгө чыгууга сизге руксат бербейт деп турасызбы, менин бул жөнүндө эч кандай шегим жок.

Руфь даттангандай кыйкырып жиберди:

— О, Мартин, мынчалык таш боор болбосоңуз, эмне болот! Сиз мени жок дегенде бир жолу дагы өөп койгон жоксуз. Мынчалык эмне, таштай катуусуз! Ойлоп көрүңүзчү, мен сиз үчүн кандай чечкиндүүлүктү иштеп олтурам!

Руфь корккондой жана ошол эле учурда, кызыккандай көз карашын Мартинди көздөй бир чаптырып алды.

— Ойлоп көрүңүзчү, мен кайда келип олтурам!

«Мен сиз үчүн өлүмгө болсо да даяр болор элем» — деген Лиззинин сөзү анын эсине кылт дей түштү.

www.bizdin.kg

— Эмне үчүн сиз мурда мындай чечкиндүүлүктү көрсөткөн жоксуз? — деп ал сурдана түшүп сурады. — Ачка болуп, мен же кепеде жашаган кезде деле, мен башка эмес, ошол эле Мартин Иден эмес белем. Ошол эле адам, ошол эле жазуучу — Мартин Иден мен эмес белем. Мен бул суроону акыркы мезгилдерде бир гана сизде эмес, бардык адамдарга көп берүүчү болдум, күтүлбөгөн жерден менин жогорулай түшүшүм бул ойго мени шексиз түртсө дагы, өзүңүз жакшы көрүп турасыз го, менде эч кандай деле өзгөрүү көрүнбөйт. Мен өзүмдү өзгөрүлдүм го деп ишендирүүгө аракет кылам дечи. Бирок, мен ошол эле Мартинмин! Менин эч кандай жаңы таланттарым, эч кандай жаңы колдоор кишим жок. Менин мээм мурда кандай болгон болсо, азыр дагы дал ошондой эле бойдон калды. Кала берсе, менде адабиятка жана философияга карата жаңы көз караштар жаралган жок. Менин жеке керт башымдын кадыры мен эч кимге белгисиз жана жалгыз жашагандан бери кымындай да өсүп койгон жок. Мен азыр өзүмдүн күтүлбөгөн жерден бардык жерде сыйлуу конок боло баштаганыма өзүм айран таң каламын. Албетте, белгилүү бир нерсе бул — элге менин өзүм керек эмес, аларга менин дүнүйөм, акчам керек. Анткени мурда алар мени көргүсү да билгиси да келишпеген баягы эле Мартин Идендин эле өзүмүн. Демек, мен, дагы кайталап айткым келет, алар менин өзүмдү эмес, менин жеке сапатымды эмес, мени керт башыма, өзүмө таптакыр байланышпаган дүнүйөмдү, акчамды гана баалашат. Дагы эмнемди баалашарын сизге айтайынбы? Менин жалпыга белгилүү даңк-атакка ээ болгонумду баалашат. Бирок, бул даңк-атак менден тышкары башкалардын акыл-эстеринде жашап жатпайбы. Ал эми акчалар дагы менсиз эле жашап жатат. Алар казыналарда, Джондордун, Томдордун жана Джектер сыяктуулардын чөнтөктөрүндө жатат. Айтмакчы, мен дагы азыр сизге акчам жана даңкым үчүн керек болуп олтурамын,

— Жүрөгүмдү мынчалык эзбеңизчи, — деди Руфь өксүй түшүп. — Ишенсеңиз, мен сиздин дүнүйөңүздү эмес, керт башыңызды сүйөмүн, мен бул жерге сизди сүйгөндүгүм үчүн гана келип олтурамын.

— Сиз мени туура түшүнбөй калдыңыз го деп чоочуйм, — деди Мартин жумшак гана. Эми мен сизден бир суроо сурагым келет, жооп бериңизчи: сиз эмне үчүн мурда сүйөр мезгилиңизде сүйбөй, таштап кетип, азур гана чексиз берилип жана сүйүп калдыңыз?

— Ал убакытты кечирип жана унутуп коюңузду суранам, — деп Руфь жалбарына түшүп, кыйкырып жиберди. — Мен сизди ар дайым сүйгөн болчумун! Уктуңузбу — ар дайым! Мына ошондуктан мен, бул жерге келип, сиздин мойнуңуздан кучактап олтурамын. Андай болбогондо...

— Мен азыр эч кимге ишенбей, бардык нерсеге сын көз менен карап калгам. Мына мен азыр сиздин сүйүүңүздү да сынап, салмактап жана өлчөп көргүм келет — деп, жооп берди Мартин.

Руфь анын кучагынан тез бошонуп, боюн жасап түзөнүп, аны көздөй эмнегедир кылдаттык менен көз жиберип калды. Жана бир нерсе айтууга ынтазарлана түшүп барып, кайра токтоду.

— Менин бул жөнүндөгү оюмду уккуңуз келеби? деп сөзүн улантты Мартин. — Билсеңиз мен ач, арык болуп, эл катарына кошула элек кезимде, өз чөйрөмдөгү адамдардан башка эч ким мени киши деп эсептеген эмес болчу. Ал эми менин китебим жазылып бүткөн кезде болсо, кол жазмамды окугандардын бири дагы кубаттаган жана көңүл көтөрүүчү сөз айткан эмес. Тескерисинче, адамдардын бардыгы менин жазгандыгым үчүн мени аябай тилдешип, жекиришкен. Алар менин аябай ишимди намыссыз, уяттуу, арзыбаган, татыксыз нерсе деп

www.bizdin.kg

эсептешип, мени катуу күнөөлөшкөн. Алардын бардыгынын айтканы мага бир гана — бекер жүрбөй иштегин, эптеп бир жерге орнош деген гана сөз болгон.

Руфь жактырбагандай мурдун чүйрүп койду.

— Ооба, ооба, — деди сөзүн улантып, Мартин, — сиз чындыгында иш жөнүндө эмес, «мансап» жөнүндө көбүрөөк айткан элеңиз. «Иш» деген сөз сизге менин жазуум сыяктуу эле, жаккан эмес эле. Бул сөз, албетте одонороок кичине! Бирок, ишенип коюуңуз бул эчтеке эмес, менин көз карашым боюнча, мындан он эсе одоно нерсе — бул менин тегерегимдегилердин бардыгы мени кадимки, кандайдыр бир чектен чыгып кеткен кылмышкерди түз жолго салууга аракеттенишип жаткан сыяктуу, иштебесең болбойт, иштегин дешип тынымсыз үгүттөй башташкандыгы болушкан. Ал эми натыйжасы эм- не менен бүттү? Менин чыгармаларымдын жарык көрө башташы жана көпчүлүк тарабынан кызуу жактыруу жана колдоого ээ болуп, сиздердин сезимдериңиздерде да олуттуу бурулушту туудуруп олтурат. Сиз бир кездеги Мартин Иденге турмушка чыгуудан баш тартып койдуңуз эле, ал эми менин азыркы жарык көрүп олтурган чыгармаларым болсо, дал ошол кезде жазылган. Сиздин сүйүүңүз дал ошол кезде мага турмушка чыгууга аздык кылган, же болбосо, күчсүздүк кылган эле!

Ал эми азыр болсо, сиздин сүйүүңүз күчтүүлүк кылып олтурат жана бул укмуштуу көрүнүштүн себебин — асыресе бир гана — менин белгилүү болушумдан издөө керек! Мен азыр кирешем жөнүндө айтып жаткан жокмун, мүмкүн сиз ал жөнүндө ойлогон эместирсиз, бирок, сиздин ата-энеңиз үчүн болсо бул калыбы чоң мааниге ээ болучу нерсе. Мунун бардыгы мен үчүн анчалык деле көшөкөрлөнгөндүк эмес! Жана кала берсе, бул жаман нерсе эмес! Бирок, баарынан жанга баткан нерсе: бул мени чыныгы, ыйык сүйүүдөн шек саноого мажбурлап жаткандыгында болуп турат! Капырай, чын эле чыныгы сүйүү дагы атак менен даңкты самайбы? Калыбы самайт окшойт! Мен бул жөнүндө өтө көп ойлондум, акырында тим эле, башым тегеренип да кетти.

— Байкуш башыңыз, ай де! — Руфь боору ачыгандай анын чачынан сылап койду. — Эми мындан ары эч качан оорубай эле койсун. Жакшылап эс алдырыңыз. Мартин, кел бардыгын кайра башынан баштайбыз! Чын, мен жаштык кылып энемдин тилине кирип кеткеним ырас. Менин андай кылышым керек эмес эле. Бирок сиз, адамдын жаңылыштыктарына кечиримдүү жана мээримдүүрөөк мамиле кылуу керек деп айтчы элеңиз го? Мага бир жолу мээримдүүлүк кылып, кечирип коюңузду сураймын!

— О, кечиремин сизди! — деди ал туталана түшүп. — Күнөөсүз адамды кечириш жеңил! Сиздин кечире турган деле эч күнөөңүз жок. Сиз өз каалооңузга жараша иштедиңиз. Тескерисинче, өз убагында мансаптуу ишке барбагандыгым үчүн, кайра мен сизден кечирим суроого тийишмин.

— Бирок, мен, сизге жакшылык каалаган элем, — деди ал, жандуу каршы чыгып, — мен сизди сүйгөндөн кийин, жакшылык каалабай коё албаймын да!

— Айтканыңыз туура, бирок сиз мага боор ачыймын деп аз жерден мени өлтүрүп ала жаздадыңыз. Ооба, ооба, аз жерден менин талантымды жана келечегимди ташка чаап сала жаздадыңыз! Мен ар качан чындыкты сүйөмүн, ал эми буржуазиялык искусство чындыкка чыдат тура албайт. Буржуазияда жүрөк жок. Ал турмуштан коркот. Жана сиздин дагы мени турмуштан коркууга мажбурлагыңыз келген. Сиз мени туюк темир торго камоого да аракеттенгенсиз. Сиз мени жалган байлыктын алдында таасим кылып, баш ийүүгө мажбурлангансыз жана мага шарттуу, одоно үрп-адатты жабыштыргыңыз келген болучу.

www.bizdin.kg

Мартин Руфтун күнөөсүн мойнуна албастыгын сезип турду.

— Бул бардык адепсиздиктер толугу менен туура, бирок, ошого карабастан ал буржуазиялык маданияттын, таптык идеялардын, таптык үрп-адаттын, таптык ырым-жырымдардын негизи болуп саналат. Мартин кайгылуу башын чайкап койду.

— Сиз азыр дагы мага түшүнбөй жатасыз. Сиз менин сөздөрүмдүн чыныгы мазмунуна башкача түр берип жатасыз. Сиз үчүн менин сүйлөп жаткан сөздөрүмдүн бардыгы баштан аяк кур кыял гана болуп көрүнсө керек. Ал эми мен үчүн болсо бул — жеткен чындык. Сизди мүмкүн баткактан суурулуп чыккан кайдагы бир арсыз жигиттин сиздин табыңызды тайманбастан сындоого чейин батынып, аны адепсиз тап деп аташы — кызыктырып жана айран таң калтырып тургандыр.

Руфь чарчагандай башын Мартиндин ийнине жөлөп жана ошол замат анын бүткөн бою дүркүрөп кетти. Ал бир мүнөтчө Руфтун сүйлөшүн күтүп, токтоп турду да, андан кийин сөзүн уланта баштады:

— Ал эми азыр болсо, сиз биздин сүйүүбүздүн кайрадан башталышын каалап жатасыз! Сиздин азыр мага күйөөгө чыккыңыз келет. Сизге мен керек болуп калдым! Ал эми, мындай да болуп калышы мүмкүн эле — мени түшүнүүгө аракеттенип туруңуз — менин китептерим жарык көрбөй жана окуучулардын эч кандай колдоосуна ээ болбой калды дейли — бирок, мен болсом — өзгөрүлбөстөн кандай болсом дал ошондой, баягы Мартин Иден бойдон кала берет элем да, туурабы? Бирок, сиз мага эч качан азыркыдай кайрылып келбес элеңиз! Бир гана ушул китептер үчүн, ай ушул китептер сени...

— Сөгүнбөй эле коюңуз эми, — деп Руфь анын сөзүн бөлүп кетти.

Мартин какшыктагандай күлүп жиберди.

— Мына, мынакей! — деди ал. — Сиз бүткүл өмүрүңүздүн жыргалчылыгы тууралуу маселе алдыга коюлуп да, караңызчы эми, одоно сөздөрдү угуудан да коркуп жатасыз. Сиз мурдагыдай эле турмуштан дагы эле коркосуз.

Руфь өзүнүн аракеттерине эч кандай маани бербегендей сезилген бул сөздөрдөн кийин селт эте түштү, бирок, кантсе да ага Мартиндики туура эмес сыяктуу көрүнүп катуу таарынгандай болду. Руфь кайгыга батып, эмне кыларын билбей, Мартин болсо, өткөндөгү сүйүү мамилелерин эсине түшүрүп — ал экөө бир топко чейин үн катышып сүйлөшкөн жок. Ал азыр өзүнүн чындыгында, Руфту эч качан сүйбөгөндүгүн айкын-ачык түшүндү. Ал кандайдыр бир телегейи тегиз келишкен башка бир Руфту, өз кыялынын күчү менен жараткан жана сүйүү поэмаларында ырдаган перизаттай сулуу, кыялы кызыл гүлдөй назик, кыскасын айтканда ургаачынын уздуусун, олоң чачтын мыктысын сүйгөн эле. Ал эми бул чыныгы Руфту, буржуазиялык кызды, анын буржуазиялык кулк мүнөзүн жана тар көз карашын эч качан сүйгөн эмес!

Күтүлбөгөн жерден Руфь сөз катып калды:

— Мен сиздин айткандарыңыздын көпчүлүгү калетсиз туура деп эсептеймин. Мен чындыгында эле турмуштан корккон элем. Мен сизди жетишерлик түрдө күчтүү сүйгөн эмес экенмин. Бирок, азыр мен бекем сүйүүгө үйрөндүм. Мен сиз азыр да жана мурда да, кандай болгон болсоңуз дал ошондой сүйөмүн. Мен сизди менин чөйрөмдөгү адамдардан бардык айырмаңыз үчүн дагы сүйөмүн. Сиздин көз карашыңыз кээде мага түшүнүксүз болсо мейли. Мен аларды туура түшүнүүгө дале болсо үйрөнөмүн. Мен аларды туура түшүнүүгө үйрөнүүгө тийишмин! — Сиздин чылым чеккениңиз менен ачууланып сөгүнүшүңүз — мунун бардыгы сиздин жашооңуздун бир бөлүгү жана мен сизди дал ушул үчүн да сүйөмүн мен

www.bizdin.kg

көп нерсеге үйрөнөмүн. Ушул эле акыркы он минутанын ичинде мен далай нерселерге үйрөнгөндөй болдум. Же качандыр бир кезде мындан мурун мен бул жерге сага тартынбастан келген белем? О, Мартин!..

Руфтун көзүнөн жашы мончоктой түшүп, маңдайын Мартиндин көкүрөгүнө жөлөп койду. Ал өзүн көпкө чейин көрүшпөй жүргөндөн бери Мартин биринчи жолу эрекелете катуу сыга кучактап алгандыгын сезе түштү. Ал ушуну сезип Мартинге нур жанган көздөрүн жалжылдатып жиберди.

— Өтө кечигип калдыңыз, бийкеч, — деди Мартин, Ал Лиззинин сөзүн эсине түшүрдү. — Мен оорулуумун, Руфь... бирок денем эмес, жок. Жаным, мээм оорулуу, Мен үчүн бардыгы өз баркын жоготту. Мен азыр эч нерсени жактырбайм. Эгерде сиз мындан жарым жыл мурун келген болсоңуз, анда бардыгы башкача болмок эле. Ал эми азыр болсо, өтө кеч, өтө кеч болуп калды!

— Жок, кеч эмес! — деп кыйкырып жиберди Руфь. — Мен муну сизге далилдеп көрсөтө аламын. Мен сизге менин сүйүүм таптык ырым-жырымдардан алда канча күчтүү экендигин далилдеп көрсөтө аламын. Мен буржуазия үчүн эң кымбат нерселерден дагы таптакыр кол үзүп кетүүгө даярмын. Мен эми турмуштан коркпоймун. Мен ата-энемди таштап, өз атымды кордотууга болсо дагы даярмын. Мен эгер сиз кааласаңыз, азыр эле түбөлүккө сиз менен бирге жашоого даярмын жана мен бул үчүң сыймыктанар жана сүйүнөр элем. Эгерде мен мурда сүйүүгө турксуздук кылган болсом, азыр менин сүйүүмө каршы болгондордун өздөрүн жазгырып жолго салууга даярмын.

Руфь Мартиндин бет маңдайында көздөрүн чачыратып, өзү таштай катып туруп калды.

— Кана, Мартин! — деди ал титиреген үн менен. — Сиздин бир ооз «ооба» деген сөзүңүздү күтөмүн. Кана мата бир тике карап коюңузчу.

«Бул кандай сонун, — деп ойлонду ал, Руфка бир жалт карап алып ал өзүнүн мурдагы бардык каталыктарын жууп кетти, мына чыныгы сүйгөн жар болсо, ушундай эле болор, карачы, буржуазиялык аң-сезимдин илинчээктеринен арылган экен. Мунун бардыгы укмуш, эң сонун, эң зарыл... Бирок, мен өзүм эмне болуп турганымды түшүнбөйм?»

Руфтун бул мамилеси аны козгой алган жок. Ал аны акылы менен гана баалагандай болду. Өрт жалын ордуна — муздак гана колдоо. Анын жүрөгү муздай тоңгон бойдон, каалоосу канат какпастан калды. Ал Лиззинин сөзүн кайрадан эсине түшүрдү.

— Мен ооруп турам, өтө ооруп турам, — деди Мартин колун үмүтсүз шилтеп. — Мен өзүмдүн ушунчалык катуу ооруп турганымды эчак эле сезгем. Өзүмө эмне болгонун дагы билбеймин. Мен эч качан турмуштан корккон жан эмес элем жана турмушка карата кызыкчылыгымды жоготомун деп ойлогон эмесмин. Бирок, азыр мен турмушка өтө тоюп кетсем керек. Менин жүрөгүмдө эч кандай каалоо калган жок. Кала берсе, сизди да көргүм келбейт! Көрдүңүзбү кандай оору экендигин!

Ал олтургучка саал чалкалай түшүп олтурду да, көздөрүн жумуп, түрдүү кыялдарга кетти, ал кадимки күн нурунун алтын шооласына берилип ыйы басыла түшкөн бала сыяктуу өзүнүн ооруп тургандыгын, Руфтун келишин жана кала берсе, дүйнөдөгүнүн бардыгын ушул замат унутуп салып, күтүлбөгөн жерден пайда боло түшкөн көрүнүштөргө күн нуру себеленип турган жашыл жалбырактарга тымызын көз жибергендей болду. Бул али жаш өтө кооз жалбырак болучу. Ага бул али жаш жашыл жалбыракка көз жүгүртүү өтө оор

www.bizdin.kg

болуп көрүндү, бирок ал өзүнүн бул жашыл жалбырактарга эмне үчүн мынчалык тигиле көз жүгүрткөндүгүн өзү дагы толук түшүнгөн жок.

Мартин эшиктин туткасынын кычырашынан селт эте түшүп, эшик жакты көздөй көз чаптырды эле, Руфь босогодо турган экен.

— Бул жерден кантип чыгам, айтып коюңузчу? — деп Руфь жалооругандай сурап калды. — Коркуп турам.

— О, мени кечирип коюңуз, — деди Мартин ордунан ыргып туруп, — эмне боло түшкөнүмдү өзүм дагы билбей кетиптирмин! Сиздин бул жерде экендигиңизди дагы сезбей калыптырмын.

Ал карбаластай түшкөндөй чекесин сыйпалап калды.

— Көрдүңүзбү, менин саламаттыгым өз ордунда эмес. Мен сизди үйүңүзгө чейин узатып коёюн. Биз жашырын эшик менен чыгабыз. Эч ким бизди байкабайт. Чүмбөтүңүздү түшүрүп алсаңыз болот.

Руфь анын колунан бекем кармап, экөө кууш далис, караңгыдан көрүнбөгөн тепкичтер менен унчукпай жүрүп олтурушту.

— Эми мен коркпоймун, сиз, бара берсеңиз болот, — деди Руфь көчөгө чыгып келгенден кийин, колун бошотууга аракеттенип жатып.

— Мен сизди үйүңүзгө чейин узатып коёюн, — деди Мартин.

— Жок, жок, — деди Руфь каршы чыгып, — тим эле коюңуз!

Руфь дагы бир жолу колун бошотууга аракет кылды. Бул күтүлбөгөн жерден Мартинди түрдүү ойлорго салды: Бардык коркунучтардан өтүп алгандан кийинки Руфтун бир нерседен чочулагансып турушу — Мартинди аябай таң калтырып жиберди. Руфь кыжалат болгонсуп, андан эртерээк бөлүнүп кош айтышып кеткиси келди. Бирок, Мартин аны колунан коё бербестен үйүн көздөй ээрчите басты. Бир көчөнүн бурчуна келген кезде, Мартин узун паьточон бир адамдын эки кабат үйдүн эшигине кирип кеткендигин байкап калды. Мартин анын арт жагынан башпага калып, чоочун адам — Руфтун бир тууганы — Норман экендигин тааныды.

— Мартин менен Руфь жолдо келе жатышып бири-бири менен үн катышып, сүйлөшкөн да жок. Руфь көңүлсүз, Мартин өзү кош көңүл сезди. Мартин Руфка өзүнүн Тынч океандын аралдарына жөнөй тургандыгын баяндап, ал эми Руфь болсо, өз кезегинде ага күтүлбөгөн жерден келип калышын кечирип коюусун өтө суранды. Мына алардын бар болгон сүйлөшүүлөрү ушул болду. Ал экөө Руфтун дал эшигинин алдынан коштошту. Алар бири-биринин колдорун бекем кысышып, жакшы жатып жай турууну каалашып, (Мартин бул учурда таазим эткендей башынан калпагын өйдө ала койду) коштошуп бөлүнүштү. Эшик катуу жабылды, Мартин чылым тартып, кайра конок үйүн көздөй бет алды. Мартин мурда Норман бекинип калган, азыр болсо ээн далиске токтой калып, терең ойлоно түштү.

— Ал мени алдаган экен көрсө, — деди ал өзүнө-өзү. — Ал мага мен бул жерге коркпостон жана тайманбастан келип олтурамын деп мени ишендирүүгө дагы аракеттенип коёт, көрсө аны кайра ээрчитип кетүү үчүн агасы кошо келип, күтүп турган турбайбы. Ал каткырып күлүп жиберди. Эх, ушул байларды! Эмне кылса болор эле! Мен кедей кезимде анын эжесинин ченине жолой алчу эмес элем. Ал эми менин казынада акчам катылып жаткан кезде, ал эжесин өзү мага ээрчитип келип бергенин көрчү!

Мартин өз жолун улантып, алга басайын дегенче болбой, кандайдыр бир кайырчы, анын жанына такай келип калып, чыканагынан булкуп алды.

www.bizdin.kg

— Бир жыйырма беш тыйын кудайы берип коюңузчу, мырза! Жатакана үчүн төлөшүм керек эле! — деди ал. Мартин бул сөздөн селт эте түштү. Жана ал көз ирмемдин ичинде, эски досу Джонун колун бекем кысып калды.

— Билесиңби, экөөбүз сөзсүз жолугабыз деп мен айтпадым беле, — деди Джо, — мен муну алдын ала билгенмин. Мынакей, көрдүңбү, кездешет деген ушул эмеспи!

— Эх-э... Сен тим эле жашарып кеткенсиң го ыя? — деди Мартин таңыркай түшүп. — Толуп, семирип да калсаң керек.

— Туптуура айттың, — деди Джо жаркырай түшүп. — Мен кайыр сурап, тентиреп жүрүп жашоо деген эмне экендигине толук түшүндүм! Салмагыма отуз фунт коштум, өзүмдү өзүм кадимки алп сыяктуу сезип турамын! Менин мурда оор жумуштан тим эле терим менен сөөгүм эле калган окшойт. Ал эми азыр болсо, кудая шүгүр, андан азапты көргөнүм жок.

— Бирок, конор жер издеп жүргөнүң кандай? — деди Мартин аны саал чымчылап, — ал эми, түн болсо ан- чалык жылуу эмес!

— Мм! Жатакана үчүн суранам! — Джо чөнтөгүнөн бир кошууч майда тыйындарды уучтап чыкты. — Мага ушул деле түнөгүмө жетишмек, бирок сенин түр-түспөлүңдүн ырайымдуулугуна карап, болсо болбосо тобо- кел деп, сени кароолдой калгандыгым ошол болду.

Мартин каткырып күлүп жиберди.

— Оо, бул акчаң сенин, ичкилгиңе да жетишет окшойт ко ыя? — деди ал. — Джо сыймыктануу менен кайра акчасын чөнтөгүнө салып койду.

— Кечиресиз, сиз минтип айтпасаңыз дагы болот, — деди ал. — Мен азыр ичпеймин, ичкиликти таштап салгам. Көңүлүм чаппайт. Мен баягы экөөбүз ажырашкандан кийин бир жолу гана ичип мас болгом. Анда дагы акмак болуп, ачкарын уруп жибериптирмин. Ал эми азыр болсо, мен адамча жашап жатамын жана ошондуктан ичкиликти дагы аз-аздан адамча ичемин! Кээде эң эле көп ичтим дегенде бир гана стакан, ошону менен бүттү.

Мартин Джо менен эртеси жолугушууга макулдашып, конок үйүн көздөй бет алды. Кире бериштеги далистен ал кемелердин жүрүш убактысына көз жиберди. Беш күндөн кийин Таитиге «Марипоза» жөнөмөкчү экен.

— Мен үчүн телефон аркылуу каютаны ээлетип койсоңуз, — деп сурады ал порт ээсине, — бирок, жогор жагынан эмес, асты жагынан, шамал тарабындагы жактан ээлеп койсоңуз. Унутпаңыз. Шамалдуу тарабынан деп жазып деле коюңузчу.

Ал өз бөлмөсүнө келип, керебетине чалкасынан түшүп тырп этпей уйкуга кетти. Анын мээси өтө чарчагандыктан, ал эч кандай кубулуштарды кабыл алууга жарабады. Ал гана эмес, Джо менен жолугушкан кубанычтуу окуя дагы ага эч кандай таасир көрсөтө алган жок. Бул жолугушуу бар болгону көз ирмемчелик убакытка гана созулду жана ал ушул убакыттын ичинде, өзүнүн эски досун жолуктуруп, бирок аны менен сүйлөшкүсү да келбегендигине өзү өтө өкүнүчтүү болуп калды. Ал гана эмес, эми беш күндөн кийин өзүнүн сүйүктүү океанына сапар тартары да аны кубандыра албады. Ал жыргалдануу менен көзүн жумуп туура сегиз саат былк этпестен уктады. Ал чабалактай, ооналактаган да жана түш да көргөн жок. Ал терең уйкудан ойгонуп, башын көтөрүп, катуу өкүнүчкө бата түштү. Турмуш аны алсыратып, жапа чектирсе, убакыттын өтүшү ага тозоктун кыйноосунан оорураактай болуп сезилди.

www.bizdin.kg

XLVI ГЛАВА

— Билесиңби Джо, — деп Мартин сөзүн эртеси күнү эртең менен, — ушул жерде Жыйырма сегизинчи көчөдө бир француз турат. Ал аябай акчаны көп жыйнап алып, эми Франциясына кайра кеткени жатат. Анын бир кичинекей, бирок өтө татынакай жана эң сонун жабдылган киржуугучканасы бар. Эгерде мындан ары күлүңдүн бир жерге додо болушун каалай турган бол- соң, анда бул сен үчүн баа жеткис табылга болот. Ме, мынабу акчаны алып туруп, өзүңө бир жакшы кемсел- шым сатып алгын дагы, аны менен барып жакшылап сүйлөшкүн. Бир деме десе, Мартин жиберди дегин, бардыгын көрүп чыгасың. Эгерде, киржуугучкана көңүлүңө абдан жага турган болсо, кайра тез мага жетип кел — мен аны сага сатып беремин. Ал көп эле болсо, өзү айткандай, он эки миң доллар турар. Уктуңбу? Өзүңчө бир киржуугучкананы ээлеп жатып каласың. Тур, токтоосуз жөнөгүн эми! Мага тоскоолдук кылбагын. Экөөбүз кийин сүйлөшөбүз.

— Ушундай дегин, Март, — деди ал, жай гана, ичи күйүп-бышып тургандыгын билдирбеске аракет кылып, — мен бул жерге сени менен учурашайын деп келдим. Түшүндүңбү! Ал эми сенден киржуугучкананы белекке алайын деп келип олтурганым жок! Мен сага эски дос катары эсендешейин деп келип олтурсам, сен кап-кайдагы бир киржуугучкананы сунуш кыласың! Сенин киржуугучканаңдын мага тыйындай да кереги жок, өзүн эле кут болсун, билдиңби?! Кошкун! Кеттим мен!

Ал ордунан тура калып, эшикти көздөй жөнөйүн дегенде, Мартин аны ийинден алып туруп, өзүн көздөй булкуду.

— Билип койгун Джо, — деди ал, — эгерде сен дагы бир жолу мени менен ушундай тамаша кыла турган болсоң, атаңды таанытып коёмун! Ал үчүн мени эч нерсе кыла албайсың. Түшүндүңбү? Ыя? Же бирди көргүң келип турабы?

Джо Мартинди түртүп жиберип, булкунуп бошонуп кетейин деди эле, бирок ага күчү келбеди. Экөө кармаша түшүп, комнатанын ичинде бир топко чейин ары-бери тегеренишип жүрүштү да, акырында столго барып бир тийишип, стол сынып кетип, өздөрү жерге барып кулап түшүштү. Джо Мартиндин алдында калды, Мартин аны көпкө чейин тургузбай, ныгыра басып туруп алды, акырында тигинин кыстыгып, энтигип бара жатканын сезип, койчу эми деп боору ачып кетип, бошотуп жиберди.

— Мына эми, сени менен сүйлөшүүгө болот, — деди Мартин, — көрдүңбү, мени менен ойнобой жүргүн. Эң алды айттым го, киржуугучкана жайындагы ишти бүтүрүү керек. Андан кийин кайра келсең, ошондо экөөбүз эски досторчо башка нерселер жөнүндө шашпай, терең аңгемелешебиз. Мен сага азыр аңгемелешүүгө убактым жок деп түшүндүрбөдүмбү. Өзүң деле көрүп турбайсыңбы.

Дал ушул учурда, эшиктен конок үйүнүн кызматкери кирип келип, эртең мененки почто менен келген бир кучак кат жана журналдарды столдун үстүнө таштап кетти.

— Мына карачы, минтип, дагы каттар келип калды, буларды да мен азыр окуп чыгышым керек, баары бир азыр сүйлөшө албайбыз. Андан көрү сен айтканга көнүп, киржуугучкана жайындагы ишти бир жаңсыл кыл да тез кайра чуркап келгин. Макулбу?

— Макул, — деди Джо кош көңүл гана жооп кайтарып, — сен менин теримди тескери союп саласыңбы деп чоочуду элем, бирок жаңылыптырмын. Бирок Март, мени бокстап жыга албайсың. Мелдешсек да болот.

www.bizdin.kg

— Болуптур, кайта келгин, анан колкап кийип алып, кармашып көрөбүз, — деди Мартин күлүп.

— Сөзсүз! Мен киржуугучкананы сатып алгандан кийин. — Джо он колун суна муштумун көрсөтүп. — Көрдүңбү? Мен сени эки дегенче кулатып түшүрөмүн.

Джо кеткенден кийин Мартин эс ала түшкөндөй, көкүрөгүн кере терең бир дем алып алды. Ал бир чети түнт да болуп кетти. Эл менен аралашуу ага улам барган сайын кыйын боло берди. Элдин арасында ал өзүн абдан көңүлсүз сезип жана алар менен болгон сүйлөшүү жана жолугушуудан ал кандайдыр бир оор тынчсызданууну сезип, элден бөлүнгөн кезде гана ал өзүн өзү өтө сергек сезерин туюнду.

Ал Джо кетери менен эле келген каттарды тез ачып окуй баштаган жок. Ал жарым саатча отургучка чалкалап, эч нерсе кылбастан, ой чуркатып олтурду. Анын башында түрдүү ойлор чаташып, уйкуга тартылып бара жаткан акылдын кыскача жарк-журк этип жанышы гана байкалгансыйт.

Акырында ал ордунан туруп, каттарды талдай баштады. Ондон ашык кат, Мартин бир көргөндө эле билгендей, андан колу коюлган китебин тезирээк салып жиберишин суранышыптыр, ал эми калган каттар болсо, көнүмүш сурануучулар түбөлүк кыймылдаткычтын кебин тургузган ойлоп чыгаруучу менен жердин үстүңкү кыртышы жантайып турган жер шарынын ички бөлүгү болуп саналат деп эсептеген математиктерден тартып, Төмөнкү Калифорниянын жарым аралдарына коммунисттик колонияны уюштуруу үчүн керектүү буюмдарды сатып алууга андан акча жагынан жардам сураган адамга чейинки түрдүү апендилер менен дардаңбайлардын каттары болуучу. Кала берсе, бул каттардын ичинде аны менен таанышууну өтө каалаган аялдардан келген каттар дагы бар эле, анын бири эрксизден Мартиндин күлкүсүн келтирип жиберди, анткени бул катта бир аял өзүнүн тазалыгын жана адамгерчиликтүүлүгүн далилдөө менен бирге, туруктуу жашап турган жери чиркөөнүн дал өзүндө экендигин көрсөткөн кагазын катка кошо тиркеп, салып да жиберген экен.

Китеп басып чыгаруучулар менен редакторлор каттарды үстү үстүнө жаадырышып, алардын кээ бирлери жалынып-жалбара андан статьяларды сурашса, кээ бирлери жаңы китеп жазып жибериңиз дешип өтүнүшүптүр — кыскасы алардын бардыгы, анын кол жазмаларын баягы бир кездеги, редакцияларга жөнөтүү үчүн ичпей-жебей, өзүнүн тапкан ташыгандарынын бардыгын жумшоого аргасыз болгон байкуш кол жазмалардын тез келишин чыдамсыздык менен эңсеп жатышты. Бул каттардын арасында дагы күтүлбөгөн чектер — англис тилинде чыккан китеби үчүн жана чет элдик тилдерге которууга руксат бергендиги үчүн төлөнүүчү акчалардын чектери да бар боло турган. Ал өзүнүн англиялык жалчысы анын үч китеби Германияда которулуп чыгуу укугуна ээ болгондугун түшүндүрүптүр: анын китептери Швецияда которулуп чыкты, бирок Швеция Берндик келишимге катышпагандыктан, бул котормолор үчүн эч кандай тыйын алууга мүмкүн эмес эле. Ошондой эле, Россиядан дагы. анын чыгармаларын которуп, басып чыгарууну суранган өтүнүч, талаптар келди, бирок бул дагы, бул өлкө дагы Берндик келишимге кошулбагандыктан эч нерсе төлөй албады.

Мартин газеттик макалаларды кесип алып топтоштуруп берүүчү макалалардан өзү жана укмуштай тез тараган өзүнүн даңкы жөнүндөгү жазылгандарды окуп жана талдап чыкты. Мартин топурандыларга тайманбастан бардык чыгармаларын тартуу кылды. Калыбы, мына, дал ушунун өзү менен анын күтүлбөгөн жерден пайда болгон таш жарган даңкынын себебин түшүндүрүү

мүмкүн эле. Киплинг сыяктуу ал дагы бул топурандыларды кысым менен жеңип алды шекилди, анткени улуу жазуучу Киплинг дагы өлүм алдында жатканда, ушул эле топурандылар эмнегедир анын китептерин талашып, кыйкырып окуй башташты. Мартин мына ушул топурандылар жарым жыл өтпөй эле Киплингдин китептерин окуп түшүнө алышпай, аны жаман атты кылып жүрүшкөндүгүн жакшы билүүчү, бул ойдон ал эрксизден күлүмсүрөй түштү. Ким билет! Мүмкүн жарым жылдан кийин анын дагы китептерин дал ушундай тагдыр күтүп тургандыр. Бирок, ал топурандыны алдап кетет. Себеби — ал кезде алыскы океандын үстүндө сүзүп, өзүнүн камыш алачыгында олтуруп алып, акак таштарды сатат, толкунду жиреп суу астындагы аскалардан чебердик менен өтүп, акулаларды кармап, Тайохэ өрөөнүнүн катарындагы өрөөндөн жапайы тоо эчкилерге аңчылык кылып жүрөт.

Ушул минутада ага өзүнүн бардык абалынын үмүт- сүз экендиги көз алдына ачык-айкын элестей түштү. Ал өзүн Көлөкөлөр Өрөөнүндө жүргөндөй сезип кетти. Ага өзүнүн бардык өмүрү өтүп кеткен сыяктуу еезилди, анын өмүрү гүлдөй соолуп, оттой өчүп жана айдай батып бара жаткандай көрүндү. Ал азыр өзүнүн канчалык көп уктачу болгондугун жана мындан ары дагы, ар качан уктагысы келерин сезип турду. Ал эми ал жакын- да эле уйкуну ушунчалык жек көргөн эле. Уйку анын өмүрүнүн эң кымбат баалуу сааттарын уурдап, билиндирбей жутуп кеткенсиди. Ал кезде жыйырма төрт саат- тын төрт гана саатын уктачу, демек ал башкаларга караганда төрт саатка кем жашаган. О, ал кезде ал уйкунун азабын кандай тарткан эле! Ал эми азыр болсо, ал турмуштун азабын тартууда! Турмуш ага кайгылуу, көңүлсүз жана анын даамы кыйгыл тарткандай сезилди. Мына дал ушул жерде анын ичер суусу түгөнүп, өлүм коркунучу күтүп турган эле. Жашоодон жай таппаган өмүр, өлүмдөн жай тапмак. Анда эски көнүмүш, өзүн өзү коргонуу сезими козголо түштү. Ооба, ал жолго чыгууга шашууга тийиш. Ал бөлмөнүн ичине бир жолу көз чаптырып чыкты да, чемоданга буюмдарын салып камынуу жөнүндө ойлонуп, коркунучка бата түштү. Кала берсе, эми буга шашуунун деле кереги жок эле. Алды менен керектүү тамак-аш, жана жолдук буюмдарды сатып алуу керек эмеспи.

Ал эртең менен калпагын кийип, үйдөн чыгып туура түшкө чейин автоматтык курал, балык кармоочу шаймандарды тандап, курал-жарак сатуучу дүкөндө болду. Буюмдардын модалары ушунчалык тез алмашып тургандыктан, ал шашпай, Таитиге келгенден кийин эле, сатууга мүмкүн болгон бардык буюмдарды алдырып алат. Ал гана эмес, зарыл керектүү буюмдарды Австралиядан дагы болсо, которуп алдырууга мүмкүн болучу. Бул ой аны өтө толкундатып жиберди. Азыр анын таптакыр эч нерсе кылгысы жана эч нерсе жөнүндө кам көргүсү келбеди. Ал конок үйүнө кайтып келип, өзүнүн жумшак жана ыңгайлуу олтургучуна олтура калуу жөнүндө жыргалдануу менен ойлоно түшүп, бирок бул олтургуч-креслодо анын келишин күтүп Джонун камырабай олтургандыгын көрө коюп, каардануудан катуу кыйкырып жибере жаздады. Джо киржуугучкананы көрүп, айран-таң кала түштү. Бардыгы тартипке келтирилген, эртең эле ишке киргизгенге даяр эле. Мартин көзүн чала жумуп, керебетине жатып, Джонун аңгемелерин көңүл коюп уга берди. Мартин терең кыялга чөгүп, өзүн өзү унутуп жибергенсиди. Убакыт өткөн сайын, ал Джого бирдеме деп сүйлөөгө козголо түшүп жатты. Ал Джону жакшы көрчү эмес беле. Ал эми Джо болсо бул убактын ичинде турмушту өтө сүйүп, ага терең берилип калган учуру, мына ошондуктан, аны менен жакындашуу Мартинге өтө оор болду. Бул болсо, анын чарчаган жүрөгү үчүн оор жүк сыяктуу болуп ныгырды. Жана Джонун ага,

www.bizdin.kg

экөөбүз бир кезде, колубузга кол- кап кийип, аяшпастан боксташып көрөбүз деп айтып калган сөзүнөн анын жаны чыгып кете жаздады.

— Билип койгун Джо! Сен өзүңдүн киржуугучканада баягы «Кайнар Булактагы» өзүң айткандай тартип шексиз түзүлүп жана сакталсын. Эч кандай ченемден ашыкча иштөө болбосун. Ал эми түнкүсүн болсо, таптакыр. Алганың болсо толук жетишет. Балдарды жалдаймын деп ойлобогун! Эч качан!

Джо башын ийкеп, чөнтөгүнөн дептерчесин сууруп чыкты.

— Мен бүгүн эртең менен бир эреже түздүм. Мына угуп турчу.

Ал окуй баштады. Мартин болсо аны калп эле, кубаттаганы менен ичинен тезирээк эле кетсе экен деп тиленип олтурду. Мартин итапкандай бир топтон кийин барып ойгонду. Ал башын көтөрүп, бөлмөнүн ичине көз жиберди. Үйдүн ичинде эч ким жок. Калыбы, Джо, Мартиндин уктап бара жатканын сезип билинбей кетип калса керек. «Маданияттуулугун карасаң, азаматтын» деп ойлоду Мартин. Андан кийин ал көзүн жумуп, кайра уйкуга кетти.

Экинчи күнү Джо кечке чейин киржуугучкананын түзүлүшүн үйрөнүү менен алек болду. Сүзүүгө жөнөөргө аз калган кезде, кезиттер өздөрүнүн беттерине Мартин «Марипозага» түшүп алыска кетет экен деп, жарыялап чыгарышты. Ал өзүн өзү сактоонун табыгый адатына дагы эле болсо баш ийүү менен докторго келип, өзүнүн саламаттыгын текшерип берүүнү суранды. Анын саламаттыгы куландай таза болуп чыкты. Анын өпкө-жүрөктөрүнүн абалы да ойдогудай эле. Врачтын айтканына караганда, анын бардык органдары таптаза жана сонун иштеп жаткан болучу.

— Сиздин эч нерсеңизде оору жок, мистер Мартин, — деди ал, — туурасын айтканда да, эч кандай ооруңуз жок. Сиздин организмиңиз укмуштуудай бекем экен!

Чынымды айтсам, мен дагы сизге суктанып жатамын. Сиздин саламаттыгыңыз өтө зор. Көкүрөгүңүздүн кеңдигин караңызчы! Өзүнчө эле бир жаткан кең талаа!.. Эгерде аш казаныңыз бузулбай туура иштей турган болсо, бул сыяктуу көкүрөк менен сиз сөзсүз көп жана узак жылдар жашайсыз... Сиздикиндей адамдын мүчө түзүлүшү миңден, ал гана эмес он миңден бирөө гана чыкпаса, чыкпайт. Башкасын билбейм, эгерде бир кокустук, же бир кырсык болбосо эле, сиз шеги жок жүз жашка оңой эле чыгасыз.

Мартин азыр баягыда Лиззинин берген сыны туура чыккандыгын түшүндү. Чындыгында эле анын саламаттыгы буканыкынан кем эмес болучу. Бирок анын башы эмнегедир катуу ооруп жана бул оору бир жакка жол жүрүүдөн жана океандык саякатка чыгуудан гана толук айыгышы мүмкүн эле. Баарынан жаман нерсе бул дал азыр өзүнүн сүзүүгө жөнөр алдында, эмнегедир өзүнүн эч жакка саякатка чыккысы келбей калгандыгы жана чыгууну каалабагандыгы болуп саналды. Тынч океан ага буржуазиялык коомдук өнүгүштөн анчалык деле артык болуп көрүнбөдү. Ал сүзүү жөнүндөгү ойдон эч кандай жандануу сезген жок, тескерисинче жана ал кемеде олтуруп алып, башка эч нерсе жөнүндө ойлонгусу жана аракеттенгиси келбеди.

Акыркы күндөр ал үчүн чындыгында эле, өтө оор болуп сезилди. Анын деңиздик саякатка жөнөрүн кезиттен билишип, Бернард Хиггинботам, Гертруда бардык тууган-туушкандары коштошобуз деп бүт чогулушуп келишиптир. Андан кийин ал бир аз иштерин бүтүрүп, карыздарынан кутулуп жана адамды жадаткыч кабарчыларды канааттандырып чыкты. Кечки мектепке барып ал Лиззи Конолли менен да коштошуп келди. Конок үйүнө кайтып келип ал, кечкече киржуугучкананын иштери менен алышып жүрүп кечинде араң бошоп,

www.bizdin.kg

коштошуп келүү үчүн келип күтүп олтурган Джону көрдү. Буга болсо, анын ачуусу катуу келип барып, кайра токтоду жана ал өзүнүн жолдошунун жарым саатка созулган ой-тоонун башын бир сүйлөгөн сөздөрүн чыдап угуп олтурууга мажбур болду. Ал жини келгендиктен олтургуч- тун кармоочун да сындырып жибере жаздады.

— Эсиңе тутуп койгун Джо, — деди ал акырында, сени бул киржуугучканада иштебесең да иштейсиң деп эч ким таңуулабайт. Эгерде киржуугучкананын кереги
жок десең, качан да болсо сатып жиберип акчасын эмне кылам десең өзүң билесиң. Уктуңбу? Эгерде эч нерсенин кереги жок болуп, кайра баягы селсаяктыгым жакшы экен дей турган болсоң бардыгын саткын дагы башың кайда оосо, ошол жакка жөнөп кете бергин. Кандай кааласаң, ошондой жашай бергин!

Джо жок дегендей башын чайкады.

— Эми мен мурдагыдай болуп, төгөрөктүн төрт бурчун кыдырып жүргүм келбейт. Селсаяктыктын бир гана жаман жери бар — болбосо, башкасы жаман эмес. Мен кыздар жөнүндө айтып жатам. Мен аларсыз жашай албаймын! Жок, эмне десең ошо де, бирок мен сел- саяк болгум келбейт! Селсаяктануу үчүн өзүң билесиң жалгыздык керек. Кээде бир үйлөрдүн жанынан өтүп бара жатып, музыка ойноп, бийлеп жатышкан ак көйнөкчөн татынакай чүрөктөй болгон кыздарды көрүп каласың, алар сага көз жиберишет дагы, жактыргандай жылмайып күлүшөт! Ай, ошондой учурларда аларды кучактап туруп өпкүң келет дейсиң! Ал эми мен болсом шаардын сыртына сейилдикке чыгууну, бий-тамашаны, айлуу түндөгү көңүл ачууларды ж.б.у.с. сүйөмүн. Киржуугучканадагы иш болсо, өтө оор иш, бирок кий- гениң жакшы костюм, ичкениң жакшы тамак, чөнтөгүндө дайыма ойноп күлгөнүңө жеткидей акчаң болот! Айтмакчы, мен кече бир кыз менен тааныштым. Эгер макул десе, бүгүн эле үйлөнүүгө да даяр элем. Кечке чейин бир жүрүп, тим эле черим жазылгандай болду. Көздөрү тим эле адамды эркелетип гана турат, үндөрү болсо, тим эле коңгуроодой кубулжугансыйт. Эх, Мартин, эмне кара басып сен ушул убакка чейин үйлөнбөй жүрөсүң? Ыя? Акчаң болсо аябай көп! Ушундай акчаң менен тим эле дүйнөдөгү эң сулуу кызга үйлөнбөйсүңбү?

Мартин күлүмсүрөдү да, жүрөгүнүн тереңинде жалпы адамда эмне үчүн үйлөнүү сезими пайда болоруна айран таң кала түштү. Жана ал үчүн бул таң каларлык, ошол эле учурда түшүнүксүз нерсе боло турган.

«Марипозанын» палубасында туруп, дал жөнөр алдында Мартин коштошкону келгендердин арасынан Лиззи Коноллини байкап калды. «Лиззини өзүң менен кошо ала кет», — дегенсиди кандайдыр бир ички добуш анын кулагына шыбырап. Адамга кең пейилдик кылуу — кандай жакшы — эгерде ал чын эле ушинте турган болсо, Лиззи чексиз бактылуу болмок эле. Ал бир аз азгырыла түшүп, бирок бул сезим ошол замат коркунучтуу үрөй учуу менен алмашыла түштү. Кыйналган жаш жүрөк туруктуулук менен каршы чыга баштады. Ал кеменин четинен ортосун көздөй барды да: «Жок, менин сүйүктүү досум, сенин бир жериң катуу ооруп турса керек» деди.

Мартин кемедеги кичинекей өз бөлмөсүнө түшүп олтурду да, кеме ачык деңизге сүзүп чыкканга чейин сыртка чыкпады. Тамак жээр алдында бул кичине бөлмөдөгүлөрдүн бардыгы аны кадырлашып капитандын оң жагынан орун беришти жана ал өзүн «Марипозадагы» эң кадырман жана эң ардактуу адам экендигин түшүндү. Бирок, буга чейин эч кандай, атактуу адам өзүнүн

www.bizdin.kg

чөйрөсүндөгү адамдарды мынчалык чексиз ирээнжит- кен эмес чыгар. Бул улуу адам, өзүнүн убактысынын көпчүлүк бөлүгүн көздөрүн жумар-жумбас ачып, өз бөлмөсүндө чалкасынан түшүп жатуу менен өткөрдү, ал эми кечинде болсо жатууга элден биринчи болуп баш койду.

Кемедеги жүргүнчүлөр эки күндөн кийин деңиз оорусунан толук сакайышып, керээли кечке, жалпы бөлмөлөр менен палубаларда топурашып жүрүштү. Мартин аларга канчалык көп көңүл бурган сайын, алар ошончолук анын кыжырын келтирди. Кала берсе, ал өзүнүн бул мамилесинин туура эместигин түшүнүп да турду. Бирок, ал бул адамдардын өтө боорукер жана мээримдүү адамдар экендигин мойнуна албай коё алган жок, ошондой болсо да ал ичинен, булардын бардыгы башынан бактысыз жана маданияттан артта калган адамдар деп эсептеди. Эмнегедир ага бул адамдар ушунчалык жеткен келесоолордой жана көк мээлердей көрүнүп кетти. Мына ошондуктан, анын булар менен сүйлөшүүдөн кыжыры кайнап кете турган. Жаштардын бака-шака түшкөн кубанычтуу үндөрү — анын кыжырына тийгендей болду. Жаштар болсо, белгилүү бир орунга сымаптай болуп токтошпойт, кеменин ичине бир түшүп, сыртына бир чыгып, дельфиндерге суктаныша карашып, учуучу балыктардын үйүрлөрүнө салтанаттуу куттуктоолор менен кыйкырышат.

Ал эми Мартин болсо, көбүрөөк уктоого аракет кылды. Эртең мененки тамактан кийин ал окуп акырына такыр чыга албай койгон журналын дагы колуна алып, чалкалама узун олтургучка келип, бутун суна кетти. Бирок, журналдын тамгалары анын көздөрүн бат эле талытып жиберди. Ал бул жазуучулардын чыгарманын окуяларын кайдан табарына таң калып, ойлонуп олтурду, акырында олтурган жеринде үргүлөп уктап кетти. Түшкү тамакка чакырганы гонг, олтургучта уктап жаткан Мартинди ойготуп жибергенде ачуусу келе түштү.

Бир күнү Мартин уйку басып карайлаганын качыруу үчүн командалык бөлмөдөгү суучулдарга келди. Бирок, суучулдар дагы, ал өзү бир кезде суучул болуп жүргөн мезгилдегиге салыштырганда бир башкача болуп өзгөрүлүп калгандыктарын байкады. Бирок, ал өзүн бул кеңкелес жана айбанчалыш жапайы адамдар менен эч кандай салыштыргысы келбеди. Жок, ал буларга эч кандай окшош эмес болучу! Ал азыр эмне кыларын таптакыр билбеди. Айласы да түгөндү. Ал башкалардан бөлүнүп, эч кимге кереги жоктой үстүңкү текчеде жалгыз жатты, ал өзү мурдатан жакшы тааныш жана жакшы көргөн табынын адамдарына да кайтып келе алган жок. Ага алардын эми эч кандай кереги да жок эле. Алар азыр, кадимки биринчи даражадагы көк мээ жүргүнчүлөр сыяктуу анын кыжырын гана кайнатты!

Турмуш азыр ага кадимки көзү оорулуу адамды кыйнап жиберген электрдин күчтүү жарыгы сыяктуу өтө запкылуу болуп сезилди. Турмуш азыр ага өзүнүн ар түрдүү түстөгү бардык нурлары менен жаркырай баштап, мына ошондуктан, ага эмнегедир оор болуп кетти. Чексиз оор болуп көрүндү.

Бул Мартиндин өмүрүндө биринчи жолу, биринчи класстагы кемеге түшүп саякат жүргүзгөнү болучу. Мурда ушундай кемеге түшүп сүзүүлөргө чыккан мезгилдерде, Мартин же кароолдо туруп же терең түпкүрдө от жагуу менен терин агызып жүрө турган. Жана ал көп учурларда кеменин үстүңкү төгөрөк тешигинен башын чыгарып кеменин үстүндө аркы-терки басып, сүйлөшүп, каткырышып, серүүндөп жүрүшкөн асемдүү кийинишкен жүргүнчүлөргө акырая тиктеп калуучу: кеменин үстүнө кере тартылган кендир аларды күндөн жана шамалдан сактап, ал эми алар эмне кааласа, ал каалоолору дал ошол замат кеме буфетчиси

www.bizdin.kg

тарабынан орундалып туруучу. Бул көрүнүш түпкүрдөгү ысык көмүр үңкүрүнөн сыртка баш баккан Мартинге кадимки бейиштин төрү сыяктуу туюлчу. Мына, эми, азыр болсо ал, ардактуу жүргүнчү катарында капитандын оң жагында олтурат жана ага бардыгы кастарлоо менен көз жиберишет, бирок ошону менен бирге ал ушул мүнөттө кадимки жоготкон жыргалы сыяктуу командалар комнатасы, өзүнүн от жаккыч кесиби жөнүндө сагыныч- туу ойго чумуй түштү. Ал издеп, издеп жаңы бейиш тапкан жок, ал эми өзүнүн эски бейишин болсо, түбөлүккө жоготкон эле.

Мартин эптеп убактысын өткөрүү үчүн кеме кызматкерлери менен аңгемелешүүгө аракеттенди. Ал механиктин жардамчысы маданияттуу жана жылдыздуу жигит менен көпкө чейин кызуу аңгемелешип олтурду, аңгемелешүүнүн мезгилинде Мартин ал жигиттин социалисттик идеяны жан-дили менен колдой тургандыгын түшүндү жана ал Мартинди капкайдагы бир үгүт-насаат теориялары менен курчоого алып, уккусу келбесе да, аны жадатып да жибергендей болду. Мартин анын толкунануу менен айткан бардык кулдук үрп-адаттар менен салт-санааларын коргоого багытталган далилдөөлөрүн кош көңүл гана угуп жана өзүнүн ницшеандын философиясын эсине түшүрдү. Бирок, мунун бардыгынын эмне кереги бар? Ал ушул замат Ницшенин бардыкка шек келтирүүчү, ал гана эмес, чындыктын дал өзүнө да шек келтирүүчү акмак көз караштары жөнүндө эстей калды. Эмнеси бар экен, мүмкүн Ницшеники туура чыгар! Мүмкүн, чындык деген түшүнүктүн өзү келжиректик чыгар. Бирок, анын башы катуу ооруй түшүп, креслого олтуруп, үргүлөп, эс алууну өтө эңсеп кетти.

Кемедеги анын жашоосунун оор болгондугуна карабастан, алдыда аны дагы көп сандаган оор түйшүктөр күтүп турган. Ал эми кеме Таитиге келгенде эмне болмокчу? Канчалык машакат, канчалык кайрат талап кылынат! Керектүү буюмдар жөнүндө кам көрүп жана Маркизовдор аралына баруучу кайыкты издеп таап жана дагы башка миң сандаган ар түрдүү зарыл жана жадатма аракеттерди иштөө керек болмок. Ал ар дайым ушулардын бардыгы жөнүндө ойлонуу менен бирге, өзүн көздөй жакындап келе жаткан коркунучту даана сезе баштады. Мына, ал азыр, туура Көлөкөлөр Өрөөнүндө турган эле жана баарынан коркунучтуу нерсе, анын азыр коркуу дегенди сезбей тургандыгында болду. Эгерде ал бир азыраак болсо дагы коркууну сезсе, анда ал турмушка кайтып келген болор эле, бирок ал, эч качан корккон жок, ошондуктан караңгылыкка чөмүлүп бара жатты. Аны азыр турмуштагы эч нерсе, кала берсе мурдагы, качандыр бир кездеги өзүнө жаккан нерселер дагы, эч бир кубандыра албады. Мына, «Марипозанын» бет алдынан өзүнө мурда жакшы тааныш, кала берсе, аны кадимки вино ичкендей мас кылган, түндүк чыгыш жылуу шамалы сого баштады, бирок ал дагы азыр анын кыжырын гана келтирди. Ал, бул мурдагы жарык күндөр менен жагымдуу түндөрдүн боору- кер досу, ошол желдин эркелетүүсүнөн качуу үчүн олтурган креслосун башка жакты көздөй жылдырып алды.

Бирок, «Марипоза» ысык өлкөлөргө келип жеткен кезде Мартин өзүн бөтөнчө бактысыз сезип кетти. Ал уйкусунан таптакыр безди. Ал жата берип, көп уктап, жамбашы талып, өтө чарчагандыктан сыртка, палубага чыгып көңүлүн ачып, кайгы-капасын унутууга аракеттенди. Ал бир топко чейин үн катпастан ары-бери басып жүрдү. Айлана өтө үп жана нымдуу болуп жана күтүлбөгөн жерден улам-улам көнөктөтүп төгүп кеткен жаан да абаны оңдуу тазарта албай турду. Жашоо Мартинге оор запкыдай сезилди. Кээде ал алсырай түшүп, олтурган креслосуна жата кетүүчү жана бир аз эс алгандан кийин кайра туруп, кайрадан

www.bizdin.kg

ары-бери басчу. Ал акырында журналды аягына чейин окуп чыкты да, китепканадан ырлардын бир нече томун алды. Бирок ал, аларга көңүл бурбастан, өзүнүн серүүндөшүн уланта берди.

Кечинде Мартин өз бөлмөсүнө элдин эң артында келип жана түн ортосу болоюн деп калгандыгына карабастан, такыр көзү илинип уктай албады. Турмуштун түйшүктөрүнөн эс алуунун бирден бир жолу дагы өз аракетин токтотту. Бул жакшы окуя эмес эле. Ал лампочканы жарык кылып, китеп окууга киришти, бул болсо, Суинберндин ырларынын томчосу эле, Мартин бул томчонун беш-алты барагын оодарып көрүп өзүнүн эмнегедир кызыга түшкөндүгүн сезди. Ал бир ырды окуп чыгып, экинчи ырга өтөйүн деди эле, бирок ал кайра биринчи ырды кайталап окуп чыгууну чечти. Ал акырында колундагы китебин көкүрөгүнө түшүрүп жиберип, ойлонуп калды. Мына, мына! Бул, дал ошонун өзү! Дал өзү! Менин эңсеп жүргөнүм! Кызык, Суинберн анын оюн эчак эле таап койгонун карасаң! Бул болсо, бардык маселенин түйүнү эле. Ал мурда өзү да билбестен ушул жол боюнча келген эле, азыр болсо, Суинберн ага эң даана жолду көрсөтүп олтурат. Ага тынчтык керек эле жана аны ошол тынчтык күтүп турган эле. Ал башын көтөрө коюп, кеменин капталындагы тегерек айнекке көз жиберди. Ооба, ал жетишерлик кенен эле.

Далай күндөн бери биринчи жолу анын жүрөгү кубанычтуу сого түштү. Акырында ал өзүнүн дартына эм болуучу дарыны тапты! Ал китепти кайра колуна алып, бет маңдайына такай кармап, үнүн чыгарып төмөнкүдөй саптарды окуду:

Чарчадык чексиз үмүттөн,
Тойлордо ойноп күлүштөн.
Билбедик коркуу, самоону —
Теңирге баш ий билип сен...
О, жүрөгү сен адамдын,
Түбөлүккө жаралдың...
Ошондуктан миң алкыш,
Кудайларына ааламдын...
Бүт дайра билгин бир кезде, —
Деңизди каптап каларын.

Мартин кеменин терезесине кайрадан көз жиберди. Суинберн ага жол көрсөтүп бербедиби. Турмуштун оордугу аны чектен тыш муундуруп жибергенсиди. Ачыгыраак айтканда, турмушка чыдоого мүмкүн болбогондой өтө кайгылуу жана муңдуу болду.

Жүрөгү сен адамдын,
Түбөлүксүз жаралдың!..

Мына дал ушул кудайларга миң бир эки рахмат айтуу керек. Бул болсо, алардын дүйнөдөгү эң чоң жакшылыгы болуп саналат! Эгерде жашоо адамды чектен тыш эзип жиберген болсо, андан кутулуу опоңой эле нерсе, бир беш мүнөттүн ичинде, чексиз уйкуга кетесиң да каласың! Ушуну менен ишиң бүттү! Кайра эч качан кайтып келбейсиң!

Бирок ал эмнени күтүп турат? Кетүүгө мезгил жетти.

Мартин иллюминатордон башын соксойтуп төмөн жактагы сүттөй ак толкундарга көз жиберди. «Марипоза» өтө терең матырылып бара жаткан эле. Жана ал, айнекке асылып, денесин ылдый салаңдата турган болсо, бутунун башы сууга тие тургандай. Шарпылдаган дабыш да чыга турган эмес. Эч ким да укпай турган. Суунун майда тамчылары анын беттерине чачырай түштү. Анын оозуна

www.bizdin.kg

туздуу суунун даамы келе калды. Бул ага жага түшкөнсүдү. Ал ушул учурда, кала берсе, өзүнүн баягы, баягы бир кездеги ак куу жөнүндөгү ырын жазгысы да келип кетти! Ушул замат бул оюна ал, өзүнө өзү күлүп да жиберди. Айтмакчы аны жазууга убакыт да жок эле. Ал тезирээк, өз жанынан өзү кечкиси келип кетти.

Эч ким сезбес үчүн, ал бөлмөчөдөгү жарыкты өчүрүп туруп, кеменин каптал айнегинен сыртка сойлоп чыга баштады. Ал бир колун денесине жабыштыра кыса кармап, араңдан зорго дегенде ийиндерин тешиктен чыгарды. Күтүлбөгөн жерден кеменин силкинишинен анын буту сыйгаланып кетип, эки колу менен айнектин кырына асылып калды. Ал буттарынын сууга тийгенин сезери менен эки колун коё берди. Ак толкундуу мээлүүн суу аны өз кучагына имере баштады. «Марипоза» анын жанынан кадимки зор кара аска сыяктуу болуп, кээ бир каптал терезелеринен жарык чачыратып дабышсыз шарт гана өтө берди. Кеме өтө ылдам баратты. Ал бул жөнүндө ойлоп үлгүргөнчө болбой, өзү кеменин арткы куйрук жагынан алда канчалык алыс жерде калып калгандыгын сезип жана көбүктөнгөн океандын үстүндө жалгыз жай гана калыкып калгандыгын түшүндү:

Кемени урунуулардан сактоо үчүн сүйрөтүлүп жүрүүчү жоон жыгачтар анын балтырын тытып кетти. Ал буга күлүп жиберди. Ал санынын тызылдап ачышканынан өзүнүн суунун ичинде эмне үчүн жүргөндүгүнө кейий түштү. Ал көрсө, өзүнүн эң башкы максаты жөнүндө таптакыр унутуп койгон экен. Өтө алыстап кеткендиктен эми «Марипозанын» оттору да таптакыр көрүнбөй калды, бирок ал болсо, сүзүп жана дагы сүзүп олтуруп, акырында, миңдеген метр алыстан көрүнгөн жээкке жеткиси келди.

Бул болсо жашоонун көнүмүш гана аракети жана умтулуусу боло турган. Анын сүзгүсү келбеди, бирок күчтүү толкун аны улам жашырып кеткен сайын, ал далбас уруп, колдорун иштете баштады. «Жашоонун эрки» деп ойлоду ал, ал өзүн өзү жек көрүү менен шылдыңдап күлдү. Ооба, анын эрки бар жана анын бул эрки эң акыркы чымыркануу менен өз жанын өзү кыюуга толук жетишерлик.

Ал сууга тикесинен тик туруп калды. Жана чалкалай түшүп, асмандагы жылдыздарды бир жалт карап алды да, ошол замат өзүнүн өпкөсүндөгү бардык болгон абасын сыртка чыгарууга аракет кылды. Ал кол, буттарын тез жана ыкчам аракетке келтирүү менен өзүн суудан өйдө көтөрүлтүп туруп, кайра ылдый көздөй чөмүлүп кетүүгө аябай мажбурлады. Ал деңиздин түбүнө кадимки адамдын таштан жасалган жумгагындай болуп чөккүсү келди. Ал катуу чөмүлдү да, тезирээк эстен тануу үчүн уктатучу дарыны жыттаган адам сыяктуу сууну аябай өз ичин көздөй тарта баштады. Бирок суу анын кекиртегине чыга түшүп, аны муундура баштаган кезде, ал чыдай албай эрксизден, көнүмүш кыймыл жасоо менен суунун үстүнө кайрадан атып чыгып, асмандагы жылдыздарды дагы көрдү.

«Жашоонун эрки», — деп ал кайрадан жек көрүү менен ойлонду да, мемиреген түндүн таза абасынан жаралуу өпкөсүнө куру бекерге дем алгысы келбеди. Бирок, ал, башка бир амалды байкап көргүсү келди! Ал бир нече жолу ичине демди терең тартты. Ал ичине көп демди жыйып туруп, акырында кайрадан чөмүлдү. Чөмүлгөндө да башын ылдый көздөй каратып, бардык күчүн жыйнап туруп катуу чөмүлдү. Ал улам барган сайын терең чөгүп бара жатты. Ал көзүн ачып, жашыл сымак фосфор түстүү жарыкты көрдү. Кемеге чиркелген узун дөңгөчтөр кадимки жандуу караандай болуп анын жанынан өтө бергендей болду. Ал ичинен бул сүйрөтүлгөн жыгачтар эч жериме тийбесе экен деп ойлоду, эгерде кокустан тийип кете турган болсо, анын эркинин чымыркануусун жандырып жибермекчи.

Бирок алар ага тийбестен өтүп кетишти жана ал турмуштун ага карата кылган эң акыркы ырайымдуулугу үчүн ичинен чексиз ыраазылыгын билдиргенсиди.

Ал улам барган сайын терең матырылып, буттары менен колдорунун жаны кетип бара жаткандыгын сезип бара жатты. Кулагынын тарсылдагынын жука жаргакчасына жасаган суунун басымы жанды чыдаттырбады, башы тим эле чытырап жыйырмага бөлүнүп жарылып кете тургансып катуу ооруп кирди.

Эрктин укмуштуудай чымыркануусу менен өпкөсүндөгү бардык абасы акыр аягында таптакыр сыртка чыгып кеткенге чейин, ал өзүн өзү дагы тереңирээк матырылууга мажбурлай берди. Абанын майда көбүкчөлөрү анын беттери менен көздөрүнүн үстүнөн сыйгаланып өтүшүп, өйдө көздөй өтө тездик менен атырылып чыгып жатты. Мына ошондо, муунуунун эң оор азабы башталды. Бирок ал өзүнүн өчүп бара жаткан эси менен, бул азап али өлүм эмес экендигин түшүндү. Өлүм кыйнабайт. Бул али жашоо, өмүрдүн акыркы жан талашуусу, акыркы азабы боло турган. Бул, турмуштун ага урган акыркы соккусу болучу.

Анын колдору менен буттары калтырап, алсыз тыпырай баштады. Иш бүттү! Ал турмушка умтулуунун эркин алдап кетти! Ал азыр өтө тереңдикке барып калган эле. Эми ал деңиздин үстүнө кайра сүзүп чыга албайт. Ага көрүнүштөрдүн учу-кыйры жок деңизинде тынч жана бир калыпта сүзүп бараткансып сезилди. Аны кандайдыр бир кубулжуган нур курчап алгандай жана ал ушул нурдун ичине өзү дагы эрип кеткендей болду. Жол көрсөткүчтөй жаркыраган а, бул эмне? Бирок ал, анын мээсинде өтө ачык, ак жарык болуп жанды. Ал улам барган сайын жарыгыраак жана дагы жарыгыраак нурдана баштады. Кайсы бир жерден өтө укмуштуудай дүңгүрөгөн катуу дабыш тез өтүп кеткен- дей болуп, Мартинге өзү эң зор бийик гигант шатыдан ылдый көздөй караңгы орго октон тез учуп бара жаткансып сезилди. Ал караңгы чексиз түпкүрдү көздөй зуулдап, сызып бара жатты, — мына ал, дал ушуну түшүнгөн кезде, жарык дүйнө менен түбөлүккө коштошту.

Ал сууга тикесинен тик туруп калды. Жана чалкалай түшүп, асмандагы жылдыздарды бир жалт карап алды да, ошол замат өзүнүн өпкөсүндөгү бардык болгон абасын сыртка чыгарууга аракет кылды. Ал кол, буттарын тез жана ыкчам аракетке келтирүү менен өзүн суудан өйдө көтөрүлтүп туруп, кайра ылдый көздөй чөмүлүп кетүүгө аябай мажбурлады. Ал деңиздин түбүнө кадимки адамдын таштан жасалган жумгагындай болуп чөккүсү келди. Ал катуу чөмүлдү да, тезирээк эстен тануу үчүн уктатучу дарыны жыттаган адам сыяктуу сууну аябай өз ичин көздөй тарта баштады. Бирок суу анын кекиртегине чыга түшүп, аны муундура баштаган кезде, ал чыдай албай эрксизден, көнүмүш кыймыл жасоо менен суунун үстүнө кайрадан атып чыгып, асмандагы жылдыздарды дагы көрдү.

«Жашоонун эрки», — деп ал кайрадан жек көрүү менен ойлонду да, мемиреген түндүн таза абасынан жаралуу өпкөсүнө куру бекерге дем алгысы келбеди. Бирок, ал, башка бир амалды байкап көргүсү келди! Ал бир нече жолу ичине демди терең тартты. Ал ичине көп демди жыйып туруп, акырында кайрадан чөмүлдү. Чөмүлгөндө да башын ылдый көздөй каратып, бардык күчүн жыйнап туруп катуу чөмүлдү. Ал улам барган сайын терең чөгүп бара жатты. Ал көзүн ачып, жашыл сымак фосфор түстүү жарыкты көрдү. Кемеге чиркелген узун дөңгөчтөр кадимки жандуу караандай болуп анын жанынан өтө бергендей болду. Ал ичинен бул сүйрөтүлгөн жыгачтар эч жериме тийбесе экен деп ойлоду, эгерде кокустан тийип кете турган болсо, анын эркинин чымыркануусун жандырып жибермекчи.

www.bizdin.kg

Бирок алар ага тийбестен өтүп кетишти жана ал турмуштун ага карата кылган эң акыркы ырайымдуулугу үчүн ичинен чексиз ыраазылыгын билдиргенсиди.

Ал улам барган сайын терең матырылып, буттары менен колдорунун жаны кетип бара жаткандыгын сезип бара жатты. Кулагынын тарсылдагынын жука жаргакчасына жасаган суунун басымы жанды чыдаттырбады, башы тим эле чытырап жыйырмага бөлүнүп жарылып кете тургансып катуу ооруп кирди.

Эрктин укмуштуудай чымырканууcу менен өпкөсүндөгү бардык абасы акыр аягында таптакыр сыртка чыгып кеткенге чейин, ал өзүн өзү дагы тереңирээк матырылууга мажбурлай берди. Абанын майда көбүкчөлөрү анын беттери менен көздөрүнүн үстүнөн сыйгаланып өтүшүп, өйдө көздөй өтө тездик менен атырылып чыгып жатты. Мына ошондо, муунуунун эң оор азабы башталды. Бирок ал өзүнүн өчүп бара жаткан эси менен, бул азап али өлүм эмес экендигин түшүндү. Өлүм кыйнабайт. Бул али жашоо, өмүрдүн акыркы жан талашуусу, акыркы азабы боло турган. Бул, турмуштун ага урган акыркы соккусу болучу.

Анын колдору менен буттары калтырап, алсыз тыпырай баштады. Иш бүттү! Ал турмушка умтулуунун эркин алдап кетти! Ал азыр өтө тереңдикке барып калган эле. Эми ал деңиздин үстүнө кайра сүзүп чыга албайт. Ага көрүнүштөрдүн учу-кыйры жок деңизинде тынч жана бир калыпта сүзүп бараткансып сезилди. Аны кандайдыр бир кубулжуган нур курчап алгандай жана ал ушул нурдун ичине өзү дагы эрип кеткендей болду. Жол көрсөткүчтөй жаркыраган а, бул эмне? Бирок ал, анын мээсинде өтө ачык, ак жарык болуп жанды. Ал улам барган сайын жарыгыраак жана дагы жарыгыраак нурдана баштады. Кайсы бир жерден өтө укмуштуудай дүңгүрөгөн катуу дабыш тез өтүп кеткендей болуп, Мартинге өзү эң зор бийик гигант шатыдан ылдый көздөй караңгы орго октон тез учуп бара жаткансып сезилди. Ал караңгы чексиз түпкүрдү көздөй зуулдап, сызып бара жатты, — мына ал, дал ушуну түшүнгөн кезде, жарык дүйнө менен түбөлүккө коштошту.